КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# КЛАССИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР ЖАНА ТЕКСТТЕР

## *ЧОКАН ВАЛИХАНОВ*
## *ИСА ЖУМАБЕКОВ*
## *ДУНКАНА КОЧУКЕЕВ*

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясынын астында

***Түзгөндөр***
***Амангелди САБЫР УУЛУ***
***Зарина КУЛБАРАКОВА***

Бишкек
«ПРИНТ-ЭКСПРЕСС» – 2018

УДК
ББК
К

Кыргыз Республикасынын 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун (2015-ж. 6-апрель, №151-б.) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Редколлегия:

| Акматалиев А. А. | Мусаев С. Ж. |
| Байгазиев С. О. | Садыков Т. |
| Жайнакова А. Ж. | Токтоналиев К. Т. |
| Маразыков Т. | Эркебаев А. Э. |

**К** **Классикалык изилдөөлөр жана тексттер:** Чокан Валиханов, Иса Жумабеков, Дункана Кочукеев / Түзгөндөр: А. Сабыр уулу, З. Кулбаракова. – Бишкек: «Принт-экспресс», 2018. – 560 б.

ISBN

«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясынын бул томуна «Манас», «Семетей» эпосторунун фольклор жыйноочу Ч.Валиханов жазып алган жана манасчы, семетейчилер Иса Жумабековдун, Дункана Кочукеевдин айтуусундагы варианттары берилди.

Китеп фольклористика, манастаануу адистиги боюнча эмгектенген окумуштууларга, жогорку окуу жайлардын филология факультеттеринин студенттерине, аспиранттарга жана элдик маданий мурастарга кызыккан жалпы окурмандарга сунуш кылынат.

УДК
ББК

К

ISBN

© КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2018

© Принт-экспресс, 2018

# ЧОКАН ВАЛИХАНОВ

## КИРИШ СӨЗ

Кыргызстан Россияга өз эрки менен кошулгандан кийин Кыргызстандын экономикасы жана маданияты үйрөнүлө баштаган. Орустун окумуштуулары кыргыз элинин тарыхын, тилин, адабиятын, этнографиясын жана өлкөнүн табият байлыктарын, географиясын изилдешкен. Кыргыздын оозеки адабиятын жана этнографиясын изилдеген окумуштуулардын бири казак элинин агартуучусу Чокан Чингисович Валиханов (1835–1865) болгон. Ч. Ч. Валиханов кыргыз жеринде үч жолу болгон. Биринчи жолу 1856-жылы полковник М. М. Хоментовский башында болгон Ысык-Көлгө жасалган аскер-илим экспедициясына катышкан. 1857-жылы Валиханов Ысык-Көлгө экинчи жолу келген. Бул жолу Валиханов кыргыз элинин турмушу менен жакын таанышып, кыргыздын тарыхын, этнографиясын, элдик поэзиясын үйрөнгөн. Ч. Ч. Валиханов 1858-жылдын жай айларынан тартып, 1859-жылдын апрелине чейин Ысык-Көл өрөөнү аркылуу Кашкарга саякат кылган. Мына ушул саякаттарынын натыйжасында «Ысык-Көлгө баруунун күндөлүгү», «Кыргыздар жөнүндө запискалар», «Жунгария очерктери» ж. б. деген эмгектерди жазган. Улуу Октябрь Революциясына чейин кыргыз элинин оозеки адабиятын, тарыхын жана этнографиясын изилдөөдө бир тууган казак элинин уулу Чокан Чингисович Валихановдун эмгеги зор. Ал кыргыз элинин маданий кенчи, улуу эпосу «Манасты» биринчи жолу жазып алып, окумуштуулар дүйнөсү менен тааныштырып, эпоско илимий жактан баа берүүгө аракеттенген.

Түндүк Кыргызстандын Ысык-Көл өрөөнү Россияга кошулгандан кийин, Батыш Сибирь генерал-губернаторствосу тарабынан 1856-жылы полковник М. М. Хоментовскийдин аскер-илимий экспедициясы Ысык-Көлгө жиберилет. Бул экспедициянын максаты кыргыз элинин турмушу менен таанышуу жана Ысык-Көл өрөөнүн картага түшүрүү эле. Мына ушул экспедициянын составында жаш окумуштуу Ч. Валиханов болгон. Валиханов эки ай бою кыргыздандын арасында болуп, элдин турмушу менен таанышып, оозеки адабиятын жана этнографиясын үйрөнгөн. «Манас» эпосу жана кыргыздын элдик оозеки адабияты менен Валиханов Ысык-Көл өрөөнүнө келгенге чейин Омскиде окуп жүргөндө тааныш болушу мүмкүн деген болжолдоону академик А. Х. Маргулан

айтат. Колдо болгон документтерге караганда Валиханов «Манасты» биринчи жолу 1856-жылы май айында Сан-Таштан түшкөн Түп суусунун боюнда угат. Ал өзүнүн «Ысык-Көлгө баруунун күндөлүгү» деген эмгегинде «26-майда мага жапайы таштуу кыргыздардын ырчысы келди. Ал «Манас» поэмасын билет. Поэманын тили сүйлөгөнгө караганда алда канча жеңил» – дейт. Бирок, Валиханов кайсы манасчыдан жазып алганын эч жерде айтпайт. Кийин гана «Жунгар очерктери» деген эмгегинде «Жогоруда көрсөткөндөй менин кыргыздар менен таанышуум 1856-жылдан башталды. 1855-жылы бугу уруусунун башкы манабы Боронбай өзүнө караган он миң үйлүү бугу уруусу менен Россияга кошулду. Кийинки (1856) жылдын жазында кыргыздардын өзүлөрүнүн суроосу боюнча кыргыздар менен жакыныраак таанышыш үчүн жана бугу уруусуна тиешелүү жерди картага түшүрүү үчүн полковник Хоментовскийдин башчылыгы менен казактардын отряды жиберилди. Бул биринчи орус экспедициясы эки айдын ичинде Ысык-Көлдүн түндүк бөлүгүн көрүп картага түшүргөн. Мен ошол экспедицияга катышып, Боронбайдын айлында болуп кыргыз элинин бир нече эң сонун санжыраларын (преданий) жыйнадым жана жапайы таштуу кыргыздар жөнүндө эмгектер (запискалар) жаздым» – дейт. 1858-жылы Валиханов Кашкарга саякатка бара жатканда Ысык-Көлдүн күңгөй өрөөнүндөгү Кыдык уруусунан чыккан Борсук деген байдын айлы менен бир айча бирге көчүп жүрүп, Телтай деген акын менен кезигишет. Валиханов Телтай акын жөнүндө кеңири маалымат бербей аны феномен[1] – деп гана атайт. Ал «Манасты» Телтайдан укканын айтпайт.

Валихановдун жазып алган «Көкөтөйдүн ашын» азыркы варианттар менен салыштырганда андагы жерди, окуяны сүрөттөө Сагынбай менен Саякбайдын айтканына окшойт. Валиханов боюнча Бокмурундун көчү Козубашы Коподо кой кырктырат, Чоң-Ак-Ташта үй жаңыртат, Түргөн Аксу ашып, Каркыранын Калмак деген жеринеч туз кайнаттырып алат. Ал эми Орозбаков боюнча Бокмурундун көчү Козубашы да кой семиртип, Түргөн Аксу ашып, Каркырага келип туз кайнаттырып, ошондо Көкөтөйдүн ашын берет. Бирок азыркы варианттарда Валихановдукундай Бокмурундун Илени көчүп өтүп, башкы Обь, Енисейдин боюна калмак менен мусулмандын чек арасына келип ички ханда Көкөтөйдүн ашын берүү жок.

Мына ушул байкоолордон кийин Валиханов кыргыздын Ысык-Көлдөгү кайсы манасчысынан «Көкөтөйдүн ашын» жазып алган деген суроо туулат? Эски акындардын жана манасчылардын өмүрүн жана

[1] Ч. В а л и х а н о в. Собр. соч.; II т., 414–415-беттер.

чыгармаларын жакшы билген атактуу манасчы Каралаев Саякбай 1961-жылы биз менен болгон аңгемеде: «Валиханов «Көкөтөйдүн ашын» Ысык-Көлдөгү чоң манасчы Назар Болотовдон Токсоба Олжобаевдин айлында жазып алган» деп көрсөтөт. (Автор берген маалыматы үчүн С.Каралаевге өзүнүн алкышын айтат – З.М.) Назар Болотов (1828–1893) Ысык-Көлдөгү Бугу уруусунун Арык тукуму уругунан чыккан «Манас» трилогиясын бүт билген, укум-тукумунан бери «Манас» айткан чоң манасчы болгон. Назардын атасы да, өзү да жарды киши болуп: «Жээрде аттан башка малым жок, Манастан башка жаным жок» – деп ырдоочу экен. Ал «Манасты» айтып жатканда үнү өтө бийик чыгып, өзү күүлөнүп, эргип, толкунданып айтчу экен. Ошол атактуу Назар манасчыдан Саякбай Каралаевдин окутуучуары Чоюке, Акылбек сыяктуу манасчылар «Манасты» үйрөнгөн дешет.

Валихановдун жазмаларында көрсөткөн дагы бир кызык нерсе: «Менин кыргыздын тарыхый санжыралары эл ооз эки адабияты менен кызыкканым Боронбай жана башкаларга орус өкмөтүнүн тапшыруусу менен жүргүзүлүп жаткандай көрүндү, ошондуктан алар бардык жардамын көрсөтүштү»[1] – дейт. Ушуга караганда Бугу уруусунун башчылары Валихановго кыргыз элинин ырын, өнөрүн көрсөтүш үчүн атактуу манасчы Назар Болотовду чакыртып келип, «Манасты» айттырышы мүмкүн. Назар Арык тукуму уруусунан болгондуктан урууну бийлеген Токсоба Олжобаевдин үйүндө болуп «Манасты» Валихановго айтып берүүсү ыктымал. Академик. А. Х. Маргулан да «Манасты» эл арасына кеңири тараткан Келдибек ырчы, анын артынан суурулуп чыккан Назар менен Балык манасчы. Булардыш үчөө тең Ысык-Көл өрөөнүнөн чыккан акындар. «Манастын» ырын биринчи ирет кагаз бетине түшүргөн Чокан ошолордун бирөөнөн жазып алышы ажеп»[2] – деп, көрсөтөт. Бирок кайсы манасчыдан жазып алышын ачык айтпайт.

Валиханов кыргыздын оозеки адабияты боюнча бир канча ппкир айткан. Ал кыргыздын жөө жомокторуна токтолуп келип: «20 жаштагы баатыр ыйлаган энесин, карган атасын таш боордук кылып калтырып, баатырлык иш кылуу үчүн жолго чыгат. Жердин түбүндөгү дөөлөр, алптар (Кашей падыша сыяктуулар) менен күрөшүп, дөөнүн колунда туткунда, капаста жаткан сулууларды кутказуу жомоктордун башкы сюжетин түзөт. Жомоктор кара сөз формасында айтылат, бирок белгилүү ык жана күлкүлүү сөздөр аркылуу аңгемеленет. Тарыхый санжыраларга да фантастикалык элементтер жат эмес.

---

[1] Ч. Валиханов. Соч., т. 1. 263-бет.

[2] Вестник... 17-бет.

Кыргыздардын үй-бүлөлүк санжыра эстеликтери атайын эске тутулуп укумдан-тукумга кылымдан-кылымга айтылат»[1] – дейт.

Жогоруда жомокторго карата айтканына караганда ал «Манастан» тышкары «Эр Төштүктү» да укса керек. Анткени, жомоктогу баатырдын жер алдында дөөлөр менен күрөшүп, капаста туткунда жаткан сулуу кызды бошоткону «Төштүк» жомогундагы баатырдын жер алдына түшүп, Кулайымды дөөдөн бошотконун эске салат. Валихановдун «Элдин (кыргыз элинин – З. М.) акыл-эсинин өсүшүнүн жападан-жалгыз эстелиги кара сөз жана ыр формасындагы болгон оозеки эпикалык дастандары түзөт»[2] – деп кескин айтканына кошулууга болбойт. Себеби, кыргыздарда эпикалык дастандардан тышкары да көп сандаган ырлар б. а. эл оозеки адабияттын бардык жанрлары бар экени белгилүү. Валихановдун мындай ою анын кыргыздын оозеки адабиятын терең билбегенинен жана көп укпаганынан келип чыкса керек. «Элдик поэзиянын экинчи түрүн уруулардын урушу, баатырлардын эрдиги жөнүндөгү эпикалык аңгемелер түзөт. Бул поэмалардын түрү же баатырдык сагалар. Анын ичинен чыныгы элдик жана кайсактардан (казактардан – З. М.) үйрөнүп алгандарын ажыратуу керек. Эпикалык ырлардын өлчөмү (ыргагы) жана рифмасы бар. Ырдын кылдаттыгы салыштырмалардын айкалыштарында б. а. биринчи жана экинчи сап ырлардагы башкы сөздөрдүн бирдей тандалып алынышында (аллитерациясында – З.М.) турат. Ушундай эки эсе рифмалаштырууну кубалап алар метрология законунун таламын канагаттандырыш үчүн өтө таң каларлык жөнөкөй салыштырууларды колдонушат. Мисалы «Манастагы» бир сап ыр «Көкөтөй хандын ашындагы» ыр мындайча башталат:

Алтын ээрдин кашы экен,
Аталуу журттун башы экен

же

Көк дөнөндүн башы бар,
Көкөтөй хандын ашы бар.

Мында алтын ээр менен көк дөнөн, аталуу журт жана Көкөтөй деген сөздөр менен жакындаш (уйкаш) болушу үчүн гана колдонулат. Кыргыздардын ыр түрүндөгү бирден-бир, балким жападан-жалгыз чыгармасы «Манас» жөнүндөгү сага экендигине шек жок»[3] – дейт Ч. Валиханов. Ал «Манас» эпосуна тарыхый адабий жактан

[1] Валиханов. Соч. в 5 томах. т. 1, Алма-Ага, 1961, 366–367-беттер.
[2] Ошондо. 366-бет.
[3] Ч. Валиханов. Собр. соч. 1 т., 367-бет.

талдоо жүргүзүп, эпостун башкы герою Манаска жана башка персонаждарга мүнөздөмө берүүгө аракеттенет. Валиханов: «Манас» бир мезгилге келтирилген жана бир кишинин – Манас баатырдын тегерегине топтолгон бардык кыргыз мифтеринин, жомокторунун, санжыраларынын, энциклопедиялык жыйнагы. Бул кандайдыр бир талаа «Илиадасы». Кыргыздардын жашоо шарты, үрп-адаты, кулк-мүнөзү, географиялык, диний, медициналык түшүнүктөрү алардын эл аралык байланышы бул өтө зор эпопеяда орун алган. Манас бирдиктүү мүнөздө болгондой көрүнгөн айрым көп окуялардан турат. Экинчи эпос «Семетей» Манастын уландысы болуп саналат, бул буруттардын «Одиссеясы»[1] – деп эпоско өтө жогору баа берген. Валиханов «Манас» эпосу элдин кеңири катмары тарабынан түзүлгөн жана ага улам алымчалар жана кошумчалар киргизилип турганын дароо эле байкаган. Ошондуктан ал «Манаска» кийин киргизилген кошумчалар жана коздоолордун изи апачык көрүнүп турат дейт. Бирок, ал «Манас» эпосу эң оболу кара сөз менен айтылган жомок катарында түзүлгөн, кийин гана ыр түрүнө айландырылган деп ойлогон. Ошондуктан ал «Анын кара сөз менен айтылган жомоктон ыр түрүнө айландырылышы – кийинки убакта пайда болгон болсо керек» деп жазган. Валиханов «Манастын» жомокчулар тарабынан айтылганына токтолуп келип: «Манасты» угуш үчүн үч түн да аздык кылат, анын уулу «Семетей» жөнүндөгү жомокко да ушунча убакыт керек»[2] – дейт. Валихановдун «Манас» кийинки убакта гана жомоктон пайда болгон чыгарма жана «Манасты» айтыш үчүн үч түн аздык кылат дегенине ишенбегени анын «Манас» трилогиясы менен толук таанышбаганынан келип чыккан. Валиханов кыргыздын элдик оозеки адабиятынын үчүнчү тобуна ырларды киргизген. Алар кыска болуп обон менен айтылат, оюн, тойдо ырдалат, алардын көбү ырым-жырым ырлары дейт. Бул дагы жетишсиз айтылган пикир, анткени азыркы убакта жыйналган материалдарга караганда кыргыздын оозеки адабиятында лирикалык жанрда кеңири орун алган.

Валихановдун вариантында «Манас» эпосун толук билбегендиктин жана эпикалык чыгармалардын өзгөчөлүгүн ачык түшүнбөгөндүктүн натыйжасында «Манас» жөнүндө Валихановдун жетишсиз айткан пикирлери бар. Мисалы, ал эпикалык окуянын толук абалын билбей туруп: «Манас атасын сыйлабайт жана Манас баатырдын негизги максатынын бири ар түрдүү хандардын кыздарын тартып алуу болгон», – деген

[1] Жогоркуда. 420-бет.
[2] Ошондо. 367-бет,

пикирди айтып: «Анын бүт өмүрү урушттарда жана сулууларды издөөдө өтөт»[1] – деп көрсөтөт. Манастын негизги максатынын бири – жалгыз гана сулуу кыз издеп жүрүү болгон деген ой азыркы варианттарда жок. Манасты мындай кылып сүрөттөө «Манастын» элдик багыттына жат нерсе. Эгерде эпостун баатыры мындай мүнөздө болсо, андай чыгарма элдин арасына кеңири тарап, чоң кадыр-баркка ээ болбос эле. Валихановдун «Жунгариянын очерктери» деген эмгегиндеги Манастын балалык чагы жана Каныкейге үйлөнгөнү жөнүндө жазып алганынан төмөнкүлөр байкалат: Жакып хандын уулу Манас Чүйдөн Таласка чейинки кыргыз уруусун бийлейт; Манас чыгыш теги жагынан ак сөөктөргө жатпайт, бирок анын күчү хандардыкынан кем калбайт. Анын атасы Якуб (Жакып): «Мен хан эмесмин, бирок хандан кем эмесмин, мен хан Жакыпмын»[2] – дейт. Валихановдун жазып алганына караганда Манас он эки жашында жаа тартып, он үчүндө өзүнүн душмандарын жеңет, он төртүндө душмандарын талкалап, көп сандаган жылкысын тиет. Бул эпизоддорунан Манас жунгар калмактарына каршы элди уюштурган, душмандардан коргогон чексиз баатыр катарында сүрөттөлөт. Бул жөнүндө Ч. Валиханов «Кийинки эпизоддордон алсыздарды коргоп, калмактар менен урушуп, Жунгариянын түпкүрүндө өзүнүн эрдигинин изин калтырган баатырды көрөбүз»[3], – деп туура баа берет. Манас көчмөн калктын байыркы баатырлары катарында апыртылып сүрөттөлгөн: «Бою бийик, Манастын кабак-кашы көтөрүлүп, өңү сурданып, каны кызып турат. Ал жүнү тиктийген көк жал карышкырга окшойт. Ачуусу келгенде өңү өтө коркунучтуу. Анын сакал-муруту тиктийип, көзүнөн от жанып, оозунан көк түтүн чыгып, теректей бою алачыктай болот»[4] дейт.

Валихановдун жазып алганында жомок «өңүнүн актыгы ак кардай, бетинин кызылы ак карга тамган кандай» болуп кызарып турган, чачы согончогуна жеткен, жыты жыпар жыттанган, тиши акактай агарган»[5] – Карахандын кызы Каныкейге (Валиханов боюнча Ханкей) Манас атасы Жакыпты куда түшкөнү жибергени менен башталат. Манастын атасы Жакып уулуна кыз издеп көп жерди кыдырат. Бирок Жакыптын уулуна хан кызын бербейт да «Менин кызыма кандын уулу тең келет, сенин уулуңа кедей бийдин кызы татыктуу» дейт. Манас согуш ачат дагы кызды зордоп алат»[6]. Мындан элдик оозеки адабиятта кездешкен колуктуну күч

[1] Ч. В а л и х а н о в. Соч. т. 1, 251-бет.
[2] Ошондо. 369-бет.
[3] Ошондо. 421-бет,
[4] Ошондо. 421-бет.
[5] Ошондо. 421-бет.
[6] Ошондо. 421-бет.

менен зордоп алган баатырдык үйлөнүү традициясы боюнча Манас Кара-кандын кызы Каныкейди алганы көрүнөт. Манастын балалык чагы жана Каныкейге үйлөнгөнү жөнүндө Валиханов кыскача жазып алган эпизоду ушуну менен бүтөт.

Валиханов жазып алган «Манастын» эпизоддорунан эң орчундуусу «Көкөтөйдүн ашы». Бул жөнүндө Валиханов: «Манас» поэмасынын бир эпизодун Көкөтөйгө берилген ашты кыргыз рапсодунун (ырчысынын – З.М.) оозунан жазыл алдым. Бул кагаз бетине түшүрүлгөн биринчи кыргыз сөзү болсо керек. Мен бул кыргыздын поэзиясынын чыгармасын которуп жатам жана ушул убакка чейин ориенталисттерге (Чыгыш таануучу окумуштууларга – З.М.) такыр белгисиз болгон тил менен тааныштырыш үчүн кичинекей сөздүк түзгүм келет»[1] – деген. Валиханов бул оюн ишке ашырып, «Көкөтөйдүн ашын» орусчага которгон. «Көкөтөйдүн ашынын» орусча котормосу Ч. Валиханов өлгөндөн кырк жылдан кийин 21-март 1902-жылы Орус Археологиялык коомунун чыгыш бөлүмүнүн заседаниесинде атактуу чыгыш таануучу Н. И. Веселовский тарабынан окулган. «Көкөтөйдүн ашынын» котормосуна орус окумуштуулары: «Валиханов кыргыздын кыска жана так сөзүн өтө күчтүү жана образдуу деңгээлде орусча бере алган»[2] – деп жогору баалашкан.

Ч. Валиханов өзүнүн жазып алган «Көкөтөйдүн ашы» жөнүндө мындай дейт: «Манастагы» эң сонун эпизод «Көкөтөй хандын ашы». Бул эпизоддо ногойлордун ханы Көкөтөйдүн уулу Бокмурундун атасынын ашын берүү үчүн Ысык-Көлдүн жээгинен Кара Эртыш, Алтай жана Хинганга, монгол ханы Джулайдын (Жолойдун), Каркытоосу алдында көчүп барганы баяндалат. Ашка келген Манас жана башка көчмөн мусулмандар каапырлардын зордук-зомбулугуна, кысымына чыдай албай уруш чыгарышат. Согуш башталат. Манас хан Джулай (Жолойду) талкалап жана аны өлтүрөт. Коңурбай да жекеме-жеке урушта Манас тарабынан өлтүрүлөт. Акыры Манастын өзү монгол ханы Наз-Кара (Нез-Кара – З.М.) колдуу болуп өлөт. Манастын уулу Семетейдин атасынын кунун куушу экинчи кыргыз эпопеясынын мазмунун түзөт»[3]. Колдогу болгон орусча текст жана 1965-жылы Казак Илимдер Академиясынын академиги А. Х. Маргулан таап, биринчи жолу жарыйлаган Валихановдун кыргызча кол жазмасына караганда ал «Көкөтөйдүн ашынын» башын гана жазып алган. Аштын берилиши, андагы калмактардын жаңжалын жазып алууга үлгүрө албай калган.

[1] Ошондо. 421–422-бет.
[2] ЗВО РАО, т. XV, вып. 1, СПб., 1903, стр. IX.
[3] Ч. В а л н х а н о в. Собр. соч. т. 1, 421-бег.

Валихановдун жазып алган «Көкөтөйдүн ашынан» төмөнкүлөрдү байкоого болот. «Көкөтөйдүн ашынын» мазмунуна караганда Бокмурун баштаган кыргыздар чоң территорияда жашашат. Бул байыркы кыргыздардын Ысык-Көлдөн тартып, Алтайга жана жогору Эртышка чейин көчүп жүргөн жолунан көрүнөт. Эгерде Валиханов боюнча кыргыздар түштүктөн чыгыш-түндүккө карай көчсө, «Манастын» башка варианттарында кыргыздар чыгыш-түндүктөн батышка карай көчүшөт. «Көкөтөйдүн ашында» Бокмурундун элинин көчүшү Ысык-Көлдүн жээгинде орношкон Козубашы деген жерден башталат. Бокмурундун көчү жазында кой кыркуучу Козубашы деген жерден чыгып, көчтү оңдош үчүн Ысык-Көлдүн түндүк-чыгыш жээгиндеги Чоң-Акташ деген жерине токтоп, Или өрөөнүнө кире бериш жердеги Тилектеш ашуусун ашып, азыркы Казак ССРинин Кеген районундагы Жалаңаш-Тоо өрөөнүнө келет дагы андан Иле суусунун боюна жетип конот. Кербен, Калкан тоосунун жанынан Иле суусун кечип, Жунгар капкасындагы Аксуу өзөнүнөн өтүп, анан Жунгар капкасын басып, Түштүк Тарбагатай аркылуу Саур тоо кыркасыньш түндүк-чыгыш жагында орношкон Беш-Терек ашуусунун жанынан жогору Эртыш өрөөнүнө жетет[1].

Козу башы кoподо
Койдун жүнүн кырккамын.
Чоң Акташка барамын,
Үй жаптырып аламын.
Андан ары көчөмүн,
Сөйөк таштан өтөмүн,
Жылаңаштын боюна
Жылкы салып кетемин.
Өзөндүн суусун сагаалап,
Кең Илени жакалап,
Кең Иленин боюнда
Эгинчи болуп кетемин.
Кеме менен кечемин,
Актерискан ашамын[2].

Жогорку Эртыште Буурул-Тоо деген жерде чоң өрүү болот. Бул жерде кыргыздар күрүч жана башка товарлар тарттырып алат.

Өзөн сууну жакалап,
Ак боз атын такалап,

[1] Жогоркуда. 670–671-беттер.
[2] Вестник АН Казахской ССР. Серия гуманитарных наук № 8, 1964, 23-бет.

Куу Эртиштын башында
Беш терек менен ашамын.
Хандын тоосун ашамын
Молдо торгой басамын,
Кыл Эртиштин үстүнө,
Буурул тоонун астына
Барып анда кономун.
Алты күнү болгончо
Ат сергитип аламын,
Жети күнү болгончо,
Эл сергитип аламын.
Андан соң токсон атты комдотуп
Күрүч артып аламын.
Токсон жорго такалап
Түпкү ханга киремин
Ошондо Көкөтөйдүн ашын беремин[1].

Андан кийин ички ханга өтмөк болушат. Ички-хан деп эпосто орто кылымдан башталышында кыргыздар жашаган Обь суусунун башталышы (Жогорку Обь) менен Енисей өрөөнү аталган. «Манас» эпосу боюнча бул өлкөнү кыргыздар Ички-хан, башкача айтканда, Тянь-Шань, Каракорум жана Памир, Алай бийик тоолорунан ич жакта турган өлкө деп аташкан. Валихановдун жазып алган эпизоду боюнча «Көкөтөйдүн ашы» «Манастын» башка версияларындай азыркы Ысык-Көл өрөөнүнө жакын жердеги Каркырада өтпөстөн, Обь жана Енисей сууларынын ортосундагы жерде өтөт. XIV кылымдан XVI кылымга чейин кыргыздар Енисей, Обь өрөөндөрүнөн тартып, Тянь-Шанга чейинки территорияда жашагандыгы тарыхта белгилүү[2]. Атактуу саякатчы, этнограф жана фольклорист Г. Н. Потанин «Балким бир кезде кыргыздар божомолдоп айтканда Енисейден тартып, Ысык-Көлгө чейин ээлесе керек. Бул пикирди кыргыздардын баатыры «Манас» жөнүндөгү жомогу аныктайт. Манастын аты кээ бир географиялык аттарда сакталып калган. Анын бири Зайсан көлүнүн жанындагы Тарбагатай тоосундагы «Манастын ашуусу» экинчиси Халтырыш-Икэ тоосундагы Манас деп аталган өзөн агып өткөн жер. Кыргыздардын жомогу боюнча Манас ушул эки тоодо тең көчүп жүргөн. Ушул күнгө чейин Орхондо жана Жабганда жашаган кыргыз

[1] Ч. Ч. Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн ашынан» үзүндү. Кол жазманы биринчи тапкан жана казакчага көтөрүп жарыялаган Казак ССР илиминин анык мүчөсү А. Х. Маргулан. (Вестник Академии наук Казак ССР № 8, 1965, 24–25-беттер).

[2] К. П е т р о в. К истории движении киргизов на Тянь-Шань... Фрунзе, 1961, 87-бет

уруулары бар. Демек кыргыздар Енисей менен Ысык-Көлдүн ортосуна жашашкан»[1] – деп көрсөтөт. Потанин кыргыздардын Енисей боюнда XVII кылымдын орто ченине чейин атын сактап калганын жана XX кылымдын башында Абакан, Ак-Жүз сууларынын боюнда жашаган кыргыздардын уруусу бар экенин керсөтөт[2]. Көкөтөйдүн ашын берүү үчүн Бокмурундун Ысык-Көлдөн Обко чейин көчүп барганы жогоруда айтылгандай бир убактагы кыргыздын тарыхый турмушунун негизинде эпосто пайда болгонун көрсөтөт. Кыргыздардын Енисейден Ысык-Көлгө чейин көчүп жүргөнүн тарыхый документтерге таянып алып саякатчы Г. Н. Потаниндин айтканын, тарыхчы К. Петровдун эмгектери ырастайт. Көкөтөйдүн ашынын Енисей менен Обь суусунун боюнда өткөзүлгөндүгү бул эпизоддун кыргыздар Орхон, Енисей Эртиш сууларынын боюнда, Алтай тоолорунда жашаган кезиндеги турмушун чагылыштырат жана XIII–XVI кылымдагы кыргыздардын чет өлкөлүк баскынчыларга каршы күрөшүнүн жаңырыгы болуп саналат деп божомолдоого болот.

Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн ашында» Көкөтөйдүн образы өтө жылуу сүрөттөлгөн. Көкөтөй көп жашаган, көптү көргөн, жыргалчылыкты жана кыйынчылыкты да эл мснен бирге тарткан акылман карыя катарында көрсөтүлөт. Көкөтөй жалпы элдин камын көргөн, кедей кембагалдарга жардам берген, бытыранды урууларды бириктирип эл кылган акылман карыя. Бул анын:

«Тентекти жыйып эл кылдым,
Кулаалы салып куш кылдым,
Курама жыйып эл кылдым» –

дегенинен байкалат.

Көкөтөйдүн керээзинен өлүм алдында жатса да элдин камын ойлоп, анын келечекте бирдиктүү болуусун каалаган баатырдын образы көрүнөт. Көкөтөйдүн бул сөзүнөн анын элди сүйгөн, элдин келечекте камын ойлогон патриот экени байкалат. Көкөтөй өлөрүндө жакын мурасчыларынан келечекте элге камкордук кылып ага ар дайым жардам берүүнү суранат:

Мен бир көзүм өткөн соң
Жөө бир жүргөн шыгайга (кедейге–З.М.)
Чобур кармап бере көр.

[1] Карта распространения народов в Томский губернии с примечаниями Г. Потанина. Бул эмгек биз тарабынан 1961-жылы сентябрда Ленинградда Бүткүл Союздук. географиялык коомунун архивинен табылды. Фонд .№ 16, раздел 64, оп. 1, № 9, 42-бет. Биринчи жолу жарыяланып отурат

[2] Ошондо. 45-бет.

Жылаңач жүргөн шыгайга
Чапан бир чечип бере көр.
Кымызды суудай агызып,
Жазы, кышы болгондо
Толуп жаткан кураманы
Тел козудай эмизип,
Айранды суудай агызып,
Жакшы жаман тентекти
Жакшы күтүп ала көр[1]!

Көкөтөй кыргыз элинин бирдиктүү болуусун каалаган жана калктын чет өлкөлүк баскынчылар менен күрөшүндө биргелешип аракеттенишин тилеген элдин карыясы. Ал жалпы гана кыргыз калкынын камын көрбөстөн өзү ар түрлүү уруулардан чогулткан кедейлердин келечектеги тагдырын ойлоп көзү жумулардын алдында мурасчысы Бокмурун менен эл бийлеген Баймырзага:

Менин көзүм өткөн соң,
Элдеги толгон тентекти,
Жер-жерине таратпай,
Куланын көзүн каратпай,
Толгон мына кураманы
Эл элине таратпай,
Жакшы багып ала көр[2] –

деп керээз калтырат. Мына ошентип, Валихановдун эпизодуна караганда Көкөтөй кыргыз элинин бирдиктүү болуусун каалап, ар түрлүү уруулардын башын кошкон ар дайым элдин камын көргөн калктын акылман аксакалы катарында көз алдыга элестейт.

«Манас» эпосу боюнча Ташкентти жайлаган Жанадилдин уулу Көкөтөй жетимиш бешке келгенче бала көрбөй жүрүп, саякат кылып жүргөндө «Кайыпчынын белинен кайнаган ысык чөлүнөн» Бокмурун деген баланы талаадан таап алат. «Ал он экиге келтенде күйүп турган чок чыгып, тентектиги чиркиндин ай ааламда жок чыгат». Зөөкүр болуп кыз издеп жүргөн кезинде багып алган атасы – Көкөтөй өлөт (Сагынбай Орозбаков). Көкөтөйдүн жаш чагынан көк чыкканы Валихановдун жазып алган варианттарында да сакталып калган. Валихановдун жазып алганына караганда Көкөтөй өлгөн соң элди анын жакын тууганы Байдын уулу Баймырза башкарып калат. Ал элдин аттуу-баштууларын чакырып, Анжияндагы Манаска барып, ошол

[1] Вестник. 23-бет.
[2] Ошондо. 23-бет.

жерде аш берели деп кеңеш кылат. Мына ушул учурда жаңыдан ат жалын тартып минген Бокмурун «атам Көкөтөйдүн ашын өзүм бийлейм» деп жаңжал салат:

Ээрди балпак боз айгыр,
Боз айгырга мингизбейм.
Көк айгырым мингизбейм,
Көкөтөй ашын билгизбейм.

«Манастын» элге кеңири таралган варианттарында Бокмурун Манасты теңине албай Көкөтөйдүн ашына чакырбай коёт:

Жакыптын жалгыз Манаска
Көпкөндүгүн мындан бил,
Кабар бербей калыптыр.
Көкөтөйдүн кара ашка,
Манас келбей топурап,
Салбай калган топурак[1].

Валиханов жазып алган эпизоддо Бокмурун менен Манастын ортосунда карама-каршылык бардай сезилет. Мында Манас менен жоолошуунун негизги себепчиси байдын көпкөн баласы Бокмурун болуп саналат. Манаска көчүп барып, Көкөтөйдүн ашын берем деген Баймырзаны Бокмурун кекетип:

Эй, Анжиянда семирген,
Анжияндын тоң алмасын кемирген,
Чийки нанга семирген,
Сары кулак ит Манас.
Көчсөм өзүң көчө бер,
Мен элимди көчүрбөйм,
Мен журтумду көчүрбөйм[2] –

деп Манаска каршы келгендигин билгизет. Бул эпизодго караганда Бокмурун Манастын Коңурбай, Жолой башында болгон калмактарга каршы күрөшүнө каршы келген уруу жетекчиси катарында көрүнөт. Ал Көкөтөйдүн ашына Манасты чакырбай койгону аз келгенсип кыргыз элинин душманы Жолойдун жерине көчүп барып аны менен дос болуп, калмактан «көз отого» чен алып, төрө болууну ойлойт:

Каапырдын каны эр Жолой,
Эр Жолойго барамын,
Жанаша келип кономун,
Жан туугандай боломун.

---

[1] Манас. Фрунзе, 1958, т. 1, 9-бет.
[2] Вестник... 24-бет.

Бирге көчүп кономун
Бир туугандай боломун[1].

Манастын эзелки душманы Жолойдун ордосуна Бокмурундун көчүп барышы жана Жолойго алабаш жорго, чаар ат тартуу кылып, Манаска караганда Жолойду жакын деп санашы экөөнүн ортосунда мамилени күчөтөт:

Каапырдын каны Жолойго,
Ала баш жорго чаар ат,
Айдап тартуу кыламын.
Алтындуу күрмө киемин,
Айтылуу төрө боломун.
Көз отого тагынып,
Көрүнөө төрө боломун.
Алтай толгон көп калмак,
Аралаша кономун.
Канга тойгон көп калмак,
Биргелеше кономун.
Жакшы пара беремин,
Күлүк атым койбоймун,
Жаман пара жеремин,
Көйнөк тонум койбоймун[2].

Бул жагынан алып караганда ушул эпизоддо Бокмурун кыргыз элинин душманы калмактар менен дос болууга аракеттенген, кыргыздардын биримдүү болушуна каршы чыккан уруу башчысы окшойт. Манастын элге кеңири белгилүү вариантында Бокмурун Көкөтөйдүн ашын калмак менен кыргыздын чек арасында берет («Калмак менен кыргыздын ортосун жара кономун, атамдын ашын беремин»[3]). Бирок анда Валиханов жазып алгандай Жолой менен дос болуу, андан чен алып төрө болуу жок. Бокмурун өзү каалап, Жолойго барып алабаш жорго тартуу кылып бербейт. Көкөтөйдүн ашына чакырылган калмак баатыры Нескара «ашыңа тоюп алармын, бурут, азап салып башыңа, айлыңы чаап тынармын, бурут» деп опузалап:

Көкөтөйдун Мааникер,
Кара байыр казан ат,
Дегениме көн, бурут,
Мааникерди бер, бурут[4] –

[1] Ошондо 24-бет.
[2] Ошондо. 25-бет.
[3] Манас. Фрунзе, 1958, т. 1, 35-бет.
[4] Манас. Фрунае, 1958, 1 т., 35-бет.

деп зордуктап тартып алмак болгондо, элдин кеңеши боюнча Таластан Манас ашка чакыртылып келет. Бокмурун «Атамдан калган мал эле, сурап жатат бул калмак Мааникердей күлүктү, Мааникерди бербесем бергени турат бүлүктү»[1] дегенде Манас:

Мааникер алса бу күндө,
Каршы чыкса түбүндө
Тулпардан туура айрылсак
Бу кыргыздын алптары
Ээрди жонго артпайбы,
Эмгекти катуу тартпайбы.
Билгенин калмак кылбайбы,
Анан жөөлөтүп жүрүп кырбайбы.
Күрдөөлдүү күчүм барында
Күлүгүм кантип берейин[2] –

деп бердирбей коёт. Ал эми Валиханов жазып алган эпизоддо Бокмурун Манасты Көкөтөйдү көмүүгө чакырбай калмактардын арасына көчүп кеткени менен атасынын жылдык ашын берерде «Он бешинде келгенде кыйла журтка баш болгон, Манаска жөө түшүп салам бере көр, Ашымды бийлеп берсин де, мүчөсүн артык жесин де»[3] – деп жаш Айдарды Манаска жиберет. Бул жагынан алып караганда Бокмурундун Манасты кыргыз эли үчүн зор күч, калктын атасы деп кадырлаганы байкалат. Мына ошентип биз талдап отурган «Көкөтөйдүн ашында» Бокмурундун образы карама-каршы мүнөздө сүрөттөлөт.

Биз талдап отурган эпизоддо уруу бийлөөчүлөрү феодалдар тарабынан киргизилген Бокмурундун кыргыздын эзелден берки душманы Жолой башындагы калмактарга өтүп кетем деген сыяктуу эпостун элдик духуна жат элементтер бар. Бул үзүндүдө кезиккен «Көк отого тагынып көрүнө улук боломун», «Алтындан күрмө киемин, айтылуу төрө боломун» – деп, Бокмурундун Жолой менен дос болушу Валихановго үзүндүнү айтып берген манасчы тарабынан эпоско киргизилген нерсе. Анткени, биринчиден, азыркы элге кеңири тараган варианттарда бул окуя жок. Ырас, азыркы жазылып алынган варианттар да Бокмурундун калмактар менен кыргыздардын ортосуна көчүп барып, Манасты Көкөтөйдүн ашына чакырбай койгону гана бар. Экинчиден Валиханов жазып алганда «Жакшыга пара беремин, күлүк атым койбоймун» деп Бокмурундун калмактарга жагынгысы

[1] Ошондо. 57-бет.
[2] Ошондо. 56–57-беттер.
[3] Вестник... 26-бет.

келгени айтылат. Ушул жерде кезиккен түрк тилинен алынган пара (түркчө пара–акча) ислам дини кыргыздарга тарай баштаган соң гана «Манас» эпосуна кире башташы мүмкүн. Үчүнчүдөн, эпосто «көз отогону» көбүнчө калмактар менен кытайлардын бийлөөчүлөрү жана баатырлары тагынган. Калмактын баатыры Коңурбай «кийгени кийим башында шуру, отогот маржан таш» деп сүрөттөлөт.

Валихановдун жазып алган «Көкөтөйдүн ашы» деген эпизодунда «Манас» эпосунун байыркы убакта түзүлгөндүгүн далилдеген, кыргыз элинин үрп-адатынын байыркы катмарын көрсөткөн кызык этнографиялык материалдар бар. Бул Көкөтөйдүн өлүмү, анын сөөгүнүн жерге коюлушу, ага ашты берүү менен байланышкан. Көкөтөйдүн сөөгүнүн көмүлүшүнүн жана ашына байланыштуу өбөлгөлөрдү түрк элдеринде өлүккө карата жасалган расмилерине салыштырып «Көкөтөйдүи ашында» кандай шамандык адаттар сакталып калганына токтолрбуз.

Шаманист түрктөрдүн жана Орто Азия элдеринин өлгөндү көмгөндө кылган расмиси жөнүндө кабарды И. Бичурин өзүнүн эмгектеринде берет. Бул кабарды түрк элдеринин фольклордук материалдары далилдейт, толуктайт.

Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн ашында» Көкөтөй өлгөндө бүт кыргыз эли аза күтүп, абдан кайгырып, көп мал союлуп, ат чаптырылып анын кара ашы берилет, ал эми Көкөтөйдүн бир жылдык ашы чоң тойго айланат.

О түн түшкөн калың көп ногой,
Өкүргөндөн бакырды.
Айкыргандан бакырды,
Алманын башын жапырды.
Тайлак төө сайдырып,
Кунанды байге кылыптыр,
Элди тоют кылды дейт.

Көкөтөйдүн ашына байланыштуу «Манас эпосунда» учураган өлгөн адамга аза күтүү жана кадырлап көмүү, аш берүү расмиси кайдан чыккан жана кыргыздардын арасында көптөн бери сакталабы? – деген суроо туулат. Тарыхий маалыматтарга караганда көчмөн калктарда өлгөн адамга сый көрсөтүү биздин эрадан мурун гунндардын мезтилинде эле башталган. Биздин эрадан үч кылым мурун гунндарды өлгөндү көмгөнү жөнүндө «Өлгөндөрдү табытка көмөт, сырткы жана ички табытты колдонушат. Өлгөнгө алтын менен күмүштөн жасалган кымкап же аң терисинен кийим кийгизишет. Бирок мүрзөгө

жыгач отургузбайт жана өлгөндүн жакындары аза күтүү кийимин кийишпейт. Өлүк менен бирге көмүлгөн өлгөн башкаруучунун (вельможанын) жакындары жана аялдары, наложницалары жүз кишиден бир нече жүз кишиге чейин болот»[1] – деген маалымат кытай тарыхында айтылат. «Манас» эпосундагы Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн ашында» Көкөтөйдүн сөөгүн кызыл макмал (баркытка) ороп «чарайна менен чаптатып, булгаары менен каптатып» көмөт. Бул байыркы гунндардын өлүктү алтын менен күмүштөн жасалган кымкап кийгизип же аң терисинен жасалган кийим кийгизгенине жакындайт жана илгертен бери келе жаткан бул салт «Манаста» сакталып калганын көрсөтөт.

Кыргыздар составында болгон Енисей-Орхондогу чыгыш түрктөрдүн мамлекетинде өлгөнгө алыс жерден кишилер ыйлап келип аза күткөндүгү жана өлгөндү көмүү чоң салтанатка айлангандыгы тарыхта белгилүү. 732-жылы өлгөн чыгыш түрктүн ханзаадасы Кул-Тегиндин урматына коюлган эстеликте анын ата-бабалары Билге-Каган менен Истеми-каган өлгөндө батыш-чыгыш тараптан көп эл келип ыйлап, аза күткөндүгү, аза күткөндөрдүн ичинде кыргыздар болгондугу айтылат: «Көңүл айтыш үчүн жуучу жана ыйлоочу катарында күн чыгыш жактан жана Бөксү талаасынын элдери келишти жана да табгачтар, тибеттиктер, аварлар жана рим, кыргыздар, үч курукандар, отуз татарлар, табгачтар жана татабыйлыктар келишти – ушунча эл келип өкүрүштү, ыйлаш-ты»[2]. Байыркы чыгыш түрктөрдө болгон алыс жерден келип өлгөндү көмүүгө катышуу жана жакын туугандарына көңүл айтуу, өлүктү көмүү чоң салтанатка айлангандыгы «Манас» эпосунда сакталып калган. Маселен, «Манас» эпосунда Валиханов боюнча Анжиян, Самаркандан тартып Алтай, Хангай, Эртиш жана Обко чейинки, Сагынбай менен Саякбай айткан вариант боюнча Афганстан тартып Кытай, Монголияга чейинки көп сандаган элдердин Көкөтөйдүн ашына келиши Күл-Тегиндин эстелигиндеги Бумын-каган, Истеми-кагандар өлгөндө ар түрдүү жактан келген элдерди айтканды эске салат жана ага жакындап турат. «Манас» эпосунда сакталып калган өлгөн кишинин ашына мындайча туш-туш тараптан эл келүү, ашты салтанаттуу окуя катарында өткөзүү кыргыздар Енисейде жашаган убактан берки, байыртадан бери келе жаткан салт экенин көрсөтөт.

[1] И. Б и ч у р и н. Собрания сведений... т. I , 270-бет.
[2] С. Е. М а л о в. Памятники древнетюркской письменности. М., 1951, М-бет.

Көкөтөйдүн көзү өткөндө анын сөөгүн ислам динин салты боюнча кепиндеп көмбөстөн табытка салып көмөт. Орто Азияны басып алган гунндардын жана Енисей-Орхондогу түрктөрдүн доорунда өлүктөрдүн табытка салып жыгачка аскандыгын Бартольд белгилейт. XVI кылымдагы автор Сейфи Ала-Тоо кыргыздары өлгөн адамдын сөөгүн табытка салып, бийик жыгычка илип койгонун байкаган. Эгерде өлүктү алыс жерге алып барып көмүү керек болсо, ыңгайлуу учур келгиче убактысынча сактап койгон бул көмүүнүн түрү «аманат» дөп аталган. Кыргыздарда мындай «аманат» болгондугу жөнүндө XI кылымдагы автор Гардизи да айтат. Ал «Фури (Бури) деген эл өлгөн адамдын сөөгүн тоого алып барып, жыгачка илип коюшкан» – дейт. «Худут-ал-алаамдын» маалыматы боюнча «Фури (Бури) – Чыгыш Туркистан өрөөнүндө б. а. Ысык-Көлдөн чыгыш жакта жашаган кыргыз элинин бир уруусу»[1] – деп баяндалат. Байыртадан бери кыргыздарда колдонулуп келе жаткан өлгөн кишинин табытын жыгачка илип коюу расмиси «Манас» эпосунун кийинки варианттарында кезигет. Радлов жазып алган вариантта Манас өлгөндө жыртыш берилип, карагайдан калың табыт жасалып ичи алтын, сырты күмүш менен капталып, Манастын сөөгүн ошого салып сарайга серелеп коёт:

Карагайдан калың табыт чаптырды.
Ички жүзүн алтындан,
Тышкы жүзүн күмүштөн,
Манастын табытына салды дейт,
Сарайга сере кылды дейт.
Алдына жердин сызын өткөзбөй,
Үстүнө күндүн көзүн тийгизбей,
Сарайга серелеп койду дейт.
Манастын чымындай жаны кетти дейт.
Чын үйүнө кетти дейт.
Ак сарайлап койду дейт[2].

Өлгөнгө атап мал союу, байыркы түрктөрдүн өлгөн кишинин атын, жарак жабдыгын, аялын жанына бирге көмгөн расмисинин калдыгы болуп саналат. Кыргыз, казактарда убакыт өтүшү менен бул расми өзгөрүлүп, өлүк менен атты бирге көмүүнүн ордуна, малды курмандыкка чалуу орун алган. Маселен, Манас өлгөндөн кийин, ак сарайга алып барып, тогуз күнү жаткызып, токсон бээ союп, алты күнү жаткызып, алтымыш бээ союп, чоң салтанат менен Манаска аза күтүлөт:

---

[1] В. В. Бартольд. Кыргыздар, Фрунзе, 1942, 49-б. 2 В. В. Радлов. Образцы... V т., 114-бет.
[2] В.В. Радлов Образцы.... V т. 114

Тогуз күнү жатты дейт
Токсондон бээ сойду дейт.
Алты куну жатты дейт,
Алтымыш бээ сойду дейт.
Алтындан тонун тогуздап,
Элге жыртыш берди дейт.

Бокмурун атасы Көкөтөйдүн жылдык ашын калмактар менен мусулмандардын чек арасына, башкы Об менен Енисейдин башталган жеринде б. а. Ички хандын жери деп эпосто аталган жерде берет. Көкөтөйдун ашына Бокмурун көп сандаган мал соёт:

Токсон жорго такалап,
Түпкү ханга киремин,
Ошондо Көкөтөйдүн ашын беремин.
Төбөсү бийик боз үйдү
Тескей жакалай тигемин,
Ошону ашка тигемин.
Көкөтөйдүн көп малын,
Топтоп келип кырамым[1].

Мына ушуларга караганда Көкөтөйдүн ашы кыргыз элинин турмушунда чоң күч, байлык сыналган салтанат катарында өткөзүлгөнү байкалат. «Манас» эпосунда кезиккен Көкөтөйгө аш берүү расмиси байыркы Чыгыш түрктөр убагындагы кагандар жана баатырлардын урматына берилген «йог» расмисинин калдыгы болуп саналат, Орто Азиядагы түрк элдери мусулман болгондон кийин дагы жүз жылдар бою өлгөндөрдүн урматына эски шамандыкча расми кылгандыгын Кашкарлык Махмуд өзүнүн «Дивани лугат-ат түрк» деген эмгегинде баяндайт. Ал түрк элдери киши өлгөндө «тики» же «тиги» расмисин кылгандыгын ачык көрсөтөт. «Тики – кечинде чыккан үн. Түрктөр өлгөндүн жаны, арбактардын жаткан жери жайлуу болсун үчүн ар жылы бир күнү кечинде чогулушуп зыярат кылышат. Бул түрктөр арасында жайылган»[2] – дейт. Кийин бул расми өлгөндөргө карата кечинде жана эртең менен жоктоо расмисине айланган. Кыргыз, казактарда адам өлгөндөн кийин бир жыл бою эртең менен кечинде жоктоп кошок кошкону белгилүү. «Манас» эпосунда да «Манас» өлгөндө кошок кошулат. Ал эми Көкөтөй өлгөндө бүт эл өкүрүп аза күтөт:

О, түн түшкөн калың көп ногой,
Өкүргөндөн бакырды,

[1] Вестник... 25-бет.
[2] К а ш к а р л ы к М а х м у д. Дивани Лугат-ат турк. III т., 230-бет.

Өрүктүн башын жапырды.
Айкыргандан бакырды,
Алманын башын жапырды,
Жанын төгүп зарлады.
Садага берип сыйлады[1].

Енисей-Орхон жазууларындагы Күл-Тегин менен Билге-кагандын урматына коюлган эстеликте Чыгыш түрктөр чачтарын жана кашын жулушуп катуу кыйкырып ыйлашканы баяндалат. Күл-Тегинге коюлган эстеликте Билге-каган мындай дейт: «Ошентип, ойлодум ошол кезде көзүмөн катуу жаш агып, көкүрөгүмдүн тереңинен катуу кыйкырык чыкты, мен улам кайрадан кыйкырдым. Жакында эки шадымдын, анын артынан инилеримдин, уулдарымдын, бектеримдин, калкымдын көзү, каштары чирийт деп ойлоп улам кайрадан кайгырдым»[2] – делет. XI кылымда түзүлгөн огуздардын эпосу «Деде Коркутта»; «Бөйректин энесине келишти. Ак үйдүн эшигинин алдында чуу чыкты. Анын чүрөктөй болгон бойго жеткен кызы ак кийимин чечип, кара кийди. Анын ак боз атынын куйругун кесишти. Кырк бештей жигиттер кара кийим кийишти. Баштарына көк селде чалып алып, Казанбекке келип селделери менен жер чапкылап «Бөйрек» деп ыйлашты» делет. Мындай аза күтүү түрк урууларында XII кылымда да колдонулган. Аза күтүү кыргыз, казак элинде өтө кеңири кездешет. Кыргыздарда адам өлгөндө анын үйүнө кара желек сайып, жакындары кара кийип, бүт айыл аза күтөт. Кыргыз, казактарда мындайча аза күтүү чыгыш түрктөрдө жана огуздарда өлгөнгө аза күтүү адатына жакындайт. Көкөтөйдүн ашында аза күтүү жогоруда көрсөтүлгөндөй байыртадан бери келе жаткан расминин бири. Эски шаманист болгон түрк элдеринде өлүктү көмүү расмиси чоң бир салт болгонун элдик оозеки адабият дагы далилдейт. Түрк элдеринин эпосторунун ичинен шаманизмдин калдыгы көп сакталып калган «Манас» эпосунда өлүктү көмүү ишааратына көп көңүл бурулат. «Манас» эпосунда шаманисттик жана мусулман дининин расмилери менен өлүктү көмүүдөн тышкары дагы Ч. Валиханов жазып алган үзүндүдө Көкөтөй өлгөндө анын этин сөөктөн кылыч менен ажыратып кымызга жууп зороастризм дининин салты менен көмгөнү байкалат:

Кылыч менен кырдырып,
Кымыз менен жуудурду.
Чарайна менен чаптатты
Чыбыратып байлады[3].

[1] Вестиик... 23-бет.
[2] С. Е. М а л о в. Памятники древнетюркской письменности. 43-бет.
[3] Вестник АН Казахской ССР, Алма-Ата, 1965, № 8, 23-бет.

Мындайча өлгөн кишинин этин сөөгүнөн ажыратып туруп Орто Азияда тараган байыркы зороастризм дининин калдыгынын «Манас» эпосунда сакталып калганын байыркы убактарда Кыргызстанда зороастризм дининин тараганын тарыхый маалыматтар да далилдейт. VI–X кылымда Кыргызстандын территориясында үч диндин – зороастризм, буддизм, ислам диндеринин ортосунда күрөш жүрүп турган. Түндүк Кыргызстанда зороастризмдин эстеликтери бардык жерде сакталып калганы археологиялык жерди казуулар мында табылган өлгөндүн сөөгү салынган кичинекей табытчалар – астрандар аркылуу далилденет[1]. Өлгөндүн этин сөөгүнөн ажыратып көмүү жалгыз гана Кыргызстанда эмес Орто Азияда, Казахстанда жана Түштүк Сибирде да таралган[2]. Мындан тышкары дагы Ч. Валиханов жазып алган эпизоддогу өлүктү көмүүдөгү сакталып келген байыркы расмилердин бири сөөктү булгаарыга же кездемеге каптап алыскы жерге алып барып көмүү болуп саналат. Көкөтөй өлгөндө анын этин «кылыч менен кырдырып, кымыз менен жуудуруп, чарайна менен чаптатып, булгаары менен каптатып, ак казанын жасатып, кызыл макмал бүктөтүп, кызыл нарга жүктөтүп»[3] алыска алып барып эки жолдун ортосуна күмбөз салдырып, ошого көмөт. Эпосто жеке гана Көкөтөйдүн сөөгү «Чарайна менен чаптатылып, булгаары менен каптатылып» көмүлбөстөн Манастын сөөгү дагы, «супка салып оротуп, чарайна менен чаптатып, булгаары менен каптатып көмүлөт»[4]. Демек буга караганда байыркы жоокерчилик заманда өлгөн адамды булгаары каптап көмүү кыргыздарда кеңири тараган салт болгон. Өлгөн кишинин денесин алыскы жерге алып барып көмүү жалгыз гана Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн ашында» эмес «Манастын» азыркы кездеги варианттарынан да кездешет. Манас баштаган баатырлар Бээжинди жанындагы болгон согушта калмактын ханы Коңурбайдан жеңилип калганда Шыпшайдар тарабынан өлтүрүлгөн Алманбеттин сөөгүн Бакай Саралага жүктөп Таласка жөнөтөт.

Жибектен кылган суп аркан,
Он эки ороп бүктөдү.
Олуя Бакай абаңыз,
Саралага жүктөдү.
Сараланы эр Бакай,

[1] А. Н. Бернштам. Культура древнего Киргизстана. Фрунзе, 1942 19-бет.
[2] Ч. Ч. Валиханов. Соч., т. 1, 670-бет.
[3] Вестник. 23-бет.
[4] Манас. Фрунзе, 1958, II т., 309-бет.

Ооздуктап буркурап,
Тил билүүчү немедей,
Алманбеттин сөөгүн,
Аманат кылып табыштап[1].

Мында көңүл бөлө турган бир нерсе өлгөн Алмамбеттин денеси Саралага жүктөлдү дебестен сөөгү жүктөлдү делет. Ушул күнгө чейин кыргыздар өлгөн адамдын денесин көмүү дебестен «өлгөндүн сөөгүн көмүү, сөөк көтөрү, сөөгүнө топурак салуу» дешет. Ушуга караганда кыргыздар байыркы убакта жогоруда айтылгандай өлгөндүн денесин көмбөстөн сөөгүн көмсө керек. Ушул кезде айтылып жүргөн сөөгүн көмүү, сөөк көтөрүү байыркы расминин калдыгы болууга тийиш.

Өлгөн адамды алыскы жерге алып барып көмгөндө сөөгүн булгары менен каптап алып барып көмүү кыргыз менен казактардын арасында байыртадан бери келе жаткан салт болгон. Бул салттын кыргыздарда болгону жөнүндө XVI кылымда жашаган автор Сейфи[2] кабар берет. Ушул эле расминин кыргыз менен казактардын арасында таркаган XVIII кылымдагы саякатчы Георг да байкаган[3].

Валиханов «Манастан» жазып алган эпизоддо Көкөтөй өлөрдө башымды чыгышка каратып койгула деп керез калтырат. Өлгөндүн башын чыгышка каратып коюу да көчмөн элдердин арасында кеңири тараган эң байыркы расмилерден болгон. Акыркы убактагы археологиялык изилдөөлөр бул расми Монголиядан тартып, Түндүк Кыргызстанга чейин тараганын аныктайт. Өлүктүн башын чыгышка каратып койгон коргондор Түштүк Сибирде, Алтайда, Борбордук жана батыш Казакстанда, Жети-Сууда жана Тянь-Шань тоолорунда кездешет[50]

Көкөтөйдүн урматына ак сарай (күмбөз) салуу байыртадан бери көчмөн калктардын арасында ишке ашырылып келген салттын бири. Өлгөн кишиге коргон же күмбөз салуу түрк-монгол урууларынын арасында кеңири тарагандыгын Волга боюнда Саян-Алтайда, Тянь-Шанда жүргүзүлгөн археологиялык[4] жана байыркы түрк жазуулары аныктайт.

Байыркы чыгыш түрктөр өлгөндөрдүн урматына күмбөз тургузуп, анын ичине таш коюп ага жазуу жазганын Күл-Тегиндин урматына коюлган эстеликтен көрөбүз. Күл-Тегинге эстеликти жасаткан небереси Йолуг-тегин Табгач өзүнүн императорунун «ички» усталарын

---

[1] Манас. Фрунзе, 1958, II т., 281 -бет.

[2] В. В. Бартольд. Киргизы. Фрунзе, 1942, 48-бет.

[3] Георги. Описание всех обитающих в Российском государстве народов ч. II СПб., 1773, 139-бет.

[4] С. В, Киселев. Древняя история южной Сибири. М., 1951, 531-бет. А. Н. Б е р н ш т а м. Археологический очерк Северной Кирги-зии. Фрунзе, 1941, 39-бет.

мага жиберди. Аларга атайын имарат салдырдым ичи сыртын атайын чийме менен чийдирдим жана таштан эстелик тургуздум», – дейт. Өлгөн баатырдын урматына күмбөз салуу жеке гана «Көкөтөйдүн ашында» учурабастан «Манас» эпосунда бир нече жерде кездешет. Манас өлгөндө Каныкей Манаска күмбөз салдырат.

Алты жүз эркеч бир кыркып,
Кыш кайнатып бек салды.
Айкөлүңдүн күмбөзү
Бузулбай турсун деп салды[1].

Ошентип, «Манас» эпосунда өлгөн баатырга күмбөз салуу байыртадан бери кыргыздардын арасында сакталып келген салт экенин көрсөтөт. Бул салттын байыркылыгын Каныкей тарабынан Манастын күмбөзүнө Манастын жана башка баатырлардын сүрөтүн тарттыруу дагы аныктайт. Өлгөн баатырга же канга эстелик катарында өзү жеңген душмандын сүрөтүн таштан чектирип жасатып кою кыргыздар Енисейде жашаганда эле учураган салт болгон. Маселен, чыгыш түрк урууларындагы «Күл-Тегиндин урматына коюлган эстеликте» Күл-Тегин аталаш агасы Мочжо өлгөндө кыргыздын ханы башында болгон анын көп сандаган душмандарынын таштан сүрөтүн койгонун айтат: «Менин агам кагандын урматына кыргыз каганы баштаган балбал тиктим»[2]. Өлгөндөрдүн урматына таш сүрөт балбал коюу расмиси IX жана X кылымдарда Жети-Сууда жашаган карлуктарда жана көк түрктөрдүн беш жүз жыл кийин атагы чыккан монголдордо болгондугун академик В. В. Бартольд көрсөтөт[3]. Ал эми мусулман дининин заңы боюнча жалпы эле кишинин сүрөтүн тартууга тыюу салынган. Ушуга караганда Манастын күмбөзүнө Манастын жана баатырлардын сүрөтүн тартканын айтылышы кыргыздардын арасына ислам дини тарала электен мурун эпоско киргизилсе керек.

«Манас» эпосундагы Көкөтөйдүн өлөр алдындагы элге айтып кеткен керээзи байыркы убактан бери айтылып келе жаткан жана кыргыздын оозеки адабиятында сакталып калган керээз ырынын бир түрү. Көкөтөйдүн керээзи өзүнүн мазмуну, баяндоо манерасы, интонациясы жана стили жагынан байыркы кыргыздар составында болгон чыгыш түрктөрдүн эстеликтериндеги осуят сөздөргө окшойт. Бул окшоштукту биринчи жолу профессор П. Фалев кийин академиктер

[1] Манас. II т., 302-бет.
[2] Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности. М., 1951, жана 39-бет.
[3] В. Бартольд. Отчет о поездке в Средней Азии. СПб., 1897, 12-20 бет. Мындан ары Бартольд дейбиз.

М. О. Ауэзов А. Х. Маргулан да байкаган»[1]. Эгерде Күл-Тегин өзү жөнүндө:

Түрк элин жыйнадым
Шыгай (кедей) элди бай кылдым[2] .
десе Көкөтөй элге кылган эмгегин төмөнкүчө баяндайт:

Текелиде куш салдым,
Тентекти жыйып эл кылдым.
Кулаалы жыйып куш кылдым,
Курама жыйдым эл кылдым[3].

Ушул эле мотив жеке гана Көкөтөйдүн керээзинде эмес жалпыга белгилүү «Манастын» вариантышда» учурайт. «Манас» өзүнүн чоролоруна кайрылып мындай дейт:

Кыраан бөрктүү кырк чоро
Кырк жерден келген ит элең.
Алып тозуп алыстан
Атсыз келдиң кээ бирөөң,
Атсыз келген чорого
Аркар аяк жез билек
Аттан тулпар мингиздим.
Тозуп, тентип алыстан
Токтоп келди кээ бирөөң,
Тозуп келген чорого
Тон мыктысын кийгиздим[4].

Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн ашында» кыргыздардын байыркы дүйнөгө көз карашын көрсөткөн уруулук түзүлүштүн идеологиясы тотемдик түшүнүк сакталып калганы көрүнөт. Ошол тотемдердин бири бөрү болгонун «Манастан» көрүүгө болот. Биз анализдеп турган тексте:

Экчегей бойлуу эр Манас
Каны бир кара бети көк
Баатыр Манас сурасаң
Көк жал дөбөт бөрү эле
Ошол эр Манаска бара көр» – деп,

---

[1] П. Ф а л е в. Как строится кара-киргизская былина. Журн. «Наукз и просвещение». Ташкент, 1922, № 1, стр. 21–29. М. О. Ауэзов. Мысли разных лет. Алма-Ата, 1959, 554. Маргулан А. Х. Шокан жазып алган «Ма-нас» жыры. Вестник Казахской ССР, № 8, август 1965.

[2] С. Е. М а л о в. Памятники древнетюркской письменности. М., 1951, 62–65-беттер.

[3] Вестник..., 23-бет.

[4] Манас. Фрунзе, 1958, II т,, 10-бет.

Көкөтөй өзүнүн ашына Манасты чакырууну суранат. Байыркы чыгыш түрктөрдүн Енисей-Орхондогу жазууларында кыргыз жана башка түрк элдери тарабынан тотем катарында сыйланган жаныбар катарында барс (илбирс) менен карышкыр ж. б. жаныбарларга айтылат. Бөрү байыркы көк түрктөрдө тотем болгонун И. Бичурин белгилейт[1]. Тоникуктун урматына коюлган эстеликте урушка катышкан адамдар өгүзгө салыштырылат жана Күл-Тегиндин эстелигинде атасы Илтереш-кагандын аскерлери карыпжырга жана анын душмандары койго салыштырылат. Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн ашында» гана эмес – «Манас» эпосунда дайыма айтылуучу эпитеттердин бири баатырды бөрүгө салыштыруу. Эпосто Манас кээде анын кырк чоросу көк жал бөрү деп аталат:

Кабылан Манас баатырдын,
Кең көкүрөк жайык төш,
Кеберсиген кара сөз,
Карала чаар кабылан
Капталынан чамышып
Бөйрөгүнөн камынып,
Арбагы бийик көк жалың,
Асты жагын караса,
Алты миң эрдин сүрү бар.
Артын сала бергенде
Ажыдаардай түрү бар

же

Көрөр болсоң көк жалың,
Көк жолборстой чамынып ж. б.
(С. Каралаев. Манас. II, 93-бет).

«Көк жал» деген эпитет жеке гана Манаска карата айтылбастан Манастын жакын аскер башчылары Алманбетке, Чубакка, Сыргакка анын аялы Каныкейге жана уулу Семетейге карата да айтылат. Манастын кырк чоросу «Көсөө куйрук көк бөрү, көк жал эрдин жөкөрү» (Орозбаков С. «Манас», 5 том, 18-бет) делет.

Байыркы кыргыз элинин тотемдик көз караштарынын аркасында «Манас» эпосундагы баатырларды эр жүрөк жырткыч айбандарга жана алгыр куштарга салыштыруу пайда болгон. Манаска окшогон баатырлардын эрдиги каблан, жолборс ж. б. менен салыштырылат. Эпосто арстан, жолборс, каблан, көкжал бөрү, барс, кыраан шумкар, туйгун ж. б. сыяктуу туруктуу эпитеттер кездешет. Тотемдик

[1] Бичурин. Собрание сведений..., I т., 270-бет,

көз караштын калдыктарынын «Манас» эпосунда сакталып калышы эпостун кээ бир окуялары байыркы убакта уруулук коомдо пайда болгонуна күбө болот. Бул элдик тотемдик көз караштарына байланышкан түшүнүктөр кыргыздар составында болгон чыгыш түрктөр (VI–VIII кылым) жана Енисейдеги кыргыздардын мамлекети өнүгүп турган кезинде (IX) эле кездешет. Байыркы кыргыздарды барс менен бугу (йукмагик)[1] тотем болгон, аны өлтүрүүгө тыюу салынган. Енисейлик кыргыздар барсты урматтап, анын аты менен өзүнүн эр жүрөк баатырларын аташкан. Маселен, Батыш түрктөрдүн каганы (ханы) Мочжо (692–716) корккон кыргыз каганы Барс-бег деп аталган. Демек, баатырларды эр жүрөк жолборс, барс, каблан сыяктуу жаныбарларга салыштыруу кыргыздар Енисейде жашагандан бери келе жатат жана «Манаста» көп кездешет.

Жогоруда талдангандардын негизинде төмөндөгүдөй тыянак чыгарууга болот. Ч. Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн ашы» кагаз бетине түшүрүлгөн «Манас» эпосунун алгачкы үлгүсүнө жатат. Эпостун сюжетинин жана андагы образдардын мүнөздөрүн өзгөрүшүн үйрөнүүгө чоң көмөк берет. Ч. Валиханов жазып алган эпизод негизинен элдик болуп саналат. Бирок, анын идеясын өзгөртүүгө бай-манаптар аракет кылганы байкалат. Ошентсе да ал анчалык чоң деңгээлде болгон эмес. Жогоруда көрсөтүлгөндөй «Көкөтөйдүн ашында» байыркы доорлордон бери колдонулуп келген өлүктү көмүүдөгү ар түрдүү шаманисттик өбөлгөлөрдүн сакталганы ислам динин кабыл алгыча кыргыздар эзелки убактан бери шаманисттик ишенүүдө болуп келгенин далилдейт. Көкөтөй өлгөндө байыртадан калган шаманисттик өбөлгөлөрдүн колдонулушу «Манас» эпосундагы «Көкөтөйдүн ашы» эпосто алгачкы түзүлгөн окуяларынан болгондугун көрсөтөт жана бул эпизод эпосто эң мурун жаралган жомоктун негизги уюткуларынын биринен болуп саналат.

***З. МАМЫТБЕКОВ***

[1] АТМ, 319-бет, Киселев С. В. Древияя история южной Сибири, М., 1951, 562-бет.

## Ч.ВАЛИХАНОВ ЖАЗЫП АЛГАН ВАРИАНТ

# КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ

Алтын ээрдин кашы экен,
Ата журттун башы экен.
Күмүш ээрдин кашы экен,
Түн түшкөн калың көп ногой
................журттун башы экен.
Көкөтөйдөй хандарын.
Эми, алаттан өтмөй болуптур.
– Сары Ногой баласы
Жайма көкүл жаш Айдар, чором,
Мааникерди мине көр, чором.
Калың бир кара көп ногой, чором,
Башынан элдин кире көр, чором.
Үйсүндөрдүн Үмөткө,
Үмөт уулу Жансаңга айт.
Карды салык бийине айт,
Катта курсак байына айт.
Сары сакал, тик мурут,
Айры сакал, киш мурут,
Барына бардай айта көр, чором.
Батман аяк, бал ичкен,
Батмансынган мырзага айт.
Аяк-аяк бал ичип,
Алчаңдаган мырзага айт.
Түн түшкөн калың ногойго айт.
Көкөтөй жаман болду деп,
Байдын уулу Баймырза,
Көкөтөй жаман болду, – деп,
Бар ногойго, карыга айт.
Мен байтал бээ байлаттым, чором,
Мен бал кымызым чайкалттым,
чором,
Кабыргасы жазы картаңдан,
чором,
Чүйгүн жасап салганмын, чором.
Сары жилик байталдан, чором,
Туу бээмди сойгонмун, чором,
Туурап нарын койгонмун, чором.
Баарын бир жыйып келе көр,
чором.
Оо, мен керез ашым беремин,
чором,
Керез сөзүм айтамын, чором.
Калың кара көп ногой,
Башынан ылдый кире көр, чором.
Көкөтөйдүн боз ордого,
Түн түшкөн калың көп ногой,
Дүңгүрөп түшүп калды дейт,
– Түн түшкөн калың көп ногой,
журтум,
Көкүрөгүм дарт алды,
Көңүлүм жаман бошоду.
Мен алаттан өтмөк болгомун,
журтум.
Мен жүз токсон тогуз жашадым,
Жаак сөөгүм бошоду, журтум,
Дөбөдөй эт кылыптыр.
Керез ашын бериптир, эми,
Керез сөзүп айтыптыр, эми,
– Менин көзүм өткөн соң, журтум,
Кылыч менен кырдырып,
Кымыз менен жуудуруп,
журтум,

Чарайна менен чаптатып,
Булгаары менен каптатып,
Ак казаным жаздатып,
Кыбылага баштатып,
Кызыл макмал бүктөтүп,
Кызыл нарга жүктөтүп,
Кара макмал бүктөтүп,
Кара нарга жүктөтүп,
Алтымыш бир ногой,
кырк кербен,
Айдап келип түшө көр, журтум.
Топ-топ келген катынга, журтум,
Топтоп макмал бере көр, журтум,
Кербен башы кара сарт,
Сексен эркеч майына,
Кыш бышыртып ала көр,
журтум.
Астынкы жолдун үстүнө,
Үстүңкү жолдун астына,
Айга баккан ак сарай,
Ак сайарлап кое көр.
Күнгө баккан көк сарай,
Көк сарайлап кое көр.
Кобул салып копшотуп,
Жол боюна окшотуп,
Бейитимдип башына
Тай-төөнү сайдырып,
Токумун кайра байлатып,
Кунан да байге кыла көр.
Оо, журтум, кызматкер
болуп тура көр.
Мындан бөлөк кебим жок,
журтум,
Мындан бөлөк сөзүм жок,
журтум.
Оо, аман-аман боло көр, журтум,
Ээ, эсен-эсен боло көр, журтум.

Оо, Байдып уулу Баймырза,
баатыр,
Ээ, бери карап кулак сал, баатыр.
Тели куш салдым, куш кылдым,
баатыр.
Тентиген жыйып эл кылдым,
баатыр.
Кулаалы салып куш кылдым,
баатыр,
Курама жыйып эл кылдым,
баатыр.
Менин бир көзүм өткөн соң,
баатыр,
Тели куш көзүн каратпай,
Тентигендин баарысын
Эл-элине таратпай.
Кулаалы көзүн каратпай,
Кураманын баарысын,
Эл элине таратпай,
Жакшы куштан багып ала көр,
баатыр.
Менин көзүм өткөн соң, баатыр,
Жөө жүргөн жакырга,
Чобур бир кармап бере көр,
баатыр.
Жылаңач жүргөн жакырга,
Чапан бир чечип бере көр, баатыр.
Кымызын суудан агызып,
Жайың-кышың болгондо,
баатыр,
Мына толун бир жаткан курама,
баатыр,
Тел козудай жагызып,
Айраның суудай агызып,
Мына тентигендин барысын,
Жакшы күтүп ала көр, баатыр.
Оо, менин бир көзүм өткөн сон,

Таап бир алган Бокмурун,
баатыр,
Ала бир күчүк дебеңер, баатыр,
Арам сийдик дебеңер, баатыр.
Эми жетим бир атын мингизбей,
баатыр,
Жетим ашын ичкизбе, баатыр,
Жетим бир тонун кийгизбе,
баатыр.
Ары бир болсо эки жыл, баатыр,
А баланын бир-эки жашы бар,
баатыр.
Эрбейип адам болордо, баатыр,
Эрешен тартып эр болор, баатыр,
Эр уулу менен тең болор,
баатыр...
Ошондо калы бир килем сала
көр, баатыр,
Менин го көзүм өткөн соң,
баатыр,
Менин ордума кан көтөрүп ала көр, баатыр.
Байдын уулу Баймырза батыр
Бери карап кулак сал, баатыр.
Оо, менин кырк ашымды
берерде, батыр.
Оо, кытайлардын кыр мурундуу
Коңурбай баатыр,
Коңурбай аты Үңүрбай, батыр
Эми ошого бара көр, батыр.
О-ошо менин кыркымдан,
Ошондо бир кутулуп кала көр,
баатыр.
Оо, Байдын бир уулу Баймырза,
баатыр
О-о, менин улуу ашымды
берерде, батыр,
Мына Анжиянга тоюңган,
Чийки нанга семирген, баатыр.
Анжияндын тоң алмасын
кемирген,
Он экисинде ок аткан,
Он үчүнө жеткенде,
Ордо бузуп, үй чапкан,
Мына Жакыптын уулу жаш
Манас,
Жаңы оозданган эр Манас.
Үңкүр жерде үй чапкан,
Жылга жерден жылкы алган.
Кабагы бийик, өңү саз,
Эңгечер бойлуу эр Манас.
Каны бир кара, бети көк,
Боору чаар, сырты көк,
Мына жалы көк ала, сарыгер эле.
Баатыр Манас сурасаң,
Көкжал дөбөт бөрү эле.
Ошо эр Манаска бара көр.
Карызымдан бир кутулуп
кала көр.
Ошондо мусулман менен
каапырды,
Баарын бирдей жыя көр.
Ошондо бир уулу той кыла көр.
Ошентип, карызымдан бир
кутулуп кала көр,
Көкөтөйдөй каныңыз,
Эки бир көзү сүзүлдү,
О-о, кыямат көздөп үзүлдү.
Оо, түн түшкөн калың көп ногой,
Өкүргөндөн бакырды,
Өрүктүн башын жапырды.
Айкыргандан бакырды,
Алманын башын жапырды.
Айтын ыйлап алды,

Сыйытып сыйлап салды.
Кылыч менен кырдырды,
Кымыз менен жуудурду,
Элди тоет кылды, – дейт.
Жыртышын кыба берди, – дейт,
Айтканындай кылды, – дейт,
Ылдап койгон ыл[1] бейит,
Сырдап койгон сыр бейит.
Кобул бир салып коптошуп,
Жол боюна окшотуп,
Айга баккан ак сарай,
Ак сарайлап койду, – дейт.
Күнгө баккан көк сарай,
Көк сарайлап койду, – дейт.
Ары болсо алты миң,
Бери болсо беш миңдей,
Ала шалбырт жаз менен,
Чапкап экен кунанды.
Кунан келип турган, – дейт,
Эми, коңур салкын күз менен
Жемдеген экен жети куржун
дан менен,
Тоого тууп, ташка өскөн,
Теке менен бирге өскөн.
Кумга тууп, чөлгө өскөн,
Кулан менен бирге өскөн.
Темир туяк, жез билек
Тердебей турган ыргай моюн
Көгала,
Чыгып бир келди даң менен.
Камбар бир Камбар, Камбар хан,
Камбар бир хандан Айдар хан,
Айдар хандын баласы,
Айлангыс[2] тууган эр Көкчө,
Көгаладай беренди,
Алты бир тогуз мал менен,
Ботолуу төө, нар менен,
Балалуу ногой күң менен,
Текечинин темир туяк жез билек
Көгаладай беренди,
Уштап алды даң менен.
Ушинтип алып кетти эми,
Чыбыратчыга жайлады,
Чыбыратып бээ байлады.
Ыбранчыга жайлады,
Мааникердей күлүктү,
Мамыдан үзбөй байлады,
Байдын уулу Баймырза
Кымызын суудай агызды.
Толун жаткан курама,
Тел козудай жагызды.
Кытайдын кыр мурундуу Коңур-
бай
Көмкөрө калың көп ногой,
Козголо көчүп барды дейт.
Алабаш жорго, чубар ат,
Айдап бир тартуу кылды дейт.
Ошондо кырк ашынын карзынан
Бир кутулуп калды дейт.
Жер ортосу Боз-Төбө
Көтөрө калың кеп ногой
Толо бир жыйын кылды, – дейт.
Карды салык бийлери,
Катта курсак байлары,
Чогулуп кенега кылды, – дейт.
Байдын уулу Баймырза
Кеңеше албай турду, – дейт.
Бир күндөрү болгондо,
Алты жашар Бокмурун,
Ат токунуп калыптыр.

[1] Ул, (ыл) – негиз, пайдубал (фундамент)
[2] Айлангыс – айлангыч, кубулма

Жети жашар Бокмурун
Молдо окунуп калыптыр.
Кашы алтын, ак канкы ээр,
Мааникерге токулду.
Болук туулган Бокмурун,
Мааникерди минди, – дейт,
Калың кара көп ногой
Эми кирип барды дейт:
– Байдын уулу Баймырза, аке,
Эмне кеңеш бар эле, аке?
Күндө кенеш кыласың, аке,
Сенин бармагыңдын башы
алтын, аке
Ээриндин кашы алтын, аке-ай!
Куюшканын куйма алтын,
Жүгөндөрүн чылк алтын, аке.
Эрини балбак боз айгыр, аке,
Боз айгырым мингизбейм, аке,
Акемдин ашын билгизбейм, аке.
Көк айгырым мингизбейм, аке,
Көкөтөй ашын билгизбейм, аке.
Жана Анжиянда семирген, аке
Анжияндын тоң алмасын
кемирген,
Чийки нанга семирген,
Самарканда сарт Манас,
Сары кулак ит Манас,
Көчсөң өзүң көчүп бар,
Мен элимди көчүрбөйм,
Мен журтумду көчүрбөйм.
Эртең менен ары көчөмүн,
Шагыратпай уук чечтирип,
Шаңшытпай бүркүт алдырып,
Мааратпай козу салдырып,
Бакыртпай төө комдотуп,
Ыйлатпай бала бөлөтүп,
Көп ногой журтту көчүрүп,
Жаккан отун өчүрүп.
Жөө жүргөн жакырга,
Чобур кармап беремин.
Жыланач жүргөн жакырга
Чапан чечип беремин.
Козу-Башы Копого
Койдун жүнүн аламын,
Үлкөн Ак-Таш барамын.
Үй жаптырып саламын.
Андан өөдө көчөмүн,
Тээк-Таштап өтөмүн.
Жылаңачтын боюна,
Жылкы салып кетемин,
Өзөн суун бакалап,
Кең-Иленин боюнда,
Эгинчи бөлүп кетемин.
Андан өөдө көчөмүн.
Кең-Калкандан өтөмүн.
Кеме менен кечемин.
Ак-Терскен ашамын,
Аттын ээрин алдырбай,
Ат чалдырып аламын.
Түргөн, Ак-Суу ашамын,
Төөнүн комун алдырбай,
Төө чалдырып аламын.
Кайнатма тузга барамын,
Алтымыш атан комдотуп,
Туз арттырып аламын.
Ботонун сазын бойлогон,
Күндө кумар ойногон,
Казандай кара бөркү бар,
Кан чыккандын баарысын,
Соромун деген эрки бар,
Каапырдын каны эр Жолой
Эр Жолойго барамын.
Жанаша келип кономун,
Жан туугандай боломун.

Бирге келип кономун,
Бир туугандай боломун.
Каапырдын ханы Жолойго
Ала-Баш жорго чубар ат
Айдап тартуу кыламын.
Алтын да күрмө киемин,
Айтылуу төрө боломун.
Кез отогот[1] сайынып,
Көрүнө төрө боломун.
Алтай толгон көп калмак,
Аралаша кономун.
Кангай толгон көп калмак,
Биргелеше кономун.
Жакшыга бара беремин,
Көлүк атым койбоймун.
Жаманга бара беремин,
Көйнөк тонум койбоймун.
Андан өөдө көчөмүн.
Өзөн сууну багалап,
Ак боз атым такалап,
Кыл-Эртишти жакалап,
Күндөп-түндөп көчөмүн.
Кыл-Эртиштин башына,
Беш-Терек менен ашамын,
Жоргонун суусун кечемин,
Хандын тоосун ашамын,
Молдо-Торгой басамын.
Кыл-Эртиштин үстүнө,
Буурул-Тоонун астына,
Барып келип кономун.
Алты күнү болгончо,
Ат сергитип аламын.
Жети күнү болгончо,
Эл сергитип аламын.
О-о, ошондон соң,
Токсон атан комдотуп,
Күрүч арттырып аламын.
Токсон жорго катарлап,
Түпкү ханга киремин.
Ошондон Көкөтөй ашын
беремин.
Төтөгөлүү бийик боз үйдү,
Төшкө бөгөй тигемин,
Ошону гана ашка тигемин.
Көкөтөйдүн көп малын,
Кемегенин башына,
Топтоп келип кырамын.
Сапатын алып турамын,
Оозу-башы бияздай,
Сакалы жок, муруту жок,
Алты миң жигит жыямын.
Колуна анжиян бычак карматып,
Туурамчыга коемун.
Туурамчы бармак жооруйт деп,
Бармагын чарайна менен
чаптатып,
Булгаары менен каптатып,
Туурамчы суусап кетет деп,
Кара чайды кайнатып,
Казаны менен кыламын.
Ошентип Көкөтөй ашын
беремин.
Мусулман менен капырдын,
Баарып бирдей жыямын.
Калы килем салды, – дейт,
Көкөтөйдүн ордуна,
Болук туулган Бокмурун,
Көмкөрө калың көп ногой,
Хан көтөрүп алды, – дейт.
Жөө жүргөн жакырга,
Чобур кармап берди, – дейт.
Жылаңач жүргөн жакырга,

[1] Отогот – баш кийимге тагылган асыл таш

Чапан чечип берди, – дейт.
Көмкөрө кара көп ногой,
Аралап келип жүрүптүр:
– Алпка барар киши барбы?
Атка барар киши барбы?
Жайма көкүл жаш Айдар,
Өзү эптүү кул эле,
Өңү сыптуу кул эле,
Сары ногой баласы,
Жайма көкүл жаш Айдар,
Эшигине келди дейт;
– Оо, үйдө болсоң үн берчи,
чором,
Үн ычкынбай тез берчи, чором,
Жайма көкүл жаш Айдар, чором,
Көкөтөй ашын бергенмин, чором,
Көкөтөйдүн көп малын,
Топтоп, топтоп кырганмын,
Санатын албай турганмын.
Сени ат чакырып кел деймин
Алп чакырып кел деймин.
Жайма көкүл жаш Айдар айтат:
– Болук тууган, Бокмурун төрөм,
Сенин алдыңа да барбаймын,
Атыңа да барбаймын,
Алптан да өлүп калбаймын.
Кечээ айыл кондук аралаш,
Койду салдык короолош,
Аштык куйдук ороолош,
Төө салдык жакындаш,
Жылкы салдык өрүштөш,
Кунан минип куш салып,
Кутуруп ойноп жүргөнгө,
Кулсунуп калган экенсин.
Айдын бурчу алты сан,
Алты айланып келгенче,
Алтымышта атакем,
Алдан тайып калбайбы?
Жердин бурчу жети сан,
(Жети айланып келгенче)
Жетимиште энекем,
Жерден тайып калбанбы?
Оо, сенин бу атына барбаймын,
Алпты чакырып келбеймин.
Бокмуруп айтат:
– Жайма көкүл жаш Айдар,
Атка дагы барбасаң,
Өзүм алпка барармын,
Али чакырып келермин.
Өзүм атка барармын,
Ат чакырып келермин...
Өзүм алптан келгенче,
Ашым менеп байгемдин,
Камылгасын жеп тургун.
Өзүм алптап келген соң,
Өзүңдү баш байге кылармын.
Атаң менеп энеңди,
Аяк байге кылармын.
Үйдө жүрсө талтаңдап,
Жайма көкүл жаш Айдар,
Эси чыкты калтаңдап.
Жана жайма көкүл жаш Айдар
айтат:
– Аа, төрөм, ат белгисин айтсаңчы,
Атың минип барайын.
Эркелетип кеп айтсам,
Ардаңдадың Бокмурун төрөм,
Суйгөнүмдөн сөз айтсам,
Сүйрөңдөдүң, Бокмурун төрөм.
Тон белгисин айтсаңчы,
Тонуң кийип барамын.
Жана Бокмурун айтат:
– Ат белгисии мен айтсам,
Атымды минип сен барсаң.

Алтымыш атым аргымак,
Сүйсөң шондон минип бар.
Токсон атым тобурчак,
Сүйсөц шондон минип бар.
Жетимиш атым жел жетпес,
Сүйсөң шондон минип бар.
Топ, топ бир эле топ саргыл
чором,
Топ саргылы аттар көп, чором.
Сүйсөң шондон минип бар, чором.
Алтын баштуу Аксаргыл,
Сүйсөң шондон минип бар,
чором.
Атакем минген Ардакбоз,
Энекем минген Эркебоз,
Сүйсөң шону минип бар.
Карындашым Карлыгач,
Анын минген Кайкыбоз,
Сүйсөң шону эле минип бар.
Жылкы ичинде боз айгыр
Сүйсөң шону минип бар,
Боз айгыр жайын сурасаң,
Кабырганда калкан бар,
Кан жайласа кебелбес,
Куйругунда кудук бар,
Кулан суулап түгөтпөс.
Каш жагында манат бар,
Марал суулап түгөтпөс.
Алты ай минсе арыбас,
Аркасын кесип салса жоорубас,
Асти да көөнүң оорубас.
Чапсаң – көөлүк, минсең берк,
Жылкы ичинде ээрди шалпык
боз айгыр
Сүйсөң шому минип бар.
Жана жайма көкүл жаш Айдар
айтат:
– Ой, болук тууган Бокмурун,
төрөм,
Сенин ала тайың мингенче,
төрөм,
Алптан өлүп калганча, төрөм,
Сенден өлсөм болбойбу, төрөм.
Сенин астыңдагы Мааникер,
төрөм,
Мааникер берсен минейин, төрөм,
Үстүңдөгү ак күбө
Ак күбө берсең кийейин, төрөм,
Анан алпка барайын, төрөм,
Мааникерди минди, – дейт,
Ак күбө тонду кийди, – дейт,
Жана Бокмурун айтат:
– Жайма көкүл Жаш Айдар, чором,
Астыңдагы Мааникер,
Эч өнөрүн көрбөдүм, чором,
Эч да бир сырын албадым, чором.
Өйдө-өйдө жер келсе, чором,
Октос алып кетүчү, чором,
Ошондо көтүнөн түшүп
калбагын, чором.
Ылдый-ылдый жер келсе, чором.
Астыңдагы Мааникер,
Ыкыс берип кетүүчү,
Мойнунан түшүп калбагын,
чором.
Эч өнөрүн албадым,
Эч бир сырын билбедим, чором.
Мааникер жайын сурасаң,
Кече Балгары суусун басканда,
Кече Талгары суусу ташканда,
Кең-Меженин суусу,
Калыбынан ашканда,
Өңгө аттардын баарысы,
Кемеге түшүп жатканда,

Мааникер жайын сурасаң,
Кече Самарканды карай чапканда,
Сан кишиден бир чыккан,
Санатта жок Мааникер.
Кечээ Кер-Көл карай чапканда,
Көп кишиден бир чыккан,
Көрөсөң туулган Мааникер.
Кече Түркстан карай чапканда,
Түмөн колдон бир чыккан,
Астындагы Мааникер.
Эч өнөрүн көрбөдүм,
Андан бөлөк эч бир сырын алба-
дым, чором,
Эми атыңдын башын бура тур,
чором
Ырас сөз айтам тура тур, чором.
Эми ат белгисин айтайын,
Алп белгисин айтайын,
Үй түгүндөй каапырдын,
Эми ичимде отурабыз.
Каапырды жакын жерден
Чакырып эле алабыз,
Эми мындан ары сен барсаң,
чором,
Улуу-Тоодо жайлаган,
Алтын көздүү Мадиян,
Башынан үзбөй байлаган,
Эл агасы эр Кошой,
Тон жакасы эр Кошой,
Ат такасы эр Кошой,
Бекип калган Бээжиндин,
Жүзүн ачкан эр Кошой,
Байланып калган базардын,
Багын ачкан эр Кошой,
Кече кожонун Жангир уулу
Билерик,
Кожонун Жаңгир уулу Билерик,
Каапырдын каны Нескара,
Кармап чалма салганда,
Мусулмандан киши чыкпай
калганда,
Эл агасы эр Кошой,
Эрдиги менен коркутуп,
Бошотуп чыккан эр Кошой,
Ошол эр Кошойго барып айт,
Аты келсин ашыма,
Өзү келсин кашыма,
Аты дагы келбесе,
Өзү дагы келбесе,
Таарынбасын өзүмө,
Көрүнбөсүн көзүмө,
Көкөтөйдүп айчыгы алтын
кызыл туу,
Ордосунда көрүнсүн.
Кол жыя албай келбесем.
Кызыл куйрук нар алып,
Чиркей албай келбесем.
Кара теңге пул алып,
Кайыра албай келбесем
Күүлүп тургам гүлбагын,
Көөмп таштап кетпесем.
Түп түбүнө жетпесем.
Дүмүрчөгүн казбасам.
Кой кайтарган танасын,
Бешиктеги баласын,
Катыным олжо кылбасам.
Каалатып бербес күлүгүм,
Өрүштөн кармап албасам.
Суратып бербес сулуусун,
Ач билектен албасам,
Ат соңуна салбасам,
Менин Бокмурун атым курусун.
Андан ары сен барсаң, чором,
Эки да тизгин тең барсаң,

Кичи да тоону жайлаган,
Кыйды кара күлүгүн,
Башынан үзбөй байлаган.
Токойдо булбул үндөгөн,
Өчүргөн көмүр жүндөнгөм,
Кыйды кара аты бар.
Жарды жүрүп байыган,
Жаңгыз жүрүп көбөйгөн.
Байталдууга бай бербес,
Жактууга жай бербес,
Актан Таздын баласы,
Аты Мөңкө төрөсү.
Эр Үрбүгө барып айт, чором,
Кыйды кара дөөкөрүн,
Алып келип чапсын де,
Аты келсин ашыма,
Өзү келсин кашыма,
Аны ошондон коркутуп,
Ысык-Көлдөй толкутуп.
Андан ары сен барсаң,
Эки тизгин тең барсаң.
Камбар, Камбар, Камбар хан,
Камбар хандан Айдар хан,
Айдар хандын баласы,
Айлангыс туулган эр Көкчө
Эр Көкчөгө барып айт,
Тоого тууп ташка өскөн,
Көгаласын алып келип чапсын де,
Чыкса байге алсын дейт.
Чыкпаса таң-тамаша көрсүм дейт.
Аты келсин ашыма,
Өзү келсин кашыма.
Аны кантип коркутуп,
Ысык-Көлдөй толкутуп,
Андан ары сен барсаң,
Эки тизгин тең барсаң.
Агыш менем Кожошко айт,
Алике менен Boобекке айт,
Бегиш менен Чегишке айт,
Алтынкүлүк Керкүлүк,
Эки бирдей эр күлүк.
Сайкал менен Болотко айт.
Эми ошого айта көр, чором.
Чоюн кулак Чоюн алп,
Чоюн алпка айта көр.
Дүмүр кулак Дүмүр алп,
Дүмүр алпка айта көр.
Орку кула бээси бар,
Ороңгу катын ээси бар,
Ошонун баарын бирдей айта көр,
Баары бирдей келсин,
Баары бирдей келбесе,
Айгычы алтым кызыл туу,
Ордосунда көрөсүн.
Андан ары сен барсаң,
Эки тизгин тең барсаң,
Үзөңгүсүн үзө чиренген,
Найзасын көккө тиренген.
Эчкиден тууган Эдиге.
Тайдан туулган Тарланбоз
Албан күлүк мал эле,
Аты келсии ашыма,
Өзү келсин кашыма,
Андан ары сен барсаң,
Эки тизгин тең барсаң,
Жети-Суугa жердеген,
Жедигердии эр Багыш
Ойротту бузар эр деген.
Сур коендой күлүгү,
Албан күлүк мал эле
Алып келип чапсын де.
Чыкса байге алсын де,
Чыкпаса таң-тамаша көрсүн де.
Аты келсин ашыма,

Өзү келсин кашыма.
Андан ары сен барсаң,
Эки тизгин тең барсаң,
Тоокара минген эр Карач,
Тоокара кулүк аты бар.
Албап күлүк мал эле,
Чыкса байге алсын де,
Чыкпаса таң-тамаша көрсүн де.
Андан ары сен барсаң,
Эки тизгин тең барсаң,
Атасына бата жок,
Энесине нике жок,
Ботого бели майышкан,
Жекеге буту чалышкан,
Темир өзөк, таш жүрөк,
Теңирсиген Жанаалы
Жанаалыга айта бар.
Уратору күлүгү,
Албан күлүк мал эле.
Чыкса байге алсын де,
Чыкпаса таң-тамаша көрсүн де.
Аты келсин ашыма,
Өзү келсин кашыма.
Андан ары сен барсаң,
Эки тизгии тең барсаң,
Топ олуя жыйылып,
Тообосунан бүткөргөн,
Бар олуя биригип,
Батасынан бүткөргөи,
Тогуз уулдун кенжеси
Кудайдын раймы тийген эр Төштүк,
Чалкуйруктай малдары,
Албан күлүк ат эле,
Алып келип чапсын, – дейт,
Каапыр менен мусулман,
Ортосуна конгомун,
Ашымды билип берсин, – дейт,
Мүчөсүн артык жесин, – дейт,
Андан ары сен барсаң,
Эки тизгин тең барсаң,
Аркы бир тоонун бер жагы,
Береки тоонун ар жагы,
Эки тоонун ортосу,
Сасык кайың саап ичкен,
Осурак чалдын баласы,
Акбай, Мамбет, Көккоен,
Аккоендой күлүк ат,
Албан күлүк мал эле,
Чыкса байге алсын де,
Чыкпаса таң-тамаша көрсүн де,
Аты келсин ашыма,
Өзү келсин кашыма,
Андан ары сен барсаң,
Эки тизгин сен барсаң,
Бөйөн, Бөйөн, Бөйөн кан,
Бөйөн кандан Чайан кан,
Чайан кандан Кара кан,
Кара кандан Жакып кан,
Жакып кан уулу Манас кан,
Он экиде ок аткан,
Он үчүндө найза кармап жоо сайган,
Колтурмачтан бала алган,
Кошогу менен кыз алган,
Кокуйлатып эр сайган,
Он төртүнө келгенде,
Ордо бузуп, үй чапкан,
Он бешине жеткенде,
Орчум журтка баш болгон,
Ошо Манаска барып айт.
Алтып ээр токулуу,
Качканда кыраан, чокулуу,
Оргочордой туяктуу.

Кыйган камыш кулактуу,
Кайыптан туулгап Аккула,
Албан күлүк мал эле,
................................
Чыкса байге алсын де,
Чыкпаса таң-тамаша көрсүн де.
Тизгиниңди жыйбай айт,
Ырасыңды койбой айт.
Жакшы жооп – сөз бергин, чором,
Жатык тилдүү Жаш Айдар,
чором
Жакшы сөзүң айта көр, чором.
Капыр менен мусулман,
Арасына конгонмун, чором.
Ата – атанын уулуна, чором,
Алабаш жорго чубар ат,
Бере турган мүчө бар,
Тарта турган эти бар.
Чаба тургап аты бар.
Ашымды бийлеп берсин, – дейт.
Өзүндү өлтүрүп салбасын,
Астыңдагы Мааникерди,
Дагы союп салбасын.
Жөө эле салам бере көр,
Жөө эле түшүп бара көр.
Басып салам бере көр.
Ашымды бийлеп берсин де,
Мүчөсүн артык жесин де.
Андан ары бара көр, чором.
Андан ары сен барсаң.
Эки тизгин тең барсаң,
Саймалуу саадак байланган.
Самаркан тоосун айланган.
Булгаары саадак байласан,
Букардын тоосун айланган.
Ак селдеси казандай,
Чакырган үнү азандай,
Аса да таяк колунда,
Өзү да кудай жолунда,
Улуу жолдун боюнда,
Күндүн баткан жеринде,
Алтын сакал Айгожом,
Ошол Айгожомо барып айт,
Айбанбоздой күлүк ат
Алып байге чапсын де,
Ортого эми келсин де,
Он батасын берсин де.
Мааникерге бактырып,
Алакандай ак кагаз,
Кат чийдирип ала кел,
Ыйыкжалга тактырып,
Алптын ченин аламын,
Аттын ченин аламын.
Айдын бурчу алты сан,
Алты айланып кайта көр.
Жердин бурчу жети сап,
Жети айланып кайта көр.
Жердин бурчу жети сан,
Желпимиштен кайта көр.
Көк алптар андан көп,
Кайсы бирин айтайын, чором.
– Атыңдын башын бура тур,
чором,
Байгемди айтам тура тур, чором,
Байгемдин башын айтайын,
чором,
Байгемдин башын мен айтсам,
Тогуз торко тон саям,
Токсон калча кул саям, чором
Сан саанчы күң саям, чором.
Сан сарыча төө саям,
Сан сары башыл бээ саям,
Ортосун кайдан айтайын, чором,
Үйүмө качан кайтайын, чором,

Аягын айтып берейин, чором,
Алабаш жорго ат саям,
Алтымыш атка мингизип,
Алтымыш калча кул саям.
Ботолуу төө нар саям,
Балалуу ногой күн саям.
Манаттап жапкан үй саям,
Сак-саламат сак баргып, чором,
Сагындырбай бат келгин, чором,
Этим сасып кетпесин,
Мааникердей аттардын,
Катыра салбас кара сан,
Катыра камчы салды, – дейт.
Тайдай эти тарады,
Тайгайдай жонун түзөдү.
Койдой эти короду,
Коендой жонун түзөдү.
Арапдай оозун ачты
Кан көбүктү,
Эки этекке чачты.
Көрүнгөн жердем көрүмдү,
Көрүмбөгөм жерден,
Көк түтүм болуп созулду.
Омбул-омбул созулду,
Омбулдам алыс түйүлттү.
Улуу да тоодо жайлагам
Эр Кошойго барды дейт:
– Саламдан салам, эр Кошой аке,
– Алекум салам, жаш Айдар балам,
Эсем-аман болдуңбу, балам,
Сак-саламат жүрдүңбү, балам.
Мааникердей күлүк ат,
Такымынан терим куюлтуп,
Моюнумам терим чубуртуп
Немене кылып жүрүпсүң, балам? – дейт.
– Эл агасы эр Кошой, аке,
Эсен-аман болгомун, аке,
Сени эшиткен соң келгенмим, аке.
Сак-саламат жүргөнмүн, аке.
Сени сагынган соң келгенмии, аке.
Эл агасы эр Кошой,
Көк дөнөнүн башы бар,
Көкөтөй хандын ашы бар.
Кара бээнин кашы бар,
Хан атанын ашы бар.
Ата-атанын уулуна,
Алабаш жорго чубар ат,
Бере турган мүчө бар.
Тарта турган эти бар,
Чаба турган аты бар.
Сая турган байге бар.
Эл агасы эр Кошой аке,
Саган байгенин башын айтайын,
Саят салын кекетти
«Заңк» этип жүрүп кекетти.
Заң күтүп омбул омбул,
Экинчи, баатыр асылым,
Көкөтөй ашы бар деди,
Атын чапсын,
Азасына келсин, – дейт.
Кырк нарга казына
Жүктөтүп келсин, – дейт.
Кырк байтал бөтөнчө,
Айдап келсин, – дейт.
Антын актап келсип, – дейт.
Журтун журттап келсин, – дейт.
Антын сактап келбесе,
Журтун журттап келбесе,
Таарынбасып өзүмө,
Көрүнбөсүн көзүмө,
Айчыгы алтын кызыл туу,
Ордосунда көрсүн, – дейт.

Айтып турган сөзү ушул.
Бокмурун төрөм шону айтты,
Эл агасы эр Кошой,
Үйдө жүрө калтаңдап,
Бокмурун сөзүн эшитип,
Эси чыкты талтаңдап,
– Жайма көкүл жаш Айдар, чором,
Чакырса да барбасбыз
Чакырбаса да барабыз,
Коркутса да барабыз
Коркутпаса да барабыз,
Эл карысы Көкөтөй,
Журт карысы Көкөтөй
Жүз токсонду жашаган.
Шонон кийин карт мен элем,
Бу сөздү маа не деп айттың,
Жаш Айдар чором?
Бу сөзүңдү маган айт.
Өкүмү катуу алптар бар,
Бирөөнөн кокус өлүп каларсың.
Салып эми зыңгытып,
Жаш Айдар кетти, – дейт.
Андан ары кеткен соң,
Эр Көкчөгө жетти, – дейт.
Жаткан экен эр Көкчө
Макбалын чечип төшөнүп,
Бадшайы чечип белсенип.
Ошондо туруп жаш Айдар,
Салам берди Көкчөгө.
Кошойго айткан сөздөрдү
Көкчөгө дагы айтты, – дейт.
Аны андай коркутуп.
Ысык-Көлдөй толкутуп,
Жүрүп кетти зыңгытып,
Андап ары барды дейт,
Бөйөн, Бөйөн, Бөйөн кан,
Бөйөн хандан Чаян хан,
Чаян да хандан Кара хан,
Кара хандан Жакып хан,
Жакып хан уулу Манас хан,
Эр Манаска барды, – дейт.
Жаткан экен эр Манас,
Баткан айдай балыкшып,
Чыккан күндөй толукшуп.
Эр Манастай баатырың,
Алтындап танап, ак чатыр,
Асмандата тигиптир.
Күмүштөн танап көк чатыр
Көкөлөтө тигиптир.
Ала байрак куу найза,
Жоодураган кырк чоро,
Он эки таман ордо атып,
Оюн күлкү салыптыр, – дейт.
Жатыр экен эр Манас,
Оозунан түтүп буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап.
Балдыркандай буралып,
Бала куштай урунуп,
Карчыгадай кагынып,
Ителгидей тебинип.
Эми көзүн ачты дейт.
– Салоодон салоо бир малик,
Батыр төрөм, бадышам,
Эсен-аман болдуңбу, төрөм?
Сак-саламат болдуңбу, төрөм?
Аттуу да кирип барды дейт:
– Көк дөнөнүн башы бар,
Көкөтөй хандып ашы бар.
Чаба турган аты бар,
Тарта турган эти бар,
Ата-атанын уулуна,
Бере турган мүчө бар.
Ашымды бийлеп берсин, – дейт.
Алтын эрлүү Аккула

Атын алып келсин, – дейт.
Эр Кошойго айткан сөздү,
Эми, эр Манаска дагы айтты, – дейт.
Ошондо туруп эр Манас
Башын коборуп алды дейт:
– Ала байрак куу найза,
Жоодураган кырк чором,
Кырк чором башы Кыргылчал
Катынын жылда үч туудурган сүргүн чал,
Бөксөсүнөн өбөң чал.
Ободогу жылдызым,
Суу ичинде кундузум,
Жан жолдошум Жаныбек.
Тең жолдошум Тыныбек.
Камбардан алган Канчором,
Мажиктен калган Күлчором.
Ойдо Серек от башым,
Тоодо Сыргак топ башым.
Нурдун уулу Жаанбай.
Ширин сөздүү Ажыбай.
Соорондуктүн көгала сакал Алмамбет чором,
Сасык ооз Салмамбет, чором,
Кутунайдын уулу Куужигит,
Кубулжуган шум жигит.
Эң кичүүсү Тазбаймат,
Жан казанга эт кайнат.
Бу кулуңдун айтып эле турган сөзүн көр,
Сүйлөп турган кебин көр.
Сенин да айтар сөзүң беле?
Менин да угар кебим беле?
Астындагы Мааникер
Атты сойдуруп салгыла.
Бу кулдун башын койдой кескиле!
Канын суудай чачкыла.
Бөрк ал десе баш кескен,
Жоодураган кырк чоро,
Чылбырдан кармап алыптыр,
Аттан оодарып салды, – дейт.
Коборуп – көтөрүп, өөдө кылып,
Ак болотту колго алышар, – дейт,
Көкүрөк көчүк болдук, – дейт.
Башын эми кесмек болду, – дейт.
Ошондо жаш Айдар ыйлап айтат:
– Ай, батыр төрөм бадышам,
Берен элең өткөрчү,
Деңиз элең кечирчи.
Дарыя элек кечирчи,
Дабан элең ашырчы.
Жадырыктуу кыядан,
Жалгыз элем уядан.
Мени өлтүрүп нетесиң.
Не муратка жетесиң.
Кыймалаба санымды,
Кыйбачы кылча кызыл жанымды.
Эми, өлтүрүп койсоң өзүмдү,
Убалым тешер көзүңдү.
Бир уядаң так элем,
Жумурткадан ак элем.
Ошондо батыр тууган эр Манас,
Башын көтөрүп алды дейт.
Кылагар көзүн кылайтып,
Кыя мурутун шыйпайтып,
– Алабайрак куу найза
Жоодураган кырк чором,
Кечээ Орозду хандын он уулу
Олжого зорлук кылганда,
Жалгыздык башка келди эле, чором,
Жалгыздын өлтүрө көрбө өздөрүн,
Өчүрө көрбө отторун.

Ошондо алабайрак куу найза,
Жакасын кобурап эми кое
берди, – дейт.
Жана жаш Айдар айтат:
– Айланайын атыңдан,
Эч кетпейин кашыңдан.
Айланайын, ай төрөм,
Алтын сакал, күн төрөм.
Көчкөндө коюң айдайын,
Өрүүдө бээң байлайын.
Отунуң менен кирейин,
Күлүң менен чыгайып,
Жан казаның асайын,
................................
Алыска сапар барганда,
Ат токуучуң болоюн.
Эр Манастай баатырга
Эми жалынып турду дейт.
Эр Манастын ошондо,
Айтып турган кеби ошондо,
– А-атаңдын көрү,
Жайма көкүл жаш Айдар кул ай,
Ала күчүк, арам сийдик,
Бокмурун билер кебимди.
Көкөтөйдүн ушул эле ашын,
Сасык айран, кек курут,
Байдын уулу Баймырза билер
сөзүмдү.
Бу кулдун айтып турган сөзүн көр,
Сүйлөп турган кебин көр.
Атты өзүмө байлатпай,
Күндү өзүмө жайлатпай.
Алабайрак куу найза,
Жоодураган кырк чором,
Калкамандын кара атын,
Калкынан кармап алып кел.
Элемандын эки атын,
Элинен кармап алып кел.
Кырк чором,
Ак чатырды бүктөңөр,
Ак саргылга жүктөңөр.
Күмүштөн танап көк чатыр,
Көк чатырды буктөңөр.
Көк саргылга жуктөңөр.
Тулпарга кошту тартыңар,
Бокмурун көздөй жортуңар.
Мунун арка кулагын жулайын,
Аралата чабайын.
Мунун түп-түбүнө жетейин,
Түмүрчөгүн казайын.
Кокуйлатып эр сайып,
Кошогу менен кыз алып
Бир кумардан чыгайын.
Эми ушундай кылбасам
Менин Манас атым курусун
Бокмурунду кубайын деп,
Обнур кылып тур мына.
Ошондо жаш Айдар айтат:
– Батыр төрөм бадышам,
Айдын бурчу алты сан,
Алты айланып келгенче,
Алда нече күн болор,
Жердин бурчу жети сан,
Жети айланып келгенче,
Алда нече жыл болор.
Эми мени кое берсеңчи.
Эми кое берсеңиз,
Байгемди айтып берейин.
Байгемди айтып эми берсем,
Баш байгеси тогуз торко тон саят,
Токсон калча кул саят,
Сан саанчы күң саят,
Сан сарыча төө саят.
Сан сары баш бээ саят.

Ортосун кайдан айтайын,
Аяк байгесии айтайын,
Алабаш жорго ат саят,
Алтымыш атка мннгизип,
Алтымыш калча кул саят.
Ботолуу төө нар саят.
Балалуу ногой күң саят.
Манаттан жапкан үй саят.
Ошондо туруп эр Манас
Жаш Айдарды бошотту дейт.
Мааникердей аттардын
Катыра салбас кара сан,
Катыра камчы салды, – дейт.
Ошондо Мааникер,
Тайдай этип таратып.
Тайгандай жонун түзөтүп,
Койдой этин коротуп,
Коендой жонум түзөтүп,
Арандай оозун ачып,
Кандуу көбүктөр чачып,
Көрүнбөгөп жерде көрүнүп.
Көрүнбөгөн жерлерде,
Көк түтүп болуп созулуп.
Омбулдан алыс туйүлтүп,
Көк түтүн болуп жөнөлүп,
Айгожо жакка жаш Айдар
кетти дейт.
Андан кийин эр Манас,
Бала куштай урунуп,
Карчыгадай кагынып,
Ителгидей тебинип,
Кырк чорого айтты дейт:
– Алабайрак куу найза,
Жодураган кырк чором
Баарың окшош болгула,
Кырк кара боз мингиле,
Кырк кара көк кийгиле,
Ок-дарыны камданып,
Жарак жабдык шайланып.
Бат атары мойнуңда,
Түз атары койнунда.
Тезден атка мингиле.
Кайыптан туулган Аккула
Жибектен чыжым[1] тактырып,
Манаттан жабуу жаптырып,
Жетелеп алып жүргүлө, – дейт.
Чокчордой болуп кырк чоро,
Эми жүрүп берди дейт.
Эмки сөз жаш Айдарга келди,
Саймалуу саадак байланган,
Самаркан тоон айланган.
Булгаары саадак байланган,
Букара тоон айланган.
Ак таштары казандай,
Чакырган үнү азандай.
Аса таяк колунда,
Өзү кудайдын жолунда
Улуу да жолдун боюнда,
Күн баткандын жеринде,
Эки тизеси чор болуп,
Алаканы жооруп,
Маңдайлары жарылып
Намаз өтөп турган экен Айгожом
Айбанбоздой күлүгүн,
Асасына байлап таштаптыр.
– Айланайын Айгожом,
Алтын сакал күн кожом,
Үйрүлөйүн эр Кожом, – деп,
Жаш Айдар келип турду дейт.
Салам берип айтты дейт:
– Көк дөнөнүн башы бар,
Көкөтөй хандын ашы бар.

[1] Чыжым – чылбыр, узун ичке жип.

Кара бээ кашы бар,
Хан атамдын ашы бар.
Ата-атанын уулуна
Алабаш жорго чубар ат,
Бере турган мүчө бар.
Чаба турган аты бар,
Бере турган байге бар.
Тарта турган эти бар, кожом,
Кожом, сага Бокмурун,
Көп саламды айтты, – дейт.
Ашымды бийлеп, баштап
берсин, – дейт,
Мүчөсүн артык жесин, – дейт,
Ак батасын берсин, – дейт.
Алакандай кат жазып,
Мааникерге таксын, – дейт.
Андан кийин Айгожо
Ыкыласы эле келди, – дейт.
Оң батасын берди дейт.
Айткан экен савынды[1]
Ала шалбырт жаз менен
Дүйүм алтын баарыңа.
Дүйүм алптын баарысы,
Келип эле калды дейт.
Уй түгүндөй каапырлар,
Жана ошондо мусулман,
Баары жыйылып келип
калды, – дейт.
Ошондо туруп Бокмурун,
Манас кандай келбейт деп,
Төмөн карап туруптур.
Эр Манас ачуу менен,
Баламды ыйлатканы келеби?
Байталымды туйлатканы келеби?
Эр Манастын астына,
Эр Манастын жолуна
Тартуу алып чыгамын.
Андан кийин Бокмурун,
Тогуз жорго катарлап,
Тогуз жамбы бөтөнчө байлатып,
Сурнай баштуу Суржорго,
Кекилик баштуу Кержорго
Алып эле чыкты дейт.
Үн салат тигил эле Манас,
Шалдыр-күлдүр этишип.
Балдыр-балдыр бабырашып,
Келатыр экен эр Манас.
Кырк кара-боз минген,
Кырк кара-көк кийген,
Көк коенго окшошуп,
Жоодураган кырк чоро,
Ач бүркүттөй чаңкылдап,
Келе жаткан экен дейт.
Эр Манас Бокмурунга айтат:
– Ай, ала күчүк, арам сийдик
Бокмурун кул ай.
Бокмурун сага кылбасам,
Башыңды койдой кеспесем.
Каныңды суудай чачайын, кул ай.
Сен да билээр сөз беле, кул ай.
Сасык айран, көк курут,
Байдын уулу Баймырза,
Сасык билээр кеп беле, кул ай?
Ошондо туруп Бокмурун айтат:
– Баатыр Манас бадыша төрөм,
Чабуучу болсоң эл мына,
Кесүүчү болсоң баш мына,
төрөм,
Төгүүчү болсоң кан мына, төрөм,
Алуучу болсоң жан мына, төрөм.
Жана Манас айтат:
– Арка кулагың жулайын,

[1] Савынды – сакыруу, өтүнүч кабар

Сени аралата чабайын.
Сенйн түп-түбүңө жетейин,
кул ай,
Жана Бокмурун айтат:
– Баатыр Манас бадышам,
Тереӊ элеӊ өткөрчү,
Теӊиз элеӊ кечирчи.
Дарыя элеӊ өткөрчү, төрөм
Дабан элеӊ ашырчы, төрөм,
Ошондо туруп Бокмурун,
Тогуз жорго катарлап,
Эр Манастын алдына
Тартуусун кое берди, – дейт.
Бөтөнчө тогуз жамбыны
Эр Манас көрүп койду дейт.
Капыр мемен мусулман,
Ортосуна келмейилче,
Тартуу жедим мен деп,
Манастайын батырыӊ
Бир кампайып калды дейт,
Тебетейин колго алып,
Тоноп жүргөн солоӊдор.
Малакайын колго алып,
Басып жүргөн солондор,
Кемеге басты болуптур,
Эт бышыртпай коюптур.
«Жаба, жаба, жаба» деп,
Жабылым жаткан көп калмак,
«Мөндү, мөӊдү, мөӊдү» деп,
Бүлүнүп жаткан көп калмак,
Эттин бышыдайын бышыдай,
Чийкидейин чийкидей алышып,
Бир-бирине беришип,
Этти алып качыптыр.
Калмактардын бул ишин,
Эр Манас көрүп турду дейт.
Ачуусу катуу келди дейт,
Манастайын батырдын
Кара көзүн кан чалып,
Кандуу бетин сур чалып,
Кайраты жаман келди дейт.
Тал чыбыктай бойлору,
Алачыктай үрпүйдү.
Сакалы кетти сарбайып,
Муруту кетти арбайып.
Асый аттын терисин,
Өрмө кылган булдурсун.
Кунан өгүз терисин,
Өзөк кылгам булдурсун.
Тел музоонум терисин,
Бүлдүргү кылган булдурсун.
Каяша бсрген катынды,
Кайкаӊдаткан булдурсун.
Конок бербес сараӊды
Кокуйлаткам булдурсун.
Ошондо «жаба» деген калмактын
Башын айра чапты дейт.
Уй түгүндөй каапырды
Кемегенин башынан,
Күнчүлүк жерге айырып
таштады дейт.
Мусулмандын ушерде
Жаны тынып калды дейт.
(Оо, жаныӊ жашарай,
Өрүшүӊ узарсын деп,
Алкыштарын берди дейт
Каапырдын ханы Нескара
Мусулманды сынаймын
деп келди, – дейт.
Аты кандай экен деп,
Алпы кандай экен деп,
Келбети кандай экен деп.
Каапырдын каны Нескара
Эми сөзүн баштады.

Ошондо Кошой баатырга
Салам берди дейт:
– Оо, эл агасы эр Кошой,
Эсен-аман болдуңбу?
Сак-саламат жүрдүңбү?
Эл агасы эр Кошой,
Сенин тиги эле кишиң ким эле.
Ай кулагы калкандай,
Алайган көзү чолпондой,
Мурду тоонун сеңирдей,
Муруту чөлдүн камыштай,
Сенин тигил ээ, кишиң ким эле, –
дейт.
Нескарага эр Кошой айтат:
– Үстүңкү көкө теңирдей.
Атаңдын көрү ит бүрүк.
Сен аны кандай билбедиң, кул ай.
Кече он экисинде ок аткан,
Он үчүнө жеткенде,
Сен каапырдын четинен,
Ордо бузуп, үй чапкан.
Кече Жакып хан уулу жаш
Манас хан.
Жаңы ооздонгон эр Манас.
Аны кандай билбедиң, бүрүк
кул ай.
Тогуз да көздүү бадана,
Топчуланып кийген ким?
Ай, ана ат боройду билгеи ким?
Чалыш бойлуу Чалкуйрук,
Чалкуйрук атты минген ким?
Чарчы жыйын ичинде
Чатырап сүйлөп турган ким?
Сенин ошо гана кишиң ким? –
дейт
Эр Кошой айтат:
– Аны кандай билбедиң бүрүк
кул ай.
Топ олуя жыйылып,
Тообасынан бүткөргөн.
Бар олуя жыйылып,
Батасынан бүткөргөн,
Тогуз уулдун кенжеси,
Элеман байдын баласы,
Эр Төштүк деген болот дейт.
Жана Нескара айтат:
–Үзөңгүсүн үзө чиренген,
Найзасын көккө тиреген,
Төбөдөй даңка боз минип,
Төрөдөй болуп турган ким?
Киш кара топ кийгеп ким,
Кара ичиктүү оңгон ким,
Тиги эле, калмак жакта болгон
ким?
Сенин оногу кишиң ким эле, –
дейт,
Эр Кошой айтат:
– Аны кандай билбейсиң, бүрүк
кул ай
Анын жайып сурасаң,
Эчкиден тууган Едиге,
Минген атын сурасан,
Тайдан туугап Тарламбоз, – дейт
Жана Нескара сурайт:
– Алты гүлдүү бадана
Алчылантын кийген ким?
Ат боройду билгеи ким?
Кежиге сакал жаактагаң,
Оозун арак менен чайкаган,
Ошол ат боройдун ичинде
Даңкылдап сүйлөп турган ким?
Эр Кошой жооп берет:
– Аны кандай билбейсиң бадирек
кул ай,

Байталдуулга бай бербес,
Жаактуулга сөз бербес,
Эр Үрбү деген болот, – дейт.
Актар таздын баласы,
Аты Мөңкө төрөсү
Эр Үрбү болот, – дейт.
Жана Нескара сурайт:
– Ак тикендин бурүндөй,
Тиги кишиң ким эле?
Ак шумкардын жүнүндөй,
Көк тикендин бурүндөй,
Көк шумкардын жүнүндөй
Мына бир кишиң ким эле?
Арак ичип алкынган,
Бала куштай талпынган,
Карчыгадай кагынган,
Ителгидей тебинген,
Тиги бир кишиң ким эле дейт,
Эр Кошой жооп берет:
– Аны кандай билбейсиң?
Тоокара күлүк аты бар
Тоокара минген эр Карач.
Ойротто жок эрлиги,
Өзгөчө туулган эр Карач, – деп жооп берди дейт. Эми ошондо каапырдын ханы Нескара мусулман жакшыларынын баарын тең ылгайт жана айтат, мындай кубулуп сынчы болуп:
– Жазгы кирген айгырдай
Алпаңдаган кишиң ким?
Кышкы киргеп буурадай
Калжаңдаган кишиң ким?
Күзгүү кирген кочкордой,
Күржүңдөгөн кишиң ким?

Ушундай жакшымы ылгап, жаманды булгап кетти дейт. Эми, ал Нескара атка көз чаптырып, Эр Кошойго сынчы болуп айтыптыр:
– Эл агасы эр Кошой баатыр, атаке!
Токойдо булбул үндөнгөн,
Өчүргөн көмүр жүндөнгөн,
Тиги кыйды кара ат кимдики?
Өзү кыйды мал экен,
Өзү кыйды кара ат экен.
Жарым жолго барганда,
Аксап жатып калдым деп,
Экиден соңку келер мал экен.
Эр Үрбүнүн кыйды карасы экен.
(Алты айга жибере турган экен)
Жана тоого бүтүп, ташта өскөн,
Кумга тууп, чөлгө өскөн.
Кулан менен бирге өскөн,
Теке менен бирге өскөн,
Темир туяк жез билек
Тердебес тууган
Ыргай моюн көгала аттар кимдики?
Жана кунан жашы мойнунда
Асый ташы койнунда.
Каны бутка жылбаса
Кан тердетип учпаса,
Үч атка амал болбостур,
Аккулага айла жок,
Эр Манастын аты экен.
Чалкуйрукка чара жок,
Эр Төштүктүн аты экен.
Көгалага көптүк жок,
Эр Көкчөнүн аты экен, – дейт,
Жана алтын ээр токулуу,
Качканда кыраң чокулуу,
От ордундай туяктуу,

Кыйган камыш кулактуу,
Арчын бир баштуу Аккула,
Бир жагында жыйырма бир,
Жана бир жагында жыйырма
канат бар экен.
Аркасында ажыдаар түгү бар экен,
Эр Манастын аты экен.
Ушу аттардын баарынан,
Чыгып келет турбайбы.
Аккуланын байгесин
Биздип Жолой алпыбыз,
Тартып алат турбайбы.
Аны эле ага жоруюн, – дейт.
Жана Нескара айтат:
– Калкамандын кара атын
Камчыланып турган ким?
Калың жыйын ичинде,
Алчыланып турган ким?
Белдемчиниң байланып,
Бейжин минер ат экен.
Алтын-күмүш артарга,
Эсен канга тартарга,
Эптүү күлүк мал экен.
Жана Нескара Эр Кошойго айтат
– Баче-бүчө талак куу бурут,
Менин Нескара экеним билесиң.
Мааникердей күлүк ат,
Кай ырысыңа минесиң?
Биздин Жолой баатырга,
Мааникерди тартсакчы?
Ошого жооп айтсакчы.
Этти кандай тартсакчы,
Атты кандай чапсакчы,
Байгени кандай кылууга
Эр Жолойдон жооп алсакчы,–
дейт.
Ошондо туруп эр Кошой,
Өйдө жүрө талтаңдап,
Нескара сөзүн уккан соң,
Эси чыкты калтаңдап.
Жана Нескарага Кошой айтат,
– Ай, каапырдын каны Нескара,
бүрүк.
Мен Манаска барайын.
Манастан жооп алайын.
Мен билбеймин бул атты бүрүк
дейт,
Манас эми бер десе,
Алып келип берейин.
Мааникерди Манас бербесе,
Эми эле сени көрбөйүн, бүрүк
дейт.

Ана ошондо эр Кошой Манаска барып айтты дейт.
– Баатыр Манас бадышам,
Буу каапырың оңо турган неме
эмес,
Эми гана оңо турган эр эмес.
Мааникердей күлүк аттарды,
Эжен минер ат деди.
Жана Эр Жолойго Мааникерди
тартсаңчы?
Этти калай тартууга,
Атты калай чабууга,
Байгени калай кылууга
Жолойдон жооп алсаңчы, – дейт.
Ошондо туруп эр Манас,
Эр Кошойго айтты дейт:
– Эрдигиң бар да, эсиң жок,
Эминеге пас болдуң,
Эчтеме менен ишиң жок.
Эл агасы эр Кошой,
Каапырын бокту жебесин.
Мааникердей күлүктү,

Өлүк болсок беребиз,
Тирүү болуп турганда,
Каапырга кантип беребиз, дейт.
Эл агасы эр Кошой,
Нескараңын өзүн ээ
Тыбыратпай мына алып кел.
Аттан оодарып алайын.
Чалкасынан салдырып,
Ороңгу үстүнө миндирип,
Өйдө-ылдый желдирип,
Кара кан кетсин оозунан,
Сары зил кетсин көтүнөн,
Каапырдын эсин ушундай
Эңги-деңги кылдырып,
Эми бир кып-кызык оюн кылайын.
Андан кийии эр Манас,
Алтын баштуу Саргылга,
Алтындуу ээр токутуп,
Аксаргылды камчылап,
Уй түгүндөй каапырдын
Ичине кирип барды дейт.
Ошондон ат сураткан капырлар,
Мааникерден түңүлүп,
Эр Манастын астында,
Маңдайың жерге тийгизип,
Кол куушуруп турду дейт.
– Сайын, сайын, сайын, – деп,
Сайын таажы Манас деп,
Сайындашып турду дейт.
Ошондо туруп калмактар.
Эр Манаска эңилип,
Мыйрыйып сөз айтты дейт.
Батыр Манас бадыша
Жаңы ооздонгои эр Манас,
Эми этти кандай тарттыргын,
Атты кандай чаптыргын,
Байгени калай болдургун,
Аттарды калай жибердиргин,
Баатыр Манас бадыша,
Бакисин өзүң билсеңчи,
Бизде баки чогулуп,
Таң-тамаша көрсөкчү, – дейт.
Эми биз кайдан билелик.
Эки тизгин, бир чылбыр,
Бир колуңа ала көр.
Батыр Манас бадыша,
Сайын таажы эр Манас,
Ушу ашты пажиним,
Сен Манас карап биле көр, – дейт.
Өзүң бийлеп тура көр, – дейт.
Эми аттарды айдап жиберсең,
Нече күнгө болжойбуз,
Нече айга болжойбуз?
Байталдууга бай бербес,
Эр Үрбү туурасынан
аттарды кое бер деп,
Каапырлар айтып турду дейт.
Ошондо сүрө турган эр Манас,
Каапырларга ачуу кылды дейт:
– Сага кеңеш ким койду.
Сага сөздү ким берди?
Он экиден өргөн булдурсун,
Чапса кулак тундурсун,
Каяша берген катынды,
Кайкандаткан булдурсун.
Көз салбаган катынды,
Көзөлүм дегизген булдурсун.
Тил албаган катынды,
Тилинен сүйдүргөн булдурсун.
Кол бербеген катынды,
Кучактаткан булдурсун.
Каршы чыккан катынды,
Калтыраткан булдурсун.
Көнбөй жүргөн катынды,

Күлдүрүп койгон булдурсун.
Жандабай жүргөн катынды,
Жаным дегизген булдурсун,
Сырдаш кылгаи булдурсун.
Бу сөздөрдү айтып болгон соң,
Булдурсун менен эр Манас,
Ошондо турган каапырды,
Жаагын айра чапты дейт.
Мусулмандын жыйынынан,
Тегерене качты дейт.

Анан ошону менен Көкөтөй ашына келген баки: мусулман менен каапырлар бир колдо болуп ушул аштын ар бийлигин Эр Манаска берди дейт. Ошондо Эр Манас Эр Кошойго кеңеш салып айтты дейт:

– Эл агасы эр Кошой,
Ары барса алты айга,
Бери келсе алты айга,
Чабарга кеткен аттарды,
Он эки айда көрөлү.
Балдардын канжыгасына,
Түгөнбөс азык байлайлы.
Көп азыкты берелик,
Ошо аттар келгенче,
Таң-тамаша кылалык.
Эми атты айдамак болду дейт.
Мусулман менен каапырдын,
Экөөнөн атчылар,
Аттарды санап турду дейт.
Чабарга кеткен аттары,
Эки миң сексен болду дейт,
Байыргы Жайма көкүл жаш Айдар
Мааникерге минген дейт,
Ат айдоого жүргөн дейт.
Ошондо Көкөтөй хандын баласы
Болук тууган Бокмурун,
Эми туурасынан барган дейт,
Жаш Айдарга айткап дейт:
– Жайма көкүл жаш Айдар чором,
Астындагы Мааникер,
Алты айчылык жол басса,
Ал табына келүүчү,
Жети айчылык жол басса,
Жол табына келүүчү.
Астындагы Мааникер
Эч өнөрүн көрбөдүм,
Эч бир сырын албадым.
Сары хандын ашында,
Сан кишидеп бир чыккан, чором.
Эми бери кайта тартканда
Мааникердей күлүктүн,
Оозун кое бербей кел.
Оозун кое сен берсең,
Өзгө аттар алдында,
Үч күн мурун келээрсиң, чором.
Өз байгесин өзү алды деп
Жакынга домок калар,
Алыска жомок калар,
Атты айдап кетти дейт,
Эртеңине болду дейт.
Ана ошондо Бокмурун
Көкөтөйдүн көп малын,
Токсон тору ала айгырын,
Үйрү менен айдап салды, – дейт.
Жылкыларды үйрүп-үйрүп койгон соң,
Кыйкырып, кыйкырып айтты дейт,
Күрөшөргө эки балбан чыксын дейт,

Кай жыкканы бу жылкыны алсын
дейт,
Ошондо туруп каапырдын ханы
эр Жолой,
Казандай кара бөркү бар,
Кан чыккандын баарысын,
Соромун деген эрки бар.
Малды көрүп кызыды,
Бүткөн бою ысыды.
Тоодой (болуп) тоңкоюп,
Түшүп жеке келди дейт.
Мусулмандан чыкпаса,
Бул жылкыны турган бою менен
Бирин койбой аламын деп,
Ошондо тиктенип турду, – дейт.
Эми ошондо эр Кошойдун
Эси чыкты калтаңдап,
Ага дагы барыптыр,
Буга дагы барыптыр:
– Баатыр Манас бадышам,
Каапырдын ханы эр Жолой,
Тоодой тоңкоюп эле жатыр дейт.
Эми мусулмандын намысы
Эми эле колдон тайды, – дейт.
Оо, баатыр Манас падышам,
Сен кандайсың балбанга,
Ичин кысып балбанга,
Жыгып байге алганга.
Манас айтат;
– Оо, эл агасы эр Кошой,
Аккуланын үстүндө
Ак Дөө келсе аңтарам,
Көк Дөө келсе көмкөрөм,
Аккуланын үстүндө,
Босого бойлой жоо келсе,
Мурун сайып бербесем,
Ошондо Кошой сен өлтүр.
Ирегe бойлой доо келсе,
Мурун сүйлөп бербесем,
Ошондо Кошой сен өлтүр.
Мен жөөгө турбас ит элем,
Мен жолобоймун Жолойго
Эми байгени алсаң менден ал, –
дейт.
Кошой «аттиң эми» деп,
Атанын арман күнү бул.
Эми айла не болду деп,
Эр Төштүккө барды эле.
– Оо, айланайын эр Төштүк,
ботом,
Кече топ олуя жыйылып,
Тообасынан бүткөргөн,
Бар олуя жыйылып,
Батасынан бүткөргөн.
Тогуз уулдун кенжеси,
Кудайдын жыргасы тийген
эр Төштүк деп,
Эр Кошой айтты дейт.
Эми каапырдын ханы эр Жолой,
Төөдөй түшүп жатып алды эле,
Сен кандайсын эр Төштүк?
Мусулмандын намысы колдон
тайдыбы? – дейт,
Төштүк айтат:
– Оо, эл агасы эр Кошой,
Кечээ Каражорго азгырган,
Кечээ желмогуздун үйтүгү
Жер астында жазгырган
Кырк кабат темир үйдүн ичине,
Анда салып таштаган.
Чалкуйруктун жегени,
Жарым табак арпа эле,
Мен өзүмдүн ичкеним
Жарым табак жарма эле.

Жазы-кышы болгондо,
Үчүнчү жылга калганда,
Кырк бир темир эшикти,
Чалкуйруктун күчү эле,
Быркырата тепкенмин,
Андан ары чыкканмын,
Ит ичпестин Ала-Көл,
Суу түбүнө түшкөнмүн.
Кырк кулактуу мис каза,
Алып чыгып бергенмин.
Эми жеңелери шонун жаман
долу экен.
Жер түбүнө сактаган,
Жеңелери сулуу деп мактаган,
Кызы сыйкыр деп,
Агалары мактаган,
Айтуусуз долу күң экен.
Ошондо айла менен
Ал каруумду кетирген
Айкандын кызы Алтынай,
Аны алдым күч менен.
Анда каруум кеткенде.
Күн хандын кызы Күнүк
Анда каруум кеткенде.
Эми ушу жер астында жүргөндө,
Жыйырма бир өлгөнмүн,
Чалкуйруктун кырк бир
жашы бар,
Жыйырма бирин мага үрөп
(берген) эле дейт,
Оо баштагы күнүм болсо,
Дагы доораным болсо,
Кантээр элем Жолойду дейт
Ошондо астыңкы эрдин кырча
тиштеп айтты эле.
Мен эми жолобоймун Жолойго,
Байгени алсаң эми менден ал.

Андан кийин эр Кошой:
– Эми амал не болду,
Эми арга не болду деп.
Эр Көкчөгө барды дейт
Айланайын эр Көкчө,
Тоодон болуп тоңкоюп,
Жөө балбанга түштү эле.
Мусулмандын намысы
Колдон эми тайдыбы?
Кандайсың эми эр Көкчө, –
деп турду дейт.
Эр Көкчө айтат;
– Эми мен жолобоймун Жолойго,
Бачайы шейшеп төшөндүм,
Макмал чечип жастандым,
Мен арактан тандап бал ичтим,
Казыдан тандап жал жедим.
Кече атам Айдаркандын тушунда,
Айры төштүү адам менен
Алышкан жандар мен элем.
Аке байгени менден ал, – дейт.
Ошондо туруп эр Кошой,
Баарына бирдей айтыптыр,
Баары бирдей качыптыр.
Батман аяк бал ичип,
Батмансыган мырзалар.
Аяк-аяк бал ичип,
Алчаңдаган мырзалар,
Андан ары качыптыр.
Өкүмү катуу алптар,
Андан ары качыптыр.
Андан кийин эр Кошой,
Темир өзөк, таш жүрөк,
Ботого бели майышкан,
Жекеге буту чалышкан,
Теңирсиген Жаанбайга,
Келип эле турду дейт:

– Жаанбай батыр калайсың
балбанга?– деди эле,
Ошондо Жаанбай айтыптыр:
– Мен жолобоймун Жолойго,
Баатыр байгени алсаң менден
ал дейт,
Андан кийин эр Кошой,
Жети-Сууну жердеген,
Жедигердин эр Багыш,
Бели катты эр деген.
Ага келип айтты дейт.
Ошондо туруп эр Багыш:
– Жолобоймун Жолойго! – дейт.
Сары сакал, тик мурут,
Айры сакал, киш мурут,
Баары бирдей качкан соң,
Акбай, Мамбет, Көккоен,
Оо, чүкө ойногон жаш бала,
Ошого эми барды эле,
Барып үндү салды дейт,
– Акбай, Мамбет, Көккоен,
Каапырдын ханы эр Жолой,
Балбанга чыгып түштү эле,
Калайсың Мамбет, Көккоен
баатыр деп турду дейт,
Ошондо туруп Көккоен,
Талпынып айтты дейт:
– Өлсөм өлүп калайыи, аке ай,
Өлбөсөм намыс алайын, аке,
Жыгылсам жыгылып калайын,
Жыгылбасам, намыс алайын,
аке ай.
Кайда сенин Жолоюң, аке ай!
Ошондо Кошой алптарга көрсөт-пөй жашырып эле баланы бал-банга салмак турган эле
Ошондой болуп турганда,
Кара кыр, кара коо көздүү,
Эр Манастын көзү түштү балага.
Ощондо Манас айтат:
– Ал да Кошой бил да
Тоодой эле талабы,
Таштай эле жүрөгү.
Баланын кара күчү  көп эле,
Эми эчтемеге адиси жок эле.
А баланы кара таш,
Келип эле урбайбы, Кошой,
Эми бөөдө өлүм кылбайбы,
Кошой.
Ошондо намыс колдон тайбайбы,
Кошой.
Өлсөң Кошой өзүн өл.
Бу баланы кое көр Кошой дейт.
Тукумуңду көргөнбүз, Кошой,
Сенин кызыгыңды билгенбиз,
Кошой.
Эмдиги намыс сеники, Кошой.
Жолой менен өзүн кармашып
тура көр, Кошой,
Өлсөң өлүп каларсың, Кошой,
Өлбөсөң намыс аларсың, Кошой.

Ошондо Кошой жаш күнкү-сүн арманда кылып айтат:
– Атанын арман күнү бу,
Жалаң аяк жер бассак,
Жер солкулдар жыйырма беш,
Жалаң кызыл ат минип,
Кыз жандаган жыйырма беш,
Жыйырма бешим болсочу, – дейт.
Не отуз бешим болсочу,
Не кырк да бейгам болсочу,
Эми гана элүү да бешим болсочу,
Алтымыш гана бешим болсочу,
Не жетимиш гана бешим болсочу,

Не сексен гана бешим болсочу.
Атаның гана арман күнү бул.
Токсон бештеги эр Кошой,
Эми чечинип эле түшмөк болду
дейт,
Ошондо Айдаркан баласы
эр Көкчө
Келип эле Кошойго айтты дейт:
– Сенин бутуңдагы шымдарың
баатыр
Буралуу марал териси, баатыр,
Окура баскан ит экен, баатыр,
Каапырдын ханы эр Жолой
Алаңдан сени албайбы, баатыр,
Багелекке колун салбайбы,
баатыр,
Ошондо как айрылып калбайбы,
Кошой,
Ошондо абройуң ачылып эле
калбайбы, Кошой.
Ошондо намысың колдон
тайбайбы, Кошой,
Тиги эле тоо текенип териси,
Ой текенин кериси,
Күн ачытып, кул сүргөн,
Алтымыш боз бээнин сүтүнө,
Алты жыл малма салды эле,
Тектүү Каныкей капшыра
тиштеп салды эле.
Эми Манастын бутундагы
кең шымды,
Кошой, алып эле кийсеңчи, –
дейт.
Андан кийин Маанас батырың.
Эми Кошой колун төшөп берди
эле.
Колдун баарына толбой
Жарты ортого толду эле.
Жайма жазып карады,
Бута атым жерге төшөлдү.
Кошой силкип кийген дейт.
Куп жарашып калган дейт.
Балтыры сыйбас болгон соң,
Карыш тилип алгам дейт.
Каймакка куймак куйгандай,
Калмакка нике кыйгандай
Эми куп жарашып эле калган дейт.
Тайлак төөдөй талтандап,
Эми басып Кошой барды дейт.
Атан төөдөй алчандап,
Эми Жолой кобо эле калды дейт:
– Оо, сенин ат башындай
жүрөгүң Кошой,
Айбынбай каптип келдиң сен.
Сенин алтындан сокон билегиң,
Кошой,
Аскар тоодон ашарсың.
Күмүштөн сокон билегиң,
Кошой,
Коркпой кантип келдин сен?
Эми кой башындай жүрөгүң,
Коркпой эле кантип келдиң сен?
Айбалынын кара ташындай
Сени алып эле урбасам, Кошой
Бөөдө бир өлүм кылбасам,
Кошой,
Саныңдан алып ыргытып,
Самаркан көздөй урбасам,
Бутуңдан алып ыргытып,
Букарды көздөй урбасам, Кошой,
Сени бөөдө бир өлүм кылбасам,
Менин Жолой атым курусун,
Кошой, – дейт.
Ошондо Жолойго Кошой айтат:

– Атаңдын көрү ит бүрүк кул ай
Сан күчүңө сен салсаң,
Мен кудайга салайын, – дейт,
Ушул жерде экөөбү
Буурадайын булкушту,
Булчуң этин жулкушту,
Багелегин түрүшүп,
Өйдөгө токой жоюлду.
Ылдый карап сүзүштү,
Ылдый токой жоюлду.
Ой жерлери дөң болуп,
Дөң жерлери ой болуп.
Алышкаи жери айры кезең
болду дейт.
Сүрүшкөн жери сүйрү кезең
болду дейт.
Айкайынын шарпуунан,
«Как» эткен карга калбады,
«Ток» эткен торгой калбады.
Күнү-түнү кырк беш күндөй
болду дейт.
Ошондо Манас жетип келди дейт,
Жана жетип келип айтты дейт:
– Акылыңдаң тандыңбы, Кошой,
Арууңду чалдырдыңбы, Кошой?
Эрмек кылып жүрдүңбү, Кошой
Таң-тамаша кылдыңбы, Кошой?
Ошондо Кошой айтыптыр:
– Ары эле Манас, ары бар, – деп
Колун эле шилтептир:
– Бу каапырдын кара күчү
көп экен, Манас
Мына бу соргок каапырдын,
Эми ич мыкысы жок экен, Манас,
Мыкысын таанып алганмын,
Манас,
Бир күндө жеген ашы,
Тогуз бука эти экен,
Тогуз кочкор эти экен,
Тогуз буура эти экен,
Тогуз айгыр эти экен.
Бир күндөгү ичкени,
Токсон саба кымыз экен.
Алда нече күн болду, Манас,
Даам сыздырбай койгонмун,
Манас,
Эрмек кылып жүргөнмүн, Манас.
Эртең таламандын тал түштө,
Тамашамды көрүн ал.
Ушу гана соргок бүрүктү,
Ошондо оңко-чоңко кылайын.
Эртең күнү болгондо,
Таламандын тал түштө,
Ошондо ак соргок каапырдын
Кардын жерге чубалтып,
Ошондо сүрүп кууган дейт.
Эл агасы эр Кошой,
Кармаган эле жеринен
«Чып-чып» сары суу чыкты дейт.
Каапырдын эле кармаган
жеринен,
Кара кочкул кан чыкты дейт.
Каапырдын ханы Жолоюң
Жагып эле Кошойду
Ыргытып иемин деди эле,
Ошондо Жолоюн чалкасынан
түштү дейт.
Жыгылып эле калды дейт.
Эми Кошой көөдөнүнө минди
дейт,
Үстүнө токтолбостон,
Чарк жүрүп кетти дейт.
Андан кийин:
«Карыганда хан бабабыз

Намыс алын берди, – деп,
Дүйүм алптын баарысы
Эми атка жүгүрө түштү дейт.
«Карыганда кары агабыз
Намыс алып берди», – деп,
Калы килем салды дейт,
Эми ошерде так көтөрүп алды дейт.
Эми ошондо калмактар намыс кылды дейт,
«Жыкса жыгуу бар эле,
Жыгылса жыгылуу бар эле,
Ханыбыздын башынан
Аттайт деген немене», деп,
«Жабу» деген калмактар
Жабылып атка минди дейт.
«Мөңдү» деген калмактар
Бүлүнүп атка минди дейт.
Дин мусулман баарысы
Самаркандын көк ташын көздөп сүрдү дейт.
Ошондо Манас карай салып эле.
Уй түгүндөй көп каапыр,
Каптап жетип калыптыр.
Эр Манастай баатырдын,
Ачуу жаман келди дейт.
Акбулчундай күлүккө,
Үзөңгү теппестен «чарк» минди дейт.
«Жабу» деген калмакты,
Жабылтып жүрүп салды дейт.
«Мөндү» деген калмакты
Булүптүп жүрүп салды дейт.
Ошойдон кийин болук тууган Бокмурун
Туурасынан келди дейт.
Өтүнүч кылып айтты дейт:
– Аш берген киши кылмышкер, Манас төрөм,
Аш берген киши күнөөкөр, төрөм.
Атамдып ашын бергиче, төрөм,
Элге бузук салбачы, төрөм,
Журтка бузук кылбачы, төрөм.
Туурасынан коштоп алып жүрдү дейт.
Жандап алып кетти дейт.
Каапырдын ханы эр Жолой,
Жыгылган жерде жаткан дейт.
Тогуз жорго кыналтып,
Туурасынан жетелеп.
Көзүн ачып караса,
Оо, кырылган солоңдор
Атты бери тарткыла
Ары жыгылып калгамын.
Тогуз жорго бөтөнчө,
Тартуу жедим деп алып,
Каапырдын ханы эр Жолой
Өлгөнүнө карабай
Бир томпоюп калды дейт.
Эми эркиндик болду дейт.
Мусулман менен каапырдын,
Ортосуна тогуз жорго кыналтып,
Дагы айдап салды дейт.
Эми эр сайыштырмак болгоп дейт.
Каапырдын ханы Жамгырчы,
Эми атка минген дейт.
Тула боюн топчулап,
Тултуйган кызыл бетин упчулап,
Карагай найза өңөрүп,
Качыра турган өңдөнүп.
Карагай найза комдонуп,
Качыра турган жөндөнүп
Жоо ортосу Боз-Төбө,

Артыман чыкса мусулман,
Сайып өзүм алармын.
Мусулмандан чыкпаса,
Көп айлантпастан токсон жорго
айдап эле алармын, – дейт.
Ошондо туруп эл агасы эр Кошой,
Эр Манаска айтты дейт:
– Эми Манас кандайсың
Каапырдын ханы Жамгырчы,
Эми жүрүп кетти го.
– Аттан эми эр Кошой,
Астымда минген атым жок эле.
Соорондуктүн Көгала,
Алмамбеттин уй куймулчак
Сарала,
Эми түшүрүп алып минген дейт.
Өйдө карап салды дейт,
Эми тоңколошуп калды дейт.
Ылдый карай салды дейт,
Төңкөлөктөшүп калды дейт.
Көкчө хандын астынан,
Көгаладай беренди,
Эми түшүрүп минген дейт.
Темир туяк, жез билек,
Ыргай моюн Көгала
Эми ээр-токумду салган дейт.
Көгаланы минген соң.
Өөдө карап салды дейт,
Окус берип кетти дейт.
Ылдый карап салды але
Ыкыс берип кетти дейт эле,
Ошондо эр Манас Көгаланы
мактады,
Жана баракелде убактына
жеткенде,
Аккуладан күнчүлүк
Кем боло турган ат экен дейт.
Белдемчи кыяк себилди,
Белге тартып алды дейт.
Чарайна деген себилди,
Сөөк башка кийген дейт.
Эми чанасы алтын, чыныгы жез,
Чын бадана торгой көз,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Жер бадана торгой көз,
Аколпоктой себил тон,
Эми үстүнө баса кийген дейт,
Карагайдыи жармасы,
Ак болоттун куймасы,
Тутам жерин ылдаткан,
Тутам жерин сырдаткан,
Кош кара кыл тактырган,
Душман жакка бактырган,
Карагай найза, как сүңгү?
Эми колтукка кынай
кармады дейт.
Жамгырчынын артынан
Жүрүп эле берген дейт.
Жер ортосу Боз-Төбө
Жетип эле барган дейт.
Каапырдын ханы Жамгырчы,
Ысыгына батпады,
Суугуна батпады.
Эми Манастайын баатырын,
Кайта келип качкан дейт.
Каапырдын ханы Жамгырчы,
Эми атынын башын кайра
эле тартты дейт.
Андан кийин Манастын
Оозунан түтүп буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Карагай айза өңөрүп,
Эми жакын келгенде
Көгаладай берендин,

Катыра салбас кара сан,
Эми катыра камчы салды дейт.
Тайдай этин таратты,
Тайгандай жонун түзөттү.
Койдой эти короду,
Коендой жүнүн таратты.
Жылга жерден жылган дейт,
Жылып жакын келген дейт.
Октой бир аткан дейт,
Ошондо туруп каапырдын,
Качырып сала берген дейт.
Дагы айланып келип каапырды
Жүрөк башынан койгон дейт.
Эми ошондо тоодой болгон
Жамгырчы,
Тоңкоюп жатып калган дейт.
Ошондон соң эр Манас,
Каапырдын атын кармайм деп,
Ошону көрүп «жаба» деген
калмактар,
Жабылып атка минген дейт.
«Мөндү» деген калмактар,
Бүлүнүп атка минген дейт.
Кечегиси эп эле,
Бүгүнкүсү немеңе?
Сайыш-майыш бар эле,
«Ат алат» деген немене?
Мусулмандын баарысы,
Самаркандын көк ташын
Карап эле сызыптыр.
Эми Манас мындай карай салды,
Эми уй түгүндөй көп каапыр.
Каптап эле калыптыр.
Чыккыс жерден турган каапырды,
Эми бүлүнүп сала берген дейт,
Ылаачын тийгеи таандай,
Каапырды аркыратып айдады.
Андан кийин Бокмурун,
Туурасынан кирди дейт:
– Аш берген киши кылмышкер, –
деди.
Баатыр Манас бадышам, төрөм,
Атамдын ашы өткөнчө,
Эл-журтту бузбай тура көр, – дейт.
Манастайың баатырдын,
Ошо жерде ачуу басылып калды
дейт.
Эми баягы каапыр Жамгырчы,
Сайылып жыгылган жеринен,
Коппостон жаткап экен.
Ошондо Бокмурун,
Тогуз жорго жетелеп,
Эми Жамгырчыга тартуу берген
экен дейт,
Каапырдыи ханы Жамгырчы,
Бөтөнчө тартуу жедим деп,
Бир компоюп калды дейт.
Эми эртең күнү болгон соң,
Шурудан буйла тактырып,
Калыдан килем жаптырып,
Тумшугу бар кулачтай,
Эки өркөчү кишидей,
Мусулман менен каапырдын,
Ортосуна карача каймал туу
инген сайды дейт.
Ургачы деген жандар
Чечинип эле эми алсын деп,
Үн салып чакырды дейт.
Андан кийин бир катын,
Жылаңачтанып келди дейт.
Оронгу деген ээси бар.
Орко кула бээси бар.
Энеден туума болду дейт,
Эми жылаңачтанып келди дейт.

Эки колун төбөсүнө койду дейт.
Ошондо төөнү тиши менен
чечип алды дейт.
Ошо жетелеген калыбы менен,
Мусулман менен каапырдын,
Ортосунан как жарып жүрдү дейт.
Ошондо мусулман менен
каапырлар,
Жалжаңдашкан бою менен,
Шатыра-шатман күлдү дейт.
Ошондо Манас катынга
келип айтат,
Эңчеңир бойлуу эр Манас,
Туурасынан кирди дейт:
– Алда Ороңгу оңбой кал.
Сен Ороңгу катын болбой кал.
Сенин үңкүр толгон пулуң бар,
долу-ай,
Өрүш толгон малың бар, долу-ай,
Сен малдан өлүп кеттиңби,
долу-ай,
Пулдан өлүп кеттиңби, долу-ай.
Не жериңде кемиң бар, долу-ай?
Бөбөчөгүңө карасам, долу-ай,
Асып койгон тулгадай, долу-ай?
Ошондо катын Манаска жооп берет
– Ал да Манас не дейсиң,
Бил да Манас не дейсиң?
Ошондо артын шапалактап
Тиги катын айтат:
– Агыш менен Кожошум,
Шону эле тапкан бу к...
Алике менен Boобегим
Шону эле тапкан бу к...
Манас менен Жолоюм,
Шону эле тапкан бу к...
Кошой менен Төштүгүм,
Шону эле тапкан бу к...
Көкчө менен Едиге
Ошону тапкан бу к...
Менин бул к.. эле болбосо,
Кайдан эле чыктың эрлерим?
Үңкүр толгон пулум бар,
Өрүш толгон малым бар.
Тооба, шүкүр кудайга.
Өлбөгөндөй оокат бар.
Мен каруума келгенмин.
Мен кайратыма конгонмун.
Эркекте намыс болот да,
Ургачыда намыс жок бекен
Манас дейт,
Жана эртең күнү болду дейт.
Токсон тору айгырдын,
Үйрүн эми мусулман менен
каапырдын,
Ортосуна салды дейт.
Кай жыкканы алсын дейт.
Мусулмандан бирөө,
Каапырдан бирөө чыксын дейт.
Кытайлардын кыр мурундуу
Коңурбай,
Конурбай аты Үңүрбай
Эми малды көрүп эле кызыды,
Бүткөн эле бою ысыды дейт.
Аттай эми ыргып түштү дейт.
Чыкса жыгып алармын.
Чыкпаса кеп депестен,
Туурасынан аламын дейт.
Ошондо эл агасы эр Кошой,
Манаска келип айтты дейт:
– Баатыр Манас бадышам,
Эми кимди салабыз дейт.
Манас айтат:
– Эл агасы эр Кошой,

Эми эле бүрүк кытайга,
Эми кичине ала канат, бала куш,
Эми Кылычтан кутура тууган эр
Агыш,
Шону андан издеп тап дейт,
Мындан издеп тап, – дейт,
Кыздын өңүн көргөндө,
Кыя өтпөгөн эр Агыш.
Тойлор издеп кеткен дейт,
Кош ат менен колго алып,
Кошой издеп жүрдү дейт.
Тойлуу жерге келди дейт.
Айкандын кызы Алтынай,
Сулуу кызы бар экен.
Дагы ошонун шатыр-шатман
оюндары бар экен.
Эми кызга кирип келди дейт.
Үйгөн талдай үйүлгөн,
Түк өңкөй сулуу жыйылган,
Кызкалдактай кылактап,
Түгөл кыздар чогулган дейт.
Туу куйруктай булгактап,
Айкандын кызы Алтынай,
Эми чыга калган дейт,
Отуз кызга оронкусун жөлөтүп,
Кырк кызга каркарасын сүйөтүп.
Ошондо Агыш Кошойдун
Артынан эре чыккан дейт.
Кошойду атаңа наалат ит,
чиркин деп,
Билектен кармап алды дейт.
Сенин али күнүң бар,
Алышарга күчүң бар, аке-ай, –
дейт.
Ай, акетай эр Кошой
Ошо кытайлардын кыр мурундуу
Коңурбай, бүрү:
– Колумду булгаар итминби,
аке-ай, – дейт.
Ошондо эр Агышты алып
жүргөн дейт.
Алыптардын орногон
Жерине алып келди дейт.
Ошондо кытайлардын кыр
мурундуу
Коңурбай, бүрүк кайдасың!– деп,
Агыш бир эле салган дейт.
– Мында отурамын, эр Агыш кул
ай, – деп,
Карт буурадай чабынып,
Эми Коңурбай кобо калды дейт.
Ошо жерде экөөбү Буурадайым
булкушту,
Булчуң этин жулкушту.
Багелекти түрүшүп.
Тай букадай сүрүштү.
Өйдө карап сүрүштү,
Өйдөгү токой жоюлду.
Ылдыйкы токой жоюлду.
Ой жерлер дөң болуп,
Дөң жерлер ой болду.
Алышкаи жери айры кезең болду
дейт.
Сүрүшкөн жери сүйрү кезең
болду дейт,
Экөөнүн шарпуунан,
Как эткен карга калбады.
Ток эткен торгой калбады.
Күнү-түнү отуз беш күн алышты
дейт.
Агыштайын баатырың,
Үйрүп эле салмактап,
Кытайлардын кыр мурундуу,
Коңурбайдай каапырды

Кылычтан кутура эле тууган
эр Агыш,
Төбөсүнөн жанча эле жерге
түшүрдү дейт.
Эки эле тамапы эле көрүндү дейт.
Андан кийип эртеңине болду
дейт.
Каапыр менен мусулман,
Бир өңкөй болуп турду дейт.
Андан сүрөөсүн Манас айтты
дейт:
– Алда нече алда күн,
Алабаш жорго чубар ат,
Байге саярга камдады.
Байгесинин эми кем-кемтиги
бар экен.
– Ай, эл агасы эр Кошой батыр,
Кем-кемтигин толтургун.
Ай, эми атжолуна барамын,
баатыр.
Ат жолуна үч күнчүлүк астына
барды дейт.
Алабайрак куу найза,
Жоодураган кырк чоро.
Асман менен талашкан,
Түптүү чынар тереке,
Барып эле конду дейт,
Аккылчуңдай күлүктү,
Аса байлап салган дейт,
Аколпоктой себил тон
Айкарасынан жамынып уктап
калган дейт,
Күнү-түнү тогуз күн,
Бирдей уктап жатты дейт.
Жер айрылып, суу чыгып,
Күн күркүрөп, көк чыгып.
Эми аттан кабар угулат.
Аколпоктой себил тон
Эми силкип таштады.
Манастайын баатырың
Алабайрак куунайза,
Жоодураган кырк чоро
Баарын бир эле келип көр, – дейт,
Таштан төлгө так сүйлө,
Эми кумалак төлгөм куп сүйлө,
Көз ачыгым болжой көр.
Жер тыңшаарым жер тыңдап,
Таш төлгөм так сүйлөп,
Кумалак төлгөм так сүйлө, – дейт,
Найза бою ор казып,

Жер тыңшаары жер астынан тыңшап айтат:

– Баатыр Манас бадышам,
Кайсы экени билбей турам,
Алтай, алтай, алтай деп,
Алтайлаган ураан бар.
Каңгай, каңгай, каңгай деп,
Каңгайдаган дагы бар.
Кошой, Кошой, Кошой деп,
Кошойлогон ураан бар.
Көкүм, Көкүм, Көкүм деп,
Көкүмдөгөн ураан бар.
Төштүк, Төштүк, Төштүк деп,
Төштүктөгөн ураан бар.
Көкчө, Көкчө, Көкчө деп,
Көкчөлөгөн ураан бар.
Карач, Карач, Карач деп,
Карачтаган ураан бар.
Чоюн, Чоюн, Чоюн деп,
Чоюндаган ураан бар.
Дүйүм, Дүйүм, Дүйүм деп,
Дүйүмдөгөн ураан бар.
Кайсы экени билинбейт, төрөм,
Манастаган ураан бар, – дейт.

Актар айтпаганча болбоду,
Аттар жылт эте калды.
Каапырдын ханы Жолойдун
Ачбуудан келет алкынып.
Анын артынан эр Үрбүнүн
кыйды карасы келет,
Анын арткы жагынан
Жамгырчынын алтын баштуу
Аксаргыла келет,
Андан кийин эр Төштүктүн
Чалкуйругу келет,
Каапырдын Ачбууданы,
Эми араандай оозун ачыптыр,
Төшүнө көбүгүн чачыптыр,
Мааникердей күлүк ат,
Колтук булкуп, кол чулкуп,
Жайма көкүл жаш Айдар
Оозун бербей тартып келет.
Чалкуйруктун артынан
Темир өзөк, таш жүрөк,
Жанаалынын Уратору эми
келатат.
Анын арка жагынан,
Ороңгунун орко кула бедөөсү,
Эми келе жатыр дейт.
Артынан желдер кирет деп,
Тогуз чылгый кийизди,
Тыгып эле таштаптыр дейт.
Анын арка жагынан,
Жети-Сууну жерлеген,
Жедигердин эр Багыш,
Ойротту бузар эр деген.
Эр багыштын жылаандай болгон
Суркоен,
Жылт деп чыгып келет дейт.
Ошондо эр Манастай баатырың,
Эки жагын каранып
жалтандап турду дейт.
Эр Багыш аты артынан
Киштей сакал жайкаган.
Эми оозун арак менен чайкаган,
Уй куймулчак Сарала,
Эми уюлгуткан, ойноткон,
Алмамбет эми жаныдан чоро
болом деп,
Жагына албай турган малай дейт.
Кайыптан тууган Аккула,
Эми сүрөп келди дейт,
Ошондо Манастайын баатырың,
Акбулчунду туйлатып,
Аккула сени жебесем деп турган
экен,
Ошондо Алмамбеттей баатырың,
Аккуланы жетелеп,
Он эки кулач чылбырды,
Алты жерден үзүптүр.
Эми алты жалгоо кылыптыр.
Ошондо көрүп Манастай
баатырың,
Аккуланы көздөп жүрүп берди
дейт.
Шондо Алмамбет Аккуланы
жетектеп,
Манаска айта-айта келди дейт:
– Төрөм, төрөм дегенге
Мынча не сен дүркүйдүң?
Манас, Манас дегенге,
Мынча не сен барчайдың?
Үрүп койгон чаначтай,
Мынча не сен дардайдың?
Атты өзүмө байлатпай,
Эми кечээ өзүмө жайлатпай,
Төрөм, эми сенин бул немеңе
кылганың,

Кечээ Чалкуйрук менен кошо
тердетпей дейт,
Шондо Манастай баатырың,
Эми акыргандан бакырды,
Жакып, Жакып, Жакып деп,
Жакыптан ураан чакырды.
Кайыптан тууган Аккула,
Катыра салбас кара сан,
Эми катыра камчы салды дейт
Тайдай этин таратты,
Тайгандай жүнүн түзөттү.
Койдой этин коротту,
Коендой жонуп ойротту.
Эми алты айчылык жол басып,
Ал табына келиптир.
Аккуладай күлүгү,
Жети айчылык жол басып,
Жол табына келиптир.
Көк булуттун асты менен,
Муундуу чөптүн үстү менен,
Эми аркырап келип учкан дейт.
Ошол өңгө аттардан,
Күнчүлүк чыгып озуп кеткен дейт.
Манастайың батырың,
Акбулчуңдун баштарын,
Шондо тартып турду дейт.
Айгайлаган чоролор,
Айгайлап сүрөөн жорутту.
Кырк боз минген чоролор,
Кырк кара көк кийип,
Көк коенго окшошу болун бир.
Манас, Манас, Манас, – деп,
Аккуланын көтүнөн,
Жортуп жүрүп бериптир.
Соорондуктүн көгала сакал
Алмамбет,
Кашына алып калыптыр.
Алтындуу кара чакчасын,
Алтын ээрге «чак» кагып,
Оозуна насбай куюптур.
Аккула бул байгени алар деп.
Астыңкы күнү бараар деп,
Көңүлүн кушбак кылыптыр.
Эми атынын аяңы менен
жүрүптүр.
Артылмандын Ак-Кыя
Ат аша албай туруптур.
Көздөй учкан зоосу бар.
Учуп жаткан аттар көп.
Ак-Кыяга жеткенде,
Акбулчуңдай күлүк ат,
Калжайып туруп калыптыр.
Манастайын баатырың,
Ныл такалуу көк өтүк,
Мыкчыңдатып басыптыр.
Бото белбоо бош салып,
Акбулчуңдай күлүктү,
Кыр аркага салыптыр дейт.
Ашуу бербес Ак-Кыя,
Көтөрүп эле ашты дейт.
Ак-Кыядан ашкан соң,
Акбулчуңдай күлүккө,
Минип эле салды дейт.
Шонтип аш берген жерге
барды дейт,
Уй түгүндөй көп каапыр,
Чокчороңку көрүндү.
Кырк чоронун баарысы,
Арыктагы сууларга,
Эми маңдай-тескей болуптур.
Башынын канын жууп жатыптыр.
Айрылбаган башы жок,
Канабаган жаагы жок.
Манасты эми эле көргөн сон,

Алабайрак куу найза,
Жоодураган көп чоро,
Бөрүктөрүн башына,
Бат эле жаап (кийиптир),
Чоролордун баарысы
Эми сумсайышып туруптур.
Манастайың баатырың,
Кылчайып карай көз салса,
Аккуладай беренди,
Кууш каңтарып, кең тушап,
Алтын чатыр үртүккө,
Аса байлап салыптыр,
Минип баатыр барган дейт,
Эки жакка караса,
Аккулада байге жок,
Ала байрак куу найза,
Жоодураган кырк чором
Чоро башы Кыргылчал чором,
Катынын жылда үч туудурган
сүргүн чал, чором,
Бөксөң өпөң чал
Соорондуктүн көгала сакал,
Алмамбет чором,
Сасык ооз Сармамбет, чором,
Кутунайдын Куужигит,
Кубулжуган шам жигит,
Ободогу жылдызым,
Суу ичинде кундузум,
Эми үйдө серек, от башы чором,
Тоодо Сыргак топ башы чором,
Жан жолдошум Жаныбек,
Тең жолдошум Тыныбек,
Нурдуң уулу Жаанбай, чором,
Ширин сөздүү Ажыбай, чором,
Камбардан калгап Канчором.
Эми Мажиктен калган Күлчором,
Аты журтка дапдайын,
Ат которгон балбаным.
Тегсрек журтка далданым
Туу которгон балбаным.
Чоролордун кенжеси
Тазбаймат кул-ай,
Жан казанга казы менен жал
кайнат,
Аккуула бу байгеден калдыбы,
чором?
Бу байгеден алдыбы, чором?
Бу байгеден бу калса,
Кабак жерге алып кел,
Күлтөлүү башын кесели,
Кең соорусун оелу.
Этин үлбүрөтүп бышырып,
Жолпурата туурайлы.
Этине мыктап тоелу.
Сөөгүм итке кушка жыттатпай,
Бачайы менен оройлу,
Макмал менен чулгайлы.
Эми Масейилдин белине
Сарлап эле коелу.
Өйдө ылдый өткөндө,
Көңүлгө тутуп калайлы, чором, –
дейт,
Аккула бу байгеден калдыбы?
Бу байгеден алдыбы?
Ошондо Нурдун уулу Жаанбай,
Жерди сүзүп отурду.
Эми ошондо Ажыбай айтат:
– Баатыр Манас бадышам,
Сенин атың Аккула
Озуп байге албады,
Озбой куру калбады.
Сенин атың Аккула
Баштагы күнү келди эле, төрөм
Өңгө аттардын баарысы

Кийинки күнү келди эле, төрөм.
Каапырдын ханы эр Жолой, төрөм,
Байгени тартып эле алды, төрөм.
Баарыбызды союлдап уруп салды
эле, төрөм,
Ошондо кашындагы алптардын,
Кыбасы эми канды эле, төрөм.
Ынанбасаң мынакей деп,
Баары бөркүн жулуп алды эле.
Ошондо эр Манастай баатырдын
Тал чыбыктай бойлору,
Алачыктай үрпүйдү.
Кара көзүн кан чалды.
Акбулчуңдай беренден
Эми чуркап түштү дейт,
Эми канык уста да бутаган,
Как ыргайга саптаган
Уңгусу болот, учу курч
Ай чыккандай айбалта
Эми билекке орон алды дейт.
Аккулага жайдак чуркап минди
дейт.
Чылбырды түбүнөн кыйып ийди
дейт,
Чоктук жалы териси менен,
Бир колума келгем дейт.
Ошондо уй түгүндөй каапырды,
Качыра салып барган дейт.
Каапырдын ханы Жолойду,
Алты сан калмак болуп бир,
Алты курчап алыптыр,
Жети сан калмак болуптур,
Жети куурчап алыптыр,
Ошончо каапыр нчинен
Короздой мойнун козголтуп,
Кыл мурутум шыйпайтып,
Алаган көзүн алайтып,
Каапырдын ханы Жолоюң
карап туруптур.
Эшик эндүү айбалта,
Эшип эле кетти дейт,
Каапырың эки жарыла берди
дейт,
Ошондо эр Манас,
Каапрыдын каны Жолойдун,
Жаагын эшиктей жара эшип эле
кетти дейт,
Башын эле аркайта эми чапты
дейт.
Шондо болук тууган Бокмурун
Туурасынан эр Манаска келди
дейт,
– Баатыр Манас бадышам.
Аш берген киши кылмышкер,
төрөм,
Аш берген киши күнөкөр, төрөм.
Акем ашы өткөнчө,
Журтка бузук салбай тур, төрөм,
дейт.
Соргок эле Жолойдон
Байгенди өзүм эле алып берейин
дейт,
Ошондо Манастай баатырды,
Шонтүп Коштоп эле алып кетти
дейт,
Манастын ачуусу басылды дейт,
Каапырдын каны Жолойдун,
Жаагынын каны тыйылбай,
Кызыл суу болуп акты дейт,
Жолум үйдөй кийизди,
Алып келип жапшырды.
Ага деле болбоду,
Жолум үйдөй куу алып
Дагы келип жапшырды.

Ошондо каны тыйылып калды
дейт,
Токсон өгүз терисин,
Каптап эле ийди дейт.
Ошомдо Жолой сындуу капырың
Акырын эле коопту дейт
– Чымын эле бу Манас,
Чиркей эле бу Манас,
Чагып эле кетти жаагыма дейт.
Эми эртеңине болгондо,
Каапыр менен мусулман,
Айрылмак болду дейт.
Манастайың батырың
Эми Жолойго кирип барды дейт:
– Атаңдып көрү шөкүлө ч....,
ит бүрүк!
Алтымыш эрди бир жутуп.
Кан жыттанган ит бүрүк,
Алтымыш жылы жөө басып,
Тер жыттанган ит Жолой
Кечээ Үкүрчүнүн оюнан
Үч-Капкактын боюнан
Отор төө алганда, бүрүк,
Ошондо бир өлүп калдыңбы,
бүрүк,
Ошому да кылгап мен Манас.
Эми сенден коркомумбу, бүрүк?
Кечээ Агайкандын жолунда
Алты сандуу көп жылкы
Айдап тийип алганда,
Улуу жолго салгамда, бүрүк,
Чубураган колуңду,
Сууга кырып кеткенде,
Чыңкылдаган бээнди
Жолго жарып кеткенде
Ошондо өлүп калдыңбы?
Эми киши болдуңбу?
Аны да кылган мен Манас
Эми сенден корктумбу?
Кечээ Көгайкандын жолунда
Жети сандуу көп жылкы,
Доолбасты «карс» коюп,
Аккелтени «тарс» коюп,
Сенин жылкыңды жыйып
алганда кул-ай,
Улуу жолго салганда.
Сенин жоргонду жорголотуп
жолго салганда,
Жортогуңду алып мингенмин,
бүрүк
Ошондо как сеңир болгон
тайларың калган, бүрүк,
Кары-картаң бээң калган, бүрүк,
Сенин астыңдагы Ачбуудан,
бүрүк,
Шондон калган жураттыр, бүрүк.
Ошону да кылган мен Манас
дейт.
Эми кылчачыңды алганмын,
бүрүк,
Эми кулагып кесип салганмын,
бүрүк.
Эми сенин базарчыңды
алганмын, бүрүк,
Башын кесип салганмын, бүрүк.
Жолоочуңду алганмын, бүрүк,
Жолго жарып салганмын, бүрүк,
Алтымыш жылы жөө басып,
Тер жыттанган бүрүк.
Алтымыш эрди бир жүтүп,
Кан жыттанган бүрүк,
Келе эле бер байгемди, – дейт,
Каапырдын каны чоң Жолой,
Кулак какпай койду дейт,

Уй түгүндөй көп каапыр,
Каптап жүрүп берди дейт,
– Өлсөм өлүп калармын,
Өлбөсөм сага Манас кылармын,
– деп Жолой айтты дейт.
Манастайың итиңден,
Жаак айыртты деген не шумдук.
Мен мындан ары барармын,
Чакы менен Жайнактың,
Кулжа менен Коноктун,
Келе ортого барармын,
Калың бир колдор болормун.
Аргын сүмөн чаптырып,
Алты сан колдор жыярмын.
Зоргун сүмөн чаптырып,
Жети сан колдор жыярмын,
Ошондо Манас сага кылармын.

Ошондо эр Манас бозала болгон бою менен туруп калыптыр.

Эр Манастай баатырың,
Кайта салып барган дейт.
Шондо Кошой колун сурады,
Кошой колун бербейт дейт.
Дагы Төштүк колун сураса,
Төштүк колун бербейт дейт,
Дүйүм алптын баарынан,
Баш-башынан сурады,
Баары бербей жубатты.
Ободо жылдыз бар экен
Айдаркандын баласы
Айлангыс тууган эр Көкчө
Кудай дешкен дос экен.
– Айлангыс тууган эр Көкчө
баатыр
Сен колуңду бере көр, баатыр,
Сен колуңду бербесең,
Көгала күчүн бере тур.
Көгала күчүн бербесең
Көккүбөң күчүн бере тур, баатыр
Мен Чакы менен Жайнактын,
Кулжа менен Коноктун
Эки ортосун тосоюн.
Көгүчкөндөй эр тоноп,
Көңүлүмдү басып алайын.
Такыя тоноп кийейин.
Сагызгандай эр тоноп,
Санамды басып алайын.
Күрмө тоноп алайын, Көкчө дейт.
Ошондо Көкчө айтат:
– Батыр Манас бадышам, достум,
Менин билегим бийик, туум баш,
Өзүм жалгыз, элим аз.
Алтай толо көп калмак,
Аралаша жашаймын,
Менин Көгалам таанып
койбойбу, Манас?
Каңгай толо көп калмак,
Көккүбөм таанып койбойбу,
Манас?
Баарысын таанып алган соң,
Манас?
Мени Кыл-Эртиштен сорбойбу,
Манас?
Менин түп-түбүмө жетпейби,
Манас?
Каркындап каапыр албайбы.
Манас?
Карк олжого канбайбы, Манас?
Мен колумду бсре албайм,
Манас?
Кааласаң Агеркечти алып кет,
Манас?
Умсунай сулууну алып кет,
Манас?

Кааласаң Үмөтөйдү алып кет;
Манас? – деп Көкчө айтты дейт.
Шондо Манас айта-айта кетет
дейт,
– Баарынын эч кереги жок эле,
достум,
Эми антыңды мойнуңа ал, достум,
Эми бербесең атын менен куруп
кал,
Тонуң менен куруп кал деп
Салып эле кетти, – дейт,
Мусулмандын баарысы,
Эми кайра чыгып берген дейт.
Жер ортосу Боз-Төбө,
Боз-Төбөгө Манас жатып алган, –
дейт,
Алабайрак куу найзам,
Жоодураган кырк чором,
Баарың бирдей отурасың,
Аккуланын байгесин,
Соргок доңуз Жолойго,
Тарттырат деген немене?
Эми жакымга домок калбайбы,
чором?
Алыска жомок калбайбы?
Ой, кырылган кырк чоро,
Жыйырмаң үйгө бара көр,
Эми болсоң опо чал болуп,
Жыйырмаң мында кала көр.
Темир хан кызы
тектүү туутан Каныкей
Эми Каныкейге бара көр,
Жаз болгончо жортомун,
Жаз азыгын камдап кел,
Эми кыш болгончо жортомун,
Кыш азыгын камдап кел,
Чором мындан ары даң баргын,
Төкөр уста Дарканга
Салам дубай деп баргын.
Отуз уулун алсын дейт,
Токойдун булуңуна кирсин дейт,
Эки жагын ашасын,
Чымын менен чиркейдин,
Тумшугунан келтирип,
Бнр ак болот жасасын.
Ары барса үч күнгө,
Бери барса үч күнгө,
Алты күндөп сеп калсаң,
Баарыңды бирдей кырам дейт.
Эми салып кетти чоролор.
Темир хан кызы Каныкей,
Эми түшүндө берген аянды,
Баарын даярлап эле конгон экен
дейт,
«Лап» төкөр уста Дарканга
Салам-дува деп барды.
Төкөр уста Дарканың,
Отуз уулун алып,
Токойдуи булуңуна кирип,
Ак болотту жасай баштады дейт.
Шондо көөрүгүнө чыдабай,
Көк букалар союлду.
Көмүрүнө чыдабай
Толгоп токой жоюлду.
Эми сугатына чыдабай,
Кыска суулар соолду.
Ошон этин төкөр уста, Дарканың,
Бир ак болот жасады.
Шондо төкөр уста
Кулундуу кара бээсине минген
дейт,
Чоролор менен эрчип жүргөн
дейт,
Мен Манаска барам деп.

Манаска барып кайтам деп,
Ак тинте жайын айтам деп,
Чоролор менен Манаска барды
дейт!
– Салоодон салоо Манас
бадышам, төрөм,
Эсен-аман болдуңбу, төрөм,
Сак-саламат жүрдүңбү, төрөм, –
дейт.
Манас салам алат,
– Алейки-салам, абышка байым,
Эсеп-амап жүрөмүн, байым.
Сени сагынган соң жибергемин,
байым,
Ошондо төкөр уста айтат:
– Айланайыи бадышам, төрөм,
Аа тура көр тагында, төрөм.
Мен токойдун булуңуна кирип,
Бир ак болот жасадым.
Каапырдын башын кескендей,
Ак болоттой себилдин жайын
айтамын,
Ошондон чапчаң эле кайтамын.
Кынга салса кылт этпес,
Сууруп алса жылт этпес.
Эми батагаңа сала көр, төрөм,
Каапырды көздөй саларда, төрөм,
Ай жакка карай шилтесең, төрөм,
Алтындан чаңы жазылат, төрөм,
Акырын шилтеп бек тарткын,
төрөм,
Кокустан жерге түшпөсүн,
Колуңдан жазым болбосун,
Жүзүн жерге каратпа, төрөм,
.............................................
.................................
...........................
...........................
.....................................
................. болсун деп,
Килемден килче жаптырып,
Бачайы менен ороду,
Кудай ошо каапырды,
Ушу сапарда берсе,
Төкөр уста сенин абалыңды
артык кылармын дейт,
Ошондо Төкөр уста батасын
берип жөнөдү дейт,

Андан кийин Маанас каапыр жакка жүрмөк болду жана чоролоруна айтат:

– Ала байрак куу найза,
Жоодураган кырк чоро
Ак чатырды бүктөңүз,
Аксаргылга жүктөңүз.
Көк чатырды бүктөңүз,
Көксаргылга жүктөңүз.
Тулпарга кош тарткыла
Каапырды көздөй жорткула,
Ошондо жүрүп эле берди дейт.
Күнү-түнү эр Манас,
Аттан кошту түшүрбөйт.
Сегизинчи күн болду.
Такыядай Тал-Чоку,
Талтайып эле берген дейт.
Эми ошондо эки жагын
болжолдойт.
Эр Манас өз-өзүнөн кудайга
Наалыш айтып барат дейт.
– Айланайын атыңдан, ээм,
Мен көргөңдү көрдүңөрбү, ээм?
Эми менин билгенимди
билдиңби, ээм?
– Айланайын атындан, күлүк,

Эч кетпейин кашыңдан, күлүк,
Көргөнүң болсо айта көр, күлүк,
Билгениң болсо айта көр.
– О-ошо Сары-Белдин жонунда, ээм,
Кырчактын кызыл түлкү кубулуп,
Кечеги каапыр Жолойдун,
Өткөн сулуу кызы экен,
Ошондо бизди көрүп калыптыр.
Адамдын жиберген эриби,
Кудайдын жиберген кулубу?
Жерден чыккан жек бекен?
Эми Жебирейил шум бекен, ээм?
Суудан чыккан сук бекен, ээм.
Шумурайыл шум бекен, ээм,
Ошону барып алсак, ээм,
Ошондо бизге берер де, ээм,
Ошондо бизди жалгаар, ээм.
Ошону дагы бербесе,
Эми бизди кудай урду, ээм.
Каапыр Жолой, каапырдын,
Бар кароолу ал экен.
Ошого Алмамбетти жибергин, ээм.
Алмамбетиң жарабаса,
Кыргынчалды жиберчи, ээм.
Кыргынчалың жарабаса,
Арабызда туугам кул эле,
Аксаргыл менен Ажыбайды жиберчи ээм,
Эми Ажыбай бармак болду дейт.
Бир огуң көздөп ала көр.
Бир огунан болбосо,
Дагы бир огунду туштап ала көр.
Ошону кудай бир берсе,
Опуруп алып келе көр.
Алып эле келгин дейт,
Канжыгаңда салактап...
Эртеңиңе болгондо,
Талкымандын тал түштө,
Жердин жүзүн алыптыр.
Желпилдеген туу келди.
Күндүн көзүн алыптыр.
Күркүлдөгөн кол келди.
Ошол колдун ичинде,
Аты барды бир тоодой,
Эми өзү барды бир тоодой,
Жолой деген каапырың келе жатат дейт.
Эми ошонун ичинде,
Карала ат минип,
Кылыл желек туу алып,
Жылаңач кылыч колго алып,
Илгери-кийин бастырбай,
Кытайлардын кыр мурундуу Коңурбай
Колдун астын токтотуп,
Бери карай жортту дейт.
Ошону көрүп эр Манас,
Чоросуна айтат дейт:
– Соорондуктүн көгала сакал Алмамбет, чором,
Алача моюн, кулжа сан,
Ардак тууган Сарала,
Саралага мине көр.
Карагай найза, как сүңгү?
Колтукка кынаптала көр.
Жылга жерден жыла көр,
Кокту жерден кыя көр,
Бөгөт жерден бөгө көр,
Чүңөйт жерден чөгө көр.
Сараланы борбойлоп,
Как тушуңа келгенде,

Коңурбайды качырып салып
бере көр,
Ошентип эрдик кыла көр.
Чамаң келсе ат-маты менен ала
көр, чором,
Ага алың келбесе,
Атын алып чыга көр, чором.
Эми качыратка сала көр, чором.
Ошондо кудай берер де, чором,
Ошондо кудай бербесе,
Эми бизди урар де, чором.
Ана ошондо Алмамбет,
Манастын айтканындай кылган
дейт.
Дегениндей тийген дейт,
Жылга жерден жылды дейт,
Жылып жакын келди дейт.
Кокту жерден кыя берди дейт,
Бөгөт жерден бөктү дейт,
Чүңөйт жерден чөктү дейт.
Карагай найза, как сүмбө
Түкүрүп колго алып кирди дейт.
Саярга чама келбейт.
Белинеп карман көпчүктү,
Катырып атын туштап жөнөдү.
Ошондо жылаандай болгон
каапырың,
Жылып түшүп калды дейт.
Каапырдын ханы чоң Жолой
Ачбууданды коштоп эле келген
дейт,
Жайдак чуркап минди дейт.
Карагай найза, ак сүмбү,
Алмамбеттин артынан,
Жүрүп эле барды дейт.
Ошондо Жолой айтат:
– Ай, кырылган калмак солоңдор,
Менин артыман жалгызың келбе
журтум,
Башың сенин каноодо, журтум,
Малың сенин талоодо, журтум,
Ушу жерге жаткының, журтум.
Сонундагысы көп болсо,
Өзүм кармап алайын.
Тилине анык канайын.
Өзү жалгыз ал болсо,
Өзүн сайып алайын,
Тон-тонобун алайын.
Астындагы аттарды,
Эми бууданга шерик кылайын деп,
Жолой Алмамбетти кууп жүрүп
берди дейт,
Алмамбеттей баатырың,
Уй куймулчак Сарала,
Көрүнгөн жерден көрүнүп,
Көрүнбөгөн жерлерде,
Көк түтүн болуп созулуп.
Билинген жерде билинип,
Билинбеген жерлерде,
Ок жылаандай ийрилди дейт.
Андан кийин Ачбуудан менен
Жолоюң,
«Чу» – деп эле берди дейт.
Бир саатар болгондо,
Ардак тууган Сарала,
Куйрук түбү чылкылдап,
Кулак түбү былкылдап,
Каруу жаман кетти дейт.
Алмамбеттей чоронун,
Эки көзү алактап,
Эки буту салактап,
Мындай карай көз салса,
Каапырдын каны Жолоюң,
Оозунан түтүн буркурап,

Көзүнөн оту шыркырап,
Бута атым жетип калыптыр.
Сарала жайы кеткен соң,
Каралага эми чуркап бут салды.
Жоонун малы Карала,
Ооздугун карч тиштеп,
Туруп эле калды дейт.
Саралага дагы чуркап минди дейт.
Ошондо каапырдын ханы
эр Жолой,
Жетип эле келди дейт,
Алмамбет менен Жолойдун,
Келе жаткан маанисин,
Эңчеңир бойлуу эр Манас,
Үңүлүп эле калган экен дейт.
Ошондо Аккула менен аршындап,
Кабак жерге калкалап,
Туурасынан отурду.
Жолой Алмамбетке жетерде,
Ошондо көрүп Манастай баатырың,
Ошондо ак качырып сала берди
дейт.
Карагай найза, как сүмбө,
Сайып эле алды дейт.
Дөөдөй болгон Жолоюң
Тоңкоюп эле калды дейт.
Ачбууданды кармап алам деп,
Манастайың батырың,
Кууп эле жүрдү дейт.
Ошондо туруп Ачбуудан,
Карчыга болуп асманга,
Чыгып эле кетти дейт.
Ошондо Манас Алмамбетке айтат:
– Соорондуктүп көгала сакал,
Алмамбет чором,
Баракелде эрдигиңе, чором.
Баракелде шердигиңе, чором.
Ат жоорутмак терликтен,
Найза саймак эрдиктен.
Мына эми каапыр-кабырды,
Кекиртекке тебе көр, чором.
Башындагы шуру ташты,
Кан кылбай силкип ала көр.
Ак болот күчүн сынаймын,
Мына эле каапыр-кабырды,
Жүрөк башка тебе көр.
Үстүндөгү себилди,
Ат көтөрбөс темирди,
Кан кылбай силкип ала көр.
Ак болот күчүн сынаймын,
Мынабу эле каапыр-кабырды
Чаткаякка тебе көр.
Бутундагы көк жөкө,
Кан кылбай силкип ала көр.
Ак болот күчүн сынаймын,
Сырдай жылаңач кыла көр, –
дейт.
Ошондо эр Жолойду дырдай
жылаңач кылды дейт.
Эми умасынан отургузуп койду
дейт.
Кол аяктан ат көтөрбөс темир
себилди.
Ошондо эр Манас
Айга көрсөтсө, алтын чаны
жазылат,
Күнгө көрсөтсө, күмүш чапы
жазыла турган,
Ак болот менен эр Жолойдун,
Башып кесип алган дейт.
Атасы башка капырдын,
Башы тоголонуп калган дейт.
Эми узунунан таштай көр,
Ак болот күчүн сынаймын.
Дагы салды каапырды.
Бокту ичекти аралата

Бегирээк шилтеп салыптыр.
Этин кыйган ак болот,
Ээп калган ак болот,
Жерге карай зымрайып,
Туткасы калды тинтенин.
Кара жердин жарыгы,
Ошондон калган дебейби?
Булбулдан Кең-Токойдон
Уйкуймулчак Сарала,
Жүз төөнүн отунун,
Теңдеп эле келген дейт.
Тоодой кылып жакты дейт.
Ошондо Жолойдун устуканын
опат кылды дейт.
Сөөгүн сөпөт кылды дейт.
Кыбладан кызыл шамал
желдентип,
Шамал күлүн сапыртып,
Киши көнүлүн бошотуп,
Таштай көңүл жумшатып,
Муңдуу сөздөрүн айтып,
Карчыга болгон Ачбуудан,
Айланып жүрүп үн салды:
«Кан ичме кандай каапыр
сен элең?
Хан ээмдин карга чокур канын
койсоңчу?
Түлкү шимшиир жыттык дагы
койсоңчу?
Атаңдын кеги бар беле?
Энеңдин кеги бар беле?
Баштагыдай табир боло албайм,
Манас сага карматпайм.
Хан Жолой ээмдин жолунан,
Ашса табыт ай катпасам,
Ачбуудан атым курусун деп,
Доолаган отко түштү эле.
Ачбуудандын ошондо,
Кайда кеткениң билишпейт,
Эми каапырларга умтулат.
Алабайрак, куу найза,
Жоодураган кырк чоро,
Кырк чоронун баарысы,
Бат атары мойнунда,
Тез атары койнунда,
Жетип келди чоролор,
Жуушаган койдой болушуп,
Жаткан экен көп каапыр.
Ай жагынан тийген дейт,
Айда сүрөөн салган дейт.
Күн жагынан тийгеи дейт,
Күндө сүрөөн салган дейт.
Манас, Манас, Манастап,
Качырып эле каапырды салган
дейт
Тарсылдаткан көп мылтык,
Тарсылдатып атты дейт.
Карсылдаткан көп мылтык,
Карсылдатып атты дейт.
Алты сандай каапырды
Алты аралап кырды дейт.
Жети сандай каапырды,
Жети аралап кырды дейт.
Ат боорунан жин болду,
Эр такадан кан болду.
Эки жакка караса
Тирүү жандар жок болду.
Көз учкандай талаада,
Кетип барат бир караан.
Кууп берди эр Манас,
Жакын жетээрде тааныды.
Кытайлардыи кыр мурундуу
Коңурбай баатыр ал экен.
Алгара аты астында.
Жалгар суусар башында.
Талгардын суусу ташыптыр,

Кең-Меженин суусу
Калыбынан ашыптыр.
Кан көбүгү аралаш,
Агып Иле жаткан дейт.
Кандай эле Алгара,
Мандайына дак кыла берди
дейт.
Кырк кулач аятын куйрукту,
Манастайын баатырың,
Куйрук түбүнөн кармайт дейт.
Куйрук колдо калды дейт,
Өзү чыгып кеткен дейт.
Эми Алгарга тил бүтүп,
Коңурбайга айтат дейт,
– Кытайлардын кыр мурундуу
Коңурбай ээм,
Кулагымдан айрылып, ээм,
Мен чунак кара ат болгонмун,
Куйругумдан айрылып,
Чолок кара ат болгонмун.
Менин куйрук-жалым курусун,
Менин Жолой алпым канакей?
Жолой андан курусун,
Эми жаныма шерик боло турган,
Жалымды кашып бере турган.
Ачбуудан күлүк канакей?
Ачбууданым курусун,
Капкалуу калың көп журтум
менин канакей,
Андан калып не болдук, ээм?
Элге не деп барабыз, ээм?
Журтка эле не деп барабыз?
Журтту не деп көрөбүз, ээм?
Ошончо жандан жыра чыгып
кантип барабыз?
Өлсөк өлүп калалы, ээм,
Өлбөсөк Манастан кекти алалы,
ээм.
Аты арып калыптыр, ээм,
Эрини кебериңки болуптур.
Этеги түгөрүнү көрүндү,
Эми келе кайталы, ээм.
Суудан кайта кечели, ээм,
Каруунa келтирип,
Кайратына тондуруп,
Кытайлардын кыр мурундуу,
Чуркап эле кечти дейт.
Манаска келип үн салды:
– Менин алым бар эле алышсам,
Менин күчүм бар эле күрөшсөм.
Аркалыктын Сары-Талаа
Ат жарышмак ойнойлук.
Үзөңгүнүн боосунан,
Оодарышмак ойнойлук.
Камчы менен чабышып,
Тизгиндерден үзүлүп.
Андай айла болбосо,
Найза менен сайышып,
Уңгулардан урушуп,
Кылыч менен чабышып,
Чаны колдо калышып.
Андай айла болбосо,
Такыядай баш чукуу,
Тартып алып беришип.
Андай айла болбосо,
Эшик эндүү айбалта
Айбалта менен чабышып
оюн кылалык дейт,
Ошондон такыядай баш чукумду,
Манастайын батырың,
Ачып эле берди дейт.
Андап кийин эшик эндүү айбалта,
Колуна алып түкүрүп,
Жүгүрүп келип Манасты,
Оройго чапты дейт.
Таш чапкандай «чак» этти дейт.

Андан кийин эр Манас,
Чабыш андай эмес мындай деп,
Коңурбайды айбалта менен
чапты дейт,
Ошондо Коңурбай тоңкоюп
жатып калды дейт.
Манастайын батырың,
Эртең тартып кечинде,
Кечинде тартып бешимде,
Аккуладай күлүк ат,
Канаттуу куштай жүрүп берди
дейт.
Эми Манастайын баатырың,
Кырк чорого келди дейт,
Көгүчкөндөй эр тоноп,
Көңүлү менен тоюлду.
Сагызгандай эр тоноп,
Ээр токумдуу ат айдап,
Ат үстүнө эр байлап,
Манастайын баатырың,
Бир кубанычын көрдү дейт.
Кырк чоронун баарысы,
Он эки сандан олжо алып.
Чоролордун кенжеси,
Тазбайматка жети сан олжо
бериптир дейт
Ошондо Манастайын баатырың,
Эми үйгө барды дейт.
Каапырдын журтун канап жеп,
Мусулман журтун санап билип,
Кара суудa кеме жок,
Эңчейир бойлуу эр Манас,
Какшап жетээр аргы жок,
Аягы бөтөгөлүү Кой-Таштан,
Башы Кысыл-Кыя, Сан-Таштан
Сурап жаткан жери ушул.
Каны кара, бети көк,
Манастайын баатырың,
Боору чаар, сырты көк.
Кара чоктуу калмактын,
Анын журтун бир алды.
Кызыл чоктуу кытайдын,
Анып журтун бир алды.
Казакка жылкы конбоду,
Калмакка тынчтык бербеди.
Үн жакалай үйү бар,
Үй баш сайын бийи бар.
Жалгыз атын таптаган,
Жалаң найза саптаган,
Кыргыз деген бадшадан
Колтурмачтап бала алган,
Кокуйлатып эр сайган.
Кошогу менен кыз алган.
Кыргур жургун дагы алган.
Кетменин талга аштаган,
Карысын жаштай мактатан,
Көк эшегин кертору аттай
таптаган,
Өлүгүн тиридей кылып сактаган,
Тандырга нанын каптаган,
Алтымыш асый, кырк кундуз,
Алым жеген Кашкардан.
Зскет жеген Кокондон.
Кокондукту кор кылган,
Эр Манастай баатырың
Өзүбегиңди түзөткөн,
Эми сөгө көрбө баатырлар,
Карагай пайза чатырлар.
Бу жорукту коюндар.
Бу жорукту койбосоң
Кысыр калар катындар.
Мындап кийин жакшылар,
Манастайың баатырга,
Бир батаа болсун да...

*Манастын бу сапардагысы, тамам болду.*

## ТЫНЫБЕК МАНАСЧЫДАН ЖАЗЫП АЛГАН «СЕМЕТЕЙ» ЭПОСУНАН ҮЗҮНДҮ

Семетей баатырдын жаш кезинде куда болгон кайны Акун кан. Акун кандын кызы Айчүрөк Семетейдин колуктусу болгон. Жедигер деген элдин Чыйкожо, Толтой баатырлары Айчүрөктү тартып алабыз деп кол жыйып барып Акун кандын шаарын камап жатканда, Айчүрөк Семетейге барып, Акшумкар деген кушун ала качып келген. Семетей артынан Акшумкарды издеп барып, үстүнөн чыгып, Чынкожо, Толтойду жеңип, Айчүрөктү алып кайткан. Бул бөлүмүндө баарысы түгөл эмес (Чынкожо, Толтой, Акун канга кызыңды бер деп камап жатканынан башталат да Семетей баатыр Акшумкарды издеп барып Акун кандын шаарына жаңыдан жеткенде токтолот).

Бул жомок кыргыз калкына маалим кадимки Тыныбектен бир кесек, баш-аягы жок. «Семетейди» абдан толук жыйнап туруп баарын бир бастырабыз. Муну калкка тартуу кылып, алды менен басып олтурабыз.

***Арабай уулу.***

«Чынкожо, Толтой элинен
Эр өлтүрүп салбасам,
Эски доого калбасам,
Күндөй болгон баламды
Күйгүзүп кармап бергендей.
Күнү кылып албасам,
Менин чамам келбесе,
Бул эр Семетей баатырдын
Ала турган зайбы экен,
Айчүрөк алсаң оң болбойт,
Асили ишиң жөн болбойт.
Урушсаң уят болосуң,
Кармашсаң, кордук көрөсүң.
Кайтып кеткин үйүңө,
Минериңе ат берем,
Киериңе тон берем.
Он эки капка шаарымдан,
Тандасаң сулуу кыз берем.
Алыстан кабар кеп угар,
Эр Семетей баатырың,
Айчүрөк алды деп угар,
Аттанып чыгар жол алып,
Алтымыш дүркүн кол алып,
Кысып салар элиңди,
Кетирип салар белиңди,
Союп салар атыңды,
Жоюп салар калкыңды
Акун хандын бир сөзүн,
Как ушундай деп айтып,
Элчи келди кеп айтып.
Жедигердин эр Толтой
Чакырып кеңеш салды дейт.

Ат көкүлүн шүйдүрүп,
Ат куйругуи түйдүрүп.
Атышарга мергенди,
Мылтык атар эренди
Бир башка бөлүп алды эми.
Желекти жерден көтөрүп,
Жесекчи жесеп калды эми.
Жекелеп чууга киргенди,
Жоо жарагын илгенди,
Кыл кандай найза кылайтып,
Жасоо бөлүп салды эми.
Чабышарга балбанды,
Жаза чаппас мыктууну,
Жоого тиер ыктууну,
Чабуулду коюп калды эми.
Ат ойнотуп турушуп,
Акун кандын аскери
Астынан тозуп урушуп,
Карагай найза кагышып,
Как жүрөккө малышып,
Качпай туруп салышып,
Айбалта колго алышып,
Аянбай башка салышып,
Алтындан кылган калканды,
.......................................
Доолбасын карс уруп,
Чилмерденди кактырып,
Шаймерден деп бакырып,
А кудайлап акырып,
Сурнайын ээн тарттырып.
Туу түбүндө турушуп,
Туу такандап урушуп,
Коо түбүндө турушуп,
Коону кандап урушуп.
Айбалта тийип чекеге,
Балта кирген баатырдан,
Алтымыштай жигиттер
Сызып кетти Мекеге.
Не кылары биле албай,
«Эр Семетей баатырдын
Катынын тартып алам», – деп
Чынкожо кылды тил албай.
Эки кандын калың кол
Айрылышып калды эми.
Жазында аштык салдырбай,
Күзүндө эгин алдырбай,
«Айчүрөктү минтип жатып
алам» – деп
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Ушундай акыл кылды эми,
Жайлоого чыккан мал койбой,
Жалпы тийип алды эми.
Куржун илген жем кылып,
Алты сан шаарын дем кылып,
Камап жатты былк этпей.
Акун кандын Айчүрөк:
– Олжого түшүп барганча,
Олжо катын болгончо,
Минтип кордук көргөнчө,
Эр Семетей баатырды,
Элинен издеп барайын,
Абдан баатыр, эр болсо,
Чакырып алып келейин.
Зордук кылган Толтойдун
Маани-жайын көрөйүн,
Шыгайдын уулу Чынкожо
Чындап өчүм алайын.
Акундун кызы Айчүрөк
Ак куу кебин кийди эми.
Канатын күнгө каккылап,
Күн батыш көздөй учту эми,
Ак куудай башын салдырып,
Асмандап учуп чыкты эми,
Анжыян менен Кулунду,

Алматы менен Челекти,
Ушундан бери кыдырып,
Кең Талас өңдүү жер таппай,
Семетей өңдүү эр таппай,
Алты күнү, жети күн,
Он үч күнү учту эми.
Чет Бээжиндин оюнда,
Же кендүү көлдүн боюнда,
Сургалуусу сан деген,
Сурмалуусу миң деген,
Куласы өсүп бир толгон,
Коңурбайдып кур жылкы
Жаткан экен жер толуп.
Акундун кызы Айчүрөк
Кыз-келинден кеп уккан,
Семетейдии жылкысы
Кызыл буурул деп уккан.
Катын-кыздан кеп уккан,
Эр Семетей жылкысы
Кара буурул деп уккан.
Кечээ, кайын атам Манас өлгөндө
Абыке, Көбөш эки арам
Олжо кылып бөлгөндө,
Айгырын сурдан салганбы?
Буурулунан бузулуп
Сурча болуп калганбы?
Болбосо көргөн киши жалганбы?
Асмандан айланып бой-бойлоп,
Издеп жүрүп ой-ойлоп.
Коңурбай келди жылкыга,
Алты калмак кошчу алып,
Алгара минип булкунтуп.
Кең өтүк бутта чойкоюп,
Алтындан тубар чоң күрмө,
Ай далыда жаркылдап.
Мурундарын карасаң,
Селебенин кабындай,
Муруттарын карасаң,
Чоң балтанын сабындай,
Аркасында айдары,
Мундай калмак башы бар.
Муруту буурул болуптур,
Өзү сексен жашка толуптур.
Айдары аппак болуптур,
Абдан бою соолуптур.
Мындан кайтып өттү эми,
Андап учуп кыдырып,
Үч ашууну ашты эми,
Үрүмчү менен Манаста
Каттоо менен билди эми.
Кара шаар Камбылды
Катары менен кыдырып,
Кашкарды көздөй учту эми,
Ополду ашып түштү эми.
Чоң Ополдун оюнда,
Сары-Колдун боюнда,
Канаты күндө кылаган
Буудайык кандын Музбурчак
Асмандан байкап сынаган,
Сакалынын агы экен,
Сапар кетер чагы экен,
Мурутунун агы экен,
Букар кетер чагы экен.
Эр Толтойдун дартынап,
Чыңкожо кулдун зарпынан,
Баштап алып барганга,
Барып өчүм алганга,
Жыйырма беште чагында
Жигиттин гүлү эр экен,
Мунда кудай туш кылса
Тийбей турган эр бекен?!
Качып барып кара бет
Карыга тийди дээр бекен?
Мундан өтүп кеткенде,

Отуз бешке жеткенде,
Мунда кудай туш кылса,
Тийбей турган эр бекен?!
Мундан өтүп кеткенде,
Кырк жашына жеткенде,
Мунда кудай туш кылса,
Кошулбай турган эр бекен?!
Качып барып кара бет,
Картка тийди дээр бекем?!
Мундан кайтып өттү эле,
Алай басып сыдырып,
Анжыян менен Ташкенди
Аралаа учуп кыдырып,
Кара-Буура, Чаткалдан
Кайта айланып чыкты эле.
Асманда жүрүп ой-ойлоп,
Семетей таппай бой-бойлоп,
Асмандан байкап көрдү эле,
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Төрө Манастын тиккен багында,
Кайнардын Кара көзүндө,
Как чынардып өзүндө,
Кең-Көлдүн маңдай жагында,
Айга баккан ак сарай
Абыдан көрүп алды эле,
Асмандаган Айчүрөк
Издеп келген Семеңди
Ошо жерде тапты эле.
«Айчүрөк тартып алам», – деп ,
Акун кандын шаарынан
Чынкожо кулдун дартынан.
«Тартууга кармап берет», – деп,
Акылан шашкандам,
«Жердеген жери Талас», – деп,
«Атасы баатыр Манас», – деп,
Уккан экен укмуштан.
Баатыр Манас өлгөндө,
Калк чогулуп көмгөндө,
Мекеден келген беш ажы,
Жергелетип койдуруп,
Жерди кетмен менен ойдуруп,
Ак саргылды сойдуруп,
Алты күнү эрикбей,
Казанак кылып ойдуруп,
Кызыл дилде чачтырып,
Кыямат жолун ачтырып,
Дооронго токсон сур байлап,
Баарын бирдей кур байлап,
Жума күнү койдуруп,
Карылардан кеп уккан.
Акундун кызы Айчүрөк:
– Катын да болсо Каныкей
Катуу кызмат кылган, – деп.
Анжыяндын астында,
Наменгендин үстүндө,
Кызыл Арстан молдого,
Кыяматтык дос экен,
Үртүктөн жаап ат берген,
Мөөр басып, кат берген,
Коеналы баланы,
Чабар кылып алдырган.
Кең Кашкардын ар жагы,
Чоң өзөндүн белинен,
Тел ботосун чалдырып,
Нарга жүктөп алдырып,
Төрө Манас сарайын,
Даңаза кылып калтырып,
Төл бободон бек салган.
Кийин баары өлгөнчө,
Жети кылым болгончо,
Турар бекен деп салган.
Эр Семетей баатырдын
Атасы Манас сарайын
Ак чоподон бек салган.

Адамдын баары өлгөнчө
Турар бекен деп салган.
Сарайын жакшы салдырып,
Ошондо көргөн баатырлар,
Даңаза кылып калтырып.
Андан мурун сарай жок,
Акундун кызы Айчүрөк
Уккан экен укмуштан,
Сарай болсо ушу деп,
Талас болсо ушу деп,
Асмандан көрүп ой ойлоп:
– Кайын атам Манас баатырга
Үстүнөн учуп бет болуп,
Арбагына чет болуп,
Кантип учуп өтөм, – деп,
Ала-Тоо башын айланып,
Ар жагы менен учту дейт.
Алмалдуу-Булак, Шумкар-Таш
Ашып учуп түштү дейт.
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Баатырдын тиккен багында,
Кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө,
Он эки канат ордосун,
Окчун тигип салыптыр,
Кермесинде ат толуп,
Өйүз-бүйүз эки ордо
Көрүнө тигип салыптыр.
Маңдай жагы боз секи,
Барып түшүп Айчүрөк:
– Эр Семетей баатырдын
Келбетин кантип көрөм? – деп,
Кабарды кантип берем? – деп,
Кайтып барсам шаарыма,
Чынкожодон өлөм, – деп.
Эрке катын Чачыкей,
Ордодон чыкты маңкайып,
Ак кулжадай даңкайып.
Накери бутта тайпайып,
Элечек башта кайкайып,
Алтындап кылган чоң сөйкө,
Акыректе жаркылдап.
Шурудан таккан чач мончок,
Май соорудa шаркылдап.
Узун булак бакчага,
Басып барды Чачыкей.
Жеңи жерге сүйрөлгөн,
Желбегей басып үйрөнгөн,
Алтынга боюн шылаган,
Чачыкейди Айчүрөк
Көрүп туруп кубанган:
– Эр Семетей баатырдын
Мурунку зайбы ушу, – деп,
Өзү ургачы эмеспи,
Арыз-муңумду айтайын,
Акылдашып кайтайын.
Он бештеги кыз болуп,
Оолжуй басып барды эле.
Бу пери кызындай бейбакты,
Көргөнүндө Чачыкей,
Жүрөгү кетти кабынан,
Билеги кетти сабынан.
Ырп этерге алы жок
Айласы кетип калды эле.
Айчүрөк арка чачын булайтып,
Тамагын акшумкардай кылайтып,
Жанына басып келди эле:
– Оо, Шаатемир кызы Чачыкей,
Эжеке, соо-саламат жүрдүңбү?
Сагынбай бала сүйдүңбү?
Эжеке, аман-эсен жүрдүңбү?
Эрмекке бала сүйдүңбү?
Карагай найза боолашып,
Шыгайдын уулу Чынкожо,

Эр Семетей баатырга,
Катуу айтып жоолашып.
Арага элчи салышып,
Акылдашып алышып,
Асмандан мунар боз болуп,
Жедигердин Толтойго
Чынкожо барып дос болуп.
Толтойдон барып жол сурап,
Он эки дүркүн кол сурап,
Шаарымды сабады,
Жайы-кышы камады.
Жазда эгин салдырбай,
Күздө аштык алдырбай
Мүшкүлдө эми калгандан,
Качып келдим аркалап,
Чымындай жаным калкалап,
Калаамды бузду талкалап.
Аташканы Чүрөктү
Эр Семетей баатырың
Талашып барып алабы?
Толтойго бузук салабы?
Же кылган иши чалабы?
Күнү болуп калат, – деп,
Күйүткө мени салат, – деп,
Күйгүзүп сурап алат, – деп,
Күнүлүккө албагын.
Өрдө үйдү оңдоюн,
Көчкөндө төөндү комдоюн,
Жалган айтсам оңбоюн.
Кырк жыл кызмат кылайын,
Кырк жылда карып өлөрсүң,
Кыямат жайын көрөрсүң,
Арка чачың булайып,
Ак жүздөрүң кылайып,
Чачыкей ыргып турду муну
айтып.
Каратып койду кубартып,
– Кызыл кийген тоңорбу,
Атасынын төрүндө,
Эр издеген оңорбу.
Жашыл кийген тоңорбу,
Атасынын төрүңдө
Жар издеген оңорбу?
Тиерине эр таппай,
Сен эр албаган эски, – деп,
Кашка таман кески, – деп,
Чачы куудай болгончо,
Тиши буудай болгончо,
Акун кандын төрүндө
Көп олтуруп зак болгон,
Саамайың куудай ак болгон.
Эр Семетей баатырдын
Аташканы Чачыкей,
Сулуулугу сымбатуу,
Арзан менен кымбаттай,
Чүрөк сенден кем бекен?
Эр Семетей баатырга
Издеп тийди дээр бекен?
Арага киши салгандай,
Арачы киши мен эмес,
Эр Семетей баатырың,
Сени алуучу эр эмес,
Аташканы Чачыкей
Айчүрөк сенден кем эмес.
Татай көтөк ит уксун!
Кайта басты кагынып,
Булумдан кылган көк ичик,
Буластата жамынып,
Кайта басты кагынып.
Акундун кызы Айчүрөк,
Уялгандан өлбөдү,
Өлбөй тирүү калбады,
Таманын жерден тарталбай,
Көзүнүн жашын төгүлтүп,

Күнүлүктү бөлүнтүп,
Эрке катын Чачыкей,
Эшигинен кирди эңкейип,
Үйгө кирди үшкүрүп.
Таза чыккан Чачыкей,
Жаман болду бузулуп,
Садагасын кактырып,
Эл чогулуп дүрбөдү.
Ал аңгыча болбоду,
Күлчоро менен Канчоро
Кең-Колдун башы көлмөдө,
Жаткан экен жылкыда.
Эр Семетей баатырдын
Амандыгын билем, – деп,
Амандашып келем, – деп,
Салам айтып жарк этип.
Эр Семетей баатырың
Ыргып турду муну айтып:
– Камбардын уулу Канчоро,
Алмамбеттин Күлчоро,
Атамдан калган Акшумкар
Чоро, этике келген чагы экен,
Сала турган табы экен,
Эртең Таласты бойлоп куш салам,
Бүгүндөн калбай кайтып бар,
Жылкычыга айтып бар.
Атамдан калган көк буудан
Көңүлүн келсе таптап мин,
Көнүлүн келсе баптап мин,
Эртенден калбай эрте кел.
Эртен келсең Күлчоро,
Кара жол менен чабарсың,
Кара суудан табарсың.
Келип калсаң Күлчоро,
Ак-Жар алды чабарсың,
Ак-Ийнектен табарсың.
Эртеңден калбай эрте кел,
Күлчоро жылкыны көздөй
кайтты дейт,
Күүгүм кире, күн бата,
Алтындан курган тактага,
Мамыктан кылган бактага,
Чачыкей менен Семетей,
Айкалышып жатты дейт.
Аркар менен кулжадай,
Бото менен тайлактай,
Моюндашып жатты дейт.
Тараза жылдыз батты дейт,
Таң агарып атты дейт,
Эрке катын Чачыкей,
Кечээги көргөн Айчүрөк,
Кеттиби экен ордунан?
Турат бекен ордунда?
Басып барды шаркылдап,
Алтып кылган чоң сөйкө,
Акыректе жаркылдап,
Акундун кызы Айчүрөк,
Арка чачын булайтып,
Ак тамагын кылайтып,
Тозуп чыкты муну айтып:
– Маани-жайын айтайын,
Кабар салып кайтайын.
Эр Семетей баатырдын
Тайбуурул атын минеби?
Жоодон коркпос эр болсо,
Айчүрөк жайын билеби?
Чынкожо менен Толтойуң
Айчүрөк тартып алабы?
Же Айчүрөктү берип Толтойго
Таласта жатып калабы?
Же намысы жок балабы?
Айтчы, эжеке, кебиңди,
Таппайсыңбы эбиңди.
Эрке катын Чачыкей

Кармай калып билектен
– Үч кубулган карабет
Калпты таап келгени,
Башта көргөн жер беле?
Же көз байлоочу сер беле?
Шайтандан келген элчиби?
Койнундагы күйөөсүн
Өлбөй туруп берчүбү?
Сени үйгө сүйрөп барайын,
Үй кызматка салайын.
Ошондо коргошундай көйкөлүп,
Колдон чыгып Айчүрөк:
– Эрке катын Чачыкей,
Көргөнүм бүгүн түн болор,
Эр Семетей баатырды,
Кабыл болсо тилегим,
Маа көргөзгөн киши ким болор?
Кайым арыз кеп айткан,
Ушу бүгүн Семетей
Кең Таластын оюнда,
Ак-Ийнектин боюнда,
Акшумкар салат, – деп айткан.
Үйдө калса сеники,
Кудай таала буюрса,
Талаага чыкса меники.
Кара-Суунун боюнда,
Ак була болуп бурулуп,
Алты түрлүү кубулуп,
Үч көрүнүп көзүнө,
Сыр көрсөтүп өзүнө,
Була деп бурап алганда,
Капчыгына салганда
Шумкарын колдон албасам,
Акшумкар издеп барганда,
Азапка башын салбасам.
Андан айла келбесе,
Кара-Суунун көлчүктү,
Туура кечип өткөндө.
Ак балык болуп кылтылдап,
Алтындай болуп жылтылдап,
Үч көрүнүп көзүнө,
Сыр көрүнтүп көзүнө,
Балык деп илип алганда,
Канжыгага чалганда,
Колундагы шумкардын,
Эптеп кармап албасам,
Элине бүлүк салбасам.
Андан айла келбесе,
Өрдөк көлдөн өткөндө,
Эр Семетей баатырың
Кушун салар маалы өткөндө.
Жекендүү көлдүн жээгинде,
Шабырлуу көлдүн четинде,
Ак куу болуп жатпасам,
Башымды көлгө салбасам,
Балыр сууруп калбасам,
Күүлөп кушун салганда,
Минтип кармап албасам,
Сала турган шумкарын,
Эр Толтойго салдырып,
Ала турган Чүрөктүн,
Чынкожонун алдында
Намызын колдон кетирип,
Чын мусулман уулуңда
Аралап жүргүз кылбасам,
Айчүрөк болбой өлөйүн.
Ак куу кебин кийди эми,
Канатын күнгө каккылап,
Куйругун жерге чапкылап,
Айчүрөк асмандап учуп жөнөдү,
Көтөрүлгөн Айчүрөк,
Кукулуктап учуп калды дейт,
Куюн шамал салды дейт,
Шаңкылдаган Айчүрөк,

Шапылдап учуп калды дейт,
Шыбыргак шамал салды дейт.
Бөксөнүн мөндүрлөп,
Жаканын башы жамгырлап.
Асмандын баарын тундуруп,
Сегиз сай мөндүр куйдуруп,
Аш бышымга күн жаады,
Анан ачылып кетти жарк этип.
Караса көзгө билинбей,
Кай кеткени билинбей,
Айчүрөк кайым болду эле.
Эрке катын Чачыкей
Шыпылдай басып барды эле.
Тай буурулдай күлүктү,
Жолборстон үртүк жаптырып,
Жибектеи кыжым тактырып,
Алтын менен саптаган,
Пил терисин каптаган,
Чымын тийсе заңк эткен,
Камчы менен чапканда,
Мылтык аткан эмедей
Тоо жаңырып даңк эткен,
Алтындан калган доолбас,
Кайра байлап капшырып,
Канжыгага тапшырып,
Алдыңкы кашы карк алтын,
Кийинки кашы чылк күмүш,
Эки каптал эн темир
Эптеп кылган Ак каңкы ээр,
Тайбуурулга чак каңкы ээр,
Баса токуп алды дейт.
Куймалуу алтын үзөңгү
Теппей чуркап минди дейт.
Тайбуурул менен булкунтуп,
Шайбырына тундуруп,
Басыгына көндүрүп,
Эр Семетей баатырың
Куш салганы жүрдү дейт.
Акундун кызы Айчүрөк,
Асмандан байкап көрдү дейт.
Эр Семетей баатырың,
Кара көздөн нур жанган,
Карчытынан кан тамган.
Сакалы саадак кабындай,
Жакшы чыккан муруту
Чоң балтанын сабындай,
Аркасында айдары,
Аргымактан жалындай.
Муруту чөлдүн камыштай,
Муруну тоонун сеңирдей,
Көзү көлдүн буткулдай,
Тиктегенин жуткандай,
Чоңдугу төөнүн нарындай,
Толкуну көлдүн шарындай,
Илеби жайдын аптадай,
Суугу сырттын шамалдай,
Качырганы жолборстой,
Кармаганы илбирстей,
Кеңдигин көрсөң Таластай.
Эрдигине карасаң,
Атасы өткөн Манастай.
Маңдайына карасаң,
Кара кашка тынардай.
Жорго минип шаркылдап,
Кете кийип жаркылдап,
Жүрөр күнүм бир бекен?
Эр Семетей баатырга
Тиер күнүм бар бекен?
Буурул ат минип булкулдап,
Сыр найза колдо солкулдап,
Басар күнүн бар бекен?
Булум кийсеп Чүрөктү
Алар күнүн бар бекен?
Акшумкарды эрикенче саларсың,

Өрдөк колдон кеткенде,
Эр Семетей алгандын
Кушун салар маалы өткөндө,
Ак ордо көздөй кайтарсын,
Жекендүү көлдүн жээгинде[1],
Шабырлуу көлдүн Чатында,
Укурук моюн чоң ак куу
Башын көлгө салуучу.
Балырды сууруп калуучу,
Кукулуктап оттон алуучу,
«Акшумкар кушун салам, дээр
Кууну алырып алам», – дээр
Ак кууну жолдон албагын.
Эрке жеңең Чачыкей
Убалына калбагын.
Ушу капыр арыз болсун,
Кыяматка карыз болсун,
Аман бол уул жол болсун.
Күлчоро Кактелкини санга
салды дейт,
Эр Семетей агасынан артынан,
Шартылдап жүрүп калды дейт,
Кара-Суунун боюнда,
Жекендүү көлдүн оюна,
Семетейге жакындап,
Жетип барды Күлчоро.
Эшик эндүү ак була,
Семетейдин алдында
Жаткан экен бурулуп,
Алты түрлүү кубулуп,
Түшө калып ала албай,
Үстүндө жаткан өрдөккө,
Акшумкар кушун сала албай,
Кайыр аттарын чакырып:
– Камбардын уулу Канчоро,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Чором, ак жолтой тууган абакең,
Чором ак була тапса алдынан,
Ак була буруп ала көр,
Чором, Анжыяндын астынан,
Наменгендин үстүнөн,
Көтөрмөчү соодагер
Түн катып түндө өткөнбү?
Көкчөнүн уулу Үмөтөй
Ушуну көздөй кеткенби?
Такалуу аттын изин чал,
Түшпөй өткөн сарт болсо,
Артынан кууп барайын,
Такыр талап алайын,
Менин айдатар иригим аз бекен?
Соодагер бизге кас бекен?
Сары жоргом жок бекен?
Үмөтөй менден ток бекен?
Кечээ атам Манас өлгөндө,
Атамдан калган Аколпок
Абыке кулга калганда,
Букара өскөн арамдар,
Булайт кийин салыптыр,
Тышы кетип жыртылып,
Ичи кетип тешилип,
Калган экем Аколпок,
Учмактуу женең Чачыкей,
Уз экенин билели.
Жадал бир түшүп алагой,
Чором, чак эткендей
сөзүң жөн,
Чачылгандай көзүн жөн,
Шай колдогон Күлчоро,
Булайы көрүп бурулуп:
– Абаке, жоо качырган эмедей,
Мунканып өңү кубулуп,
Өрдөккө кушун салбастан,

[1] Бул жерде барак түп нускада жоголгон

Өрдөк-чүрөк албастан,
Кастык кылган болобу?
Такалуу аттын изи жок,
Жайнап жаткан өрдөккө,
Кушун салбай турабы?
Кудай сизди урабы?
Ак була керек мал болсо,
Ак буланды ченейин.
Мен алайын дебейин,
Алтымыш ала жорго айдап,
Анжыянга кирейин,
Алтымыш кулач ак була,
Алып келип берейин.
Жетимиш жээрде жорго алып,
Жеркентке барып кирейин,
Жетимиш кулач ак була,
Алып келип берейин.
Эр Семетей баатырын,
Сары жибек танаа боосунан,
Акшумкарды тартып алды
бутунан.
Кызыл жибек узун буттан
алды дейт,
Тордоп кылган томого,
Тартып баштан алды дейт.
Торгойдой болгон шумкарың,
Таманга кагып калды дейт,
Акшумкар асманга эргип
чыкты дейт.
Алтындан кылган доолбас,
Семетей баатырың,
Карс дедире какты дейт.
Шабырда жаткан көп өрдөк,
Жайнап учуп калды дейт,
Канчоро менен Семетей
Акшумкардын артынан
Кубанып карап калды дейт.
Алмамбеттин Күлчоро,
Эшик эндүү ак була,
Жерден түрүн алды дейт.
Казылуу жаткан ороого
Чалкасынан салды дейт.
Тегирмендей кара таш
Тегеретип үстүнө
Бек бекитип салды дейт.
Күлчоро Семетейдин артынан
Салып жетип келди дейт.
Эр Семетей баатырың
Түрөкөй өрдөк, била каз,
Туура салып илдирип,
Канжыгасын каз-өрдөккө
билдирип,
Балапап өрдөк, бала каз,
Баркыратып илдирип.
Кара-Сууну айланып,
Алты чүрөк алты каз,
Алдырып алып байланып,
Тайбурулдуу тер кылып,
Багелегин кир кылып:
– Алмамбеттин Күлчоро,
Чором кел, Кара-Суумун
көлчүккө,
Туура кечип алалы,
Өзөндү бойлой куш салып
Өрдөктү калык алалы,
Куш жаздыкка салалы.
Кара-Суунун көлчүккө
Туура кечип өттү эле,
Жолумдан чыккан ак куугa
Ала турган шумкарым,
Салбасам кудай урбайбы,
Бачым жетип ажырат,
Чором, мойнун кыйып салбасын,
Бөөдө өлүп калбасын,

Ажыратып алалы.
Чором, актайлактай өңөрүп,
Чачыкейге баралы.
Апарып мамык кылып алалы,
Жаңы туйгун шумкарга,
Тирилеп алып салалы.
Чоро барбаймын деп айта албай,
Абасы Семетей көңүлүн
кайтарбай,
Аккууну көздөп ат койду,
Ат табышын укканда,
Кууну кудай урду эле,
Такандап өөдө турду эле,
Чагарактуу алтын боо,
Жыя кармап алыптыр,
Чыкыратып щумкарды,
Ак куу бооруна басып алыптыр.
Күлчоро канаттан жетип кармарда
Асманда учуп калыптыр,
Кукулдаган чоң ак куу,
Кукулдап учуп калды эле,
Куюн-шамал салды эле,
Шыпылдаган чоң ак куу,
Шыпылдап учуп калды эле,
Шыбыргак шамал салды эле,
Бөксөнүн башы мөндүрлөп,
Жаканын башы жамгырлап,
Учса кардуу шамал шыбыргак,
Чапкылап бороон болду эле,
Асмандан мунар кутулуп,
Сегиз сай мөндүр куйдуруп,
Аш бышымга күн жаады,
Ачылып кетти чайыттай.
Караса көзгө илинбей,
Куунун кай кеткени билинбей.
Эр Семетей баатырың,
Алмамбеттин Күлчоро,
Чором, ушу бир бүгүн үч кылдың,
Чором, аягында күч кылдың,
Чором, ак була көрдүм албадың,
Чором, ак кууга кушум салбадың.
Чором, балыкты көрдүм баспадың,
Чором, баса калып тозбодуң,
Күдөрүңдү Чачыкейден үзбөдүң.
Чором, айга койгун шумкарды,
Чором, арытпагын тулпарды.
Чором, карыядан насат кеп уктум,
Чором, молдодон шарият кеп уктум,
Чором, мындай сонун укпадым.
Чором, Акшумкар колдон кеткени,
Чором, менин ажалымдын
жеткени,
Тайбуурул арып өлгөнчө,
Семетей карып көргөнчө
Акшумкар издеп көрбөсөм,
Жолуңда жүрүп өлбөсөм,
Туулбай туна чөгөйүн,
Бу көрөкчө өлөйүн.
Эр Семетей баатырдын
Ачуусунун келгенин
Эми билди Күлчоро,
Чачыкейден кеп укпай,
Ак куунун жайын бек укпай.
Сурап алып куурабай,
Өпкөсүнө капталды,
Куунун жайып кандай? – деп,
Баш-аягын сурабай.
Байкуш калган жаш бала,
Сурап алып куурабай.
Эр Семетей баатырга
Көрүп турун айтпасам,
Көр азабын тартайын,
Ак кууга жетип туруп атпасам,
Билбей туруп абаке,

Кайсыны туруп айтайын,
Алты казды кактайын,
Акшумкардын азабын,
Бир күндө минтип тартайын,
Акшумкар колдон качты деп,
Арзымды кимге айтайын.
Акшумкар колдон качты деп
Уялбай кантип кайтайын.
Бүгүндөн калбай кайтып бар,
Эрке катын Чачыкей
Саламымды айтып бар,
Аккуунун жайын билгендир,
Айтып берсин кушумду,
Илгери кылсын ишимди,
Айтпай койсо кушумду.
Жергенин сары талаада,
Сары абама жетип бар.
Бүгүндөн калбай келсин де
Айттырып берсин кушумду,
Илгери кылсын ишимди,
Айтпай койсо кушумду,
Чачын кыркып салсын де,
Чолок байтал мингизип,
Кементайды кийгизип,
Кербайталга мингизип,
Шаатемир кандын колуна,
Эртеңден калбай салсын де.
Сары абам турсун Таласка,
Кудайына сыйынып,
Эртеңден калбай эрте кел,
Кулчоро менен Канчоро
Жүрүн берди Кең-Колго.
Эрке катын Чачыкей:
– Кууга кушун салдырып,
Не кечигип калды, – деп,
Турган экен мелтиреп.
Арка чачын булайтып,
Ак тамагын кылайтып,
Тозуп чыкты муну айтып:
– Жанында өрдөк көп жүрөт,
уул ай!
Өрдөккө кушун салганда,
уул, ай,
Суусасаа кымыз ич дээр уул– ай!
– Шаатемир кызы Чачыкей жене,
Ак кууга кушун салба, – деп жеңе,
Айтпадыңбы барба, – деп жеңе,
Арытпагын абамдын
Астындагы тулпарын,
Айтып бергин шуңкарын.
– Талаада эркек сен болсоң,
Үйдөкү зайын мен болсом,
Талаада качкан кушунду,
«Таап бергин» – дегенин,
Мени тамаша кылып келгениң,
Кайра басты Чачыкей.
Толгомолуу чоң камчы,
Толгой кармап алды эми,
Кайта баскан долуну.
Капталга басып калды эми.
Булдүркөн ала көйнөгү,
Тал-талынан бөлүндү,
Жамгырдай жашы төгүлдү.
Бети менен жыгылды.
Кулачтай болгон кара чач,
Колуна кармап алыптыр,
Күлчоро карсылдатып салыптыр,
Торпоктойдун Канымжан
Күлчородой баатырдын
Камчысын кармап калыптыр.
Чындап тилек кылганда,
Айтып бергин, – деп кыстап.
Карабет айтпай койсо оңобу,
Камчысын кое берди эми.

Эртеӊ менен кеп айтып,
«Шашкеден калба» – деп айтып,
Ак була жатса алба, – деп,
Ак кууга кушуӊ салба, – деп,
Баса айтып калдыӊ кечинде,
Абакеме кечке бир уят болгонум.
Бу немене кордугуӊ,
Чачыӊды кесип салбасам,
Чолок байтал кылбасам,
Шаатемирдин колуна,
Бүгүндөн калбай салбасам.
Күлчоро болбой өлөйүн.
Чачыкейдин эми аргасы
кетти эле,
«Айтпасам да өлөм», – деп,
Айтып берди бейбагыӊ
– Акундун кызы Айчүрөк
Алып кетти кушуӊду,
Айтпасам барбы мен бейбак,
Аманат жанга күч келди,
Барганыӊдан келбей кал.
Базар үйүн көрбөй кал,
Кеткениӊден келбей кал,
Кербен үйүн көрбөй кал.
Эр Толтой алсын атыӊды,
Чынкожо алсын башыӊды,
Жедигер алсын өтүӊдү,
Өлгөнчө мен көрбөйүн бетиӊди.
«Катындын каргышы эрге
жетпей», – деп,
Күлчоро атка минип чуу койду.
Кек-Колдо жаткап көп жылкы,
Алтындан кылган доолбас,
Алкылдатып көп урду.
Жылкыны тийип чогултуп,
Доолбас үнүн укканда,
Зыркырап үнү чыкканда,

Күрүчүн күздүк айдаган,
Күлүктөрүн карасан,
Күрүчкө жемдеп байлаган.
Күндө жарак шайлаган,
Көргөн жоосун байлаган.
Арпасын күздүк айдаган,
Айда жарак шайлаган.
Атышкан жоосун жайлаган,
Алты сан аргын, көп ногой,
Айдап барып ат токуп,
Сурнай үнү бек чыгып,
Домбурасын тарс уруп,
Доолбасын карс уруп.
Ак асаба кызыл туу.
Айкайлаган ызы-чуу,
Жүрүп калды Күлчоро.
Күлчоронун алганы
Азык кылгам алты бээ,
Кош жүктөгөм төрт жорго,
Коштогону он төрт ат,
Как телки минип болкоюп,
Накери бутта чойкоюп
Сыр найза колдо койкоюп,
Кылыч белде кыӊгырап,
Айбалта жанда шыӊгырап,
Сыр бараӊ жондо жаркылдап,
Асаба колдо калкылдап,
Күлүстөн туулган Күлчоро,
Жүрүп калды шартылдап.
Эр Семетей баатырдын,
Күлүстөн келди үстүнө.
– Акшумкар жайын билдиӊби?
Ойнуӊду коюп, чыныӊды айт,
Ойнобой, бышык сырыӊды айт,
Чором, шылдыӊды коюп
кебиӊ айт,
Эр Семетей баатырга,

– Абаке, саган сүйүнчү,
Сукtанчу сулуу сеники, төрөм,
Суйкайган күлүк меники, төрөм,
Айтылуу сулуу сеники, төрөм,
Ашкере күлүк меники, төрөм,
Чүрөктүн жайын айтайын, төрөм,
Көбүк кардай эти бар,
Кызыл кандай бети бар.
Калемдей кара кашы бар,
Кундуздай сулуу чачы бар,
Берметтей таза тиши бар,
Журттан чыккан иши бар,
Ургачыдан шок десең,
Укмушта мындай жок деген.
Көп кишиден шок деген,
Көркүндө мындай жок деген.
Перизаттай мелтиреп,
Нур кызындай мөлтүрөп,
Эки аяктуу пендеден,
Табылбас асыл не керек.
Ак куу болуп учат дейт,
Кудай таала буюрса
Ардактуу абам кучактайт.
Аташканы Чүрөк дейт,
Алда таала буюрса,
Аттанып барып аласың,
Аташканың Чүрөктү.
Чынкожого алдырып,
Арманда кантип каласың?
Эр Семетей баатырың
Атасы баатыр Манасты
Арбагын айтып чакырып,
Отурду эми эр Семетей.
Баатырдын ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Эр Семетей баатырдын,
Үстүнө барып түштү эми,
Ак куржун оозун ачты эми,
Сыйга келер сый тонун
Сууруп алып кийди эми.
Жакасы алтын, жеңи жез,
Ичи кабат, тышы боз,
Он эки топчу чок койгон,
Кой чагыр огу жадаган,
Манастан калган Аколпок
Тышынан кийип алды эми.
Чоң-Ополдун көк теке
Эки баштуу багылдыр
Алмабаш менен атыптыр.
Жайы-кышы малмага,
Жети челек салдырып,
Анжыянга киргизип,
Алма кабык алдырып.
Чылгый тери чагында,
Акы бери ийлетип
Алтымыштай балбанга,
Жайы-кышы саргайтып,
Кан баласы Каныкей
Жатып алып ашатып.
Арууке сулуу баш болуп,
Үч айдын күнү токсон күн
Эрикпестен тиштеген
Кашка тиши жоюлуп,
Кара көзү оюлуп.
Кармап тартса кандагай,
Аргамжыдай чоюлуп,
Кое берсе кандагай,
Муштумдай болуп жыйылган,
Отко салса чок өтпөс,
Милте атса ок өтпөс.
Кандагай бутка шымданып,
Чоң кемер белге капшырып,
Алдага жайын тапшырып,
Акундун кызы Чүрөктү

Көрбөй туруп кубанып,
Көп ногойдон бата алып,
Эр чоро менен эр Семең,
Баатыр тууган эр немең,
Он төрт күлүк ат менен,
Аттанып чыкты Кең-Колдон.
Алда өзү билбесе,
Айтканым жалган болбосо,
Айтайын бир аз канкордун,
Арбактары колдосо,
Канкордун уулу эр Семең,
Кайгырбаган эр немең,
Манастын уулу эр Семең,
Бала жолборс эр немең.
Жетим калып жетилген,
Ак болоттой кетилген.
Темиркандын шаарына
Тентип барып чоң болгон,
Ат көтөргүс зор болгон.
Кас санаган душманы,
Качып жүрүп жок болуп,
Жыргалдуу ногой элинен,
Жылгындуу Кең-Кол жеринен,
Кайнардын кара көзүнөн,
Как чынардын өзүнөн,
Төрт-Күлдүн төмөн жагынан,
Төрө Манастын сайган багынан.
Бар-Көлдүн мандай жагынан,
Бакайдын салган тамынан,
Жети-Көлдүн боюнан,
Жекендүү сары балырда,
Аз олуя бар колдон,
Кызы олуя Кең-Колдон.
Ала-Көлдүн кашынан,
Ак шумкарды ала качырып,
Ак белести аштырып,
Алыскы жерден кеп угуп.
Айчүрөк алды деп угуп,
Аркасынаи шумкарга
Барамын деп дем угуп.
Кан атасы Бакайдан
Жолду сурап кеп уруп:
– Жолду айткын барам, – деп,
Карабет Чүрөк долудан
Шумкардын жообун алам, – деп,
Акшумкардан айрылып,
Куру кантип калам, – деп,
Өлбөй тирүү болгондо,
Бир кабарын табам деп,
Ырас болсо алганы,
Чүрөктүн шаарын чабам, – деп.
Төтөлөп айтып, жолго сал,
Карыган Бакай абам, – деп,
Минтип айтын алганда,
Көрбөй калдык арманда,
Бакай айтпай кантип токтосун.
Жолду сурап алганда,
Бакай туруп кеп айтат:
– Карагым, уккун, – деп айтат,
Чымырканып бек айтат,
Курдашым Манас барында,
Көрбөгөндү көргөнмүн,
Же ошо кезде өлбөдүм,
Алда башка салган соң,
Абыкенин тушунда,
Ар жорукка көнгөнмүн.
Асылым Манас барында,
Ар кайсыны көргөнмүн.
Өзүң бойго жеткени,
Эч жамандык көрбөдүм.
Көз жаздымда калбаса,
Барбаган жерим калбады.
Курдашымдын барында,
Ошондо кудай албады,

Жол маанисин менден ук.
Менден уксаң калет жок,
Аттин! Кеттин кантейин,
Атандын көрү дүйнө бок!
Жыйырма беште чагымда,
Толуп турган табымда,
Саадагым кырк кез экенде,
Өзүм баштап барганга,
Жыйырма беште чагым жок.
Ашыкпай жүрсөң чырагым,
Алтымыш күндө барасын.
Эрикпей жүрсөң, чырагым,
Элүү күндө барасың.
Эсен болсоң, чырагым,
Душмандан кегиң аласың.
Ойлонгун жолдун азабын,
Оолуккан чунак баласың.
Бакайдын сөзүн уккан жок,
Эр Семетей чунагың.
Эми түшүп жанбады,
Жолдун баарын каттады.
Аз дегенге кат алып,
Аргындан тандап Семетей
Алты күлүк ат алып,
Абакеси Бакайдан
Жолдон барып бата алып.
Манаттан кылган көрпөчө,
Басмайылдап тарттырып,
Жоргого кошун арттырып,
Ногойдон чыккан төрт атка,
Кош колоңун арттырып.
Ичин кызыл сырдаган
Каныкейдин ордодон
Жүрмөк болду чунагың.
Башынан кудай оңдогон,
Жоготкон жогу шумкарды,
Казатка минген тулпарды.
Айдаганы он төрт ат,
Арка кылган Буурул ат,
Ишенгеним эки кул,
Издегеним Акшумкар,
Асынганым Аккелте,
Аңсаганым Айчүрөк
Жоболоң тартып, жок издеп,
Жоголуп кеткен жокту издеп.
Жоболоңдуу кызды издеп,
Ат арытып, тон тозуп,
Ала качкан кушту издеп.
Муну мындай коюңуз,
Аттын санын алыңыз.
Калдуу-кызыл, жалдуу көк,
Токтомбайдын тормолуу,
Текечинии Темир-Көк
Тердебеген Көк ала,
Турум кыз берген Көк ала,
Чачыкейдин Көк-Тору
Байбичеңин Сурчолок
Бакай кандын Боз жорго,
Сары кандын Туучунак,
Ажыбайдын Карткүрөң,
Алмамбеттин Сарала,
Абыкенин Көктелки,
Эр Көбөштүн Суртелки,
Азык арткан Акборчук,
Кош жүктөгөн Көк борчук.
Азык алган алты бээ,
Алты жууркан, беш мамык,
Аны арткан Айманбоз.
Шоошактын башын жалмаган
................?
Жорго келсе аңдаган.
Жекендин башын жалмаган,
Жейренге жетпей калбаган.
Караңгыда калт этпес,

Башка чапса жалт этпес,
Ногойдон чыккан Сайтулпар.
Манастын уулу Семетей,
Кадыл кылбас эр Чоро,
Канчоросу ат айдап,
Аттын баарын катуу айдап.
Абал кылбай бат айдап.
Күлчоросу куш алып,
Көргөн киши таң калып,
Көк жалдар жүргөн жеринен
Тонолоң уюп, жол чаңдап,
Кан Бакайдаи бата алып,
Жолдун баарын катка алып,
Ногойдон тандап ат алып.
Бөкөйдүн бөксө жол менен,
Бөрү жүрбөс жол менен,
Казаган кара жол менен,
Кара тулан чөп келсе,
Чалдырбай жүрүп отуруп,
Кара булак суу келсе,
Каптырбай жүрүп отуруп.
Оруган аппак шар менен,
Он төрт күндүк жол менен,
Ылаба кара туу менен,
Акыл таппас жол менен,
Түтүндөй болгон кара тоо
Түгөнүп учу жол болуп,
Санаты кырктай күн болуп,
Токтогон жери Чунактын
Иңир кирип, түн болуп.
Кайта огун санады,
Бакайдын катын карады,
Ногойдон чыккан он төрт ат,
Сүмбөдөй болуп жарады.
Чыккан күндөй беркисин,
Эсеп кылып санады.
Бакайдын жолу болуптур,
Как эсепке толуптур,
Тоо түгөнүп уч болуп,
Жол айрылым, түз болуп,
Жер түгөнүп сай болуп,
Семетейдин ичкени,
Жаркендин кызыл чай болуп.
Жегени аппак май болуп.
Ат арыктап тай болуп,
Түн уйкусун бөлүптүр.
Баатырдын уулу Чунагын
Жер сонун көрүптүр,
Бакасы чардап көлүндө,
Булбулу сайрап жолунда,
Булагы агып ташыган,
Булбулу сайрап таншыган,
Муңдуу адам жашыган,
Күкүгү сайрап таңшыган.
Күйүттүү пенде жашыган,
Бетегеси белден буралган,
Бедесине карасак,
Ат боорунан жиреген,
Жыттаса жыты бураган.
Өрүгү чирип көң болгон,
Өзөндөн булак саз болгон
Өрдөк менен каз толгон,
Текчеден гүлү ачылган,
Жемиши жерде чачылган.
Жойлогон жери донуздун,
Кемегедей казылган.
Төшүнө кайып жайылган,
Сазы чөптүү жер экен.
Кайыны көктү тиреген,
Чырпыгы бар чынардай,
Чынары бар мунардай,
Чымчыгы бар улардай.
Чымчыктардын үнүнө
Чыдап пенде туралбай,

Талдары бар түркүктөй,
Таранчысы бүркүттөй,
Жалган айтып койбосом,
Бүркүттөрү үзүктөй.
Чычкандары күчүктөй,
Жекендери желектей,
Камыштары билектей.
Ор коену куландай,
Куландары кунандай.
Кескелдирик жойлосо
Кере кулач жыландай.
Жергелүү пенде конгондой,
Желени тартып койгондой.
Үйдү тигип салгандай,
Семетей төрө чунагың
Жерди көрдү ар кандай.
Жетип барып канкоруң,
Кабагын салып зарканбай.
Адеми төрө көк жалың,
Аттын башын бурганы,
Чорого айтып турганы:
«Кестелүү калпак, кең чалбар
Кеңешим айтар жаш балдар,
Саймалуу калпак, кең чалбар
Санаамды айтар жаш балдар.
Алты күнү болгончо,
Ат сергитип алалы,
Анан Чүрөк баралы.
Жети күнү болгончо,
Ат сергитип алалы,
Жетип Чүрөк баралы.
Шумкардын жайын угалы.
Жолукса Толтой, Чынкожо,
Аянбай найза салалы.
Атабыз Манас болгон соң
Аянып кантип калалы.
Уурданып барганда,
Уктап жаткан шаарды
Уялбай чаап алганда,
Атага наалат жетеби,
Абийирибиз кетеби.
Чоролорго кеп айтып
Кошту түшүр, – деп айтып.
Төбөсү бийик көк чатыр.
Танаптарын тартырып,
Жез бурамалуу казыкты
Жерге мыктап кактырып.
Кермелерин чойдуруп,
Кемегесин ойдуруп,
Кер байталды сойдуруп,
Аттардын баарын кермеге,
Алып келип астырып.
Кемегени каздырып,
Көмкөрмөлүү казанды,
Кемегеге астырып.
Арчадан кылган чөмүштү,
Эт котортуп бастырып.
Эки чоро, бир төрө,
Жата турсун белесте,
Мундай коюп буларды
Келели эми Чүрөккө.
Тан агарып атканда,
Тараза жылдыз батканда,
Абанын жели зыркырап,
Ойдо кулун чуркурап.
Асмандагы жылдыздар,
Кезек менен быркырап,
Камыштын башы куудурап,
Торгойдун баары чуркурап,
Теректин башы дирилдеп,
Жандын баары кыбырап,
Намаз маалы болгондо,
Чүрөк турду кашкайып.
Алмадай бети тастайып,

Басып сууга барганы,
Колун сууга салганы
Кол даараттын алганы.
Бутун сууга салганы,
Бут даараттын алганы.
Эки сүнөт, эки парыз,
Кудай таала кудурет
Өтпөй турган чоң карыз,
Өзүң көргөн багымдат
Отуруп окуп алганы.
Кайкалаган кара бет
Кырк кызга жетип барганы.
Калыйманга кеп айтат
Эжекелер деп айтат.
Кичүүсүнө кеп айтат
Ой курдаштар деп айтат:
– Түндө жатып түш көрдүн,
Бир ажайып иш көрдүм.
Байланды буудап мамыма,
Тартынбай жерди кемирди,
Байлоодо туруп семирди.
Бул эмине болучу?
Бул түшүмдү жоручу.
Буудайык конду туурума,
Тартынбай күндү бүркөдү,
Булбул конду талыма,
Сайрабай боюм ээриди,
Бул эмине болучу?
Бул түшүмдү жоручу?
Көсө куйрук көк даңгыт
Көчөнүн ичин жойлоду.
Көргөн иттер кыңшыды,
Бул эмине болучу?
Бул түшүмдү жоручу!
Кара чаар кабылан
Калаанын ичин бойлоду,
Карс этип иттер койбоду.
Ажыдарды мен көрдүм,
Кайра аттанып келгенде
Кара менен тен болду,
Кайыраган шамал жел болду.
Калаадагы биздин эл
Карап туруп дал болду,
Кандуу суулар бөгөлдү,
Калаадагы биздин эл,
Кара жандан түнүлдү,
Бул эмине болучу?
Бул түшүмдү жоручу!
Жедигердин Толтою
Жер майышкан көп колду,
Жетимиш жорго ат алып,
Жиберген артып жүгүндү.
Желекти тозуп бүгүлдү,
«Катын-балам алсын деп,
Кара жаным калсын, – деп,
Жан соогалап жүгүрдү,
Аман калып турушту,
Алты күндөй урушту.
Көктөн арбап түшүрдү,
Душмандын ишин бүтүрдү».
Минтип айтып калганда,
Ушуну көрбөй арманда,
Отуз келин, отуз кыз,
Ойротто жок Калыйман,
Кыркы келин, кыркы кыз,
Кызыл беттүү Калыйман,
Эки колу боорунда,
Ийни салык, мойну кез,
Издеп тапкыс кара көз,
Ийиле түшүп кеп айтат:
«Эжеке Чүрөк – деп айтып,
Аңкоосунуп кеп айтып,
Апаке Чүрөк – деп айтып,
Мен жоруюн түшүндү,

Оңдосун кудай ишиңди,
Кудай колго бериптир,
Ашык болгон кишинди.
Байланса буудан мамыңа,
Тартынбай жерди кемирсе,
Байлоодо туруп семирсе,
Булчуң эти бука мойнундай,
Буурул келе турганы.
Анын несин айтасын?
Буудайык консо тууруңа,
Булбул консо талыңа,
Арка жүнү ак бедер
Акшумкар турат колуңда
Анын несиң айтасын?
Булбул үндү, муңдуу сөз.
Семетей келе турганы
Көсө куйрук, көк даңгыт
Көчөнүн оозун жойлосо,
Көргөндө иттер кыңшыса,
Күлгөнү кыздын үнүндөй
Күлчоро келе турганы.
Кара чаар кабылан
Калаанын ичин жойлосо,
Карс этип иттер койбосо,
Канчоро келе турганы
Ажыдар сен көрсөң,
Келе турган жездекем
Ажыдардан кем бекен?
Толтой менен Чынкожо
Жүгүнбөй турган эр беле?
Канкордун уулу кан жездем
Мен укканмын карыдан,
Эрди түйрүк, кең курсак
Ногойлордун баарынан,
Темиркандан келгени,
Тентек чыкты деп уктум.
Темир кийген душманын
Жеңип чыкты деп уктум.
Келе тургап жсздемдин
Жолуп тозун баралы,
Азык-түлүк алалы,
Астын тозуп калалы.
Келе турган жолуна,
Кең Үргөнчтүн боюна,
Даяр болуп калалы.
Калыймандан кеп келди,
Карабет Чүрөк баш болуп,
Калың кызга эп келди.
Ак чатырды бүктөтүп,
Ак дөнөнгө жүктөтүп.
Көк чатырды буктөтүп,
Көк дөнөнгө жүктөтүп,
Кол чатырды колго алып,
Коногуна жорго алып.
Түштүгүнө бээ алып,
Түндүгүнө кара бет
Сүт бото тайлак төө алып.
Калаадан арак алдырып,
Каркыттаган көөкөрүн,
Жибектен боосун чалдырып,
Кол куржунга салдырып.
Кагаз-кагаз чай алып,
..................................................
Каймакка бышкан нан алып.
Сары мейиз, кишмиштен,
Сабактарын тердирип,
Шекер-шербет, ширин аш
Дайындатып бердирип.
Көөкөргө кымыз алдырып,
«Күчү жанып калат», – деп
Күчала туурап салдырып.
Ак-Кыянын оюна,
Чон Үргөнчтүн боюна,
Манастын уулу Чунактын,

Келе турган жолуна,
Өлөн айтып жеңишип,
Селкинчегин тебишип,
Чатыраш ойноп, даң салып,
Казы кошуп, жал салып.
Отуз келин, отуз кыз,
Ортосунда Айчүрөк.
Шаардан чыкты бөлүнүп,
Жаркыныны күндөй көрүнүп.
«Канкордун уулу келет», – деп,
Чатырды тигип кара бет
Кең-Үргөнчтүн боюнда,
Жата турсун оюнда,
Муну мундай коюңуз,
Белесте калган канкордун
Кайтып кабар алыңыз.
Таң саргайып атканда,
Тараза жылдыз батканда,
Талаада шамал аркырап,
Асмандагы жылдыздар
Кыбыла көздөй баркырап.
Камыштын башы шуудурап,
Кара каш торгой чулдурап,
Теректин башы бырпырап,
Жандын баары кыбырап,
Таң саргайып атканда,
Тараза жылдыз батканда.
Манастын уулу эр Семең,
Дарс окуган эр немең,
Чукуранып ойгонуп.
Жанындагы эки кул
Кошо турду толгонуп.
Даратка сууну даярлап,
Артык төрө көк жалың
Ак жыландай толгонуп,
Колун сууга салды эми,
Кол даратын алды эми.
Бутун сууга салды эми,
Бут даратын алды эми.
Жайнамазын жайды эми,
Эки сүнөт, эки парыз
Алда таала кудурет
Өткөрбөй турган эки карыз,
Төрт рекег багымдат
Топтоп окуп алды эми.
Мекеден келген ак теспе
Жанынан сууруп алды эми.
Бармак менен кыдыртып,
Сөмөй менен сыдырып,
Мелтиреп тартып калды эми.
Кулгуло алла куранды,
Куп жасагап ыманды,
Табарикти жат айтып,
Жасын деген сүрөөнү
Таң калгандай бат айтып.
Арбагы азиз Таласка,
Омийин деп кол жайып
Атасы өткөн Манаска,
Төрт жар менен пайгамбар,
Отуз үч миң атчандар,
Мурун өткөн көп жарлар
Бата кылып алды эми,
Тесмени жанга салды эми.
Кермеден атты алдырды,
Керүү жерге чалдырып,
Аркандан атты алдырып,
Адырдуу жерге чалдырып.
Кара суудан кандырып,
Кара шибер тулаңга
Кайсаңдатып чалдырып,
Манастын уулу чунагың
Кылычты кыя байланып,
Сыр найзаны таянып,
Аздай басып аярлап.

Чоролор калды чатырда
Аш-тамагын даярлап.
Көрөмүн деп элести,
Көк жалың бет алып басты
белести,
Көк кайкынын башына,
Көчүгүн -коюп олтурду
Көмүркөздөй ташына.
Үргөнчтү туура карады,
Үйдөн чыккан күндөрүн
Барын издеп санады.
Кең Үргөнч туман болуптур,
Тунарыктап алыптыр,
Ала карга, сагызган
Айланганы билинбей,
Каран калган Үргөнчтүн
Кайсы экени билинбей,
Тополоң үйүп, тоз түшүп,
Топурак учуп, тез түшүп,
Мунарыктап алыптыр,
Мына ушинтип калыптыр.
Жомок айтам эрмекке,
Дүрбү салды көрмөккө,
Эрчиткени эки кул
Эрлик төрөң кылмакка,
Эки чоро эрчитип,
Тел козудай телчитип.
Чунагың дүрбү салганы,
Оолжуп карап калганы,
Дүрбүнүн жайын менден ук,
Менден уксаң бейлеп ук,
Атасы Манас өлгөндө,
Каныкей азап көргөндө,
Абыке, Көбөш эки арам,
Манастаи калган дүйнөнү
Камчы таштап бөлгөндө.
Береним энем Каныкей
Белдемчинин бүгүмү
Бекем катып капшырган,
Кырааны Семетейге тапшырган.
Мекеден келген беш ажы,
Белек берген чоң дүрбү,
Беренелүү ак дүрбү
Чууга барса салсын деп,
Чуунун ченин алсын деп,
Казатка барса салсын деп,
Казаттын жайын алсын деп.
Ичи өрттөй кызарган,
Тартып көрсө чоң дүрбү
Кулач карыш узарган.
Айнектин оозу кирдейт деп,
Алыскы жолго жүрбөйт деп,
Ак кадекка орогон,
Алыскы жолго жорогон.
Аны уккан душмандар
Айдыңын угуп кулаган,
Тегерегии тегиздеп,
Кылган экен кооздоп.
Жакут менен учтанып,
Кобул салып чаптырган,
Алтын менен күмүштү
Аркы-терки кактырган.
Адамзат пендеси,
Абайлап туруп бактырган.
Алтын ооз чоң дүрбү
Алты бурап житирген.
Алты күндүк жерлерди
Алты аркан бою жеткирген,
Жети күндүк жолдорду
Жети аркан бою жеткирген.
Кере кулач, кез бою,
Кетмен ооз чоң дүрбү,
Алтын ооз, бото көз,
Айта берсең түгөнбөс.

Асыл таштан орноткон,
Айнеги сынып калат деп,
Алтын менен кордоткон.
Бой тумар чалыш кабы бар,
Болоттон кылган сабы бар,
Болжолу жок чоң дүрбү
Боосун албай мойнунан,
Сууруп алып койнунан,
Кынабына толтуруп,
Кыпкая тартып олтуруп.
Оңдол кармап имерип,
Ополду көздөй жиберип.
Тегеретип имерип,
Деңизди көздөй жиберип.
Кара көзгө салды эми,
Канкордун уулу чунагың
Кайкалап карап калды эми.
Кара-Шаар, калың бак,
Кароологон алма шак,
Түнөргөн шаар, түмөн бак,
Дүмүрөйгөн калаадан,
Бери жагында талаадан,
Бир бакка чыкты бир топ жан.
Жаш Семетей чунагың
Тааный албай болду таң.
Андан бери караса
Ак-кыянын сүмбөдө,
Алмалуунун оюнда,
Аккан суунун боюнда,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ак элечек жубанды,
Абасы көрүп кубанды.
Кыз экенин билди эми,
Кымтыя түшүп күлдү эми,
Күлчоро менен Канчоро
Күлгөнүн байкап турду эми.
Күлчоросу кеп айтат
Кеп айтканда нени айтат:
– Азап тарткан эмедей,
Арзаң этип күлбөгөн,
Адам сырын билбеген.
Күйүт тарткан эмедей,
Күлүмсүрөп күлбөгөн,
Күлгөнүн адам билбеген.
Абакем эмнени билди деп,
Не себептен күлдү, – деп,
Жүр төрөмө басып баралы,
Кебин сурап алалы.
Эки чоро жүгүрүп,
Жаны калбай сүйүнүп,
Жаш баладай күйүгүп,
Өөде карап бышылдап,
Айдап алчу немедей
Адыраңдап сүйүнүп,
Күлүмсүрөп аянып,
Күлчородой чунагын
Абасын басып таянып,
Күлчоросу кеп айтат:
«Айланайын абаке,
Эмнени көрдүң, – деп айтат,
Кулагың сал сөзүмө,
Не көрүндү көзүңө,
Эмне көрдүң, абаке,
Батырак айткын өзүмө».
Ушунтип айтып алганда,
Көрбөй калдык жалганда,
Кестелүү калпак, кең чалбар,
Кебимди айтам жаш балдар,
Саймалуу калпак, кең чалбар,
Санаамды айтар жаш балдар.
Саган айтам кебимди,
Маңдайдагы тетиги
Карарып турган калың бак,
Кароолонгон алма шак,

Түтүпдөгөн түмөн бак,
Түптүйгөп кара алма шак,
Түптүү кандын шаары экен.
Карарган шаар калаадан,
Бери жагында талаадан,
Бер жакты көздөй бөлүнүп,
Жазгы күндөй көрүнүп,
Чубап чыкты бир топ жан,
Тааный албай болдум таң.
Темир кийген жообу? – деп,
Телегей кийген кызбы? – деп,
Теңтуш Чүрөк узбу? – деп,
Тилегени бизби? – деп,
Бадана кийген кызбы? – деп,
Байкуш Чүрөк узбу?– деп,
Соот кийген жоо бекен?
Жорго минген кыз бекен?
Жорукту Чүрөк уз бекен?
Жолоочу киши биз бекен?
Кербенчи келип конгонбу?
Керектүү күнүм болгонбу?
Базарчы келип конгонбу?
Барктуу күнүм болгомбу?
Кашкарлык келип конгонбу?
Кадимки жолум болгонбу?
Базарчы болсо тилип ал,
Бадачы болсо жолго сал,
Жолду тозгон кыз болсо,
Издегени биз болсо,
Кебин угуп кайра сал.
Толтойдун колу болбосун,
Жол тоздуруп койбосун.
Чынкожо колу болбосун,
Чындап кудай урбасын,
Душман болуп көрүнсө,
Сумсайып жоодон качпаган,
Манастан башка айтпа, – деп
Андан бери карасам,
Алмалуунун оюнда,
Аккан суунун боюнда,
Кызарып чатыр көрүнөт,
Кырда түгүн бөлүнөт.
Кыясы көзгө илинбейт,
Кыя тартып карасам,
Кызыл тердик, кушмаш ээр
Кыздын аты көрүнөт.
Агарып чатыр көрүнөт,
Асмандан түтүн бөлүнөт.
Абайлап байкап олтурсам,
Абайы көпчүк, ак быштан
Аялдын аты көрүнөт.
Ким экенин билип кел,
Кимин барсаң, анын бар,
Бир кишилик алың бар,
Аттарыңа көз болуп,
Бириң мында калыңар»,
Минтип айтып калганда,
Көрбөй калдык арманда.
Канчоросу кеп айтат:
«Канкорум абам, – деп айтат,
Шойкондуу өзүм шок эле,
Мындайга эбим жок эле,
Мен ат жанында калайын,
Айкайлаган жоо болсо,
Аябай найза салайын,
Кыңшылап айтар кебим жок,
Кыз-келинге эбим жок.
Бала кезден шок эла,
Кыз-келиндин ичинде
Чукугандай кеп тапкан,
Кулчоро байкуш эптүү эле»,
Канчоро муну айтканда,
Күлчоросу кеп айтат:
– Күлүстөн төрөм, – деп айта,

Чалгынды өзүм чалайын,
Чалбай кантип калайын.
Көрүнүп турган Үргөнчкө
Көз ачканча барайын.
Азабым болсо көрөйүн,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Абыкенин Кактелки
Аягы мукур, зору бас,
Аркасы жок мал эле,
Агымы катуу суу келсе,
Агып өлүп жүрбөйүн.
Азапты минтип көрбөйүн,
Кор Көбөштүн Суртелки
Аягы мукур ат эле,
Ашуусу бийик тоо келсе,
Учуп өлүп жүрбөйүн.
Буурулду берчи минейин,
Буулумду берчи кийейин.
Бу жолумду билейин.
Агып жаткан дайрага
Аянбастан кирейин.
Тозуп жаткан жоо болот,
Ылаачындай тийейин.
Аркасы жоор ат минип,
Жолдо өлүп калбайын.
Минтип айтып калганда,
Бербеймин деп айта албай,
Берендин көңүлүн кыя албай,
Өкүм өскөн чунакка
Жумшаса тилди алат деп,
Бербесе көөнү калат деп.
Буурулду берди мингин деп,
Буулумду берди кийгин деп.
Буурулду сурап мингенде,
Буулумду сурап кийгенде,
Барарын чоро билгенде,
Топчулугу бир тогуз,
Топчуланып алганда,
Чороңдо арман калбады.
Бу дунүйө жалганда,
Алдыңкы кашы карк алтын,
Көткү кашы чылк алтын,
Күмүштөн эки капталы,
Темирден соккон Ак канкы
Качкан элик чокулуу,
Тайбуурулга токулуу.
Буурулду минип булкунтуп,
Эли өлгөндөй жулкунтуп,
Бура тартып калганда,
Бу дүнүйө жалганда,
Кеп айтканда нени айтат,
«Кагылайын карагым,
Карагым менйн карагын,
Он экинин өзүнө
Чыгар чыкпас жашың бар,
Ат арытып мине элек,
Тон тоздуруп кие элек,
Тон кадырын биле элек,
Кыйгактуу найза ала элек,
Кыйкырып жоого тие элек,
Карагай найза ала элек,
Качырып жоого тие элек,
Чалгындын жайын биле элек,
Жалаңдап жоого тие элек.
Жабдыктын баарын ала көр,
Бурма темир сом балта,
Буруп соккон Айбалта,
Жонуна темир кырдаган,
Жомокчулар ырдаган,
Пил терисин каптаган,
Как ыргайга саптаган,
Адамдан бөлөк немени
Мизи менен саптаган.
Колдон тайма болот деп,

Коло менен чырмаган.
Тийген жери ырбаган,
Алчайганда малчайган,
Башка чапса ырбаган.
Башка чапкан адамы
Жакында өөдө болбогон,
Атамдан калган Айбалта
Муну берип чунакка.
Атадан калган Наркескен,
Ачуусу келсе тоо кескен,
Көмүрүнө чыдабай,
Көңкү токой жоюлган,
Көрүгүнө чыдабай,
Көк букалар союлган.
Чабыгына чыдабай,
Чандан уста кырылган,
Сугатына чыдабай,
Көлдүн суусу соолгоң.
Ашаганда машаган,
Төкөр уста Бөлөкбай
Жайы-кышы ичинде
Жатып алып жасаган.
Сыртына алтын чөгөргөн,
Жолу, күнү болгондо,
Жоболоң тууган Ажыбай
Кокуйлап жүрүп өкүргөн.
Муну ал деп колуңа,
Атадан калган Аккелте,
Оозу орус уруму,
Түбү кытайдын кызыл кырымы.
Ортосун көк жал өгөткөн,
Оозу-түбүн теңеткен,
Бейдарат үйгө аспаган,
Ар мекенин жазылган,
Аңкайып турба, алгабас
Чагарак ооз, алмабаш
Түтүндөн мурун жан кеткен,
Жандап мурун кан кеткен.
Үйдө турса малындай,
Асынып жүрсө жаныңдай,
Атсаң аманат жандын эрмеги,
Асынсаң айдалынын айнеги.
Атып жүрсө Аккелте
Арага жетпей түшпөгөн,
Тушакчысы бир темир,
Тийген жери бир сеңир,
Кароолу адам башындай,
Огу сайдын ташындай.
Атамдан калган Ак калпак
Мунун жайын менден ук,
Була салып булаткан
Буудайык кандан сураткан,
Алтын менен күмүштү
Аркы-терки сураткан,
Келтенин огу кертпеген,
Бараңдын огу батпаган,
Жээгине алтын кадаган,
Каранын огу жадаган,
Акыректе кош калта
Алты атар огун сологон,
Атасы башка көп душман
Айдынын угуп кулаган,
Үстүндөгү Аколпок
Аны чечип берди эми.
Атамдан калган Сырнайза
Мунун сырын айтайын.
Уңгусу болот, учу курч,
Учуна салган кара мурч,
Ак карагай сьщдасы,
Ак болоттун кыймасы.
Көк карагай сыйдасы
Кок болоттун кыймасы,
Колдон тайып түшөт деп,
Кош кара кыл тактырган.

Душманды көздөй бактырган,
Ар түрлүү кылып чаптырган,
Он эки күнү сомдогон,
Чырым менен чаптаган,
Желим менен эптеген,
Үч жыгачтан септеген,
Он эки түрлүү кырдаган,
Отуз түрлүү сырдаган,
Тийген жери ырбаган,
Тегерегин тарыган.
Жээктете четине
Куламышты кой көздү,
Койкойгон сулуу Каныкей
Кокондон келген ак шайы
Ит тамандап сайдырган,
Ак элечек кылдырган,
Муну ал деп колуңа.
Астындагы Буурулдун
Абыдан жайын айтайын,
Атасы тоонун Тобурчак,
Энеси чөлдүн Музбурчак,
Музбурчактан туулган
Таза тулпар Буурул ат,
Үйдө туулуп, кумда өскөн,
Кулан менен бирге өскөн,
Бөрү тили арадай
Кош туягы чарадай,
Азуулары болоттой,
Чаткаягы колоттой,
Кашка тиши кадоодон,
Кызыл тили бүлөдөй,
Жараганы кайыктай,
Жалдын үстү жапкандай,
Секиргени бүргөдөй,
Семиргени сүмбөдөй,
Кең соорусу кетмендей,
Кебездей болгон көкүлү
Узуну ченеп керткендей.
Жамбашынын кошконго
Казан аса тургандай,
Каран калган Тайбуурул
Үргөнчтүн суусун бургандай,
Сопол куйрук, сом туяк,
Сокмоктуу күлүк Тайбуурул
Аккар аяк, кулжа сан,
Бото борбуй, кең соору,
Булчуңу бука мойнундай,
Буура көкүл орок баш,
Бука моюн, марал баш,
Карды салык, тайган төш,
Өркөчү бийик, зээри бас,
Өөдөгө салса чарчабас.
Туягында тура жок,
Жүрөгүндө кара жок,
Дулдул моюн Тайбуурул
Тууган деген дайны жок,
Арка буту жез билек
Тутам шыйрак чаалыкбас.
Он эки ай минсең арыбас
Он эки асый болгончо,
Азуусун сүйкөп карыбас.
Буурулду мин деп астынан
Түшүп берди канкоруң.
Алты кат тердик, бир желдик.
Алты бүктөп капшырдым,
Алты жол Кыдыр жол берген,
О дүйнө кеткен атамдын
Арбагына тапшырдым,
Жети кат тердик, бир желдик
Жети буруп капшырдым.
Жети жол Кыдыр жол берген,
Дегенде кудай оң көргөн,
Акырет кеткен атамдын
Арбагына тапшырдым.

Баргын чором, тең эле,
Мен кумар болдум Чүрөккө.
Айбалта алгын билекке,
Буурул аттан айрылып
Буластаган абаңды
Тамтаңдатып салбагын,
Жетип бирөө сураса,
Сырыңды айтып салбагын
Жаш Күлүстөн абаңды
Буурул аттан айырып,
Календер кылып салбагын».
Абасы бата бергенде,
Жөнөп кетти бөлүнүп,
Чок Ополдай көрүнүп.
Буурул менен алкылдап,
Жоо жарагы жаркылдап,
Бура тарта бергенде
Бута атым жерге жок болуп,
Ок жыландай октолуп,
Таноосунан буу чыгып,
Кең колтуктан суу чыгып,
Куйругунан шуу чыгып,
Салып чыкты белеске
Эки жагын каранып.
Койго тийген бөрүдөй
Оозу-мурдун жаланып.
Салып барды Күлүстөн
Ак-Ийнектин белине,
Салаадай кайкы жерине,
Аша коюп кадуулап,
Астындагы Буурулду
Абай менен жабуулап.
Оздук чайнап, көз жайнап,
Кологой тартып, баш кайнап,
Таноосунун түтүнү
Куюндай болуп буркурап.
Жолум үйдөй даңканы
Чоронун төбөсүндө чыркырап.
Жол көрө элек жаш бала,
Жол көрө элек боз бала,
Улуу жолдун тоомунан,
Ак-Кыянын оюнан,
Эңкейип карап калды эми.
Энтеңдеген чунагың
Эки көзүн салды эми.
Айкын талаа, сары түз
Абайлап байкап алды эми.
Ат жыгылар аңы жок,
Бырс этерге чаңы жок.
Күлүстөн тууган чунагың
Чаппай турган жайы жок.
Астындагы Буурулдун
Ээрип кетер майы жок.
Азык кылар чайы жок,
Карап койсо чоромун
Кой деп айтар байы жок.
Кыяны жеген кемер жок,
Кырс этерге ташы жок,
Улуу жолго кирди эми.
«Бая абакем муну мактады,
Жетелеп суудан сугарган
Канчоро байкуш таптады.
Мактаганы чын болсо,
Аянбай жоого тиейин».
Эки өгүздүн терисин,
Өзөк кылып кердирген,
Жети эркечтин терисин
Басмал кылып тердирген.
Өзөгүн бирден бурдурган,
Өткөрө чапкан кишини
Өңүн саргарта түшүп тургузган.
Арасы алтын, сырты жез,
Узумдугуп сурасаң
Эки карыш, эки кез,

Чокусуна чок койгон.
Түшкүнүнүн учуна
Сомдоп карыш ок куйган.
Алаканын бек кылды,
Душманды көздөй кезенди,
Бүлдүркөн такчу жерине
Чулгур салып көзөттү.
Кызыр эмди тай торпок,
Эки энеге тел торпок
Күдөрү кылган ак кайыш,
Чие байлап тактырган.
Как ыргайга саптаган,
Булгары менен каптаган,
Тийген жери тилүүлү,
Оңдоп кармап имерип.
Тоодой болгон Буурулду
Томукка тартып жиберип.
Тийген жери кан болуп,
Карга-кузгун тоюнуп,
Камчы тартып алганда
Чыргалай түшуп оңолуп,
Кабактан чаңы бөлүнбөй
...............................................
Кулжадай көзүн кызартып,
Адыр-адыр жер келсе,
Аркардай арыш узартып,
Эликтей бутун сайылтып,
Эки этегин жайылтып,
Балыктай оозун ачырып,
Баладай болгон ак көбүк
Омуроодо чачылып.
Эңкейиш-эңкейиш жер келсе,
Эликтей бутун сайылтып,
Жал-куйругун карасаң
Каеаба туудай жайылтып.
Кундуздай жүнү жылтылдап,
Кулжадай башы кылтылдап.

Төрт аяктан чыккан от,
Чакмак таштай жылтылдап.
Аткан таңдай түрүлүп,
Аркадай тацы сүрүлүп,
Дуусу десе таш эмес,
Учту десе куш эмес,
Урган таштай зыркырап,
Учкан куштай дыркырап.
Шалпылдаган канаттуу
Карчытына жабышып,
Каалгадай кашка тиш
Көмөкөйдө кабышып.
Кара саат баланын
Ээрге көтү жабышып.
Учуп кетчү немедей
Учкан куш менен жарышып.
Кара кайыш боз тизгин,
Эки колдо карышып,
Аягы мекен тик түшүп,
Казандай болгон кара таш
Төрт бөлүнүп жик түшүп.
Казан каптай төрт аяк
Кара жерди казылтып,
Кара темир ооздук
Көмөкөйдө карсылдап.
Жолдун чети казылтып,
Жолум үйдөй ак көбүк
Жол боюна чачылып.
Көк жеке бутта чойкоюп,
......................................
Бозкисе жанда шалпылдап.
Атагы чыккан Аккелте
Оң ийинде жаркылдап.
Чарайна төштө балкайып,
Кылыч белде кылактап,
Эки аягын карасаң
Үзөңгүдө салактап.

Эр чырагы эки көз
Маңдайында алактап,
Койго тийчү бөрүдөй
Эрди-мурду жалактап,
Караган кишиң оңгондой,
Карасаат баланын
Кара бою толгондой,
Карактап алса тунгандай,
Кылыч белде кыңгырап,
Айбалта жанда шыңгырап.
Кырым масы жокери
Үзөңгү бутта чиренип.
Буурул менеи алкылдап,
Алакандай кашка тиш
Маңдайында жаркылдап,
Төрт аягы шалкылдап,
Алыстан көргөн Үргөнчкө
Салып келди жакындап.
«Суусу батпайт сайга – деп,
Абамдын көргөн кызы кайда»
Эрди-мурдун жаланып,
Келе жатыр Күлчоро.
Эки жагын каранып,
Кирип келди чоң суугa.
Муну мындай коюңуз.
Кыздардан кабар алыңыз.
Отуз келин, отуз кыз,
Ортосунда Айчүрөк
Сегизден болуп бөлүнүп,
Селкинчек куруп көрүнөт.
Жип-арканды салышып,
Терекке басып барышып,
Селкинчек тээп калышып,
Теректин башын бурушуп,
Аркы-терки турушуп,
Акыйнекти айтышып,
.......................................?
Айчүрөктөн башкасы,
Күлчорону ойлобой:
«Сууну кантип кечет – деп
Чалгынга келген жаш бала
Сүйлөшпөй кайтып кетет», – деп
Жеке бөркүн жек кийип,
Сегиз түрлүү тон кийип,
Кошо басып Алымкан,
Кол артканы Бурулкан,
Жандай баскан Канымжан,
Туура басып ээрчишип,
Тел козудай телчишип,
Карап Чүрөк калды эми.
Алмамбеттии Эр Чоро
Суугa көзүн салды эми,
Үргөнч деген суу болгон,
Үстү көбүк буу болгон.
Аркы четин карасан,
Ысык-Көлдөй жылтылдап,
Берки четин карасан.,
Кош арыктай мелмилдеп,
Токойдун бары калкылдап,
Эми толуп балчылдап,
Карап турган чоронун
Кара бою калчылдап.
Атыла түшүп бөлүнүп
Жайлай түшүп төгүлүп,
Жан алгычтай көрүнүп,
Күнгүрөнүп күүлөнүп,
Күкүк болуп сүйлөшүп.
Алда нече түрлөнүп,
Адам болуп сүйлөшүп,
Күкүк болуп күүлөнүп.
Күйлөнүп жүрө бергенде
Жардын башын шыбырап,
Жаш балаты караган
Башы-көтүн карабай,

Тамыры менен суурулуп,
Жарга келип урунуп,
Жардын боору туурулуп.
Үйдөй болгон боз чалма
Сууга түшүп жуурулуп,
Ушуну Чоро көргөндө
Заманасы куурулуп.
Агыны катуу шар агып,
Ар жыгачтын баары агып,
Ак көбүктөп кар агып,
Бурулуп тийген жерлери
Бута атым жерге шар болуп.
Барып тийгел жерлери
Үч найза бою жар болуп,
Кечерге пенде зар болуп.
Муну көргөн адамдын
Кең дүйнөсү тар болуп.
Кечүү таппай зар болуп,
Жалган айтып койбосом
Кемерден үстү кан болуп,
Башынан мөңгү бузулуп.
Бөйрөгүнөн төрт ашуу
Туура кирип кошулуп.
Карагай, кайың, тал агып,
Түбү менен сал агып,
Жыгачтардын баары агып,
Түрмөгү менеп чөп агып.
Өзүндөй болгон кара таш
Суу түбүндө калдырап,
От күйгөндөй жалтырап,
Жаман кирип алыптыр.
Жар четинен ак көбүк
Жаба коюп салыптыр,
Бурулуп тийген жерине
Муз туруштук бере албай,
Муңдуу киши жанына
Муну көрүп келе албай.
Башына зарыл иш түшсө
Жанына пенде келе албай,
Ак чалмалап ылайлап,
Андагап киши кудайлап.
Көбүк болуп ылайлап,
Көргөн киши кудайлап.
Жардын боору оюмда,
Жармадай болуп куюлуп,
Тегеренип оң агып,
Теңизден канча чоң агып,
Имерилип оң агып,
Иледен канча чоң агып.
Агыны катуу күркүрөп,
Адамдын бою дүркүрөп,
Кабарын уккан кербендер
Калаадан чыкпа .................?
Каттап пенде кечкисиз,
Канаттуу учуп жеткисиз,
Абайлап карап олтурса,
Алакандай арал жок,
Аркыраган чоң суунун
Киргенинде карар жок.
Тегерете караса,
Тенгедей болгон арал жок,
Тенир урган чоң суунун
Киргенинде карал жок.
Өйүз-бүйүз кыдырып,
Кечүү кайда деп сурап,
Кабар алар ыгы жок.
Ай карангы түн көргөн,
Күркүрөп аккан чон сууну
Мендеп башка ким көргөн?
Ай балтачы мыктысын,
Абакемдин жанында
Канчородон ыктуусун,
Мунда келдим тыңдуусуп,
Канчородон кырдуусуп:

«Суудан кантип өтөм? – деп,
Уялбай кантип кетем деп?–
«Бардынбы?» – десе абама,
Ие деп жооп айтам, – деп,
Барбай койсом билер, – деп
Бая берген батасы
Маган кайдан тиер, – деп,
Кечпей койсом билер, – деп,
Кесиреттүү абамдын
Кечеги берген батасы,
Маган кайдан тиер», – деп,
Ушуну айтып Күлчоро
Өйүз жагын карады,
Кызды көргөн түгөнгүр
Көзү оттой жайнады.
Акундун кызы Айчүрөк
Ак боз бээ сойдуруп,
Кашкардан келген чайдосту
Алып келип койдуруп.
Отуз келин, отуз кыз
Ортосунда Айчүрөк,
Оюндун башы кызыл кыз,
Ордодон чыккан узун кыз.
Топтун башы Толгонай деп
Ойноктогон Ойсалкын,
Кандын кызы Канымжан,
Мелтиреген сулуудан,
Көчкөндөкү көрктүүдөн,
Көк сүлөөсүн бөрктүүдөн.
Атылас көйнөк Алымкан,
Карабайдын Касыке,
Кашка тууган кара бет.
Ар жоругу көп кыздан,
Башка тууган кара бет,
Шоруктун кызы Акылай,
Шоодураган капырай,
Акылбектин Ак бермет
Ажыкеннн Акшербет,
Кадыкеннн Касымжан,
Ар кылганы бачым жан,
Бурала баскан Бурулча,
Буластаган Калыйча.
Ошолордун ичинде,
Аштыкчынын кир моюн,
Ал да келип калыптыр.
Сугатчынын сугалак
Суудан балык кубалап,
Бул да келип калыптыр.
Сумбаттуу тууган Тынымкан,
Суусар бөрктүү Урумкан,
Мурунку көп сулуудан
Бир далай кыз аз болуп,
Борумун байкап карасаң,
Келгин-келгин каз болуп,
Жар башында жарданып.
«Кантип кечер экен? – деп,
Жаш балага танданып.
Кайра тарта берүүгө
Калын кыздан арданып.
Канчыктар калды жарданып,
Тегеренип карабай,
Деңизден жанын аябай,
Кыдырата карабай,
Кызды көргөн түгөнгүр
Кылча жанын аябай,
Жардын башын уратып,
Сууга кирди чуратып,
Таш ургандай чулп этип,
Кирген жерде жоголуп,
Сүрдүгө түшүп оңолуп,
Сүзүп барат шаркырап
Каалгадай кашка тиш
Ай тийгендей жаркырап,
Бактай кылып сүздүрүп,

Баатырдыгын мындап бил
Белкырчоодон оздуруп,
Тоодой болгон Буурулду
Томуктай кылып жашырып.
Буу аралаш сары суу
Ыйык жалдан ашырып,
Ыйык жалга тырышып,
Куйушканга жабышып,
Багелеги малынып
Бабединге жалынып.
Этек-жеңин жыйынып,
Энтеңдеген түгөнгүр,
Илиязга жалынып.
«Колдо, кудай колдо, деп,
Кожосаны жөлө, – деп,
Жөлө кудай жөлө, – деп,
Жөн бергеним колдо, – деп,
Колдочусу Шаамерден,
Жөндөгөнү ак эшен,
Атакем Манас колдо, – деп,
Арбагы азыр жолдо, – деп.
Ак болотун дат алып,
Адис болгон түгөнгүр
Агынын көздөй маталып,
Көк болотун дат алып,
Көнүп калган түгөнгүр
Өр жагына маталып.
Суу үстүндө аргыштап,
Кайып беле Тайбуурул?
Сүү түбүнө чөкпөгөн
Кайык беле Тайбуурул?
Туура сүзүп аргыган
Балык беле Тайбуурул?
Муз келсе суудан чураган,
Буудандыгын билгенде
Букардын каны сураган,
Акчасына чыдабай,
Алты шаар Букардан
Алым салып жыйнаган.
Акча бер деп кыйнаган,
Алганга күчү жетпеген,
Абакем минип алганда,
Качан пенде эп деген.
Суудан чыкты калт этип,
Алтын така, күмүш мык,
Төрт аякта жылт этип.
Булгары тердик, чоң желдик
Бурчунан суусу шоркурап,
Арам өлгөн түгөнгүр
Бута атым жерге жорголоп,
Маңкаң-маңкаң бастырып,
Жолдун чаңын каздырып.
Жолум үйдөй көбүктү
Жол үстүнө чачтырып.
Суудан чыкты кылчылдап,
Сары жаргак кандагай
Багелеги былчылдап.
Жорголой басып бүрүштөп,
Барган сайын жүрүштөп,
Алган экен жинди кул,
Бар шайманып күмүштөп.
Караган киши оңгондой,
Кара саат баланы,
Карактап алса тунгандай,
Астын карап акчаңдап
Аркасын карап качкандай,
Кулагын тик көтөрүп,
Куйругун жерге шүйдүрүп,
Казандай соору кемерүп,
Каскандай бели түйүлүп,
Жол куйругу шүйүлүп,
Кыз келиндин баарысын,
Жалдырап жандан түңүлтүп.
Эшигине кыз чыкпай

Чатырына үйүлүп,
Чатырдын туура бетине,
Салып кирип барганда,
Кербеген жан арманда,
Сакчы койгон сары кыз,
Кабарчы койгон кара кыз,
Кайра чуркап калды эми,
Сөздү баштап кеп айтып;
«Кабыландын көзүбү?
Как Семетей өзүбү?
Же болбосо эжеке
Эрчитип келгеп эринби?
Чагыр таштын буланбы?
Чакырып келген куданбы?
Айтса кептин азыбы?
Акщумкардын артынан
Таластан келген кишиби?
Атынын мойну алчактап,
Айбандан түркүн миниптир.
Саадактын мойну чапчактай
Жыгачтын туркүн илиптир.
Кызыл түлкү жүнүндөй,
Күлгөнү кыздын үнүндөй
Кыргоол жүндүү, кыз үндүү,
Кызыл чырай, нур жүздүү
Кызыл чийкил жаш бала
Кызыл буурул ат миннп,
Кызыл куйругун шарт түйүп,
Кирип келдн мынакей.
Ишенбесең, эжеке,
Эшикке чыгып кара», – деп.
Кыздар муну таанытбай.
Келиндин баарын кекетип,
Кыздын баарын бекитип,
«Эбиреген, кара бет,
Эбиребей ээгиң бас!
Жабыраган, кара бет,
Жабырабай жаагың бас!
Шыбыр-күбүр кылганың,
Шынкылдашын күлгөнүң,
Мени шылдың кылганың.
Башың кетет кабынаң,
Ушул келген жаш бала,
Шапылдаган боз бала,
Ссметей андай жан эмес,
Жеңил-желпи ал эмес,
Жетип келчү бала эмес.
Анык өзү болгондо,
Эжең Чүрөк оңчу эмес.
Айтканым жалган болбосо,
Алда өзү болбосо,
Талак кылып буттарын,
Таштап келип журттарын,
Пайгамбар ак, дини ак,
«Мелтиреген тозоктон
Жанымды азат кылам», – деп
Качып келген ушул чак.
Ак болоттун тукуму,
Азизкандын Алмамбет
Как ошонун тукуму,
Күлчоро келип калгандыр.
Аттанып чыкса ак жолтой,
Атышкан жоого сан колдой.
Казатка чыкса ак жолтой,
Качыргап жоого сен колдой,
Айбалта алтын элеги,
Абасынын жанында
Алты сан колдой медери.
Канчоро менен Күлчоро
Он экиде табыдыр.
Оендун күлөр чагыдыр,
Кара бет, кеби жалгандыр,
Канчоро менен Күлчоро
Ошолор келип калгандыр.

Шыбыр-күбүр кылба, – деп,
Шыңкылдашып күлбө, – деп,
Сыр алдырып салба, – деп,
Чымырканып кеп айтып,
Чыны менен бек айтып,
Сырын сурап алды деп.
Акункаңдын Айчүрөк
Ар турумун айтайын:
Босого маңдай бото көз,
Моймолжуган аркар көз,
Күмүш мурун, колоң чач,
Кош каркыра, керме каш,
Акак тиштүү, кыйма каш,
Алма мурун, түймө баш,
Ак кочкордой маңкайып,
Акмаралдай даңкайып,
Ачылса бети жарк этип,
Алтындан сөйкө бир тутам
Одуроодо шарк этип.
Көкүрөгүндө жайытып,
Тоту куштун куйругун,
Он эки түрлүү сайынып.
Ортолук кылып тумарча,
Сары алтындан тагынып,
Каукар менен жакуттан
Кыял кылып жаптырып.
Сарамжалы ошондой
Жамагат көрүп жактырып.
Өтө бели майышып,
Жекенге буту чалышып,
Көмкөрмө кундуз, кемчет бөрк
Кек желкеде кыйшайып.
Күлчоронун кашына,
Басып чыкты суйкайып.
Аркасында Акылай
Атылас көйнөк шуудурап,
Аркардай көзү жоодурап,
Жез комуздай шаңкылдап,
Мас болгондой шалкылдап,
«Чочун бала экенсиң,
Жолуң болсун, чырагым?
Кайдан келген баласың?
Кызыл буурул ат минип,
Кыл куйругун шарт түйүп,
Алыскы жерден чыгыпсың.
Тал боюна карасам
Солкулдаган жигитсиң.
Куба жүлүн жаш бала
Кай калаага барасың?
Кандай курган баласың?
Ал-жайыңды айта кой,
Арманда өлүп каласың.
Аралап кирсең өлөсүң,
Атайы кордук көрөсүң,
Жообуңду айтып, баян кыл,
Кайсы жактан жүрөсүң?
Адеби жок, жаш бала,
Кандын кызы кашында.
Каткылыктап күлөсүң,
Акундун кызы Айчүрөк
Кароолчусу кашында.
Кемчет бөркү башында,
Карагым жол жүрөсүң,
Бат кимиңди айт бачым?
Акундун кызы Чүрөктүн
Астынан адам өтпөгөн,
Асили туура кетпеген,
Эркек адам өтпөгөн.
Ак бетин көргөн адамзат,
Көрсөм деп кайта дегдеген.
Кароолчусу сандан көп,
Энтелебей карагын
Бачымырак сүйлө», – деп
Акылай минтип айтканда,

Аттын башын урду эми;
«Мен качкын десең, качкынмын
Калың кызга калганда
Кандуу кара карышкырмын,
Кандан келген элчимин.
Кайгоолго кошчумун,
Кан аралаш жошомун.
Өз күнүңдө, кара бет
Кайсы десең ошомун».
Тура калып октолуп,
Мелтиреген Бегимжан
Койнуна колун салды эми.
Короздой болгон мойнунан
Колун арта салды эми.
Айнектей болгон ак эмчек,
Имере кармап калды эми.
Муна ошону көргөндө,
Акундун кызы Айчүрөк
Ардыккандан өлбөдү,
Өлбөй тирүү калбады.
Арка чачын булайтып,
Ак тамагын карасаң
Акшумкардай кылайтып,
Ачуусу келип ачынып,
Айтканына ачытып,
Алтын мейиз, ширин сөз
Асталап айтып чачылып:
«Кызды көрүп кылактап,
Кыргыек куштай шыпылдап,
Адепсиз өсүп кутуруп,
Кызды көрүп жутунуп,
Койнуна колуң саласың,
Кандай бейбаш баласың?
Бу жоругуң койбосоң,
Бир балаага саласың.
Атамдын аты Акункан,
Кароолчусу башымда,
Кандын кызы кашымда,
Өлүп кетпе чунагым
Жубарымбек болуп жашыңда.
Бөөдө өлүп каласың,
Акылың кыска, жаш бала
Азапка башың саласын.
Эркин сүйлөп, оозун шок,
Эрмек кылар кишиң жок.
Бейбаш сүйлөп, оозуң шок,
Бейпай кылар кишин жок,
Кайдан жүргөн баласың?
Мааниңди айтып, баян кыл,
Кайсы жакка барасың?»
Күлчоро туруп кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Кечээ балырлуу көлдүн башынан,
Ала-Көлдүн кашынан,
Ак шумкарды качырып,
Суроо салып келемин.
Ак шумкардын бир четин
Чүрөк сенден көрөмүн.
Айчүрөк артык жеңемсин,
Ак шумкар жообун бересиң».
Анда Чүрөк кеп айтат:
«Адепсиз бала,–деп айтат,
Шумкар деген эмине?
Жене деген эмине?
Сөз айтасын тим эле?
Жолоочу болсоң, эл мына,
Байлаткан бейбак мен мына,
Сенин өзүн ким эле?
Мен сөз сураймын тим эле,
Түп атаңды түрүп айт,
Түйүнүн байкап билели.
Чоң атаңдын өзүн айт,
Как эле кара көзүн айт,

Өз атаңды катпай айт,
Элиңдеги жакшыны
Атам деп атын сатпай айт.
Атаң теңдүү эр болсо
Жашырып айтып не пайда,
Ат сурамак сүннөттөн
Эр сурамак келбеттен,
Сөз сурамак Изаттан».
Эми Күлчоро кептн баштады,
Тамаша кепти таштады:
«Жеңе, көрбөгөнсүп кеп айтпа,
................................................
Ала-Көлдүн оюнан,
Ак була болуп бурулуп,
Ак куу болуп кубулуп.
Ак чабак болуп жылтылдап,
Кара суудa кылтылдап.
Бир көрсөтүт өзүмө,
Үч көрсөтүп көзүмө,
Ак шумкар салган кол ушул.
Аттанып чыккап артыңдан,
Издеп келген жол ушул.
Тегимди терип кеп сурап,
Мени тексиз киши дединби?
Менин тегимдең кайгы
жединби?
Калкымдан терип кеп сурап,
Мени калксыз киши дедиңби?
Менин калкымдан кайгы
жедиңби?
Жерибиз Кең-Кол, кең Талас,
Калкыбыз ногой, эр Манас,
Улуу атабыз Бөйөн кан,
Бейөн капдан Чаян кан,
Чаян кандан Кара кан,
Кара кандан тараган.
Кадырлуу Жакып баласы,
Жайдары тууган эр Манас,
Эр Манастын баласы,
Жетим калып жетилген,
Ак болоттой кетилген.
Манастын уулу Семетей,
Семетейдин иниси,
Сен таанысаң кара бет,
Иниси эмей кимиси?
Өз атымды айтайын,
Пайгамбар ак, дини ак,
Бээжинде калган алтын так:
«Тозоктон азат болом», – деп
Качып келген ошол чак.
Алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын Алмамбет,
Алмамбеттин тукуму,
Аныктап билгин ушуну.
Абакем аламын деп аттанды
Айчүрөк сендей сулууну,
Ак шумкардын артынан,
Кош жүктөгөн төрт жорго,,
Коштогонум он төрт ат,
Аттанып чыктык үч бекзат.
Арчатору бууданга
Аяктан кебез байланып,
Он төрт күлүк айдатып!
«Бүгүндөн калбай барам, – деп,
Айчүрөк сени алам, – деп
Душманга болсуп күйүнчү,
Женеке сага сүйүнчү».
Анда Чүрөк кеп айтат:
«Кан кускан бала, – деп айтат,
Атай, көтөк! Не дейсиң,
Семетей теңи мен эмес.
Менин теним сен эмне,
Аташкан курбум Чынкожо,
Семетейден кем эмес.

Жетелерге туум бар,
Атам болуп аташкан,
Чынкожо деген күйөөм бар.
Алтындан соккон ээрим бар,
Аламын деп талашкан,
Жедигердин биягы
Толтой деген жээним бар.
Эр Толтой сенден кем эмес,
Тай эжеси Чүрөктү
Тарттырып койчу эр эмес.
Толтойдун кордук көрөсүң,
Чынкожодон өлөсүң,
Артыңда калың колун жок,
Айчүрөк алар жолуң жок.
Ушу жерден кайтып кет,
Бул сөзүмдүн барысын
Семетей аттуу абаңа
Төкпөй-чачпай айтып кет!»
Анда чоро кеп айтат:
«Акундун кызы Айчүрөк,
Бул кебиңди ит уксун,
Ит укпаса ким уксун.
Толтой менен Чынкожо
Ак шумкар берсе салабы?!
Аташканы Айчүрөк,
Сени алдырып абакем
Кур талаада каламбы?!
.........................................
Айтканы кабыл келген эр,
Чапканын жазбас балбан эр,
Далайга кыргын салган эр.
Ак келте үнү атканда,
Катуу ыгырып абакем
Үнү келип чыкканда
Уктоочу Толтой алыбы?!
Шыгайдын уулу Чынкожо
Чыдап турчу жаныбы?!
Уялбас ултан бетиби,
Уруша турган көтүбү?
Ушу кепти, жеңеке,
Семетей угуп калбасын,
Калкыңа дүрбөөн салбасын,
Акун кандын төрүнөн
Сени, ач билектен албасын.
Астыңдагы Бурулга
Кыр аркага салбасын.
Эрке жеңем Чачыкей
Ашканага киргизип,
Ашмачы катын кылбасын.
Күлчоро муну айтканда;
«Кызыл тумшук куу тумшук,
Кандай турган бала?– деп,
Кылган иши чала», – деп,
Калың кыздын баарысы
Каткырып күлүп калды эми.
Муну мындай коелу,
Белестеги төрөңө
Кайтып эми келели.
Өзүң көргөн чоң дүрбү
Чагарагын имерип,
Чындап көзгө жиберип.
Оңдоп кармап имерип,
Ополду көздөй жиберип,
Оң көзүнө салды эми,
Оолжуп карап калды эми.
Арстан туулган Күлчоро
Дайраны кечип барганын.
Катын-кыздыи ичине
Аралап чоро калганын.
Бектин кызы Бегимжан
Койнуна колун салганын.
Короздой болгон мойнуна
Колун арта салганын,
Көрө калды чунагын.

Сан бууданга така уруп,
Канчоролоп чакырып,
Ашыккандан кеп айтат
Аттарды току, – деп айтат.
Ак жолтой тууган Күлчоро,
Айчүрөк таап алганбы?
Айчүрөк, Чоро биригип,
Атасын тосуп калганбы?
Же айткан кебим жалганбы?
Кереметтүү берeним
Келерим билип алганбы?
Келип туруп калганбы?
Урушпай жолдон алалы?
Чынкожо менен Толтойду
Чором, уят кылын салалы.
Акшумкар качса колумдан,
Айчүрөк тозсо жолумдан.
Алдырып ийсем Толтойго
Чором, маңдайга бүткөн
шорумдан.
Жүрү, чором, баралы
Ордодон чыккан кыздар, менен
Ойноп кумар каналы.
Акундун кызы Айчүрөктү
Сүйсө кудай алалы.
Минтип айтып Семетей,
Абыкенин Көктелки
Алып келип токутуп,
Аста жүрүп канкоруң
Чынкожону коркутуп,
Он төрт атты жайлатып,
Канчорого айдатып.
Асаба колдо калкылдап,
Мылтыгы жондо жаркылдап.
Маңдай жагын карасан,
Кебездей болгоп ак көкү
Асманды көздөң кылактап,
Батырак жүрдү буластап.
А дегенче болбоду
Өзүң көргөн Үргөнчкө
Канчоро менен Канкоруң
Жетип келди жакындап.
Сууну келип караса,
Чыбырын түлкү жойлобой,
Чылбыр салса бойлобой.
Кечемин деген адамзат
Өлөмүн деп ойлонбой,
Адырын түлкү жойлобой,
Аркан салса бойлобой.
Агынын көргөн адамзат
Акпаймын деп ойлобой,
Сурнай тартып жез найдап,
Суу акпаган кец сайдан,
Суулар агып кошулуп,
Башынан мөңгү бузулуп,
Чымылдак тартып жез найдан.
Чымы урунду кең сайдан.
Сууну көрүп чунагың
Баабедин айтып бир тайдан.
Башынан мөнгү бузулуп,
Ылайланып сары суу,
Агып келип кошулуп,
Агыны катуу куркүрөп,
Адамдын бою дүркүрөп.
Жүрөгү жок адамдар
Дамбалына бүркүрөп,
Эки чети аппак кар,
Тийгеи жери жар болуп,
Муну көргөн адамзат
Кечүү таппай зар болуп.
Кең дүнүйө тар болуп.
Токтолуп туруп караса
Тоодой болгон толкун бар.
Бара турсун бурулуп,

Жаймай түшүп төгүлүп,
Жаткан үйдөй балыктар
Сүү үстүндө көрүнүп,
Көрүп турган пенденин
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Жаткан экен чоң Үргөнч
Жалаңкычтай көрүнүп.
Ушу сууну көргөндө,
Камбардын уулу Канчоро
Келгенине өкүнүп,
Бастыра албай сандалып
«Абаке», деп жалбарып:
«Бүгүн мында жаталы,
Кечүүнү мыктан чалалы,
Кечүүдөн кабар алалы,
Акундун кызы Чүрөккө
Эртең кирип баралы.
Же болбосо, абаке,
Кийимдин баарын чечели,
Ат жабдыктан келели
Агыны катуу чоң дайра
Агызбай койбойт асили».
Канчоро аны айтканда,
Абасы туруп муну айтат:
«Суу болгон кийим кургачы,
Суудан коркуп турбачы.
Жаш бала кечкен дайрадан
Кечпеймин деп качканың,
Акылыңдан шашканың.
Атайын армаи күнү бул,
Ай караңгы түнү бул,
Ажал жетип, күн бүтсө,
Киргизбейт койбойт казган көр,
Тобокел деп Аллага
Тартынбастан жүрө бер,
Маңдай жакта жутунуп,
Күлчоро карап турбайбы,
Дайрадан коркуп кечпесем
Абаңды кудай урбайбы.
Карабет шылдың кылбайбы,
Чүрөккө шылдың болгончо,
Сүү түбүнө чөгөйүн,
Тумшугу жок, куу чоро,
Бу көрөкчө өлөйүн.
Ажал жетип, күн бүтсө,
Алда таала кудрет
Аманатын берели.
Азалда тагдыр буюрса,
Акундун кызы Чүрөктүн
Айнектей көзүн көрөйүн».
Жаратканга кеп айтып*
Шаамерденим деп айтып,
Аттардын баарын сабады,
Агын сууга кармады,
Кайра тартып качырды.
Бакай кандын Бозжорго
Эркечтей болуп баштады,
Суудан коркуп Канчоро
Жүрөгү чыга жаздады.
Манастын уулу эр Семең,
Даңкаңдап чаңды буратып.
Кирген жерде жоголуп,
Сүрдүгө түшүп оңолуп,
Багелеги малынын,
Бабедиңге жалынып.
Этек-жеңи малынып,
Эшендерге жалынып:
«Колдо кудай, колдо, – деп,
Атам Манас оңдо», – деп
Ооп бара жатканда,
Көктелки сууга батканда
Алда кирип оозуна,
Тобо кирип сөзүнө,
Качан тобо кылчу эле,

Кожону көрсө урчу эле,
Жакып канды жалмаган.
Абыкени аймаган,
Көбөштү көргө киргизген,
Көк жалдыгы билинген,
Колдоочусу эрчиген.
Түбү менен тукуму
Өлгөн сайын өрчүгөн.
Өткүр Манас тукуму
Арак менен бозону
Аралата ашаган
Жыйырма жашты жашаган.
Мундан мурун чунагың
Алыска сапар жүрө элек,
Сай бууданга мине элек.
Агыны катуу дайрага
Жан аябай кире элек.
Дубана келсе турбаган,
Туруп салам кылбаган.
Кожо келсе коппогон,
Кооп салам кылбаган.
Кожо көрсө сабаган,
Колу-бутун байлаган
Дубана-эшен көргөндө
Карсылдатып айдаган.
Дубана көрсө урчу эле,
Кашкайып карап турчу эле,
Кара мүртөз түгөнгүр
Качан тобо кылчу эле.
Тобо кылып оозунан,
...............................................
Күлүгүн санап күүлөнүп,
Күлчорого сүйлөнүп;
«Астымда Буурул атым жок,
Алдадан башка жардам жок,
Замана түштү башыма,
Жанымда Күлүс баатыр жок,
Чүрөктөн башка дартым жок.
Абайлабай өткөздүм,
Атаңдын көрү дүйнө бок,
Айдаганым он төрт ат
Бир Буурулча болбоду,
Алдымдагы Канчоро
Күлчоро болбоду».
Суунун пири Илияз
Чылбырынан алды эми,
Суудан сүйрөп калды эми.
Өйүзгү кыздын баарысы
Жар башында жарданып,
Чач мончогу салбырап,
Айчүрөктөн кеп сурап,
Айта койчу деп сурап:
«Семетей деген ушубу?
Кечээ алып келген буудайык
Как ушунун кушубу?
Чынкожо деген кеп экен,
Чыныгы жездем бек экен.
Ушу жездем турганда,
Акылдуу эжем Айчүрөк
Тиемин дээри эп экен».
Кыздын баара күлүшүп,
Семетейди көрүшүп,
Ызылдашып бейбактар,
Ыштанына сийишкен,
«Айлыбыз бирге консо, – деп
Манастын уулу Семетей
Алган жарым болсо деп
Аз гана ойноп-күлсөм, – деп
Армансыз болор мен бейбак.
Элибиз бирге жүрсө», – деп.
Кыздын баары шаттанып,
Семетейге танданып
Кыздардын баары мелтиреп,
Мас болгондой эндиреп.

Ошо кезде канкоруң
Эки ийнинин мүрөгү,
Эки киши конгондой.
Эки бетин караса,
Эки даңгыт тойгондой.
Толкуну суунун шарындай,
Кендигин көрсөн Таластай,
Келбетиң көрсөң Манастай,
Качырганы жолборстой,
Кайсаганы албарсгай,
Ысыгы жайдын аптадай,
Суугу сырттын шамалдай.
Сүрүн көрсөң канкордун
Качырып чыккан камандай.
Маңдайына карасаң
Кара кашка тынардай.
Бүткөн боюн карасаң
Солгон чыккам мунардай.
Оң бөйрөгү булк этсе,
Ойротко бузук салгандай.
Душмандын бели сынгандай
Туугандын көөнү тынгандай.
Катын-кыздын барысы,
Бетине чыдап туралбай,
Баатырдын уулу канкоруң,
Суудан чыкты жарк этип,
Ителги куштай барк этип.
Күлүгүн сынап күүлөнүп,
Бастырып келди түгөнгүр,
Күлчорого сүйлөнүп:
«Намысыңдан өлбөйсүн,
Кайта кабар бербейсиң,
Ардангандан өлбөйсүң,
Айтып жооп бербейсиң,
Жолду качан чаласың,
Жооңду качан аласың,
Жолдо жүргөн кыз болсо,
Солкулдап ойноп каласың.
Минтип жүрүп түгөнгүр
Абаңды бир балаага саласың.
Кечүүнү качан чаласың,
Кепти качан аласың,
Кесирдүү чунак баласың.
Боек казган кыз болсо,
Болкулдап ойноп каласың.
Кан Акундун шаарына,
Качан кабар саласың.
Селкинчек тепкен кыз менен
Селкилдеп ойноп каласың,
Сендей эсер бала жок,
Кудай сени урат го,
Эрдин жоодон качканы,
Акылынан шашканы.
Көтөрүп койгон үйүң жок,
Көңүлүң тапкан немең жок.
Кандан уккан кебиң жок,
Кадырлап турган жайың жок.
Абалкы тойду сүйдүрүп,
Бышырып турган кишиң жок
Белен кылган чайың жок.
Акун кандын долусу
Бизден кутула турган жайың жок,
Жүрү, чором, кетели,
Мында туруп нетели»,
Анда чоро кеп айтат:
«Асылым аба, тура тур,
Арзымды айтам уга тур,
Атыңдын башын бура тур.
Жез ичинде коло жок,
Абаке сенин бул жерде
Астында турчу ногой жок.
Атаң Манас кабылан
Омбуну чаап олжо алган,
Ортосун бузуп жол салган.

Орустан алым көп алган,
Астыңдан тозуп келгендей,
Ай сайын алым бергендей,
Оңкогой мурун, чуңкул көз
Орустун калкы мында жок.
Алты шаар Анжыян,
Аяк жагы Самаркан,
Туурасы Ташкен, Наменген,
Ортосу Кокон, Маргалаң,
Анжыяндын Сынчыбек,
Айда алым бергендей
Анын журту мында жок.
Аттанып чыгып алышкан,
Бирин-бири чабышкан,
Көрүшкөндү чалышкан
Алдынды тосуп келгендей
Кабарың угуп алыстан
Кыргыздын журту мында жок,
Өлөңүн айтып чакырган,
Абанын кошуп жаңырган,
Ата-эненин көзүнчө ойногон,
Иленин суусун бойлогон
Казактын калкы мында жок.
Тартынбайбыз айтуудан
Кол алдыңда кишиң жок,
Бул жерде турган биздерге
Ачуу калар ишиң жок.
Жолго минген он төрт ат
Жолугарың эр Толтой,
Аташканың Айчүрөк
Астыңан чыкты ошондой.
Качырганың Акшумкар
Казатка минген көп тулпар
Издегениң Айчүрөк
Ишенгениң бир кудай,
Асыңганың Ак келте,
Атышарың Чынкожо.
Эңсегениң Айчүрөк,
Алдыдан туура чыккан жок,
Кимге кабар саласың,
Кимди издеп табасың.
Качырган кушуң колунда,
Кадырлуу жеңем жолуңда,
Акшумкар таптым салып кет,
Айчүрөк таптым алып кет.
Сулуулугу сымбаттуу
Арзан менен кымбаттуу
Чачыкейче болбосо,
Көңүлүңө толбосо,
Албаймын деп кайтып кет.
Каалаган күйөө алсын деп
Акунканга айтып кет»,
Күлчоро муну айтканда,
Абаңды кудай оңдоду,
Айтар кебин торгоду:
«Жыргап жаткан жеримден,
Жыргалдуу турган элимден,
Чакырып Чүрөк козгойсуң,
Козгогонго жараша
Кол куушуруп тозбойсуң.
Ойноп жаткан жеримден,
Ордолу турган элимден,
Козгогонго жараша
Кол алып мени тозбойсуң»,
Төрөңүз муну айтканда,
Анда Чүрөк муну айтат:
«Жолоочу киши жол менен
Чоочун киши сый менен,
Адам уккус кеп айтып,
Акундун кызы Айчүрөк
Аласа жарым деп айтып,
Толтой аттуу жээним бар
Чынкожо аттуу эрим бар».
Манастын уулу Чунактын

Чынкожо, Толтой дегенде,
Чындап ачуу келди эми,
Шыпылдап сүйлөп берди эми.
Абыдан ачуу келди эми
Айкырып сүйлөп берди эми:
«Акундун кызы Айчүрөк,
Акшумкар берчи кетемин
Айчүрөк алып кетемин.
Жолго казан аскап күн,
Жолоочу жолдон тозгон күн
Көрүүгө казан аскан күн,
Кербенчн жолун тозгон күн.
Тиши буудай болгончо,
Чачы куудай болгончо,
Ак тасма камчы сыдырып,
Эр издейсиң, кыдырып,
Саамай чачың, ак болгон,
Атасынын төрүндө
Кеп олтуруп зак болгон,
Шумкарым берчи кетемин,
Сени алып кетемин.
Кетмек турсун Кең-Колго
Бүгүндөн калбай жетемин».
«Кары десең кары де,
Кары десең бсйбакты
Кан Манастын жашында,
Бакай атам башында,
Кең Үргөнчтү чапканда,
Кеп олжого батканда,
Алтын тактын үстүндө,
Акун кан атам жатканда.
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Алтымыш эки нар алып,
Ак куржунга зар алып,
Алтымыш жорго айдатып,
Башына кебез байлатып.
Сенин атаң кан Манас
Бел куда болгои жайы бар.
Алдында тургап Чүрөктүн
Карый тургап эби бар.
Кан атаң Манас, Акун кан
Куда дешкен кеби бар.
Арбак бата дебесе,
Чынкожо, Толтой жээним бар.
Каршындагы бейбактын
Карый турган эби бар.
Алты пирге кол берген,
Алты жол Кыдыр жол берген,
Дегенде кудай оң көргөн,
Кайын атам Манас баатырдын,
Кадырын сыйлап күткөнмүн.
Жети пирге кол берген,
Жети жол кыдыр жол берген
Ал дүйнө кеткен атаңдын
Арбагын сыйлап жүргөнмүн.
Кан атам Манас өлгөндө,
Каныкей азап көргөндө,
Темиркандын шаарына
Тентип кетип, сен калдың,
Телмирип Чүрөк мен калдым.
Тай атаңдым колуна
Башында кетип сен калдын,
Жалдырап Чүрөк мен калдым.
Кары деп айтып сындырып,
Мен бейбактын шоруна,
Карыганча саргарган
Кара бет Чүрөк менденби?!
Кайным деп издеп келбеген
Кадырлуу төрөм, сенденби?!
Жашында төрөм жаш калып,
Сен келбедиң мени издеп.
Анан карап жата албай,
Кыдырып учтум сени издеп,
Сен кушуңду ала гой.

Чынкожо колду чогултуп,
Ат чаптырып тай союп,
Ак никесин кыям деп,
Саган шашканымдан баргынмын.
Урушуңду көп көрсөң
Акшумкарды ала гой».
Кандын кызы Калыйман:
«Урушуңду койгун, – деп,
Ачууңду жезде бергин, – деп
Ак чатырга киргин, – деп
Арак, бозо ичкин, – деп
Ак чатырга киргизип
Арак, бозо ичкисип
Арак, сунуп кашкайып,
Калыйман турду тастайып.
Ачкыл жандуу, кыз накыш,
Адеми төрө, жаш күлүс
Ачуусун койду таратып.
Чайдоско чайын койдуруп,
Тай-байталды сойдуруп.
Тасторконун жайдырып
Табакка салып, май коюп,
Казы аралаш жал коюп,
Балдызы сунуп, жезде ичип,
Баатырдын уулу Чунагың
Удаасы менен бешти ичип.
Канчоро менен Күлчоро
Дем албастан көп ичип.
Кызымтал болуп кызыды,
Баатырдын уулу Чунагың,
Бүткөн бою ысыды.
Ошондо ойрон кеп айтат:
«Биз ашуусу бийик тоо аштык.
Аттанып үйдөн чыкканда,
Айчүрөк жайын укканда,
Алтымыш күндөй жол бастык.
Чырм этип уйку албадым,
Куш уйкуну салбадым.
Азырак уктап алалы
Акун кандын шаарына
Аттанып жүрүп калалы.
Алда таала буюрса
Андан кийин баралы».
Ак тамагын кылайтып
Чүрөк турду муну айтып:
...............................................
Талаада уктап калганда,
Капилет басып алганда,
Шыгайдын уулу Чынкожо
Алыстан көрүп албайбы,
Каран түндү салбайбы.
Аккелте алар мойнуңдан,
Айчүрөк алар койнуңдан,
Күпүңдөп жата калганда
Күң баласы биз эмес.
Шыгайдын уулу Чынкожо
Коркпой турган киши эмес,
Кул кылуучу иш эмес.
Жедигердин эр Толтой
Корко койчу киши эмес.
Андагын, төрөм, кетели,
Ак ордого жетели.
Түн боюнча баралы,
Сүйлөшүп кумар каналы.
Тамашага баталы,
Бел чечишип жаталы.
Жолдон киши көрбөсүн.
Жан киши бизди билбесин».
«Ушу кебиң акыл, – деп
Карабет Чүрөк макул», – деп
Чатырын атка арттырып,
Аргамжы менен тарттырып,
Түн боюнча жүрдү эми.
Акундун кызы Айчүрөк

Кер жорго минип алкылдап,
Кетүчүдөй жаркылдап.
Алтында сөйкө шаркылдап,
Шыбырашып сүйлөшүп.
Шыңкылдашып күлүшүп,
Каткырыгы шаңкылдап.
Тар дарбаза көчөгө
Жете келди жакындап.
Эшик ага – кор башы
Сок билектей чоюн баш
Оң ийинге салыптыр.
«Сен кимсиң?» – деп калыптыр.
Күлүмсүрөп кеп айтып:
Мен Айчүрөк», – деп айтып,
Ак куржун оозун ачты эми,
.................................................
Карасарт менен Чорону
Акыры мында дос кылып,
«Качан келсе Чорону,
Дарбаза оозун бош кой деп,
Алып келген мейманды,
Адамды бүгүн билгизбе,
Жамандык болсо тийгизбе.
Алып келди короого,
Мейманкана ак үйгө,
Баатыр менен Чорону
Алтын менеи сырдаган,
Адамзат мындан кылбаган,
«Кабылан төрөм келет» – деп
Кан баласы Чүрөктүн
Арбагы журттан артылган,
Арагы даяр тартылган.
Кымызы даяр куюлган,
Кыз-балдызга сундурган.
Бээси семиз союлган,
Чайы даяр коюлган.
Казы коюп, жал салып,
Кумурага бал салып,
Тасторконго коюлду.
Акундун кызы Айчүрөк
Адамдан артык поруму,
Айткан менен түгөнбөйт
Ар бир түрлүү сонуну.
Түн боюнча келишип,
Сандыргалуу чунакка
Даяр тамак берилип.
Тамак ичип тоюшуп,
Куудай болгон ак мамык
Чыканакка коюшуп,
Кыйналып келген мейманды
Орун салып жаткырып,
Эшиктин баарын бактырып.
Күзөтчү коюп сыртынан,
Он жигитке бактырып.
Анда Чүрөк кеп айтат:
«Эй, курдаштар, – деп айтат
Үйүңүзгө кетиңиз,
Эртен кайра жетиңиз,
Семетей келди дебеңиз,
Калжырап бокту жебеңиз.
Малын кетет олжого
Башың кетет талоого».
Кандын кызы эмеспи,
Бек бекитип салды эми.
Кыздардын баарын жиберип,
Келиндин баарын кетирип,
Кептин баарын бүтүрүп,
Төрөлөрүн уктатып,
Каалганы кулуптап,
Акырын басып аянып:
«Жүргөн бирөө барбы?» – деп
Жан жагын байкап каранып,
Калбайын деп уялып,
Кабыланы келгенге

Өзү артыкча кубанып,
Ордону көздөй жөнөдү,
Кара бет бейбак чубалып.
Ордого басып келди эми,
Жылып үйгө кирди эми.
Сыйпайы төрө чунактын
Келерин Чүрөк билди эми.
Керебеттүү тактыга,
Кебезден салган пахтага,
Тубардан кылган көшөгө
Туура тартып алды эми.
Торкодон кылган көшөгө
Бел курчоодон жазданып,
Мамыкты башка салдырып,
Баатырыма назданып,
Келберсигеи кара бет,
Керилип жатып калды эми.
Муну мындай коюңуз,
Төрөөдөн кабар алыңыз.
Акылман Чүрөк кеткен соң,
Акун кандын ордого
Акырын басып жеткен соң,
Күлчоро турду ойгонуп:
«Айчүрөк менен абакем
Биргедир, – деп ойлонуп,
Көрөйүн, – деп, – тамаша»,
Төрөцүз жатат, Чүрөк жок
Туруп келип караса.
Анда Күлүс кеп айтат,
Кеп айтканда нени айтат,
............................................
Акун кандын Айчүрөк
Аташканың канаке,
Акундун кызы карабет,
Аташкан жарың болгон соң,
Албай кантип коебуз.
Айчүрөктүн койнуна.
Барбай кантип коебуз.
Барбаган менен болбойт, – деп,
Ашык жарың Айчүрөк,
Айтып-айтып койбойт, – деп.
Жүр, абаке, барабыз,
Барбай койсок, абаке,
Эртең уят болобуз»,–
Күлчоро муну айтканда,
«Андай болсо чунагым
Сен да бирге баргын, – деп
Акундун кызы Чурөккө
Эрте кабар салгын», – деп.
Төрөңүз муну айтканда
Каражандан түңүлүп,
Караңгыда жүгүрүп,
Өзү алуучудай немедей
Дегеле катуу сүйүнүп.
Кудай урду кулуңду,
Калет дебе мунумду,
Жүгүрүп келин Күлчоро
Каалгага урунду.
Төкөр уста төгөгөн,
Төрт алакан өгөгөн,
Жалкын мизин теңеген,
Как карагай саптаган
Бурма темир бурдурган.
«Башынан чыгып кетет»,–деп
Төрт кырдаган болоттон
Кош эбелек койдурган
Жалкыны карыш Айбалта
Оң колуна алды эми,
Как карагай каалгага
Шалдырата салды эми.
Төрөңүздү ээрчитип
Күлчоро жетип барды эми.
Ордого келип караса,
Кырк киши жатат жанаша

Кырк кишини көргөндө
Жоонун башы колунда,
Кире турган жолунда,
Тегиз жатат баарысы,
Эшиктин алды жолунда.
Кайтарышып калыптыр,
Чокморлорун кучактап,
Баарысы уктап калыптыр.
Уктаганын билген соң
Сүйүнгөндөн күлдү эми.
Кирип төрө караса,
Көшөгө турат тартылуу.
Көмүрдөн кылган шам чырак,
Баш жагында жагылуу.
Сарамжалдуу ар түрдүү
Төр жагына караса,
Алтындан күрсү тактыга,
Мамыктан калган пахтага,
Алтын таажы башында,
Болот кылыч кашында,
Корккон киши көз салып,
Карай алгыс жагында,
Алтын такты көрдү эми.
Уктап жаткан Акунга
Таазим кылып турду эми.
Ар кайсыны ойлонуп,
Арбакка чет болом, – деп,
Чет болгондо арбакка,
Бул жалганда оңбойм, – деп
Ушу жаткан Акун кан
Кусуруна каламын,
Же болбосо мейли, – деп
Айчүрөккө барамын.
Же болбосо койчу, – деп,
Ушу жерден кайтамын,
Же кайтып барып бу сөздү
Күлчорого айтамын,
Төрдө жаткан Чүрөгүм
Ойгоо болуп жүрбөсүн,
Кайтып кетсем мен эртең,
Шылдың кылып жүрбөсүн,
Чүрөккө шылдың болгончо,
Кудай таала буюрса,
Баса көр, бүгүн оңдоюн»,
Чүрөктү көздөй басты эми,
Айчүрөктүн жанына
Акырын басып жетти эми.
Ашыктык түшүп жүрөккө
Уктап жаткан Чүрөккө:
«Кубулжуган кара бет
Алда кандай кылат, – деп,
Окус болсо долу күң
Кубулуп кетип калат», – деп,
Кулачтай болгон карачач
Имерип кармап алды эми,
Койнуна колун салды эми.

## Ч. ВАЛИХАНОВ ЖАЗЫП АЛГАН ВАРИАНТТЫН АТАЛЫШТАРЫ

### АДАМ АТТАРЫ

Агеркеч
Ажыбай
Айгожом
Айдар
Айдар хан
Айкандын
Акбай,
Аксаргыл
Актан Таз
Алике
Алмамбет
Алтынай
Багыш
Байдын уулу Баймырза
Бегиш
Бокмурун
Болот
Бообек
Бөйөн кан
Дүмүр алп
Жаанбай
Жаанбай
Жайнак
Жакып кан
Жамгырчы
Жанаалы
Жангир уулу Билерик
Жаныбек.
Жолой
Камбар хан
Камбардан
Канчором
Кара кан
Карач
Коноктун,
Коңурбай аты Үңүрбай
Кошой
Көккоен
Көкчө
Кулжа
Кутунай
Куужигит
Күлчором.
Күн хан
Күнүк
Мажик
Мамбет,
Манас
Манас кан
Нескара
Нурдун
Орозду
Ороңгу
Сайкал
Салмамбет
Сары хан
Серек
Соорондүк

Сыргак
Тазбаймат,
Төштүк
Тыныбек.
Үрбү (Мөңкө)
Чайан кан,
Чакы
Чегиш
Чоюн алп
Эдиге

## ЖЕР-СУУ АТАЛЫШТАРЫ

Ак-Кыя
Ак-Суу
Ак-Таш
Ак-Терскен
Ала-Көл
Анжиян
Балгары
Беш-Терек
Боз-Төбө
Букар
Буурул-Тоо
Бээжин
Жети-Суу
Кашкар
Кең-Иле
Кең-Калкан
Кең-Меже
Кең-Меже
Кең-Токой
Кер-Көл
Козу-Башы
Кой-Таш
Копо
Кыл-Эртиш
Кыл-Эртиш
Кысыл-Кыя,
Молдо-Торгой
Самаркан
Сан-Таш
Сары-Бел
Сары-Талаа
Талгары
Тал-Чоку
Түркстан
Тээк-Таш
Улуу-Тоо
Үкүрчү
Үч-Капкак
Ысык-Көл

## ЭТНОНИМДЕР

Калмак
Кыргыз
Ногой
Ойрот

## ТЫНЫБЕКТЕН ЖАЗЫП АЛГАН «СЕМЕТЕЙ» БӨЛҮМҮНДӨГҮ АТАЛЫШТАР

### АДАМ АТТАРЫ

Абыке
Акун хан
Алмамбет
Арстан молдо
Бакай
Буудайык кан
Калыйман
Камбар
Канчоро,
Коеналы
Коңурбай
Көбөш
Көкчө
Күлчоро,
Манас,
Музбурчак
Сары абам
Семетей
Толтой
Үмөтөй
Чачыкей
Чынкожо
Шыгай

### ЖЕР-СУУ АТТАРЫ

Ак-Жар
Ак-Ийнек
Ак-Кыя
Алмалдуу-Булак
Алматы
Анжыян
Анжыян
Анжыян
Кайнар
Камбыл
Кара-Буура
Кара-Суу
Кашкар
Кең-Кол
Кең-Көл
Наменген
Наменген
Сары-Кол
Талас
Ташкенди
Төрт-Күл
Үрүмчү
Чаткалдан
Челекти
Чет Бээжин
Чоң Опол
Чоң-Опол
Шумкар-Таш

# ИСА
# ЖУМАБЕКОВ

## КИРИШ СӨЗ

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов институтунун Тил, адабият институтунун Кол жазмалар фондусунунда инвентарлык номери №240, 241-папкада манасчы Иса Жумабек уулунун «Манас» трилогиясынын «Семетей» бөлүмү жазылып алынган. 241-папканын көлөмү 102 беттен туруп, ар бир бетте болжол менен 20 саптан же кээ бир барактарында андан да көп жазылгандыгы маалым. Папканын негизги бетине «жазган Абдиев жана Эсеналиев» деп жазылып, «1967-жыл» деп карандаш менен жазып кеткен. Бирок, С. Бегалиев 1968-жылы тапшыргандыгы белгилүү болду. Ал эми, 240-папканын тышына «1979-жыл» деп жазылган (сыягы тапшырылган жыл го). Бул нерсени баса белгилеп айтып жаткан себебим, 240-папка 1979-жылы, ал эми 241-папка 1968-жылы жазылып калгандыгынан улам болуп жатат. Мындай нерсе папканын инвентарлык номеринен же жылын жазууда туура эмес белгилеген деген ойдобуз. 240-папкада баардыгы болуп 207 бет көлөмдө болуп, ар бир бетте болжол менен 30-35 саптан, ал эми кээ бир жерлери 20-22 саптан жазылган.

240-папкада «Ыса», ал эми 241-папкада «Иса» деп берилгенден улам Жумабековдун өз аты «Иса» же «Ыса» деп конкреттүү кайсынысын жазыш керектиги так берилген эмес, бирок 241-папканын 1-бетине атайын «Иса» деп бөлөк калем менен белгилеп кеткендиктен улам, «Иса» деп берүүнү туура көрдүк.

Иса Жумабековдон жазып алган вариантты́нда «Каныкейдин Букарга барышы», «Семетейдин балалык чагы», «Тайторуну байгеге кошуу», «Семетейдин тек-жайын билиши», «Семетейдин Таласка

жөнөшү»,«Семетейдин күмбөзгө келиши», «Семетейдин атасынан калган мүлктү Жакыптан сурап турушу», «Семетейдин Таласка көчүп келип, Абыке, Көбөш, Жакыптардын өлүмү», «Кырк чоронун качышы», «Семетейдин Коңурбайды күтүшү», «Толтой менен Чынкожонун чатагы», «Толтойдун сөзү», «Коңурбай менен жолугушуу», «Айчүрөктүн Музбурчакка жолугушуу», «Төштүккө жолугушу», «Чачыкей менен Айчүрөктүн жолугушу», «Чачыкей», «Күлчоронун Тайбуурулду минип жөнөшү», «Күлчоронун жөнөөр алдында, Семетейдин тапшырмасы», «Айчүрөк», «Айчүрөккө Семетейдин жолугушу» сыяктуу кичи темаларга бөлүнгөн.

***Ч. Айтматов атындагы***
***Тил жана адабият институтунун***
***кенже илимий кызматкери***
***Амангелди САБЫР УУЛУ***

## КАНЫКЕЙДИН БУКАРГА БАРЫШЫ

Төрө Манас өлгөндө,
Дөөлөр келип көмгөндө,
Арстан Манас өлгөндө,
Алптар келип көмгөндө,
Манастан калган дүйнөнү,
Абыке, Көбөш арамдар,
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Семетей жетим калганда,
Каныкей жесир калганда,
Келберсиген Каныкей,
Кемирчекке зар болуп,
Талаада жүрдү мелтиреп,
Беш манча эти мөлтүрөп.
Ошентип, жүрүп Каныкей,
Төрөсү турган ордодон,
Караңгыда Каныкей,
Качып чыкты зымырап,
Балтыр бешик Семетей,
Күмбөстө калды баркырап.
Күүгүм кире, күн бата,
Абыке, Көбөш жатаарда,
Каныкей кайра келди эле,
Күмбөстө жаткан Семеңди,
Оң колтукка колтуктап,
Алтымышта Чыйырдыны,
Сол колуна жетелеп,
Качып чыкты энтелеп.
Байдын уулу кан Бакай,
Кан Бакайды бет алып,
Шашып барды Каныкей.
Алтымыш асый Торуну,
Токуп берди кан Бакай.
Уйна деген дубаны,
Окуп берди Семеңе.
Чыйырды менен Каныкей
Баатырдан калган туякты,
Алайа-терме өңөрүп,
Чоң Букарды бет алып,
Жөнөй калды ал экөө.
Бараткан жолдо Каныкей,
Чоң көлчүгүн көрдү эле,
Аңгинин оозун бурду эле,
Каракан кызы Каныкей
Көлчүктү карап турду эле,
Кыз кезинде Каныкей
Чоң көлчүккө келчүү экен.
Отуз келин, отуз кыз,
Оюн салып өтчү экен.
Көлчүгүн көрүп Каныкей,
Санаасы санга бөлүндү.
Карагаттай көзүнөн,
Бөлөк-бөлөк жаш кетип,
Чыйырдыга кеп айтат,
Каракан кызы Каныкей
Кеп айтканда деп айтат:
Айланайын эне – деп,

Баатыр шерге тийгени,
Кырк эки жыл толуптур,
Көлчүктү көрбөй Каныкей,
Кападар болул жүргөмүн,
Тегерегин карасам,
Үйдөй чынар өсүптүр,
Көлчүгүм толуп калыптыр,
Шордуу болгон келиниң,
Капасыз болуп калыптыр.
Анда Чыйырды кеп айтат:
«Берекем эми, – деп айтат,
Көлчүгүң кайра бир толсо,
Элиңе аман кошулуп,
Кайра тартат экенбиз,
Жылгалуу Кең-Кол, кең Талас,
Жерди көрөт экенбиз.
Кара буура Чаткалда,
Кайкалап ногой жатканда,
Элди көрөт экенбиз.
Кызыл буура Чаткалда,
Кыйкырып ногой жатканда,
Кагылайын берекем,
Элди көрөт экенбиз»,
Деп, – ошентип энеси,
Сарт байлоо кылып аттарды,
Кол чаначты чечти эле,
Карсылдашып күлүшүп,
Капанын баарын сүрүшүп,
Аш-тамагын ичишип,
Ат-атына минишип,
Молдоруна киришип,
Чоң Букардын четине,
Кирип барды ошондо.
Манастан калган дүрбүнү,
Чыгырыгын имерип,
Чындап көзгө жиберип,
Калың шаар Букарды ,
Кайкалап карап калды эле.
Каракан кызы Каныкей,
Атынын башын бурду эле,
Айтып турган кемпирге,
Каракан кызы Каныкей,
Арманын айтып турду эле:
Кечээ Манас барында,
Букардын каны атама,
Төркүлөп эми келгенмин,
Ошондо келген себебим,
Ак тулпар сурап келгенмин,
Ак тулпар бербей атакем,
Армандуу болуп кеткенмин.
Каракан кызы Каныкей,
Сураганын ала албай,
Ошого эми таарынып,
Эки дүйнөдө көрөм, – деп,
Таарынып жүрүп кетиптир,
Айтканы эки болбогон,
Караганы оңбогон,
Шертке катуу Каныкей,
Букардын берки бөлүгү,
Кан Дөгөйдүн айлына,
Каныкей барып конду эле.
Барганы он эки күнгө толду эле,
Каракан кызы Каныкей,
Кыркып берип чыбыгын,
Кылып берип ырымын,
Жетим калган Семеңди,
Бир тууганы Ысмайылга
берди эле.

## СЕМЕТЕЙДИН БАЛАЛЫК ЧАГЫ

Муну мындай таштайлы,
Семеңдин өсүшүнөн баштайлы,
Кишимжан менен биригип,
Эмчекти бирге эмишип,
Тел кулундай тебишип,
Ысмайылдын уулу, – деп,
Айтып жүрдү көпчүлүк.
Семетейге Манастын,
Ата экенин билгизбей,
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Жери экенин билгизбей,
Кайкалап жаткан ногойду,
Эли экенин билгизбей,
Багып жүрдү Ысмайыл.
Семетейдин мингени,
Темиркандын тулпары.
Колундагы кондурган,
Ысмайылдын шумкары.
Эчтекеден кобу жок,
Өскөн экен Семетей,
Ошол кезде Семетей,
Он эки жашка келиптир.
Он экиге келгени,
Алоолоп турган өрт болду.
Ачуусуна тийгендер
Аябастан мерт болду.
Ит агытып, куш салып,
Жол күзөтүп, жоо кезеп,
Күүлдөгөн бектерин,
Күйпүңдөтүп жадатып,
Тентектиги ашынды.
Семетейдин айынан,
Далай эшен кайгырып,
Ушул Букар шаарынан
Семетей аттуу зор чыкты.
Семеңди мындай таштайлы,
Армандуу калган Каныкей,
Ошондон кабар баштайлы.

## ТАЙТОРУНУ БАЙГЕГЕ КОШУУ

Ошо кезде Каныкей,
Чыйырды менен кеңешип,
Акылдашып теңешип,
Алтымыш азый Торуну,
Төлгө кылып Семеңе,
Чапмак болду Каныкей
Багын сынап баланын,
Көңүлү көпкө бөлүнүп,
Не болсо да көрөм деп,
Чыкпай калса Тайтору
Ажалдан мурун өлөм, – деп,
Эркекче кийим кийинип,
Капкара болгон чачтарын,
Төбөсүнө түйүнүп,
Кыл куйрукту шарт түйүп,
Таптап жүрдү Каныкей,
Теңирим кудай акта – деп,
Зарлап жүрдү Каныкей.
Ушул таптаган атым бир чыкса,
Жалгызды жиберемин элине,

Таптаган атым чыкпаса,
Жерге кирем эми – деп,
Алтымыш азый Торудан,
Он эки сапар тер алды,
Кудайым бергин, – деп алды.
Он экинчи теринде,
Алтымыш азый Тайтору,
Кулун болуп келиптир,
Секиргени бүргөдөй,
Семиргени сүмбөдөй,
Чаткаягы чаткалдай,
Ар мүчөсү бургудай,
Төрт аягы кыргыдай,
Кең соорусун карасаң
Чоң казан асса тургудай.
Кең таноосун карасаң,
Түрүп койгон эшиктей.
Алты жашар жаш бала,
Тайтактап ойноп жаткандай.
Тал жибектей куйругу,
Чаткаягын чапкылап
Аруудай болгон көкүлүн,
Көктү көздөй ыргытып,
Туягын жерге мылгытып,
Азуулары аяктай,
Көмөкөйү көнөктөй,
Кашка тиши кадоодой,
Алтымыш азый Тайтору,
Буура көкүл, орок баш,
Чабышкан жерде кем калбас.
Алтымыш азый Торуну,
Таптап алды Каныкей.
Сегиз кандын алдында,
Мактап алды Каныкей.
Тараза мыйзам батаарда,
Таң кашкайып атаарда,
Машактын башы шыбырап,
Бөдөнө торгой бижырап,
Бадалдан элик бакырып,
Макулуктар жан-жаныбар
ордунан,
Туруп калган кезинде,
Каракан кызы Каныкей,
Ордунан турду секирип,
Нардай болгон Торуну,
Аңги боз менен бош коштоп
Алып чыкты Каныкей.
Ачка келсе Каныкей,
Ак дасторкон тамак жай,
Күйүт тарткан Канышка,
Күлүп турган кабактай.
Өлөр кезде Канышка,
Өөдө кылар өбөгү,
Өксөгөндө Канышка,
Өбөк кылар жөлөгү,
Адашканда акылы,
Адамзаттын баарынан,
Арка кылган жанына,
Энекеси Чыйырды,
Бекем кысып кучактап,
Берекем! – деп, бышактап,
Эптеп эпке келген соң,
Тайторуну чабууга,
Кудай берсе олжону,
Көпкө бөлүп салууга,
Олоңдой болгон кара чач,
Төбөсүнө түйүнүп,
Эркектин киймин кийинип,
Темирдей өңү көгөрүп,
Сыр бараңын өңөрүп,
Багын сынап баланын,
Көңүлү көпкө бөлүнүп,

Көзүңдүн жашы төгүлүп,
Эмне болсо көрөм! – деп,
Чыкпай калса тулпарым,
Ажалдан мурун өлөм! – деп,
Кой! – дегенге тил албай,
Алгыр куштай айланып,
Тоо кетмен туяк, кең соору,
Кенен жердин малы экен,
Чыгып калса Тайтору,
Букарга кызык салайын,
Батаңды берчи энеке,
Падыша атам алдына,
Эркекче болуп барайын.
Дубаңды менден аяба?
Үмүткөр болгон балаңды,
Медерим менин энекем,
Каршылык кылбай кайгырбай,
Батаңды бергин берекем,
Ак байбиче Чыйырды,
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Кол көтөрүп, зар ыйлап,
«А дүйнө» кеткен Манасты,
Колдой көр! – деп дагы ыйлап,
Ажыбай, Бакай эки кан,
Арка болуп колдой көр!
Айланайын жараткан,
Каныкей ишин оңдой көр!
Алманбет, Чубак эгизим,
Жесириңе көзүң сал!
Сыргак, Серек теңизим,
Кайгыга тууган жеңеңди,
Кансыратпай сүрөп ал!
Ишин теңир оңдочу,
Жесириңди колдочу,
Үмүткөр болгон байкушту,
Жер каратып койбочу?
О, Каныкей кулунум,
Тилегиң теңир берсинчи,
Ушул турган Тайторуң,
Байгеден чыгыш келсинчи!
Байгеге чыгып келгенде,
Капаңды атың ачсынчы,
Санааңды атың бассынчы.
Тилекти кудай берсинчи.
Телмирип турган жесирдин,
Торусу чыгып келсинчи».
Саралуу катын Каныкей,
Чыйырдыдан бата алып,
Сар-санаага маталып,
Букарды көздөй аттанды.
Бөкчөнүн жолун төтөлөп,
Тайторуну жетелеп,
Калабасы калкылдап,
Жабдыгынын баарысы,
Жай жайында шаркылдап,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Сөлөкөтү сөөлөтү,
Эр Манастай көрүнүп,
Кара чаар кабылан,
Капталында чамынып,
Алда колдоп алыптыр.
Эки беттин отунан,
Бир байпактык түк чыгып,
Оозунан түтүн буркурап,
Каалгадай кашка тиш,
Таруудайдан быркырап,
Оозунан жалын төгүлүп,
Опол тоодой көрүнүп,
Букарга кирип барганда,
Букардагы сегиз кан,
Как жарылып дыркырап,
Эки колу боорунда,

Салам айтты чуркурап.
Узун кулак сарысы,
Көк ала сакал карысы,
Бирөө эмес дүркүрөп,
Букарлыктын баарысы,
Белгилүү экен бек экен,
Биздин элге белгисиз,
Кайдан чыккан эр экен.
Кең көкүрөк, жайык төш,
Келбесиген шер экен,
Ушу турган Букарга,
Темирден коргон чеп экен.
Кайраттанып жөө чыкса,
Бели тийчү шер экен.
Атка тумар алтындан,
Тагып алчу эр экен.
Күлүктөрүн жоорутпай,
Көңүлдөрүн оорутпай,
Четтен келген эр болсо,
Багып алчу шер экен.
Алар антип жатканда,
Тайторудай бууданды,
Кара кийген Каныкей,
Кошуп туруп калды эми,
Ат айдагыч жигиттер,
Булактатып желегин,
Айдоого атты даярдап,
Тосуп туруп калды эми.
Муну мындай таштайлы,
Кан Ысмайыл баатырдын,
Кылыгынан баштайлы.
Карт буурадай күркүрөп,
Каарын көргөн адамдар,
Карай албай зиркиреп,
Капалуу баатыр Ысмайыл,
Калк ичинен кеп угуп,
Бузулган катын Каныкей,
Букарда жатып ээлигип,
Атын чапты, – деп угуп,
Кандай укмуш кандай ар,
Арсызды кудай урганын,
Айласы кеткен куу жесир,
Ат чабам! – деп, – турганын,
Минтсе долу оң болбойт,
Эгерде бизди соо кылбайт,
Жэсир туруп жээликкен,
Ат чабам! – деп – ээликкен,
Арсыз мынча болобу?
Сыздаган сөөк кимдики,
Сынган намыз кимдики,
Кеткен намыз кимдики,
Жесир жүрүп жээлигип,
Ат чабам! – деп – ээлигип,
Эркек кийим кийинип,
Эселек мындай болобу?
Катын кылбас бул жорук,
Эл аралап төтөргөн,
Алтымыш асый Торусун,
Чабамын, – деп жетелеп,
Сегиз кандан эр издеп,
Болбой калган кезиби?
Эрге көөнү бузулуп.
Оңбой калган кезиби?
Төрө жездем Манастын,
Төшөгүн баскан оңобу?
Төрөнү кордоп отурган,
Ушундай арсыз болобу?
Кордоп жүрсө Манасты,
Канчыктын иши оңобу?
Арбагын эрдин кордогон,
Ушул өңдүү ургаачы.
Эгерде эки болобу?

Деп, – ошентип Ысмайыл,
Барабанын ургусуп,
Баарына жардык салды эми,
Жоо тийгендей жабылып,
Балбандардын баарысы,
Ысмайылдын жанына,
Жетип барып калды эми.
Кара пендей Ысмайыл,
Каарданып бакырып,
Ок жалындай атылып,
Бери кел, – деп – белсенип,
Семетей уулун чакырып:
«Ой, Семетей кулунум!
Келгендерден кеп уктум,
Жесир эжең кесепет,
Ат чабам! – деп – ээлигип,
Желип жүрөт, – деп уктум.
Бузуктукка бел байлап
Намызсыздык кылган го?
Эри өлгөнгө сүйүнүп,
Каралуу чачын түйүнүп,
Кадимки баатыр немече,
Эркектин киймин кийинип,
Бузуктук жолду төтөлөп,
Алтымыш азый Торатын,
Чабамын! – деп жетелеп,
Эбин таап көйнөк кие албай,
Эптеп эрге тие албай,
Эл кыдырып чыр баштап,
Эсепсиз уят сыр кылды,
Эси жок жесир дедирип,
Баарыбызга чыр кылды.
Бул ишке кайдан көнөмүн,
Тентиген катын дедирип,
Баарыга-шылдың болгончо,
Тирүү жүрбөй өлөмүн.
Ой, Семетей кулунум!
Өзөндүү дайра булагым,
Өлгөндө көргөн чырагым,
Тур, Семетей барып кел,
Астыга келсе Тайтору,
Манас! Манас! Манас! – деп,
Манастап ураан чакырып,
Бери сүрөп алып кел!
Артта калса Тайтору,
Кармай калып канчыкты,
Канын суудай агызып,
Курмандыкка чалып кел!
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарып кел!
Башын кесип байланып,
Атакең, Ысмайылга алып кел!
Ал өңдөнгөн бузукту,
Жолотпо балам өзүмө,
Көрсөтө көрбө көзүмө,
Жээлигип жүргөн катындан,
Мындай кордук көргөнүм,
Тирүү туруп өлгөнүм,
Аттангыла, баргыла,
Айткан сөздү алгыла,
Калып калса Торусу,
Бир адамга көрсөтпөй,
Бир адамга билгизбей,
Долуланган канчыкты,
Чабуусунан жаргыла».
Бул сөздү угуп Семетей
Алтымыш балбан эр менен,
Кузгун учпас чөл менен,
Оозунан түтүн буркурап,
Ачуусу келип эжеге,
Бүткөн бого зыркырап,
Каныкейди соймокко

Жаны калды дыркырап.
Муну мындай таштайлы,
Ээрдей болгон белесте,
Эс таппай турган каралуу,
Каныштан сөздү баштайлы.
Кайгылуу турган Каныкей,
Касиеттүү жан экен,
Үнү угулуп өзү жок,
Эки ийнинде отурган,
Жылаңач бала бар экен.
Болгон ишти, күйүттүү,
Айтып жүргөн бала эле,
Кулактан арбап кыбырап,
Ошол кезде баласы,
Айтып берди шыбырап:
«Эй, Каныкей байкушум,
Колуңду сууга малып ал,
Айткан сөздү толуктап,
Кулагыңа салып ал,
Казгалдак деген кайраи куш,
Ат чабам, – деп – жээлигип,
Ансалдан мурун өлөсүң,
Кардыңдан чыккан,
Астыга келсе Тайтору,
Уулуңдун жинин көрөйүн,
Урматына көнөсүң.
Артта калса бул атың,
Өлүмгө көздү сүзүп кой,
Ажалдан мурун Каныкей,
Жаныңдан күдөр үзүп кой».
Бул кабарды укканда,
Өрттөнүп ичи чок болду,
Касиеттүү Каныштын,
Каалаган журту мында жок,
Бел байлаган бели жок.
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Не кыларын биле албай,
Үстүнө каран түн түштү,
Кайгылуу жесир башына,
Жетимиш түркүн иш түштү.
Кагылайын Семетей,
Эбин таап көйнөк кие элек,
Эси кеткен шордуунун,
Эне экенин биле элек,
Киндик кесип, кир жууган,
Кеңирсиген кең Талас,
Жери экенин биле элек.
Ак калпактуу кыргыздын,
Эл экенин биле элек.
Алты арамдын айынан,
Алып келген Букарга,
Мен экенин биле элек,
Намыска тууган чунагым,
Жолуман кармап алат ээ?
Жалыңганга карабай,
Жол боюна жарат ээ?
Аркама бүткөн олоң чач,
Өрүп алмак болдум ээ?
Ат чабам, – деп – ээлигип,
Айкөлдөн калган жалгыздан,
Өлүп алмак болдум ээ?
Кутулбадым ээ кудай!
Көңүлдө капа санаадан,
Ат чабам – деп – кутуруп,
Арманда кетмек болдум ээ?
Көөдөндөн чыккан баладан.
Ыйлагандан пайда жок,
Ажалдан качаар айла жок,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок,
Деп, – ошентип Каныкей

Манастан калган дүрбүнү,
Мойнунан жулуп алды эми,
Манасты көргөн немедей,
Оңду-солду кучактап,
Жыттал-жыттап алды эми,
Не болсо да көрдүм – деп,
Бардыгын алып мойнуна,
Жашын төгүп койнуна,
Белеске чыгып турду эми,
Ак борчук оозун бурду эми,
Бурамасын имерип,
Булкуп көзге жиберип,
Дүрбүсүн алып турду эми.
Кең кепенин четинде,
Деңиздин берки бетинде,
Оргуп, оргуп чаң чыгат,
Оргуган чаңды көргөндө,
Каныштан сызып жан чыгат.
Оргуган чаңды караса,
Атасынын Ак тулпар,
Арыштап чуркап алыптыр,
Калың чаңдан бөлүнүп,
Жалгыз болуп алыптыр,
Куйругу көзгө дирилдеп,
Көкүлү көккө бириндеп,
Закым болуп калыптыр.
Анын артын караса,
Чоң кашканын чаңы экен.
Мунун артын караса,
Чоң күрөң сындуу мал экен.
Үчтүн артын караса,
Элик шыйрак шам кулак,
Кара кашка аргымак,
Караса көзгө илинбей,
Үстүндө жүргөн баланын,
Канаттай болуп туш-тушка,
Этектери дирилдейт.
Темир кандын төрт тулпар,
Узап чуркап алыптыр,
Анда-санда бир жылкы,
Кайда экени билинбейт,
Канча карап турса да,
Каныкейдин көзүнө,
Жалгыз караан илинбейт.
Ай караңгы болобу?
Түн эмине болучу,
Артта калса Тайтору,
Күн эмине болуучу?
Астымда арткан тор беле,
Төрөмдүн көзү өткөндө,
Күн көрөрүм тайкы эле,
Айланайын жараткан,
Жан кылып мени жаратсаң
Түшүм көлдө чалкыган,
Кууну кушка жегизбей
Ары жок катын уулунан,
Арам өлдү дегизбе?
Деп, – ошентип Каныкей,
Аттын оозун бура албай,
Чыңырып ыйлан тура албай,
Кабыландын чоң дүрбү,
Кайра көзгө имерип,
Кайра салып жиберип,
Кайра дүрбү сунду эле.
Кең Мойноктун жонунда,
Башын жерге сала албай,
Аркардай арыш ала албай,
Каргадай бала жонунда,
Келе жатат Тайтору,
Үч жүз аттын сонунда.
Арбак урган Тайтору,
Эми кайдан жүгүрдү, – деп,

Кайран энең Каныкей,
Чымындай жандан түңүлдү.
Мурдунун суусун тарта албай,
Көзүнүн жашын арта албай,
Кабыргасы сөгүлүп,
Кан аралаш аккан жаш,
Акборчуктун жалына,
Шорголоп турду төгүлүп,
«Алда чиркин куу дүйнө,
Маңдай сөөгүм кайкы эле,
Туулгандан муңайып,
Күн көрөрүм тайкы эле.
Ай караңгы түн экен,
Ажалым жетер күн экен,
Жаш күчүктөй кыңылдап,
Жаран[1] өлмөк экемин,
Табытым жок, бейит жок,
Арам өлмөк экемин.
Как эткенден карга жок,
Талаада өлмөк экемин.
Асылын көрбөй арманда,
Баламдан өлмөк экемин.
Өзөндүү дайра булагын,
Өлгөндө көргөн чунагым,
Бозала туйгун болпонум,
Боз карчыга чолпонум,
Жоо жарагын кие элек.
Кылычтан калган кыягым,
Кымбаттан калган чырагым,
Найзага таккан желегим,
Айкөлдөн калган белегим,
Атаң деген Ысмайыл,
Жат экенин биле элек,
Айкөлүм Манас көк жалдын,
«Ата» экенин биле элек.
Таластан качып бала үчүн,
Келгендигим биле элек,
Беш аркар жылдыз батканда,
Беш кайрылып бурулуп,
Эмизгеним биле элек.
Абакем Бакай азыгын,
Жегизгенин биле элек,
Күйүктүн белин чыркырап,
Ашкандыгын биле элек.
Аркалап алып Таластан,
Качкандыгым биле элек,
Энекең мен деп, мен шордуу,
Эмчегимди көрсөтсөм,
Энеңмин, – деп, – жалбарсам,
Эзелде чунак болбойт ээ?
Кесепеттүү шайтан деп,
Кылчайбай шилтеп кылычын,
Курган жаңды койбойт ээ?
Буулугуп жүргөн жесир – деп,
Жолуман кармап алат ээ?
Дөөгүрсүп турган балбандар,
Көк бөрү кылып алат ээ?
Шордуу энесин таанынбай,
Чыркыратып өзүмдү,
Чукуп таштап көзүмдү,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Ээликмелүү канчык, – деп,
Даңгыттарга жарат ээ?
Талаада сөөгүм даңкайып,
Көмүүсүз болуп калат ээ?
Чакылдаган чакчыгай,
Чарасына көзүмдүн,
Уяларын салат ээ?

---

[1] Йаран – фарсы тилинде – агайын, журт, эл маанисинде

Тал жибектей чачымды,
Айдай иймек кашымды,
Куркулдап кузгун тытат ээ?
Кардан аппак этимди,
Жулкуп таштап бетимди,
Ит куштар келип жутат ээ?
Ботодой болгон көзүмдү,
Каркылдап карга оёт ээ?
Каалгадай ак тишке,
Шакылыктап сагызган,
Ойноктоп, эркин конот ээ?
Алмадай болгон эки эмчек,
Кара жору тоёт ээ?
Жайдары жасы кабагым,
Кажырдын жеми болот ээ?
Бүлкүлдөгөн бөйрөктү,
Түлкү какшаал оет ээ?
Бурулуп бүткөн булчуңду,
Бурдап-бурдап сугунуп,
Бөрүлөр талап тоет ээ?
Жоболоңду төлгөнү,
Тартпай койбой не болдум,
Тозокко тууган мен катын,
Тоодой болгон Тооруну,
Чаппай койбой не болдум?
Маңдай сөөгүм кайкы эле,
Манастын көзү өткөн соң,
Күн көрөөрүм тайкы эле,
Кең Таластын баткалда,
Кербеним төрөм коркутуп,
Кыйын болуп жатканда,
Тарса-тарса жөтөлүп,
Жаздыктан башын көтөрүп,
Жаман болуп турганда,
Курман болуп куу катын,
Өлүп албай не болдум,
Кыл мурутун чычайтып,
Кыямат көздөй жол тартып,
Кыйноо көрүп жатканда,
Курман болуп төрөмө,
А дүйнөнү мен мурда,
Көрүп албай не болдум,
Улуу тоодон үн чыккан,
Улар болбой не болдум,
Тартынбай өлүп бир жатып,
О дүйнө кеткен көк жалга,
Курман болбой не болдум,
Бешигимди жонума,
Артпай койбой не болдум,
Мээнетиңди мынчалык,
О, кулунум Семетей,
Тартпай койбой не болдум?
Бел байлаган белим жок,
Бейпай тартсам мынчалык,
Берендин зайбы, – деп турган,
Берекем, кыргыз элим жок!
Каз айланса зоо да жок,
Калдайган кардуу тоо да жок,
Кайгырбайын жөнү жок,
Асылкеч жеңе койгун, – деп,
Көңүл айтып коючу,
Аргын кыргыз элим жок»,
Деп, – ошентип Каныкей,
Бурамалуу дүрбүнү,
Дагы бурап имерип,
Бууданды көздөй жиберип,
Аныктап кармап сунайын,
Арбактардан сурайын,
Алдында Торум келбесе,
Алтымыш торпок, кырк тайга,
Сатып алган ак тинте
Кынынан сууруп алайын,

Күткөнүм ушул эми, – деп,
Кый сүбөмө кадайын.
Алтын сөз дүрбүнү,
Алты жолу салайын,
Аныктап туруп карайын,
Чубап өткөн аттарды,
Акмалап баарын санайын.
Карап анык түңүлүп,
Баламдын колун тийгизбей,
Каныма жанын күйгүзбөй,
Мен, өзүм өлүп калайын,
Ошондо эр мүчөлүү Каныкей,
Акборчук оозун бурду эле,
Арбагы күчтүү Манаска,
Жалынып ыйлап турду эле.
Чыгырыгын имерип,
Манастан калган дүрбүнү,
Чын көзүнө жиберип,
Бурамасын имерип,
Буркурал ыйлап жиберип,
Буудандын оозун бурду эле.
Ажалга каршы баскандай
Айыгыша турган арстандай,
Бардыгына бел байлап,
Дүрбүсүн салып турду эле.
Ит-Торпунун жолунда,
Кесең-Кырдын оюунда,
Санап көрсө Тайтору,
Келе жатат кайран мал,
Алтымыш аттын сонунда.
Башын жерге салыптыр,
Аркардай арыш алыптыр,
Мойнун жерге салыптыр,
Болжолсуз арып алыптыр,
Желгенине жел жетпей,
Жеткилең чуркап алыптыр,
Басканына мал жетпей
Башкача чуркап алыптыр,
Коржоңдогон Торунун,
Эликтей колу сайылат,
Өргө тарта бергенде,
Жал-куйругу жайылат,
Талаа-түзгө келгенде,
Таманы жерге тарсылдайт,
Кара болот ооздук,
Көмөкөйдө карсылдайт,
Араандай оозу ачылат,
Кан аралаш көбүктөр,
Омуроого чачылат,
Кара болот ооздук,
Көмөкөйдү каккылайт.
Тал жибектей куйругун,
Чаткаякка чапкылайт,
Көкүлүн көккө ыргытып,
Көнөктөй болгон төрт туяк,
Көрүнгөн жерге мылгытып,
Ойноп кетчү коёндой,
Ойсоңдоп башын чулгутуп,
Маралдай болгон денеси,
Капкара чаңга бөлөнүп,
Үстүндөгү баласы,
Көздү ачып жумганча,
Жетип барды Күрөңгө,
«Айкөлүм» деп чакырып,
Эр Манастап бакырып!
Кайгысы күчтүү Каныкей,
Капталдан ураан салды эми.
Колдоочунун бардыгы,
Кошо сүрөп калды эми.
Темиркандын Актулпар,
Куйрук улаш жакындап,
Текөөрлөшө калды эми.

Эпсиз күлүк Актулпар,
Эки үзөңгү кагышып,
Биринен бири калышып,
Жал-куйрукча жарышып,
Куру дүрмөт ок менен,
Күпүлдөтүп аткылап,
Асылдан калган байкуш, – деп,
Алып чыкты Каныкей.
Тайтору узап алганда,
Маарага жакын калганда,
Айкөлдөн калган белегим,
Айзага таккан желегим,
Мен шордууну атайлап,
Эне экенин биле элек.
Кокусунан Семетей,
Эл оозунан кеп укса,
Атасы Манас, – деп укса
Эркек киймин не кийдиң
Эси жок энем экенсиң,
Не мөрөйгө жетесиң, – деп,
Атасын тарткан канкорум,
Намысына бир келсе,
Өлтүрүп мени коёбу?
Күйүп кетип ал бала,
Кармап алып өзүмдү,
Как көзүмдү оёбу?
Ээликкен катын дедиртип,
Өзүмдөн чыккан балама,
Шерменде кылба өзүмдү,
Чыгып калган Тайтору,
Калбас эми бул жолу,
Деп, – ошентип Каныкей.
Сул чепкенин чечинип,
Ак куржунга салды эми,
Эркекче киймин чечинип,
Каралуу кебин кийинип,
Олондой болгон кайран чач,
Омуроого жайылып,
Кара чачы жайылып,
Кандуу бети жыртылып,
Ак борчугу жорголоп,
Каралуу катын Каныкей,
Манасы жаңы өлгөнсүп,
Манасты кошуп озондоп,
Нардай болгон Торуну,
Кайра сүрөп калыптыр.
Мына ошондо Семетей,
Чууга кулак салганы,
Чуу кабарын алганы.
Э, кагылайын балбандар,
Жабыла баарың чаба көр!
Айкөлүнөн айрылып,
Качып келген бул жерге,
Эжекемдин үнү экен,
Келгендерден кеп уктум.
Каралуу эжем Каныкей,
Төлгө тартып бул күнү,
Торуну чапты, – деп уктум,
Алдыга келсе Тайтору,
Ошону сүрөп алалык.
Айланайын балбандар,
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен туйганды туйдуңбу?
Араандай оозу ачылган,
Кан аралаш ак көбүк,
Омуроого чачылып,
Жал-куйругу диркиреп,
Илебинен үн чыгып,
Келе жатат Тайтору.
«Манастап сүрөөн салалык,
Букарга кирип баралык,
О дүйнө кеткен жездекем,

Балалуудай кылалык!
Э, айланайын балбандар,
Жаратканга чыдабай.
Жаным чыгып баратат,
Кайыштан өргөн тизгини,
Каруусун алып баратат,
Эки колу карышып,
Киши көрбөс кордукту,
Кайран эжем Каныкей,
Тартып чыгып келатат»,
Деп, – ушинтип Семетей,
Манас кирбес оозуна,
Манас кирип калыптыр,
Жери кирбес оозуна,
Талас кирип калыптыр,
Кыргыз кирбес оозуна
Кыргыз кирип калыптыр.
Ошол кезде Семетей,
Манастап ураан чакырып,
Балбандын баары бакырып,
Ой-тоонун баары ызы-чуу,
Манастап! ураан чакырып,
Жердегинин баарысы,
Манастап баары бакырып,
Асман менен учкандай
Нардай болгон Тайтору,
Байгеге келип калыптыр.

## СЕМЕТЕЙДИН ТЕК-ЖАЙЫН БИЛИШИ

Сарытаз Темиркандын тууганы болуп, экөөнүн басташуусунан улам, Темиркан аны токойго көмүр өчүргүч кылып айдап жиберет. Ит агытып куш салып жүрүп, Семетей Сарытазга кокусунан токойдо жолукту, бирок Сарытазды тааныса да алик алган жок. Буга ызаланган Сарытаз Семетейдин тек-жайын кекээр менен айтат.

Канкор төрө Семетей,
Сарытаздан кеп угуп,
Калкың ногой деп угуп,
Энеке, жерим Талас турбайбы?
Атам Манас турбайбы,
Эжеке десем энемсиң,
Теңиз атам өлгөндө,
Сан казына дүнүйөм,
Чачып келген экенсиң,
Мен жетимди көтөрүп,
Качып келген экенсиң,
Берендин жалгыз баласы,
Бел кылаары жок болуп,
Безип жүрөр жок кайра,
Айланайын энеке,
Айтпай кыргыз эл кайда?
Деп ошентип Семетей,
Жаткан кезде таарынып,
Сөзүн айтып турганы:
«Бычайы көйнөк бакылдап,
Эрке катын Каныкей,
Баса албай мууну калтырап,
Кара оозуна кан толгур,
Кандай неме айты экен?
Жин оозуңа жин толгур,
Кандай жиниккен неме айтты экен?
Балам, ботом, – деп айтып,

Балтыр этиң толо элек,
Балбан чагың боло элек,
Чырымтал жүнүң түшө элек,
Темир канат кезиңде,
Теминесиң болбойсуң,
Болбой мойнуң толгойсуң,
Балтыр бешик Семетей,
Башыңды кесип алам, – деп,
Аргын, ногой көп кыргыз,
Жеке билип алам, – деп,
Абыке, Көбөш арам кул,
Бейжайды салган жери бул,
Беренім, уулум угуп тур,
Абыкедей арам кул,
Төрөдөн калган жесирин,
Аласа болуп калыптыр,
Арага киши салыптыр.
Арага келген кишисин,
Ак тинте менен бир койдум,
Бир койгону курусун,
Эки катын, бир бала,
Өзүң көргөн букарды,
Он эки жылы кыштадым.
Атаң Манас өлгөндө,
Алптар келип көмгөндө,
Төрө Манас өлгөндө,
Дөөлөр келип көмгөндө
Төрөдөн калган дүйнөнү,
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Караңгыда Бакайды,
Карап чыктым чыркырап,
Күмбөздө калдың баркырап.
«Өлөйүн» дедим арымдан,
Өлө албадым кантейин,
Семетей чунак барыңдан.
Кетейин дедим арымдан,
Кете албадым кантейин,
Семетей чунак барыңдан.
Чыйбыл, Кочкор эки арам,
Ажыбай, Көлбай төрт арам,
Абыке, Көбөш алты арам,
Кордук кылып көргөзүп,
Көрбөгөнүм көр болду,
Кер азабым жер болду,
Жебегеним кык болду,
Балтыр бешик кезиңде,
Атаң Манас өлгөндө,
Калдайып жаткан калың эл,
Кайгырып туруп көмгөндө,
Жамандар жаным койбоду,
Кундактагы Семетей,
Сени киши болор – деп,
Алдыма бастым калкалап.
Абыке, Көбөш арам кул,
Калдайган калың байлыкты,
Камчыга ченеп бөлүшүп,
Ордомду кетти талкалап.
Алты арамдын айынан,
Айла кетип акылдап,
Төркүнгө тентип энекең,
Букарга келген жери бу»,
Деп, – ошентип Каныкей
Кара сур өңү чөп болуп,
Кайратганып бел байлап,
Кайгырып ыйлап, көз жыйнап,
Күйүп - жанып чыркырап,
Айласы кетип буркурап,
Эр Манастын уулуна,
Айтмакчы болду кызыкты.
«О, кулунум угуп ал,
Теңиз абаң өлгөндө,
Тентиреп качып элиңден,

Келгенимди айтайын.
Алты арамдын айынан,
Айла кетип акылдап,
Келгенимди айтайын.
Кайгыда жаткан элиндин,
Кабарынан айтайын.
Мына белесте жүрдүм мелтиреп,
Колумдун беш манча эти
мөлтүрөп,
Талаада жүрдүм тентиреп,
Таман этим мөлтүрөп,
Жанталашып качканда,
Үргүлчөктүн чоң жоого,
Үргүлөп келип жыгылдым,
Жоо алышаарга алым жок,
Күрөшөөргө күчүм жок.
Тараза мыйзам болгондо,
Түн ортосу болгондо,
Жоргонун белин таяна,
Эки катын бир бала,
Чоң энең калды жөтөлүп.
Келбеттүү энең Каныкей,
Чоң эне менен Семетей,
Аркы терки көтөрүп,
Алым кетип турганда,
Карыганда кан Бакай,
Эки койдун эт менен,
Эки чанач сүт менен,
Эки семиз ат коштоп,
Тулпардын изин жашырып,
Жоргонун белин ашырып,
Ушу жети күндүк жолдорго,
Үч тулпар менен качырып.
Бир түндө ошо жеткирди.
Карыганда кан Бакай,
Колумду кармап буркурап,
Куруп калган энекең,
Абакелеп чыркырап.
Карыганда кан Бакай,
Ботолуу төөдөй буркурап,
«Каныкей балам аман бол!
Сени бир кудайга,
Баланы сага тапшырдым,
Канаттууга актырба,
Тумшуктууга чоктурба,
Дүнүйөгө караба,
Дүнүйө колго келүүчү,
Кейибе балам Каныкей,
Каныкей, көк ала булум, бел сак-
тайт,
Көк ала өрдөк көл сактайт,
Калган бир, ыйлап жан сактайт,
Карала туйгун бел сактайт,
Калганы ыйлап жан сактайт,
Баланы балам жакшы бак»,
Деп, – баланы табыштап,
Бөлүндүм балам бөрү бол!
Ажырадым, аман бол!
Эми, жоголдум балам бөрү бол!
Жолукканды койбос бол!
Кызыл канга тойбос бол!
Акылын айтып бышактап,
Беренден калган белектин,
Оң бетинен бир жыттап,
Сол бетинен бир жыттап,
Улам улам өбүшүп,
Өкүрүп-өксөп кайгырып,
Араңдан зорго айрылып,
Аман бол, – деп эр Бакай,
Өкүргөн бойдон Таласка.
Кеткенинен айтайын.
«Ботолуу төөдөй буркурап,

Кан баласы Каныкей,
Колунан кармап чыркырап,
Кош, аман бол! балам, – деп,
Кан Бакай кеткен чуратып.
Кара калпак, боз чапан,
Казактын жайын мен билем,
Оймолуу жактан оң килем,
Ногойдун жайын мен билем,
Кыймалуу жактан кырк килем,
Кыргыздын жайын мен билем,
Элиндин жайын сурасаң,
Кемсел кийип керилип,
Келини сулуу көп жерден.
Жибек кийип буралып,
Жигити сулуу кыргыздын.
Кулу, бийи белгисиз,
Баары мырза элиң бар,
Кулун-тайы белгисиз,
Баары жорго жылкың бар,
Менин төрөм өлгөндө,
Көбөш кул журтту бөлгөндө,
Абыке кетти айланып,
Саадагын жерге байланып,
Кырылгырдын кырк чоро,
Абыкеге айланып,
Атаң Манас өлгөндө,
Кырылгырдын кырк чоро,
Улуксаат сөзүн айтпады,
Атаң Манас өлгөндө,
Учурашып кайтпады.
Атсыз келген чорону,
Аттуу кылган атакең,
Тонсуз келген чорону,
Тондуу кылган атакең.
Ачага келин сулуу кыз,
Алып бердим чорого.
Каныша бою кымча бел,
Кыздан тандап чорого,
Алып бердим чорого.
Дөбөдөй болгон ак үйдү,
Тигип бердим чорого,
Жай кийгенин бир бөлөк,
Жайында камдап турчу элем,
Кыш кийгенин бир бөлөк,
Кышында камдап турчу элем,
Бир жагына бал чайкап.
Басыкерден жол тартса,
Бирден буура мингизгем.
Бирден олпок кийгизгем.
Ортосунда жайкактап,
Туруучу элем жайпактап,
Кырылгырдын кырк чоро,
Бир кызматын билбеди,
Кырк чоро көрсөң салам айт,
Жылсам табар айла бар,
Чечилбес кара дабам бар,
Абыке, Көбөш арам бар,
Туугандан чыккан душманың,
Ичинде болор бушманың
Тиштелүү кетер бармагың,
Кулунум, ичинде кетээр арманың,
Балтыр этиң толо элек,
Балбан чагың боло элек,
Төркүнүңө барарсың,
Төркүнүң ушак сөз айтаар,
Сенин энең Каныкей.
Төрөнү сайган, – деп айтаар.
Тууганыңа барарсың
Тууганың ушак сөз айтаар,
Сенин энең Каныкей,
Туйгунду сайган, – деп айтаар.
– Айтканын адал билбеген,

Абыке менен Көбөштүн,
Алдоосуна кирбегин,
Арманда ботом өлбөгүн,
Ажыбай, Көлбай эки арам,
Чыйбыл, Кочкор төрт арам,
Абыке, Көбөш алты арам,
Көкөйдөн калбайт кулунум,
Алты арамдын жоругу».
– О, кагылайын энеке,
Ыйлай бербе буркурап,
Каран кылар адам жок.
Кайсап алар таман жок,
Кең дүнүйө тар болуп,
Келберсиген кан апаң,
Кемирчекке зар болуп,
Алты арамдын зордугу,
Көкөйдөн кетпей кордугу,
Ал карышкыр мен ит го,
Мок, дөң менен желип баратсам,
Ал алтоо, ой менен желип
кетпейби?
Энеке, мен эле жолборс ал ит го?
Ойго түшүп мен жүрсөм,
Алтоо жерге кирип кетпейби?
А дүйнө кеткен төрөнүн,
Арбагына жалынып,
Өксүп ийди Каныкей,
Теке жүрбөс жерлерден,
Текени кууп сойдурба?
Темиркандын шаарында,
Тентип жүргөн энеңди,
Телмиртип ботом оңдурба?
Кулжа жүрбөс жерлерден,
Кулжа кууп сойдурба?
Кара кандын шаарында,
Куруп калган энеңди,
Кара бет кылып калтырба?
Менин куурайлуу Кең-Кол жерим,
Кууначак ногой элим ай,
Жылгындуу Кең-Кол жерим ай,
Жыргаган ногой элим ай,
Кара кандын шаарында,
Качып жүргөн айбым ай,
Же болбосо кулунум,
Кай жеримде кертим бар.
Ошол Айдың-Көлдү бакалап,
Күл токойду жакалап,
Ала качып кулунум,
Жан соогалап келгенмин.
Тулпарды минген турчу эмес,
Тууганга жетпей турчу эмес,
Темир канды такалап,
Энеке, кана шумкар баласы,
Карга менен көнөбү,
Кан атакем Манастын,
Арбагын мындай көмөбү?
Тирүү болсом барармын,
Өлбөсөм өчүм алармын,
Абыке менен Көбөштү,
Чабуусунан жарамын!
Деп ошентип Семетей,
Болгон окшойт арманда.
Айланайын карагым,
Карагым менин карарым.
«Атыңдын башын буруп тур,
Аяр кылып угуп тур.
Кан баласы Каныкей
Балам, ботом», – деп айтып,
«Атаң Манас өлгөндө,
Касы, досу белгисиз,
Кайнап көп эл келгенде,
Кең-Колдун суусу ылай, – деп

Топурагы кумай, – деп,
Анжияндан күл бото,
Алты миң төөгө жүктөтүп,
Алты миң бээнин сүтүнө,
Ылыйын куюп бекитип,
Анжияндан ак мата,
Кыймалатып салдырып,
Алты жүз эркеч майына,
Кыш бышырып бек салдым,
Алты кылым өткөнчө,
Турар бекен, – деп салдым.
Атыңдын башын буруп тур,
Аяр кылып угуп тур.
Кең-Колдун жайын сурасаң?
Бөөт-бөөт сазы бар,
Бөлүнүп учкан казы бар,
Жыгылсам табар айла бар,
Чечилбес табар айла бар,
Абыке, Көбөш арам кул,
Чалып коёр каман бар,
Сен акырыңда сак болгун.
Жериңдин жайын айтайын,
Касиеттүү кең Талас,
Күрүчүн күздүк айдаган,
Элиңдин жайын айтайын.
Эмике атаң байлаган
Кара эгинден күрүч көп.
Ошол Кара-Буура, Чаткалда,
Кайкалап ногой жатканда,
Атаң баатыр Манастын,
Караган журту бай болгон,
Касташканы жай болгон.
Атаң Манас баатырың
Калкынын баарын бай кылган,
Касташкаи жоосун жай кылган.
Атаң баатыр Манастын,
Уулу урум кийүүчү,
Атаң баатыр Манастын,
Кызматы журтка тийүүчү.
Эми барамын, – деп болбойсуң,
Кара жолтой Кең-Колго,
Болбой мойнуң толгойсуң.
Эми мен үйүңдүн жайын
айтайын
Мейманкана беш үй бар,
Аштымкана алты үй бар,
От жакпаган он үй бар,
Атаңдан калган ак сарай,
Туура жакта энекең,
Төрөсү менен жатуучу,
Ак эмчегин балкытып,
Айнектей көзүн жаркытып,
Алтындан кылган тактыга,
Алып жаткан жерим бар,
Эми, кирчүү болсоң үй ошол.
Кулунум, ошол үйдүн жайын
айтайын,
Капшытында бийлери,
Оюн ойноп жатуучу,
Эшигинин алдында,
Он эки бөлөк чоң ордо,
Кырылгырдын кырк чоро,
Ашык атын жабуучу,
Атаңдан калган ак сарай,
Чындыгында ичинде,
Төрт жүз киши батуучу,
Мына кирчү болсоң үй ошол,
Ошол, Айгыр-Жалдын астында,
Ошол, Үч-Кошойдун үстүндө,
Ошол, ордону тиккен журтуң бар,
Ошол, Айгыр жалдын астында,
Алтымыш үйлүү Калча бар,

Ал Калчанын ичинде,
Бөлөкбай деген жакшы бар.
Салыкты ошо кайтарат.
Ак ордо Бөлөкбайдын колунда,
Кирүүчү болсоң үй ошол.
Ошолордун ичинде,
Ак маралдай маңкайып,
Ак кочкордой шаңкайып,
Тостуккандай бети бар,
Толук кызыл жүзү бар.
Кыйган кара кашы бар,
Согончоктун үстүндө,
Жетээр жетпес чачы бар.
Көбүк кардай ыкталып,
Күн тийгендей беттенип,
Алма моюн, түймө баш,
Акак тиштүү, кара каш,
Кайран энең Каныкей,
Атаң баатыр Манастын,
Кийгендерин кетирип,
Кырылгырдын чорого,
Жай кийгенин бир бөлөк,
Жайында камдап турчу элем,
Кыш кийгени бир бөлөк,
Кышында камдап турчу элем.
Ок өтпөстөн бир олпок,
Баарына бирден кийгизгем,
Ок жетпеген тулпарды,
Баарына бирден мингизип,
Дөбөдөй болгон ак үйдү,
Баарына бирден тиктирип,
Агача, келин сулуу кыз,
Алып бердим баарына.
Бир жагына бал чайкап,
Чоң самоорду койдуруп
Ар тамакты алдына,
Дасторконго жайдырып,
Кырылгырдын чоролор
Бар кызматын жай кылып,
Кызматымды аябай,
Туруучу элем жай кылып.
Атаң Манас өлгөндө,
Ак ордомду талкалап,
Абыке, Көбөш эки арам,
Чыйбыл, Кочкор төрт арам,
Ажыбай, Көлбай алты арам,
Ак ордомду талкалап.
Атаңдан калган дүйнөнү,
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Алышаарга алым жок,
Күрөшөөргө күчүң жок,
Караан кылаар ногой жок.
Кире качып кетүүгө,
Карагайлуу токой жок.
Абыкедей арам кул,
Кылычын кыя байланып,
Кырылгырдын кырк чоро,
Абыке менен Көбөшкө,
Баарысы кетти байланып,
Карыпчылык болгондо,
Мээнетке башы толгондо,
Кырылгырдын кырк чоро,
Уруксат сөзүн айтпады,
Атаң Манас өлгөндө,
Учурашып кайтпады.
Кырк чоро көрсөң салам айт.
«Энеке, өлбөсөм өчүм алармын,
Чалканга бээни байлармын,
Энеке, кырк чорону жайлармын»,
Деп, – бала төрө Семетей,
Ак тулпарды токуду,
Кан баласы Каныкей,

Медиресен окуду.
«Айланайын карагым,
Атыңдын башын буруп тур,
Аяр кылып угуп тур,
Кулунум жабдыктын жайын
айтайын,
Кечээ кара алтын нугу чайкаган,
Бараңдын оозу батпаган,
Койчагыр тешип өтпөгөн,
Атаңдан калган аколпок,
Көбөш кулдун колунда.
Күн жааганда кийгендир,
Этек-жеңин кургатып,
Эл көчкөндө кийгендир.
Кийчү болсоң тонуңду,
Мына Көбөш кулдун колунда.
Атаңдан калган аркескен,
Ачуусу келсе тоо кескен.
Көмүрүнө чыдабай,
Көңдү токой чыгарган.
Көрүгүнө чыдабай,
Эчен бута союлган.
Сугатына чыдабай,
Каскан булак түгөнгөн,
Төкөр уста Төлөгөн,
Чолок уста Бөлөкбай,
Жайы-кышы өгөгөн.
Уй майына сугарган,
Чолок уста Бөлөкбай,
Өз колунан чыгарган.
Капырды көздөй шилтесе,
Кулач болуп узарган,
Өрттөй болуп кызарган.
Шилтегенде кан кеткен,
Кандан мурда жан кеткен,
Алчу болсоң мүлк ошол.
Чоң атаңдын үйүндө.
Күлдүр кандын Ажыбай,
Кызыл алда колдогон,
Олуязаада кан Бакай,
Балырдуу көлдүн боюнда,
Он эки бөлмө салдырган.
Он эки түрдүү кырдырган,
Отуз түрдүү сырдаган,
Акыр заман убакта,
Жамакчылар ырдаган
Бул дүйнөдө жөлөгү,
Акыретте жолдошу,
Бул дүнүйө жалганда,
Сыргак, Чубак ынага,
Ошонун сүрөтүн салып койгомун.
Анын бери жагында,
Ак ылайдары көрүнчү,
Ашкере айтып берүүчү,
Бөрүнүн уулу Бөрүчү,
Актай далы көрүүчү,
Төлгөчү кара Төлгөчү,
Төлгөсүн тартып берүүчү,
Жакшылык, жаман иш болсо,
Ашкере айтып берүүчү.
Мына эр санаты ушундай,
Ырамандын ырчы уулу,
Сагынбектин сынчы уулу,
Айланайын каралдым,
Деле барысын айтып кетейин,
Кызыл селде башында,
Кырк чоросу кашында,
Ошол туу көтөрүп жөнөгөн,
Асаба туусу калкылдап,
Туу көтөргөн Кыргылды,
Найзанын учу жаркылдап,
Кара манжуу, калмакты,

Ошо Чет-Бээжинге талкалап,
Жырык чапан узун чач,
Кыз-келинин алганда,
Ат сооруга салганда,
Олжо катын кылганда,
Мунун аксызын[1] бузуп жар салган,
Турпанын бузуп бу салган,
Жырык этек, бото көз,
Кытайдын кызын ууга алган.
Ошо кырктын башы Кыргыл чал,
Кызыкты кылган далай чал.
Темирди сайса тешүүчү,
Дөгүрсүгөн дөөлөрдү,
Ошо сенин атаң эр Манас,
Тебетей сайган немедей,
Тегеретип кетүүчү.
Дөгүрсүгөн дөөлөрү,
Төгөрөк сайган немедей,
Тегеретип кетүүчү.
Анжиян менен Алайды,
Караткан атаң далайды,
Айкөл атаң дөө болгон,
Ак калпак кыргыз журтуна,
Былк эттирбей ээ болуп,
Кыйынсынган дөөлөрү,
Бет алдында жок болгон.
Аалам, кыргыз калың журтуна,
Кыймылдатпай чеп болгон.
Калың кыргыз калкына,
Ошо, алдырбаган чеп болгон.
Атыңдын башын бура тур,
Аяр кылып угуп тур,
Мындан ары сен барсаң,
Койгун десе койбойсуң,
Болбой моюн толгойсуң.
Адамды жечүү адам бар,
Адам кечпес дабыш бар.
Балам, ат санатын айтайын,
Ошо сүрөтүн салып койгомун,
Атакеңдин Аккула,
Маралдай көзүн жайнатып,
Башына үкү байлатып,
Ок жыландай ойнотуп,
Чыпалактан сойлотуп,
Чалабын жанга байлатып,
Ай тайгандай дайгытып,
Ак шумкардай далбытып,
Айчыктап алгын жаптырып,
Салкын жерге бактырып,
Ошо атакеңдин чоң Кула,
Өзү айбандардан чоң Кула,
Сүрөтүн салып койгомун,
Анын бийик жагында,
Кан Бакайдын боз жорго,
Сүрөтүн салып койгомун.
Андан мындай карасаң,
Орустан келген он төрт ат,
Ошолордон күлүк Буурул ат,
Сүрөтүн салып койгомун.
Алманбеттин уй куймулчак
Сарала,
Уюлгуткан Алманбет,
Сүрөтүн салып койгомун.
Эр Чубактын Көктеке,
Мунун сүрөтүн салып койгомун.
Эр Сыргактын Телкызыл,
Сыйнаты башка жылкыдан,
Сүрөтүн салып койгомун.
Серик менен Сыргагы,
Сереңдеген чыйрагы,

[1] Кыргыз-монгол сөзү – орой, кекээр.

Серектен тулпар Куукызыл,
Сүрөтүн салып койгомун.
Ошо, караңгыда жол тапкан,
Капилеттен кеп тапкан,
Жыгылганды таяган,
Үзүлгөндү улаган,
Ажыбайдын Карткүрөң,
Сүрөтүн салып койгомун.
Кыргыл чалдын Бозайгыр,
Сүрөтүн салып койгомун.
Бөрчүнүн Туучунак,
Сүрөтүн салып койгомун.
Суратып алган баягы,
Суксур менен Карала,
Сүрөтүн салып койгомун.
Текечинин Темиркөк,
Сүрөтүн салып койгомун,
Тердебеген Көкала,
Акылмандын Кылкүрөң,
Чынгожонун Торала,
Сүрөтүн салып койгомун.
Жодон чыккан Бозжорго,
Сүрөтүн салып койгомун.
Жоого минген Койкоңбоз,
Күзөр жаак Картаңбоз,
Өзү күлүк Аркаркөз,
Сүрөтүн салып койгомун.
Чыйырдыктын Бозжорго,
Каныкейдин Каракашка аргымак,
Сүрөтүн салып койгомун.
Ногойдон чыккан Сайбуудан,
Качырганда калк дебес,
Сүрөтүн салып койгомун.
Ошо жекендин башын чалбаган,
Жейренге жетпей калбаган,
Шоо-шактын башын чалбаган,
Шордуу жерди боз чакан,
Мына кыйды-кызыл желди көк,
Кичи айрыктан өтөрсүң,
Улуу айрыкка жетерсиң,
Кечүү таппай турарсың,
Ат санатын алдыңбы?
Өйдө-төмөн чапкылап,
Ээрдин башын каккылап,
Кечүү таппай турарсың.
Аккуланы жемелеп,
Сараласын мингизип,
Алманбеттин жанында,
Аккуласы мамыда,
Сараласын коштотуп,
Түбү жок кара дайрадан,
Узун солдун башында,
Кырк чоросу кашында,
Колтук ачып, кол сайып,
Коштоп сууга кирүүчү,
Суудан сүйрөп чыгуучу,
Ошол атакеңди көргөндө,
Атаке сага кылбасам,
Кырк чороңду кырбасам!
Энеме, жаңыдан нике кыйбасам,
Кара аргымак мингизип,
Калк таанытып кетпедиң,
Тору аргымак миңгизип,
Топ таанытып кетпедиң,
Атаке сага кылбасам!
Олбуй-солбуй сүйлөнүп,
Атаке сага кылбасам!
Ак маңдайдан алактап,
Ажыдаар жүздөнүп,
Айбалыдай көздөнүп,
Суудан аман чыкканда,
Атакеңди көргөндө,

Кара аргымак мингенсип,
Ат таанытып кетпедиң,
Атаке сага кылбасам,
Деп оолугуп аларсың.
Көздөн кайып болордо,
Энем кереметтүү кашка эле,
Кереги журттан башка эле,
Муну ойлонуп аларсың,
Андан ары бараарсың,
Жериңди карап турарсың».

## СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА ЖӨНӨШҮ

Каныкей уулу Семетейге ичиндеги бук болуп жүргөн эки жылдык сырын ачып, кыргыз элинин жашоо турмуш оокат-тиричилиги, салт-санаасы, күжүрмөн жолу жөнүндө узак сабак кеп салат. Таластын көрүнүшүн сүрөт Таластагы күмбөздүн салынышын баяндап, Абыке, Көбөштөрдүн кордугун түшүндүрөт. Семетейдин өзүнө тиешелүү атасынан калган сегиз мүлкү жана мине турган Тайбуурул жөнүндө узун сабак кылып, ал мүлктөр (Бадана, Ак олпок, Сырнайза, Ак келте, Ачалбарс, дагай, Ак шумкар, Айбалта) ар бирине токтолуп бирден сыпаттап, алардын кимдердин колунда калгандыгын, аларды алуунун жолдорун айтып, Таласка баруучу жолдун багытын түшүндүрүп бир топ жерлерди, эл жашаган аймактарды атап узатат.

Семетей ат бороюн сыдырып, энеси келген жол эчен дайра, эчен бел эрикпестен мол басып, мунарыктаган чоң белеске чыгып Таласты көрүп ойго батат:

«Касиеттүү кең Талас,
Күрүчүн күзгү айдаган,
Курмага атын байлаган,
Бетеге чөп майын көр,
Бээ байлаган жайын көр,
Жер соорусу турбайбы?
Жердеген адам турбайбы?
Бетеге белден буралган,
Бөлүнгөн эчен төр экен,
Ат боорусун тиреген,
Бөлөкчө бейиш жер экен.
Бөксөгө чыга жайлаган,
Өрүшкө бээсин байлаган,
Атам Манас эли экен,
Ошол элди көргөндө,
Керенкер чачык кең соору,
Келини сулуу кыргыздын,
Кемсел кийип керилип,
Жибек кийип буралып,
Жигити сулуу кыргыздын.
Кулу бийи белгисиз,
Баары мырза эл экен.
Жылкысын көрүп отурса,
Кулун, тайы белгисиз,
Баары жорго жылкы экен.
Кара буура, чар карга,
Кайкалап жылкы жай жаткан,
Элин көрүп отуруп,

Андан ары бастырып,
Энеси айткан башында,
Каныкей сөзүн ойлоду.
Маң-маң маң баскан,
Чуудаларын чаң баскан,
Кара куйрук, кызыл нар,
Төөнү баштап лукулдап,
Чыгып келер алдында,
Энемдин ошол айтканы,
Жалган эмес чын экен»,
Деп, – ошентип Семетей.
Андан ары караса,
Төө жоктобой лукулдап,
Тайлактары букулдап,
Төө кайтарган кан Бакай,
Төө чубуруп чаңдаса,
Чаңды көргөн кан Бакай,
Жоо тийип кетти деп,
Карыганда кан Бакай
Шашып Бакай аттанды,
Көкчолокту моюндап,
Малакайын коюндап,
Төө көтүнөн жетем, – деп,
Төөнү тосуп алам, – деп,
Көк тулпарды бургутуп,
Төөнүн артын көрө албай,
Алды кеткен токтобой,
Бу токтобогон жыласты,
Чымын тийип өлгүр, – деп,
Капаланып кайгырып,
Төөгө жетип караса,
Кара чунак Семетей,
Атынын мойну алчактай,
Жетиминин келээрин,
Төөлөрү чиркин билиптир,
Семетей көздөй зыр коюп,
Жарыша чуркап ойсулдар,
Жапа тырмак кетиптир.
Айтайын десе тили жок,
Көз жаштары төгүлүп,
Тегеректеп буркурап,
Жытташып турду чунакты,
Саадактын боосу чалчактай,
Алганы кара бөркү бар,
Төгөрөктүн баарысын,
Ушуну ойлоп кан Бакай,
Капырай, ач арстандай түрү бар,
Ажыдаардын сүрү бар,
Түрү башка киши экен,
Төөнү тийип алган бейм?
Карыганда Бакайды,
Эми сынап көргөн бейм?
Ошо Абыке менен Көбөштүн,
Кордугун көрүп өлгүчө,
Ким да болсо ушуну,
Мына ушундан өлөйүн.
Түшө калып ак сайга,
Сайга чыккан ак талдан,
Эки таяк колго алып,
А да болсо көрөм деп,
А дегенде кол салып,
Ким да болсо ушуну,
Бирдигинен көрөм деп,
Жеңди чечип салды эле,
Колуна алып ал жеңди,
Белге чала салды эле.
Карыганда Бакайдын,
Ичинен кийген ички тон,
Тигиштен кетти эки жон.
Бала төрө Семетей,
Турган жерден кетпеди,
Качырса да сезбеди,

Көк тулпарды бургутуп,
Чукул келди кашына,
Бурчта атымдай келгенде,
Бала төрө Семетей,
Салам айтып калды эми.
Салам айтып калганда,
Сабыр кылды кан Бакай,
Жайлашайын эми, – деп,
Жай сурайын анык, – деп,
Саламын алик алды эми.
Салам берген балага,
Аныктап собол салды эми:
«Атыңды туруп байкасам,
Төрт туягы алгадай,
Санактын чоосу чапчактан,
Балам, кайдан келген адамсың?
Балам, ата тегиң ким болот?».
«Атамдын жайын сурасаң,
Эненин аты сур кайык,
Жаткан жайын сурасаң,
Жаткан жайым Кара зоо,
Кайып баласынанмын».
«Башың кайда балам – деп,
Кайсы жакка барасың?
Кайсы шаардан келесиң,
Кайсы шаарга барасың?
Бараар жерим сурасаң,
Темир кандын шаарынан,
Бери чыгып келатам,
Абыке, Көбөш арына,
Азыр кирип келатам,
Кан Жакыптын шаарына,
Азыр кирип келатам».
«Ошо Темиркандын шаарынан,
Чыйырды деген бир зайып,
Каныкей деген бир зайып,
Семетей деген бир бала,
Бул үчөөнү көрдүңбү?
Ошо, эки катын бир бала,
Темир кандын шаарында,
Бул үчөөнү билдиңби?
Каныкей деген бир зайып,
Дан бышырып жүгүрүп,
Чыйырды деген бир зайып,
Дандырга отту жагып жүрүптүр,
Семетей деген бир бала,
Наабайчы менен дос болуп.
Көтөрмөнү көп алып,
Көк эшекке жүк алып,
Ошо, Семетей деген бир бала,
Кара нанын кемирип,
Кашкулактай семирип,
Наабайчыда жүрүптүр».
Бакырып бай чакырып,
Ушу сөздү укканда,
Ботолуу төөдөй бакырып,
Ата, чочконун мээсин бергендер,
Балага эшектин мээсин бергендер,
Баланы (омин) баш кылып
салгандар,
Быйыл аттиң он экиге чыгаар чагы,
Ушу Кең-Колду көрөөр чагы эле,
Тентип кеткен жалгызым,
Он эки жашка толду эле,
Атасын тарткан эр болсо,
Келээр кези болду эле.
Аман болсо барайын,
Кошомолуу жыйайын,
Баланы илдеттен айырып алайын.
Жетимден кабар болбосо,
Кайсыга жүрөм каралап,
Темтеңдетпей Бакайды,

Теңизим Манас ала жат,
Ботолуу төөдөй буркурап,
Мурдунун суусун чөл кылып,
Айласы кетип кан Бакай,
Койнуна колду салды эле,
Коёндун кош шыйрагын,
Койнунан жулуп алды эле,
Жашы менен чылпагын,
Көзүн сүртүп алды эле,
Эми ыйды токтотуп,
Эми аныктап алсам, – деп,
Баладан кайта сурап калды эле:
«Каракандын шаарынан,
Кайра чыгып келипсиң.
Кан Жакыптын шаарына,
Азыр кирип келипсиң.
Же, Манастын уулусуң,
Же, Манастын жээнисиң,
Темир кандын шаарынан,
Бери чыгып келатсаң,
Абыке, Көбөш шаарына,
Азыр кирип келатсаң,
Же, Манастын жээнисиң,
Же, Манастын уулусуң,
Же, Манастын тайысың,
Балам кыйнабачы абаңды,
Айтчы балам чыныңды,
Бакайдан бул сөз чыкканда,
Бакырган үнүн укканда,
Эр Семетей кеп салды:
«Кара башың кар болуп,
Какшап жүрсөң мен үчүн,
Как Семетей өзүмүн,
Как Каракан өзүмүн,
Айланайын абаке,
Мен арзып келдим эл үчүн.
Чын Семетей өзүмүн,
Чырагың келди кашыңа,
Чын эле жаным кашайды,
Айланайын абаке,
Көзүңдөн аккан жашыңа».
Баладан бул сөз чыкканда,
Сакалдан жашы тамчылап:
«Айланайын кулунум,
Кеткеним келип калыптыр,
Кемтигим толуп калылтыр,
Өлгөн жаным тирилип,
Өчкөн отум күйдү эми.
Айланайын бар кудай.
Тилегимди берди эми.
Тилеген кишим келди эми».
Көргөн Бакай баягы,
Жашын төгүп бакырып,
Боздоп турду эр Бакай,
Болуп өткөн күдөрүн
Козгоп турду эр Бакай.
Теректен калган чырпыгым,
Деңизден калган чалчыгым,
Жакамдагы кундузум,
Төбөмдө сары жылдызым.
Аргын менен ногойдун,
Арасында жалгызым,.
Тулпардан калган туягым,
Туйгундан калган чырагым,
Найзадан калган желегим,
Атадан калган белегим,
Чарчаганча солкулдап,
Чынбы эми төгүнбү?
Эт жүрөгү болкулдап,
Кучакташып көрүшүп,
Коргошундай эришип,
Эзилишип турду эми,

## СЕМЕТЕЙДИН КҮМБӨЗГӨ КЕЛИШИ

Бөлө менен кан Бакай,
Күмбөзгө экөө келишип,
Курган канды угуп билген,
Аптиекти[1] жат билген
Кулугу[2] деген сүрөөнү.
Куп жараткан ыйманды,
Тамарекет[3] жай окуп,
Жаанын[4] деген сүрөөнү,
Таңкалгандай бай окуп,
«Оомийин», – деп кол жайып,
Алаканды мол жайып,
Атасы баатыр Манаска,
Арбагы айткан Таласка,
Алакан жайып арыштап,
Атасы баатыр Манастын,
Арбагына багыштап,
Дуба кылып турду эми.
Күмбөзгө кирип барды эми,
Ар жагына караса,
Кырк санаты туруптур,
Сүрөтүн салып коюптур,
Ошо качырганы жолборстой,
Кайчаганы албарстай,
Көзү көлдүн быткылдай,
Көрүнгөндү жуткандай,
Муруту көлдүн камыштай,
Муруну тоонун кыр таштай,
Кабагы бийик, кашы дөң,
Качырганын койбогон,
Кызыл канга тойбогон,
Сакалдары жайылып,
Муруттарын караса.
Арпанын кылканындай сайылып.
Сыр найза колдо койкоюп,
Кең нөкөр бутта чойкоюп,
Аккула минип алкылдап,
Аколпок кийип балкылдап,
Кылычы кында шыңгырап,
Ай балта жанда кыңгырап,
Ошо, атасы Манас баатырдын,
Сүрөтүн салып коюптур.
Анын бийик жагында,
Ак сакалын жайкалтып,
Боз жоргосун жайкалтып,
Ак сакалы жылтылдап,
Боз жоргосу кылтылдап,
Устуканы мистедей,
Карыганда кан Бакай,
Туу көтөрүп баркылдап,
Ошо сүрөтүн салып коюптур.
Алда кайдан көрүүчү,
Ашкере айтып берүүчү,
Ар сапатын карасаң,
Кереметтүү кашка, – деп,
Энекем журттан башка, – деп,
Семетей күңгүрөнүп алыптыр.
Күмбөздүн ичи күңгүрөп,
Белгилери дүңгүрөп,
Колдогонсуп алыптыр.
Абаң Бакай сөз баштап,

---

1 Аптек – дин окуусу
2 Кулугу – курандын сүрөөсү
3 Тамарекет – курандын сүрөөсү
4 сүрөө

Айланайын кулунум,
Сүйүнчүгө барайын,
Байбичеме кабар салайын,
Эми балам мындай кеп:
«Балам, айылды көздөй баралы»,
Деп, – ошентип эр Бакай,
Семетейди ээрчитип,
Эми жолду баштады.
Бакайдан насаат кеп угуп,
Бала Семең басканы.
Айылына барды кан Бакай,
Сүйүнчүлөп, сүйүнүп,
Байбичесине барды эми,
Сүйүнчүнү бергин, – деп,
Элечегин жулуп алды эми,
Семетейди көрүшүп,
Айылынын баары кубанып,
Кеткен келип калды, – деп,
Кемтик толуп калды – деп,
Ээ жетеш жеткен жеңелер,
Атасындай болду деп,
Карылары буркурап,
Жалгыз аман келди, – деп,
Жеткен жеңе өөп калды.
Боюна жетпей калганы,
Атасынын өзү, – деп,
Этек жеңин кармашып,
Буркурап ыйлап турганы.
Койлуусу кой алып,
Кою жогу, базарга барып нан алып,
Түлөө кылып жалынып,
Баланы таштап айылга,
Бакай малын көздөй чу койду,
Бакайдын уулу Байтайлак,
Кеткениң келип калды, – деп,
Кемтигим толуп калды, – деп,
Бабедин! – деп бакырып,
Байтайлак! – деп чакырып,
Койду бери айда, – деп,
Ак кочкорду мүйүзүнөн
байла, – деп,
Түлөө кылып айда, – деп,
Бакайдын үнүн укканда,
Жоо келип калгансып,
Ала-Бел көздөй кой айдап,
Белеске барып турушту,
Байтайлак менен Бөлөкбай.
Баягыдан бакылдап,
Бакайдын үнү жакындап,
Кеткени келип калыптыр,
Кемтигим толуп калыптыр.
Бөлөкбай менен Байтайлак,
Ошондо сөзүн угушту,
Кеткеним келип калыптыр,
Кемтигим толуп калыптыр,
Семетей келип калган бейм?
Койду айдап кыройлоп,
Койду кармап союшуп,
Түлөөсүн кылып кан Бакай,
Оомийин! – деп кол жайып,
Алаканын мол жайып,
Түлөөсүн айтып өткөрүп,
Кан Бакай туруп сөз салды:
«Жакып кандай атаңа,
Сүйүнчүлөп барайын.
Абыке, Көбөш абаң бар,
Ат көтөргөн агаң бар,
Абыке, Көбөш эгиз кан,
Булардын сүйүнчүсүн алайын,
Балам, булардын сөзүн аңдайын»,
Деп, – ошентип эр Бакай,
Сүйүнчүгө чапкылап,

Этек жеңин каккылап,
Көк тулпарды моюндап,
Жакып кандын шаарына,
Кирип келди шартылдап,
Кан Жакыптын үйүнө,
Салам айтып жүгүнүп,
Кан Жакыптын алдына,
Таазим кылып жүгүнүп:
«Сүйүнчү, каным сүйүнчү!
Кеткениң келип калыптыр,
Кемтигим толуп калыптыр,
Найзадан калган желегиң,
Уулуңдан калган белегиң,
Тулпардан калган туягың,
Туйгундаи калган чырагың,
Эрбейип атка миниптир,
Кең-Колго быйыл келиптир.
Абакеңе баргын – деп,
Сүйүнчүсүн алгын деп,
Душманга болсун күйүнчү!
Сүйүнчү каным, сүйүнчү!».
Бакай айтып турганда,
Карсылдап Жакып күлгөнсүп:
«Болсун! Бакай болсун!» – деп,
Жүк алдында ак куржун,
Куржунга колун салды эми,
Кара кулак жанбыдан,
Катары менен экини,
Сүйүнчүгө берди эми.
«Баламды бачым алып кел,
Тилекти кудай бериптир,
Сүйгөн балам келиптир»,
Деп, – ошентип кан Жакып,
Эр Бакайды жөнөттү.
Бучук-уңкук кемпир чал,
Акырын тыңшап тушунан,
Бу шумдукту угуптур.
Бакдөөлөткө кеп айтат.
Кеп айтканда деп айтат:
«Э байбиче Бакдөөлөт,
Кечээ Манас барында,
Белеске байтал жуушатпай,
Бешикке бала уктатпай,
Тынчы кеткен элимдин.
Адырга байтал жуушатпай
Кечээ Манас барында,
Алдыга бала уктатпай,
Тынчы кеткен элимдин.
Абыке, Көбөш тушунда,
Түпөктүү найза турганда,
Түмөндүү элим жыргады.
Мунун атасы канкор баатырдын,
Атасын тартса канкордун,
Анткор болот бул бала.
Элдин баарын кандаган,
Канкор болот бул бала.
Колу жетсе кор кылат,
Мен Жакыптай чалдарды.
Жылас кылат бул бала,
Куунап жаткан элимди,
Курутат эми бул бала
Абыке, Көбөш уулума,
Атасы канкор, түгөнгүр,
Зыян кылат бул бала.
Башынан бузук көр Бакай,
Баланы колго алыптыр,
Балаң келди дегенсип,
Мага кыйрын салыптыр.
Тилимди алгын байбиче
Ушу уунун түбү уу,
Муну ай жуткандай кылайын,
Муну күн баткандай кылайын,

Бал челекке бал чайка,
Бир челекке уу чайка,
Бу капыр бала киргенде,
Бакай канга бал бергин,
Семетейге уу бергин»,
Дегенин угуп кан Бакай,
Бу капырдын кылары ушу
эмеспи? – деп
Көк тулпарды бурду эми,
Бучкакка камчы урду эми,
Жакыптын кекерлигин
билди эми.
Абыке менен Көбөшкө,
Салып кирип барды эле,
Салам айтып Камбарга,
Абыкедей уулга,
Сүйүнчүлөп калды эми:
«Эрбейип атка миниптир,
Кең-Колго иниң келиптир.
Арамзасы болбосо,
Эки жамбы сүйүнчүгө
бериптир».
Андан чыгып эр Бакай,
Көбөштү көздөй жөнөдү,
Эр Көбөштүн алдына:
«Сүйүнчү, баатыр сүйүнчү!
Иниң, Семетей келип калыптыр,
Абыке, Көбөш агама,
Ушу, сүйүнчүлүк алгын, – деп,
Абама барып калгын, – деп,
Бакай айтып сөзүн жыйгыча,
Күзүндө кыйган көк союл,
Кабыгы каткан көк союл,
Кош колдон башка тартып
жиберди.
Кан Бакайдан ал кетти,
Башынан кара кан кетти,
Эми жаным калбайт, – деп,
Эр Көбөштөн шай кетти.
Эси ооп элейип,
Эптеп ат үстүнө сербейип,
Араң түштү дердейип:
«Кулунум, эсим кетип элейип,
Аттан түштүм селейип,
Эштеке билбейм элейип,
Жатып калдым селейип.
Арамзасы болбосо,
Абыке жакшы кул эле,
Кырма кызыл дарыдан,
Кырып салып коюптур,
Белимди курчап бууптур,
Кан сөлдүн баарын жууптур,
Балам суу жуткузуп эс алып,
Эс алдырып селдейтип,
Ат үстүнө салды, – деп,
Жаным өлбөй калды, – деп,
Башымды минтип жарды, – деп,
Башы кере карыш жарылып,
Карыган кургур канетсин,
Өлбөй аман эс алып,
Балага башын көргөзүп,
Балам, ушинтип кечигип
калыпмын.
Жүр эми – деп, кулунум
Ата менен агаңа
Саламдашып келгин – деп,
Кан Жакыпка келгенде,
Эми Бакай сөз урду:
«Балам атаңдын жайын сурагын,
Кайра сунгун өзүнө,
Атаң ичип жиберсе,
Кешигин ичип жибергин,

Атаңдан мурун аш ичпе?» – деп,
Эми, калың шаар, калың бак,
Атты байлай асышып,
Алдыга Бакай киргени,
Артынан эр Семетей киргени,
Салам айтып бүгүлүп,
Чоң атасы Жакыпка,
Таасим кылып жүгүнүп.
Салам айта киргени,
«Айланайын кулунум,
Теректен калган чырагым,
Деңизден калган чалчыгым,
Найзадан калган желегим,
Атадан калган белегим,
Аман-эсен келдиңби?
Эл жериңди көрдүңбү?
Кучактап алып окшондоп,
Балам аман келди деп,
Ошол, бети башын өбүшүп,
Айланайын кулуңум,
Каныкей аман барбы? – деп,
Кулунум аман эсен келдиң, – деп,
Баягы өзүм иччү арактан,
Суусап келген балама,
Жута койсун балам», – деп,
Кемпирге Жакып буюрду,
Алып кел кемпир ашты, – деп.
Кемпир басты балактап,
Кемпир ыраа көрбөй балага,
Балды алып келатса,
Аксандаган башка,
Кемпирге карай салганы,
Эми сен капыр дүнүйөгө
тойбодуң,
Ач көздүгүң койбодун,
Ал өзүм иччү ашымды,
Аны бербей аяйсың,
Ыраа көрбөй балама,
Бер деген ашты бербейсиң,
Каапыр сенин куйкаң кетип
кумсарып,
Менин дүнүйөмө тойбодуң,
Ач көздүгүң койбодуң,
Чачыңды азыр кыркамын,
Сенин колуңа таяк бербесем,
Сен, ач көздүгүңдү койбосоң,
Сени кой көтүнө, салбасам,
Ошондо курган Бакдөөлөт,
Кайра басты Бакдөөлөт,
Күңгүрөнүп Бакдөөлөт,
Ууң-уу болор,
«Капыр чал, өз башыңа чуу болор,
Капыр чал, өз башыңа көрүнсүн,
Чыбыктай болгон жаш бала,
Капыр өз баласына кара санаган,
Капыр, түбү капыр оңбойсуң,
Капыр, өз балаңа уу берген,
Капыр, сенин зыяның тиет
балдарга.
Капыр, өз балаңа уу бер, – деп,
Капыр, ушу бир сөзүң эмине?
Капыр, кезириң тиер балдарга,
Карыган кезде соо өлбөй,
Каргашаң тиер балдарга», – деп,
Амалы жок Бакдөөлөт,
Капыр чалдын каарынан,
Семеңе ууну сунуп калганы.
Чыртылдап уу күчүнө кириптир,
Кайнап чыкты түрүлүп,
Кош колдоп бала алды эми,
Ата, аштын алды сиздики,
Кешигиң аба биздики,

Ар кайсы дөөлөр менен
согушсам,
Кеп талаша кеткенде,
Атаңдан мурун аш ичкен,
Алкы бузук дебейби?
Кепке келтик кылбайбы?
Сөзгө сөлтүк кылбайбы?
Алдын ичкин атаке».
«Кандай урган баласың,
Сүйгөнүмдөн берсем мен,
Кайта мага сунасың,
Бул өзүң эми ичпесең,
Муну ит иче турган ашың го?
«Ата» деп ашын берген, – деп,
Сунган ашты ичпесең,
Сенден мурда ашыңды,
Алдын кантип ичейин.
Тура калып чыныны,
Манастан калган маң дөбөт,
Эрчитип келген артынан,
Босого жакта дөбөткө,
Ууну тосо берди эле,
Ичпей этпей маң дөбөт
Уунун жыты урганбы?
Тырп этип өлдү маң дөбөт.
«Бул ит ичпеген ашыңды,
Сен, мага бердиң ата», – деп,
Ууну бала билгенде,
Чоң атасы Жакыпты,
Уу менен башка бир койсо,
Чоң атасы Жакыптын
Сакал, муруту жыдыды.

## СЕМЕТЕЙДИН АТАСЫНАН КАЛГАН МҮЛКТҮ ЖАКЫПТАН СУРАП ТУРУШУ

Эми Жакыптан собол сурады,
«Тартууга алган Тайбуурул,
Тайбуурул кайда атаке?
Жообун бергин канаке?
Тайбуурул кана атаке?
Атадан калган аркескен,
Ачуусу келсе тоо кескен,
Ар кескен кайда атаке?
Башына карыш болот кактырган,
Падышалар жактырган,
Төкөр уста Төлөгөн,
Чолок уста Бөлөкбай,
Жайы-кышы өгөгөн,
Чиркей сууга сугарган,
Өз колунан чыгарган,
Пил териге каптаган,
Как ыргайга саптаган,
Тийген жерин ыптаган,
Ай балта кайда атаке?
Унгусу болот, миси курч,
Учу кыймы кара курч
Ак карагай чыңгасы,
Ак болоттун куймасы,
Көк карагай чыңгасы,
Көк болоттун куймасы,
Тутам жерин кылдаткан,
Туткуйларын карасаң,
Алтын менен чырмаган,
Чарым менен чаптаган,
Тарамыш менен каптаган,
Желим менен чаптаган,
Копшоп койгон куу найза,

Копулдаган сыр найза,
Колдон түшмө болот, – деп,
Коло менен кололоп,
Колдон түшмө болот, – деп,
Кош кара кыл тактырган,
Көргөн киши жактырган,
Капырды көздөй сундурса,
Аркан бою узарган,
Өрттөй болуп кызарган,
Тийген жери ырбаган,
Сыр найза кайда атаке?
– Кумбудан чыккан ок орул,
Олжолоп алган Аккелте,
Оозу орус, уруму,
Көбөгө тайдын уругу,
Айлантып атса алты атар,
Тегеретсе жети атар,
Ойноп атса он берен,
Чындап атса замбирек,
Оозу тажаал, огу ажал,
Атадан калган аккелте,
Ак келте кайда атаке?
– Асынып жүрсө Бозкисе,
Аманат жанга дос киши,
Бозкисе кайда атаке?».
Бул дүнүйө жалганда,
Алданын салган жолунда,
«Балам, айтып турган жабдыгың,
Бул атакеңдин колунда».
Атадан калган дүйнөнү,
Төрө бала Семетей,
Эсебин сурап атадан,
Атасына келди эле.
Айтканың мына балам, – деп,
Жабдыгын Жакып берди эле,
Бир жагынан төрт балбан,
Кызыл милге артуучу,
Атадан калган мүлк экен.
Жүк алдынан Ак куржун,
Жулуп алып куржунду,
Ак тулпарга салды эле.
Абыке менен Көбөшкө,
Азыр эми келди эле,
Салам айтып кирди эле,
Арамзаада болбосо,
Абыке жакшы кул эле:
«Аман эсен келдиңби?
Каныкей аман барбы? – деп,
Чоң эне Чыйырды аман барбы?».
Амандыкты сурашып,
Кол алышып көрүшүп,
«Аман келсең, мына, – деп,
Кийсең таажың мынакей,
Минсең тактың мынакей,
Аман-эсен келдиң, – деп,
Билсең элиң мынакей,
Атаңдан калган жер ушу,
Иним, атаңдан калган эл ушу,
Эки тизгин, бир чылбыр,
Алгын балам колуңа,
Калкыңды салгын жолуна».
Абыкедей агабыз,
Ат көтөргүс тагабыз,
Баракелде сөзүңө,
Машур алдым өзүңө,
Тажы, такты кут болсун!
Тажы, такты өзүңкү,
Мындан эми аттанып,
Эр Көбөшкө барды эле,
Кумайык кумга таштаган,
Күчүгүндө куу тайган,
Эки журук баштаган,

Улуп, уңшуп жүгүрүп,
Жамандар тайган бакчу эмес.
Элине барган кишини,
Ыркырап тайган капчу эмес.
Даакысы түшпөй жонунан,
Тайгандары каңшылап,
Айбан да болсо сүйүнүп,
Айбандары каңшылап,
Аны көргөн адамдар деп,
Көзүнүн жашы тамчылап,
Жекеден кармап бир байтал,
Тайгандарга жарды эле,
Жара тартып байталды,
Казысына бөлөтүп,
Эр Көбөштүн кашына
Бала төрө Семетей,
Басып келди кашына,
Баланы келдиңби? – деп ойлобой,
Баатырдан калган жалгызды,
Ким экенин болжобой,
Сыртын салып зыңкыйып,
Жылгынды жеке билгеңдей,
Жайга келбей дыңкыйып,
Мунун түрүн көргөндө,
Эчен ойду ойлонду,
Бала төрө Семетей
Дегирсиген ага, – деп,
Жеткизер кудай сага, – деп,
Атадан калган Аколпок,
Эр Көбөштүн үйүндө,
Калкты жеке билиптир,
Манастан калган Аколпок,
Кээде Көбөш олпокту,
Эл көчкөндө кийиптир.
Күн жааганда кийиптир,
Тушуна Көбөш илиптир
Бала төрө Семетей,
Олпокту сууруп алды эми,
Олпок колго тийгенде,
Кандай кылсам муну, – деп,
Ажыдаар сүрдөнүп,
Айбаалыдай көздөнүп,
Азыр тийип этейин,
Тайбуурул колго тийсе, – деп,
Абыке, Көбөш айдатып,
Үт кур чалма уруптур,
Талманы үзүп Тайбуурул,
Сууну бойлоп саз баскан,
Кунан сындуу Тайбуурул,
Тоо таянып таш баскан,
Теке сындуу Тайбуурул,
Туягында тура жок,
Чөлдө тууп ташта өскөн,
Бу жылкыдан башка өскөн,
Кумда тууп, кумда өскөн.
Кулан менен бирге өскөн,
Ошо тоо башынан түшүптүр,
Ошо күнү кечинде,
Желеге келип бешимде,
Желеде келип туруптур,
Маңдайында агы бар,
Мал да болсо багы бар,
Семетейди билиптир.
Тоодон түшүп Тайбуурул,
Эр Көбөштүн желесине келиитир,
Эшикке чыкты Семетей,
Чыгып жылкы караса,
Чарадай болгон туягы,
Шамдай болгон кулагы,
Кайыптан бүткөн Тайбуурул,
Айбандан артык чоң Буурул,
Кайыптан бүткөн Буурулдун

Бала төрө Семетей,
Басып барды жанына,
Атадан калган буудан, – деп,
Мойнун созуп төрөгө,
Тура калды Тайбуурул,
Маңдайынан сылады,
Сынчылар тургандыгын ылгаган,
Олуялар Буурулдун,
Соорусунан сылаган,
Нокто катып башына,
Перипте эне Буурулду.
Оңдоп-соңдоп токуду,
Бала төрө Семетей,
Толгомону чыбыртка,
Аты жокко алды эле.
Беришге эле Тайбуурул,
Бала төрө Семетей,
«Жаа алда», – деп минди эле,
Бура тартып алды эле,
Абасы баатыр Бакайды,
Ээрчитип жолго салды эле,
Абасы баатыр Бакайдын,
Үйүнө келип калды эми.
Бакайга бала сөз урду,
Каныкей айткан кеби бар,
Бала төрө Семетей,
Тилин алар эби бар,
Отуз күндө барасың,
Отуз күндө келесиң,
Алтымыш күндөн сен калсаң
Кулунум, ошол өлүмүм,
Азап тартчуу энекең,
Болжолдуу күндөн сен калсаң,
Ажалым жетип өлөмүн,
Кулунум, таң атпас жайды
көрөмүн.
Абыке, Көбөш эки арам,
Бул экөөнүн кеги бар,
Кулунум, ошо экөөнөн шегим бар.
Агабыз баатыр Бакайга,
Каныкей сөзүн айтканы,
Токтобостон кетелик,
Аман болсом абаке,
Кең Таласка келемин.
Пейили бузук дүшмандын
Абаке, шашпай көрөмүн,
Аман тургун аба, – деп,
Атадан калган ак септи,
Ак тулпарга артты эле,
Жай жарагын жайланып,
Ай балтаны байланып,
Букарды көздөй эми,
Алкым жолго салды эле,
Аркыратып калды эле.
Бөксө жолго салды эле,
Тулпарларды аргытып,
Ашуу ашып таш басып,
Кош тулпарды минди эле.
Эки тизгин бир чылбыр,
Бармагына чалды эле.
Букарды көздөй салды эле,
Каш карарып шам болуп,
Күндүн баткан мезгилде,
Кан баласы Каныкей,
Эт жүрөгү болк этип,
Аман болсо кулунум,
Келээр күнү бүгүн, – деп,
Күн эсебин алды эле,
Келээр күнү бүгүн, – деп,
Ушу бүгүндөн калса төгүн, – деп,
Эртең менен кечинде,
Аман болсо көрөмбү?

Ушу бүгүн кечинде,
Боконо жүрөк болкулдап,
Алда кандай болду? – деп,
Жолду карап солкулдап,
Чыгып турду эшикке,
Ошо күнү кечинде,
Жолду карап турду эле.
Ошо, намаз шамдын алдында,
Актулпарын коштоптур,
Аколпокту кийиптир,
Тайбуурулду миниптир,
Жай жарагын жайланып,
Ай балтаны байланып,
Карааны тоодой көрүнүп,
Келайткан экен Семетей,
Карап туруп Каныкей,
Бир кудайга зар айтып,
Пил баштаган мар айтып,
Жаратканга жалынып,
Карааны чыгып бөлүнүп,
Каныкейдин көзүнө,
Кадимки эр Манастай көрүнүп,
Кан баласы Каныкей,
Кереметтүү кашка эле,
Керти журттан башка эле,
Түгөнгүрдүн көзүнө,
Түлөрүнкү көрүнүп,
Каралгырдын көзүнө,
Топурак чиркин көрүнүп,
Өз көзүнө Каныкей,
Үй айлана жүгүрүп,
Топурак менен кетсин, – деп,
Топурак салды көзүнө,
Суу айлантып ыргытып,
Түпөдөй аттын үстүнөн,
Душмандын бели сынды, – деп,
Каныкей көөнү тынды, – деп,
Сары улак алып жүгүрүп,
Садаганы чаптырып,
Кара торпок сойдуруп,
Түлөө союп кудайлап,
Мойнуна бото салынып
Ак сарбашыл кой союп,
Санаасы тынып калды ошол.
Аман эсен келди, – деп.
Таятасы Темиркан,
Кетпе бала шашпа, – деп,
Балам, эми жолтоо кылбайын,
Энчи берип кетирем,
Эки күнү токтолуп,
Түлөөсүнө бээ союп,
Бээге кошуп кой союп,
Түлөөнү берип элине,
Калайык калктын баарысы,
Ак сакалдуу карысы,
Оомийин! – деп кол жайып,
Алаканды мол жайып
Бата берип балага,
Батасын берип тарады.
А күнү түлөө өткөрүп,
Кеч эле кирип түн болуп,
Таң кашкайып эртеси,
Жаркырап ачык күн болду,
Таятасы Темиркан,
Ак тулпарды мингизип,
Бир старчын кишини,
Малы-булун айдатып,
Энчисине берди эми.

## СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА КӨЧҮП КЕЛИШИ, АБЫКЕ, КӨБӨШ, ЖАКЫПТАРДЫН ӨЛҮМҮ

Бала төрө Семетей,
Кең Букардан кетти эми.
Көчүп жүрүп олтуруп,
Он эки күндүн өзүндө,
Кең Таласка келди эми.
Кең-Колго келип конду эми,
Малы эми кылкылдап,
Азаба туулар жаркылдап,
Малдын башы кылкылдап,
Тилегин кудай бериптир,
Жерине төрө келиптир.
Айгыр жалдын астында,
Манастан калган ак ордо,
Конушуна тигиптир,
Ошо түнөп калганда,
Эртесинде күн чыгып.
Кан Жакьштын үйүндө,
Семетейлеп үн чыгып,
Бала төрө Семетей.
Чоң атам Жакып чакырат,
Чакырганга барайын,
Атамдын сөзүн угайын.
Букардан келген үч баатыр,
Кароолчу болсун кашыма,
Сакчы болуп кашыма,
Ойегер менен Бозулан,
Жоо көргөндө көктөбөс,
Канча колду көргөндө,
Бирди көрсө аз дебейт.
Алымдын уулу Саада бул,
Жакып кандын алдына,
Тайбуурулу мамыда,
Үч баатырын жанында,
Бала төрө Семетей,
Чоң атасы Жакыпка,
Салам айтып бүгүлүп,
Таасим кылып жүгүнүп,
Алдына барып турду ошол.
«Сен, канкордун уулу кылдың, –
деп,
Сакал мурут жыдытып,
Уу менен башка коёсуң,
Сен, канкордун уулу оёнсуң!
Тайбуурулду тартасың,
Алдыма тартуу бересиң!
Тайбуурул болсун ичинде.
Айтканыма көнөсүң,
Айтканыма көнбөсөң,
Сакал-мурут куйкалап,
Катылдың канкордун уулу сен,
Айтканымды бүтүргүн.
Тартуууга Буурулду бербесең,
Бу сөзүмө көнбөсөң,
Күнүңдү көрбөй өлөрсүң,
Айтканыма көнөсүң,
Мени жайлап жарашкын,
Пул күнүңөн карашкын,
Кусуру болор атанын,
Тайбуурулду тартуу, – деп,
Буурулду тартып алдыма,
Кечиргин ата, – деп айтып,
Байлап койгун Буурулду», – дегени

Үч баатыры сөз кылды:
«Ыраазы болгун балаңа,
Кечирип койгун күнөөсүн,
Айткан атын берди, – деп,
Атакелеп сени», – деп,
Атын берип балаңыз.
Тайбуурулду тартууга
Үчөө берип кетти эми.
Байлаган жерде мамыны,
Сууруп алып Тайбуурул,
Ак тулпардын жанына,
Тайбуурул келип калыптыр.
Эртең менен Каныкей
Намазка чыгып калды эми,
Даарат алып отурса,
Ак ордонун эшикте,
Кермеге салган актулпар,
Мамыны сууруп алыптыр,
Керме аркан кериге,
Карай салса Каныкей
Мамыны сууруп Тайбуурул,
Качып келип калыптыр.
Аны көрдү Каныкей,
Кандай келди, – деп ойлоп,
Мамысын сууруп келиптир,
Айгыр жал жагын караса,
Айгыр жалдын астында,
Туу көтөргөн дуу болуп,
Үч-Кошойдун үстүндө,
Жер жарылган чуу болуп,
Калк жыйылып калыптыр,
Калкты карап байкаса,
Абай кылып Каныкей,
Карап турса дуу-дууну,
Кайнатасы кан Жакып,
Чогулган элдин башында.
Абыке, Көбөш эки хан,
Калайыктын кашында.
Канкордун уулу Семетей,
Атасын тарткан жоюлгур,
Атасы канкор чунактын,
Атасынан артылган,
Жоюлгурдун анткору,
Кечээ атын тартуулап,
Түндө уурдатып кетиптир,
Мунун шылдың кылганы.
«Оңбогурду оңдурба?
Бу Таласка кондурба?
Бу Таласка конбосун!
Бу капыр такыр оңбосун!
Бу жолуң каткан капырды,
Жашатпай муну сойгула!
Эки көзүн ойгула».
Ушу сөздү бек айтып,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,
Өлтүргүлө! – деп айтып,
Абыке, Көбөш, Чыйбылга,
Чымырканып чын айтып,
Күүлөндү Жакып карасаң,
Чын кайратын бек айтып.
Каныкей үйгө киргени,
Абыке, Жакып үчөөнүн,
Душмандыгын билгени,
Жаасын окуп отуруп.
Баягы запкы көргөн курган күн,
Ойго бекер толтуруп,
Семетейди ойготуп,
Турчу балам! – деп айтып,
Атаң, агаң чогулуп,
Үйүрмөнүн сазына,
Эл үйүлүп калыптыр.
Чогулманын сазына,

Чоң атаң өзү баш болуп,
Эл чогулуп калыптыр,
Тургун балам! – деп айтып,
Таң кашкайган кези эле,
Таң сүрө келип бул үчөө,
Оңдурбайтко булар, – деп,
Атаңдан калган Таласка,
Кондурбайт ко булар, – деп,
Саламга баргын алдына,
Кечээ тартууга берген Тайбуурул,
Мамысын суурup Тайбуурул,
Эшикке келип калыптыр дегени,
Бала төрө укканы,
Ыргып турду эр Семең.
Дааратка басып барды эми,
Кол даарaтын алды эми,
Жүзүн суугa малды эми,
Жүз даарaтын алды эми,
Бутун суугa малды эми,
Бут даарaтын алды эми,
Ак жолборстой чамынып,
Азан айтты заңгырап,
Үйгө кирди зыңгырап,
Эптеп окуп алды эми,
Төрт ирекет багымдат,
Төптөп окуп алды эми,
Кулугу деген сурөөнү,
Куп жараткан ыйманды,
Топ аракет жат окуп,
Жасин деген сүрөөнү,
Таңкалгандай бат окуп,
О-омийин! – деп, кол жайып,
Алаканды мол жайып,
Атасы баатыр Манаска,
Арбагы өткөн Таласка,
Алакан жайып арыштап,
Атагы баатыр Манастын,
Арбагына багыштап,
Дуба кылып турду эми.
Кан баласы Каныкей,
Эки агаң менен чоң атаң,
Элим дечү эл эмес.
Ишене турган эл эмес.
Ок өтпөгөн кынама,
Кынай кийгин боюна.
Кан Сыргактын жой болот.
Ала жүрчү колуңа,
Муну айтып Каныкей,
Сөзүн эми токтотту.
Бала төрө Семетей
Ак тулпарды токуду,
Төрт ирекет багымдат,
Шашпай төрө окуду.
Толгомону булдурсун,
Аты жокко илди эле,
Алдындагы ак тулпар,
«Жаа алла» деп, минди эле,
Айгыр жалдын астында,
Үч-Кошойдун үстүндө,
Үйүрмөнүн сазына,
Үйүлгөн калың калкына,
Жете барды көк жалың,
Салам айтып калкына,
Түшө калды бүгүлүп,
Таасир кылып жүгүнүп.
Кепке сөзгө келбеди,
Канкордун уулу канкор, – деп,
Эл алдаган анткор, – деп,
Кечээ атыңды бересиң,
Түндө уурдап кетесиң,
Шылдың кылып мени, – деп,
Анткор сени соёмун,

Алдаганың болду, – деп,
Шишиң анткор толду, – деп,
Усабагыр усатпайм,
Андай эмес ата деп,
Кантип уурдап алайын,
Ачууланба атаке?
Тайбуурулдун үстүнө,
Ак тулпарым тартуу! – деп,
Тартууга берип атымды,
Кайта уурдап алганда,
Тайбуурул менен Актулпар,
Окоро чылбыр мойнунда,
Актулпарды жетелеп,
Атаке, бул атым сага тартуу, – деп,
Эки атым бирдей тартуу, – деп,
Агаргын, ата чыным, – деп,
Кош чылбыр суна калганы,
Бала төрө Семетей,
Капаңды койгун атаке,
Атымды бердим чын эле,
Албайм анткор атыңды,
Жаш кезиңде соёмун,
Усабагыр усатпайм,
Ушу жерге каныңды,
Каныңды анткор чачамын.
Сакал менен мурутум,
Өрттөп кеттиң оңбогур,
Койдой башың кестирем,
Коондой ичиң жардырам,
Капамды эми ачамын,
Каныңды капыр чачамын,
Капамды азыр ачамын,
Бала төрө Семетей,
Канча карып сөз айтса,
Сөзүнө такыр ынабай,
Чоң атасы Жакыптын,
Ичи такыр жылыбай,
Атакелеп Семетей,
Канча айтса болбоду,
Чоң атасы кан Жакып,
Болбой мойнун толгоду,
Айткан сөзгө ынабай,
Атасы Жакып түрлөндү,
Канчалык катуу сүйлөндү.
Ачуусу келип Семетей,
Чагарак куйрук сары тон,
Чамынгандан кайтпаган,
Канкор төрө Семетей,
Агарбайт экен мага, – деп,
Ишенбесең мына, – деп,
Агарбасаң сага, – деп,
Ачуусу келип сурданып,
Чачы кетип кырданып,
Ажыдаардай сүрдөнүп:
«Канча айтсам болбойсуң,
Айтканыма ишенбей,
Өзүңдөн өзүң түрдөнүп,
Өлтүрөм!– деп күүлөнүп,
Өлтүрүп көрчү эми, – деп,
Өлтүрөөр болсоң мына! – деп,
Карап бала турабы?
Бала Төрө Семетей,
Каарланып качырып,
Кабыргадай бүктөдү,
Көк букага жүктөдү.
Омурткадай бүктөдү,
Өз атасы Жакыпты,
Көк букага жүктөдү.
Көп жыйынга тиктетти,
Эми кол салышып урушка,
Кырк чоро минтип сүйлөштү,

Абыке, Көбөш качырып,
Кол салышып калса, – деп
Баланы булар койбойт ко,
Абыке, Көбөш, Жакыпка,
Кошулушуп кирели.
Теңи туруп сүйлөдү,
Семетейге болушуп,
«Манастап» ураан айталы.
Теңи мындай дегени,
Айтып оозун жыйгыча,
Каныкей келип калыптыр.
Каныкей кара кийгенде,
Караган тууган бар белең?
Семетей жетим калганда,
Селбиген тууган бар белең?
Абакең түшүп эсине,
Кан Сыргактын жойболот,
Кармап алды сабынан,
Сууруп алып кабынан,
Эр мүчөлүү Каныкей
Кыя чапты баштарын.
Бала төрө Семетей,
Чоң атасы Жакыпты,
Мээге чаап койду эми,
Абыке, Көбөш агасын,
Эр мүчөлүү Каныкей,
Катары менен сойду эми.

## КЫРК ЧОРОНУН КАЧЫШЫ

Өз атасын өлтүргөн,
Өжөр тууган Семетей.
Чоң атасын өлтүргөн,
Чоң олтурган Семетей.
Төрт түлүктүн ногойдон,
Ар жагында Кең-Сайды,
Беш түлүктүн ногойдон,
Берен туулган Семетей,
Атасын кабыргадай бүктөдү,
Көк букага жүктөдү,
Бизди оңдурбайт бу, – дешип.
Качып калды кырк чоро,
Кырк чоронун качканын,
Билбей калды Семетей.
Кырк чоро качты, – деп угуп,
Үч күндөн кийин угулуп,
Кордук-сордук көрбөсө,
Токтотуп алам аларды,
Кандай качты булар, – деп,
Аколпокту кийди эле,
Актулпарды минди эле,
Кырк чоронун артынан,
Актулпарды булкунтуп,
Эр өлгөндөй жулкунтуп,
Үч күнчүлүк жерлерге,
Кетип калган чорого,
Ак тулпарды аргытып,
Жетип барды чорого.
Алдынан чыгып көк жалың,
Кырк чорого кайрылып:
«Атамдан калган кырк чоро,
Атыңдын башын буруп тур,
Аяр кылып угуп тур,
Атамдан калган кырк чоро,
Азканакай сөз айтам».
Дегенине көнбөдү,
Кырка тартып кырк чоро,
Кыйгап барып кырк айтып,
Болбой качып жөнөдү,
Жумгал ылдый качканын,

Жана сабап алдынан,
Кайра тосту чорону,
Актулпарды чулгутуп,
Төрө бала Семетей,
Кызарттын Кызыл-Белине,
Сабап чыгып келгени.
Белди тосуп турду эми:
«Атамдан калган кырк чоро,
Атыңдын башын буруп тур,
Аяр кылып угуп тур,
Улуксаат сөзүм айтайын,
Актулпарым тартуу, – деп,
Атамдан калган кырк бөрү.
Атын тартып Семетей,
Азатыңды айткыла,
Аман үйгө кайталы,
Акыл-кебиң айткыла,
Атамдан калган кырк чоро,
Чогулуп үйгө кайткыла,
Атын тартуу», – дегенде
Акыдай далы көрүүчү,
Ашкере айтып берүүчү:
«Койчу, эми чоролор,
Улуксаат сөзүн угалы,
Учурашып кайталы,
Акылдан баарың шашпагын,
Чоролор эми качпагын.
Ошо бөрүнүн уулу берүчү».
Ашкере айтып берүүчү,
Ушу сөздү айтканда,
Баарысы болбой турганда,
Айтпаганда сөзүңдү.
«Эминеге турасың,
Өз атасын өлтүргөн,
Өжөр тууган канкорго,
Чоң атасын өлтүргөн,
Чогу олтургаи канкорго,
Кантип токтоп турасың?
Калсаң, өзүң кала бер,
Турсаң, өзүң тура бер».
Айтып сөзүн жыйгыча,
Канатынан үн чыгып,
Сың, сың, сың чыгып,
Чалгынынан дуу чыгып,
Күн батыштан Ак кажыр,
Суюлуп сызып келатат,
Көнбөсөңөр мейли, – деп,
Бөрүчү туруп сөз айтат:
«Тетиги сызган Ак кажыр,
Көрдүңөрбү баарыңар,
Ошо, Манас арбагы.
Арбак урду бизди!– деп,
Кажыр болуп көрүнүп,
Арбагы келди көрдүңбү,
Ал аңгыча болбоду,
Баары эми өлдүк», – деп,
Акылдан минтип шашышып,
Кызарттын белин ашышып,
Бала төрө Семетей,
Капа болуп бурулуп.
Менден кандай качты, – деп,
Көзүнүн жашы көл болуп,
Мурдунун суусу чөл болуп,
Мурдун чымчып ыргытып,
Көзүнүн жашын чертти эле,
Мурдунун суусу, көз жашы
Мончок кызыл таш болуп,
Акылыңдан шашканың,
Атаңдан калган кырк чоро,
Ажалык жетип качтык, – деп,
Атадан калган Аккелте,
Түрпү менен түрпүлөп,

Сүмбө[1] менен сүмбөлөп,
Сайын сайлап сайлады,
Майын салып майлады,
Өз убалың өзүңө,
Эки кара көзүңө, – деп,
Куржун башы дарыны,
Куркурата куйду эле,
Колдурата салды эле,
Сүмбө менен сүмбөлөп,
Милтесине чок коюп,
Чүрпөсүнө от коюп,
Айланайын атса алты атаар,
Тегеретсе жети атаар,
Ойноп атса он берек,
Машаа[2] басса бар өткөн,
Түтүндөн мурун ок кеткен,
Аккелте үнү чаңырып,
Бала төрө баатырың,
«Манастап!» ураан чакырып,
Атамдан калган кырк чоро,
Душман болдуң баарың, – деп,
Ак сакал Кыргыл карым, – деп,
Казатта болдуң баарың, – деп,
Ак мазардын оюнда,
Кең Кочкордун боюнда,
Кырк чорону кырганда,
Бир дөбөгө жыйганда.
Кыргын салып турганда,
Атамдан калган кырк чоро,
Пайдасы мага тийбеди,
Атама тийген пайдасы,
Карга кушка жем кылбай,
Көмдүрөйүн муну, – деп,
Кең Кочкордун оюнда,
Жерден өткөн жеркендүү,
Жеркендин элин башкарган,
Жер Аалы баатыр мыктыны,
Жер Аалы баатыр келсин, – деп,
Чакыртып алып Семетей,
Жер Аалыга сөз урду:
«Мына бу чоролоду көмгүн», –
деп
Союшуна бээ берип,
Акысына төө берип,
Жер Аалынын колуна,
Алтын-күмүш зар берип,
Акысына нар берди,
Көлчүлүктү жыйдырып,
Кетмен-чотун саптатып,
Калкын жыйды Жер Аалы,
Кетмен-чотун саптатып,
Кара жерге таптатып,
Кара жерди кастырып,
Кысмак кылган калайык,
Ак кагазга жаздырып,
Кара жерди ойдуруп,
Казанагын ойдуруп,
Кара жерге койдуруп,
Ары жууп ак кепиндеп,
Чоролорду көмдүрүп,
Көл ботодон алдырып,
Далай кылым көрсүн, – деп,
Акысын толук бердирип,
Кермелерин кердирип,
Буудандарын байлатып,
Чорону коюп жайлатып,
Мура айтып окушуп,
Дуба кылып турушуп,

[1] Сембе – мылтыктын майын тазалагыч
[2] Маше – мылтыктын от бергичи

Буудандын башын бурушуп,
Бура тартып турушуп,
Жер Аалы менен коштошуп,
Баары үйүнө тарашып,
Калктын баары кеткенде,
Ак дулдулдун үстүндө,
Арман кылып буркурап,
Көзүнүн жашы көл болуп,
Мурдунун суусу чөл болуп,
Ошо буркурап ыйлап турганда.
Алла таала шек берген,
Асманда күндөр жарк этип,
Сандык түшкөн шарк этип,
Башын арска жөлөгөн,
Эки эркек баланы,
Аркы терки бөлөгөн.
Кырып салган чорону,
Экөө менен төлөгөн.
Кыябынан туш кылган,
Бала төрө Семетей,
Алдасынан айланган,
Эки эркек баланы,
Канжыгага байлаган,
Айга күнгө көрсөтпөй,
Жан адамга билгизбей,
Каныкейдин колуна,
Алып келип тапшырып,
Ак боз бээни сойдуруп,
Атын уйкаш койдуруп,
Эгиз чоро болсун, – деп,
Кан баласы Каныкей,
Экөөнө эки эмчегин эмизди,
Тел кулундай тебишип
Каныкейдин эмчегин,
Талашышып эмишип.
Кан баласы Каныкей,
Жаман кийим кийгизбей,
Жан адамга билгизбей,
Телкинин этин кактаган,
Тел бешик, – деп сактаган.
Кураңдын этин кактаган,
Кан баласы Каныкей,
Куш бешик, – деп сактаган.
Эгер иштен эр бол деп,
Аман болсо бул экөө.
Адамдан артык эр болсун,
Ааламды бузган шер болсун,
Эрегишкен душманын,
Эңип жонго бассын, – деп
Аман болсо жалгызга,
Көргөн адам кашына,
Беттей албай качсын, – деп.
Аман болсо жалгызга,
Аман болсо бул экөө,
Эрегишкен душманын,
Жерге салып бассын, – деп,
Көрсө душман качсын, – деп,
Экөөнү жакшы баксам, – деп,
Эр кулу менен тең кылсам,
Ушу экөө чоңойсо,
Бээжинге казат кылаар, – деп,
Аман болсо Семетей,
Мелтиреген тозоктон,
Бойду азат кылаар, – деп,
Аман болсо кулунум,
Экөөнү бирдей ээрчитип,
Тел козудай телчитип,
Жолборс кылып алар, – деп,
Аман болсо Семетей,
Ушул экөө кошулса,
Жолукканын койбогон.
Жолборс кылып алар, – деп.

Кызыл канга тойбогон,
Койбос кылып алар, – деп,
Аман болсо Семетей
Ушул экөө кошулса,
Бежинге казат кылар, – деп,
Мелтиреген тозоктон,
Бойду азат кылар, – деп,
Кан баласы Каныкей
Аман болсо экөөнү,
Эрешен тартып эр кылып,
Жалгызга жолдош болоор, – деп,
Аман болсо Семетей,
Кытайдан байтал куур, – деп
Кытайдагы жапсаңдан,
Коңурбайды баш кылып,
Калмактан байтал куур, – деп,
Манжу, кытай-калмактан,
Онду өлтүрүп суур, – деп,
Аман болсо балдарым,
Беттешкенин мерт кылаар,
Ушул экөө чоңойсо,
Белсенген жоосун жок кылаар.
Кермеге атын байлатаар,
Аман болсо кулунум,
Ушул, экөө чоңойсо,
Касташкан жоосун жайлашаар.
Казташкан душман туш келсе,
Караңгы көргө салат ко,
Кабарын уккан душманы,
Үйүнөн чыкпай колосун,
Аты уйкаш, эки шер,
Эки бирдей эр болоор.
Семетейге кошулуп,
Ааламды бузган шер болоор,
Уккан адам таң калаар,
Аман болсо үчөөнү,
Көргөн адам таң калаар,
Жер жарылган дуу болсо,
Тоо жарылган чуу болсо,
Акылынан шашпаган,
Миңди көрсө бир дебес,
Бирди көрсө жок дебес,
Эки чоро, Семетей.
Үчөө болуп көрүнүп,
Көргөн адам таң калаар.
Чоң ополдой көрүнүп,
Эки бала чоңойсо,
Ойбутту бузуп жылкы алар,
Келпинди бузуп пул алаар,
Ушу эки бала чоңойсо,
Кулунду бузуп кул алаар,
Буга көргөн адам таң калаар!

## СЕМЕТЕЙДИН КОҢУРБАЙДЫ КҮТҮШҮ

Каары катуу Коңурбай,
Каалап күттүм келбеди.
Кайратын толук көрсөтүп,
Кармалашып көрбөдү
Баатыр болсо өлтүрүп,
Же колумдан өлбөдү?
Сарала калың жылкыдан,
Үмүтүн үзүп калган го?
Коркутуп айтып Карагул,
Коңурдун үшүн алган го?
Камы келбей Коңурбай,
Камыгып жатып калган го?
Калдайган калың жылкысын,
Уурдагансып кетпейин.

Түн жамынып жашынып,
Туурдалгансып кетпейин.
Баатырдыгы чын болсо,
Күтпөгөнүм жөн болбос,
Жоругу жок баатырдай,
Тоспой кантип кетейин,
Эрдик менен алышпай,
Элге барып нетейин.
Көк-Кыядан өткөндө,
Көк Өзөнгө жеткенде,
Үч күнү жатып ал жерде,
Өрүүн болуп алайын,
Очоңдогон чоң манжу,
Арманы жок алышсын.
Тулпарларды зыргытып,
Найзаларды кылгытып,
Жетелешип калайын,
Деп, – ошентип Семетей,
Элде жүргөн немедей,
Ак олпокту бүчүлүк,
Чыгарып таштап жиберди.
Нардай болгон Буурулду.
Бура тартып имерип,
Кеп жылкынын четине,
Алар көзүн жиберип,
Күлчорого кеп айтты,
Абаң менен алдыга,
Кете бергин, – деп айтты.
Бактыга башы малынып,
Балбылдаган коңулдан,
Байыркы жоктор табылып,
Өзүнөн өзү күркүрөп,
Күңгүрөгөн үнүнөн,
Ой-тоонун баары дүңгүрөп,
Келе жаткан кезинде,
Кечки салкын бешимде,
Адамдан башка жаралган,
Алптык менен акылы,
Айжанжуга тараган,
Кажыбас баатыр Коңурбай,
Жолун тосуп Семеңдин,
Жеткилең көзүн салыптыр.
Семетейди көргөндө,
Арман кылып өзүнө,
Күңгүрөнүп алыптыр:
«Манастан калган жетимди,
Томуктай бала деп жүрсөм,
Тоодой баатыр турбайбы?
Токсон миң адам келсе да,
Толгоп башын жулбайбы?
Атасы Манас баатырдын,
Алты эсе мыкты көрүнөт,
Айбатынан ажалдын,
Көлөкөсү көрүнөт.
Ушундай бала бербеген,
Көк теңир буркандар,
Мага эле сараң көрүнөт.
Айкөлдөй болгон Семетей
Менин уулум болсочу,
Айдап жүргөн көп жылкы,
Атаганат көр дүйнө,
Менин кунум болсочу?
Колумдан келсе чунакты,
Тирүү кармап алсам ээ?
Элчилигин алсам ээ,
Берендерге тең кылып,
Манжулардын элине,
Бейкут кошуп салсам ээ?
Ушундай тууган баланы,
Унчукпай туруп манжуга,
Кан көтөрүп алсам ээ?
Жалбагай ооз жар кабак,

Адамда мындай болобу?
Баатырды баатыр дебейби,
Кемиткен адам оңобу?
Ааламга желген суу келсе,
Алсыраган көп элди,
Көтөрүп алчу неме го?
Жазы маңдай, жалың көз,
Кара кылды как жарган,
Калыс болучу неме го?
Көбүрүп турган чунакка,
Көңүл айтсам болбойт ко?
Көрүнүп койсом көзүнө,
Көз ачканча сомдойт ко?
Айткандан кайтпас неме экен,
Көнөктөй болгон башымды,
Көөдөнүмдөн толгойт ко?
Деп, – ошентип эр Коңур,
Ала тоодой жондонуп,
Ач жолборстой комдонуп,
Очогорго от койуп,
Олпоксуз ачык төшүнө
Өлчү жердин тушу, – деп,
Өлгөнүң балам ушу! – деп,
Коржоюп турган чиркинди,
Колкого тартып алды эми.
Семетейдин көзүнөн,
Көк жалын чыгып төгүлдү,
Көшүлүңкү көөдөндөн,
Кош кабырга сөгүлдү,
Көөдөнүнөн аккан кан,
Агып турду көнөктөп,
Айкайларга алы жок,
Тайбуурулга өбөктөп,
Эңгезердей Семенди,
Тайбуурул алып бурулду.
Аркардай болгон шыйрагы,
Жерге тийбей сунулду.
Очогордун дабышы,
Обого кеткен күлүккө,
Онтогондой угулду,
Коңурбай келип калган го?
Абамды жайлап салган го?
Коңурдун канын ичпесем,
Күлүс атым жалган го?
Жаны чыгып кеткенче,
Жан абамды көрөйүн,
Коңурдун башын албасам,
Абама курман чалбасам,
Туубай туна чөгөйүн,
Күлчоро болуп жүрбөстөн,
Бүгүндөн калбай өлөйүн,
Деп, – ошентип Күлчоро,
Сараланы камчылап,
Ачуусуна чыдабай,
Салаалап жашы тамчылап,
Кырга чыгып караса,
Тайбуурул жолго салыптыр,
Алгараны камчылап,
Бөрү тил найза жаркылдап,
Буурулга жакын барыптыр,
Кан жыттанган Коңурбай,
Манжуулап! ураан чакырып,
Коңурбай кууп калыптыр,
Семетей жондо шылк этсе,
Тайбуурул кошо былк этет,
Семетей оңго оогондо,
Тайбуурул кошо былк этет.
Муну көрүп чоронун,
Көзүнөн жалын жаркырап,
Оозундагы отуз тиш,
Кыжырданып быркырап,
Манас! Манас! Манас!– деп,

Оозунан түтүк буркурап,
Тездиги учкан булдурук,
Теминип найза сунулуп,
Күркүрөгөн Күлчоро, – деп,
Качырып кирип калганда,
Кан көксөгөн Коңурбай,
Кайрылып качып алды, – дейт,
Миң кишилик кайратын,
Чородон көрө салды, – дейт.
Алгарасын зыргытып,
Атырылган чорого,
Кайрылып найза мылгытып,
Бир-биринен жалтанбай,
Аттын башын чулгутуп,
Ар кимиси өзүнчө
Аламын! – деп тырышып,
Эки дөөнүн найзасы,
Тийген жерден ыргышып,
Чамынды болуп бөлүнүп,
Найзаны таштап жиберип,
Ай балта менен имерип,
Жакадан алып жулкушуп,
Ат үстүндө тирешип,
Кармашып жаткан кезинде,
Ажал карап тургансып.
Коңурбайдын бетинде,
Адам эмес, жер экен,
Кулак уккан баатырдан,
Бөтөнчө бүткөн эр экен,
Баладан өлсөм кармашып,
Калмактар кандай дээр экен,
Деп, – ойлонуп Коңурбай,
Чала жара болсо да,
Алды артын карабай,
Колунан чыгып жылбышып,
Алгараны камчылап,
Качып калды зыркырап,
Өлтүрбөй кантип тынап,
Коңурбайдын артынан,
Күлчоро кууду бургутуп,
Алгара аяк көргөндө,
Эңишке чыга бергенде,
Өрү калган ат менен,
Өксүй шилтеп калды эле.
Куюндай болгон Алагар,
Куланып кете салды эле,
Карылык баскан Көгала,
Бута атым алыс калды эле.
Күйүттө калган Күлчоро,
Эч айласын таба албай,
Өкүрүктү салды эле.
Эңкейишке келгенде,
Эби кеткен Көгала,
Эптеп желип барды эле,
Күйүп турган Күлчоро,
Найза бою калганда,
Ажалынын жеткенин,
Коңурдун көзү чалганда,
Алгарасын чулгутуп,
Өргө карай тырмышып,
Куюндай болуп көрүнүп,
Үч бута атым бөлүнүп,
Жеткирбесин билген соң,
Чоронун жашы төгүлүп.
– Кубалай берсем Коңурду,
Көгала кургур жетеби?
Жетип союп келгиче,
Абамдын көзү өтөбү?
Алы кеткен абамды,
Аманында көрөйүн,
Айланып келип канкорго,
Аныктап канын төгөйүн.

Бул жорукту кылбасам,
Күлчоро болбой өлөйүн,
Деп, – ошентип Күлчоро,
Бура тартып булгутуп,
Көгаласын чулгутуп,
Мен албагандан най калды,
Аркы бийген жай калды,
Мен сойбогондон кой калды,
Коңурбай калча зор калды,
Ошо, Коңурбай угуп шек кылган,
Мен эми кытайдан байтал
куубасам,
Кытайдагы жайсаңдан,
Кыркты өлтүрүп суубасам,
Мен калмактан байтал куубасам,
Кытайдагы жайсаңдан,
Онду өлтүрүп суубасам,
Мен, атамдын кунун куубасам,
Туубай туна чөгөйүн,
Тумшугу жок курган жан,
Бу көрөкчө өлөйүн,
Бээжинге казат кылбасам,
Мелтиреген тозоктон,
Бойду азат кылбасам,
Капырга казат кылбасам,
Калтыраган тозоктон,
Бойду азат кылбасам.
Бу көрөкчө өлөйүн,
Мен коконду бузуп дилде алгам,
Коркпой менден ким калган,
Бээжинди бузуп дилде алгам,
Берки четте ким калды,
Деп, – ошентип балага,
Арманын айтып далайга.
Акылдашып сөз баштап:
«Абаке, ат жетпеген жер үчүн,
Ошо, былк этпеген эл үчүн,
Азыр, Коңурбай, Калча
жыйналды.
Абаке, Бээжинте эчен баргансың,
Бээжиндин жолун чалгансың,
Кара кытай манжуга,
Бузукту эчен салгансың,
Макул десең абаке,
Бээжинге быйыл барайын,
Манжуга бузук салайын.
Ойлонсом акыл токтобой,
Шерлердин кунун чуубасам,
Абаке, ушу туубай туна чөгөйүн,
Тумшугу жок курган жан,
Бу көрөкчө өлөйүн.
Чалгынды баштап чалып бер,
Абаке Бээжинге баштап барып бер,
Кабылтса кудай Коңурду,
Кармап алып өлтүрөм,
Абаке, акирет кеткен арстандын,
Намысын кантип кетирем,
Ажал жетип күн бүтсө,
Албай койбойт кара жер,
Эрдин жоодон качмагы
Акылынын шашмагы,
Шарыятка туура эмес.
Эркек бала туулса,
Намыздыка жараткан.
Эркек козу туулса,
Ак түлөөгө жараткан,
Арстан Бакай абасы,
Эми балам болбойсуң,
Барамын деп койбойсуң,
Беттесе Коңур оңбойт ко,
Намыз үчүн барбаса.
Эр жигит наамы болбойт ко».

«Айтканың туура балам, – деп,
Жолду өзүм чалам, – деп,
Бээжинге баштап барам, – деп,
Балам, Бээжиндин жолу беш арам,
Бейкут жолго салабыз,
Балам, Бээжинге эми барабыз,
Кудай берсе кулунум,
Манжудан кунду алабыз.
Калам бейшенбинин он күнү,
Качан атаң эр Манас,
Ошо, казатка чыгаар чоң күнү,
Бүгүн күнгө шаршемби,
Оомийин! – деп биз эртең,
Атаң баатыр Манастын,
Арбагына сыйынып,
Ай туякты чалалы,
Амир кылып алла, – деп
Жаратканга жалынып,
Балам, ушинтип жолго салалы.
Түлөө союп аллага,
Түлөөсүн алып өткөрүп,
Калайык журттун баарына.
Ак сакалдуу карыга,
Оомийин! – деп кол жайып,
Бала төрө Семетей
Алаканды мол жайып,
Ак сакалдуу карыдан,
Чогулган калктын баарынан,
Батасын бала алганы.
Ак сакалы жылтылдап,
Боз жоргосу кылтылдап,
Абасы Бакай алдыда,
Алты жүз аскер кол менен.
Айчык алтын туу менен,
Абасы Бакай кол баштап,
Туу көтөрүп жол баштап,
Бээжинди көздөй бет алып,
Берен бала Семетей,
Бээжинге казат кылмакка,
Берсе кудай калчанын,
Башын кесип алмакка,
Жүрүп калды жол менен,
Ак калпактуу кыргыздын,
Алты жүз аскер кол менен.
Бөкөйдүн бөксө жол менен,
Ошо, бөрү жүрбөс жол менен,
Кыл эртимдин кең өзөн,
Кырк сегиз күндүн өзүндө,
Чалгын чалып, кан Бакай,
Кең өзөнгө кирди эле,
Эчен жолду билүүчү,
Эчен жерди көрүүчү,
Куркурап аккан кур сайга,
Кең өзөнүн чыгарып,
Айырмач кайкы Ач-Кайкы,
Бакай чалган маш кайкы,
Ошол Ак-Кайкыны ашырып,
Ар жагында Кең-Сайды,
Кең-Сайга колду батырып.
Бүгүн атты өргүткүн,
Мунун өзөнү буйтка жол болот,
Байкабаган Кең-Сайга,
Кошунун жайлап түшүрүп,
Эми баарың жаткын, – деп,
Семетейди ээрчитип,
Абасы баатыр эр Бакай,
Жер көрө элек бала деп,
Жай жарагын алдырып.
Чалгын чалып келебиз,
Жол төтөсүн көрсөтөм,
Жерге дүрбү салдырам,

Жер көрө элек балама,
Жердин ченин алдырам,
Жолду өзүм чалдырам,
Жолдун ченин алдырам,
Чалгынга баатыр кан Бакай,
Семетейди ээрчитип,
Береги аңырайган Ач-Кайкы,
Балам, бу чоң Бээжиндин
кайкысы,
Береги ашуусу бийик Кара-Бел,
Кыл Эртиштин ашуусу,
Жылкы тийип жөнөсө,
Береги жапыс турган ооз адыр,
Жапалдаш турган кайкы жол,
Мына ошол кампаңдын
Кара-Суу,
Калып чыгар ашуусуу,
Жылкы тийсең буга сал,
Тетиги төбөсү бийик кара тоо,
Ошол өбүүсү бийик кең өзөн,
Мына Туюк-Төрдүн өзөнү,
Мына ошол өрүшү,
Коңурбай канкор жылкысы.
Ошол Коңурбай жылкысын,
Сала берген төр ошол,
Тетиги мунарык болуп боз
болгон,
Күн батышта күдүр тоо,
Мына кан жайлоо деген жайлоо
ошо,
Мына Коңурбай жаткан жер ошо.
Тетиги таш борчуктуу урумчук,
Үстү жагы тектирче,
Аягы адыр секиче,
Коңурбайдын кароол карар чокусу,
Кароолчу Коңур ошондо.
Эми абаке түлкүсү жаткан коо
кайсы?
Өрдөгү жаткан көл кайсы?
Кулжасы жаткан тоо кайсы?
Мунун, кулжасы жаткан
бел кайсы?
Тетиги, каркайып турган кара тоо,
Ошо, салынып турган кара кыр,
Анын, түлкүсү жаткан кыр ошо,
Тетиги аягы кара тоо болгон,
Кузгуну жаткан чоку ошол.
Береги, бары адырмак Сары-Бел,
Кулжасы жаткан бел ошол,
Тетиги, бөөт-бөөт сазы бар,
Бөлүнүп учкан казы бар,
Тунарып үстү көк болгон,
Агыны катуу шар болгон,
Суунун боюн көрдүңбү?
Чытырман кайың тал болгон.
Бөө-чөөт көлү бар,
Көлдүн боюн оттогон,
Ошо көк ала моюн көк сонор,
Ошо карарып турган калың саз,
Ошо Күркүрөөнүн сазы ошол,
Мына өрдөгү жаткан көлү ошол,
Көргөнүн ошол, балам, – деп.
Абасы Бакай ээрчитип,
Жер чалдырып каратып,
Жердин баарын тең көрүп,
Бала төрө Семетей,
Жерди карап олтуруп,
Кусабына толтуруп,
Эртең менен жер көрүп,
Телегейди тең көрүп,
Жерди көрдү ар кандай.
Дүрбү салып болкоюп,

Капканын жайын көрдү ошол.
Тегеретип имерип,
Жердин баарын имерип,
Капкалуу шаар чоң Бээжин,
Жерин көрүп ар кандай,
Элин көрүп ар кандай,
Бала төрө Семетей,
Кабагын салып зарланбай,
Жердин ченин алган соң,
Эми, аба, – деп айтып,
Ууру кылчу кишидей,
Түн ичинде жылкы айдап,
Кароолду карап олтурган,
Кароолуна баралы.
Урушаар кези келди, – деп
Коңурбайдын өзүнө,
Көрүнөө кабар салалы.
Жылкысын тийип кеткенде,
Ууру атка конобуз,
Манастын уулу ууру деп,
Баатыр болсо Семетей
Берен тууган эр болсо,
Беттешип мага келбейби?
Кезек менен сайышып.
Баатыр болсо Семетей,
Кезектен сайып албайбы?
Муну айтып Коңурбай,
Түн ичинде жылкы айдап,
Ууру болгон турбайбы,
Ууру колго тийбейби
Камчы тийип мойнуна,
Кан шорголоп койнуна,
Анан ырысым минтип катпайбы?
Атам Манас болгон соң,
Качпай барам алдына,
Караңгы ууру дедирип,
Түн ичинде жылкы алып,
Абаке атага наала келтирбейм.
Кол салышып көрүнө,
Чабышканын көрөмүн,
Качып бербей калчадан,
Аянбай найза саламын,
Атага наалат келтирип,
Сайышпай кантип каламын,
Бала төрө Семетей,
Билегине күч салган.
Жүрөгүнө муз салган,
Очойгон алтын таш болгон,
Былк эттирбей баш болгон,
Жыйырма бешке жык толгон.
Абасы Бакай сөз айтат,
Бул, айткан сөзүң макул, – деп,
Качпай барам дегениң,
Балам, сөзүң акыл деп,
Анда, төрө бала Семетей
Абасына кеп айтат,
Чымырканыш чын айтат.
«Абаке кара сууда кеме жок,
Көрүшөмүн калчага,
Ажал жетсе өлбөйбү,
Азап болсо көрбөйбү,
Абаке, өлүмдөн качаар кез эмес.
Коңурбайдан коркпоймун,
Ажал жетсе мынакей,
Ажал жетип күн бүтсө,
Айланайын абаке,
Улукман аке, кары өткөн,
Азирет аалы баарысы,
Адам ата, баары өткөн
Пайгамбардын баары өткөн,
Абаке, мен шашпаймын,
Ажал жетип күн бүтсө,

Ак өлүмдөн качпаймын».
Муну айтып Семетей,
Ал аңгыча болбоду,
Кароолчуга кабылды,
Көрө коюп кароолчу,
Түрүн-сүрүн көргөн соң,
Эт жүрөгү болк этип,
Көрө коюп төрөнү,
Кекселенип калды эле,
Кетээр жагын бет алып,
Кетенчиктеп калды эле.
Алгана, кара бөркү бар,
Төгөрөктүн баарысын,
Соромун деген эрки бар,
Түрүн көрүп сүрдөдү,
Бул алда кандай болду деп,
Жылкыма тие албай турган өзүдүр.
Андай көпкөн бала эмес,
Атасы бурут эр Манас,
Бурутту жыйып кол алып,
Аскерин айдап мол кылып,
Ушу да келген кошуунга.
Атасын кылдым жаралуу,
Келген баатыр буруттун,
Далайын өзүм сойгомун,
Канына мыктап тойгомун,
Көпкөн жетим келе албайт,
Келип колду сала албайт,
Ошол Музбурчагын баш кылып,
Беттешкенин кулатып,
Кара жерге сулатып,
Өлтүргөнүн өлтүрүп,
Далай бурут жай алган,
Ошол өлбөгөндүн баарысын,
Кылычтап эчен кыргамын.
Сакчыдан уккан кабарга,
Териккендей көрүндү,
Азыр жутуп ийчүдөй,
Манкарага дөөрүлү,
Жолго түшүп үч баатыр,
Жай жарагын жайланып,
Ай балтаны байланып,
Ат үстүнөн кийинип,
Жоо бөрүсү үч баатыр,
Анысына сүйүнүп,
Кудай берсе Коңурду,
Тоодой болгон доңузду,
Тирүүлөй кармап алсам, – деп,
Кызыкты далай салсам, – деп,
Үчөө жүрүп баратат.
Мен сегиз күнү жатамын,
Мен Коңурбайды күтөмүн.
Сегиз күндөн калса, – деп,
Топонун бузуп тоз кылам,
Ичээр суусун муз кылам.
Жылкычысын байлаймын,
Ушул эми манжуга,
Такалуудан тай койбой,
Мен жылкысын такыр айдаймын.
Айткан сөзү ушу, – деп,
Маңкара сөздү түгөттү.
Муну угуп Коңурбай,
Каарланып каарданып,
Дөгүрсүгөн кысталак,
Бул өңдөнгөн көпкөндүн,
Айтып турган сөзүн көр,
Көпкөнүн к....... чыгарам,
Бу дөгүрсүгөн жетимдин,
Башын кесип кан кылам,
Көпкөндүгүн көрчү, – деп,
Бул кошуунга жүргөн жол ушул.

Баласы тургай атасы,
Манасты сойгон кол ушул.
Бу өңдөнгөн көпкөндү,
Эрегишип бул неме,
Жайга келсин, – деп айтса,
Баталбай аткан сөзүдүр,
Менден коркуп ал жетим,
Кыл куйругун шарт түйгөн,
Алгана кара бөркү бар,
Төгөрөктүн баарысын,
Соромун деген эрки бар,
Муруту чөлдүн камыштай,
Мурду тоонун кыр таштай,
Жалаң кылыч байланган,
Аркы терки айланган,
Адамдан башка түрү бар,
Колго тийсе сойгудай,
Канына мыктап тойгудай,
Жалаяк ооз, жайдак төш,
Жер жарылган дуу болсо,
Тоо жарылган чуу болсо,
Канча аскер кол болсо,
Санды көрсө качпаган,
Акылынан шашпаган,
Деги, арзан жоо эмес,
Оңдуруучу чоң эмес.
Кол салышкан кишисин,
Койбой турган нарысы бар,
Мен ошол чукул кирип баргамын,
Шашып калдым апкаарып,
Ошол атынын башын бурду эми.
Карап турду кашымда,
Качкан менен куткарбай,
Кармап алчуу кайып бар,
Куткарабай кармап алгыдай,
Санымa чылбыр салгыдай,
Жалынсам жанды койбостон,
Башымды кесип салгыдай.
Жанында барып турганды,
Тааныйсыңбы мени? – дейт,
Эсим чыгып элейип,
Акылым кетип селейип,
Өлтүрбөймүн коркпо? – деп,
Дагы айтып жиберди,
Тааный албайм кимсиң? – деп.
Таанытамын билбесең,
Мурун киши көрбөсөң,
Мен Семетей өзүмүн,
Мен тоорулга келип турам, – деп,
Караңгыда жылкы айдап,
Качкын ууру эмесмин.
Түн ичинде жылкы айдап,
Түн уурусу эмесмин.
Коңурбайың кайда? – деп.
Коңурбай үйдө, – деп айттым,
Үйдө болсо Коңурбай,
Түн ичинде чуу тартып,
Түйшүк салчуу мен эмес.
Жайга келип сүйлөшүп,
Ачыкка салып сайышам,
Коңурбайга айтып бар,
Сайышаар жерин чектесин,
Күнүн болжоп чектесин,
Ошо, Маңкарадан сөз болсун.
Шашып бушуп Маңкара,
Акылы оогон немедей,
Эки буту салактап,
Эки көзү алактап,
Коңурбайга барды эми,
Кытайча салам бергени.
Түшө калып алдына,
Тура калды кан Коңурдун жанына.

Коңурбай эми сүйлөдү,
Өңүң кетип кубарып,
Көзүң кетип тунарып,
Не көрүндү көзүңө?
Не билинди өзүңө?
Ооругандай шалпайып,
Аттан түшүп калдайып,
Эмнени билдиң эми сен?
Бурутту көргөн немедей,
Чочугандай турасың,
Өзүңөн-өзүң элейип,
Кеп албай селейип,
Коңур мындай дегенде,
Маңкарадан кеп чыкты:
«Ээ, төрөм, чалгын чалып баратсам,
Боз-Адырдын буктурма,
Эки киши туруптур.
Кабак атар жер эле,
Чалып кетип баратсам,
Атынын мойну алчактай,
Саадактан боосу чапчактай,
Тоодой чийкил ат минген,
Ал кишини көргөнү
Эт жүрөгүм болк этип,
Коркуп турам таксыр, – деп,
Эсим чыгып солк этип.
Эсиң чыкпа өлбөйсүң,
Сени өлтүрүп не пайда?
Менин кездешкеним Коңурбай,
Кырган экен далайды, ал,
Эми, Коңурбайга айтып бар,
Мен чыр кылбаймын талаадан,
Күн болжоосу сайышпайм,
Капысынан кол салбайм,
Жайчылык менен сүйлөшөм,
Жер болжошуп сайышам.
Айтып баргын Коңурга,
Келген киши Семетей,
Жылкы тийип, түн катып,
Тынчын албайм манжунун.
Мен, күн болжошуп сүйлөшүп,
Сайышып алам намызды.
Мен, эки жакка кетпеймин,
Макулга келсе көрөмүн,
Макулга келбей Коңурбай,
Тобокелге ал салып,
Уруш кылса Коңурбай,
Урушунан качпаймын.
Жайга келип сүйлөшүп,
Сайышаар жерин чек кылып,
Күн болжошуп күн берсин.
Болжогон күндөн калбаймын,
Айта баргын бул сөздү».
Буга карматкан киши оңбос, – деп,
Колуна тийген оңобу?
Капырай кол салышып болбос, – деп,
Кароолчу бура тартып алгыча,
Бургутуп жолго салгыча,
«Качпа, бери кел! – деп айтып,
Качсаң өзүң өлөсүң,
Акыретти көрөсүң,
Тийбейм сага бери кел».
Кароолчу турган Маңкара
Алда кандай болом, – деп,
Капырай, качсам дагы кутулбайм,
Качсам калам балаага,
Келгин, – деди барайын,
Эми, ажалым жетсе өлөрмүн,
Өлтүрбөсө канкордун,
Айтканына көнөм, – деп,

Кытайча таазим кылды эле.
Кол куушуруп алдына,
Түшүп аттан Маңкара,
Таазим кылып турду эле.
Бала төрө Семетей,
Коңурбайың кайда? – деп,
Коңурбайым үйдө, – деп,
Билесиңби мени? – деп,
Биле албаймын баатыр, – деп,
Күн төбөдөн өткөндө,
Так бешимге жеткенде,
Кароолго Коңур чыгыптыр,
Келатабы? – деп карап,
Тегерете тең салып,
Дүрбү салып отурду.
Келатканда үч болуп,
Дөбөдөй болуп көрүнүп,
Бала төрө Семетей,
Чоң ополдой көрүнүп,
Келаткан экен шартылдап,
Эки чоро ээрчитип,
Тел козудай телчитип,
Эрдик төрө кылмакка,
Ак олпок кийип жаркылдап,
Бала төрө Семетей.
Ак келтесин караса,
Ай тийгендей жаркылдап,
Толукшуган баатырың,
Кызыл Буурул ат минип,
Кыл куйругун шарт түйүп.
Чоролорун байкаса,
Мажиктин уулу Күлчоро,
Эки жагын каранып,
Койго тийген бөрүдөй,
Эрди башын жаланып.
Сол тарапта Күлчоро,
Ач арстандай бөлүнүп,
Ортосунда Семетей,
Ак жолборстой чамынып.
Үчөөнү көрүп алган соң,
Коңурбай байкап отурду.
Аскар тоодой көрүнүп,
Бала төрө Семетей,
Бил мүчөлүү көк жалың,
Буурул ат минип балкылдап,
Ок өтпөс кийип жаркылдап,
Үч бутадай алдында,
Маңкаңдата бастырып,
Даңкаңдата желдирип,
Кайыптан бүткөн чоң Буурул.
Чоролордун алдында,
Үч бутадай бөлүнүп.
Көрүп туруп Коңурбай,
Санаасы эчен бөлүнүп,
Эки чоро бир төрө,
Коңурбайдын көзүнө,
Жүз кишидей көрүнүп,
Акылы эчен бөлүнүп.
Лаатынга жалынып:
«Карып калган кезимде,
Дуушар болуп, туш болуп,
Медер кылар белим жок,
Картайып калдым, муунум жок,
Же, Семетейдей уулум жок,
Үч баатырды көргөндө,
Бул оңдуруучу неме эмес.
Ойлонуп Коңур шектенди.
Ана-мына дегенче,
Жетип келди кашына.
Эченин айдап жаралап.
Катынын кара кийгизип,
Көпкөн жетим кол салбай,

Кол салса ажалынын жеткени.
Канткен менен Коңурбай,
Кайрат кылып каркылдап,
Шек алдырбай сөз айтып,
Боконо жүрөк болк этип,
Кайратын айтып солк этип,
Акылы түшүп боюна,
Семетей жайын уккан соң,
Беттешкенин мерт кылып,
Сайган жоосун сап кылган,
Семетей жайын угуучу.
Кур кайрат кылып Коңурбай,
Сыр алдырбай туруучу,
Келбей койбойт Семетей,
Семетей келип калса, – деп,
Алда кандай болот? – деп,
Эми, Күлчоро жайын сурачу.
Ошо келгендерден кеп угуп,
Кербенчиден сөз угуп,
Кулчоронун кылганын,
Туу түбүнө турганын,
Угуп жүргөн Коңурбай.
Ошо Күлчоронун эрдигин,
Айтканын алда кеп кылган,
Күлчоронун эрдигин,
Артынганы ок деген,
Жебеси болот чок деген,
Күлчоро жайын угуучу.
Күлчоронун эрдиги,
Жети арышта жок деген.
Кытайлардын Коңурбай,
Семетей менен Күлчоро,
Кабарын катуу угуучу.
Уккан сайын Коңурбай,
Шек кылып Коңур жүрүүчү.
Кабарчыдан сөз угуп,
Кербендер кеп кылып,
Коңурбай угуп шек кылып,
Эми Коңур ойлоду.
Ойду ойлоп олтуруп,
Ойго пикир толтуруп,
Корксо мага келеби?
Жылкы тийбей талаадан,
Жайга Коңур келбесе,
Сегиз күнү күтөм, – деп,
Сегиз күндө келбесе,
Туюк-Төрдө жылкысын,
Түп көтөрө тием, – деп,
Корксо муну айтабы?
Эми муну менен сүйлөшүп,
Көрөйүн түрүн баланын.
Аңгеме сөзгө салайын,
Атасындай эр болсо,
Алдоо сөзгө салайын,
Анан өз билгеним кылайын.
Атасын тарткан аңкоо эр болсо,
Жайлап колго салайын,
Жайнап кепке салайын,
Ай баткандай кылайын,
Өрөпкүп келген жетимдин,
Буту-колун байлатып,
Эки көзүн жайнатып,
Алдыма берсе баланы,
Корлук-корлук кор кылып,
Кошуун келген мурутту,
Манжууга бирден таратып,
Уккан көргөн муруттун,
Эки көзүн жайнатып,
Дөгүрсүп келген жетимдин,
Жерине өзүм барайын,
Таласты чаап алайын.
Дөгүрсүгөн жетимдин,

Элине кордук кылайын.
Дүнүйө алсаң мына, – деп,
Дүйнөнүн баарын ортого,
Ортого баарын салайын.
Олжого мурут кызыкса,
Жая салып баарысын,
Акылыма алайын.
Мурутка кызык кылайын.
Арага элчи жиберип,
Элчисин Коңур чакырды.
Жолойдун уулу Төрөкул,
«Жатык тилдүү эр элең,
Жайды табаар эр элең,
Сөз айтууга мыктуу элең,
Семейтеге барып кел,
Элчиликке жарап кел.
Жатык айтып, сөз сүйлөп,
Семетейди алып кел,
Жайланышып кеп айтып,
Кепти кууп жүрбөйлү?
Семетей келсин бул жерге,
Урушса да эр болсо,
Акылдашам өзүнө».
Ушу сөздү так айтып,
Акыл сөздү бек айтып,
Төрөкулду жиберди.
Жолойдун уулу Төрөкул,
Жайын тапкан душмандын,
Жайкап өзү сөз айткан,
Сөзгө ыктуу неме эле,
Кандай болсо кишинин,
Ыгын тапкан эр эле.
Жете келип муруттун,
Семетей Бакай алдына,
Төрөкул кепти салганы:
«Коңурбайдай бек айтат,
Эр Коңурбай лөк айтат.
Өткөн кеткен кеп болсо,
Өттү кетти дебейли.
Улук болсо Семетей,
Ката кылбай сөзүмдү,
Кас экен! – деп өзүмдү,
Атасы менен тең элем,
Сакалымды сыйласын,
Алдыма келсин Семетей,
Айтканына көнөм, – дейт,
Аркы-берки кеп болсо,
Айтканына көнбөсөм,
Кол салбайын өзүнө,
Айтканыман танбайм, – деп,
Адашып сөздөн өлбөйм», – деп
Төрөкул сөздү бүтүрдү.
Эми, Бакай кеп урду:
«Сен элчиси келипсиң,
Эрикпей сөзгө кирипсиң.
Билесиң, Коңур сырын сен өзүң,
Чакырганга барганда,
Конокко келген киши жок,
Кыйын болсо Коңурбай,
Кыйгактуу найза колго алып,
Кыйын болсо Коңурбай,
Кырылаар жери кайсы жер?
Мына кептин ачыгы,
Түн катырып жылкы айдап,
Түн уурусу эмесмин.
Караңгыда жылкы айдап,
Качкын ууру эмесмин.
Коңурбай, жайкаган сөзүн
койсун
Чамасы болсо эр болсо,
Самаган жерге келсин де.
Келбей турган болсо бул,

Үй үстүнө барамын,
Көрүнө уруш саламын.
Бежиндин жолу беш аран,
Беш аран жолго жылкы айдап,
Беш аран белди ашырып,
Торуп жатып Коңурду,
Кудай берсе Коңурду,
Келдим, чаап аламын!»
Айта баргын Төрөкул,
Конок айтып конмокко,
Конок болоор биз эмес,
Конок кылып кондуруп,
Сыйлашаар кишиң ал эмес!
Убадам ушул, айткын, – деп
Төрөкулга муну айтып,
Бакай сөзүн токтотту.
Бала төрө Семетей,
Семетей сөздү баштады:
Айып көрбө аба, – деп
Абасына сез айтып,
Чакырганта барбаган,
Барса байлап алчудай
Коңур, мынакей келбей койду, – деп,
Айланайын абаке,
Сыйлайын десем келбеди,
Семетейи дебейби?
Корккондугу билинди,
Кудай берсе колума,
Семетей тузагыма илинди,
Коркуп келбей койду, – деп,
Эрдигин көрөм жүргүн, – деп,
Коңурбай айтса – бул сөздү,
Абаке мындай сөзүн айткан соң.
Абаке, сөзүң укканда,
Баягы Бакай бар тура,
Эрдик айтып дагы эле,
Кайратына келген го?
Туусу жолго конгон го?
Сенин айткан сөзүңө,
Ар киминде баатыр бар,
Корккондой көрөт бизди, – деп,
Бала төрө Семетей.
Баягы Бакай келиптир,
Кайрат айтып калп эле,
Какшык сөзүн урган го?
Кайрат кылып, кан Бакай,
Келсин, – деп тосуп турган го?
Коркуп эми менден, – деп.
Дүңүн салып Коңурбай,
Кайрат кылып, калп эле,
Түрүн салып Коңурбай,
Кайратын айтып манжууга,
Түрүлөм дейби Коңурбай,
Сүрүлөм дейби Коңурбай,
Абаке, корккондой көрүп биздерди,
Кеги бар, – деп Кабайдын
Керишемин, – деп ойлоп
Коңурбай муну ойлойт го?
Абаке, мен-мендейден шапшаймын,
Ажал жетип күн бүтсө,
Пайгамбар баскан кең жолун,
Көрүнө жылкы куубасам,
Коңурбайды өлтүрүп,
Атамын өчүн алып суубасам,
Чыкырган капыр Коңурга,
Чыкырсам келбей коркту, – деп,
Мына корконунан келбейт, – деп,
Аңгемени салбайбы?
Кепке кемтик кылбайбы?

Сөзгө сөлтүк кылбайбы?
Коңурбайга барамын,
Аңгеме сөзүн угамын,
Ич пикирин аңдаймын,
Пикири катуу калмактын,
Башын алып каңдаймын.
Чыкырсам келбей койду, – деп
Коркок экен, – деп айтып,
Жарагын жайлап байланар,
Кайратын айтып жайланар,
Алдына, аба, барайын!
Айткан сөзүн аңдайын,
Чакырганга барбаган,
Корккон киши мен эмес.
Барганда кордук кылуучу,
Коңурбай калча ал эмес.
Андан коркуп абаке,
Коркуп турган мен эмес.
Капа болбо абаке,
Аман болсо көрөрсүң,
Кулдук кылуучу ал эмес.
Капа болбо абаке,
Таластан бери чыкканы,
Кабылткан алла кудай, – деп,
Жаратканга жалынып,
Кезиктирсе кудай, – деп,
Издегеним Коңурбай.
Корконунан Коңурбай,
Арачы коюп арага,
Алдына келсин, – деп айтып,
Арачысын жиберип,
Элчиси келди алдыма,
Тобо, теңир кудайга,
Тобо кылам кудайга,
Баатыр болсо Коңурбай,
Күн чеккеним келбейби?
Корконунан келбеди,
Кароолчусун таңдырып,
Анык сөзгө кандырып,
Коркпосо Коңур шашабы?
Чектеген жерге келбейби?
Эрдигин да көрөм, – деп,
Коңурбай бери келбейби?
Элчисин бизге жиберип,
Эр да болсо билем, – деп,
Келип калса алдына,
Ары чети Коңурбай,
Алдоо менен алам, – деп,
Пикири башка Коңурбай,
Ары салып айтам, – деп,
Акылын аңдап алам, – деп,
Абаке, буга коркпоймун.
Мен да сөзүн аңдайын,
Березе болоор үч күн,
Төрөм байкап жатамын,
Эмине? – деп сөз айтат,
Сөзүнүн түрүн аңдаймын,
Ошол, арысы алты күн болсо,
Кечикти деп ойлобо?
Болбосо үч күн ичинде,
Түрүн байкап көрөмүн
Сайышаар жерин болжосо,
Болжолун алып келемин,
Жайкаган сөзгө барганда,
Абаке, ал өңдөнгөн доңуздун,
Акылын да билейин.
Өз түрүнө жараша,
Мен да жайкап сөз айтам,
Кекээри болсо ичинде,
Аянбай найза саламын,
Ал өңдөнгөн доңуздун,
Кудай берсе абаке,

Мерт таптырып салармын,
Капа болбо абаке,
Айып көрбө сөзүмдү,
Жаман көрбө өзүмдү,
Тил албай кетип калды, – деп,
Балалык кылып бул өзү,
Баш бербеди мага, – деп,
Качуул салба ичиңе?
Айланайын абаке,
Аттанып чыкса ак жолтой,
Атышкан жоодо сан колдой,
Айланайын абакем,
Атамдан калган мурапым,
Акыл сырын тарткыча,
Көп болсо алты күн жатармын,
Кечикти деп кейисең,
Кейип калба, абаке,
Үч күндө кайра келермин.
Абаке, Канчоро менен Күлчоро,
Экөөнү кошуп алайын,
Коңурбайдай калчанын,
Түз алдына барайын.
Батаңды бер абаке? – деп,
Төрөң сурап калганда,
«Оомийин» деп кол жайып,
Алаканды мол жайып,
Олуязаада кан Бакай,
Бир кудайга жар айтып,
Жигит болду шаймерден,
Шаймерденим жөлөсүн!
Садагасы кетейин,
Бадигер кожо олуя,
Өзүң эми колдой көр,
Кол бергениң ак эшен,
Садагасы кетейин,
Ак эшен өзүң жөлөй көр,
Жараткан алла бир кудай,
Жеңил барып оор кел, – деп,
Жаратканга сыйынып,
Батасын берип үчөөнө,
Олуя заада кан Бакай,
Үчөөнү салды жолуна.

## ТОЛТОЙ МЕНЕН ЧЫНКОЖОНУН ЧАТАГЫ

Шыгайдын уулу Чынкожо,
Бир күндөрдө олтурду,
Оюн бекер толтурду,
Кечээ Манас барында,
Алымымды алгамын,
Өзүнчө белги кылгамын.
Манастын уулу Семетей,
Теңдикке мени кылбайт, – деп,
Жедигердин Толтойго,
Шыгайдын уулу Чынгожо,
Өзү барып дос болуп:
«Сенин атаң чоң Багыш,
Багышты Манас өлтүргөн.
Сен айтып акың ала албай,
Сүйлөп акыңды алалбай,
Сүрөп бийге салалбай,
Теңдигиңе жете албай,
Чет-Кайыңда жатасың.
Сени теңдигиңе жеткизем,
Сенин атаң Багыштын,
Кунун kууп беремин.
Мына, баатыр дос болдум,
Кең Таласты чабалы,
Олжого мыктап каналы.

Багыштын кунун кубалап,
Мына, дөбөдөй болгон ак үйүн,
Төш таянта жыгалы.
Тердө жаткан кыздарын,
Нике кыйып алалы.
Каалгалуу үйлөрүн,
Айбалта менен чабалы.
Түндүгүнүн түркүгүн,
Айза менен түртөлү,
Атаңдын кунун кубалап,
Керегесии кыйратып,
Келин кызын ыйлатып,
Босогосун кыйратып,
Боз балдарын ыйлатып,
Дүмөктү мындай салалы.
Агача келин, сулуу кыз,
Ач билектен алалы,
Ат сооруга салалы,
Олжо катын кылалы,
Семетейди өлтүрүп,
Койдой башын кесели,
Коондой ичин жаралы,
Таласты мындай талкалап,
Семетейди өлтүрүп,
Бир кумардан каналы.
Атаңдын кунун кубалап,
Теңдигине жеткизем!»
Деп, – ушинтип көкүтүп,
Толтойго Чынгожо дос болот.

## ТОЛТОЙДУН СӨЗҮ

Жедигердин эр Толтой,
Эченди көргөн неме эле,
Билгичил кыйын неме эле,
« Досум, ал айтканың дагы ырас,
Айыл үстү доо болсо,
Манастын уулу Семетей,
Оңо турган эр эмес,
Оңдуруучу жоо эмес!
Мына, Таласка коргон урду, – дейт,
Манастын уулу Семетей
Досум, жаңы аттанып турду, – дейт,
Таласка баатыр конду, – дейт,
Караганын бай кылып,
Касташканын жай кылып,
Чоң атасы Жакыпты,
Мээге чаап койду, – дейт.
Абыке, Көбөш агасын,
Кыябына келгенде,
Катары менен сойду, – дейт,
Бул төрт түлүктүү ногойдон,
Төрө туулду, – деп угам.
Беш түлүктүү ногойдон,
Берен туулду, – деп угам,
Очойгон алтын таш болуп,
Ордолуу ногой журтуна,
Былк эттирбей баш болуп,
Билегине күч салып,
Жүрөгүнө мурч салып,
Мына, кыйын чыкты, – деп угам,
Айыл үстү болгондо,
Алдыруучу неме эмес,
Ал оңо турган жоо да эмес».
Чынкожо таарынат.
Сен коркоксуң дейт.
Ошондо Толтой бараса болот.

Бирок, Таласка эмес,
Акун хандын шаарына
баралы дейт,
Анда досум баралы,
Барганда кан Акундун шаарына,
Үргөнчтү камап жаталы.
Кан Акун сый менен берсе алалы,
Сый менен Чүрөк бербесе,
Таш коргонун талкалап,
Кум коргонун куйкалап,
Чүрөктү зордук менен алалы.
Ошондо, катынын алды, –
деп угуп,
Кабарды бизден албайбы?
Семетей жолго салбайбы?
Ошо чоң Үргөнчтү талкалап,
Семетей келип калбайбы?
Ошондо согуш салалы,
Кудай берсе ой, досум,
Семетейди алалы – дегени,
Чынкожо туруп муну айтат:
Эки тизгин бир чылбыр,
Досум сага бердим, – деп,
Кол бирдигин алгын, – деп,
Досум, колду жолго салгын – деп,
Чынкожо айтты бул сөздү.
Жедигердин эр Толтой,
Эчен жерди көрчү эле,
Эчен жолду билчү эле,
Кол бирдигин алды эле.
Он кишиге бир киши,
Он башы шайлап салды эле,
Онуңан бири жоголсо,
Эсебин сенден аламын,
Саныңа чылбыр салам, – деп,
Кан Акундун шаарына,
Кырк эки күндө барам, – деп,
Элүүсүнө бир киши,
Элүү башы шайлады.
Элүүдөн бири жоголсо,
Саныңа чылбыр салам, – деп.
Жүз кишиге бир киши,
Старчын шайлап алды эми.
Жүзүнөн бири жоголсо,
Ошол, эсебин сенден
алам, – деп.
Кырк эки күндүн ичинде,
Ак-Ийнекти ашамын,
Чоң Үргөнчтү басамын,
Кан Акундун шаарына,
Жетип кабар салам, – деп,
Кол бирдигин алды эми,
Колду жолго салды эми.
Жүрүп калды жол менен,
Алты миң аскер кол менен.
Колдун учу кылкылдап,
Айзанын учу жылтылдап,
Кырк эки күндүн өзүндө,
Ак-Ийнекти ашты эле,
Чоң Үргөнчтү басты эле,
Улуу суунун боюна,
Чоң Үргөнчтүн оюна,
Чатырды тигип салды эле.
Туу байталды сойдуруп,
Кемегени ойдуруп,
Алтымыштай аскери,
Жан казанды астырып
Жал-картаны бастырып,
Жатып калды эки шер.
Капкалуу шаар чоң Үргөнч,
Алдырбаган чеп эле,
Мунун дарбазасы бек эле.

Шыгайдын уулу Чынгожо*
Өз билгенин бербеген,
Бет алышып жоо келсе,
Иш ордуна көрбөгөн,
Жети-Сууну жердеген,
Жедигердин эр Толтой,
Жеткилең кашка эр деген,
Кан Акундун шаарынын,
Алты шаар базарын,
Аркалай басып камады,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Айылдан чыккан кишисин,
Байлап алып сабады.
Жети шаар базарын,
Желкелей басып камады,
Жергеден чыккан кишисин,
Байлап алып сабады.
Жедигердин эр Толтой,
Кубалай качып бээсин,
Көтүнөн келген ээсин,
Чыгара чаап мээсин,
Камап айран кылды эми.
Тукурата койдуруп,
Туу бээлерди сойдуруп,
Чынкожо, Толтой кор кылды,
Жазгызын эгин салдырбай,
Күзгүсүн эгин алдырбай,
Камап жатты эки дөө.
Акун кандай баатыр кан,
Калкын жыйнап сөз урду:
«Калайык калың көп журтум,
Күндүзү бүркөк түн болсо,
Күн ушундай болобу?
Айыл үстү жоо болсо,
Ай ушундай болобу?
Калкым союл чабаар ыктуудан,
Буга найзакердүү мыктыдан,
Бу калайык журтум калкымдан,
Туу көтөрүп калкылдап,
Айылга келген жоо болсо,
Муну, сүрө турган уул барбы?
Калайык калкым, көп журтум
Эрден го жоонун качмагы,
Шариятка туура эмес,
Айт-айтпаса төгүн, – деп,
Келгени, жайы-кыш болду, – деп,
Келгени эки жылга толду, – деп,
Каатчылык салды, – деп
Тобокелге салышып,
Кайрат кылып баарысы,
Сөз айтууга ыктуудан,
Айза сайчу мыктыдан,
Айлакерлүү ыктуудан,
Алтымыштай азамат,
Асаба туулар калкылдап,
Аргымак аттар алкылдап,
Очогор мылтык шартылдап,
Жекеге чыкты баатырлар.
Ошо, карагай айза айкашып,
Алтымыштай азамат,
Жекеге чыгып салышып.
Өз билгенин бербеген,
Бет алышып жоо келсе,
Киши ордуна көрбөгөн,
Көзү кызыл сырты көк,
Көк жал тууган Чынкожо
Көжөлүп туруп алды эми.
Алты сууну жердеген,
Жедигердин эр Толтой,
Жеткилең кашка эр деген,
Беттешкенин мерт кылып,
Чынкожо, Толтой эки шер

Алтымыштай барган азамат,
Айбалта тийди чекеге,
Сызып учту мекеге,
Кайра качып калың кол,
Камандарга чалдырды.
Чынкожо, Толтой дөөлөргө,
Алтымышын алдырып,
Алтын каалга дарбаза,
Чепке кирди баарысы,
Айланасы чеп эле,
Алдырбаган бек эле,
Дарбазанын эшикте,
Кабагын бекем түйүүчү,
Этегин өйдө түрүүчү,
Дөбөдөй болгон кара сарт,
Ошо дарбазада жүрүүчү.
Чоюн башы колунда,
Дарбазанын жолунда,
Карасарттын кашында,
Баатырсынган эчендер,
Карасартка келүүчү,
Буга беттешкендер өлүүчү,
Карасарттын айбаты,
Айбаттуу катуу дөө эле,
Ат көтөргүс жөө эле.
Чепти бекем кайтарган,
Мунун Карасарты ушу эле.
Мына ушинтип жатышып,
Эт жүрөгү былк этип,
Алда кандай болот деп,
Эси чыгып солк этип,
Кабагы жерге түштү эле,
Кан Акундай баатыр кан,
Кайгы тартып турду эле.
Кайгысын көрүп Айчүрөк,
Атаганат дүнүйө!
Күндүзү бүркөк түн болсо,
Түн ушундай болобу?
Айы күчтүү жоо болсо,
Күн ушундай болобу?
Ата, айбалта тийсе чекеге,
Алтымыштай азамат,
Сызып учса мекеге, – деп
Атасын көрүп Айчүрөк.
Кайгы тартып олтурду,
Ойго бекер толтурду.
Эми, тараза мыйзам толоордо,
Кандын кызы Айчүрөк,
Кереметтүү кашка эле,
Керемети журттан башка эле,
Алтын мамык ак жаздык,
Чыканакка койдуруп,
Белгим келээр бекен, – деп,
Жатып калды шылк этип,
Көзү уйкуда былк этип.
Чыканак тайып Айчүрөк,
Аз канакей жай алып,
Уктап калды Айчүрөк.
Түшүндө көрдү төрөнү,
Ошо муруту чөлдүн камыштай,
Мурду тоонун кыр таштай,
Сакалдары жайылып,
Муруттарын карасаң,
Чөптүн кылканындай сайылып,
Чоңдугу тоонун сарыңдай,
Салкындарын карасаң,
Дарыя, көлдүн шарындай,
Суусу Сырттын шамалдай,
Ысыгы жайдын ардактай,
Түшүндө көрдү төрөнү,
Койнунда жатат козголбой,
Билегин артып мойнуна,

Билинбей жатат койнунда.
Оң жагына толгонуп,
Чочуп кетти ойгонуп,
Боконо жүрөк болкулдап,
Болор-болбос солкулдап,
Түшүндө көрүп төрөнү,
Кереметин көрдү эми.
Белгиси келди Чүрөктүн,
Сакчысы Сары кыз,
Бери келчи Сары кыз,
Элчикеңди чакыргын.
Сары кыз барды шакылдап,
Элчике, – деп кеп айтат,
Эжекем сени чакырат,
Караңгыда не дейт, – деп,
Элчикең келди кашына.
Менин айта турган кебим бар,
Сенин уга турган сөзүң бар.
«Чынкожо менен Толтойго,
Барып келгин Элчике.
Бу сөзүмдү жетип айт,
Жетип айтсаң, жетик айт.
Алам десе Толтойдун,
Ала турган айымын.
Алам десе Чынкожо,
Бара турган айымын.
Эми чаң кылбастан жерими,
Менин кан кылбастан элими,
Чынкожо, Толтой бул экөө,
Кубалай качпай бээсин,
Зордуктабай ээсин,
Мен кырк күнү кызматымды
кылайын,
Кызматымды бүтүрүп,
Мен, өзүм кабар кылайын.
Ошондо, куда болуп кой союп,
Кулдук уруп, той союп,
Кан атамдын алдына,
Айдап алтын, мал берип,
Айры өркөчтүү нар берип,
Анык күйөө болсун!, – де.
Сүрүп-сүрүп мал берип,
Сүйрү өркөчтүү нар берип,
Сүйгүнчүк күйөө болсун? – де.
Алтын, күмүш, зер берип,
Дүнүйөнү мол берип,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кан атамдын алдына,
Эчен түрлүү кул берип,
Анан мени алсын – де.
Мен, өзүм кылам жоопту,
Эми, тентектикти койсун, – де.
Айтып келгин Элчике,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Туура айтсаң Элчике,
Макул болот кебиңе,
Мен киремин эбиңе,
Деп», – Элчикеге кеп урду.
Элик сындуу Телкүрөң,
Темир таман үзөңгү,
Теппей чурап минди эми.
Бурама кайыш ак тизгин,
Бура тартып алды эми.
Кабарды каттан алды эми,
Элчикең, бургутуп жолго
салды эми.
Айчүрөккө келди эми.
Карындаш, айткан сөзүң
кабыл, – деп,
Чынкожо, Толтой кеңешип,
Кырк күнү уруксатты берди, –
деп,

Кырк күнү кызматын кылып
алсын,
Элчибек кетти үйүнө,
Чакырып келгин барып, – деп,
Айчүрөк бакчы жиберди,
Сары кыз барды шакылдап:
«Улуу, кары жеңелер,
Кичүү үкү сиңдилер,
Эжекем силерди чакырат,
Караңгыда шоодурап,
Караңгыда чакырып,
Алда кандай болду бул,
Чынкожо, Толтой камоолоп,
Зордук менен алабы?
Бул, экөө ач билектен алабы?
Камалап кирип келген бейм,
Капырай, ат сооруга салабы?
Олжолоп бизди алабы?
Мына, ушинтип болкулдап,
Он эки жубан, отуз кыз,
Басып барды элеңдеп.
Кандын кызы Калыйман,
Улуу-кары жеңелер,
Кичүү-үкү сиңдилер,
Бул, ажал жетсе өлөбүз,
Бул, кара бет долу эжемдин,
Мунун, кайсы амалын билебиз.
Кашына барып берели,
Эжемдин сөзүн угалы,
Сөзүнө кулак салалы,
Бар, – деген жакка баралы,
Кара бет долу эжемдин,
Эжелер, тилин алалы.
Баары, жогу шоодурап,
Он эки жубан, отуз кыз,
Бачайы көйнөк жоодурап,
Баарысы келди кашына,
Эми, улуу кары жеңелер,
Кичүү-үкү сиңдилер,
Коркпогула баарыңар,
Мен Элчикеңди жибердим,
Чынкожо менен Толтойго,
Арага барды Элчикем,
Кырк күнү кызмат кылайын,
Кызматымды бүтүрүп,
Өзүм кабар салайын,
Ошондо, куда болуп кой союп,
Кулдук, уруп той союп.
Ошо, кур чабышьш кубалап,
Анан, жайкашып куда болсун, –
деп,
Кан атам менен жайкашып,
Анан күйөө болсун, – деп,
Элчикемди жибердим,
Чынкожо, Толтой ушуга,
Макул алды кебимди.
Эпке кирди бул экөө,
Кырк күнү уруксаат кылды, –
деп,
Элчикем келди арага.
Он эки жубан отуз кыз,
Буга, кордук менен тийгиче,
Туубай туна чөгөйүн.
Тумшугу жок курган жан,
Бу көрөкчө өлөйүн.
Мен баргандардан кеп угам
Бала кыйын деп угам.
Келгендерден кеп угам,
Кербендерден сөз угам,
Бала кыйын, – деп угам,
Темиркандан келгени,
Темир кийген жоолорду,

Жеңип турат, – деп угам,
Таласка коргон урду, – дейт,
Караган журтун бай кылып,
Караган калың журтуна,
Калалуу коргон чеп болуп,
Таласка бала конду, – дейт,
Кылымга быйыл толду дейт.
Эми, эркек издеп келбесе,
Өзүм издеп барайын,
Басып барып тийейин.
Баатырсынган Чынкожо,
Бир эрдигин билейин.
Карылардан кеп угам,
Улуудан нуска сөз угам,
Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын кашында,
Алтымыш жорго айдатып,
Аяктай кебез байлатып,
Чоң баатыр менен кан атам,
Бел куда болгон, – деп угам,
Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын кашында,
Токсон торала жорго айдатып,
Томуктай кебез байлатып,
Чоң баатыр менен кан атам,
Бел куда болду, – деди эле,
Мына, эркек издеп келбесе,
Ары болсо он беш күн,
Бери болсо он күндө,
Кайра барып келемин.
Кең Талас көздөй барамын,
Балага кабар саламын,
Менин кылар ишим ушу, – деп,
Он эки жубан, отуз кыз,
Эми, мен бүгүн түнү кетем, – деп,
Эртең менен болгондо,
Кол чатырды колго алып,
Жорголорду жолго алып,
Менин ушул себимди,
Калыйманга кийгизип,
Сур жоргону мингизип,
Кол чатырды колго алып,
Жолго салгын баарыңар,
Сейилдикке чыгыңар.
Улуу суунун боюна,
Кичүү тоонун оюна,
Теректин башын бурушуп,
Өлөң айтып жеңишип,
Селкинчек оюн тебишип,
Сейилдикке чыккыла.
Кара кыз турсун кароолго,
Чынкожо менен Толтойго,
Шек алдырбай тургула.
Эми баарың кайтыңар,
Мен, кетемин бүгүн, – деп,
Анжыян менен Алайды,
Бир жагы Бээжин далайды,
Баарысын эми чаламын.
Учарына келгенде,
Бейшембинин күн билген.
Коноoруна келгенде,
Жуманын кадыр түн билген.
Он эки куйрук, он чалгып,
Жайкап алтын учту эле.
Башындагы мээлерин,
Чайкап алып учту эле,
Курк этип учуп алганда,
Куюн шамал салганда,
Өзү жайчы жан эле.
Караса көзгө илинбей,
Кай кеткени билинбей,
Абанын жели шыркырап,

Асмандагы жылдыздар,
Кыбыла көздөй быркырап,
Таң кашкайып нур чалып,
Макулуктар үн салып,
Тоо-шактын башы шыбырап,
Бөдөнө, торгой жыбырап,
Теректин башы шыбырап,
Жан-жаныбар кыбырап,
Тараза мыйзам батканда,
Таң кашкайып атканда,
Обого чыкты айланып,
Ак куу кебин кийди эле,
Курк этип учуп алды эле,
Куюн шамаал салды эле,
Канатынын куусуна,
Кара нөшөр куйдуруп,
Куйругунун куусуна,
Кургак шамаал жүргүзүп,
Өзү жайчы жан эле,
Күндү жайлап салды эле,
Бөксөнүн баары мөндүрлөп,
Жайлоонун баары жамгырлап,
Өстөн-өстөн коктулар,
Борошо уруп тыгындап,
Учуп жөнөп калды эле.
Обого чыгып ой-ойлоп,
Быягында чоң Бээжин,
Бээжиндеги Коңурбай,
Бу дагы кыйын эр деген,
Муну көрүп кетейин,
Табытыма бир жакса,
Буга тийип кетейин.
Ошо, Кыл-Эртыш көздөй
бет алып,
Күн төбөдөн өткөндө,
Так бешимге жеткенде,
Кыл-Эртишке барды эле.
Көл жакалай топтогон,
Көлдүн көгүн оттогон,
Көгала моюн сонору,
Сай жакалай топтогон,
Сайдын көгүн оттогон
Сарала моюн сонору,
Кошулушуп буларга,
Көлгө кирди курк этип,
Балыр тартып байпаңдап.

## КОҢУРБАЙ МЕНЕН ЖОЛУГУШУУ

Алачыктай чоң Ак куу,
Көлдө турат жайкактап.
Башын сууга малганда,
Балырды сууруп алганда,
Эки жагын каранып,
Көлгө кирип шарп этип,
Он эки чалгын он куйрук,
Күнгө салып таранып,
Эки жагын каранып,
Карай салса ар жагын,
Ит агытып куш салып,
Келаткан экен Коңурбай,
Алгара сындуу ат минип,
Кыл кара сындуу тон кийип,
Алооке кандын баласы,
Көк төрөнүн кенжеси.
Сынап калды бул жерден,
Муруту чөлдүн камыштай,
Мурду тоонун кыр таштай,
Көзү көлдүн быткылдай,
Көрүнгөндү жуткандай,
Атасында бата жок,

Энесинде нике жок,
Кылганында чала жок.
Кытайлардын Коңурбай,
Кылымда мындай неме жок,
Эки бетин караса,
Эгин салган айдоодой,
Жазы маңдай чокусу,
Эл жайлаган жайлоодой,
Алгараны чуратып,
Колундагы чоң канжа,
Кол ыштыктай уратып,
Алтындан кылган чоң канжа,
Чымчып салган тамеки,
Оор чейрек болуучу,
Оозуна түтүн толуучу,
Мурдунан чыккан түтүнү,
Кыл-Эртиштин боюна,
Жөө тумандай болуучу,
Алтымыш амбал кашында,
Сегиз аскер башында,
Жоого түшчү немедей,
Анжыяндын ак балта,
Ыргап белге чалыптыр,
Жоого тийчү немедей.
Кынама бою ок өтпөс,
Кынап кийип алыптыр.
Карап турса калганын,
Баш-аягы ат чабым,
Кытайлардын Коңурбай,
Бети кара чоң калдай.
Кытаты бар, беги жок
Андайы бар, беги жок
Атка минсе белги жок,
Муруттарын карасаң,
Бурган балта сабындай.
Аркасында ай далы,
Кара айгырдын жалындай.
Калталарын карасаң,
Кембагалдын кабындай.
Он эки мүчө тең экен.
Муруту буурул болуптур,
Карылык атка конуптур.
Карып калган айбы экен,
Ата, он эки мүчө тең экен.
Карып калган капырга,
Буга, тийип алчу неме экен.
Буга тийип нетейин,
Мындан учуп кетейин.
Кандын кызы качты, – деп,
Акылынан шашты, – деп,
Өрмө чидер буттанган,
Өгүздүн жоору жыттанган,
Өрө кийиз жазданган,
Текенин заары жыттанган,
Капырлардын чалына,
Кандын кызы тийди, – деп,
Калайык калың журтума,
Кепке кемтик боломун,
Сөзгө сөлтүк боломун.
Буга тийип нетейин,
Мындан учуп кетейин,
Буудайкандын Музбурчак,
Бу да кыйын эр деген,
Муну көрүп келейин.
Табытыма бул жакса,
Буга тийип кетейин.

## АЙЧҮРӨКТҮН МУЗБУРЧАККА ЖОЛУГУШУУСУ

Күн төбөдөн өткөндө,
Так бешимге жеткенде,
Таш коргонду жайлаган,
Кек бууданды байлаган,
Буудайкандын Музбурчак,
Таш котондун Ала-Көл,
Ала-Көлгө барды эле,
Көлгө конуп калды эле,
Эки жагын каранып,
Балырды сууруп алды эле,
Ала-Көлгө турганда,
Келаткан экен Музбурчак,
Ит агытып куш салып.
Кылычтын боосу бир кучак,
Кылымдан чыккан эр Бурчак,
Саадактын боосу бир кучак,
Сандыргалуу эр Бурчак,
Көк буудан сындуу ат минген,
Көк ырапал тон кийген,
Келишимдүү как Бурчак,
Он бешинде жолукса,
Олтуруп алчу эр экен,
Жыйырма беште жолукса,
Жылбай тийчү эр экен.
Отуз жашта жолукса,
Оолукпай тийчү эр экен,
Кырк жашында жолукса,
Кылчайбай тийчү эр экен.
Элүү жашта жолукса,
Ээликпей тийчү эр экен.
Алтымыш ашып калыптыр,
Атагөр карып калыптыр,
Жетимиш ашып калыптыр,
Жедеп кой карып калыптыр.
Сексенге жашы барыптыр,
Токсонго жашы толуптур,
Күч кубаты болуптур,
Ата, кайран неменин,
Он эки мүчө соолуптур,
Мурутунун агы экен,
Букарга кетер чагы экен,
Сакалынын агы экен,
Сапарга кетер чагы экен.
Карып калган айбы экен,
Каргандыгы болбосо,
Качпай да тийчүү эр экен,
Эми буга тийип нетейин,
Мындан учуп кетейин,
Тогуз уулдун кенжеси,
Бир кудайдын пендеси,
Элемандын эркеси,
Элемандын Төштүгү,
Бу да кыйын эр деген,
Муну көрүп өтөйүн,
Табытыма бир жакса,
Буга тийип кетейин,

## ТӨШТҮККӨ ЖОЛУГУШУ

Чоң ополдун Кең-Талаа,
Кең-Талаанын Ара-Көл,
Күн төбөдөн өткөндө,
Так бешимге жеткенде,
Ара-Көлгө конду эле,
Көлгө башын салды эле.
Балырды сууруп алды эле,
Байпаңдап оттоп турду эле.

Көлдө турган жеринде,
Чарайна сындуу тон кийген,
Чал куйрук сындуу ат минген,
Ит агытып куш салып,
Келаткан экен эр Төштүк.
Муну сынап олтурду,
Кынабына толтурду,
Он эки мүчө тең экен,
Кенебеген эр экен,
Колдорунун манжасы,
Ай балтанын сабындай,
Муруту чөлдүн камыштай,
Мурду тоонун кыр таштай,
Эки ийнин карасаң,
Эки кыдыр конгондой.
Эки бетин карасаң,
Эки даңгыт тойгондой,
Колдорунун салаасы,
Боз адырдын салаадай,
Айдалынын ортосу,
Жылкы салган талаадай.
Муруту буурул болуптур,
Карылык атка конуптур,
Эми, буга тийип нетейин,
Мындан учуп кетейин.
Маргалаңдын Малабек,
Кокондуктун Сынчыбек,
Кошун менен көрөйүн,
Намыска жетер эр болсо,
Экөөнү аңдап көрөм, – деп,
Байкап көрдү бул экөөн,
Одолуна жарабайт,
Бет-бетине жоо келсе,
Акылынан шашкыдай,
Кол куушуруп качкыдай.
Булардын көрдүм баарысын.
Коңурбайды баш кылып,
Музбурчак баатыр карысын.
Булардан маани болбоду,
Мунун эми баарысын,
Кынабыма толбоду,
Кыргыздын эли сыртта, – деп,
Кандын кызы Айчүрөк,
Уламадан укчу элем,
Чоң баатырдын жылкысын,
Калмактан алды, – деди, – эле.
Уругу кара буурул, – деди, – эле,
Чоң баатырдын жылкысын,
Кытайдан алды, – деди, – эле.
Уругу кызыл буурул, – деди, – эле.
Бу башка кандын малы бейм?
Алла таала нес берген,
Кудай таала дес берген,
Шай колдогон Айчүрөк,
Ойду ойлоп отуруп,
Акылга түштү ар кандай.
Кечээ чоң баатыр өлдү, – дегенде,
Чоң баатыр өзү өлгөндө,
Дөөлөр келип көмгөндө,
Каныкей кара кийгенде,
Семетей жетим калганда,
Ак ордосун чапканда,
Ошондо баатыр өлгөндө,
Баатырдан калган дүйнөнү,
Абыке, Көбөш бөлгөндө,
Таажы кийип, так минип,
Абыке, Көбөш өткөндө,
Абыке менен Көбөштүн,
Эрки колго тийгенде,
Айгырды сурап салган турбайбы?
Чоң баатырдын жылкысы,

Сурга чалган турбайбы,
Айгырды куладан салган
турбайбы?
Жылкысы кула турбайбы,
Камбар ата жарыктык.
Андан учуп жөнөдү,
Жерин байкап караса,
Кара-Буура Чаткалда,
Кайкалап ногой жатканда
Өлкөсүн байлар жайлаган,
Өлкөгө бээ байлаган
Ар жагында алты бээ,
Бетеге, чеп майын көр,
Касиеттүү кең Талас,
Бээ байлаган жайын көр,
Бетеге белден бураган,
Беделерин караса,
Ат боорунан жиреген.
Күрүчүн күздүк айдаган,
Күрмөккө атын байлаган,
Аргын, ногой көп кыргыз,
Жибек кийип буралып,
Жигити сулуу кыргыздын
Келеңкер чачпак кең соору,
Келини сулуу кыргыздын.
Баатырдын уулу Семетей,
Сураган журтун караса,
Кулу, бийи белгисиз,
Баары мырза, эли бар.
Кулун, тайы белгисиз,
Баары жорго, жылкы бар.
Эли, жерин сынаса,
Муну сураган журтун караса,
Уулу мурун кийиптир,
Баатырдын уулу Сетемей,
Урматы журтка тийиптир.
Кызыл күрө кийиптир,
Сураган журтун караса,
Мунун, кызматы журтка
тийиптир.
Кең-Кол, Талас жерин көр,
Баатырдын уулу Семетей,
Караган элин, жерин көр.
Баарын байкап отуруп,
Учуп жөнөп калды эми.
Оң тарабын караса,
Падышанын чоң күмбөз,
Үстүнөн кетип баратат,
Келме айтып ичинен,
Кайра тартты кылт этип,
Күмүштөй жүнү жылт этип.
Каркылдаган чоң Ак-Куу,
Кайра тартты кылт этип.
Падышанын чоң күмбөз,
Үстү менен мен кетсем,
Арбакка чети болбоймбу?
Падышанын арбагы,
Көрүнөө мени урбайбы?
Падышанын ак сарай,
Ак сарай ушу турбайбы.
Алды менен сызды эле,
Айланып учуп конду эле.
Бу шай колдогон Айчүрөк,
Кулбу деген сүрөөнү,
Куп жараткан ыйманды,
Тапаракет жат окуп,
Жаасын деген сүрөөнү,
Таң калгандай бат окуп,
Бу курманыңды куп билген,
Аптиекти жат билген,
Ошо кайнатабы Манаска,
Арбагы өткөн Таласка,

«Оомийин», – деп кол жайып,
Алакайды мол жайып,
Алакан жайып арыштап,
Кайнатасы Манастын,
Арбагына багыштап.
Дуба кылып турду эми,
Күмбөздү карап турду эми,
Чоң баатыр өзү өлгөндө,
Калайык журту көмгөндө,
Кан баласы Каныкей,
Кең-Колдун суусу ылай, – деп
Топурагы кумай, – деп,
Анжыяндын күл бото,
Алтымыш төөгө жүктөтүп,
Алтымыш бээнин сүтүнө,
Ылыйын суюк тиктирип,
Кышын куйду деди эле.
Кан баласы Каныкей,
Алтымыш эркеч майына,
Кыш бышырып бек салып,
Алты кылым өткүчө,
Турар бекен? – деп салып,
Анжыяндын ак мата,
Кыймалатып бек салып,
Алты кылым өткүчө,
Турар бекен? – деп салып,
Жетимиш эркеч майына,
Кыш бышырып бек салып,
Жети кылым өткүчө,
Жетээр бекен? – деп салып,
Кан баласы Каныкей,
Жасатты деген ушундай,
Баарын байкап алды эми,
Айланып учуп алды эми,
Жерди-сууну карады,
Жер өлкөсүн байкады,
Эми, баатырды кайдан табам, –
деп,
Карап турса асманда,
Береги, Тар-Көлдүн маңдай
жагында,
Баатырдын тиккен багында,
Төрткүлдүн төмөн жагында,
Төрөнүн тиккен багында,
Айгыр жалдын астында,
Үч-Кошойдун үстүндө,
Айыл турат байкаса.
Айылды карап сынаса,
Ат жыйналып калыптыр,
Эл чогулуп ал жерде,
Топ эле курап калыптыр.
Көпчүлүк жатат топурап,
Калың жыйын, топ кылып.
Жыйын кылып туруптур,
Жыйынга көзүн салды эми,
Семетей издеп айланып,
Түшүндө көргөн чорону,
Абайлап байкап караса,
Ал жыйындын ичинде,
Алды кийинин арытып,
Тегерете караса,
Семетей сындуу киши жок.
Кайда кетип калды? – деп,
Ойду ойлоп отуруп,
Акылына толтуруп,
Үйдү сынап калды эми,
Мейманкана беш үй бар,
Аштымкана из алты үй бар,
От жакпаган он үй бар,
Эшигинин алдынан,
Кермеден аты кетпеген,
Ак ордонун ичинде,

Жакындап пенде жетпеген,
Байкап карап отурса,
Уламадан угуучу,
Ошол Манастан калган ак ордо,
Капшытында бийлери,
Оюн ойноп жатуучу,
Ошо, Манастан калган ак ордо.
Эшигинин алдына,
Алтымыш таман чоң ордо,
Атасы баатыр Манастын,
Чоролору ичинде.
Ашык атып жатуучу,
Чындыгында ак сарай,
Ичине төрт миң киши батуучу,
Мына, үйдү сынап отурду.
Болсо төрө мында, – деп,
Добуш салды асмандан,
Айды карап барк этип,
Алачыктай чоң Ак куу,
Алтындай жүнү жарк этип,
Күндү көрүп барк этип,
Күмүштөй жүнү жарк этип,
Куунун үнүн укканда.
Туурда турган Ак шумкар,
Асманды карап барк этип,
Туурдан учту тарп этип.
Тажы кийип, так минип,
Жаткан экен падыша.
Ошол карап отуруп,
Бу, тап этине келди эле,
Көтөрбөй эми шумкарды,
Куунун үнүн укканда,
Бу туурдан учту барк этип,
Бу, Кууну көрсөм салам го?
Бу, куу буга жолукса,
Буюрса кууну алам го?
Кең-Колдо куу жок эле,
Бу, каяктан келген куу болду?
Кууну баатыр көрмөккө,
Эшикке чыкты койкойуп,
Көк нөкөр бутта чойкоюп,
Чыгып кууну караса,
Күн төбөдөн өтүптүр,
Так бешимге жетиптир.
Ободо турган жылдыздай,
Айланып Ак куу барк этип,
Ошол Ак куудай жүнү
жалт этип,
Бу, жолдоошунан ажырап,
Жалгыз калган куу экен,
Айланып келип алыстан,
Ооп келген куу белем?
Кеч убагы болуптур,
Бүгүн кетпейт бул жерден,
Айдын-Көл барып түнөйт ко?
Эртең Айдын-Көлдү чалбасам,
Жыйынды карап кан төрө,
Уруксат сөз кылды.
Жыйынды азыр таратып,
Сууну көздөй басты эми.
Ак жолборстой чамынып,
Намазына камынып,
Сууга басып барды эле,
Колун сууга малды эле,
Кол дааратын алды эле,
Жүзүн сууга малды эле,
Жүз дааратын алды эле,
Дааратын алып турганда,
Абадан ойноп чоң Ак куу,
Баатырды сынап турду эми.
Муруттарын караса,
Бурган балта сабындай,

Аркасында айдары,
Аргымактын жалындай.
Муруту чөлдүн камыштай,
Сакалдарын карасаң,
Сакалдары жайылып,
Муруттарын карасаң,
Чөптүн кылканындай сайылып.
Суугу Сырттын шамалдай,
Ысыгы жайдын ардактай,
Салкындарын карасаң,
Дарыя көлдүн шарындай.
Эки ийнин карасаң,
Эки баатыр конгондой.
Эки бетин карасаң,
Эки даңгыт тойгондой,
Алгана кара бөркү бар.
Төгөрөктүн баарысын,
Соромун деген эрки бар,
Оң бөйрөгү булк этбе,
Оңго бүлүк салгандай,
Сол бөйрөгү булк этсе,
Солго бүлүк салгандай.
Аркасына карасаң,
Кара кашка тынардай,
Алды жактан карасаң
Оонаткан мазар чынардай.
Болсо, болчу бала экен,
Тизелешип жоо келсе,
Чын кара көк эр экен.
Намысын колдон бербеген,
Ааламды бузар шер экен.
Он эки мүчө тең экен,
Адамдан артык эр экен,
Чынкожо менен Толтойдун,
Калың шаар Үргөнчтө,
Алардын камаганы бөйдө экен.
Чынкожо менен Толтойдон,
Бул кере карыш өйдө экен.
Ушуга түшө калсам, – деп,
Бир сүйлөшө калсам, – деп,
Кайра туруп ойлоду.
Адамзат кебин кийсем, – деп,
Айланып жерге түшсөм – деп,
Айланышып сүйөшүп,
Бет алдынан чыксам, мен,
Чапа кармап албайбы?
Өзү келген катын, – деп,
Нике кыйып салбайбы?
Чоң Үргөнчтү көрсөтпөй,
Мени камап койбойбу?
Ак куу кебин кийди, – деп,
Кең Таласка барды, – деп,
Басып барып тийди, – деп,
Чынкожо, Толтой укпайбы?
Семетейге тийди, – деп.
Менден кабар албайбы,
Чынкожо, Толтой ал жерде,
Калабаны салбайбы?
Менден кабар албайбы?
Таш коргонду талкалап,
Кум коргонду куйкалап,
Кан атам баатыр Акундун,
Койдой башын кеспейби?
Кан атамдын ал жерде,
Коондой ичин жарбайбы?
Кан атамды өлтүрүп,
Алар кумарына канбайбы?
Эми буга кезикпей,
Тараза мыйзам толгондо,
Жатаар убак болгондо,
Ак ордону бет алып,
Айылга жакын жакындап,

Тараза жылдыз батканда,
Аңдып карап турайын.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Эшикке чыгып келгенде,
Беттен кармап алайын.
Ошондон кабар алайын,
Кепке келсе Чачыкей,
Ошого акыл салайын.

## ЧАЧЫКЕЙ МЕНЕН АЙЧҮРӨКТҮН ЖОЛУГУШУ

Мунары күйүп баркырап,
Чырактан күйүп жаркырап,
Сакчылар сактап турганы,
Кароолчу карап турганы,
Ак ордону пааналап.
Чачыкей качан чыгат деп,
Чүрөктүн аңдып турганы,
Алтын шам, ак жаздык,
Алтоону бирдей жаздатып,
Колу-бутун тарттырып,
Төрөнү жаңы жаткырып,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Чоң каалга сом калай,
Салтанаты бир далай,
Туруп калды эшикке.
Сегиз күйүп сеңселип,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Пер тийгеңдей теңселип.
Оң колтуктан бир келин,
Сол колтуктан бир келин,
Асыл таштан чоң уштук,
Мис табакка салдырып,
Үч катынга алдырып,
Шаатемир кызы Чачыкей.
Чыгып калды муңайып.
Таңдын упа салгандай,
Эшикке чыкты кылайып.
Кара сурдун сулуусу,
Ургаачынын нурдуусу.
Чоң каалга зом калай,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Басып барды ар жакка.
Олтуруп калды ал жерге,
Заара кылып турду ошол.
Жылып аккан булакка,
Жыла басып барды эле.
Колун сууга малды эле,
Кол дааратын алды эле,
Жүзүн сууга малды эле,
Жүз даарат ын алды эле.
Илбирстей ичи тартылып,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Ийининен чачы артылып,
Жолборстой ичи тартылып.
Жонунан чачы артылып,
Бура тартып булактан,
Басып калды муңайып.
Баса берген жеринде,
Алтымыш күбөк сары алтын,
Акыректе жаркылдап,
Кандын кызы Айчүрөк,
Ай тийгеидей жаркылдап,
Жетимиш күбөк сары алтын,
Көкүрөктө шаркылдап,
Кандын кызы Айчүрөк.
Күн тийгендей жаркылдап,
Алдынан чыкты кашкайып,
Алтындай нуру тастайып,

Айланайын эжеке,
Аман-эсен жүрдүңбү?
Аман-эсен турдуңбу?
Кол алышып көрүшүп,
Учурашып калганда,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Чалкасынан кеткени,
Эй, эжеке не болду,
Кырымы кызыл жоолукту,
Төшүнөн сууруп алды эле,
Шуру бермет четинде,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Желпип калды бетине.
Үшкүрүп турду Чачыкей:
«Эй айланайын эжеке,
Менден талып калгыдай,
Эркек киши сен эмес,
Перинин кызы мен эмес,
Менден талып калгыдай,
Урдун кызы мен эмес,
Эркек киши сен эмес.
Мен адамзат кызымын,
Абай кылып кулак сал,
Мен айтайын чынымды,
Эми айтайын сырымды,
Кан Акундун шаарынан,
Качып чыктым эжеке.
Чынкожо, Толтой каарынан.
Үргөнчкө төрө барабы?
Көк лөлүгө бербей
Чүрөктү намысын алчуу балабы?
Айланайын эжеке,
Алып бергин төрөңө.
Алдыңдан кыя баспайын,
Артыңдан ушак айтпайын,
Отуң менен кирейин,
Күлүң менен чыгайын.
Убадамды берейин,
Көчкөндө төөңдү комдойун,
Өрүдө жүгүң оңдойун.
Эжеке, күнүлүк кылсам оңбойун.
Кололуу кумган колго алып,
Кол жуугучуң болойун.
Беделдуу кумган колго алып,
Бет жуугучуң болойун.
Кырк жылы сени сактайын,
Кырк жылда карып өлөрсүң,
Кыямат жолун көрөөсүң,
Ошол өлүм менен тирикте,
Кызматымды кылайын.
Алты күнү саа жатсын,
Анда-санда маа жатсын.
Жети күнү саа жатсын.
Эжеке, жериген күнү маа жатсын.
**ЧАЧЫКЕЙ:**
«Кызылды кийген тоңорбу,
Кыз кезинде эр издеген оңорбу?
Жашылды кийген тоңорбу,
Жаш кезинде түгөнгүр,
Эр издеген оңорбу?
Жүрөрүңө жер таппай,
Тиериңе эр таппай,
Эр издесең түгөнгүр.
Кокту жерге кирейин,
Сени, койчуларга берейин,
Жылга жерге кирейин,
Эр издеген түгөнгүр,
Сени, жылкычыга берейин.
Төрт саныңа төрт казык,
Төрт казыкты537 кактырып,
Төрт санындан кердирип,
Бооруңа тузду төктүрүп,

Сенин тирүүлөй кабырганды
сөктүрүп,
Кой, чубуртуп салбасам,
Ушундай кордук кылбасам,
Сен турбай ушул төрөмө,
Кожакун кызы Акбермет,
Ушу келген алсын, – деп.
Албай аны кетирген,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Артыңа күнү албайм, – деп,
Артылып камчы чаппайм, – деп,
Төрөмдүн, убада берген кеби бар.
Күбөлүккө өтүүчү,
Аргын, ногой эли бар.
Эрден калган эски күң,
Жолоочу жолун тоскон күң,
Жолго казан аскан күң.
Кербенчи жолун тоскон күң,
Кериге казан аскан күң.
Эр албаган эски күң,
Эр албаган сары күң,
Эрден калган кары күң,
Керүнгөндөн калбаган,
Кат акысын албаган,
Жандагандан калбаган,
Жан акысын албаган
Чачы куудай болгуча,
Эр албаган эски күң»,
Деп, – айтып бүтүп Чачыкей,
Билектен алып турганда,
Кандын кызы Айчүрөк,
Байкап көрчү Чачыкей,
Абай болуп аңдабай,
«Бул ойноп айткан кебиңби?
Же, чындап айткан кебиңби?
Же, сынап айткан кебиңби?
Аңдабай эже сөз урдуң,
Бул, айылыңа келген бөз арзан,
Алдыңа келген сөз арзан,
Аңдабай сөздү сүйлөсөң,
Кордукту өзүң көрөсүң.
Алдыңдан сөздү кетирсең,
Ажалдан мурда өлөсүң.
Эрге тийип алгансып,
Эрди билип алгансып,
Байга тийип алгансып,
Байды билип алгансып,
Айтып турган сөзүн көр.
Түндөгү эриң сеники,
Түбөлүк эрим меники.
Күнүмдүк эриң сеники,
Күнүгө эрим меники.
Мен жүрөрүмө жер таппай,
Мен тиеримe эр таппай,
Басып жүргөн жерим жок.
Алты кызыр кол берген,
Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын кашында,
Алтымыш жорго айдатып,
Чоң баатыр менен кан атам,
Бел куда болду, – деди эле.
Мен, төрөгө көрүнөө тийип
албасам,
Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын кашында,
Токсон жорго айдатып,
Томуктай кебез байлатып,
Чоң баатыр менен кан атам,
Бел куда болгон, – деди эле.
Алты кызыр кол берген,
Алла таала жол берген,
Акырет кеткен баатырдын,

Арбагын сыйлап олтурам,
Жети кызыр кол берген,
Кудай таала жол берген,
Кыямат кеткен чоң баатырдын,
Арбагын сыйлап отурам,
Кабарлап билген карылар,
Кайыптын кызы Чүрөк, – дейт,
Каршылашкан жер болсо,
Кара долу дүмөк, – дейт.
Билгендер айтат Чүрөк, – деп,
Билгендер айтыш кеп кылат,
Белсенген душман бет алса,
Бей жай долу дүмөк, – дейт,
Сен үчүн дүмөк салбасам,
Эртең ит агытып, куш салып,
Төрө мындай чыкканда,
Талаадан кармап албасам,
Баса тийип албасам.
Сени, салынды катын кылбасам.
Мен төрөгө көрүнөө тийип
албасам,
Кара көзүң ыйлатып,
Кара жаның кыйнатып,
Сени, тезекчи катын кылбасам,
Туубай туна чөгөйүн,
Тумшугу жок курган жан,
Бу көрөкчө өлөйүн.
Ит агытып куш салып,
Сейилдикке чыкканда,
Мен, ак була болуп жазылып,
Мен, көтөрүлүп басылып,
Мен, ак була болуп бурулуп,
Мен, алдынан чыгып кубулуп,
Ары-бери бастырса,
Нардай болгон Бууруулдун,
Ашыгына оролуп,
Толгой-толгой бастырса,
Тоодой болгон Бууруулдун,
Томугуна оролуп,
Ак була болуп албасам.
Анда канкор албаса,
Андан ары барбасам.
Алтын балык болбосом,
Кылт этип көлгө кирбесем,
Жамбы болуп жылт этип,
Алтын болуп кылт этип,
Кечүүдөн тосуп турбасам.
Мында канкор албаса,
Ак адырга чыкканда,
Кушун салып жайылып,
Адырга чыга бергенде,
Ак аркар болуп бөлүнүп,
Алдынан качып көрүнүп,
Туура тарта бербесем,
Мында канкор атпаса,
Кызыгыма батпаса,
Айдың-Көлгө барбасам,
Ак куу болуп турбасам,
Куйругум менен кум сайып,
Канатым менен көл сабап,
Башымды сууга малбасам,
Балырды сууруп албасам.
Ушунда кушун салбаса,
Ал жерден канкор албаса,
Ак-Инектен ашпасам,
Чоң-Үргөнчтү баспасам.
Үргөнчтө жаткан үч баатыр,
Үчөөнө кабар салбасам,
Таласка айдап келбесем,
Сен үчүн дүмөк салбасам,
Элиңе кыргын салбасам.
Үч баатыр келсе үстүңө,

Төрөнүн, бир эрдигин көрбөсөм,
Акылынан шаштырып,
Калкыңды жерден качтырып,
Сен үчүн дүмөк салбасам».
Котур төөдөй сөйкөнүп,
Коргошундай көйкөлүп,
Колдон чыгып Айчүрөк,
Курк этип учуп алганда,
Куюн шамал салганда,
Караңгыга кылт этип,
Алтындай жүнү жылт этип,
Ак куу кебин кийгенде,
Караса көзгө илинбей,
Караңгыда Айчүрөк,
Чачыкейдин колунан,
Кай кеткени билинбей,
Өзү жайчы жан эле,
Курк этип учуп алганда,
Куюн шамал салганда,
Өзөндүн баары мөндүрлөп,
Жайлоонун баары жамгырлап,
Өстөн-өстөн көк буулар,
Борошо уруп тыгындап,
Жердин баары тумандап,
Тоонун баары будуңдап,
Кара шамал дүркүрөп,
Будуң болуп чаңыттап,
Кара нөшөр шатырап,
Мөндүр жаап дыбырап,
Кара жамгыр шыбырап,
Тоонун башын торой жаап,
Ойдун башын орой жаап,
Кар аралаш будуңдап,
Кара жамгыр шуулдап,
Куюндап шамал дуулдап,
Жан жаныбар буюгуп,
Малдын баары куюгуп,
Босто жүргөн өрдөк-каз,
Караңгыда каңкылдап,
Караңгыда шуулдап,
Босто жүргөн өрдөк-каз,
Жай таба албай чуулдап,
Бороондон адам тура албай,
Жаандан киши чыга албай,
Малдын баары куюгуп,
Жан-жаныбар буюгуп,
Малдан адам ажырап,
Жан жаныбар шекиди.
Адамдын баары ойлонуп,
Күндүзү ачык түн бүркөк,
Борошолоп будуңдап,
Коңурбай келип калдыбы?
Же, күндү жайлап салдыбы?
Коңурдан минтил шек кылып,
Коңурбай келип калса, – деп,
Алда кандай жай болот?
Коңурбай чаап алса, – деп,
Орчун менен Кокондун,
Кимиси бизге бай болот,
Деп, – ойлоп көпчүлүк,
Мына, ушундай шекинди,
Тараза мыйзам батаарда,
Таң кашкайып атаарда,
Абанын жели зыркырап,
Асмандагы жылдыздар,
Кыбыла көздөй быркырап,
Булуттун баары сүрүлүп,
Тумандын баары түрүлүп,
Таң кашкайып атканда,
Тараза мыйзам батканда,
Күн кашкайып ачылып,
Жер суунун баары көрүнүп,

Тумандын баары бөлүнүп,
Эл чабуулдап мал карап,
Малын издеп табышты,
Жылкысын жыйып алышты,
Ай-күндүн баары басылып,
Тумандын баары ачылып,
Ошол жылкыдагы эки кул,
Канчоро менен Күлчоро,
Түндөсү чаңыт болду, – деп,
Босто жүргөн өрдөк-каз,
Айдың-Көлдүн ичине,
Жыш ургандай толду, – деп,
Биз абама баралык,
Абакеме айталык
Шумкарды бүгүн салалык,
Куш кызыгын көрөлүк,
Эки чоро жарышып,
Үзөнгүсү кагышып,
Абасына барышты.
Ак ордого киришип,
Салам айтып бүгүлүп,
Абасынын алдына,
Канчоро менен Күлчоро,
Таазим кылып жүгүнүп,
Олтуруп калды бул экөө.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Чоң самоорго чай коюп,
Эки чоро олтуруп,
Казы-карта, жал чайнап,
Кымызга кошуп бал чайкап,
Кызыл чайды шимирип,
Тамактанып болушту,
Тасторконду жыйдырып.
Он экиде Күлчоро,
Койкомдуу шоктуу бала эле.
Айланайын аба, – деп,
Мен айтайын сага, – деп,
«Түндөгү чаңыт болгону,
Тоонун башын торой жаап,
Ойдун баарын орой жаап,
Аңыр учуп аңкылдап,
Тоонун башы дуулдап,
Өрдөк-каздар каңкылдап,
Тоонун башы дуулдап,
Өрдөк-каздар чуулдап,
Айдың-Көлгө келиптир,
Карала соно өрдөк-каз,
Айдың-Көлдүн боюна,
Жыш ургандай болуптур.
Бүгүн кушту салалы,
Куш кызыгын көрөлү, – дегенде,
Андай болсо баатырлар,
Ат току, – деп шаштырды.
Семетей минтип айтканда,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Тура калып сөз урду:
«Төрөм, ай караңгы түн эмес,
Төрөм, шумкарды салаар күн эмес.
Арпанын башы жайыктан,
Ак жумуртка туюктан,
Алты аркан салса жетпеген,
Атасы менен апасы,
Айланып зоодон кетпеген,
Жети аркан салса жетпеген,
Атасы менен апасы,
Тегеренип кетпеген,
Ошол, түндөгү чаңыр болгондур.
Төрөм, шумкардын куусу болгондур».
Анда төрө сөз урду:
«Канчоро менен Күлчоро,

Чатыраш ойноп жаталы,
Чачыкейдей жеңеңдин
Кызыгына баталы», –дегени,
Күлчоро турчу кул беле,
Айланайын аба, – деп,
Мен айтайын сага, – деп,
Абаке, Ак-Сайдын башы
жайыктан,
Ак жумуртка туюктан,
Ой карагай Босого,
Карагайын кыйдырган,
Алдына шаты жыйдырган,
Көкөтөй эрке тойбогон,
Көрүнгөндү койбогон,
Көзү кара көк далба,
Үрпөгөй баштуу үнү ачуу,
Күптөгөнүн куткарбас,
Текөөрү темир көк аяк,
Тепкени өлгөн шум аяк,
Бүгүн кушту салбасак
Куш кызыгын көрбөсөк.
Жанактын чөбү толуптур,
Сарала өрдөк сонолор,
Жыш ургандай болуптур.
Абаке, катындын тилин алдыңбы?
Карып болуп калдыңбы?
Муну чоро айтканда
Ачуусу келди сурданып.
Чачы кетти кырданып,
Ошол, акшырая карады,
Айтып турган баланын,
Көңүлүнө кетти, – деп,
Ушу кайта келбесем,
Сени кер байталды мингизип,
Кементайды кийгизип,
Шаатемирдин шаарына,
Күнүнө сени жеткизем, – деп
Тура калды көк жалың.
Эшик ачып Күлчоро.
Нардай болгон чоң Буурул
Атадан калган ак каңкы,
Тай буурулга токуду.
Ачуусу келген көк жалың,
Темир кандуу үзөнгү,
Теппей чурап минди ошол.
Бурма кайыш ак тизгин,
Бура тартып алды ошол.
Эки чоро ээрчишип,
Бүгүн эрмек кылууга,
Ак шумкарды кондуруп,
Жонго салды баатырың,
Эки чоро, бир төрө,
Мындай узай бергенде,
Жүрөгү күйгөн долу күң,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Чыга калып эшикке,
Саймалуу саадак сары шым,
Сандыргалуу Күлчоро,
Салам айтам бери келчи,
Булгаары саадак сары шым,
Муңумду айтам Күлчоро.
Атыңдын башын бура тур,
Аяр кылып уга тур,
Айланайын күлүстөн,
Кой төрө сындуу ат минген,
Жакасы алтын жеңи жез,
Кош чаадан торгой көз,
Бадана сындуу тон кийип,
Мен калкыма барайын.
Колума таяк алайын,
Шаарымды көздөй барайын,
Шаатемирдин шаарына,

Айнектей сулуу бар болсо,
Саймалуу саадак сары шым,
Сандыргалуу Күлчоро,
Күлүстөн, калыңсыз алып
берейин.
Мен элиме барайын,
Элимден сулуу карайын.
Элимде сулуу бар болсо,
Сага, эмгексиз алып берейин.
Мындан ары сен барсаң,
Ат агытып, куш салып,
Айдың-Көлгө жеткенде,
Ак була болуп жазылып,
Көтөрүлүп басылып,
Ак була болуп бурулуп,
Алда нече кубулуп,
Ары-бери бастырса,
Нардай болгон Буурулдун,
Ашыгына оролуп,
Толгой-толгой бастырса,
Тоодой болгон Буурулдун,
Томугуна оролуп,
Ошол, ак була жатып калуучу,
Кул аке, ак буланы албагын,
Куржунуңа салбагын.
Ак буланы көргөндө,
Түрө кармап буланы,
Кайра ийинге тыга көр,
Оозуна ошол от союп,
Ыштап салып кете көр,
Андан ары барганда,
Жекендинин Чоң-Кечүү,
Чоң-Кечүүгө киргенде,
Алтын болуп жылт этип,
Жамбы жатып калуучу,
Жамбыны ботом албагын,
Куржунуңа салбаган,
Андан ары чыкканда,
Ак адырды аралап,
Ит агытып, куш салып,
Ак адырга барганда,
Ак аркар болуп бөлүнүп,
Алдыңдан качып көрүнүп,
Ак аркарды атпагын.
Андан ары кете көр,
Айдың-Көлгө барганда,
Ак куу болуп курк этип,
Алтындай жүнү жарк этип,
Башын сууга малуучу,
Балырды сууруп алуучу,
Байпаңдап карап туруучу,
Кууга кушту салдырба?
Кууну кушка алдырба?
Аман үйгө төрөмдү,
Алып келсең Күл аке,
Элимди көздөй кетейин.
Ушул сөздү укканда,
Сөзүн угуп Күлүстөн,
Абыкенин Актелки,
Бура тартып алды эле,
Бургутуп жолго салды эле.
Канчоро менен төрөгө,
Чукул жетип барды эле.
Келаткан экен төрөсү,
Андан мындан илдирип,
Канжыганы билдирип,
Балапан өрдөк, бала каз,
Барпырата алдырып,
Кара кашка чынарды,
Чыркырата алдырып,
Ак шумкарды салдырып,
Келаткан экен алдырып.

Күлчоро жетип келгенде,
Ак була болуп бурулуп,
Алда нечен кубулуп,
Ак була болуп жазылып,
Көтөрүлүп басылып,
Ары бери бастырса,
Нардай болгон Буурулдун,
Ашыгына оролуп,
Толгой-толгой бастырса,
Нардай болгон Буурулдун,
Томугуна оролуп,
Ак була жатып калыптыр.
Буланы көрүп Семетей,
Канчоро менен Күлчоро,
«Берегини алгыла,
Куржунуңа салгыла.
Атадан калган Ак олпок,
Этек жеңи тырышып,
Эскирип кетип баратат,
Чачыкейдей жеңеңдин,
Өз колуна бергиле.
Атадан калган Аколпок,
Бир септетип киели,
Жеңендин устаттыгын билели.
Муну көрүп алган соң,
Тура калып Күлчоро.
Аба, бул буланы албайын,
Муну куржунума салбайын,
Бул буланы алганда,
Семетей, журтта жаткан буланы,
Алып келди, – деп айтат,
Калайык элим көп журтум,
Журтта калган була, – деп,
Кепке кемтик кылбайбы?
Сөзгө сөлтүк кылбайбы?
Алтымыш ала жорго айдатып,
Анжиян базар барамын,
Алты кулач ак була,
Андан алып аламын.
Жетимиш-жээрде жорго айдап,
Жаргент базар барамын,
Жети кулач ак була,
Андан алып аламын,
Чачыкейдей жеңеңдин.
Өз колуна беремин.
Атаңдан калган Аколпок,
Бир септетип киемин.
Чачыкейдей жеңемдин,
Устаттыгын билемин,
Албаймын, – деп буланы,
Ак телкиге тез жетип,
Кайра тартып кетти эми.
Төрө карап буланы,
Алачыктай кара таш,
Каңтара тээп алдына,
Бастырып желип күлүстөн,
Алдыга кете берди ошол,
Кылчайып артын караса,
Сакым болуп көрүнүп,
Мунарык болуп бөлүнүп,
Таштан чыгып созулуп,
Асманга чыгып бараткан,
Аны көрдү Күлчоро,
Ой ойлобой эр чоро,
Жекендиге барды эми.
Жекендинин чоң кечүү,
Кечүүгө кирип барганда,
Алтын болуп жылт этип,
Жамбы болуп кылт этип,
Чөгүп калды кечүүгө.
Жамбыны көрө койгондо,
Бала төрө көк жалың,

Буурулдун оозун бурду эми,
Бура тартып турду эми.
Чоролор келди кашына,
Чоролор келип калганда,
Канчоро менен Күлчоро,
Берейин деген кулуна,
Белен кылат жолуна,
Бербейин деген кулуна,
Сатса да келбейт пулуна.
Жекендинин башынан.
Кербенчи кечкен турбайбы?
Бизден качып түн катып,
Күңөтай көздөй бет алып,
Караңгыда суу кечип,
Аты сууга жыгылып,
Куржуну аккан турбайбы?
Жайылмага келгенде,
Жамбысы сууга төгүлүп,
Бул жамбыны алгыла,
Жолго чалгын салгыла.
Аттын изи бар болсо,
Качкыңды кууп кармайлы,
Үмөтөй көздөй баргандыр,
Кармап келип калалы,
Санына чылбыр салалы.
Анда, макул аба, – деп,
Абыкенин Актелки.
Бура тартып бургутуп,
Жана жолду чалды эле,
Жакадан изин таба албай,
Алкымды көздөй барды эле,
Чалгын чалган Күлчоро,
Аттын изин таба албай,
Жолдун баарын чалдым, – деп,
Такалуу аттын изи жок.
Жолго салган киши жок,
Кана жаткан жамбы? – деп,
Актелкини чуратып,
Суугa кирди Кулчоро,
Абаке, жамбы дегениң,
Балык экен карачы?
Суу түбүндө ак чабак,
Суугa кирип сойлоптур.
Алтындай болуп ак чабак,
Абаке, айтканың балык
турбайбы?
Семетей, балыкчы болуп
кетти, – деп,
Кепке келтик болосуң,
Сөзгө сөлтүк болосуң,
Бул балыкты алганча,
Тайбуурулду саталы,
Сыр найзаны каталы,
Ак олпокту саталы,
Ак келтени каталы,
Ар кескенди саталы,
Ай балтаны саталы,
Боз кисени саталы,
Сегизин бирдей каталы.
Бул балыкты алганча,
Усталарды жыйдырып,
Болоттон кайырмакты ийдирип,
Абаке, бул сегизин саталы,
Чоң Кең-Колдун боюна,
Абаке, балыкчы болуп жаталы.
Балыкчы болуп калды, – деп,
Кепке кемтик болосуң.
Албаймын деп Күлчоро,
Аламандап дыр коюп,
Ак телкини бир коюп,
Тепсетип жүрүп кетти ошол.
Андан жүрүп калышып,

Ак-Адырга келишип,
Адырга кушту салышып,
Тоодакты мыктап алышып,
Бир кумарга канышып,
Тоодакты тоодон илдирип,
Ак шумкар жүрөт айланып,
Тээп өткөн тоодакты,
Чоролор жүрөт байланып,
Ал аңгыча болбоду,
Ак аркар качты бөлүнүп,
Алдынан аркар көрүнүп,
Аркарды көрүп Семетей,
Күлчоро ийиниңдеги Аккелте,
Ойлоп атсаң ой чагыр,
Кийикке атсаң кеп чагыр,
Ак аркарды аткының.
Анда Гүлүс кеп айтат:
«Абаке, ак аркарды атпаймын,
Кызыгына батпаймын.
Кайып экен жарыктык,
Тескеңдеги бадалга,
Жаңы тууп салыптыр.
Эгиз экен улагы.
Тоону көздөй кетпейби,
Абаке улактардын убалы.
Айланып бизге жетпейби?
Андан ары жөнөдү,
Айдың-Көлгө бет алып,
Айдың-Көлгө келгенде,
Көл жакалай токтогон,
Көлдүн көгүн оттогон,
Көк ала сонор ичинде,
Ак-куу турат кайкалап.
Көлгө башын салды эле,
Балырды сууруп алды эле,
Алачыктай чоң Ак куу,
Көрмөксөн болул майпаңдап,
Куйругу менен кум сабап,
Канаты менен көл сабап,
Таманы менен жер сабап,
Айды карап барк этип,
Алтындай жүнү жарк этип,
Күндү карап барк этип,
Күмүштөй жүнү жарк этип,
Оттоп турат чоң Ак куу.
Кууну көрүп көк жалың,
Алдырам, – деп жымыйтып,
Канчоро менен Күлчоро,
Береги кууну көрдүңбү?
Кууга кушту салалы,
Кекиртегин кыйдырбай,
Тирүү кармап алалы.
Айланайын аба, – деп,
Күлчоро айтып калды эми,
Буту-колун чор баскан,
Өзү карган куу экен,
Канат куйрук жулунуп,
Уя баскан куу экен,
Береги саздын ичинде,
Беш баласы бар экен.
Жумурткадан чегиптир,
Кызыл эт болгон кези экен,
Кууга кушту салбайлы,
Бу, уя баскан карган куу,
Муну төрөм албайлы.
Эми төрө болбоду,
Кууга кушту салам, – деп,
Кууну төрөм алам, – дейт.
Анда курган Күлчоро
Мына мындай сөз урду:
«Айланайын абаке,
Эртеден кушту сен салдың,

Кушуңду берчи колума.
Узун боосун жыяйын,
Кыска боосун кыяйын,
Төңгөлөгүн тагайын,
Текөөрүнөн кагайын.
Жаздырбай кушту алайын,
Буюрса кууну алайын,
Кекиртегин кыйдрырбай,
Тирүү ажыратып алайын.
Ак тайлактай өңөрүп,
 Чачыкейдей жеңеме,
Тартуу кылып барайын.
Ачууңуз келди жеңеме,
Ушул, кууну алып барып,
Абаке, жеңемди жайкап алайын,
Кушту берди колуна,
Баланы салды жолуна,
Ошол, узун боону кыйгын, – деп,
Кыска боону жыйгын, – деп,
Күлчоро жазгырбай жакшы алдыр,
Агасы турат даңкайып.
Куш колуна тийгенде,
Бет алган бойдон Ак куугa,
Абыкенин Ак телки,
Бура тартып алды эле,
Мына бургутуп жолго салды эле.
Карай салып төрөсү,
Ачуусу келип күүлөнүп,
Буурулдун оозун бурду эми,
Бу, кантээр экен бала, – деп,
Бурулуп карап турду эми.
Токтоосуз кетип баратат,
Абыкенин Ак телки,
Кабыктай жаран Ак тулпар
Созулуп кетип баратат,
Токтобосун билгенде,
Ачуусу келди арбайып,
Жүзү кетти саргайып,
Токтой албай көк жалың,
Мына, бура тартып качырса,
Кайберен качып кутулбас,
Туура тартып качырса,
Тулпарың качып кутулбас,
Кайыптан бүткөн Тайбуурул,
Бура тартып туруптур.
Алдындагы Тайбуурул,
Булуттай учуп созулуп,
Эбак кеткен телкиге,
Бурчатпай жетти кошулуп.
Кушту жулуп алды эми,
Шылдың кылып качтың, – деп,
Ачуусу келип арбайып,
Карабастан балага,
Айдың-Көлгө кирди эми.
Келсе куусу туруптур,
Көрмөксөн болуп байпаңдап,
Узун боону кыйды эле,
Кыска боону жыйды эле,
Төзгөлөгүн тартты эле,
Текөөрүнөн какты эле.
Качырып кирип Аккууну,
Шыпырып шумкар калганда,
Көк жалың жерин аларда,
Узун боосу жок экен,
Кыска боосу бар экен,
Алачыктай чоң Ак-куу,
Боодон кармап алганы,
Оң бармакка чалганы.
Баатырың жете бергенче,
Барк этип көлгө киргени,
Кушум өлүп кетет, – деп
Ак-куу сени албасам,

Мойнуңду жулуп салбасам,
Аламын, – деп бир коюп,
Алдыңдагы Тайбуурул,
Моюн түпкө бир коюп,
Төрөмдү, кел эле соруп
кетет, – деп
Алачыктай чоң Ак куу,
Көлдөн чыкты бар этип,
Канкорду карап чалкалап,
Ак шумкарды оң канаты
калкалап.
Курк этип учуп алганда,
Куюн шамал салганда.
Караса көзгө илинбей,
Кай кеткени билинбей,
Ала-Белди ашырып,
Ак шумкарды качырып,
Арбайып канкор турду ошо.
Кай кеткенин биле албай,
Кайгы тартып үч баатыр,
Жоо бөрүсү көк жалың,
Эки жагын каранып,
Койго тийген бөрүдөй,
Эрди башын жаланып,
Күлчорого күүлөнүп,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп:
«Мен, ак була көрсөм албадың,
Сен, Ак ууга кушту салбадың.
Не көргөнүң бар эле?
Не билгениң бар эле?
Мен, карыдан нуска сөз уккам,
Шарияттан кеп уккам.
Мен, мындай сөздү укпадым,
Ак шумкар колдон кеткени,
Ажалымдын жеткени.
Айткын бала чыныңды?
Угузгун мага сырыңды.
Тайбуурул арып өлгүчө,
Семетей карып өлгүчө,
Ак шумкарды таппасам,
Туубай туна чөгөйүн».
Тумшугу жок курган жан,
Ачуусу келип сурданып,
Чачы кетип кырданып,
Тебетейди көтөрүп,
Ачуусу келип арбайып,
Эки кашты караса,
Калем болуп чийилип,
Жазы маңдай ортосу,
Кош муштумдай түйүлүп,
Ажыдаар жүздөнүп,
Баатыр урушарга жоо таппай,
Урунарга тоо таппай,
Ак шумкардан ажырап,
Абыкени аймадым,
Көбөштү көргө кийирдим,
Ногой журтум ийирдим.
Кана убалы жеткени
Каныкей канкор өлгөнү?
Чоң атам болгон Жакыпты,
Абыке, Көбөш атамды,
Кыябына келгенде,
Катары менен сойгомун,
Кана убалы жеткени?
Кылычын мизин майладым,
Кыйыгына тийгенде,
Кырк чорону жайладым,
Кана убалы жеткени
Канакей канкор өлгөнү?
Карай салса абасын,
Ачуусу келип түрдөнүп,
Ажыдаар сүрдөнүп,

Сөзү катуу тийди эми.
Айланайын абаке,
Сенин жемелей турган эбиң бар,
Үйдөгү жеңемдин айткан
кеби бар,
Күн мурун билген Чачыкей.
Коноорун кандай бул билет?
Айтып бергин кушумду.
Илгери болсун жиним де.
Кушумду айтып бербесе,
Куйкасын тилип кум салгын,
Тамагын тилип туз салгын,
Кер байталды мингизип.
Кемантайды кийгизип,
Шаатемирге жеткиргин.
Абамдан кабар алгының,
Абамдан кабар болбосо,
Сары-Кол ылдый сала көр.
Сары абама бара көр.
Барып кабар ала көр.
Мунун ары жагы Бээжин чет
болгон,
Ортосунда баатырдын,
Жейрен Тазы чек болгон.
Эки чоро жарышып,
Үзөнгүсү кагышып
Ак ордого барышып,
Ат дүбүртүн укканда,
Төрө келатабы? – деп,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Үйдөн чыкты муңайып,
Карап турат кылайып.
Шаатемир кызы Чачыкей.
Мөймөлжүгөн аркар көз,
Алма моюн, түймө баш,
Кара сурдун нурдуусу,
Ургаачынын сулуусу,
Карай салса төрө жок.
Эки чоро келатат,
Жүрөгү көйгөй долу күң,
Толгоно басып токтобой,
Төрөсү жок жанында.
Жетип келип чоролор,
Күлчоро турчу кул беле,
Ээ, жеңеке, – деп айтып,
«Баары жогун таштады,
Күлчоро кепти баштады.
Жеңе Ала-Белди ашырдык,
Ак шумкарды качырдык.
Жөнүн билсең айтып бер».
Жеңе деген эмине?
«Сүйлөй бердиң тим эле,
Талаада эркек сен болсоң,
Үйдө катын мен болсом.
Кушту салган сен болсоң,
Үйдө зайып мен болсом.
Талаадан кушту качырсаң,
Үйдө карып не билет?»
Деп, – айтып баса бергенде,
Өрүм кылган булдурсун,
Чапса кулак туңдурсун,
Каяша берген катыңды,
Кайкалатып бүлдүрүп,
Эрден чыкчу катынды,
Эледеткен булдурсун,
Оң колуна имерип,
Ачуусу келген ойронуң,
Толгоно качкан долуну,
Кыр аркага жиберип,
Үстөмөндөп жыгылып,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Булдурсун тийген катындын,

Эси кетти элейип,
Каруусу кетти селейип.
Бүлдүркөн ала көйнөгү,
Бүчүдөйдөн бөлүнүп,
Камчыны шилтей калганда,
Асылкечтин айынан,
Курдаштыктын жайынан,
Борколдойдун Канымжан,
Чуркап жетип келди эле.
Кандай курган баласың?
Жеңеңди бекер урасың,
Абаң укса уят, – деп,
Камчыны жулуп алганы,
Борколдойдун Канымжан,
Кайтарып эки чаптырбай,
Ажыратып алды эле.
Борколдойдун Канымжан,
Колтугунан көтөрүп,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Эс ала түшүп жөтөлүп,
Сенин, Чынкожо кессин
башыңды!
Олжого, Толтой алсын башыңды!
Кан Толтой ойсун көзүңдү!
Чынкожо алсын өтүңдү!
Ак кажыр жесин этиңди!
Кан Толтой ойсун көзүңдү!
Көрбөсмүн сенин бетиңди.
Ушинтип айтып атканда,
Ажыдаар жүздөнүп,
Айбалтадай көздөнүп,
Катынга кайра күүлөнүп,
Ал аңгыча болбоду,
Ызырынып турганда,
Ак сакалын жайкалтыш,
Боз жоргосун чайпалтып,
Боз жоргосу кылтылдап,
Ак сакалы жылтылдап,
Арстан Бакай абакең,
Келе калды кашына.
Бул, опур-топур эмине?
Э балдарым, – деп айтып,
Чачыкей турат суналып,
Абасы Бакай, эр Бакай
Келинге көздү салды эле.
Эми келинди кепке алды эле.
Э, Чачыкей балам, – деп,
Туйган билген кеп болсо,
Айтып бергин өзүмө.
Балам билгин кебимди,
Айтып бергин кебиңди,
Жеңесин кайни уруучу,
Жеңеси сабыр кылып туруучу.
Балам көргөн билген кеп болсо,
Айтып бергин, мага, – деп,
Акылын өзүм табам, – деп.
Айланайын абаке,
Өлсөм дагы айтайык,
Өлбөсөм дагы айтайын,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Айтмак болду чындыгын,
Абасы баатыр Бакайга:
– Абаке, жылкы энеси Чубар бээ,
Жылкы атасы Тор айгыр,
Тор айгырды миниңер.
Жер ортосу Боз-Дөбө,
Боз-Дөбөгө чыгыңар.
Абаке, мен жолоочудан кеп уктум,
Шумкарды Айчүрөк алды, –
деп уктум,
Кабарын чоро укту эми,
Бура тартып Телкини,

Бургутуп жолго салды эми,
Эки чоро жарышып,
Үзөнгүсү кагышып,
Балырлуу көлдүн боюна,
Ала-Көлдүн оюна,
Абасына барышып,
Салам айтып бүгүлүп,
Абасынын алдына,
Канчоро менен Күлчоро,
Таазим кылып жүгүнүп,
Күлчоро туруп сөз урду:
«– Сүйүнчү аба! Сүйүнчү!
Аба, душманга болсун күйүнчү!
Суйкайган сулуу сеники,
Кыз кезинде шок деген,
Уламадан уккамын.
Кандын кызы Айчүрөк,
Кылымда мындай жок деген,
Абаке, карылардан уккамын,
Кандын кызы Айчүрөк,
Ургаачыдан шок деген,
Урумда мындай жок деген.
Учураша келгенде,
Бейшенбинин күн билет,
Коноoруна келгенде,
Жуманын кадыр түн билет.
Учарына келгенде,
Он эки куйрук он чалгын.
Кайрып алып учат, – деп,
Уламадан уккамын?
Ак-куу кебин кийгенде,
Айланып уча бергенде,
Курк этип учуп алганда,
Өзү жайчы жан эле.
Бөксөнүн баары мөндүрлөп,
Жайлоонун баары жамгырлап,
Күндү жайлап салат, – дейт.
Урумдан чыккан учкун, – деп,
Жайы ушундай деп уктум,
Кара сурдун нурдуусу,
Кара сурдун сулуусу,
Урумда мындай жок деген.
–Андай болсо чоролор,
Айттың эми чыныңды.
Угузба жанга сырыңды.
Каныкейге баргыла,
Уютуп салган октор бар,
Шириге салган дары бар,
Уй башындай коргошун,
Ок дарыны мол алып,
Ат башына арткыла,
Жай жаракты жай кылып,
Ай балтаны байланып,
Жоо жараңы жайланып,
Он төрт күлүк ат алып,
Ат алсаңар бат алып,
Эчкилүүнүн чатына,
Казыр айдап келгиле.
Азыгына алты бээ,
Жемишине жети бээ,
Жетип айдап келгиле».
Үйгө барбай канкоруң,
Чүрөктүн жайын укканда,
Чынкожо жайын укканда,
Жарагынын табында.
Эки чоро жарышып,
Үзөнгүлөр кагышып,
Энесине жай айтып,
Энеке жүрдүк, – деп айтып,
Кан Акундун шаарына,
Чоң Үргөнч дайра жерине,
Кан Акундун элине,

Бармай болдук эне.
Буюрса кудай жеңени,
Алмай болдук эне, – деп,
Жай жаракты жай алам,
Ай балтаны байланам,
Ошол жерде чоролор,
Жайың айтып жайланып,
Шаймандарын байланып,
Ак чатырды бүктөтүп,
Ак борчукка жүктөтүп,
Көк чатырды бүктөтүп,
Көк борчукка жүктөтүп,
Он төрт күлүк айдатып,
Ат айдаса бат айдап,
Айза салар мыктылар,
Союл чабар ыктуулар,
Баатыр кайда барат, – деп,
Каякты барып чабат, – деп,
Айзакерден мыктылар,
Сөз айтууга ыктуулар,
Жарагын жакын байланып,
Чоролор сырын айтаар, – деп,
Камынып турат баарысы.
Төрөсү айткан сөзү бар,
Айтып бербе чыныңды,
Угузбагын сырыңды,
Төрөнүн айткан сөзүнө,
Эки чоро чын айтпай,
Жүрү деп, бири кеп айтпай,
Улуксаатын кылышпай,
Атамдан кабар болбосо,
Абамдын сырын укпадык,
Силерди жүр деп айтпадык,
Ушуну айтып чоролор,
Күлчоросу кош алып,
Канчоросу ат айдап,
Калайык карап калды ошол.
Сыр айтпастан кетти, – деп,
Булар алда кандай болду, – деп,
Чоролору шайланып,
Айбалтасын байланып,
Айтпадыбы сырын? – деп,
Угузбады чынын, – деп,
Каныкейдин үстүндө,
Эл чогулуп калкылдап,
Уруксат сөзүн уга албай,
Бала төрө көк жалга,
Учурашыш бара албай.
Эки чоро ат айдап,
Элден чыкты бөлүнүп,
Элеси топ-топ көрүнүп,
Ал аңгыча болбоду,
Башкы сууда Бакай бар,
Бакайга кабар барыптыр.
Ак сакалы чүштөдөй,
Устуканы мистедей,
Ак сакалын жайкалтып,
Боз жоргосун чайкалтып,
Ак сакалы жылтылдап,
Боз жоргосу кылтылдап,
Калкына келип калды ошол.
«Калайык калың көп журтум,
Бала кайда барат, – деп
Кабарын алган барсыңбы?».
Калайык калкы сөз урду,
Баатырдын көрө албадык
көзүн, – деп,
Эки чоро келди, – деп,
Жарагын жанга байланып,
Ок дарысын мол алып,
Куржун көзү ок дары,
Ар бууданга артышты,

Чатырын бүктөп артышты,
Он төрт күлүк ат айдап,
Ат айдаса бат айдап,
Чоролор жолго салды, – деп.
Кабарын алган киши жок,
Мен артынан барайын,
Каякты көздөй кетти, – деп,
Абасы Бакай бартылдап,
Ак сакалы жаркылдап,
Элинен чыкты бөлүнүп.
Карыганда кан Бакай.
Элеси айдай көрүндү,
Семетей! – деп бакырып,
Күлчоролоп чакырып,
Баягыдан бакылдап,
Бакайдын үнү жакъшдап,
Бала төрө Семетей,
Буурулдун оозун бурду эми,
Бура тартып турду эми:
Айтты балдар токтоткун,
Абакем келет артымдан,
Абамдын сөзүн угалы,
Айланайын абакем,
Аттанып чыксаң ак жолтой,
Атышкан жоодо сан колдой,
Атамдан калган мурапы,
Абамдан бата алалы,
Анан бир жолго салалы.
Ушуну айтып баатырың,
Карап турду абасын.
Абасы чукул келди эле,
Бута атымдай келгенде,
Буурулдан ыргып түштү эле,
Эки колу боорунда,
Бала төрө Семетей,
Абасынын доорунда,
Салам айтып бүгүлүп,
Таазим кылып жүгүнүп,
Карап турду кашында.
Алик алып кан Бакай,
« Балам, кайсы жакка барасың?
Дүрбөлөңдү саласың,
Айткын балам чыныңды,
Угузгунуң чыныңды.
Балам, туурада бар душманың,
Коконду бузуп дилде алдың,
Касташкан жоону жай кылдың,
Сураган журтту ай кылдың.
Кайсы жакка барасың?
Ооган менен орчундук,
Семетей келди, – деп укса.
Булардын кошууну келип
калбасын.
Душманың баары уюшуп,
Аскерлери мол келип,
Орчун менен Кокондун,
Душмандарың мол келип,
Элиңди чаап кетпесин.
Алты күнү чабышып,
Бир кумардан канышып,
Бет алгыдай кулунум,
Кармашаарга алым жок.
Душманың келсе бул жерге,
Туу таландап урушуп,
Тулпар менен турушуп,
Сен келгиче кулунум,
Душманыңды тоскудай,
Абаңдын, баштагыдай табы жок.
Сен келгиче кулунум
Элиңди сактап тургудай,
Балам, абаңдын кадимкидей
чагы жок.

– Абаке, кайгы болбо өзүңчө,
Ажал жетсе өлүүчү,
Азап болсо көрүүчү,
Абаке, тобо теңир кудайга,
Кара сууда кеме жок,
Семетей аман, – деп укса,
Сага кайра айтаар киши жок.
Ак-Инекти ашамын,
Чоң Үргөнчтү басамын,
Кандын кара тоосуна,
Кароолго чыгып барамын.
Касташкан душман бар болсо,
Мен зордугун көрөмүн,
Ажал жетсе өлөмүн,
Өлбөсөм душман болсо көрөмүн,
Касташкан душман бет келсе,
Андай болсо өлтүрөм,
Акырет кеткен арстандын,
Келинин албай абаке,
Намысты кантип кетирем».
Айтканын Бакай билди эми.
«Кан Акун менин кайыным, – деп,
Үргөнчтү көздөй бет алып,
Билемин мунун дайынын, – деп,
Айчүрөк менин зайыбым,–деп,
Кан Акундун шаарына,
Казат курат турбайбы?
Чүрөктү эми алам, – деп
Намыс үчүң чыйралып,
Бара жаткан турбайбы?
Айланайын карагым,
Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын кашында,
Токсон бир күлүк айдатып,
Томуктай кебез байлатып,
Токсон күлүк үстүнө,
Кулдук уруп той союп,
Куржун көзү жамбыны,
Кулдук уруп бергемин,
Кийитин минтип кийгемин,
Атаң Манас барында,
Бийликти өзүм билгемин.
Атаң Манас өлгөндө,
Арбак урган Акун кан,
Бата кылып жай айтпай,
Ат желдирип келбеди,
Атаң Манас өлгөндө,
Арбак урган Акун кан,
Алакан жайып келбеди,
Уктум сенин жайыңды.
Эми атыңдык башын буруп тур,
Аяр кылып угуп тур,
Чалгынды барып чалууга,
Жолуңду баштап барууга,
Кадимкидей алым жок,
Душманың келсе бет алып,
Айза сайып тап берер,
Кадимкидей чагым жок.
Атаң Манас барында,
Эчен жерди көргөмүн,
Эчен жолду билгемин.
Кунан минип куш салып,
Куунап турган чагымда,
Курдашым Манас барында.
Кара ат минип жамбаштап,
Калайык калың кыргызды,
Камап турган чагымда,
Карсылдатып душманды,
Сабап турган чагымда,
Атаң Манас барында.
Үч карагай устунду,
Улап турган чагымда,

Үч Маргалаң, Коконду,
Сурап турган чагымда,
Атаң Манас барында,
Коконду бузуп дилде алдым,
Коркпой менден ким калды,
Атаң Манас барында,
Бээжинди бузуп дилде алдым,
Эркин четте ким калды.
Атаң Манас барында,
Көрбөгөндү көргөмүн,
Албаганды алгамын,
Атаң Манас барында,
Айланайын карагым,
Эчен жерди көргөмүн,
Мен барбаган кай калды,
Акырет сапар жай калды,
Көрбөгөнүм көр калды,
Көрдөн башка не калды.
Атаң Манас өлгөндө,
Дөөлөр келип көмгөндө,
Абыкенин тушунда,
Алда башка салганда,
Ар жорукка көнгөнмүн.
Өзүң бойго жеткени,
Эч жамандык көрбөдүм,
Ушул чакта өлбөдүм.
Ар кайсы жолдун аты бар,
Чийип койгон каты бар,
Мурутумдун агында,
Букарга кетээр чагымда,
Сакалымдын агында,
Сапарга кетээр чагымда,
Дуушар болдум кулунум,
Чалгыныңды чалбадым,
Баштагыдай чак болсо,
Ак бараңды асынып,
Тоорулда өзүм барбадым,
Сенин, туугандан чыккан
душманың,
Сенин, ичинде болоор
бышманың,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Элим дечү эр эмес,
Ишене турган неме эмес.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чыныгы көк эр ошо.
Кыябына келгенде,
Атып койчу эр ошо.
Туугандан чыккан душманың,
Абайлап жүргүн карагым,
Ичиңде болоор бышманың,
Буктурмада турбадым,
Бугуп, карап турбадым,
Аңдып кармап албадым.
Карып кеткен кезимде,
Дуушар болдуң кулунум,
Үргөнчкө баштап баргыдай,
Баштагыдай алым жок.
Карып калган кезимде,
Кадимкидей чагым жок,
Жолду каттап берейин,
Ошо, изин каттап кат алып,
Жолду каттап жат алып,
Ушу катты алгын», – деп,
Ушу катты алганда,
Ар кайсы жолдун аты бар.
Манастын уулу Семетей,
Каныкейден бата алды,
Кан Бакайдан кат алды.
Ногойдон он төрт ат алды.
Ак шумкардын артынан,
Айчүрөктүн зарпынан,

Кан Токойдун дартынан,
Учурганы шумкары,
Урушка минген тулпары,
Казатка артып ок дары,
Кармашаары Чынкожо,
Жүрүп калды көк жалың,
Он төрт күлүк ат айдап,
Аттын жайын айтайын.
Омурткасы ор Кула,
Маралдай көзүн жайнатып,
Башына үкү байлатып,
Чыпалактай ооздук,
Оозуна салып чайнатып,
Ак тайлактай каңгытып,
Ак шумкардай далбытып,
Орустан келген он төрт ат,
Орушан күлүк Буурул ат.
Абыкенин Ак телки,
Көбөш кандын Сур телки,
Суратып алган баякы,
Аты сур моюн Карала,
Уй куймулчак Сарала,
Текеченин Темир көк,
Акылмандын Кыл күрөң,
Чачыкейдин Койтору,
Каныкейдин кара кашка Аргымак,
Чыйырдынын Боз жорго,
Текечинин Жезбилек,
Тердебеген Көкала
Ногойдон чыккан сай буудан,
Жолдон чыккан жорго боз,
Күсөр жаак Койкоң боз,
Жекендин башын чалбаган,
Жетпеген жери калбаган.
Шоо-шактын башын чалбаган,
Шордуу жерди баспаган,
Караңгыда калт дебес,
Айза салса жалт дебес,
Он төрт күлүк ат айдап,
Жүрүп калды көк жалың.
Бөкөйдүн бөксө жол менен,
Бөрү баспас жол менен,
Оргуган аппак шор менен,
Отуз бир күндүк жол менен,
Жүрүп калды аябай,
Ат көзүнө карабай.
Акырдан жемди жегендей,
Үргөнчтү жердеп жүргөндөй,
Ажыбайдын карт Күрөң.
Жолго түштү чубуртуп.
Ошо Күлчоросу кош алып,
Канчоросу ат айдап,
Эки чоро Семетей,
Эки чоро ээрчитип,
Эрдик төрө кылмакка,
Тел козудай телчитип,
Буудандарды булкутуп,
Айдап келет жулкунтуп,
Он төрт буудан күлүктүн,
Жүрүп кеткен жерлери,
Кош арык болуп жоюлуп,
Тура калган жерлери.
Кемегедей оюлуп.
Алдыңдагы буудандар,
Адырдан түшкөн куландай,
Артындагы чаңдары,
Ойго түшкөн тумандай,
Жүрүп калды аябай,
Ат көзүнө карабай.
Кара булак суу келсе,
Кактырбастан айдады,
Кара аяк чөп келсе,

Чалдырбастан айдады.
Жүрүп келди бир жерге,
Ит ичпеген көл менен,
Куш учпаган чөл менен,
Жүлүндөй болгон Кара-Тоо,
Түптөп жүрүп калышты,
Тоо түгөнүн бел болду,
Жер түгөнүп чөл болду,
Мелмилдеген жер болду,
Ошо жерге келгенде,
Кеч эле кирип тим болду,
Эсеп кылып караса,
Ногойдон чыккан күндөрү,
Санаты кырктай күн болду,
Жай түгөнүп күз болду,
Тоо түгөнүп түз болду.
Ат арыктап тай болду.
Жегени аппак май болду,
Балдар кошту түшүр, – деп,
Өзү жайлуу жер экен,
Алты күнү жаталы,
Ат арытып алалы,
Жети күнү жаталы,
Ат сергитип алалы,
Анан жолго салалы.
Жүлүндөй болгон Кара-Тоо,
Көптөп кошту түшүрдү.
Төбөсү алтын чоң чатыр,
Кош колоңун түшүрүп,
Кермелерин чойдуруп,
Жибектен кылган бакан боо,
Тегерете тактырып,
Төбөсү бийик чоң чатыр,
Жез бурама казыгын,
Жерге мыктап кактыръщ,
Эми келип калгандай,
Жерине калкы конгондой,
Желени тартып салгандай,
Жергеси конуп калгандай,
Бала төрө Семетей,
Кенебеген эр немең,
Буудандарды жайдактап,
Канчоро менен Күлчоро,
Аса байлап баймактап,
Кермелерин чойдуруп,
Кемегесин ойдуруп,
Тукур бээни сойдуруп,
Чатыраш ойноп даң салып,
Чай кайнатып бал салып,
Дасторконду жай коюп,
Абтамага чай коюп,
Жатып калды баатырың.
Тараза мыйзам батаарда,
Таң кашкайып атаарда,
Бала төрө, көк жалың,
Оң жагына толгонуп,
Жанындагы эки кул.
Чукуранып ойгонуп,
Аркандан атын алдырып,
Адыр жерди чалдырып,
Кермеден атын алдырып,
Кери жерди чалдырып,
Кара суудан кандырып,
Кара тулаң шиберди,
Кайсаңдата чалдырып,
Суугa басып барды эле,
Колун суугa малды эле,
Кол даараtын алды эле,
Жүзүн суугa малды эле,
Жүз даараtын алды эле.
Ач арстандай чамынып,
Арстан төрө көк жалың,

Намысына камынып,
Басып барды чатырга,
Жоо бөрүсү көк жалың,
Жоону көргөн немедей,
Кандагайды шымданып,
Кара болду чынданып,
Кара бойду чынданып,
Телегей деген калканды,
Тегеретип алды эле,
Муну башка салды эле.
Жоону көргөн немедей,
Зоот деген темирди,
Сойлой кийип алды эле.
Чарайна деген ок өтпөс,
Чактай кийип алды эле,
Белдемчи деген темирди,
Белге байлап себилди.
Отко койсо токтобой,
Көптөн бери оттобой,
Кайыптан бүткөн Тайбуурул,
Атадан калган Ак каңгы.
Алдыңкы кашы карк алтын,
Качкан элик чокулуу,
Тайбуурулда токулуу.
Темир таман үзөнгү,
Теппей чурап минди эми,
Бурма кайыш ак тизгин,
Бура тартып алды эми,
Буурулду жолго салды эми,
Орто салып кыдырып,
Тайбуурулду аргытып,
Тар колтуктан суу чыгып,
Кең таноодон буу чыгып,
Кыл куйруктан буу чыгып,
Ак-Инектин белине,
Ээрдей болгон элеске,
Көк кайкалаң белеске,
Салып чыгып барды эми.
Атактын жели зыркырап,
Асмандагы жылдыздар,
Кыбыла көздөй быркырап,
Абанын жели зыркырап,
Кыбылага чуркурап,
Таң кашкайып нур чалып,
Макулуктар үн салып,
Теректин башы дылдырап,
Жан-жаныбар кыбырап,
Шоошактын башы кыбырап,
Бадана торгой быдырап,
Таң агарып атканда,
Тараза мыйзам батканда,
Кылычы кында кыңгырап,
Ай балта жанда шыңгырап,
Асаба колдо калкылдап,
Ак келте жондо шаркылдап,
Акеңдин уулу Семетей,
Кырга чыкты зыңгырап,
Бала төрө эр Семең,
Кенебеген эр немең,
Азан айтып, заңгырап.
Мекеден келген беш ажы,
Белен кылган ак теспе,
Сөөмөй менен кыдыртып,
Бармак менен сыдыртып,
Кулку деген сүрөөнү,
Куп жараткан ыйманды,
Табарекет жат окуп,
Жаасын деген сүрөөнү,
Таң калгандай бат окуп,
«Оомийин», – деп кол жайып,
Алаканды мол жайып,.
Атасы баатыр Манаска,

Арбагы артык Таласка,
Алакан жайып арыштап,
Атасы баатыр Манастын,
Арбагына багыштап,
Дуба кылып турду эми.
Бакайдыи берген ак кагаз,
Акылга түшө калды эми,
Өбөктөй түшүп эңкейип,
Кең соорусу деңкейип,
Чөнтөгүнө кол салып,
Катты сууруп алды эми.
Катты ачып бетине,
Мелтиреп карап калды эми,
Чыгып келген Сары-Бел,
Ак-Ийнектин бели эле.
Анын аркы багыты,
Акун кандын эли эле.
Ушу чыгып келген Көк-Кайкан,
Өзү жакшы бел экен,
Кароол карар жер экен,
Мурунку күнү кечинде,
Кароолчу белден кетиптир,
Чынкожо менен Толтойго,
Алдадан ажал жетиптир.
Кагазды карап отурса,
Кебез тоонун аржагы,
Кең Кашкардын бер жагы.
Опол тоонун ары жагы,
Ой Кашкардын бери жагы,
Туура кеткен бир жол бар,
Турпан кирген бир жол бар,
Кайра кеткен бир жол бар,
Кашкар кирген бир жол бар,
Бурулуп кирген бир жол бар.
Белден ары караса,
Каршы салган коосу бар.
Кароолго чыгаар тоосу бар,
Абасы берген ак кагаз,
Кагазды карап отуруп,
Ойго бекер толтуруп,
Ошо, Бакайдын берген каты экен.
Катын окуп отурса,
Ар кайсы жолдун аты экен,
Жолдун баарын билди эми,
Акылман кайран абамдын,
Каттап берген каты, – деп,
Абасына кубанып,
Мурутунан күлгөнү,
Ошол белде отуруп,
Боосун албай мойнунан,
Дүрбү салды эрмекке,
Жер өлчөмүн билмекке,
Куран канды куп билген,
Бала төрө Семетей,
Алты жашта окуган,
Жети жашка келегенде,
Молдо болуп отурган.
Сегизине келгенде,
Тамам окуу бүтүргөн
Тогузуна келгенде,
Бала төрө эр Семең,
Дарс окуган эр немең,
Ошо, дүрбүнүн жайын айтайын,
Атасы Манас өлгөндө,
Алптар келип көмгөндө,
Төрөдөн калган дүйнөнү,
Абыке, Көбөш бөлгөндө,
Каныкей кара кийгенде,
Семетей жетим калганда,
Таажы кийип, так минип,
Абыке менен Көбөштүн,
Сурагы колго тийгенде,

Манастан калган Ак ордо,
Кордукту салып катынга,
Кан апам айран калганда,
Кан баласы Каныкей,
Айласы кетип шашканда,
Темир кандын шаарына,
Жан соогалап качканда,
Атадан калган дүрбү жок,
Караңгыда Каныкей,
Кармай чыккан дүрбүнү,
Жалгызым аман болсо, – деп,
Кылымдын ченин алсын,–деп,
Капырга барса салсын, – деп,
Аман болсо жалгызым,
Казаттын ченин алсын деп,
Белдемчинин бүктөөгө,
Бекем бүктөп капшырган,
Энекеси Каныкей,
Семетейге тапшырган.
Алтын ооз, бото көз,
Бул айта берсе түгөнгүс,
Бул атадан калган чоң дүрбү,
Дүрбүнүн жайын айтайын.
Атасы баатыр эр Манас,
Алтымыш уста жыйдырган,
Акыл менен жаса, – деп,
Арбын жакшы келтирбей,
Алтымыш уста жадаган,
Кыябына келтирбей,
Кырк бир уста кыйналган,
Анжиянда Ак кожом,
Ак кожомду алдырган.
Бурап кесип бурдурган,
Турнабай келчү жерлерин,
Туура байкап ойдурган.
Анжиянда Ак кожом,
Өзү алып отурган,
Акылына толтурган,
Эчен алтын орогон,
Анжияндан Ак кожом,
Алыскы жерге жорогон.
Далай алтын орогон.
Бурапкесин бурдурган,
Турнабайын ойдурган.
Бурама келчү жерлерин,
Төкөр уста төгөгөн.
Айнек келчү жерлерин,
Төкөр уста Бөлөкбай,
Жайы-кышы өгөгөн.
Алтын менен күмүштү,
Аркы терки кактырган,
Адамзаат пендеси,
Абайлай көрүп жактырган.
Кетмен ооз чоң дүрбү,
Он эки бурап отурса,
Адегени артуучу,
Алты күндүк жерлерди,
Аны аркан бою тартуучу,
Бурап бурап отуруп,
Кылабына толтуруп,
Эр Семең чындап караса,
Сакым болуп бөлүнгөн.
Шыкаалап чындап караса,
Эр Семеңдин көзүнө,
Акыр заман көрүнгөн.
Боосун албай мойнунан.
Болжолу жок чоң дүрбү,
Сууруп алды койнунан.
Сактыяндан кабы бар,
Сандыргалуу чоң дүрбү,
Сары алтындан сабы бар,
Бой чалыш тумар кабы бар,

Болжолу жок чоң дүрбү,
Кармап алып сабынан,
Сууруп алды кабынан.
Бурап-бурап отуруп,
Көмүркөйдөй көк ташка,
Көчүктү коюп отуруп,
Кара көзгө койду эми,
Жер өлчөсүн көрөм, – деп,
Кайкалап карап калды эми,
Дүрбү салды көзүнө,
Калың шаар өзүнө.
Абай кылып кулак сал,
Канкордун айткан сөзүнө,
Кери жагын караса,
Керилиги кеткенби?
Жака жагын караса,
Сазык үпү секелек,
Учуп жүрөт селпейип.
Короолусу корооздой,
Корооздору көнөктөй,
Аюусу менен чөөсү,
Семизинен баса албайт,
Кашкулактай чөөсү,
Өлөңүнөн сазы көп,
Өрдөгүнөн казы көп,
Шатыра шатман күлкү, – көп,
Адыр тоосун караса,
Адыры тоодой сатылган,
Аркары койдой жайылган,
Будуру тоодой сайылгай,
Бугусу койдой жайылган,
Кулжасы ташта секирген,
Илбирси алган аркарды,
Адыр тоодо бекиген,
Шагыл тоосу шалдырап,
Эчки теке калдырап,
Илбесиңдүү жер экен.
Адыр-адыр тоолордон,
Аркары келип суулаган,
Бугусу тоодо чураган,
Булуңдун чөбү булаган,
Аркары тоодо чубаган,
Адырдын чөбү булаган,
Куланы кумда көлбөгөн,
Аркары тоодо төлдөгөн,
Куланы кумда бышкырган,
Жыланы өйдө ышкырган,
Жемиши жерде чачылган,
Доңузу жүргөн жерлери,
Кемегедей казылган.
Кара кулак шери көр.
Каманды көрсө качырган,
Жолборсундай эрин көр,
Жолборсу турат чамынып,
Карышкыры жабылып,
Балдары бар түркүктөй
Таранчысы бүркүттөй.
Бүркүттөрү үзүктөй,
Чырпыгын көрсөң чынардай,
Чьшчыгын көрсөң улардай,
Чымчыгынын үнүнө,
Чыдап адам тура албай,
Чулдугу турат чуңкуйуп,
Суу бүркүтү уңкуйуп,
Кек кытаны далбаңдап,
Суу бүркүтү калдаңдап,
Суу бүркүттүн оозунда,
Балыгы жүрөт салаңдап,
Булбулу тоодо таңшыган,
Булагы сайда ташыган,
Муңдуу адам жашыган,
Күкүгү тоодо таңшыган.

Булагы сайда ташыгай,
Муңдуу адам жашыган,
Күкүгү тоодо таңшыган,
Күңгөйдөн бубак ташыган,
Күйүктүү пенде жашыган,
Бүркүтү көктө таңшыган,
Бабырган жарда бакырган,
Үкүсү ташта чакырган,
Токойдо чили чыркылдап,
Ителги көктө баркылдап,
Түлкүсү өйдө жойлогон.
Мадыл менен сүлөөсүн,
Кубалашып ойногон.
Балтырканы билектей,
Маралдарын карасаң,
Мака кашка инектей.
Кожогаты бармактай,
Жалбырагы жаргактай.
Жөргөмүшү баштыктай,
Сарымсагын карасаң,
Айдап койгон аштыктай.
Мандалагы баштыктай,
Ышкындарын карасаң,
Айдап койгон аштыктай.
Боз үйүнөн чатыр көп,
Тим жүргөндөн баатыр көп,
Арт жагында кырк киши,
Айдап жүрөт кудайлап,
Айланайын бар кудай,
Жаратат экен ар кандай,
Жыланынын чоңун көр,
Алты кулач аркандай.
Жейренинин чоңдугу,
Карып калган аркардай.
Эртең менен жер көрдү,
Телегейин тең көрдү,
Бала төрө Семетей,
Жерди көрдү ар кандай.
Карап турат баатырың,
Кабагын салып заарланбай.
Эр Семең туруп наалыды,
Телегейди тааныды,
Өзүмдүн жерим болсо, – деп,
Аябай айтып наалыды.
Эми сол көзүнө койгону,
Оолжуп карап калганы,
Шаар жагын караса,
Капкалуу шаар чоң Үргөнч,
Какыраган сайын көр,
Кара малга жайын көр,
Атан төөдөн нары көп,
Алтын, күмүш дагы көп,
Кара малдан төөсү көп,
Карап турса баатырың,
Кабакта качкан күйөөнөн,
Токумунан ээри көп.
Тосуп жүргөн жээни көп,
Сур коёндон түлкү көп,
Шатыра шатман күлкү көп,
Кара жолу кагырап,
Арабасы шагырап,
Сарайы турат чакталуу,
Дүкөнү турат акчалуу,
Калайынан мизи арзан,
Катынынан кызы арзан,
Татымынан тузу арзан.
Бурап бурап отуруп,
Кылабына толтуруп,
Шаар жагын караса,
Чоң Үргөнчтүн оюнда,
Кичи Үргөнчтүн оюнда,
Улуу суунун боюнда,

Чоң көлдүн боюнда,
Кырдан түтүн бөлүнөт,
Кызарып чатыр көрүнөт,
Ойдон түтүн бөлүнөт,
Агарып чатыр көрүнөт.
Байкап карап отурса,
Ак асаба кызыл туу,
Айгайлаган ызы чуу,
Көк асаба кызыл туу,
Кай кайлаган ызы чуу,
Баягы каргашалуу Чынкожо,
Каргаша кейпи калыптыр,
Чынкожо, 'Голтой өзү акей,
Калың шаар Үргөнчтү,
Камап жаткан кези экен,
Тиктеп турду болкоюп.
Чынкожо менен Толтойду,
Каргаша келген экөөнү,
Кудай берсе буларды,
Катары менен сойсом, – деп,
Канына мыктап тойсом, – деп,
Баатырың ойлоп муну айтып,
Дүрбүнү салып имерип,
Капкалуу шаар кара бак,
Кылкылдаган алма шак,
Береги дүпүйүп турган алма бак,
Шаарга көздү салды эле
Шаарды карап алды эле,
Карап турса ал жерде,
Калдайган калың калаадан,
Бер жагында талаадан,
Бөлүнүп чыкты бир топ жан.
Абайлап баатыр караса,
Кандын кызы Айчүрөк,
Бейшемби күн он күнү,
Атасынын бабасы,
Угуучу элем карыдан,
Казатка жүрөр чоң күнү,
Ушу бүгүн төрө келер, – деп.
Калайык калың көп журту,
Барбагын бала, – деп айтаар,
Ага канкор болбойт ко?
Бүгүн чоң Үргөнчтү көрбөсө,
Азили аным оңбойт ко?
Шаардан чыкты бөлүнүп,
Кандын кызы Айчүрөк.
Жаркыны күндөй көрүнүп
Элинен чыкты бөлүнүп,
Элеси айдай көрүнүп
Жоргонун оозун бурушуп,
Он эки жубан, отуз кыз,
Чогулушуп турушуп.
Эми, Чүрөк сөз урду:
«Улуу, кары жеңелер,
Кичүү үкү сиңдилер,
Түндө бир жатып түш көрдүм,
Түшүмдө сонун иш көрдүм,
Түндө көргөн түшүмдө,
Кан атамдын төрүнөн,
Кара чаар ажыдаар,
Каршы чыгып жойлоду.
Жойлондусу коо болду.
Топурагы тоо болду,
Каарына чыдабай,
Канча аскер кырылды.
Саарын чачып ийгенде,
Сан-сан аскер кырылды.
Каарданып качырса,
Каарына чыдабай,
Кара шамал жел болду,
Калаадагы биздин эл,
Карап туруп дел болду,

Жедигердин береги,
Жер майышкан көп колу,
Желеги жерге бүгүлдү,
Жедигердин эр Толтой,
Кара Жакып келсин, – деп,
Катын балам алсын, – деп,
Кулдук кылып жүгүрдү,
Бул эмине болуучу,
Бул түшүмдү жоручу?
Кандуу суулар бөгөлдү,
Каралуу кара тоолору,
Бирине бири жөнөдү,
Бул эмине болуучу?
Бул түшүмдү жоручу?
Көсөө куйрук көк чунак,
Көк жал бөрү, туу чунак,
Төрдүн алдын жойлоду,
Карс этип иттер каппады,
Кайрылып адам чаппады,
Бул эмине болуучу?
Бул түшүмдү жоручу?
Кара чаар кабылан,
Калаанын ичин жойлоду,
Карс этип иттер каппады,
Кайрылып адам чаппады,
Бир пенде баш бакпады,
Калаанын ичин кандады,
Көчөнүн баары чаңдады,
Көчөдөн итти койбоду,
Калаанын баарын кандады.
Качырганын койбоду,
Канча канга тойбоду,
Бул эмине болуучу?
Бул түшүмдү жоручу?
Туурума конду буудайык,
Боор жүнү боз алтын,
Сырткы жүнү сыр алтын,
Чалгындары чылк бычак,
Туурума конгон буудайык,
Чабыры жылдыз буудайык,
Бул түшүмдү жоручу?
Мамыма буудан байланды,
Теппеген жерлер тебилди,
Мамынын башын кемирди,
Бул эмине болуучу?
Байлоодо туруп семирди,
Бул эмине болуучу,
Бул түшүмдү жоручу?».
Жубан кызды карады,
Кыз жубанды карады,
Баары жоруп айта албай,
Бачайы көйнөк шуудурап,
Баарысы турду жоодурап,
Отуз келин, отуз кыз,
Ортосунда Калыйман,
Кырк келин, кырк кыз,
Кызыл беттүү Калыйман,
Жашы он бешке жете элек,
Эркелиги кете элек,
Тура калып ордунан,
«Айланайын эжеке,
Жаза карап албасаң,
Жаман көрүп салбасаң,
Ушул айткан түшүңдү,
Өзүм айтып берейин,
Уруксат берсең эжеке,
Түндө көргөн түшүңдү,
Оңдоптур кудай ишиңди,
Ашык болгон кишиңден»,
Жаак чачы берметтүү,
Ичкен ашы шербеттүү,
Кандын кызы Калыйман,

Ийни салым, мойну кез,
Издеп тапкыч кара көз,
Сүйлөгөнү ширин сөз,
Түштү жоруй баштады:
«Түндө-түндө түш көрсөң,
Түндө сонун иш көрсөң,
Кан атаңдын төрүнөн,
Кара чаар ажыдаар,
Каршы чыгып жойлосо,
Кандуу калың жоо болсо,
Жойлондуусу коо болсо,
Топурагы тоо болсо,
Каарына чыдабай,
Канча аскер кырылса,
Саарына чыдабай,
Сансыз аскер кырылса,
Каарланып алганда,
Каарына чыдабай,
Кара шамаал жел болсо,
Калаадагы биздин эл,
Карап туруп дел болсо,
Жедигердин көп колу,
Желеги жерге бүгүлсө,
Жедигердин эр Толтой,
Кан жаным калсын, – деп,
Катын-балам калсын, – деп,
Кулдук кыльш жүгүрсө,
Келе турган жездекем!
Ажыдаардан кем бекен,
Жедигердин кан Толтой,
Буга жүгүнбөй турган эр бекен,
Көсө куйрук, көк чунак,
Көк жал боору туу чунак,
Төрүн алыл жойлосо,
Карс этип иттер каппаса,
Каршына пенде батпаса,
Кайрылып адам чаппаса,
Мажиктин уулу Күлчоро,
Күлчоро келе турганы!
Кара чаар кабылан,
Калаанын ичин жойлосо,
Карс этип иттер каппаса
Кайрылып адам чаппаса,
Камбардын уулу Канчоро,
Канчоро келе турганы!
Качырганын койбосо,
Канча канга тойбосо,
Эжеке, баатырлар келе турганы!
Анын несин айтасың,
Тууруң консо буудайык,
Текөөрү темир көк аяк,
Тепкенин алган шум аяк,
Ой карагай бозого,
Карагайын кыйдырган,
Алдына шаты жыйдырган,
Арпанын башы жайыктан,
Ак жумуртка туюктан,
Карматып алган Ак шумкар,
Качырганын куткарбас,
Үрпөгөй баштуу үнү ачуу,
Он эки туйгун он шумкар,
Буудайыктан кем бекен!
Мамыңа буудан байланса,
Теппей жерлер тердесе
Мамынын башын кемирсе,
Байлоодо туруп семирсе,
Тел маралдын баласы,
Кан жездемдин Тайбуурул,
Мамыңа келип байланып,
Тайбуурул келе турганы!
Эжеке, кан жездем келер күнүбү?
Келер күнү бүгүнбү?

Бүгүндөн калса төгүнбү?
Кан жездем келсе эжеке,
Агын суунун боюнан,
Алмалуунун оюнан,
Чоң Үргөнчтүн боюнан,
Жездемди тосуп баралы.
Түндүгүнө кой союп,
Түштүгүнө тай алып,
Кан жездем келер кез болсо,
Жездемди тосуп баралы,
Күйөөнүн жүзүн көрөлү,
Күйөөчүлүк сүрөлү,
Бул дүнүйө жалганда».
Муну көрбөй арманда,
 Калыймандан кат келди,
Калың кызга эп келди.
Кол чатырды колго алып,
Сарамжалды мол алып,
Табакка салып бал алып,
Каймакка бышкан нан алып,
Ууз кымыз жыйдырып,
Алтын ооз көөкөрдү,
Кол куржунга салдырып,
Күчү кетип калат, – деп,
Күчүлү туурап малдырып,
Түндүгүнө кой алып,
Түштүгүнө тай алып,
Тосуп калды баатырды.
Агын суунун оюна,
Кирип келди сулуулар,
Улуу суунун боюна,
Он эки жубан отуз кыз,
Кош көлөңүн түшүрүп,
Алтын боолуу ак чатыр,
Айды көздөй тиктирип,
Ай эсебин алыптыр,
Кандын кызы Айчүрөк,
Төрөмдүн келээр күнү бүгүн,
Алдын тосуп барыптыр,
Күмүш боолуу күн чатыр,
Күндү көздөй тигиптир,
Күн эсебин алыптыр,
Келээр күнү бүгүн, – деп,
Күзөп тосуп калыптыр,
Тең жармысы келинчек,
Терекке салып селкинчек,
Теректин башын буушуп,
Селкинчек оюн курушуп,
Он эки жубан, отуз кыз,
Күтүп жатат бул жерде.
Дүрбүнү жерден алды эле,
Көк жал туулган эр Семең,
Он эки бурап олтуруп,
Кулабына толтуруп,
Оң көзүнө койду эле,
Оолжуп карап калды эле,
Он эки жубан, отуз кыз,
Муну көрүп алды эле.
Чынкожо, Толтой эки дөө,
Аны көргөн эр Семең,
Келин кызды көргөндө,
Келин жандуу кыз акыш,
Кыйшая тартып күлдү эле.
Кенебеди эр немең,
Ак эмчек жубанды,
Абасы көрүп кубанды,
Кыш экенин билди эле,
Катын жандуу кыз акыш,
Кыйшая тартып күлдү эле,
Күлгөнүн чоро билди эле.
Ар жагында Күлчоро,
Аңдып карап турду эле,

Канчорого сөз урду:
«– Канчоро сен бирдемени
билдиңби?
Бирдемени көрдүңбү?
Не билиңди өзүңө?
Күлчоро, мен эч нерсе билбедим,
Сен эмне билдиң айтып бер,
Не көрүңдү көзүңө.
Сен көрбөсөң мен көрдүм,
Абакем тараза мыйзам батканда,
Таң кашкайып атканда,
Жоону көргөн немедей,
Жай жарагын жайланып,
Текеге чыкчу немедей,
Ай балтасын байланып,
Белге түштү болкоюп,
Дүрбү салып оңкоюп,
Абакем, эртең менен жер көрдү,
Телегейди тең көрдү,
Дүрбүнү салып отуруп.
Күйүт тарткан немедей,
Күлүмсүрөп күлбөгөн,
Күлгөнүн адам билбеген,
Аза күткөн немедей,
Арс этип абам күлбөгөн,
Күлгөнүн адам билбеген,
Абакем эминени көрдү деп,
Канчоро абам эминеге
күлдү, – деп,
Ар жагында абамдын,
Атыша турган кол бар бейм.
Ар жагында абамдын,
Сайыша турган жоо бар бейм,
Биз абама баралы,
Тосуп жаткан жоо болсо,
Аянбай найза саялы.
Атабыз Манас болгон соң,
Атага наалат келтирип,
Аянып кантип калалы».
Ушуну айтып Күлчоро,
Ак чатырды бүктөдү,
Ак борчукка жүктөдү,
Көк чатырды бүктөдү,
Көк борчука жүктөдү,
Он төрт күлүк ат айдап,
Аттын баарын бат айдап,
Алдындагы буудандар,
Адырдан түшкөн куландай,
Артындагы чаңдары,
Ойго түшкөн тумандай,
Буудандарын булкунтуп,
Эр өлгөндөй жулкунтуп,
Ээрдей болгон белеске,
Эки кайкы элеске,
Айдап чыгып барышты.
Кермелерин чойдуруп,
Кемегесин ойдуруп,
Аза байлап баймактап,
Буудандарды жайдактап,
Эки чоро жүгүрүп,
Энтелешип күйүгүп,
Салам айтып жүгүрүп,
Таазим кылып жүгүнүп,
Күлчоро туруп сөз айтты:
«Айланайын абаке,
Үйдөн бери чыкканда,
Аллага айтып ай туяк,
Ушу белден чалалы.
Түлөөнү аба өткөрүп,
Анан чалгын барсак», – деп.
Он экиде Күлчоро,
Өзү турчу кул эле,

Бээ союучу бешөөнө,
Кемегени ойдуруп,
Алдага айткан ай туяк,
Ак боз бээни сойдуруп,
Жан казанды астырып,
Май басарды бастырып,
Эки чоро, Семетей,
Чатыраш ойноп даӊ салып,
Чай кайнатып бал салып,
Автамага чай коюп,
Тамактарын жай коюп,
«Оомийин», – деп кол жайып,
Алаканды мол жайып,
Түлөөнү белден өткөрүп,
Күлчоро туруп сөз урду:
«Бакырайган көзүңдөн
Барга тоодой өзүңдөн,
Эртеӊ менен жер көрдүӊ,
Телегейди теӊ көрдүӊ,
Не көрүндү көзүӊө?
Не билинди өзүӊө?
Көргөн туйган кеп болсо,
Абаке, айтып берчи», – деп турду,
Сай бууданды минбеген,
Сайышып жоого кирбеген,
Буудандарды минбеген,
Булкушуп жоого кирбеген,
Найза жарак албаган,
Алышып жоого кирбеген,
Канчоро менен Күлчоро,
Жоо кадырын билбеген,
Толкутуп жоого кирбеген,
Канчоро менен Күлчоро,
Жоо кадырын билбеген,
Эки бирдей жаш бала,
Чынкожо, Толтой, – деп айтсам,
Жедигердин Толтою,
Өз билгенин бербеген,
Бет алышып жоо келсе,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Киши ордуна көрбөгөн,
Чынкожо, Толтой, – деп айтсам,
Чочуп кетер жаш бала.
Кестелүү калпа кеӊ чалбар,
Кеӊешим айтам жаш балдар,
Чоктолуу калпак чоӊ чалбар,
Көргөнүм айтам жаш балдар,
Дүрбү салып отурсам,
Кара-Суунун боюнда,
Чоӊ Үргөнчтүн оюнда,
Кара кызыл көрүнөт.
Калмактан келген кербен? – бейм,
Кербенчи келип конгон?– бейм,
Келишкен жолу болгон? – бейм,
Жүргүнчү келип конгон? – бейм,
Жүрарман жолу болгон? – бейм,
Өйүздөн келди бир топ жан,
Тааный албай болдум таӊ.
Суу боюнда жүрүптүр,
Түнөп калган уйбу? – дейм,
Бу отун алган кулбу? – дейм.
Талаадагы төөбү? – дейм.
Аярлыгын салган бейм,
Айчүрөк тосуп калган бейм.
Чардап жүргөн жерби? – дейм,
Же бизден кыйын эрби? – дейм,
Өйүздөн келди бир топ жан,
Биле албай койдум таӊ.
Торко кийген кызбы? – дейм,
Тосуп келген жообу? – дейм,
Буулум кийген кызбы? – дейм,
Бугуп келген жообу? – дейм,

Кылаба жабуу ак көпчүк,
Жубайдын ээри көрүнөт.
Кызыл ала кучман ээр,
Кыздын ээри көрүнөт.
Ургаачыдан узбу? – дейм.
Узгалуу Чүрөк кызбы? – дейм,
Издегени бизби? – дейм,
Бизге көөнү түзбү? – дейм,
Канчоро менен Күлчоро,
Сур телкини минсең, – дейм,
Суу боюна кирсең, – дейм,
Барып кабар алсаң, – дейм,
Ак телкини минсең, – дейм,
Катуу жолго салсаң, – дейм,
Жетип кабар алсаң, – дейм,
Канчоро менен Күлчоро,
Кимиң барсаң анын бар.
Миң кишилик алың бар.
Көк чунакты минип бар,
Абаке, Сур телкини минбеймин,
Суу боюна кирбеймин,
Актелкини минбеймин,
Кандуу жолго салбаймын,
Келин-кызга барбаймын.
Шойкомдуу жагым жок эле,
Уят боло албаймын.
Келин-кызды көргөндө,
Кыңшылап айтаар кеби бар,
Күлчоронун эби бар,
Караңгыда жол тапкан,
Капилеттен сөз тапкан,
Келин кызга келгенде,
Күлчоронун эби бар.
Чалып жолго барбаймын.
Айтып алар акым жок,
Доолап алар доом жок.
Чалып жүргөн жер эмес,
Барып жүргөн эл эмес.
Аякка аба барбаймын,
Кылыч берип жоого сал.
Жоону кырып бербесем,
Мойнумду кесип орго сал!
Чылбырына зым ороп,
Чыныгы бала Күлчоро,
Ээрине зым ороп,
Эрке бала Күлчоро,
Айланайын аба, – деп,
Мен айтайын сага, – деп,
Ашуусу бийик тоолор бар,
Агыны катуу суулар бар,
Алдымдагы Көк чунак,
Туягы мукур ит эле,
Агыны катуу суулар бар,
Агыны күчтүү суулар бар,
Агып өлсөм кантемин!
Алдымдагы Көкчунак,
Аргасы жок мал экен,
Тизелешип жоо келсе,
Өзү качкы ит эле,
Арманда өлсөм кантемин!
Айланайын абаке,
Он эки чыгар чагым бу,
Өлүмдөн качар табымбы?
Ага чоро барбаса,
Өлдү чоро десеңчи,
Ага барып келбесе,
Көмдү чоро десеңчи.
Ак болоттун тукуму,
Алманбеттин тукуму,
Абаке жаза карап албасаң,
Жаман көрүп салбасаң,
Буурулду берчи минейин!

Буулумду берчи киейин!
Чалгынга аба барайын,
Чалгынды өзүм чалайын,
Тебетей түрө кийишип,
Чечендери бир чыкса,
Чеченин сөзгө жыгайын,
Ат тизеге алайын,
Чалбырларын кийишип,
Буудандарын минишип,
Берендери бир чыкса,
Беренин эңип алайын.
Ат тизеге салайын,
Долоно найза алышып,
Так жүрөктөн алышып,
Жекеге чыкса эренин,
Жекесин сайып салайын,
Ат тизеге алайын,
Атты тизип отуруп,
Акун хандай баатыр кан,
Алыстан угам мен даңкын,
Атты жыйнап отуруп,
Кан Акундун алдына,
Калыңына берейин,
Абаке, жеңемди алып келейин,
Бербеймин, – деп айта албай,
Берендин көөнүн кайтарбай,
Барбагын, – деп айта албай,
Баатырдын көөнүн кайтарбай.

## КҮЛЧОРОНУН ТАЙБУУРУЛДУ МИНИП ЖӨНӨШҮ

Чечип берди буулумду,
Канжыгага кол жетпей,
Тоодой болгон Буурулду,
Ыйык жалга бой жетпей,
Темир таман үзөнгү,
Теппей чурап минди эле.
Атадан калган Ак олпок,
Үстүнө жаба берди эле.
Ат үстүнөн кийинип,
Он экиде Күлчоро,
Алдасына сүйүнүп.
Буурулду минип алганда,
Буулумду кийип алганда,
Бул дүнүйө жалганда,
Чородо болбойт арманда.
Ат арытып минбеген,
Ат кадырын билбеген,
Тон торутуп кийбеген.
Тон кадырын билбеген,
Айланайын Күлчоро,
Атыңдын башын буруп тур,
Тайбуурул жайын айтайын:
«Тай экенде тап алган,
Семетейге сактаган.
Колу коло болот, – деп,
Эки эли терисин,
Чылбыр кылып сүйрөткөн,
Башы чайкоо болот, – деп,
Кадамал жүгөн каттырган,
Май колтук болуп калат,
Окура олоң тарттырган.
Кулунунда кур эмген,
Алтымыш байтал тел эмген,
Жер алдына бактырган.
Жез кемпир көрүп жактырган,
Чөлдө туулуп, ташта өскөн,
Бул жылкыдан башка өскөн,
Кумда туулуп кумда өскөн,

Кулан менен бирге өскөн,
Айгыр карап бээ тууган,
Аягы менен тик тууган,
Туягында тура жок,
Тууган бээнин дайны жок.
Тоо таянып ташта өскөн,
Теке сындуу Буурул ат.
Атасы тоонун тобурчак,
Энеси чөлдүн аргымак,
Жабсар жагы жабыктай,
Жараганы кабыктай.
Ар мүчөсү бургудай,
Төрт туягы кыргыдай,
Үч кошкондун ортосу,
Чоң казан асса тургудай.
Кашка тиши кадоодой,
Кара тили бүлөөдөй,
Секиргени бүргөдөй,
Как чокусу кумгандай,
Кең соорусу кетмендей,
Кестей болгон көкүлү,
Көзгө ченеп керткендей,
Кең соорусу короодой,
Эки көздүн чуңкуру,
Казып койгон ороодой.
Жото жилик жонгондой,
Жонуна-киши конгондой,
Чаткаягы чаткалдай,
Үч кошкондун ортосу,
Төшөк салып жаткандай.
Жер согору болоттой,
Каңшаарлары челектей,
Асуулары тешиктей,
Таноолорун карасаң,
Түрүп койгон эшиктей.
Кумурска бел кулжа сан,
Кууганга минсе чаалыкпас,
Оркөчү минсе чарчабас.
Марал кулак, байтал баш,
Баасын адам айталбас,
Бутатым аңдар келгенде,
Буйдалбастан чураган,
Буудандыгын билгенде,
Буйдалбастан алтын берем, – деп,
Букардын каны сураган.
Бербей койгон ат эле,
Алты шаар акчасын,
Аламын, – деп жыйнаса,
Алты шаар акчасы,
Баасына жетпеген.
Аламын, – деп айылдан,
Аргындын каны кетпеген,
Тайбуурул менин бир атым,
Учуп жүргөн канатым,
Тайбуурулдан айырсаң,
Сынып калар канатым,
Чыгып калар уятым.
Айланайын Күлчоро,
Ар кимдин бир караган,
Жакшы көргөн малы бар,
Отко койсо токтобой,
Көптөн бери оттобой,
Кын этине келиптир,
Канаттуу менен жанашып,
Алдыңдагы Тайбуурул деп
Отуз эки таң ашты.
Алдыңдагы Тайбуурул,
Өрү жерге келгенде,
Өрү калган тайгандай,
Өкүм берип чыкчу эле.
Ылдый жерге келгенде,
Ыкыс берип кирчү эле.

Башынан алыс кетпегин,
Душмандын жытын алганда,
Мерген көргөн аркардай,
Эрди-башын жаланып,
Эки жагын каранып,
Кыл куйругу кылтылдап,
Кундуздай жүнү жылтылдап,
Кача берген аркардай,
Кайра тартып кылт коёт.
Башынан алыс кетпегин.
Чымын учса жылт этет,
Айланайын Күлчоро,
Маңдайында агы бар,
Мал да болсо багы бар.
Караңгыда жол жүрсө,
Кулагында шамы бар.
Акырындан бара көр,
Бузулуп кетээр майы жок.
Кашка тиши кабышып,
Казы алар чарым эт,
Кый сүбөгө жабышып,
Кыябына келиптир,
Акырындап бара көр.
Үстүңө кийген Ак олпок,
Каранын огу кайтпаган,
Бараңдын огу батпаган.
Кой чагыр жанып өтпөгөн,
Энекең кылган Ак олпок,
Аттын жайын айтты эле,
Тондун жайын айтты эле.
Тоодой болгон буурулду,
Бура тартып алды эле,
Бурулуп жолго салды эле,
Үч бутадай барды эле.
Шай колдогон Күлчоро,
Кайра тартып алды эми,
Кайрылып жолго салды эми.
Абасына келди эми:
«Айланайын абаке.
Чоро кайта келди, – деп,
Жаза карап албагын,
Жаман көрүп салбагын.
Менин сурай турган кебим бар,
Сенин айтып берчү эбиң бар,
Сенин угузуп көрчү сөзүң бар.
Мындан ары барганда,
Салам айтып сүйлөшүп,
Жай сурашып кеп уруп,
Теги жайың ким десе?
Мен, ата тегим ким деймин?
Абаке, ата тегим ким эле?
Абаке, жүрө бердим тим эле.
Жайланъш салам айтканда,
Атамдын жайын ким деймин?
Канчоро менен Күлчоро,
Айтып бербей мен жүрдүм,
Сурап албай сен жүрдүң.
Канчоро менен Күлчоро,
Мен айтайын чынымды.
Эми айтайын сырымды:
«Алдымда өбөк ага жок,
Менин артымда өбөк ини жок,
Канчоро менен Күлчоро
Экөөңөн башка белим жок.
Ай асмандын бурасы,
Сен экөөндүн алдыңа,
Абакең, айчылык кетсе ыраазы,
Күн асмандын арасы,
Сен экөөңдүн алдыңа,
Абакең, күнчүлүк кетсе ыраазы.
Киндик кесип кир жуугун,
Бир туугандай бирге өскөн,

Этек кесип, жеңи өскөн,
Теңтуш болуп бирге өскөн,
Киндик кесип кир жууган,
Канчоро менен Күлчоро,
Эми, мен айтайын чынымды,
Эми айтайын сырымды,
Ак-Мазардын оюнда,
Кең Кочкордун боюнда,
Кырк чорону кырганда,
Кыргын салып турганда,
Кылымда жалгыз калганда,
Кыркты кайдан кырдым, – деп,
Бир дөбөгө жыйдым,–деп,
Кылымда жалгыз калганда.
Пайдасы мага тийбесе,
Атама тийген пайдасы,
Коё бербей жайына,
Көзүмдүн жашы көл болуп,
Мурдумдун суусу чөл болуп,
Капа болуп турганда,
Асманда күндөр жарк эткен,
Сандык түшүп шарк эткен.
Көзүмдү ачып карасам,
Башык арска жөлөгөн,
Эки эркек баланы,
Аркы терки бөлөгөн,
Кырып салган кырк чоро,
Олутун, экөөң менен төлөгөн.
Абакең, алды-астына айланган,
Энекем, телкинин этин кактаган,
Төл бешик, – деп сактаган,
Энекем, куштун этин кактаган,
Канчоро менен Күлчоро,
Энекем, куш бешик, – деп
сактаган,
Ушул экөөң чоңойсо,
Бээжинге казат кылам, – деп,
Мелтиреген тосоктон,
Бойду азат кылам, – деп,
Ушул экөөң чоңойсоң,
Капырга казат кылам,–деп,
Калтыраган тосоктон,
Бойду азат кылам, – деп,
Мына, шул экөөң чоңойсоң,
Капырга казат кылам, – деп,
Калтыраган тосоктон,
Бойду азат кылам, – деп,
Мына ушул экөөң чоңойсоң,
Кытайдан байтал куубасам,
Коңурбайды баш кылып,
Кыркты өлтүрүп суубасам,
Мына, калмактан байтал
куубасам,
Калмактагы жайсаңдан,
Коңурбайды баш кылып,
Онду өлтүрүп суубасам,
Атамдын кунун куубасам,
Туубай туна чөгөйүн,
Тумшугу жок курган жан,
Бу көрөкчө өлөйүн,
Ушул, экөөң чоңойсоң,
Акырет кеткен арстандын,
Намысын жерин албасам»,
Деп, – жаман атты мингизбей,
Жаман ашты ичирбей,
Ааламды бузар шер кылып,
Экөөңдү, өзүмдөн артык
эр кылдым,
Атаңдын жайын айтайын,
Күлчоро, сенин абал атаң
Азизкан.
Азизкандын баласы,

Он жашында октолгон,
Он бешине келгенде
Тажы кийип так минип,
Чоң бээжинге кан болгон.
 Кандыгын таштап ал жерде,
Келген болучу пир үчүн,
Калыйпа Урум дин үчүн.
Ак пайгамбар зар үчүн,
Төрт чалыяр жар үчүн.
Акирет жайдын камы үчүн,
Тай боорундай кара кан,
Бээжинден келген кабылан,
Ошол, Азизкандын Алманбет,
Алманбет чыкты дегенде,
Ала-Тоо улуп пас болгон,
Агын суу улуп саз болгон
Ай кожо менен Күн кожо,
Корконунан бул экөө,
Кара сакал сарт болгон.
Чачы кара кумайык,
Бузулманга ылайык,
Чочогу, кесик түшкөн эмеспи,
Кулагы, тешик түшкөн эмеспи.
Азиз кандын Алманбет,
Тилегенин берген бул,
Тилегин кабыл кылган кул.
Арпа менен буудайга,
Аралаш чыккан эр эле.
Шарияттын бир жолун,
Талаша чыккан эр эле.
Бээжинде калган алтын так,
Азизкандын Алманбет,
Жаратканга дини ак.
Ошол, Алманбеттии баласы,
Акборчукту ойноткон,
Зоотчонду сойлоткон,
Кылыччанды кыйраткан.
Акборчукту минүүчү,
Азан түмөн кол келсе,
Ирмелбестен кирүүчү,
Алманбеттен Мажик, – деп
Өлүмдөн качпас тажик, – деп,
Мажиктин уулу Күлчоро.
Эми Канчоро жайын айтайын,
Басташканын жөөлүткөн,
Балта дөөнүн баласы,
Адамдын башкы ынагы,
Жоо дегенде сүйүнгөн.
Ат үстүнөн кийинген,
Узун бойлуу кең далы,
Ак балтанын Чубагы,
Кызыл чаар ат минүүчү,
Бээжинди жалгыз куурган,
Балтанын уулу эр Чубак,
Чубактын уулу кан Камбар,
Караңгыда жол жүрсө,
Карышкыр изин куткарбас.
Түн ичинде жол чалса,
Түлкүнүн изин куткарбас.
Түмөндүү баатыр эр Камбар,
Камбардын уулу Канчоро.
Менин жайым сурасаң,
Абал атам Бөйөн кан,
Бөйөн кандан Чаян кан,
Чаян кандан тараган,
Андан кийин Каракан,
Каракандан Тагай кан.
Тагай кандан Ногой кан,
Ногой кандан Жакып кан,
Жакып кандан Манас кан,
Манас кандан Семетей,
Ата тегим ушундай.

Эми, атыңдын башын буруп тур,
Карагым, аяр кылып угуп тур,
Алты катар ат тикти,
Аранды капшырдым.
Алтымышта Жакып кан,
Арбагына тапшырдым.
Жети катар ак тикти,
Желкеңди көздөй капшырдым,
Жетимиште Жакып кан.
Арбагына тапшырдым.
Алты Кызыр кол берген,
Алла таала жол берген.
Кан атам баатыр Манастын,
Арбагына тапшырдым.
Жети Кызыр кол берген,
Кудай таала жол берген,
Кан атам баатыр Манастын,
Арбагына тапшырдым.
Тилегенин берген кул,
Тиктегенин сайган кул,
Жараткан, алла бер кудай,
Тилегин кабыл кылган бул,
Бээжинден келген кабылан,
Өз атаң, баатыр Алманбет,
Арбагына тапшырдым.
Зоотчонду сойлоткон,
Кылыччанды кыйраткан,
Өзүңдүн атаң эр Мажик,
Арбагына тапшырдым.
Атыңдын башын буруп тур,
Аяр кылып угуп тур.
Каранын огу кайтпаган,
Бараңдын огу батпаган,
Койчагыр жадап өтпөгөн,
Атадан калган Аколпок,
Ак олпокту кийип ал.
Айлантып атса алты атар,
Тегеретсе жети атар,
Ойноп атса он атар,
Кийикке атса койчагыр,
Омбудан чыккан он орус,
Олжодон калган Аккелте
Асынып жүрсө Аккелте,
Айдалынын айнеги,
Атып жүрсө Ак келте,
Аманат жандын эрмеги.
Бейдаарат үйгө аспаган,
Эмгегинен жазбаган,
Тушамышы бир темир,
Тийген жери бир сеңир.
Асынып жүрсө Ак келте,
Айдалынын айнеги,
Атып жүрсө Ак келте
Аманат жандын эрмеги.
Бейдаарат үйгө аспаган,
Эмгегинен жазбаган
Тушамышы бир темир,
Тийген жери бир сеңир,
Короолу койдун башындай,
Октору сайдын ташындай,
Ак келтени жаныңа ал!
Атаңдан калган Ар кескен,
Ачуусу келсе тоо кескен.
Төкөр уста төгөгөн,
Жайы-кышы өгөгөн,
Уй майына сугарган,
Чолок уста Бөлөкбай,
Өз колунан чыгарган,
Капырды көздөй сундурса,
Өрттөй болуп кызарган.
Чоң кулач болуп узарган,
Ар кескенди жаныңа ал!

Какырайта сактаган,
Бискериге каптаган,
Атаңдан калган Ай балта,
Башына болот каптырган.
Эшик эңдүү Ай балта,
Тийген жери ырбаган,
Азиреил чырмаган,
Ууга салып сугарган,
Ай балтаны жаныңа ал!
Аргын кандын Ажыбай,
Атаңдан калган сыр найза,
Көк болоттун куймасы,
Көк карагай чыңгасы,
Аргын кандын Ажыбай,
Кызыл пилге комдогон,
Акылман атаң кан Бакай,
Балырлуу көлдүн боюнда,
Он эки күн домдогон,
Отуз күнү оңдогон,
Он эки түрлүү кырдаган,
Отуз түрлүү сырдаган,
Акыр заман убакта,
Жомокчулар ырдаган.
Тутам жерин ылдаткан,
Туткуйларын карасаң,
Алтын менен чырматкан,
Колдон түшмөй болот, – деп,
Коло менен кололоп,
Кош кара кыл тактырган.
Көгүн киши жактырган,
Копшоп койгон куу найза,
Кобулданган сыр найза,
Капырды көздөй сундурса,
Аркан боюу узарган,

## КҮЛЧОРОНУН ЖӨНӨӨР АЛДЫНДА, СЕМЕТЕЙДИН ТАПШЫРМАСЫ

Тийген жери ырбаган,
Азиреил чырмаган,
Сыр найзаны колуңа ал!
Жай жарагын жайланып,
Ай балтаны байланып,
Жөнөп калды Кулчоро.
Сундурул найза тартпаган,
Султан сындуу чунагым,
Тизелешип жоо келсе,
Манастан бөлөк айтпагын,
Оюнга жакын баласың,
Ойноп чоро кыласың.
Оёндо жаткан абаңды,
Бир балаага саласың,
Кызыгып ойноп каласың,
Кырдагы жаткан абаңды,
Бир балаага саласың.
Керидеги абаңды,
Бир балаага саласың,
Сен эми балалык кылып
албагын,
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Аңды-дөңдү карабай,
Башынан алыс кетпегин.
Жыгылып калсаң кокустан,
Тоого ойкуп чыкпасын,
Чынкожонун кароолу,
Кокустан көрүп албасын.
Чынкожо, абаңдын башын
кеспесин,

Капарсыз жаткан ногойдун,
Түнүн каран кылбасын.
Куурайлуу Кең-Кол жериме,
Курутуп Толтой барбасын.
Жылгындуу Кең-Кол жерине,
Жыргаган ногой элиме,
Чынкожо өзү барбасын.
Жылас кылып салбасын,
Тайбуурул колдон кеткени,
Абаңдын ажалынын жеткени.
Тайбуурулдан айрылып,
Арбай абаң жөө калса,
Ээр токумун көтөрүп,
Абаң, эңкейип кокус жөө калса,
Абаңдын өлгөнү эмей эмине?
Тайбуурул менин бир атым,
Учуп жүргөн канатым.
Тайбуурулдан айырмаң,
Сынып калар канатым.
«Омийин» – деп кол жайып,
Жеңил барып оор кел,
Бачым барып, бачым кел!
Бат эле кабар алып кел!
Жолоочу болсо жолго сал,
Анык сөзгө канайын,
Карга көрсөң кайта кел,
Карганын тилин айта кел,
Тосуп жаткан жоо болсо,
Токтобой кирип барбагын.
Толтойдун колу болбосун,
Тосуп кармап албасын.
Тозокко балам салбагын,
Чынкожо колу болбосун,
Чындап кудай урбасын,
Чогоол туулган чунагым,
Токтоп жаткан жоо болсо,
Токтобой кирип барбагын,
Тозокко балам салбагын.
Сундуруп найза тартпагын,
Султан тууган чунагым.
Тизелешип жоо келсе,
Эрдин жоодон качмагы,
Акылынан шашканы,
Шариятка туура эмес.
Ажал жетсе өлүүчү,
Азап болсо көрүүчү
Тобокелге салуучу,
Өлсө шейит болуучу,
Өлтүрсө казы болуучу,
Бачым барып, бачым кел!
Омийин, – деп кол жайып,
Алаканды мол жайып,
Бир кудайга жар айтып,
Пил баштаган нар айтып,
Жараткан алла жалга! – деп,
Жан олуя колдо! – деп,
Бата берил балага,
Баланы жолго салды ошол.

## КҮЛЧОРОНУН ЖӨНӨШҮ

Төрөдөн чыгып бөлүнүп,
Чоң ополдой көрүнүп,
Даңкандата бастырып,
Төрөдөн узап бөлүнүп,
Далдоо жерге киргенде,
Ат арытып мингенсип
Ат кадырын билгенсип,
Тон торутуп кийгенсип,
Тон кадырын билгенсип,
Куп этине келтирип,

Абакем, муну байласа,
Чалгынга жеке айдаса,
Тайбуурулду минейин,
Абакем атын көп мактайт,
Мунун Буурулдугун билейин.
Буудандыгын билейин.
Ар качан эми жоо келсе,
Абамдан сурап минем, – деп,
Ачуусу келди сурданып,
Чачы кетип кырданып,
Тебетейди көтөрүп,
Эки кашты караса,
Калем болуп чийилип,
Жазы маңдай ортосу,
Кош муштумдай түйүлүп,
Эки жагын каранып,
Бойго тийген бөрүдөй,
Эрди башын жаланып,
Урушарга жоо таппай,
 Урунарга тоо таппай,
Өрүм кылган булдурсун,
Чапса кулак тундурсун,
Оң колуна имерии,
Оң борбуйга жиберип,
Сол колуна имерип,
Сол борбуйга жнберип,
Камчы салбас кара сан,
Камчыланып алды эми.
Камчы тийген борбую.
Кере карыш чоюлуп,
Борбуйдан аккан канына,
Карга кузгун тоюнуп.
Эми, камчынын жайын айтайын,
Чачыкейдин кер торпок,
Эки энеге тел торпок,
Өрүмүн мындан салдырып,
Асый өгүз терисин,
Өзөгүнө кердирген.
Кер торпоктун терисин,
Теме кылып тердирген,
Өрүмчүгө өрдүргөн,
Көк торпоктун жаргагын,
Буруп-буруп ийлетип,
Бүлдүркөнгө тактырган,
Көргөн киши жактырган.
Өрүм жылан булдурсун,
Күн тийбестен как ыргай,
Сап кылдырган булдурсун.
Чокусунда чогу бар,
Өз күнүндө карасан,
Үч эли көк жал огу бар.
Камчы салбас кара сан,
Тайдай эти бөлүнүп,
Алдындагы Буурулдун,
Тарамышы көрүнүп,
Койдой эти көрүнүп,
Колоңсоосу бөлүнүп,
Үч бутадай барганда,
Чыргалай түшүп оңолуп,
Аксаганы жоголуп,
Эти ачынган кара сан,
Башын чайкап алды эле,
Көк булуттун алдынан,
Муундуу чөлтүн үстүнөн,
Буркурап учуп алды эле.
Эти ачыган Буурул ат,
Барган сайын артылып,
Маралдай ичи тартылып,
Жүргөн сайын артылып,
Жүлүндөй ич тартылып,
Эми кызып калды эле.
Балыктай оозун ачтырып,

Жол боюна чачтырып,
Даңканы жерди кастырып,
Жүрүп кеткен жерлери,
Кош арык болуп жоюлуп,
Тура калган жерлери,
Кемегедей оюулуп.
Какыраган кара таш,
Тескей жагын караса,
Балкылдаган сары саз,
Буурусун чийген чийин жок,
Суур казган ийин жок,
Айдай сары талаага,
Жүрүп кетип баратат.
Алтын така жез мыгы,
Тийген таштар быркырап,
Тамандан чыккан даңканы,
Төбөдөн алыс зыркырап,
Оозу менен алышып,
Эки колу карышып,
Канаттуу менен жарашып,
Эр азыгы эки бут,
Үзөнгүдө шалактап.
Эр чырагы эки көз,
Ак маңдайда алактап.
Ажыдаар жүздөнүп,
Айбаалыдай көздөнүп,
Кый сүбөгө жик салып,
Кыл этине келиптир.
Семиргени сүмбөдөй,
Секиргени бүргөдөй,
Как чокусу кумгандай,
Кара саат баланы,
Карактаса тунгандай,
Алдындагы Буурулдун,
Жабсар жалы кабыктай,
Жараганы кабыктай,
Ар мүчөсү бургудай,
Төрт аягы кыргыйдай,
Кең соорусу коргондой,
Эки көздүн чуңкуру,
Казып койгон ороодой.
Эңиш эңиш жерлерде,
Эликтей буту сайылып,
Үстүндөгү чунактын,
Этек жеңи жайылып.
Будур-будур жерлерде,
Бугудай буту сайылып,
Буурул аттын жал куйрук,
Асаба туудай жайылып,
Алып жүрүп баратат.
Көмөкөйү көнөктөй,
Азуулары чөнөктөй,
Кара болот ооздук,
Көмөкөйдө карс этип,
Таманы жерге тарс этип,
Каңшаарлары тепектей,
Таноолору эшиктей.
Буурулду минип булкунтуп,
Алы жетпей оозуна,
Эри өлгөндөй жулкунтуп.
Токтото албай Буурулду,
Алдындагы Тайбуурул,
Ала качып отуруп,
Кара-Суунун боюна,
Баткакка барды тыгылып.
Эки мөңкүп, бир булкуп,
Алдындагы Тайбуурул,
Баткактан чыкты суурулуп.
Үстүндөгү чунактын,
Заманасы куурулуп,
Ак болотун дат кылып,
Ошо жерде Күлчоро,

Аты менен ант кылып.
Көк болотун дат кылып,
Аты менен ант кылып.
Жаныма жапа келбесе,
Бул өңдөнүп бек чапсам,
Жаныбарым Буурул ат.
Төбөсү бийик көк урсун!
Жаныма жапа тийбесе,
Төшү түктүү жер урсун!
Ак барандын огу урсун!
Ак келтенин чогу урсун!
Кан атам баатыр Манастын,
Арбагы кошуп дагы урсун!
Токтотуп алып баткактан,
Маңкаңдата бастырып,
Даңкаңдата желдирип,
Кирип барды Үргөнчкө.
Үргөнч деген суу экен,
Үстү аппак буу экен,
Уккан элге дуу экен.
Талгардын суусу ташыптыр,
Тал башынан ашыптыр.
Үч арал Үргөнч суу болгон,
Уккан элге дуу болгон,
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Жаткан экен чоң Үргөнч,
Адам болуп сүйлөнүп,
Бул Үргөнчтү ким көргөн,
Ай караңгы түн көргөн.
Сууну көрүп Күлчоро,
Боконо жүрөк болкулдап,
Үргөнчтүн түрүн көргөндө
Кандай кечип барам, – деп,
Өйүз жагын карады.
Келин-кызды көргөндө,
Катын жандуу кыз акыш,
Оттой көзү жайнады.
Кечпей кетсем билет, – деп,
Кесепеттүү абамдын,
Кечээки мага бергени,
Мага кайдан тиет, – деп.
Өйүздөгү кыздарга
Барбай кетсем билет, – деп,
Балакеттүү абамдын,
Баягы берген батасы,
Мага кайдан тиет, – деп.
Мөңгүнүн баары бузулуп,
Сары суулар кошулуп,
Карагай менен сал агып,
Кайың менен тал агып,
Эки жагы шар агып,
Ар жыгачтын баары агып,
Бурулуп аккан жеринен,
Муз туруштук бере албай,
Тушуна адам келе албай,
Толгонуп аккан жеринен,
Оттой көзү жайнады.
Он эки жубан, отуз кыз,
Көрө коюп жардады.
Береги кантип кечет, – деп,
Кечсе агып кетет, – деп,
Бизге кайдан жетет, – деп,
Үргөнчтүн суусу бул болсо,
Кантип кечсин ушу, – деп,
Жардап кыздар турушту.
Күлчорого күүлөнүп,
Күкүк болуп сүйлөнүп,
Жаткан экен чоң Үргөнч.
Очогорун оттогон,
Үргөнчтүн жайын укканда,
Кербенчилер токтогон,
Кирип келди Үргөнчкө.

Төө өркөч болуи бөлүнүп,
Тоодой таштар көрүнүп,
Уйдай таштар калдырап,
Койдой таштар шылдырап,
Жаткан экен чоң Үргөнч.
Ары четин караса,
Көл арыктай мелмилдеп,
Бери четин караса,
Ысык-Көлдөй жылтылдап,
Имерилип оң агып,
Иледен канча чоң агып,
Тегеренип оң агып,
Те деңизден канча чоң агып,
Көк улары коолдоп,
Тал кайыңдар шуулдап,
Жаткан экен чоң Үргөнч.
Өйдө жагын карабай,
Өлөмүн, – деп санабай,
Он экиде Күлчоро,
Алды жагын карабай,
Өлөмүн, – деп санабай,
Он экиде Күлчоро,
Алды жагын карабай,
Агамын, – деп санабай,
Алда кудай, алда, – деп,
Атам Манас колдо, – деп,
Колдоор күнүң бүгүн, – деп,
Бүгүндөн калса төгүн, – деп,
Жардын башын уратып,
Тайбуурулду чуратып,
Кирген жерде жоголуп,
Астындагы Тайбуурул,
Жоголо түшүп оңолуп,
Суу түбүндө кан Кожо,
Кан Кожодон бата алган,
Кайыптан бүткөн Буурул ат,
Суунун агынын көздөй
маталган,
Мына, ажалы жетип өлбөдү.
Мажиктин уулу Күлчоро,
Агымы катуу Үргөнчтү,
Ит үргөнчө көрбөдү.
Бурма кайыш ак тизгин,
Алдындагы Буурулду,
Кыя тартып чойгулап,
Туура келген дөңгөчтү,
Сыр найза менен койгулап,
Алдыңдагы Тайбуурул,
Кең соорусу каңкылдап,
Ыйык жалды ашырып,
Кең сооруну бастырып,
Суу түбүндө кан Кожо,
Кан Кожодон бата алган,
Кайыптан бүткөн Буурул ат,
Суугa салса чөкчөгөй,
Кайык экен Тайбуурул,
Ташка салса муңбаган,
Кең соорусу жайкалып,
Суудан чыкты кайкайып.
Алтын така жез мыгы,
Күнгө тийип жылтылдап,
Алдындагы Тайбуурул,
Суудан чыкты калтылдап,
Булгаары тердик, көк ичмек,
Бурчунан суусу былчылдап.
Алдындагы Тайбуурул,
Суудан чыкты кылтылдап.
Карай салса өйүздө,
Көчкөндөгү көрктүүлөр,
Көк сүлөөсүн бөрктүүлөр,
Булар тосуп калыптыр.
Каалгадай тиштүүлөр,

Көк сүлөөсүн бөрктүүлөр,
Булар тосуп калыптыр.
Буларды карап койбоду,
Андан ары баратса,
Сыпайы кызы сыныктар,
Суудай каштуу тунуктар,
Булар тосуп калыптыр,
Муну көзгө илбеди,
Сугатчынын сугалак,
Суудан балык кубалап,
Булар тосуп калыптыр,
Аштыкчынын аркар көз,
Алар тосуп калыптыр,
Бектин кызы Бегимжан,
Мелтиреген сулуудан,
Топ-топ тосуп калыптыр.
Кандын кызы Канымжан,
Калтардай болгон сулуудан,
Үч бөлүнүп калыптыр.
Жубандардын башчысы.
Абдыкенин Акбермет,
Момокондун Бопуйжан,
Бактаалай мындан кетпеген,
Кабарын уккан боз балдар,
Айлына жакын жетпеген,
Мына жубайлардын башчысы,
Ушулар оюн башы, улуулар,
Токтол тосуп турушкан,
Отуз эки сулуулар.
Бул дүнүйө жалганда,
Муну көрбөй арманда,
Ушулардын баарысын,
Мажиктин уулу Күлчоро,
Карабастан жөнөдү.
Кандын кызы Акылай,
Өзү шоктуу капырай,
Баланы карап таңданып,
Ычкырын чечип камданып,
Ата, айылы жакын болсо, – деп,
Айчылашып турса, – деп,
Эли жакын болсо, – деп,
Эрмектешип турса, – деп.
Куда болуп кой союп,
Кулдук уруп той союп,
Атабыз менен анабыз,
Кайын кылып койсо, – деп,
Барсы-карсы жок жүргөн,
Дайын кылып койсо, – деп,
Бул дүнүйө жалганда,
Ойнобосок арман, – деп,
Күлчорону көргөндө.
Акыла.й айтып таңданды,
Акылай сөзүн укканда,
Жубандын баары камданып,
Он эки жубан отуз кыз,
Баарыбызды билбеди,
Көзүнө такыр илбеди,
Өрөпкүгөн баланы,
Аңгемеге салалы,
Өрөпкүгөн баланын,
Артынан удаа жетели,
Шылдың кылып кетели.
Алдындагы Тайбуурул,
Барган сайын жүрүштөп,
Алган экен жинди кул,
Бар шайманын күмүштөп,
Алтын боолуу ак чатыр,
Кандын кызы Айчүрөк,
Айды беттей тигиптир,
Арачы бүгүн келээр, – деп,
Кереги журттан башка эле,
Арзып тосуп калыптыр.

Кыздын башы Кызыл кыз,
Уруксаат берсең, – деп,
Ушу келген балага,
Өзүм жооп берсем, – деп,
Өрөпкүгөн баланы,
Баланы жолго салсам, – деп,
Кызыл кыз муну айткан соң,
Кепке келтек болбо, – деп,
Сөзгө сөлтүк болбой, – деп,
Балага жооп бергин, – деп,
Кызыл кызды чыгарды.
Ошо, ак соңору буланын,
Чоронун сүрүн көргөндө,
Кызыл кыз туруп сүрдөдү,
Өзү шоктуу ойронуң,
Чылбырдай болгон чачынан,
Чырмалта кармап алганы,
Чындап колду салганы.
Олоңдой болгон чачынан,
Оролто кармап алганы,
Ойнотуп колду малганы,
Оозуна сөзү кире албай,
Кызыл кыз сүрдөп калганы.
Кандын кызы Айчүрөк,
Намыс кылып чыга албай,
Кепке келтик кылат, – деп,
Ардыгынан тура албай,
Чыгып калды муңайып,
Кандын кызы Айчүрөк,
Чыгып келди булайып.

## АЙЧҮРӨК

Козу кара кочкордой,
Корчоңдогон сен кимсиң?
Эркек кара каргадай,
Чокчоңдогон сен кимсиң?
Келген эркек оңчу эмес,
Сен кайдан келген адамсың?
Кайсы жакка барасың?
Ууру болсоң чыныңды айт,
Качкын болсоң жайыңды айт,
Түп түгүңдөн түгөл айт,
Түп атаңды сүрүп айт.
Түбүнөн улап табайын,
Баш башынан баптап айт,
Баарын койбой табайын,
Элиңде жакшы бар болсо,
Атын сатпай тактап айт,
Качкындагы адамдай,
Шашып жүргөн сен кимсиң?
Куугуну ула куугандай,
Катыны эркек туугандай,
Кубанып жүргөн сен кимсиң?
Элиң чаап салгандай,
Энтеңдеген сен кимсиң?».
Мажиктин уулу Күлчоро
Кыя тартып караса,
Чекити жок кой көз го?
Сепкили жок ак бет го?
Болсо Чүрөк өзү го?
Жаак чачы берметтүү,
Алтын чырай нур беттүү,
Ичкен ашы шербеттүү,
Адамда жок келбеттүү,
Чачын көрсөң кундуздай,
Өзүн көрсөң жылдыздай,
Болсо, Чүрөк өзү го?
Тамашаны таштады,
Бөлөк сөздөн баштады,
Мажиктин уулу Күлчоро,

«Ээй, жеңе, сени сынап айткан
кебиңби?
Качкын десең качкынмын,
Катын-кызга калганда,
Оозу кандуу карышкырмын,
Ууру десең уурумун,
Бөрү десең бөрүмүн,
Алда таала кудайды,
Эс алганда көрөмүн.
Жолборс десең жолборсмун,
Катын кызга калганда,
Жоолук башын койбосмун,
Кыябына келгенде,
Кызыл канга тойбосмун.
Жеңе деген эмине?
Сүйлөй бердиң тим эле?
Жеңең ботом ким эле.
Жеңе, – деп сени айтамын,
Айдаганың он төрт ат,
Арка кылган Буурул ат,
Айчүрөк сени алууга,
Аттана келдик үч бек зат.
Качкын десең качкынмын,
Катын-кызга калганда,
Оозу кандуу карышкырмын.
Сүйүнчү жеңе сүйүнчү!
Абакем келет артымдан,
Мени, элсиз адам дейсиңби?
Жеңе, элимден кайгы жейсиңби?
Атасыз адам дейсиңби?
Атамдан кайгы жейсиңби?
Менин жайым сурасаң,
Абал атам Азиз кан,
Азиз кандын баласы,
Он жашында октолгон,
Он бешинде токтолгон,
Тажы кийип так минип,
Чоң Бээжинге кан болгон.
Кандыгын таштап ал жерде,
Келген экен пир үчүн,
Калыйпа нуру дин үчүн,
Ак пайгамбар бар үчүн,
Төрт чалыяр жар үчүн,
Акирет жандын камы үчүн,
Алманбет чыны дегенде,
Ала-Тоо угуп пас болгон,
Агын суу угул саз болгон,
Айкожо менен Күнкожо,
Коркконунан сарт болгон.
Чачы кара кумайык,
Бусулманга ылайык,
Арпа менен буудайга,
Аралаш чыккан эр эле.
Бусулмандын бир четин,
Талаша чыккан эр эле,
Карадан тууп бат кылган,
Динин кудай ак кылган,
Бээжинде калган алтын так,
Жаратканга дини ак,
Тилегенин берген кул,
Тиктегенин сайган кул,
Кой боорундай кара кан,
Бээжинден келген кабылан,
Алманбеттин баласы,
Ак борчукту ойноткон,
Соотчонду сойлоткон,
Кылыччанды кыйраткан,
Ак борчукту минүүчү,
Канча аскер кол жатса,
Ирмелбестен кирүүчү.
Ким экенин билбестен,
Абакемдин бул дуйнө

Акиретте колдошу,
Мен, Мажиктин уулу Күлчоро,
Күлчоромун дей салганы,
Мен абаңды көргөмүн,
Шылдың кылып күлгөмүн.
Темир кандын шаарына,
Жылкыда жүрүп ий болгон,
Жылкычыдай бий болгон,
Мен атаңды көргөмүн.
Кой кайтарып ий болгон,
Уйчуларга бий болгон,
– Быякта алтын ардан төөм бар,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чынкожо деген күйөөм бар.
Бул абаңдан кем эмес,
Катынын берчүү неме эмес.
Алты нардан төөм бар,
Бели катуу бул жерди,
Алтындан соккон ээрим бар,
Жети сууну жердеген,
Жеткилең кашка эр деген,
Кан Толтой деген жээним бар,
Ал абаңдан кем эмес,
Таэжесин тарттырып ийчү
жан эмес,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чыныгы күйөөм чын ошо.
Айдап-айдап мал берген,
Айры өркөч нар берген,
Сүрөп-сүрөп мал берге.
Сүйрү өркөч нар берген,
Дүнүйөнү мол берген.
Өзү өңдүү бокодон,
Эчен түрдүү кул берген.
Алтын күмүш зар берген,
Айдап айдап мал берген,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чыныгы күйөөм так ошол.
Алты нарды комдогон,
Алтын, күмүш, зээрдин,
Абаңарга комдоюн,
Жол азыгын мол берип,
Үргөнчтөн аман кечирип,
Сени, аман жолго салайын.
Сен шойкомдуу баласың,
Аман кетип тилимди ал,
Минтип жүрсөң сен бала,
Абакеңди, бир балаага саласың.
– Жеңеке, ойлоп айткан кебиңди,
Мен эле сени көргөмүн,
Сени шылдың кылып күлгөмүн.
Мени качан көргөнсүң,
Барганыңды унутсаң,
Алты шаар Үргөнчтү,
Шыгайдыи уулу Чынкожо
Айылыңан чыккан кишиңи.
Байлап алып сабаткан.
Жети шаар Үргөнчтү,
Жедигердин кан Толтой,
Жергелей басып камады,
Сенин, жергеңден чыккап
кишиңди,
Кармап алып сабады,
Кубалай качып бээсин,
Көтүнөн келген ээсин,
Чыгара чаап мээсин,
Зордук кылды элиңе.
Кордук кылды элиңе,
Айласы кетип элиңдин,
Даат кылаалбай турганда,
Ошондо, Аккуу кебиң кийгенсиң,
Ааламдын баарын кыдырып,

Кылымдын баарын сыдырып,
Кең Таласка баргансың.
Барып кабар салгансың.
Ит агытып, куш салып,
Абакем сейилдикке чыкканда,
Ак була болуп бурулуп,
Алда нече кубулуп,
Ак була болуп жазылып,
Көтөрүлүп басылып,
Ары бери бастырып,
Нардай болгон Буурулдун,
Ашыгына оролуп,
Толгой-толгой бастырып,
Тоодой болгон Буурулдун,
Томугуна оролуп,
Ак була болуп жаткансың.
Ошондо кайдан алгамын.
Шылдың кылып ал жерде,
Алайын, – деп дыр коюп,
Тулпарды, моюн түпкө бир коюп,
Тепсетип жеңе кеткемин,
Ошондо, сени көргөмүн,
Ошондо, шылдың кылып күлгөмүн.
Ушул сөзүм жалганбы?
Төрө кармап шылдыңдап,
Ташка бастырып, желип кеткемин,
Андан ары барганда,
Жекендинин боюнда,
Чоң-Кечүүнүн оюнда,
Кечүүгө кире берерде,
Алтын болуп жалтылдап,
Жамбы болуп кылтылдап,
Балык болуп көрүндүн,
Ошондо качан алгамын.
Шылдың кылып дыр коюп,
Мында муну көргөмүн,
Андан жүрө барганда,
Ак-Адырдын ичинен,
Ак аркар болуп бөлүндүң,
Алдымдан качып көрүндүң.
Ошондо теңиме албадым,
Минтип шылдың кылгамын.
Ошондо шылдьщ кылбасам,
Аркарды атып албаймбы?
Байкадыңбы жеңе, – деп,
Айдың-Көлгө барганда,
Ак куу болуп тургансың.
Куйругуң менен кум сабап,
Канатың менен көл сабап,
Таманың менен көл сабап,
Башыңды суугa малгансың.
Көрмөксөн болуп ал жерде,
Балырды сууруп алгансың.
Байкамаксан болгонсуң,
Тулпардын оозун бурганда,
Шумкарын абам урганда,
Ак шумкарды колтуктап,
Барп этип көлгө киргенсиң.
Абам, башыңды жулуп аларда,
Узун боосу жок эле,
Кыска боодон алгансың,
Текөөрүнө чалгансың.
Барк этип көлдөн учкансың,
Абамды карап чалкалап,
Ак шумкарды оң канатка калкалап,
Ала-Белди ашкансың,
Акылыңдан шашкансың,
Үргөнчтү көздөй качкансың.
Койгун жеңе сөзүңдү,

Ойло жеңе өзүңдү,
Бизге мактанчылык болбосун,
Ак сеңирден бакырып,
Ак келте үкү чаңырып,
Абакем чыкса качырып,
Тулпар минип турушуп,
Туу такандап урушуп,
Карабай айза кайрышып,
Качырышып салышып,
Бет алдына келүүчү,
Сенин, Чынкожоңдун кетүү жок.
Ак сеңирден качырып,
Айза сайып беттешээр,
Кан Толтойдун алы жок.
Теңдикке келсе Толтоюң,
Атасы эми чоң Багыш,
Багышты Манас өлтүргөн,
Айтып акың ала албай,
Айдап бийге сала албай,
Теңдигине жете албай,
Сүйлөп акыр ала албай,
Сүйрөп бийге сала албай,
Тең акысын ала албай,
Бел байлаган Толтоюң,
Беттешээрге шайы жок.
Абама даасы келе албай,
Мунары учуп боз болгон,
Ошол, айласы кетип Чынкожо,
Чет кайыңда Толтойго,
Өзү барып дос болгон.
Жаңкы айткан сөзүңдү,
Мен угайын жеңе, – деп,
Ал сөзүңдү абам укпасын.
Сөзүңдү абам укканда,
Сенин таш коргонуң талкалап,
Кум коргонуң куйкалап,
Кылычка ченеп бөлбөсүн.
Мактанчылык болбосун,
Бет алыша келгенде,
Жеңе сөзүңдү өзүм угайын.
Сөзүңдү абам укканда,
Ач билектен албайбы?
Ат сооруга салбайбы?
Олжо катын кылбайбы?
Талаа жерге кирбейби?
Бадачыга бербейби?
Жылгага жеңе кирбейби?
Жылкычыга бербейби?
Абам укса сөзүңдү,
Кокту жерге кирбейби,
Койчуларга бербейби?
Кордукту мындай кылбайбы?
Ак жибектен боосу бар,
Ак шумкары жоголсо,
Абамдын алтымыш кыз доосу,
Көк жибектен боосу бар,
Көк шумкары жоголсо,
Жетимиш кыздын доосу бар,
Шумкарды берчи кетейин».
Ушуну менен турганда,
Жата турсун бул жерде,
Төрөдөн кабар алыңар.
Дүрбү салып көзүнө,
Ээрдей болгон элестен.
Эки кайкы белестен,
Оозун албай мойнунан,
Болжолу жок чоң дүрбү,
Сууруп алды койнунан.
Сандыргалуу чоң дүрбү,
Сар алтындан сабы бар,
Сактыяндан кабы бар,
Байгалып тумар кабы бар,

Болоттон кылган сабы бар,
Кармап алып сабынан,
Суурул алып кабынан,
Он эки бурап отуруп,
Кылабына толтуруп,
Көмүркөйдөй көк ташка,
Көчүктү коюп отуруп,
Дүрбү салды көзүнө,
Чоң Үргөнчтүн өзүнө.
Улуу суунун боюна,
Алмалуунун оюна,
Дүрбү салды болкоюп,
Бала эмине болду, – деп,
Карап турду оңкоюп,
Карап турса Күлчоро,
Келин кыздын ичинде,
Жаткан экен Күлчоро.
Алтындан кылган чатырда.
Турган экен Күлчоро,
Тамаша менен даң салып,
Кыздарга оюн куруптур,
Болкуп ойноп туруптур,
Муну көрдү көк жалың,
Ата, өзүнүн атын мингенсип,
Өзүнүн тонун кийгенсип,
Менден мурда барды, – деп,
Баатырдын пикири кетти бөлөккө,
Чүрөккө колду салды, – деп,
Ачуусу келип ушундай,
Ачуусу келип сурданып,
Чачы кетип кырданып,
Эки кашын караса,
Калем болуп чийилип,
Жазы маңдай ортосу,
Кош муштумдай түйүлүп,
Бою кыска кыз менен,
Булкуп ойноп жатышып,
Талаадагы кыз менен,
Тамашага батышып,
Басып жүргөн кыздардын,
Кызыгына батышып,
Эрге кабар бербеди.
Жондо жаткан кишиге,
Кайта эрте келбеди,
Алып келгин атты, – деп,
Жанындагы Канчоро,
Улар босту алдырып,
Темир таман үзөңгү,
Теппей чурап минди эле.
Он төрт бөлөк ат айдап,
Ат айдаса бат айдап,
Жүрүп калды баатырың,
Арстан төрө күрс этип.
Чоң Үргөнчтүн боюна,
Кичи Үргөнчтүн оюна,
Буудандарды булкунтуп,
Адырдан түшкөн куландай,
Чоң Үргөнчтүн оюна,
Кичи Үргөнчтүн боюна,
Жанындагы Канчоро,
Бакай кандын боз жорго,
Аза байлап баймактап,
Токтоп калды Канчоро,
Абасы жетип артынан,
Катуу кирди көк жалың,
Айчүрөктүн зарынан,
Ай, айланайын аба, – деп,
Үргөнч деген суу экен,
Үстү аппак буу экен,
Айланасы чуу экеи,
Абаке Талгардын суусу
ташыптыр,

Тал башынан ашыптыр,
Төө өркөч болуп бөлүнүп,
Жаткан экен чоң Үргөнч,
Абаке жар туруштук бере албай,
Жанына киши келе албай,
Толгонуп аккан жеринен,
Тушуна адам келе албай,
Агыны катуу күркүрөп,
Муну көргөн адамдын,
Тула бою дүркүрөп,
Үзүлүп ийген жерлери,
Үч бутадай жар болуп,
Үстү көбүк кар болуп,
Ак чалма болуп ылайлап,
Көргөн адам кудайлап,
Абаке Үргөнчтү кантип кечебиз,
Өйүзгө кантип жетебиз,
Абаке атты суугa салалы,
Кечүүнү минтип чалалы,
Анан кечип баралы.
Айтып турган чорону,
Акшырая карады,
Ачуусу келип алайып,
Карышкырдай чунайып,
Сенин өзүң эр чоро,
Эр эмессиң жер чоро!
Ушу суудан сен коркуп,
Атты суугa салам, – деп,
Анан кечип барам, – деп
Өйүздөгү долуга,
Мени, кепке кемтик кыласың,
Бакай кандын боз жорго.
Ак теректен чечкин, – деп,
Тобокел деп кечкин, – деп
Ушу суудан корккондо,
Буудандарды айда, – деп,
Жарды көздөй кама, – деп,
Сууну көздөй айда, – деп,
Жолдон чыккан жорго,
Буудандарды камады.
Жанындагы Койкоң боз,
Ыргып кирди Үргөнчкө,
Алда, кудай алда, – деп,
Атам Манас колдо, – деп,
Ушу суудан коркпо, – деп,
Колдогонум колдо, – деп,
Кол бергеним ак эшен,
Жөлөгөнүм бир кудай,
Жардам берчи жараткан,
Жараткан алла жалга, – деп,
Жам олуя колдо, – деп,
Алда, кудай алда, – деп,
Атам Манас колдо, – деп,
Колдоор күнүң бүгүн деп,
Бүгүндөн калса төгүн, – деп,
Жардын башын уратып,
Уларбозду чуратып,
Кирген жерде жоголуп,
Жоголо түшүп оңолуп,
Атакеси ак кайып,
Төңөлөктөн алды эле.
Энекеси сур кайып,
Куюшкандан алды эле.
Колтук ачыш кол салып,
Суугa коштоп кирди эле.
Калкамандын Кара аты,
Токомандын Тор аты,
Камчыланып алды эле.
Камбардын уулу Канчоро,
Бул артынан кирди эле.
Кирген жерде жоголуп,
Жоголо түшүп оңолуп,

Арак менен бозону,
Аралаштыра ичүүчү,
Чындыгында баатырың,
Аманат жандан кечүүчү.
Тоодой таштар калдырап,
Уйдай таштар шалдырап,
Ары четин карасаң,
Көл арыктай мелтиреп,
Бери четин карасаң,
Ысык-Көлдөй жылтырап,
Муну көрүп Канчоро,
Көзүн жуумп ийди эле.
Калкамандын Кара аты,
Суудан чыкты калдайып.
Үстүндөгү Канчоро,
Эси кетип далдайып.
Эми ойлоп Канчоро,
Жанына жапа келгенде,
Арбагы чоң адамдар,
Колдоп чыгат дечү эле,
Колдогону колдо сан,
Колдоп алат дечү эле.
Кол бергени ак эшен,
Жөлөп калат дечү эле.
Көрүнөөр бекен көзүмө,
Кол берээр бекен өзүмө.
Жүзүн ачып караса,
Ак куласы мамыда,
Алманбети жанында,
Кызыл селде башында,
Кырк чоросу кашында,
Баатыр Манас каркылдап,
Колдоп коштоп алыптыр.
Кол бергени ак эшен,
Сүрүп жүрүп калыптыр.
Айланайын атамдын,
Колдогону чын экен.
Буларды көрүп Канчоро,
Көзүн ачып алды эми.
Карагай кайың былкылдап,
Үргөнчтүн суусу кылкылдап,
Буларды көрүп алганда,
Камбардын уулу Канчоро,
Бабединге жалынып,
Этек жеңи малынып,
Илияска жалынып,
Агыңды кайың калкылдап,
Тыгылып суудан чыгыптыр,
Тайбуурул чыккан жерлерден,
Тай чабым жерден чыгыптыр.

## АЙЧҮРӨККӨ СЕМЕТЕЙДИН ЖОЛУГУШУ

Аман сууну кечишип,
Арстан төрө көк жалың,
Жоону көргөн немедей,
Жоо көргөнсүп камынып.
Арстан төрө арс этип,
Ачуусу келип күрс этип,
Бу жерге эми келесиң,
Бое казган кыз менен,
Эркин ойноп жатасың.
Талаадагы кыздарга,
Тамашага батасың,
Эртерээк эмне келбейсиң?
Тигип койгон үйүң жок,
Союп койгон малың жок,
Чалгыңды эрте чалбайсың,
Чалгыңдап эрте барбайсың?
Күлчорого күүлөнүп,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,

Кабар салып барбайсың,
Эми, Чүрөк сөз урду:
«Сенин, тигип турган үйүң жок,
Тосуп турган бийиң жок,
Союшуң сойгон кишиң жок,
Сенин алым алып туруучу,
Көк кепичиң темпейтип,
Аргымагын кейкейтип,
Анжияндык бегиң жок.
Сага, күндүк алып берүүчү,
Коконуңдун эли жок.
Сенин элиң бир башка,
Менин элим бир башка,
Жети-Сууну жердеген,
Жеткилең кашка эр деген,
Алты сууну жердеген,
Айырлуу кашка эр деген,
Кан Толтой деген жээним бар.
Алтын нардан төөм бар,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Мына, ошондой күйөөм бар,
Куда болуп кой сойгон,
Кулдук уруп той сойгон,
Айдап, айдап мал берген,
Айры өркөчтүү нар берген,
Сүрүп-сүрүп нар берген,
Сүйрү өркөч нар берген,
Дүнүйөнү мол берген.
Эчен түрлүү кул берген,
Бу да сенден кем эмес.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Бул катынын берчү неме эмес.
Мактанчылык болбосун,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Элчи коюп элине,
Анык тууган болом деп,
Жеркенден жетимиш жорго
жээрде айдап,
Алдына өзүм барам, – деп,
Айылдаш тууган болом, – деп,
Бу канчыкты карачы?
Мунун таш коргонун талкалап,
Кум коргонун куйкалап,
Үргөнчтөн муну сүрөйүн.
Эрден калган эски күң,
Эр албаган кары күң».
Эми, баатыр күүлөнүп,
Күкүк болуп сүйлөнүп,
Муну ач билектен алайын.
Ай талаага салайын.
Көрүнөйүн көзүнө,
Таанытайын өзүнө.
Бу канчыкты соем, – деп,
Ак жолборстой чамынып,
Ачуусу келип сурданып,
Ар кескенге камынды.
Мындан чочуп Айчүрөк,
«Улуу тоонун кийиги,
Эгиз болот дечү эле,
Канзаданын баласы,
Теңиз болот дечү эле,
Телкиң келсе атын ал,
Толтой келет сайып сал!
Кураның келет атып ал,
Курдашың, Толтой келсе
сайып сал».
Кандын кызы Айчүрөк,
Эки көзү жоодурап,
Шашып калды Айчүрөк.
Түрүн көрүп калганда.
Басып калды Айчүрөк.

## КҮЛЧОРОНУН СӨЗҮ

Төрөм, төбөмдөн урсан, кобомбу?
Абаке акылың бар эсиң жок.
Сенин төшөгүң бассам оңомбу?
Жасаган урса кобомбу,
Сендең, мурда мен келип,
Жаздыгың бассам оңобу?
Издегениң кыз болсо,
Көңүлү сизге түз болсо,
Кимдин жерин чаламын,
Чалгын», – деп кайда чабамын.
Издеген Чүрөк кез келсе,
Кайда карай чабамын!
Күлчоро муну айткан соң,
Баатырдын кабагы эми ачылды.
Ачуусу келил жазылды.
Ошондо балдыз басып буралып,
Жеңелери суранып,
Кандын кызы Калыйман,
Бектин кызы Бегимжан,
Каалгадай тиштүүлөр,
Калктан чыккан иштүүлөр,
Көчкөндөгү көрктүүлөр,
Көк сүлөөсүн бөрктүүлөр,
Суудай каштуу сулуулар,
Эй килем менен килчеге,
Салып жөнөп калышты.
Оозу карпут көөкөрдөн,
Кымыз куюп калышты.
Кан жезделеп балдыздар,
Кош-колдоп сунуп калышты,
Куп билектен алышты.
Он эки жубан отуз кыз,
Бир кумардан канышты.
Күйөөнүн жүзүн көрүшүп,
Кан жездем келип калды, – деп,
Күйөөчүлүк сүрүшүп,
Бул дүнүйө жалганда,
Бала төрө, көк жалың,
Үпчүлүгүн чыгарып,
Топчулугу бир тогуз,
Ок өтпөстүн топчулугун чыгарып.
Мен, алты күн жатам, – деп,
Ат өргүтүп алам, – деп,
Мына туруп баатырың,
Алты олпок ак жаздык,
Кандын кызы Калыйман,
Жездекелеп келди эле,
Басып келип турду эле,
Алачыктай ак жаздык,
Жаздап койду башына,
Чалгын чалды Күлчоро,
Ак телкини чуратып.
Жолдо турган кезинде,
Кандын кызы Айчүрөк,
Бери кел, – деп чакырды.
Мас да болуп болкулдап,
Абакең жатат солкулдап,
Тургун десем болбоду,
Мас болуп абаң жатканда,
Мас болгонун билбейби?
Мурутунан күлбөйбү?
Башын кесип салбайбы?
Абаңды согоп салган соң,
Мен өңдөнгөн бейбакты,
Зордук менен албайбы?
Мас болгонун көрүшсө,
Ажалдан мурун өлбөйбү?
Абаңды балам аткарсаң,

Күн жарыкта кайталы,
Улуу суудан кетели.
Калың шаар Үргөнчкө,
Капасыз эрте жетели.
Муну айтты Айчүрөк,
Абыкенин Ак телки.
Бура тартып булкунтуп,
Кокуй аба не болду?
Арак ичпей жүргөнсүп,
Бул эмине кылганың,
Тургун аба эми, – деп,
Бөйдө шалдың болосуң?
Жарыкта шаарга жетели,
Талаада калды мас болуп,
Деп, – айтышса көргөндөр,
Кепке келтик болосуң,
Калың шаар Үргөнчкө.
Караңгыда барганда,
Жолум үдөй Карасарт,
Жондон ары салбайбы?
Түрткүнчүк күйөө дебейби?
Караңгыда келген, – деп,
Кандай адам дебейби,
Жарыкта аба кетели,
Калың шаарга жетели,
Оолжуган көк жалың,
Арак ичпей жүргөнсүп,
Сөзүн угуп чоронун,
Күлчоро Буурулду бурду эле,
Темир таман үзөнгү,
Теппей ыргып минди эле.
Телегейи тең кудай,
Кудай мындай брди эми,
Төрөсү атка миңгенде,
Кыраңды көздөй ашырып,
Баштап калды Айчүрөк,
Тайбуурул изин жашырып,
Бөкөйдүн бөксө жол менен,
Бөрү жүрбөс жол менен,
Карагай, кайың шак менен,
Сыдыра тиккен бак менен,
Алып жетип барды ошол.
Карай салса ошондо,
Дөбөдөй болгон Карасарт,
Чоюн башы колунда,
Жүргөн экен жолунда.
Этегин өйдө түрүптүр,
Тоодой болгон Карасарт,
Кабагын бекем түйүптүр.
Ошо, дарбазаны кайтарып,
Дарбазада жүрүптүр.
Түрүн салып түрлөнүп,
Караңгыда не жүрдүң,
Он эки жубан, отуз кыз,
Айчүрөккө сүйлөнүп.
«Кыз-келиндер караңгыда,
Эмине үчүн жүрөсүң?
Деп, – айтып күүлөнүп,
Кабагын түйүп турду ошол,
Тескерип сыртта турганда,
Күлчоро келди артынан,
Аттан чурап түштү ошол,
Алманбеттин Күлчоро,
Салам айтып бүгүлүп,
Карасарттын кашына,
Таазим кылып жүгүнүп,
Бузулман болсоң Карасарт,
Жай жараны сурап көр.
Жайды сурап кеп айтып,
Мына ууру болсом байлап ал,
Качкын болсом айдап ал,
Сөз айтаар болсоң,

Чыным уккун дегени,
Кабагы бийик, кашы дөң,
Дөбөдөй болгон Карасарт,
Жайга келди карагын.
Куржундун оозун сөктү эми,
Алтын менен күмүштү,
Этегине төктү эми.
Кабагы эми ачылды,
Пулду берди аябай,
Кабагы эми ачылды.
Жолум үйдөй Карасарт,
Көңүлү куунак ачылды,
Дарбазаны ачты ошол.
Ача берди Карасарт,
Жээрде бээни берди эле,
Кула бээни берди эле,
Кудага жакын болду эле,
Ала бээни берди эле,
Айылга жакын болду эле,
Бала төрө көк жалың
Ойготпостон кирди эле,
Таажы кийип так минип,
Жаткан экен Акун кан.
Балдар кирди жүгүнүп,
Алды артынан аңдыды,
Тура калды Семетей,
Кайнатасы Акун кан,
Семетейди сынады,
Сакалы саадак кабындай,
Муруттарын карасаң,
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Соромун деген эрки бар,
Эки ийинин карасаң,
Эки кыдыр конгондой,
Эки бетин карасаң,
Эки даңгыт тойгондой.
Чоңдугу тоонун зарындай,
Салкындыгын карасаң,
Дарыя көлдүн шарындай,
Суугу сырттын шамаалдай.
Ысыгы жайдын аптаптай,
Оң бөйрөгү болк этсе,
Оңго бүлүк салгандай.
Аркасынан караса,
Кара кашка тынардай,
Болумдуу баатыр эр экен,
Болжолдо жок шер экен,
Кадимки Манас өзүндөй,
Беттегенин мерт кылган,
Белсенгенин жок кылган,
Атасынча бар экен.
Калың шаар Үргөнчтү,
Чынкожо менен Толтойдон,
Камаганы бөйдө экен,
Чынкожо менен Толтойдон,
Кере карыш өйдө экен,
Ишиңди кудай оңдосун,
Кыдыр алай жолдосун,
Кайнатасы Акун кан,
Бата берди баатырга.
Алтын каалга эки эшик,
Бул эшиктен кирди эми,
Үчүнчүгө барганда,
Кандын кызы Айчүрөк,
Келээрин ошо билди эле.
Бала төрө Семетей,
Ойготпостон кирди эми,
Чырагы күйүп жаркырап,
Жаткан экен Айчүрөк.
Таң кашкайган упайдай,
Боруму артык супадай,
Алты мамык ак жаздык,

Алмадай бети оюлуп,
Канкор сенин колуң жок,
Койнума келер жолуң жок,
Артында калың жолуң жок,
Алып кетээр жолуң жок,
Никесиз катын шарты жок.
Бекерге төрө жатпагын,
Кызыгына батпагын.
Төрө мындан ары барганда,
Жаңырыктын чети бар,
Алдырбаган беги бар,
Мына, ошого чыгып бар,
Бир чороңду чалгынга,
Эртерээк жумшап жибергин.
Чынкожо, Толтой билбесин,
Чепке кирип келбесин.
Чепти тосуп албасын,
Бүлүктү мыктап салбасын,
Караңгыда карсылдап,
Кайра турду Күлчоро.
Карасартка жайлаткан,
Тулпарларды байлаткан,
Добуш берип Кулчоро,
Алтын каалга дарбаза,
Алдырбаган четине,
Жолум үйдөй Карасарт,
Алып чыкты аттарын,
Эки чоро, Семетей,
Жүрүп калды баатырлар,
Жаңырыктын четине.
Жалгыз аттын жолу экен,
Айланасы жол экен,
Чепке кирип жайланып,
Аза байлап баймактап,
Буудандарын жайдактап.
Эки чоро, Семетей,
Чай кайнатып бал салып,
Дасторконду жай коюп,
Казы карта жай коюп,
Тамак ичип жайланып,
Кызыл чайга туюнуп,
Күлчорого сөз урду:
«Чалгынды барып чалгын, – деп,
Кишини кармап алгын», – деп,
Буурулду минди булкунтуп,
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Кебез тоонун ары жагы,
Кең Кашкардын бери жагы,
Опол тоонун ары жагы,
Ой Кашкардын бери жагы,
Баарын тегиз кыдырып,
Катары менен чалды эле,
Сайдан чыгып аргытып,
Тайбуурулду каргытып,
Кош-Мойнок белди ашырып,
Тайбуурул изин жашырып,
Кош-Мойноктун кызыл кум,
Өрдөй салып чуратып,
Тогуз жолдун тоомуна,
Торой чалдык ароолдон.
Кароолдо такыр киши жок,
Киши менен иши жок.
Ай теректин боюна,
Кум-Дөбөнүн оюна,
Дарбазанын оозуна,
Таш-Кыянын үстүнө,
Бас Кыянын астына,
Балыкты көлдүн өзүнө,
Чалгын чалып кыйкырып,
Ак терекке Буурулду,
Аса байлап салды эми.
Ат чалдырып отуруп,

Кара тулаң шиберге,
Буурулдун кардын толтуруп,
Жата турсун Күлчоро,
Чалгын чалган жеринде,
Түлкүнүн уулу Түмөнбай,
Тынч алып үйгө жата албай,
Чынкожо менен Толтойго,
Жеке кирип бара албай,
Акун канга барды эле.
Таазим кылып жүгүнүп,
Түмөнбай эми сөз урду;
«Каным жаза карап албасаң,
Чынкожо, Толтой эр экен,
Булар, ааламды бузар шер экен.
Келгени, жайы-кышы болуптур,
Кордук кылды элиңди.
Зордук кылды малыңа,
Кыйнады калкты жабыла,
Буга кызың берелик,
Эл бузула турган болуптур,
Бекер өлүм болбойлу,
Каным кордукту мындан көрбөйлү,
Бекерге кокус өлбөйлү?
Өз билгенин бербеген,
Шыгайдын уулу Чынгожо,
Жеткилең эки эр экен.
Алты сууну жердеген,
Толтоюңду эр деген,
Беттегенин мерт кылып,
Кандуу майрам кылбайбы?
Каным, кызды берели,
Кеп кеңешке келели».
Түлкүнүн уулу Түмөнбай,
Келипсиң эми жаныма ай,
Тууганды эми билүүчү,
Кыз бергенди илүүчү.
Каным баракелди сөзүңө.
Машыр алдым өзүңө,
Карындашка сүйлөшүп,
Макулдашып аламын.
Чынкожого барам деп,
Үйдөн чыга бергенде,
Кан Акун кайра чакырды.
Барпаңдардан кеп угам,
Жүрөгүнө мурч салып,
Кермеге атын байлатып,
Кездешкен жоосун жайлатып,
Таласка коргон урду, – дейт,
Жаңы аттанып турду, – дейт,
Атагы чыгып турду, – дейт,
Урматы журтка тийди, – дейт,
Кызы кырым кийди, – дейт,
Кылымга быйыл толду, – дейт.
Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйьщдын башында,
Алтымыш жорго айдатып,
Аяктай кебез байлатып,
Бел куда болуп койгомун,
Көкөтөйдүн ашында,
Кеп жыйындын кашында,
Торо ала жорго айдатып,
Бел куда болуп койгомун.
Чынкожо менен Толтойдон,
Коркуп Чүрөк бергенде,
Достук кылып ант уруп,
Манастын арбагын мен кантемин.
Эми Түмөнбай ойлогун.
Таластан чыгат Семетей,
Ат көзүнө карабай,
Келип калса Семетей,
Кишиңди, камап турчу эмес.

Таш коргонуң талкалап,
Кум коргонуң куйкалап,
Камап айран кылбайбы?
Катуу күчтү салбайбы?
Эй каным нени айтасың,
Арбак, кудай, – деп айтып,
Бекерге каным чабылып,
Кордук көрүп жүрбөйлүк.
Семетей күтүп не пайда?
Каргадай болуп бир бала,
Катуу мүшкүл салчубу?
Толтой менен Чынкожо,
Булар, намызын берчү эр эмес.
Мен карындашка сүйлөшөм.
Куда болуп кой союп,
Кудалашып каламын.
Эй Түмөнбай анда сен,
Сен, өзүң билчи, – деп,
Түлкүнүн уулу Түмөнбай,
Өзү көөдөн эр эле,
Кепке сөзгө келбеди.
Дүмөктү Чүрөк салды, – деп,
Семетей келет, – деп туруп,
Далайдын убалына калдың, – деп,
Алтымыштай азамат,
Сызып кетти мекеге.
Ай балта тийди чекеге,
Кепке сөзгө келбестен,
Ач билектен алды эле,
Эшикке сүйрөп калды эле,
Зордук менен берем, – деп,
Байлап алып барам, – деп,
Сүрдүгүшүп отуруп,
Босогого барды эми.
Босогону таянып,
Болбой Чүрөк калды эми.
Түлкүнүн уулу Түмөнбай,
Кое берчи колумду ай
Нар өлтүрүп койдуңбу?
Эр өлтүрүп койдуңбу?
Не башыңа күн түштү.
Кордук кылды кара, – деп,
Бу душмандан коркосуң.
Ажалың жетсе өлөсүң.
Түлкүнүн уулу Түмөнбай,
Кордук менен бергиче,
Куда болуп кой союп,
Кудалашып баргын де,
Айдап-айдап мал берди,
Акын күйөө болсунчу.
Сүйрү өркөч нар берди,
Сүйгүнчүк күйөө болсунчу.
Дүнүйөнү мол берип,
Акун кандын алдына,
Күйөөлөп анан келбейби?
Мына ошентип жеңелер,
Күйөөчүлүк сүрбөйбү?
Ошондо барбай койсом кокустан,
Мени кудай урбайбы?
– Түлкүнүн уулу Түмөнбай,
Кунга берип койгонсуп,
Мына, мен аларга барайын.
Жөнгө келсе жөөлөшүп,
Куда болуп кайтайын.
Же болбосо, найза алып кыйкырып,
Жүрөккө найза урушуп,
Өлбөгөн жерде калайын.
Өзү көөдөн неме эле,
Түлкүдөй кызыл ат минген,
Кызыл өңүн нур чалып,

Кылдай белин нур чалып,
Кыл муруту чычайып,
Бура тартып алды эле,
Алмалуунун боюнда,
Улуу суунун оюнда,
Чынкожо, Толтой жатканда,
Түмөнбай чыгып барды эми.
Чынкожо жезде жаттыңбы?
Алик алып Чынкожо,
Эй Түмөнбай балдыз, – деп,
Келипсиң өзүң жалгыз, – деп
Эй Чынкожо кулак сал!
Сенин камап жатканың
Жайы-кышы болуптур.
Ак бараң мынтык асынып,
Атышаар жериң кайсы жер?
Кек бараң мылтык асынып,
Атышадр жериң кайсы жер?
Карагай, найза алышып,
Сайышаар жериң кайсы жер?
Чоюн баш колго алышып,
Токтобостон салышып,
Чоюн баштар дүпө-дүп,
Айдалыда – күпө күн,
Чабышаар жериң кайсы жер?
Куда болуп кой союп,
Кудалашьш алсаңчы?
Анык күйөө болсоңчу?
Анан кызды алсаңчы?
Сүйрү өркөч нар берип,
Сүйгүнчүк күйөв болсоңчу?
Алтын, күмүш, нар берип,
Дүнүйөнү мол берип,
Кан Акундун алдына,
Кулдук кылып барсаңчы?
Анан кызды алсаңчы,
Бул айтканың ырас, – деп,
Кете бергин Түмөнбай,
Алтын, күмүш, зар берип.
 Айдап-айдап мал берип,
Кудалап кызды аламын,
Мен Акунга барамын.
Түмөнбай сөзгө канганда,
 Кан Акунга барганда,
Сөзүн айтып Акунга,
Макулга келди, – деп айтып,
Куда болмой болду деп,
Алдына келген Түмөндү,
Куда бол, – деп сөз айтып.
Сен ишиңди чала кылыпсың,
Семетей келип калбасын,
Семетей келип Түмөнбай
Ак асаба, кызыл туу,
Туу көтөрүп урушуп,
Мына, кыргын болуп кокустан,
Түйшүктү мага салбасын.
Түлкүнүн уулу Түмөнбай,
Жата турсун ушундай.
Чьгакожо, Толтой но болду,
Мындан кабар алыңар,
Кан Толтойдун алдына,
Чынкожо барды саламга.
Салам айтып сүйлөшүп,
Жедигердин эр Толтой,
Байкадыңбы сен өзүң,
Баягы чакырса келбес Түмөнбай,
Өзү азыр келиптир,
Чындап кудай бериптир,
Айттырса келбес Түмөнбай,
Арага өзү келиптир,
Атайы кудай бериптир.
Куда болуп кой союп,

Кулдук уруп той союп,
Айдал-айдап мал берип,
Айры өркөч нар берил,
Алтын, күмүш, зар берип,
Дүнүйөнү мол берип,
Кан Акундун алдына,
Эчен түрлүү кул беригг,
Жайланышып алгын, – дейт,
Анан кызды алгын, – дейт.
Бугүн күнгө жекшемби,
Эртең күнгө дүйшөмбү,
Куда болуп кой союп,
Кулдук уруп той союп,
Кырк канаттуу кара атка,
Аяктай кебез байлатып,
Токсон атты айдатып,
Дүнүйөнү мол берип,
Айкалышып жатамын.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кандын кызы Чүрөктүн,
Учаарын билген бар бекен?
Бейшембинин күн билет,
Конооруна келгенде,
Жуманын кадыр түн билет.
Ак куунун кебин кийгендир,
Айланып учуп кеткендир.
Кең Таласка жеткендир,
Семетейге баргандыр,
Семетейди келди, – деп,
Эминесин коркосуң?
Сен албасаң Чүрөктү,
Өзүм алам күнөктү.
Анда Толтой сөз урду,
Досум көпчүлүк калктын ичинде,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Койгун досум качалы...

**241-папканын 235-бетинен башталат.**

Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын кашында,
Кара өкүмдү айтайын,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Канкорун бычып кп кылган,
Айгырын бычып ат кылган,
........элин таз кылган,
Букасын бычып уй кылган,
Элинин баарын буй кылып,
Каркырага калдайга,
Калдай менен дос болуп,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Кой ......... кыяда,
Жалпы калкын ашырып,
Элинин баарын көчүрүп,
Эл эсебин алышып,
Каркырага ........
Эшкеринин боюна,
Бээни байлап салыптыр,
Үч керинин боюна,
Үй тиктирип салыптыр,
Малынын баарын туу кылып,
Мал семиртип алыптыр,
Коңур салкын кез болду,
Мал семирип нык толду,
Көкөтөй ашын берем деп,
Кабаргга киши барат, – деп,
Элди жыйнап алыптыр,
Капыр менен бусурман,
Катары менен барсын, – деп,
Көкөтөйдүн ашы, –деп,
Барына катар салсын деп,
Буларды жыйнап келүүгө,
Ким деген адам барат деп,
Баары турду карашып,
Баарысыс баш тартышып,
Айтканынан кайтышып,
Барууга адам чыкпады,
Капыр менен мусулман,
Дөөлөрүнө ким барат,
Капырлардын дөөлөргө,
Бээжинге барган келеби?
Бээжинге киши барчу эмес,
Кабары барса келчү эмес,
Баары коркуп барбаса,
Каары жашка кеп айтса,
Бири тилин албады,
Айла кетип Бокмурун,
Алаган менен Көкөтөй,
Акиреттик дос экен,
Аяш ата деп айтып,
Алаганга кеп урду,
Катарга келдим өзүм деп,
Досуңдун ашын бергин деп,
Башына барып тургун деп,
Өзүң барып турбасаң,
Муну айтса Бокмурун,
Алаган макулдугун бергени,
Тулрап атты байлатып,
Конок кылып барганга,
Алаган турган башында,
Жайма көкүл жаш Айдар,
Чакырып чыкты Бокмурун,
Кана досум кулак сал,
Аяш атам Көкөтөй,
Кызмат кылып кылыч таап,
Досум кызматына ......
Кылып берди кызматын,
Капыр менен мусулман,

Катары менен баргын деп,
Дөөлөргө кабар салгын деп,
Ээ досум аяш атам Көкөтөй,
Баары үчүн барайын,
Капыр менен бусурман,
Өлүп калсам кантемин,
Койгун досум коркпогун,
Ажал жетип күн бүтсө,
Албай койбой кара ....
Ажалың жетип күн бүтсө,
Бала менен зайбыңды,
Канаттууга кактырбай,
Тумшуктууга чектирбей,
Эр келериң балаңды,
Досум мойнуна тумар тагабыз,
Өзүңдөн артык багамын,
Актай болой жаңылсам,
Көл кармашкан ант урсун,
Эне менен атаңды,
Өзүңдөн артык бакпасам,
Утуп калсам бүлөңдү,
Ардактап жакшы бакпасам,
Кудайдын жакшы күнүндө,
Аяш атам зарланса,
Ыраазы болуп агарбай,
Кейип калса атаңды,
Таң машардын күнүндө,
Кара эшек болуп берейин,
Тил албасаң досум,
Аксап сары минип кет,
Эмесе досум арайын,
Атама акыл салгының,
Атама азыр баргының,
Алагандын алдына,
Салам айтып бүгүлүп,
Эртең менен болгондо,
Таазим кылып жүгүнүп,
Каапыр менен мусулман,
Кабарга айтар барсын деп,
Макул болсо сизге деп,
Балам өбөктөгөн кары бар,
Эмчектеги бала бар,
Алла билет ал ишти,
Ким өлүп ким калышты,
Сөз кыскасы айтайын,
Аяш ата угуптур,
Ажал жетип өлгүчө,
Ардактап сени багайын,
Таң машаарда айнысам,
Кара эшек болуп берейин,
Койгун балам сөзүңдү,
Барса-барсын деп айтты,
Көчүрүп алып агасын,
Улуу жолго салды эми,
Каркырага барды эми,
Элин жыйнап Бокмурун,
Камынып калкын жумушка,
Бекерге нен турушка,
Жаш Айдар бармай болду деп,
Акыл айрып карыга,
Угузду сөздү баарына,
Мааникерди мингизип,
Манат тонду кийгизип,
Күл азыкты салдырып,
Ак сакалдуу карысы,
Чогулгандын баарысы,
Кыбылага карашып,
Кыбыласы кызарып,
Оомийин! – деп кол жайып,
Алаканда мол жайып,
Бир кудайга тапшырдым,
Кары-жашы буркурап,

Пил баштаган нар айтып,
Кудай өзүң колдо деп,
Дуба кылып турушту,
Көп жашаган карысы,
Чогулган калктын баарысы,
Айдарды колго салышты,
Бура тартып буларга айт,
Кайра тартып каткарга айт,
Чоң Бээжинге жерин айт,
Бул сөзүмдү ..... айт,
Капырларга мурун айт,
Мусулманга кийин айт,
Ушу сөздү жаш Айдар,
Бекбербеске тактап айт,
Коңурбайга жетип айт,
Алгарасын байласын,
Чабаар бала шайласын,
Быйыл Каркыраны жайласын,
Кара буура башы бар,
Кан Көкөтөй ашы бар,
Чолок буура башы бар,
Чоң Көкөтөй ашы бар,
Байгесинин башында,
Миң Сарытап төөсү бар,
Кемегенин башында,
Кермеп алган төөсү бар,
Байгесинин башында,
Сан Карабоз бээси бар,
Калган аттын байгеси,
Балалуу калмак күңү бар,
Бул ашына келсин де,
Бул ашыма келбесе,
Көрүнбөсүн көзүңө,
Таарынбасын сөзүмө,
Көкөтөйдүн сары туу,
Үй үстүнөн көрсүн де,
Бул ашыма келсин де,
Бул ашыма келбесе,
Көрүнбөсүм көзүмө,
Таарынбасын өзүмө,
Желек өйдө түрөмүн,
Букарды көздөй сүрөмүн,
Төш таянта жыгамын,
Төрдө отурган кыздарын,
Нике кыйып аламын,
Түндүгүнүн бүркөгүн,
Айза менен түртөмүн,
Кордук менен чабамын,
Агача келин сулуу кыз,
Ач билектен аламын,
Олжо катын кыламын,
Керегесин кайтарган,
Келин-кызын ыйлатам,
Босогосун кыйратам,
Боз балдарын ыйлатам,
Сөздү айрып бүтүргөн,
Айдарды жолго салды ошол,

**Мааникер**

Чокусунда кулагы,
Зам темирдей туягы,
Куйругунда агы бар,
Куюн чалыш жаныбар,
Чалгынчылар мингенде,
Көкөтөйдүн барында,
Чалгынчы минип чу качса,
Магуруп менен машуруп[1],
Күнү түндүн ичинде,
Ушу жерди чалуучу,
Этектеп кумду артышып,
Ала качып кетет деп,

[1] Күн батыш, күн чыгыш – деп кашаага өзүнчө жазып койгон

Аркан менен тарттырып,
Айдар минип булкунтту,
Күн чыгыш көздөй бет алды,
Бээжинде кирди күнүндө,
Чөп табылгы жайлаган,
Чоң кара атты байлаган,
Ала коонун баласы,
Кырк төрөнүн кенжеси,
Хан теңиздин Коңурбай,
А Коңурбай төрөбүз,
Айдарга кулак салыңар,
Айдарга кулак салыңар,
Быйыл Көкөтөйдүн Бокмурун,
Кочкорду бычып көп кылган,
Айгырды бычып ат кылган,
Буурасын бычып төө кылган,
Элинин баарын тоо кылган,
Букасын бычып уй кылып,
Элинин баарын буй кылып,
Жаңырыктын кыядан,
Эл эсебин алды эле,
Калктын баарын чогултуп,
Каркырага кондурду,
Бешкеринин боюна,
Бээни тегиз байлады,
Үч сеңирдин боюна,
Үй тиктирип жайлады,
Коңур салкын күн болуп,
Мал семирип нык болуп,
Ошол кара буура башы бар,
Кан Көкөтөй ашы бар,
Көкөтөйдүн сары туу,
Үй үстүнөн көрсүн деп,
Бул ашыма келсин дейт,
Кара атыңды байлагын,
Чабар бала шайлагын,
Байгесинин башында,
Дан саратан дөөсү бар,
Кемегенин башында,
Кармап алган жөөсү бар,
Байгесинин башында,
Миллиондогон ак баш кою бар,
Калган артык байгеси,
Эри менен балалуу калмак
күңү бар,
Бул ашыма келбесе,
Көрүнбөсүн көзүмө,
Таарынбасын сөзүмө,
Желек өйдө түрөм дейт,
Булардын көп ташын
көздөй сүрөм деп,
Дөбөдөй болгон ак үйүн,
Төш таята жыгам дейт,
Агача келин сулуу кыз,
Ач билектен алам дейт,
Олжо катын кылам дейт,
Каалгалуу үйлөрдү,
Айбалта менен чабам дейт,
Босогосун кыйратып,
Боз балдарын ыйлатып,
Түйшүктү катуу салам дейт,
Менин бул ашыма келсин дейт,
Баралы баатыр баралы,
Барбай кантип калалы,
Деп айтып сөздү бүтүрдү,
Коңур өзүнчө камын күтүндү,
Ача-Төрдү жайлаган,
Ач бууданды байлаган,
Сайышканды койбогон,
Бир чочкого тойбогон,
Каапырлардын кан Жолой,
Буга да кабар салынды,

Каапырлардын Мурадыл,
Чет жекенди жайлаган,
Кул жээрдени байлаган,
Буга сөзүн дагы айтты,
Жогорку сөздү бек айтты,
Аттан түшпөй тез кайтты,
Каапырлардын Бооронччу,
Көк темирге орончу,
Көп өзөндү жайлаган,
Көп бууданды байлаган,
Көп бууданды байлады,
Чабаар бала шайласын,
Күчкө тартып айдасын,
Аябастан мал саят,
Көкөтөйдүн ашында,
Дүнүйөнү мол саят,
Мындан ары жөнөдү,
Түктүү таман Түкүбай,
Карамалың байлагын,
Чабаар бала шайлагын,
Кара буура башы бар,
Кан Көкөтөй ашы бар,
Деп сөзүн бүт айтты.
Бүт айтканда күч айтты,
Андан кайта бастырып,
Күн батыш көздөй сыздады,
Кең Нарында жайлаган,
Тай торуну байлаган,
Эл четине беттеген,
Катагандын кан Кошой,
Кан Кошойго бек айтты,
Көкөтөйдүн ашында,
Быйыл сизди келсин дейт,
Кошой сөздү алганы,
Барайын деп калганы,
Чет кайыңды жайлаган,
Быйыл Каркырага баргын дейт,
Манаска жерин айтып бар,
Андан аркы Жамгырчы,
Жамгырчыга айтып бар,
Мунун баарын кыдырды,
Андан ары барганда,
Көк аланы байлаган,
Айдаркандын кан Көкчө,
Каркыраны жайлаган,
Көкөтөйдүн ашы бар,
Деген сөздү укканы,
Барам деп калганы,
Кыйды карап баалаган,
Эр Таздын эр Үрбү,
Буга кабар бергени,
Опол тоонун кең талаа,
Кең талааны жайлаган,
Чал куйругун байлаган,
Эламандын эр Төштүк,
Бугга кабар бергени,
Мааникер чуркап секирди.
Андан аары барганда,
Шам алганда Таласка,
Көк жалың чоң Манаска,
Бет алып жүрүп калганы,
Эртең менен болгондо,
Намаска баатыр турду эми,
Колду сууга малды эми,
Кол дааратын алды эми,
Жүзүн сууга салды эми,
Жүз дааратын алды эми,
Эки сүнөт экөө парс,
Кудайдын салган төрт карс,
Эки ирекет апилде,
Эптеп окуп алды эми,
Төрт эрекет багымдат,

Төптөп окуп алды эми,
Кулау деген сүрөөнү,
Куп жараткан ыйманды,
Тапыракет жат окуп,
Жаасин деген сүрөөнү,
Таң калгандай жат окуп,
Белекке алган ак теспе,
Оомийин деп кол жайып,
Алаканды мол жайып,
Адам ата байгамбар,
Улукман аке карыга,
Байгамбар сабак баарыга,
Арбагына багыштап,
Дуба кылып турду эми,
Кыйгач басып көк жалың,
Кырга басып барды эми,
Кароол карар чокуга,
Баатыр барып турду эми,
Он эки бурап отуруп,
Колундагы чоң дүрбү,
Кылабына долгутуп,
Тегеретип дүрбүнү,
Теңизди байкап карады,
Дүрбү салды көзүнө,
Узун жолдун өзүнө,
Дүрбү салып олтурса,
Келетат экен жаш Айдар,
Алдыдагы Мааникер,
Желип-жортуп келатат,
Жүрүп келген жерлери,
Кош арык болуп оюлуп,
Куйругунда агы бар,
Куланга чалыш жаныбар,
Мааникерди тааныды,
Үстүндөгү жаш Айдар,
Серек менен Сыргагым,
Серендеген чыйрагым,
Сен да болсоң бери чык,
Акбалтанын Чубагым,
Адамдан башка ынагым,
Сен болсоң бери чык,
Бөрүнүн уулу Бөрүчүм,
Ат жаяктап келгенче,
Ат такалап берүүчүм,
Караңгыда жол тапкан,
Капилеттен кеп тапкан,
Аргын кандын Ажыбай,
Сен да болсоң бери чык,
Кой боорундай Караган,
Бээжинден чыккан кабылан,
Азизкандын Алмамбет,
Сен да болсоң бери чык,
Баатырларын чакырып,
Уламадан уккамын,
Быйыл Көкөтөйдүн ашы деп,
Каркырада калдайда,
Калдай менен дос болуп,
Калкынын баарын көчүрүп,
Бокмурун Каркырага барды деп,
Көкөтөй ашын берем деп,
Эртең менен жер көрдүм,
Мааникерди миниптир,
Үстүндөгү жаш Айдар,
Бургутуп жолго кириптир,
Басканына мал жетпейт,
Желгенине жел жетпейт,
Желип жүрүп келатат,
Добул басты ургула,
Жылкыны бери жыйгыла,
Аккуулага чалма ургула,
Мамыга алып баргыла,
Чыйрыктырып үшүтүп,

Алма күндү жайлагын,
Куланы кармап байлады,
Алмаң күндү жайлады,
Кулагына күн тийип,
Кара шамал дүркүрөп,
Чыйрыктыра байлады,
Ал аңгыча болбоду,
Жайма көкүл жаш Айдар,
Жетте келди жанына,
Атсалым алейким,
Айжаркын төрөм аманбы?
Аман-эсен турдуңбу?
Салам айтып бүгүлүп,
Таасим кылып жүгүнүп,
Ал экиме салейкум,
Ат ыргыйдай болуптур,
Эр торгойдой болуптур,
Не башыңа күн түштү?
Не башыңа иш түштү?

Жаш Айдар Коңурбай баштаган хандарды чакырганын айтат. Анда Манаска айтат:

Төрөм Аккууланы байлагын,
Чабар бала шайлагын,
Каркыраны жайлагын,
Бул ашыма келсин дейт,
Кара буура башы бар,
Кан Көкөтөй ашы бар,
Чолок буура башы бар,
Чоң Көкөтөй ашы бар,
Кемегенин башында,
Кермен алган жөөсү бар,
Байгесиннин башында,
Миң Карабоз бээси бар,
Калган аттын байгеси,
Балалуу калмак күңү бар,
Беш керенин боюнда,
Бээни балап салыптыр,
Төрөм, Үч-Керинин боюна,
Үй тиктирип салыптыр,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Айгырын бычып ат кылды,
Баарын малдан жаткызып,
Ушу ашыма келбесе,
Желекти өйдө түрөм дейт,
Дөбөдөй болгон ак үйдүн,
Төрдү карай жыгам дейт,
Агача келин сулуу кыз,
Ач билектен алам дейт,
Бокмурундун сөзү ушул,
Мен эле дагы чоң десем,
Менден чоңдор бар тура,
Ал жакадан алды эми,
Алып көткө басты эми,
Акырын укуп койду эле,
Оозунан кетти кара кан,
Көтүнөн кетти зары зил,
Кан баласы Каныкей,
Өлтүрөт экен деп келди,
Каныкей көрүп жаш Айдар,
Жан соога деп кыйкырды,
Кызыл тору келинчек,
Менин жаным алсаңчы
Өбөктөгөн карым бар,
Жаңырылып кыядан,
Жалгыз элем уядан,
Алдымда жөлөр ага жок,
Аркамда жөлөр ини жок,
Жыпжылма болуп ир элем,
Жансоогалап калыңыз,
Жажы кылса суу бөгөйт,
Жалгыз өлсө ким жөлөйт,

Суу боюнда жалбызды,
Жаратпасын жалгызды,
Жансоога, төрөм, жансоога,
Өзүңдөй жалгыз турбайбы,
Жансоога, төрөм, жансоога,
О жолуң болсун деп айттың,
Бошотуп койду Айдарды,
Серек менен Сыргагым,
Сереңеген чыйрагым,
Мааникерди алгыла,
Аза байлап жайдактап,
Үстүндө кумун төккүлө,
Куруп калган Айдарды,
Берди Каныкейдин колуна,
Кийминин баарын чечкиле,
Мончого салды киринтип,
Көгөргөн үйгө кийирди,
Ойготпостон уктатып,
Жаңы кийим кийинтти,
Жаңы үйгө киргенде,
Күнү-түнү уктады,
Кара суудан кайдырып,
Мааникерди чалдырып,
Чөйчөк кардын толтуруп,
Жейрен таз атты бакканы,
Айдарды кайра мингизип,
Мааникер токуп кийгизип,
Барамын деп бат айтты,
Жөнөтүп ийди Айдарды,
Бура тарткан жаш Айдар,
Каркыранын оюна,
Түшкө жетпей жеткени,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Манас эмне деди деп,
Коркуп турду Бокмурун,
Аралап кирди жаш Айдар,
Качан келет Манас деп,
Жети каны дүбүрөп,
Манас келет дегенде,
Кабырлары күбүрөп,
Өз-өзүнчө дүбүрөп,
Кемегеден кетишип,
Тайчабымдай жетишип,
Байланып калган базарды,
Багын ачкан эр Кошой,
Бекип калган менен,
Оозун ачкан эр Кошой,
Журт атасы эр Кошой,
Манас келет дегенде,
Ак сакалын жайкалтып,
Манас досум келгени,
Эми анын артынан,
Көкөтөйдүн Көк борчун
Көк борчунду минди эле,
Көк күбөнү кийди эле,
Манасты тосуп чыгууга,
Бокмурун тосуп келди эле,
Мурун арты жагынан,
Айдаркандын Көкчөсү,
Бу да чыкты тосмокко,
Күлүгүн күнгө өстүрсө,
Жедигердин чоң Багыш,
Жолго барыш дээр эле,
Бу чыкты тосмокко,
Сырты кара көмүрдөй,
Чыңдап койгон темирдей,
Эбей Таздын эр Үрбү,
Бу да чыкты тосмокко,
Эштектердин Жамгырчы,
Бу да чыкты тосмокко,
Садактын боосу бир кучак,
Сандыргалуу эр Буурчак,

Буда чыкты тосмокко,
Калкылдаган калың эл,
Жети кан чыкты бөлүнүп,
Баары чыкты тосмокко,
Жети кан жүрүп олтуруп,
Түштүк жерге барышты,
Түштүк жерге барганда,
Келеткан экен жайланып,
Жоо жарагын байланып,
Алдында келет жыйырмасы,
Оң тарапта жыйырмасы,
Сол тарапта жыйырмасы,
Сексен аскер кашында,
Ондон-ондон бөлүнүп,
Кырк төрөсү көрүнүп,
Келеткан экен калкылдап,
Буудандары алкындап,
Тай чабымдай келгенде,
Алдыга чыкты баатыры,
Жети канды көргөндө,
Мен эрдигин билем деп,
Бокмурунду найзага,
Камчы илгендей илем деп,
Жакып кан деп үч айтып,
Манас кан деп күч айтып,
Серек-Сыргак жанында,
Копшоп койгон күү найза,
Аркандай болуп узартып,
Колумдагы сыр найза,
Бокмурунду бет алып,
Качырып калды узарып,
Кок күбөнү чечинип,
Айры төштү ачты эле
Качырып келип баатырың,
Найзаны кайгытып тартып
алганы,
Баракелде өзүңө,
Машыр алдым сөзүңө,
Ат ыргайдай болуптур,
Эр торгойдой болуптур,
Не башыңа иш түштү,
Жооп бере албайт Бокмурун,
Жоодурап карап турду эле,
Калк агасы кан Кошой,
Ээ балам нени сурайсың,
Беш кеменин боюна,
Бээни байлап салыптыр,
Кемегелер оюлат,
Күнүнө миңдеген бээлер союлат,
Тегеретип колго алып,
Терип этти жеп жүрөт,
Кооп туруп сийишет,
Колун жуубай киришет,
Талоон коюп каапырлар,
Талап тоноп жатышат,
Атты балам чапкын деп,
Мен ошондо көрдүн Манасты,
Калкамандын Кара аты,
Калктан чыккан ат эле,
Калкамандын Кара атын,
Камчылашып алды эле,
Калк жыйындын ичинде,
Алчыланып алды эле,
Эки тизгин бир чылбыр,
Оң бармакка илди эле,
Каапыр менен мусулман,
Экөөнү бирдей билди эле,
Токомандын Тор атын,
Топчуланып алды эле,
Топ жыйындын ичинде,
Топчуланып алды эле,
Эки тизгин бир чылбыр,

Оӊ бармакка илди эле,
Бардык журтту билди эле,
Көкөтөйдүн ашында,
Дөөлөр барды, мен бардым,
Качан досум сен бардыӊ,
Менин атам чоӊ Багыш,
Ээрчип жүргөн бала элем,
Досум, ошондо көрдүм Манасты,
Өзү билген ким экен,
Талоон койгон ким экен,
Чачкын кылып талкалап,
Ээ кылбаган ким экен,
Көрбөй жүргөн бар болсо,
Көрүнөйүн көзүнө,
Өбөктөтүп карысын,
Өксүтөйүн барысын,
Чилдей башын үзөйүн,
Баарын бирдей тизейин,
Туусун жыга саяйын,
Жекеге чыксын эр болсо,
Башын кеип алайын,
Коондой ичин жарабыз,
Канына мыктап тоёюн,
Сакалдарды жайылып,
Муруттарын карасаӊ
Чөлдүн кылканындай сайылып,
Күкүк болуп күүлөнүп,
Күӊгүрөнүп сүйлөнүп,
Бурулуп жолго салды эле,
Алда кандай болот деп,
Эки-экиден жобурап,
Жети кан арт жагынан кобурап,
Эми бурулуп жолго салганда,
Чыӊап койгон темирдей,
Эбей Таздын эр Үрбү,
Эми сөздү урганы,
Аягы талаа, башы Чүй,
Өзүӊ менен айылмын,
Баатыр түрү бузук каапырдын
Коӊурбайдын алдына,
Мааникерди тартсам дейм,
Эмине дейсиӊ кысталак,
Каапырдан коркуп нетесиӊ,
Каапырдан корксоӊ өлөсүӊ,
Менден сырды көрөсүӊ,
Айтып турган Үрбүнү,
Кара жаак булдурсун,
Чапса кулак тундурсун,
Оӊ колуна имерип,
Ойрон болгон Үрбүнү,
Чокуга көздөй жиберип,
Экинчи колду көтөртпөй,
Эл атасы кан Кошой,
Алып кетти Манасты,
Мен досум,
Ошондо көрдүм Манасты,
О досум, Ак келдим жаркылда,
Турган Манас тукуму,
Койгун досум кайталы,
Эртесинде болгондо,
Каапыр менен бусурман[1]
Ортосунда бакырды,
Ат чубат деп чакырды,
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айланта айда деп,
Мединанын беш бурчун,
Беш айланта айда деп,
Жаш айдарга тапшырды,

[1] Бузулман – деп жазылган

Таң машаардын күнүндө,
Колуңдан сүйрөп чыгам
бейишке,
Шайылдадан бата алып,
Алкып жолго салгын деп,
Айдадып жолго салыңар,
Атты айдап кеткенде,
Ырчылар келди жар айтып,
Багалектен алгандар,
Балбаның болсо алып чык,
Калдайган калың кара журт,
Баарың тегиз угуп чык,
Каапырлардын[1] кан Жолой,
Чечинип калды кирмене,
Жолум үйдөй чоң Жолой,
Олтуруп калды жөндөнүп,
Олтуруп калды комдонуп,
Кан Кошой турду камданып,
Сар арканы жайлаган,
Көк алан байлаган,
Көк өтүктүн өпчөсү,
Айдаркандын Көкчөсү,
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып мөөрөй алганга,
Жолобоймун Жолойго,
Жолу катуу каапырга,
Чиби ченди жайлаган,
Чийдей тору ат байлаган,
Эштектердин Жамгырчы,
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып мөөрөй алганга,
Жолобоймун Жолойго,
Жолу катуу каапырга,
Буту-колу устундай,
Кармаганын жуткандай,
Кармаганын булккандай,
Жолобоймун жолойго,
Сет кайынды жайлаган,
Суркоенду байлаган,
Жедигердин Чоң Багыш,
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып мөөрөй алганга,
Кошой аке коюңуз,
Жолбоймун Жолойго,
Кылычтын тоосу бир кучак,
Кылымдан чыккан эр Бурчак,
Таш коромду жайлаган,
Көк бууданды байлаган,
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып мөөрөт алганга,
Жолобоймун жакында
Колу катуу Жолойго,
Кыйды карап байлаган,
Чыңап койгон темирдей,
Сен кандайсың эр Үрбү,
Жыгып мөөрөй алганга,
Жолобоймун Жолойго,
Тогуз уулдун кенжеси,
Кудайдын сүйгөн пендеси,
Эламандын эркеси,
Опол тоонун кең талаа,
Кең талааны жайлаган,
Эламандын Эр Төштүк,
Сен кандайсың балбанга,
Кошой аке, кир десеңиз кирүгө,
Жер алдына киргеним,
Жети жылга болду эле,
Жер үстүнө чыкканым

[1] Капырлар – бир эле үнсүз «а» тамагасы менен берилген бардык жерде.

Жети күнгө толду эле,
Каным калды бир кашык,
Элим болду көп жашык,
Көп дөөнү союп чыккамын,
Ага балам эп эле,
Андап баса берди эле,
Кан Манаска келди эле,
Жакыптын уулу жаш Манас,
Кырк чорого баш Манас,
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып мөөрөй алганга,
Кошой аке кирейин,
Кой десеңиз коеюн,
Ага балам эп эле,
Андан баса бергени,
Кокус Манас жыгылса,
Таш булайын асылып,
Уранын катуу чакырып,
Желек өйдө түрбөйбү,
Бусурманды сүрбөйбү,
Араң турган каапырлар,
Оолжуп элге кирбейби,
Бура тартып келгенде,
Кошойду Манас кармады,
Жыгып мөөрөй алганга,
Атаңды көрү он беш ай,
Он бешимде болсомчу,
Ойрондотуп салбаймбы,
Жыйырма бешимде кезиксе,
Жылас кылып салбаймбы,
Кырк бешимде жолукса,
Кырбайт белем каапырды,
Атаңдын көрү элүү беш,
Эңкейтет элем каапырды,
Атаңдын көрү алтымыш,
Албайт белең каапырды,
Атаңдын көрү жетимиш,
Жебейт белең каапырды,
Атаңдын көрү сексен беш,
Жутат элем каапырды,
Атаңдын көрү токсон беш,
Жолуккан каапыр калмакка,
Журт атасы кан Кошой,
Калп үчүн намыс алмакка,
Бура тартып калды эми,
Кокуй Кошой токто деп,
Алтымыш беңиз бар экен,
Катының соргок жаш экен,
Шымың кыткыл болуп
калыптыр,
Багалектен алганда,
Далдалынан кетпейби,
Деп, – шымын чечип бергени,
Шымы батпай көпчүлүк,
Далдалынан айрылды,
Жети кандын шымдары,
Текши батпай койгону,
Манас келди удасы,
Серек менен Сыргагым,
Каныкейге баргыла,
Кандагайды алгыла,
Шымды бергин жеңе деп,
Сыргак сурап калды эми,
Кандагайды көтөрүп,
Каныкей өзү барды эле,
Бутун салып шымына,
Шымды кийип алганы,
Бурган кайыш караса,
Бугу тери өзү эле,
Бугу тери кайышты,
Ойдо карап ыктады,
Шымы ............. 256

Күкүк болуп сүйлөнүп,
Чачы кетти кырданып,
Каныкейге күүлөнүп,
Ачуусу келип сүйлөнүп,
Кызыл санап жайкалып,
Кырсыңы баскан Алманбет,
Каалгадай кашка тиш,
Калемпир кошкон сыр наспай,
Сабыр кылгын төрөм деп,
Алаканга салды эле,
Кытайдан жылкы алганда,
Кызыл кумга салганда,
Калмактан жылкы алганда,
Кара кумга салганда,
Жылкынын санын бастырып,
Күндү жайлап салганда,
Багелеги балкыпдап,
Узарып кетип калат деп,
Өзүңө төрөм аң.......,
Чыраштап койгон турбайбы,
Мына төрөм чырашы чыгып ......256
Журт атасы кан Кошой,
Шым Кошойго жарашты,
Чоюп тартып караса,
Шилидей болуп чоюлат,
Кое берсе кандагай,
Шилидей болуп жыйылат,
Манас балам ушуну,
Мен биротоло кийейин,
Эми шымдын жайын айтайын,
Абыкени баш кылып,
Алты мерген аткарган,
Эчкилүүнүн эки чат,
Эки мерген барганда,
Эчкилүүнүн кара зоо,
Текелер жайнап калганда,
Багылдырып койдуруп,
Чоң текесин аттыргам,
Чоң текенин терисин,
Бал кымызга салдыргам,
Төө көтөргөн төрт балбан,
Төрт балбанды алдыргам,
Бучкандарын бурдуруп,
Балбандарга ийлеткен,
Кемпирлерге бычтырган,
Өзү карап олтуруп,
Кыябына толтуруп,
Иштүү кыздуу .......257
Кууларды көлдөн алдырып,
Тарамыштан алдырган,
Шымды тарамышка салдырган,
Ак дил менен иштедим,
Тигишинин баарысын,
Аруукеге тиштетим,
Каныкей кылган кандгай,
Жоого кийсе шамдагай,
Шымды кийип алганың,
Шым сиздики Кошой деп,
Кошойдон бата сурады,
Каныкейдин талабы,
Айтылбай карап турабы,
Жыксаң да жыгылсаң,
Шымды кийип кетиңиз,
Каныкейди чакыр деп,
Кан Кошой тура калды ошол,
Кан баласы Каныкей,
Аңдып туган карасаң,
Кашкая түшүп Каныкей,
Кулдук урду жүгүнүп,
Балам, кулдугуң болсо кудайга,
Желкеге чачы жүн экен,

Күйүттү болчу неме экен,
Аягы такыр чаты кууш,
Туубас болчу неме экен,
Олуязаада кан Кошой,
Үч тилегим бар эле,
Бир тилегим ушу эле,
Кыбыланы бет алып,
Чөк түшүп Кошой олтурган,
Улукман аке карыга,
Байгамбар заба[1] барыңа,
Бир кудайга жар айтып,
Бил баштаган нар айтып,
Алдага амыр кылгын деп,
Заабадарга жалынып,
Күн төтөлөп өткөндө,
Таң бешимге жеткенде,
Оомийин деп кол жайып,
Алаканды мол жайып,
Дуба берип калды эле,
Капыр менен мусулман,
Баары тегиз кол жайып,
Бата кылып калды эле,
Келерки ушу маалда,
Эркек бала болсун деп,
Семетей болсун аты деп,
Беттеесе пенде албаган,
Азирет Аалы шер болсун,
Ааламды бузган эр болсун,
Изин кудай жолдосун,
Кырк чилтендер колдосун,
Бата берип балбанга,
Басып калды кан Кошой,
Өрмө чидер буттаган,
Өгүздүн жоору жыттанган,
Буруттун чалы кантет деп,
Бу кайсыга алы жетет деп,
Келсе менден өлөт го,
Деп ойлоп калды эр Жолой,
Ачуусу келип эр Кошой,
Капыр сени көрсөтүп,
Деп айтып күркүрөп,
Аны көрүп каапыр деп,
Тула бою дүркүрөп,
Кол сунуша келишип,
Билектен чапа кармады,
Булкуп алды билекти,
Карыса да эр Кошой,
Жолой дагы Кошой деп,
Жулуп алды билегин,
Алыш албай алышып,
Багелектен чалышып,
Кошойдун кармаган жерлерин,
Кара кочкул кан чыгып,
Буртулдап кандар караса,
Камандардай чалышып,
Ажыдаардай алышып,
Тизе тиккен жерлери,
Кемегедей оюлуп,
Күн төбөдөн өткөндө,
Так бешимге жеткенде,
Манас келип кашына,
Экөөнү эки чабамын,
Жыгыта албай калдың деп,
Анда Кошой сүйлөдү,
Таямалуу кул экен,
Таямалап турамын,
Жөлөмөлү кул экен,
Жөлөмөлөп турамын,
Эртең ушул убакта,
Кашыма келгин деп айтты,

[1] Заба – арабча сахаба аталышы

Эртесинде бешимде,
Келсе Манас кашына,
Кармаган жерлер оюлуп,
Эзилишип калыптыр,
Кошой аке гана деп,
Эми Манас сүйлөдү,
Бир кудайга жар айтып,
Пил баштаган нар айтып,
Жардам берчи алда деп,
Жата калып ыргытты,
Дөбөдөй болгон Жолойду,
Башынан аттап чоң Кошой,
Кетип калдды оройду,
Эр жыгытмай бар эле,
Баш аттамай жок эле, – деп,
Жолой салган чатакты,
Ээ Шыгайдын уулу Чынкожо,
Бул ишиңде чала бар,
Айтып бердим өзүңө,
Батадан бүткөн бала бар,
Төлдөй айрып канча сөз,
Барбаймын деп ойлоду,
Бирок Чынкожо мойноп болбоду,
Толтойдун сөзүн укканда,
Жамандардын баарысы,
Үйдү көрбөй калдым деп,
Саруулап турган мындан көп,
Катып алат эле деп,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Баарыбызды кырат бейм,
Канга затым толот бейм,
Кырып карап тургандай,
Кылычка ченеп бөлгөндөй,
Дагдарым баарың турасың,
Калктын баарын айнытып,
Кайраттарын кемитип,
Койгун Толтой сөзүңдү,
Кетсең Толтой кете бер,
Кетип көрү бириң деп,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Көтөрүп катуу кирди эми,
Айтканыма көнөсүң,
Айтканыма көнбөсөң,
Баарыңды берем калыңга,
Салып коем жалчыга,
Кырамын деп баарысын,
Кылыч алды колуна,
Аскерди салып Чынкожо,
Аларды салды жолуна,
Жаңырынып чебине,
Чеңи тозуп алам деп,
Келип калса Семетей,
Кыргын кылып салам деп,
Чепти көздөй жөнөдү,
Тоо жардырган дуу менен,
Ач кыйкырык чуу менен,
Жаңырына жатсын деп,
Өз алдынча бакылдап,
Чынкожо, Толтой барды эми,
Жайырыктын четинде,
Тоо жайыңган чуу болду,
Жер жаңырган дуу болду,
Баатырдын уулу Семетей,
Акылынан шашпаган,
Канча түмөн кол болсо,
Беттегенден качпаган,
Чынкожо менен Толтойдун,
Касаба туусу калкылдап,
Аргымак аттар алкымдап,
Очогор минип жаркылдап,
Кара аламан урушка,
Канча экени билинбей,

Карат менен калдайып,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Асманга чаңы айланып,
Аты кандай чыкты деп,
Ар ким муну кеп кылса,
Агасы Шыгай мына бул,
Дөө пери менен дос экен,
Жер алдында агасы,
Чынкожону жети жылы окут деп,
Дөө-periге бериптир,
Окуу менен байланып,
Асманга чыкты Чынкожо,
Карсылдатып киришин,
Ким экени билинбейт,
Тоо таянды урушуп,
Чынкожо, Толтой, Семетей,
Үчөө турат беттешип,
Асмандап жүрөт Чынкожо,
Семетей менен урушуп,
Эки чоро кыйкырып,
Душманды сайып жүрөт
тырышып,
Карагай найза кагышып,
Эки чоро Семетей,
Качпай кайра сайышып,
Долоно найза алышып,
Эки чоро Семетей,
Кан жүрөккө малышып,
Алышып жүрсө ал жолдон,
Алышкан жоого сан колдой,
Арканың жазбай өлтүргөн,
Мербендиги белгилүү,
Чапканын жазбай өлтүргөн,
Ыйыктыгы белгилүү,
Көзү куйрук көк чунак,
Көк жал баатыр Чынкожо,
Чамынгандан кайтпаган,
Бала баатыр эр Семең,
Көзү кызыл көк чунак,
Көкжал туулган Чынкожо,
Боору кары сырты көк,
Боолуп салган Чынкожо,
Болбой салды урушту,
Төрт түлүктү ногойдон,
Төрө туулган Семетей,
Аргын ногой элинен,
Артык туулган Семетей,
Эңкейиште эр сайып,
Мажиктин уулу Күлчоро,
Экини катар бир сайып,
Эки чоро Семетей,
Тобокелге салышып,
Айза менен сайышып,
Эки чоро Семетей,
Кылыч менен салышып,
Кыргын салып урушуп,
Канчоро менен Күлчоро,
Кыйып[1] жанды урушуп,
Буту сынган мындан көп,
Муңканып жаткан андан көп,
Колу сынган андан көп,
Кокуйлаган жандар көп,
Чынкожо менен Семетей,
Асманда жүрөт атышып,
Буурулду коюп кермеге,
Арча тору бууданды,
Атышууга минди эле,
Ок жаңылып бууданга,
Үстүнөн төрө кулады,
Шыгайдын уулу Чынкожо,

[1] Кыяп – деп туура эмес жазылып калган

Семетейди сойдум деп,
Ал аңгыча болбоду,
Төрөсү аттан калган соң,
Мажиктин уулу Күлчоро,
Күндү жайлап салды ошол,
Бүркөктөн көзү көрө албай,
Чынкожо жүрөт карашып,
Ал аңгыча карасаң,
Канчоро, Толтой сайышып,
Аны көрүп алышып,
Он экиде Күлчоро,
Бурулуп жолго салыптыр,
Күлчорону көргөндө,
Тоодой болгон эр Толтой,
Качып берип кутулду,
Чептеги Тайбуурулду мингизип,
Күлчоро Семетейди кара
Үңкүргө киргизди,
Канчоро туруп сөз урду,
Беттешкен киши көр экен,
Чынкожо, Толтой зор экен,
Ок-даарысы түгөнүп,
Ойрон жандан түңүлүп,
Камбардын уулу Канчоро,
Тайбуурулу абаке,
Чынкожого тарталы,
Аман үйгө кайталы,
Деген сөздү салганда,
Күлчоро эми күүлөнүп,
Бул кебиңди ит уксун,
Буурулду берди дегиче,
Туйгунуң өлдү десеңчи,
Мен ажалым жетсе өлөмүн,
Туубай туна чөгөйүн,
Чынкожо менен Толтойго,
Чүрөктү кантип берейин,
Тирүүлөй Чүрөк бергиче,
Мындан көрө өлөйүн,
Үнкүрдөн чыгып Күлчоро,
Тайбуурул менен чыкканы,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Бу да келет жаланып,
Күлчоро келет каранып,
Күйүгүп турат күлүдөн,
Чыгып түшүп караса,
Келаткан экен эр Толтой,
Чоңдугу тоонун зарындай,
Манас кан деп үч айтып,
Семетей деп күч айтып,
Тоодой болгон Толтойду,
Качырып калды Күлчоро,
Айчүрөк чыгып эпеңдеп,
Эки чоро баатырдын,
Эрдигин бүгүн көрөм деп,
Эринип чыгып келатат,
Суркоендун үстүндө,
Эки көзү алактап,
Толтой качып келетат,
Он эки жубан отуз кыз,
Толтойду көрүп күлүштү,
Чынкожо далай эр эле,
Ааламды бузар эр элең,
Жети жашар баладан,
Жедигердин ит Толтой,
Жети айланып качпай кал.
Ардыгынан өлө албай,
Намысынан келе албай,
Кайра тартты эр Толтой,
Найза менен сайышып,
Он экиде Күлчоро,
Камчы менен салышып,
Бүлдүркө колдо алышып,

Чоюн баш менен салышып,
Айдалыда дүп этип,
Кыр аркага күн этип,
Алышып булар жаканда,
Канчоро келип айдады,
Тоодой болгон Толтойду,
Чоң чынарга бек таңып,
Эки чоро байлады,
Канчоро менен Күлчоро,
Жети-Суу толгон малым бар,
Алты суу толгон элим бар,
Семетейге айтып бар,
Эки тизгин бир чылбыр,
Мен силерге берейин,
Айткан сөзгө көнөйүн,
Айдаса жолго кирейин,
Талга таңып Толтойду,
Суркоенду бош коюп,
Олжого алып бууданды,
Соогат, аба, соогат деп,
Эки чоро жарышып,
Үзөңгүсү кагышып,
Соогат деп чоро барышып,
Чылбырды берип калышты,
Канчоро менен Кулчоро,
Эки бирдей эгизим,
Айланайын мына бу,
Жоо бөрүсү тегизим,
Кылыстык кылып чылбырды,
Ортоңорго ыргытам[1]
Күлчоро туруп сөз урду,
Толтойду байлап таштайлы,
Эки тизгин бир чылбырды,
Семетейди алсын дейт,
Убадамды берем дейт,
Ушуну айтты Күлчоро,
Анын сөзүн не дейсиң,
Көргөзбөгүн көзүмө,
Жолобогун өзүмө,
Коондой башын кескиле,
Казандай болгон карабаш,
Кылычтап кесип таштайлы,
Тоодой болгон чоң Толтой,
Жерди биротоло такталды.
Он экиде Күлчоро,
Тумакды эми түрүлүп,
Күндү бүркөп асмандан,
Булутту ачты сүрүлтүп,
Көк ала кылып асманды,
Асман жагын караса,
Буурулду минип булкунтуп,
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Күлчоро жүрөт булкунтуп,
Күлчорону көргөндө,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Семетей өлгөн турбайбы,
Атадан калган аколпок,
Силкип кийип Күлчоро,
Айлантып кетсе алты атаар,
Тегеретсе жети атаар,
Атадан калган аккелте,
Майлып менен майлады,
Куржундакы[2] даарыны,
Кур дедире салды эле,
Кой башындай коргошун,
Колдурата салды эле,
Ала булут айланып,
Көк ала болуп сүрүлүп,

[1] Кашага алынып «Ыргытканда чылбырды Күлчоро илип кеткен» жазып койгон
[2] Куржун бакы – деп киге бөлөп жазып койгон

Чынкожо атып кирди эле,
Семетейди сойдум деп,
Эми сен тирүү келсең деп,
Айланайын алла деп,
Атам Манас колдо деп,
Ата кудай берсе сени деп,
Көргөзөөрмүн сени деп,
Чынкожо жакын келгенде,
Жата калып Күлчоро,
Жаратканга жалынып,
Жата калып ......266
Жаадай туруп атканда,
Кырк канаттуу кара атын,
Канаты кетти быркырап,
Чынкожо түштү чыркырап,
Атадан калган нар кескен,
Ачуусу келсе доо кескен,
Ар кескенди алды эле,
Казандай болгон кара баш,
Калдайта чаап салды эле,
Туугандан чыккан душмандын,
Сөөгү сөпөт болсун деп,
Өрт коюп сөөгүп кеткени,
Алмамбеттин Күлчоро,
Абаке баатырлыгың бар болду,
Караткан өзү жар болду,
Толтой менен Чынкожо,
Катары менен сойдум деп,
Төбөсүнөн басам деп,
Булардын төрт түлүгн чачам деп,
Күлчорону мурдатан,
Ар кайсы дөөлөр кен кылган,
Бээжиндеги Коңурбай,
Атын угуп шек кылган,
Жебеси болот өп деген,
Өзүн бала дебесе,
Жети арышта жок деген,
Атасы баатыр Алманбет,
Карадан тууп бат болгон,
Жаратканга ак болгон,
Алманбеттин баласы,
Тилегинен берген бул,
Тилегин кабыл кылган кул,
Кермеге атын байлаган,
Күлчоро айза салганда,
Кездешкен жоосун жайлаган
Айланып учаар куш кылган,
Атасы баатыр Манаска,
Айланайын бар кудай,
Алманбетти туш кылган,
Көк кайыңдын тукуму,
Көргөн жоосун куткарбас,
Алмамбеттин тукуму,
Чынкожо менен Толтойду,
Катары менен сойду деп,
Канына мыктап тойду деп,
Түлкүнүн уулу Түмөнбай,
Турсундун уулу Каманбай,
Семетейди бул жерден,
Эрдигин эми көрдү деп,
Чынкожо, Толтой бул экөө,
Катары менен өлдү деп,
Семетей менен Күлчоро,
Бул экөөнө баралы,
Кудай берип салды деп,
Чынкожо, Толтой өлдү деп,
Олжону бөлүп алалы,
Жекирди кудай буларга,
Жайга келип сөз айтсак,
Айткан сөзгө болбоду,
........268 алды эле,
Чынкожо, Толтой ааразы,

Өздөрү келип оңбоду,
Манастын уулу Семетей,
Ааламды бузган эр экен,
Беттегенин мерт кылган,
Пендеде жок шер экен,
Каманбай баатыр билдиңби,
Олжого мыктап кирдиңби,
Тилекти кудай бергенде,
Олжого түмөн киргенде,
Адамдан башка эр экен,
Карындаш курган Чүрөктү,
Издегени эп экен,
Бул өндөнгөн баатырга,
Кантип кызды бербейбиз,
Бул өңдөнгөн баатырды,
Байкап колго алалы,
Кызыгат душман көп эле,
Кызылыш болгон күндөрдө,
Семетейге кабар салалы,
Тайбуурул турса мамыда,
Байкадыңбы каманбай,
Күлчоро турса жанында,
Ким деген киши бат келет,
Жоосун жоолап алганда,
Душманың басып салганда,
Алладан буйрук көрдү да,
Чынкожо, Толтой өлдү деп,
Чынкожо, Толтой баатырды,
Өлгөнүнөн калганы,
Семетейди тааныды,
Чынкожо менен Толтойго,
Убалыбыз жетсин деп,
Каза жетип өлбөдүң,
Тирүү үйдү көрбөдүң,
Кол куурушуп сайышып,
Өлгөнүнөн калганы,
Кыргын болду сеңирде,
Мындай болбойт өмүрдө,
Ал аңгыча болбоду,
Тулпардын баарын тизишип,
Канчоро менен Күлчоро,
Кермеге буудан байлаган,
Кездешкени Толтойду,
Катары менен жайлаган,
Эми бекер туруп жок,
Түгөндү эми уруш жок,
Күлчоро менен Канчоро,
Ушуну айтып турушуп,
Бул жалганда пул керек,
Пайдалашка кул керек,
Алтын-күмүш зар алып,
Дүнүйөнү мол алып,
Чынкожо толтой элинен,
Эчен түрлү кул алып,
Жыйнап келди ат алып,
Ат алганда бат алып,
Кан Акундун алдына,
Куда болуп кой союп,
Кулдук уруп той союп,
Башына кебез байланып,
Жейренчинин бозтулпар,
Токсон атты айдатып,
Канчоро менен Күлчоро,
Дүнүйөнү мол алып,
Эчен түрдү кул алып,
Көргөн адам кубанып,
Кан Акундун алдына,
Кулдук уруп кол берип,
Куда болуп кол берип,
Кудалашып жайланып,
Куданы кирип жайлады,
Тулпарларды байлады,

Жеңе желип желкелеп,
Кыздар келип көйкөлүп,
Көкөндөгү көрктүүлөр,
Көп сүлөөсүн бөрктүүлөр,
Сыпайычы сынчылар,
Суудай каштуу тунуктар,
Каалгадай тиштүүлөр,
Калктан чыккан иштүүлөр,
Күйөөнү тосуп калышты,
Сугат чыңын сугалак,
Суудан балык кубалап,
Бу да тосуп келишти,
Аштыкчынын аркар көз,
Сүйлөгөнү ширин сөз,
Бу да тосуп келишти,
Момокойдун Болуйтаз,
Бактысы баштан кетпеген,
Кабарын угуп жетпеген,
Бектин кызы Бегимтаз,
Мелтиреген сулуудан,
Кандын кызы Канымжан,
Кайкалаган сулуудан,
Кандын кызы Акылай,
Өзү сынчы капырай,
Кыздын башы кызыл кыз,
Урумдан чыккан узун кыз,
Ийне салып мойну кез,
Издеп тапкыс кара көз,
Кандын кызы Калыйман,
Сүйлөгөнү ширин сөз,
Чынкожо, Толтой өлдүбү?
Тилекти кудай бердиби?
Кан жездем эми келдиби,
Жездемдин жүзүн көрөлү,
Бу дүнүйө жалганда,
Күйөөчүнүн сүрөлүк,
Өзөн башы улуулар,
Кичүү үкү сиңдилер,
Жездени тосуп берсеңчи,
Салтанаттуу күн болсо,
Жуманын кадыр түн болсо,
Калыймандан кат келди,
Баарысына эп келди,
Бачайы көйнөк шоодурап,
Баарысы келди жоодурап,
Селкинчек бакан курушуп,
Кызыкты көрдү келишип,
Бул дүнүйө жалганда.
Чукурантып ойготуп,
Ак жыландай толгонтуп,
Кеги бардыр ичинде,
Чачыкейге баягы
Айткан кебин ойго алып:
– Кое бергин чачымды,
Желдеттерге чакырып,
Алайынбы башыңды?
Койнума колуң салгандай,
Эмчегим кармап алгандай,
Аласа жарың мен эмес.
Алыстан келген жолоочу
Абийириң менен кайтып кет,
Ал-акыбалың баарысын
Жолдошуңа айтып кет...

## ИСА ЖУМАБЕК УУЛУНАН ЖАЗЫП АЛГАН «СЕМЕТЕЙ» ЭПОСУНДАГЫ АТАЛЫШТАР

### АДАМ АТТАРЫ

Манас
Абыке
Көбөш
Бакай
Семетей
Айчүрөк
Маңкара
Каныкей
Күлчоро
Канчоро
Чыйырды
Каракан
Аалы баатыр
Коңурбай
Абыке
Көбөш
Калча
Мажик
Күлчоро
Музбурчак
Жолойдун уулу Төрөкул
Канчоро
Шыгайдын уулу Чынкожо
Бадигер
Багыш
Акун
Жедигердин эр Толтой
Карасарт
Сары кыз
Элчике
Калыйман
Шаатемир
Чачыкей
Кара кыз
Алооке
Төштүгү
Элеман
Малабек
Сынчыбек
Борколдойдун Канымжан

### ЖЕР-СУУ АТАЛЫШТАРЫ

Букар
Ара-Көл
Үч Маргалаң
Кең-Талаа
Ала-Бел
Кыл-Эртыш
Маргалаң
Ак-Адыр
Кокон
Ак-Инек

Кара-Буура
Чаткалда
Анжыян
Ала-Көл
Алайды,
Чет-Кайың
Ак-Ийнек
Жети-Суу
Үргөнч
Бээжин
Кең-Кол
Туюк-Төр
Талас
Кең-Сай
Жумгал
Кызыл-Бели

Кызарт
Кочкор
Ач-Кайкы
Кең-Сайды
Кара-Бел
Кара-Суу
Туюк-Төрдүн
Сары-Бел
Күркүрөө
Боз-Адыр
Айдын-Көл
Тар-Көл
Сары-Бел
Көк-Кайкан
Кашкар
Анжиян

## ЭТНОНИМДЕР

Кытай
Үч-Кошой
Манжу

Бурут
Аргын
Ногой

# ДУНКАНА
# КОЧУКЕЕВ

## КИРИШ СӨЗ

Белгилүү Семетейчилердин бири болгон Дункана Кочукеев азыркы Нарын районуна караштуу Эчки-Башы айылында 1886-жылы туулган. 1930-жылдарда айылдык кеңештин төрагасынын милдетин аткарган. Кийин көп жылдар бою чабан болуп, ардактуу эмгек өргүүгө чыккан. Дүйнөдөн 1981-жылы кайтыш болгон.

Дункана Кочукеевдин вариантындагы Манас үчилтиги Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу Кол жазмалар фондунда сакталып турат. Кол жазма кирилл арибинде Кыргыз ССРинин Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун илимий кызматкерлери С. Бегалиев, Р. Сарыпбековдор тарабынан жазылып алынган. Манас бөлүгү 4 дептерден турат (инв. № 248, 1,2,3,4), Семетей бөлүгү 5 жана 6 дептер (инв. № 248, 5,6) болуп уланып кеткен. Манастын балалык чагынан башталып, Манастын эли-жерин издеп, кытай-калмакка кор болбой жерибизге кайталы деген суроосу менен уланат. Манастын Алоокени чапканы, Колдун чоң-казатка жүрүшү, Алманбет-Чубактын окуясы, Чубактын сыны, Жарыш, Алманбеттин жомогу аттуу ири эпизоддор орун алган. Көпчүлүк тексти Чоң казаттын башталышы жана Көкөтөйдүн ашы эпизоддорун камтыганы менен анын айрым бөлүктөрү Семетейде эскерүү катары берилген. 5 жана 6 дептерде Семетейдин төрөлүшү анын Үргөнчкө жөнөгөнү менен башталса, өзүнчө жазылган 1, 2, 3 (инв. № 249 (А), 1,2,3), 4 (инв. № 249 (Б), 4) - дептерлеринде Дүрбү, Калдайган шым, Ай балта, Сыр найза окуялары уланып, чиеленишип Манастын кунун кууганы менен аяктайт. Сейтек бөлүгү эски форматтагы пленкага жазылган.

Манас бөлүгүнө караганда Семетей бөлүгү кеңири берилген. Д. Кочукеев Семетейди деталдуу айтканын майда окуялардын ирети менен жайгашканынан улам көрүүгө мүмкүн. Өз убагында кандайдыр бир деңгээлде чоң Семетейчилерден болсо керек. Анткени Манастын образына караганда Семетейдин образы толук көркөм сүрөттөлүп берилет. Д. Кочукеевдин

айтуусуна караганда 7 жашында түшүнө Семетей, Күлчоро, Канчоролор кирип бизди элге угуз дешкен. Д. Кочукеев 3 жыл айтпай жүргөндө Семетей түшүндө найза менен нукуп кеткенден кийин айта баштаган. Бир канча мезгил өткөндөн кийин Манас, Алманбет да чалгынга кетип баратышкан абалында түшүнө кирет, бизди айткын деп буйрук бергенден кийин Манасты айта баштаган. Белгилүү Семетейчи Тыныбыктен таалим алып, жанында көп жүргөн. Экөөбүз тең тынымсейиттин торгой уруусунан болобуз – деп баса белгилеген Д. Кочукеев (инв. № 248, 1).

Окуялар бир калыпта айтылып, катчылар тарабынан жазылган айрым жерлерде үндүү жана түгөйлүү үнсүз тыбыштардын орун алмашып жазылышы жана сөздөрдүн толук эмес интерпретацияланышы кездешет. Аларды одоно ката катары кароого мүмкүн эмес. Биринчиден катчылар шашып жазгандыктан кыскартышкан, экинчиден катчылар бири-бирин толуктап оңдогондуктан бир жазуунун үстүнө экинчи бир жазуу түшкөнүн көрүүгө болот. Бирок көпчүлүк саптар айтуучунун оозунан кандай чыкса ошондой абалда кагазга түшүрүлгөндүгү билинип турат. Манас, Семетей бөлүктөрү жазылып алынган мезгилде Д. Кочукеев 79 жашта, Нарын өрөөнүнүн Эчки-Башы айылынын тургуну эле.

Манас, Семетей бөлүгүнүн толук тексти кол жазмада кандай болсо бул китепте дал ошондой жарык көрүп отурат. Жер-суу аттарынын аталышы, каармандардын ысымдары, саптардын өзгөрмөлүү кайталанышы турган-турпаты менен берилди. Анткени манасчынын айтуучулук өзгөчөлүгү да ошондо катылып тургандай. Д. Кочукеевдин варианты башка варианттар менен салыштырылып, ири эпизоддордон тарта образдар системасы, мотивдер жана жаныбарлар дүйнөсү изилденүүгө муктаж.

Дункана Кочукеевдин айтуусу боюнча Манас, Семетей бөлүгүнүн толук варианты бул китепте камтылып, биринчи жолу басууга даярдалды. Китеп жалпы окурмандарга, филология багытындагы адистерге, Манас эпосуна кызыккан күйөрмандарга арналат.

***Ч. Айтматов атындагы***
***Тил жана адабият институтунун***
***илимий кызматкери***
***Зарина КУЛБАРАКОВА***

# МАНАС

Алооке менен Жез билек,
Эки кытай ээлигип,
Кутурган иттей жээлигип,
Он илек аскер ээрчитип,
Бээжинден чыгып келгенде,
Ала-Тоодо кыргызды,
Бир жылы үч сапар алып алганда.
Капырдын кысымына чыдабай,
Суугуна туралбай,
Кыргыздын алды кеткен эреңге,
Ортосу кетти Ооганга.
Тырмагы тийбей кытайдын,
Каңгай кыргыз соо калды.
Он илеп аскер артыңда,
Кыргыздын Ала-Тоого келгени,
Алооке менен Жез билек,
Айдап жүрүп буй кылды.
Алтай менен Каңгайга,
Кара Калпак тыргооттун
Түтүнүнө куп кылды,
Эки кытай ээлигип,
Зордукту башка салганда,
Калың кыргыз кытайын,
Ала-Тоодон куулду.
Алтайга тентип бергенде,
Ошондо Манас туулду.
Кайра кайдан түрп тууду,
Карапайым Жакыпбек,
Манасты аргы менен тик тууду.
Ошо менен жер болду,
Кабарын уккан капырдын,
Как эле жүрөгүнө зер болду.
Сурай берди Манасты –
Силерде ата конуш барбы деп,
Же жеринен кара калпак тыргоот турат,
Бу кыргыз үйүндө туулган кулбу деп,
Сурай берди Манасы,
Көптү каргап карысы,
Узун кулак сарысы,
Ушунга Кыргыз баарысы,
Айланайын Манас ай,
Алооке менен Жез билек,
Он илеп аскер ээрчитип,
Жерден айдап чыкканда,
Арадан эген бел калды,
Ата конуш ушу эле,
Биздин Ала-Тоо деген жер калды.
Ала-Тоо жердеп турганда,
Калың кыргыз калайык,
Мына ошондо көргөн жыргалды,
Айдалып келип калың журт,
Кайран жерден кур кылды,
Айдалып жүрүп буй болдук,
Кара калпак тыргооттун,
Мунун түтүгүнө куп болдук,
Деп ошентип калың журт,

Буркурап ыйлап турганда,
Ошондо мына муну айтат,
Ата конуш барасың,
Өлбөсөң Ала-Тоону көрөсүң,
Чабарманды жоготуп,
Үч жылга чейин калың журт,
Бир таптууңар туубасын,
Кочкорду биттеп ирик кыл деп,
Койдун баарын түрк кыл деп,
Буканы биттеп уй кыл деп.
Үч жылга чейин калың журт,
Бир күн аның туубасын,
Айгырды биттеп ат кыл деп,
Үч жылга чейин калың журт,
Бир байталың туубасын.
Манастын тилин алышып,
Мунун аркасы тийет бизге деп,
Кочкорду биттеп ирик кылып,
Буканы биттеп уй кылып,
Мына эрге жетип эр болуп,
Калың кыргыз журтуна,
Эрбейип атка мингенде,
Манас он үч жашка толгондо,
Алтай менен Күңгөйдөн,
Кара Калпак Тыргоотту,
Манас бир жылда алты ташты
үй кылып,
Айгырды биттеп ат кылып,
Ала-Тоодой кыргызды,
Кара калпак Тыргооттон,
Айрып чыкты жат кылып,
Жаккан отун өчүрүп,
Алтай менен Каңгайдан,
Ата конуш барам деп,
Манас айрып чыкты көгөрүп,
Жылуу жерди кыштатып,
Суук жерди жайлатып,
Түрк болгон мында айдатып.
Манас үч жылда келди Ала-Тоого,
Булактын башын муздатып.
Ала-Тоого келгенге,
Жардын барын байытып,
Манас кайра чаап калмакты,
Сай сөөгүң сыздатып,
Ошондо келди Ала-Тоого.
Манас он алты жашка толгондо,
Көчүп келип Ала-Тоо,
Конушуна конгондо,
Тентип келген туугандар,
Кайра конушуна келди деп,
Ак тууңун алдынан,
Антип-минтип алдынан,
Аман келдиң үйүңөн,
Сайдагы сары талаадан,
Калың ойгут журтунан,
Токсон түрлүү мал айдап,
Тегерегин бүктөтүп,
Тилекти кудай берди дейт,
Калың ойгут журтунан,
Үйрүлүккө мал айдап,
Кан Жакыптын алдына,
Ошондо Ак-Балта келди дейт.
Ай асманда козголуп,
Жакып менен Ак-Балта,
Манас менен Чыйырды,
Ошондо ат башындай ак куран,
Ошондо ташка койдуруп,
Чубак менен Манасты,
Ай асманда козголуп,
Акыреттик дос кылып,
Жакып менен Ак-Балта,
Көңүлүн эми кош кылып,

Убаданы бек кылып,
Оозунан өлүк кебир төрт кылып,
Калың кыргыз калайык,
Башын каткан жер ошол,
Чубак менен Манасың,
Экөө кыргыздан чыккан эр ошол.
Манас, Чубак дос болуп,
Алакандай кыргыздын,
Көңүлү туура кош болуп,
Бакай, Чубак, кошулуп,
Манас, Манас болгону,
Манас атка конгону,
Ала-Тоодо калмакты,
Жердик болгон калмакты,
Жерден айдап чыгарды,
Калмак менен кармашып,
Кылычты канга сугарды.
Бакай, Чубак, Манастын,
Бул Кашкарга барышын,
Алоокедей кытайга,
Болоттон айда сүрүшүп,
Манас сайып үч алды,
Чубак сайып үч алды,
Бусулман минтип күч алды.

## МАНАСТЫН АЛООКЕНИ ЧАПКАНЫ

Алоокедей кытайга,
Манас арманды катуу салганы,
Бир жылда үч сапар келип алганы,
Алганын жыйып алганы.
Чубак чыгып сайышып,
Калыңдын доосу Алоокең,
Үч сапар сайып алганы,
Ак-Балта менен Чубагы,
Бир жылда үч сапар алым алганы,
Бир жылда үч сапар алым алганда,
Миң жан бүлү байлары,
Кан Чубактын каарынан,
Айкөл Манас каарынан,
Эшеке жетпей калганы,
Бээжинден келген Ала-Тоо,
Булардын кылыгына чыдабай,
Бээжинге качып калганы,
Атасы буруттан качты деп угуп,
Ала көөдөн Коңурбай,
Теминчидей телпилдеп,
Сап билектей кара чач,
Согончокто селкилдеп,
Асаба колдо калкылдап,
Алоокенин Коңурбай,
Кыз айткан кезде жаркылдап,
Жакут айнек шуру таш,
Так талаада жалтылдап.
Көөкөрдөй болгон чоң кезде,
Көрүп турсаң,
Оң жамбашта жалкылдап,
Сом таш менен ак чийден,
Алоокеңге кезикти,
Ата сен кайра тарткан бу жерден,
Буруттан келген сен ата,
Улуу айдап бул кылып,
Буруттан чыккан үч бала,
Үчөөнү сайып түшүрүп,
Өз астыңа кул кылып,
Бурутка кан көтөрүп өзүңдү,
Бээжинге кайра кетет деп,
Алоокенин Коңурбай,
Кеңирсинген чоң Кангай,

Минтип сүйлөп турганда,
Алоокең туруп мунун айтат,
О Коңур билсең атпай too
калбайт,
Бекерге коңур эрсинтпе,
Буруттун калкы Манастын,
Айттырбай келген Чубакты,
Өмүр чалдын Бакайы,
Булардын Бээжинин,
Коңур ою келбейт,
Кеткениң ашпай тоо калбайт,
Калп эле Коңур эрсинбе,
Буруттун каны Манаста,
Өлүң чалдын Бакайы,
Акбалтай кандын Чубагы,
Калп эле Коңур эрсинбе,
Каканчы мындан соо калбайт,
Бедөөңдүн жолун өрүк ал,
Буруттун каны Манасты,
Өлүң чалдын Бакайы,
Ак-Балтанын чубагы,
Бекерге Коңур эрсинбе,
Үчөөнү Бээжинден күтүп ал,
Алооке жалын өрүп ал,
Күч кубатың толгондо,
Буруттан чыккан үч бала,
Муну сен Каканчыңдан көрүп ал,
Калп эле Коңур эренби,
Жүргүн Коңур кетебиз,
Коңур менен Алооке,
Бээжинге кирип кеткенди,
Алоокедей кыргызды,
Санаасы тынып моминтип,
Ала-Тоо жерден жатты эми,
Манас, Чубак баш кошуп,
Калмактардан кутуруп,
Барып чапты Ооганды,
Мындан Маргалаң кайдан
соо калды,
Манас, Чубак баш кошуп,
Карга он бугу барып төп келди,
Он эки кеткен арканда,
Кең коно бошоп ачканда,
Отуз чалдын баласы,
Соогат сиздеп келгенде,
Алты миң кайман тоо берип,
Олжо берип турганда,
Акбалтанын Чубагы,
Акырет алган жан экен,
Актай түрктүн журтунан,
Аскер башы кан экен,
Акбалтанын Чубагы,
Атпай түрктүн журтуна,
Аскер башы кан болуп,
Уккан бенде дал болуп,
Чубак, Манас эки шер,
Ангилис жолун чалганда,
Немецтин журтун талкалап,
Букара кылып алганда,
Мындай Чубак кан экен,
Расийин кыйратып,
Сары башыл болгон орустун,
Кепесинен чыгарбай,
Катын кызын ыйлатып,
Калганын балталап,
Орустун каны сом темир,
Ээринбеген чоң темир,
Сом темирди кыйратып,
Алым алып турганда,
Акирет алган жан экен,
Акбалтанын Чубагы,
Ошондо аскер башы кан экен.

Ошондо Чубак менен эки шер,
Кашкарга бүлүк салганда,
Кытайдын чоң Бурканын
талкалап,
Жоодар чачын бек байлап,
Алооке канды кубалап,
Кашкардагы Кытайды,
Олжо кылып алганда,
Кылычын кыя байланган,
Түгөйү жок найза алган,
Боору кара сырты көп,
Борумдуу тууган кан Чубак,
Катылышар тоосу жок,
Урунуучу тоосу жок,
Манас, Чубак эки шер,
Мына минтип жатканда,
Кызыка кыргыз батканда,
Эламан байдын Эр Төштүк,
Жоодарыга той берип,
Коногуна кой союп,
Түштүгүнө бээ союп,
Элеман баласы Эр Төштүк,
Түндүгүнө Эр Төштүк,
Сүт бото тойлоп төө сойгон,
Ошол тойдун үстүнө,
Алты канды чакырды,
Кан Тейиштин тоюнда,
Манас барып чапты Ooганды,
Мындан Маргалаң,
Кай бириси соо калды,
Манас жетип чапты Ooганды,
Мындан Жетпайтын,
Кайдан соо калды.
Манас көз каранды кылганы,
Бизди чаап багынтып,
Манас алты кат кылып турганы.
Алтыны айтып туу алып,
Айгайлан чуугa алып,
Баталашып алты кан,
Биз Манаска баралы,
Ушул тойдон тарабай,
Үй үстүнө туу тигип,
Манасты чаап алалы,
Көз каранды кылалы,
Манасты минтип алып тыналы.
Деп ошентип алты кан,
Төшкө куран коюшуп,
Убаданы кылышып,
Түрмөктү найза түрүлтүп,
Ошо тойдон тарабай,
Манаска найза сунушуп,
Атаңдын көрү алты кан,
Манасты чаап алат деп,
Айыл үстүнө барганы,
Тууну тигип салганы,
Кап ошону көргөндө,
Айкөл Манас көк жалдын,
Ачуусу келип калганы,
Атаңдын көрү алты кан,
Айталбай сөздөн тантыган.
Армынкаш болуп жүрчү эле,
Найза сунуп түз тайып,
Менин айлыма келгени,
Атаңдын көрү алты кан,
Минтип бокту кечип,
Элчиликке келдиби,
Жоо чуруна келдиби,
Деп ошентип Манастын
Бетинен беш байпактык
түк чыгып,
Кан ичмесин карматып,
Оозунан көбүк буркулдап,

Ачуусу келип зуркулдап,
Оозунан кан түтүнү буркурап,
Ошо кезде Манастын
Чын ачуусу келиптир.
Көзүнөн көк жалын күйүп
шыркырап,
Кармаган жерди сыр найза,
Сабынан сынып быркырап,
Акбураны эр минип,
Сыр найзаны өңөрүп,
Ак келтени асынып,
Кылычын кыя байланып,
Ай балта жанга салынып,
Ачуусу келген Манас кан
Бүтүн кырып салам деп,
Аккула минип жулкунуп,
Оолукмасын карматты.
Бакай менен Алманбет
Ак күлдөй буудандын,
Суулугунан бек кармап,
Доолулук кылбай сен Манас,
Ачууңду койгун деп кармап,
Суулуктан кармап турганда,
Койгун Манас кеп уккун,
Туу көтөргөн алты кан
Элчиликке келдиби,
Жоочулукка келдиби,
Алманбет менен кан Бакай
Арага биз экөөбүз баралык,
Жообун сурап келелик,
Душмандык кылса алты кан,
Кечээ сенин кол астында
жүрчү эле,
Сенин кырк чороңду ээрчитип,
Жазасын колго берели.
Бакай менен Алманбет,
Деп ошентип эки шер,
Соолуктурду Манасты.
Жаратканга жалынып,
Алманбет менен эр Бакай
Жарагын жанга салынып,
Бакай менен Алманбет,
Арага экөө барганда,
Айдалып жүргөн алты кан,
Алманкаш болуп жүрчү элең,
Элчиликке келдиңби,
Же жоочулукка келдиңби,
Кылкылдаган каның көп алып,
Сен айылга келдиң туу жайып,
Чыныңды айткын алты кан.
Бакай менен Алманбет
Өңү кетип бузулуп,
Кан ичмесин карматып,
Оозунан шилекейи куюлуп,
Минтип айтып турганда,
Анык көркүн алты кан
Кошойдун тилин албастан,
Чыйрыгып калган алты кан,
Коркконуна чыдабай,
Манастын каарын көргөндө,
Айталбай сөздөн токтогон.
Биз элчиликке келдик деп,
Жоочулукка келбедик.
Олуя Кошой абамды,
Ак туусун эми көтөртүп,
Башчы кылып алсын деп,
Бээжинге баштап барсын деп,
Бээжиндеги кытайдын,
Бизге олжо кылып берсин деп,
Конокко келдик алты кан.
Коркконуна чыдабай,
Алты кан минтип айтып турганда,

Олуя Кошой абакең
Абаңдын көрү алты кан,
Айталбай сөздөн тантыган,
Ушу турган Манасың
Бээжинден олжо алат деп,
Атпай түрктүн тукумун,
Аскер кылып бу Манас
Айдап жүрүп кырат деп,
Эми сенин аягыңа чыгат деп,
Бээжин оңой жер эмес,
Кытай оңой эл эмес.
Атаңдын көрү алты кан,
Айткан Бээжин жериңиз,
Эңкейип барып чабууга,
Эрден, зоока эл эмес,
Барып чаап алуучу,
Атаңдын көрү алты кан,
Мерген аңдын серт эмес,
Алманбет менен эр Бакай
Алты кандан кан үчүн,
Бээжинге барат деп
Бакай менен Алманбет,
Манаска кайра келди эми,
Кабарын айтып турду эми.
Эң эле жакшы болот канталым,
Андай аттуу күн кайда,
Эми жакшы болот Бакайым,
Мындай аттуу күн кайда,
Туу көтөргөн алты кан,
Айылга алып кел деди,
Коноко бөлүп ал деди.
Кырк чорону чакырып,
Алтындай зер болбосо,
Элге кайта барды эми.
Эр сырттаны Төштүктүн,
Бир илек колун ээрчитип,
Конокко бөлүп алды эми.
Бакай менен баш болуп,
Конок бөлүп алганда,
Аягына кырк чоро
Конок жетпей калды эми.
Манас кандын кырк чоро,
Ошондо конок талашып,
Чоюнбет менен салышып,
Чокуларын жарышып,
Бакай, Чубак, Алманбет,
Кырк чоронун астына,
Конок жетпей сага келсе,
Биз кондурган конокту,
Чатагы жок, чыры жок,
Силер алып көндүр деп,
Барын тыйып турду эми.
Алты күнү конушуп,
Ошондо акыл кылышып,
Алты кан көнүп көбөйүп,
Он бир канга толду эми.
Кол эсебин сурасаң
Кырк илек болду эми.

## КОЛДУН ЧОҢ-КАЗАТКА ЖҮРҮШҮ

Анжынын каны куш беги,
Бу да келди кол менен.
Качыра минип каржаңдап,
Бээжинден олжо алам деп,
Кайраң сарттар нардаңдап,
Сынчы бек келет оң менен,
Он эки илек кол менен,
Кокондун каны куш беги
Күл азыгын арттырып,
Качырга ок дарысын тарттырып,

Бу да келди оң менен,
Он илектей кол менен,
Караспай тоону жердеген,
Калың кыпчак эл деген.
Алайга чыга жайлаган,
Эламан болгон Төштүктү,
Чап куйругун байлаган.
Бу да келет оң менен,
Он илектей кол менен.
Кебез тоонун ар жагы,
Кең Кашкардын бер жагы,
Орус кан келет оң менен,
Беш илектей кол менен.
Бу да келет кол менен,
Бу да келет он менен.
Беш илектей кол менен,
Кара ногой Жамгырчы
Бу да келет он менен,
Беш илек кол менен.
Төмөнкү кепил шалдыдан,
Кан Акундун айлындан,
Ажыбай менен Түмөнбай
А да келет оң менен,
Ар кайсысын карасаң,
Бешиликтей кол менен,
Конго тоону жердеген,
Сары аркалык эл деген,
Көк өтүктүн өкчөсү,
Калың казак калкынан
Айдаркендин көкчөсү,
Бу да келди оң менен,
Жети илектей кол менен.
Ак асаба кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Кылычтын мизи кылтылдап,
Найзанын учу кылтылдап,
Бусулман эли мол түрдү,
Бээжинди көздөй бет алып,
Кырк эки илек көп жүрдү.
Кылычын кыя байлаган,
Түнөгү топ найза алган.
Боору кара сырты көк,
Ак Бакай кан Чубагы
Манастын акыреттик ынагы.
Манас ат токуруу өңдөнүп,
Бээжинге жалгыз барбайм деп,
Он сен кара ойгуттан,
Мен бир илек колду алам деп,
Алманбетке кошулуп.

## АЛМАНБЕТ-ЧУБАКТЫН ОКУЯСЫ

Бээжин жолун чалам деп,
Жылгындуу кең кол болгондо,
Жыргап алам ону да,
Өзөндүү кең кол боюнда,
Өзгөн атаң ону да
Ак бооз бээни сойдуруп,
Атпай түркүн тукуму,
Кан Алманбет көк жалды,
Аскер каны бир кылып,
Кан көтөрүп турганда,
Ак Бакай кан убагы,
Айкөлдүн акыреттик ынагы.
Кан Алманбет көк жалга.
Көк жалым, чалгынга өзүң
барасың,
Жоолукка мени алгын деп,
Бээжиндин жолун чалгын деп,
Кан Чубак түрдүү кеп кылып,

Алманбет, Манас, Эр Чубак
Убаданы бек кылып,
Кылычтын мизин жалашып,
Мылтыктын оозун өбүшүп,
Бээжинге экөө барганга,
Убаданы бек кылды,
Эки шер өлүп кетээр шерт кылды.
Ак Бакай кан Чубагы
Анттардын алдынан,
Анттардын үстүнөн,
Сайдаңдын сары тадаадан
Бир илектей кол алып,
Ок дарыны арттырып,
Гүл азыкты тарттырып,
Кол артынан кан Чубак,
Бээжинди көздөй жөнөдү.
Алманбеттин Чубагы
Артынан жете келгиче,
Алты күн өттү арадан,
Алдындагы он бир кан,
Кырк бир илек кол менен
Бел ак чийге барды эми.
Бел ак чийге барганда,
Чалгынга барбай калың журт,
Алты күн кол токтолуп
калды эми.
Жети күнгө толгондо
Кол баштыгы он бир кан,
Манаска кеп айтат.
Ат семирип жык толду,
Эр семирип бук болду,
Кырк чороңдун бирөөнү,
Кош алып Алманга,
Чалгынга жибер – деп айтат.
Он бир кандан кеп угуп,
Макул кандар, макул деп,
Бээжинге Алманбет чалгынга
барсын деп,
Кайран Манас барбактап,
Каарданып дардактап,
Айланайын көк жалым,
Менин алып жүргөн кырк чором,
Бирөө сенден кем эмес,
Бирөө менден эмес,
Бирөө кан Чубак кан эмес,
Бирөө эр султаны Эр Төштүк,
Эр Төштүктөн кем эмес,
Буларды кемите турган эр эмес.
Кырк чоронун ичинен
Жаратып жолдош алгын деп,
Көк жалым, Бээжинди көздөй
бет алып,
Сен чалбасаң ким чалат,
Көк жалым чалгынга баргын
деп айтат.
Алып жүргөн кырк чороң,
Бирөө сенден кем эмес,
Бирөө менден кем эмес.
Кемите турган эр эмес,
Арам акыл кырк чороң
Чалгынга алып мен барсам,
Кимиси болсоң кырк чороң
Мен Алманбет жалгызды,
Баатыр доога түртүп кетпейби,
Түпкө бодо жетпейби,
Менин курга түйгөн кантым бар,
Акбалта дөөнүн Чубагы
Кун сүйлөшкөн антым бар,
Мен Чубак жолдош аламын.
Анан Бээжинге чаламын,
Чубаксыз барбайм деп айтып,
Кыйналып турду Алманбет.

Анда Манас муну айтат,
Кан Алманбет кыраанга,
Ошол Чубак шер келсе,
Ойротту бузган шер келсе,
Анкөй тилге салайын,
Убада кылып коюпсуң.
Чубака жеме кылдырбай,
Мен оордуна алып калайын.
Деп ошентип Манас кан
Кыйнап турду Алманбетти,
Кыйналганда Алманбет,
Улап кандын Сыргагын,
Бээжинге кайдан барсын деп,
Кыйналышып турганда,
Көкжалым Чубак келсин деп,
Кан Алманбет көк жалың,
Сыргакты сурайт чалгына,
Айланайын айкөлүм,
Бээжинге баргын бир десең.
Атка жеңил тайга чак,
Уйкусу топ колго сап,
Чыкканактап жатпагын,
Чырм этип уйку кетпегин.
Алмадай кара башы бар,
Араң эле Сыргактын,
Жыйырмада жашы бар.
Мен Сыргакты жолдош аламын,
Бар десең Бээжинге барамын,
Бээжин тоосун чаламын.
Берсең Сыргак баланы,
Деп ошентип айтканда,
Айкөл Манас кайран шер,
Касиетүү балбан эр,
Барбаймын деп айта албай,
Алмандын көөнүн кайтарбай,
Ошондо айкөл кан айтат,
Айланайын көк жалым,
Барсын Сыргак деп айтат,
Манастан жарлык келгенде,
Туруучубу кан Сыргак
Керме жалдуу Көк чебич,
Кыргын менен кырды эми,
Сүргү менен сүрдү эми,
Жонуна токуп урду эми,
Таш олоңдуу баш тартып,
Чаб олоңдуу бел тартып,
Куюшканды кыскартып,
Ат токунуп алды эми.
Коноктой болгон добулбас,
Ак каңкынын кашына,
Кошо байлап салды эми.
Жоого тийчү эмедей,
Ошо кезде кан Сыргак,
Даярданып калды эми.
Чуркап келип Алманбет,
Кан Сыргакка кеп айтат,
Каралдым Сыргак деп айтат,
Бээжинге барчу берекем,
Медерим Сыргак көлөкөм
Өйдө чыкса өбөгүм,
Ылдый түшсө жөлөгүм,
Эңкейип барып чобузгу,
Эрдине, зоока эл эмес.
Барып чаап алуучу,
Мерген аңдып сарт эмес.
Нараңдап барып алуучу,
Кокондук биздин журт эмес,
Кытай оңой тоо эмес.
Бээжиндеги кары кан,
Кары кытай Эсен кан,
Нечен дөөнү кан Сыргак
Касат үчүн үйрөткөн.

Асманга алып учуп кетет деп,
Мойнуна миң бетмен чоюп
сүйрөткөн.
Дөөнүн баары ошондо,
Адамдан чыккан шүдүңгүт,
Ат минбеген жылаңач,
Тоонун баары ушунда,
Чий баралы торгой көз,
Кагылайын кан Сыргак,
Жети кабат зоотту,
Ичиңден баса кие көр.
Түймөлөрүн чогултуп,
Так төбөңө түйө көр.
Белдемчелүү себилдүү,
Беш кабырга темирди,
Белге байлап жүрө көр.
Бой бекитип кан Сыргак,
Каныкей кылган чапкутту
жеңекең,
Сыртыңдан баса кие көр.
Бээжинди көздөй бет алсаң,
Сен бой бекитип жүрө көр.
Айланайын кан Сыргак,
Мен Манаска барайын.
Ажыбай кандан Карт күрөң,
Муну коштоого сурап алайын.
Камбар ата Карт күрөң,
Анжияндын алдында,
Амангелдин үстүндө,
Ардактап алдык күрөң ат,
Камбар ата – дан менен,
Алтымыш тогуз мал берип,
Асый чыкма кезинде,
Алтымыш байтал бир берип,
Чоң кеңколдун башында,
Ак куланын жайлоосу,
Алтымыш байтал биз берип,
Айгыр салып койгондо,
Астынан буудан учуруп,
Ат болуп калып бычылып,
Карт күрөңдөй бузулдап,
Тукут кирбей койгондо,
Каркыранын оюнда,
Капыр менен мусулман,
Кармашышып турганда,
Алты арам кылган капырдын,
Алты бүтүн келгенде.
Үч арам болгон мусулман,
Каны бүтүн барганда,
Олуя Кошой абаңа,
Калдайган шымды бергенде.
Кирген жерде бата алган,
Тууй электе бир бала,
Кан Семетей аталган.
Бүткөн бою бек ээрип,
Аштан тарап келгенде,
Карт күрөңдөй буудандын,
Башына пахта байлатып,
Артынан сексен кара ат айдатып,
Сексен кылбай жүз кылып,
Баарын тегиз түз кылып,
Олуя заада Акундун,
Манас кан коногуна кой союп,
Түштүгүнө бээ союп,
Түндүгүнө Манас кан,
Сүт бото тайлак төө союп,
Ажыбай кандын өзүнө,
Арнап келип Карт күрөң,
Каймана бата болду эле,
Дал кезде болуп койду эле,
Анжияндын алдында,
Ардактап алды күрөң ат,

Алтымыш тогуз мал менен,
Камбар ата дем менен,
Ошондо Карт күрөң неге алдык,
Кайнаган кытай тажаалдын,
Коосун бузуп жылкы алсак,
Бээжиндин тоосун биз чалсак,
Жаныбарым күрөң ат,
Айла кылсын деп алдык,
Деп ошентип Алоокең,
Манаска кайра барды эми,
Карт күрөң сурап алды эми.
Күрөң ат кайран шер,
Болкулдап ыйлап турду эми,
Айланайын Ажыке,
Коштоого алып турам деп,
Көк жалым сурайт бууданды,
Карт күрөң буудан күчүн бер,
Карт күрөң көзү жоголсо,
Мен Аккуланы берейин,
Аккула Буудан сеники,
Аңчыга минип тургунуң,
Аккула ал камандын кара атын,
Деп ошентип Манасың,
Сурап алды Карт күрөң,
Карт күрөң баштап барганда,
Ичмек башын жумшактап,
Жонуна токум салгын дейт,
Жеңең Каныкей кылган күл азык,
Күл азыктан алгын дейт.
Өзүм жаткан чатырда,
Менин чоң куржунум бар эле,
Карт күрөңгө сала көр,
Бекет тартып ала көр,
Капыр анын оюнда,
Кан Көкөтөй тоюнда,
Чоң серүүнүн жонунда,
Кең токойдун талаада.
Манас менен Коңурбай,
Сайышка чыгып турганда,
Карасурдун сулуусу,
Бусулмандын нурдуусу,
Чекири жок кой көздүү,
Сепкили жок ак жүздүү,
Кара кан кызы Каныкей
Алкарадай күлүктүн,
Жалына жаздык салды эле,
Кынына кылды салды эле,
Түгүнө түктү салды эле.
Алкаранын сүрөтүн,
Кеп кылып тартып алды эле,
Ошондо Каныкей шордуу
не тарткан,
Бээжин жолун биз чалсак,
Беренге айла болсун деп тарткан.
Деп ошентип ал акең,
Коштоого алып күрөң ат,
Коштошуп алып Сыргакка,
Эки шер Бээжинди көздөй
бет алды.
Күнү бирдей жол жүрүп,
Жолду аябай мол жүрүп,
Эки шер жолго чыгып алды эми.
Анжияндын алдында,
Анжияндын үстүндө,
Он сен кара ойгуттан,
Бир илек колун ээрчитип,
Ак балтанын Чубагы,
Эки шер чалгынга кетип
калганда,
Бир күнү кийин барып
калды эми.
Манас кандын кырк чоро,

Ордону салып алыптыр,
Ордо атып калыптыр.
Ырамандын ырчы уулу
Ычкыры бекип кырк мууну,
Жыйырманын баштыгы,
Үзүктөй калмак кан шууту,
Жыйырманын баштыгы,
Ырчы Ырамандын уулу
Ордону оодарып,
Утуп эле калыптыр.
Үзүктөй калмак кан Шууту,
Чокон атып жатыптыр.
Кан найзаны сүйрөтүп,
Кан аланы ойнотуп,
Ак балтанын Чубагы,
Кан ордосун тепсетип,
Жылымагын аралап,
Ак балтанын Чубагы,
Ырамандын ырчы уулу,
Үзүктөй калмак кан Шууту,
Ал экөөнө кеп айтат,
Менин айкөлүм кайда деп айтат,
Көк жалым кайда деп айтат,
Бакайым кайда деп айтат.
Экөө тең бузук киши экен,
Ичи бузук ит экен.
Кайракты колго алганы,
Чубак менен Алманды
Ырамандын ырчы уул
Үзүктөй калмак кан Шууту,
Экөө бузуп салганы,
Уулбай Чубак кеп айтат
Бул арсызым кайда деп айтат,
Манаска теңтуш болгонсуп,
Көк жалым кайда деп айтат.
Алмаңа теңтуш болгонсуп,
Бакайым кайда деп айтат.
Баарыга теңтуш болгонсуп,
Кан Сыргакты ээрчитип,
Чалгынга кетти Алманбет.
Кыздан тууган кыңыр кул,
Кызыталак Чубак кул,
Ооруна өзү келээр деп,
Өзүмдөн арткан олжону,
Согаттап Чубак алар деп,
Эр Сыргакты ээрчитип,
Чалгынга кетти Алманбет.
Ошол сөздү укканда,
Ак балтанын Чубагы
Ачуусу келип күүлөнүп,
Алманбет канга сүйлөнүп,
Анкөй тилге салат деп,
Жалгыз үйлүү бу кытай
Алды соогат Сыргагы
Бу кытай Бээжинге алып
барат деп,
Кытай кул Бээжин кандай
чалат деп,
Ачуу келип кан Чубак,
Артыңдан куугун барат деп,
Көйкөлгөн этек кытайды,
Жолдон кармап алам деп,
Кабыргасын согом деп,
Жалгыз үйлүү кытайдын,
Канын суудай төгөм деп,
Ажал жетип күн бүтсө,
Мен кытайдан шейт өлөм деп,
Көтүнөн куугун барам деп,
Куугунгаткетти кан Чубак,
Бел ак чийдин оюнда,
Каш кара сүз боюнда,
Кан Алманбет кыраанын,

Сараладай бууданды,
Кан Сыргакка карматып,
Заара кылып турганда,
Ошо кезде карасаң,
Оргуй-оргуй чаң чыгат,
Айкырыгы баш жарат.
Дообулбас тоону жаңыртып,
Кан ошону көргөндө,
Кан Алманбет көк жалга,
Анда Сыргак муну айтат.
Оргуй-оргуй чаң чыгат,
Алаке чаңдын жайы бир туруп,
Айкырыгы баш жарат,
Алаке чуунун жайы бир туруп,
Дообулбас тоону жаңыртып,
Жер дуңгурап тоо качат,
Бээжинден кытай чыгып алганбы,
Алаке бөксө жолго салганбы,
Изге түшүп алганбы,
Алаке из избелеп калганбы,
Кокуй менен Алманбет аттан,
Деп ошентип айтканда,
Анда Алман муну айтат.
Бээжинге келген берекет,
Медерим Сыргак көлөкөм,
Чаңдан жайын мен билем,
Бээжинден кытай чыгып
алчу эмес.

## ЧУБАКТЫН СЫНЫ

Изги түшүп алчу эмес,
Из кубалап келчү эмес.
Оргуй-оргуй чаң чыга,
Кан ала буудан чаңы экен.
Айкырыгы баш жарат,
Өкүрүгү таш жарат.
Же кудайдын алы жетпеген,
Бирөөнүн тиши өтпөгөн.
Узун моюн, кең далы,
Ач айкырып, куу сүрөөң,
Кан Чубак үнү жок экен.
Күпүлдөгөн дообулбас,
Көп дообулбас үнү экен.
Ырамандын ырчы уулу экен,
Үзүктөй калмак кан Шууту,
Экөө бузук киши экен.
Ичи бузук ит эле,
Экөөлөп бузуп салгандыр,
Ачуусу менен кан Чубак,
Куугунга чыгып калгандыр.
Айланайын Алооке,
Ошол Чубак шер болсо,
Ойротту бузган эр болсо,
Экөөбүздөн тең уулу,
Өйдө айтса, ылдый айт,
Узун айтса, кичине айт.
Көк чебич тартуу,
Мен сатуу,
Деп ошентип кан Сыргак,
Эки эрин бир өлүшүп калат деп,
Атын айтып баш тартып,
Бала Сыргак кай кашка,
Башын тартып турду эле,
Ачуусу келип күүлөнүп,
Ак Балтанын Чубагы,
Алманбет канга сүйлөнүп,
Бээжинден келген эр кытай,
Бели күчтүү шер кытай,
Кудайды билбес,
Бирсиз кул,

Куранды билбес, динсиз кул.
Жакалуу чепкен кийбеген,
Жалгыз үйлүү сен кытай,
Отура калып сийбеген,
Акыры этеги жерге тийбеген.
Толтолу бычак жетесиз,
Жангыз үйлүү кытай кул,
Энең бир болгон никесиз,
Алкөй тилге саласың,
Алдап соолап Сыргагы,
Ээ кытай Бээжинге,
Кантип барасың,
Ажалың жетип өлөсүң,
Жалгыз үйлүү кытайым,
Менден бирди көрөсүң.
Сени мен Бээжинде жеткизбей,
Ушу жерде кармап алам деп,
Кармап бир бооруң жарам деп,
Кабырганды сөгөм деп,
Каныңды суудай төгөм деп,
Туулганы өлүм ал,
Өлбөгөн шайтан эмеспи,
Сенден шейит мен өлсөм,
Жалгыз үйлүү кытайым,
Байдылдалуу меккеде,
Барганда даяр алтын так,
Алманбет чалгын чалганда,
Ооруна Чубак калгандай,
Жалгыз үйлүү кытайым,
Алманбет кытай сен белең,
Оорука келчү мен белем.
Менин атым Чубак болгону,
Чубакка коногону,
Барып чаптым Ooганды.
Жалгыз үйлүү кытайым,
Жет кайтың кайдан соо калды,
Ooганды чаап олжо алдым,
Омбуга барып кол салдым.
Омбуну барып чапканда,
Он эки капкан ачканда,
Копонун башын атканда,
Кытай Бээжин өзүнө,
Соогатына мен Чубак,
Алты миң кайман төө бөлүп,
Олжо бөлүп турганда,
Аскер башы каны элем,
Акең Чубак мен элем.
Алманбет чалгын чалгандай,
Оорука Чубак калгандай,
Кытай кул өзүң тапкан олжону,
Соогат деп сенден алгандай,
Алманбет артык шер белең,
Жалгыз үйлүү кытайым,
Корука келчү мен белем,
Англистин жолун чапканда,
Немецтин журтун талкалап,
Букара кылып алганда,
Атирмет алган жан элем,
Аскер башы каны элем,
Ошондо Алманбет кытай
бар белең,
Рясийин кыйратып,
Сары бышып болгон орустун,
Катын-кызын ыйлатып,
Каалгасын балталап,
Орустун каны сом темир,
Ээрибеген чоң темир.
Зом темирди талкалап,
Алым алып турганда,
Атирет алган жан элем,
Аскер башы каны элем.
Кызыталак кытай кул,

Ошондо Алманбет кытай
кайда элең,
Ошо кош жерге бузуп салганда,
Алоокеңди кууганда,
Чоң Бурканы талкалап,
Сен оңдогон кытайды,
Жогдур чачтан бек байлап,
Олжо кылып алганда,
Атирет алган жан элем,
Аскер башы кан элем,
Алманбет кытай белең,
Оорука келчү мен белем,
Тыягы үкүрчүктүн оюнда,
Үч кан кантын боюнда,
Кытайым нор үйүңдү үч чаптым.
Анда өлүп калдыңбы,
Алманбет чалгын чалганда,
Оорука Чубак калгандай,
Эми киши болдуңбу,
Бээжинден келген эр кытай,
Айтып антка тойбогон
Ичип канга тойбогон,
Көчө жылгындуу Кең кол
боюнда,
Ак боз бээни сойдуруп,
Атпай түрктүн баласы,
Калың кара тай кылып,
Өзөндүү кең кол боюнда,
Өзгөн ата боюнда,
Ак боз бээ чоюлуп,
Атпай түрктүн балдары,
Кан көтөрүп а жерде,
Как ошентип турганда,
Кылычтын мизин жапашып,
Ай асманга козголуп,
Акыреттик дос болуп,
Мылтыктын оозун өбүшүп,
Мына минтип турганда,
Бээжинге бирге барпаке,
Бээжиндин жолун чал мына,
Убаданы кылышып,
Ат башындай ак куран,
Ташка куран коюшуп,
Убада кылып турганбыз.
Убада антты билбейсиң,
Алманбеттин Чубагы
Комуздан келчү эмедей,
Оюң менен сүйлөйсүң,
Жангыз үйлүү кытайым,
Көзүңдү ачып жүрбөйсүң.
Кылычтан кынды копшутуп,
Айбалта чаңдан копшутуп,
Алманбет Эр Чубак
Кара таап ак камчы
Кайра картат алды эми.
Көчаладай бууданды,
Катыра санга салды эми,
Түпөктү найза колго алып,
Алтын айдар чөп белбоо,
Азиз кандын жалгызы,
Кан Алманбет кыраанды,
Качырып сала барды эми.
Атка жеңил тайга чап,
Уйкусу жок жолго сак,
Чыкканактап жатпаган,
Улап кандын баласы,
Далай кыргыз тазасы,
Айланайын Чубаке,
Экөөбүздөн улуусуз,
Суурган кылыч сиздики,
Сунган моюн биздики.
Кесээр болсоң баш мына,

Ураар болсоң биз мына.
Деп ошентип кан Сыргак,
Көк чебич тартуу мен сатуу,
Ачууңду бергин аба деп,
Көкаладай буудаңды,
Суулуктан картай алды эми.
Кан Чубак, эр Сыргак,
Алек болуп калды эми.
Алтын айдар чоң белбоо,
Азиз кандын жалгызы,
жалгыздыктын айынан,
Сар алага абактап,
Сыр найзага жөлөктөп,
Сөйөнүп турган Алмакең,
Баш көтөрүп алды эми.
Кан Чубагы карата,
Жалгыздыктын айынан,
Кан Алманбет Көк жалың,
Каңгырап үн салды эми.
Акбалтанын Чубагы,
Сенин ал айтканың дагы ырас,
Анжияндын алдында,
Атангелдин үстүндө,
Узун моюн кең далы.
Ак дөөнүн Чубагы,
Айкөлүңдүн ынагы,
Сени билген кары айтчу эле,
Кыздан тууган кыңыр деп,
Жакшылык тооруп талашпай,
Жамандык жагын талашкан,
Ойгуттан келген сыңыр деп,
Кыздан тууган кыңыр кул,
Кыйраңдаган сыңыр кул,
Бээжинди өзүм чалбадым,
Бээжиндеги кытайды,
Олжолоп кайрап албадым,
Оолугуп өзүң келгендей,
Чубак олжодон куру калдыңбы,
Кытай, кытай дей келдиң
Бу жерди жалгыз мен эмес,
Кыйраңдаган Чубак кул,
Кытайдын богун жей келдиң,
Калмак каптал дей келдиң,
Кыңылдаган Чубак кул,
Бу жерде жалгыз мен эмес,
Бээжинде келмектин,
Богун жей келдиң
Акбалтанын Чубагы,
Кытай, кытай дей айтып,
Кытайдын богун жеп айттың
Калмактык деп айттың,
Кыңылдаган Чубак кул,
Калмактын богун жеп айтып,
Күймөгө салба тамымды,
Намысы кытай деп айтып,
Акбалтанын Чубагы,
Азыр күйгүзө бербе жаныңды,
Кылымда кытай зор экен.
Канга баатыр болсо да,
Кыйладан азган кор экен.
Кыйрынан азган жигитке,
Кымбаттуу өлүм оң экен,
Калкыңа каптап тэр экен.
Канга баатыр болсо да,
Калкынан азган кор экен.
Акбалта кандын Чубагы,
Сенден ушу сөздү укканга,
Кадырлуу өлүм оң экен.
Калмактын тайын мен билбей,
Калмактын жайын мен билсем,
Каңылдаган Чубак кул
Сенден ушул сөздү укканга,

Мен шордуу калмакты бийлеп
жөн турбай,
Кытайдын жайын мен билбей,
Кытайдын жайын мен билсем,
Кыйраңдаган Чубак кул,
Сенден ушу сөздү укканга,
Мен жалгыз кытайды бийлеп
жөн турбай,
Кан Чубактын айынан,
Кыяматтын жайынан,
Кытайдан тентип мен келдим.
Кылымды бузган дөө болсоң,
Кыйраңдаган Чубак кул,
Кыргыздан тиктеп не келдиң,
Кара чөктүн айынан
Акырет маша тайынан
Калмактан тентип мен келдим.
Акбалтанын Чубагы,
Айылыңды бурган дөө болсоң,
Айлыңдан тентип не келдиң.
Атадан биздин дин үчүн,
Алла Талла пир үчүн,
Аңылдаган Чубак кул,
Аскерге кызмат кылат деп,
Акыры Бээжинге чалат деп,
Аңдый келген кай күчүң,
Эгембердиң дин үчүн
Эгем тапса пир үчүн
Элиме кызмат кылат деп,
Элим Бээжинге чалат деп,
Акбалта кандын Чубагы
Сенин ээрчий келгген кай күчүң
Алтын сынып кан өлсө,
Азапты көрбөй жан өлсө,
Айлыма кызмат кылат деп,
Акбалтанын Чубагы,
Аңдып келген кай көтүң
Күмүш так сынып кан өлсө,
Күйүттүү болбой жан өлсө,
Бегиме кызмат кылат деп,
Бээжиндин жолун чалат деп,
Бээжинге кызмат кылдырбай,
Акбалтанын Чубагы
Ээрчий келген кай көтүң,
Эрегиштен эр өлөт,
Эгем талап кудурет.
Эгемдин иши болбосо,
Акбалта кандын Чубагы
Элиңдин четин ким көрөт,
Этңгегиңе ким көнөт,
Кагылыштан кан өлөт,
Кадыр алда кудурет,
Алданын иши болбосо,
Аңылдаган Чубак кул.
Айлыңдын четин ким көрөт,
Айтканыңа ким көнөт,
Кызыл чөптү кытайдын,
Кыйынын уулу элем,
Кыйрыңдаган Чубак кул,
Качан нойгут кул элем,
Кара чокту калмактын,
Калдайынын уулу элем,
Каңылдаган Чубак кул,
Мен шордуу качан ойгут кулу
элем,
Бээжинде бектин уулу элем.
Талаш кылып журтуңду,
Бек кыл деп айттым киминди,
Бек кылдым Чубак итиңди.
Бек Манас экөөң бир болчу,
Бек ал чийдин оюнда,
Безилдеген Чубак кул,

Кайра буруп жол кесип,
Кагайынбы жиниңди,
Кокондо канды уулу элем,
Кандын уулу мен элем.
Кан кыл деп айттым кишиңди,
Кан кылдым Чубак итиңди.
Айры белес кезеңде,
Кайра бурул динимди,
Акбалтанын Чубагы
Кагайынбы жиниңди.
Акбалтанын Чубагы
Чечейинби бүчүмдү,
Ченейинби күчүңдү,
Жарайынбы ичиңди,
Кагайынбы тишиңди,
Көрбөй койду дейсиңби,
Көт чачымдан көкүтүп.
Ээрчите келген кишиңди,
Чыгарба Чубак үнүңдү,
Чымчыктай жулам жүнүңдү.
Кесейинби тилиңди,
Урайынбы бириңди,
Айры белес кезеңде.
Арсылдаган Чубак экенсин,
Мен бурайынбы динимди,
Акбалта кандын Чубагы
Коконго кандык жыйгамын,
Каалаган диним ыйманым.
Өлбөсөң Чубак көрөсүң
Кокондо калган жыйганым
Бээжинге бектик жыйганым.
Бээлеген диним ыйманым,
Өлбөсөң Чубак көрөрсүң
Топ эле Бээжинде калды
жыйганың.
Ошо бир чактан ушу чак,
Мен Бээжинден безгенде,
Бусулман болуп кеткенде,
Бээжинде калган алтын так,
Калмактан качтым акмын деп,
Кайирдин кытай журтумдан
Сени мен кааладым Чубак
жакын деп.
Кыңылдаган кысталак
Алдыңа кызмат көп кылдым.
Не бир сөзүң макул деп
Мен Бээжинден качтым
акмын деп.
Бээжиндеги кытайдан
Акбалта кан Эр Чубак
Бээжинден сени жакын деп,
Безилдеген кысталак
Сенин астыңа кызмат көп
кылдым.
Не десе сөзүң макул деп,
Деп ошентип Алоокең
Кара жаак ак камчы,
Кайра кармап алды эми.
Сараладай күлүктү,
Катыра санга салды эми.
Кылычты кындан копшутуп,
Айбалта чаңдан копшутуп,
Түпөктү найза колго алып,
Алтын айдар чок белбоо
Азиз кандын жалгызы,
Акбалтанын Чубагын
Качырып сала берди эми.
Ортосунда кан Сыргак
Алек болуп жүрдү эми.
Айсарала бууданды
Суулуктан кармап алды эми.
Ошол жерде Алоокең

Ачуу келген кайран шер,
Эрдин кесе чайнаган,
Өрттөй көзү жайнаган.
Оозунан көк түтүнү буркурап,
Көзүнөн көк жалын күйүп
шыркырап.
Кармаган жерде ай балта,
Сабынан талаша чыгып
былчырап.
Кыйгактуу найза сыр желек,
Кыраанын Алман кайран шер.
Арадагы кан Сыргак,
Кан Сыргакка бир сөз деп,
Анда Алоокен муну айтат,
Мен Бээжинден безгенде,
Бусулман болуп кеткенде,
Айланайын кан Сыргак
Алты арал Бээжинде жер калып,
Айтылуу кытай эл калып,
Айланайын кан Сыргак
Аңылдаган Чубагы
Айлына келген мен карып,
Кылалуу Бээжин жер калып,
Мен Бээжинден безгенде,
Кагылайын кан Сыргак
Кырк уруу кытай эл калып,
Кыйраңдаган Чубагың,
Кагылайын кан Чубак,
Кыйрына келген мен карып.
Мен Бээжинден безгенде,
Мусулман болуп кеткенде,
Жети арал Бээжинде жер калып,
Жети уруу кытай эл калып,
Кагылайын кан Сыргак
Бүгүн каңылдаган Чубактын,
Жеринде турган мен карып,
Алты арал Бээжин жер кандай,
Айтылуу кытай эл кандай,
Өлбөсөм Сыргак көрөрсүң,
Өз башың кызмат кылгандай,
Ак пайгамбар пир үчүн,
Ак мусулман дин үчүн,
Аңылдаган Чубактын,
Айлына келген мен кандай,
Жети арал Бээжин жер кандай,
Кагылайын кан Сыргак,
Өлбөсөм Сыргак көрөрсүң,
Өз башың кызмат кылгандай,
Ак пайгамбар пир үчүн,
Ак бусулман дин үчүн,
Мелтиреген тозоктон,
Башымды азат кылам деп,
Жерге кирген Чубактын,
Кагылайын Сыргактын,
Жерине келген мен кандай,
Мен шордуу Бээжинди бийлеп
турганда,
Оозума кана келме келтирип,
Көөдөнгө ыйман толтуруп,
Азиз кан менен Алооке
Эки эле канын баш кылып,
Алтымыш канды өлтүрүп,
Талап кылып бутумду,
Ак пайгамбар пир үчүн,
Мелтиреген тозоктон,
Башымды азат кылам деп,
Мен шордуу таштап качтым
Бээжинди.
Калың жапан журтумду,
Ээрдин кесе чайнашып,
Өрттөй көзү жайнашып,
Кылычты кындан копшутуп,

Айбалта чаңдаң копшутуп,
Эки эрен кезенишип турганда,
Кабар угуп калыптыр,
Кайран Манас барбактап,
Дагы эле каарданып дардактап,
Айбан биздей күлүк мен,
Экөөнү бирөө алат деп,
Көтүнөн кууп жүрүп келатат.
Эки этеги далдактап,
Эки буту салбактап,
Алманбет, Чубак эки шер,
Ал экөөнү көргөндө,
Айкөл Манас кайран шер
Айкырыгы баш жарып,
Өкүрүгү таш жарып,
Чет Бээжиндин ичинде,
Алтын айдай чок белбоо,
Азиз кандын жалгызы,
Кан Алманбет кеп уккун.
Анын жайын билбейсиң
Узун моюн, кең далы,
Акбалта дөөнүн Чубагы,
Досуңдун акыреттик ынагы
Кан Алманбет кеп уккун
Айбанбоз тартуу мен сатуу
Деп ошентип кыйкырып,
Кайран Манас барбактап,
Каарданып дардактап,
Жулунушкан эки шер,
Арага түшө калды эми.
Сол колу көп менен ала
Суулуктан кармай калды эми.
Оң колу менен Сарала
Суулуктан кармап алды эми.
Алманбет, Чубак эки шер,
Айта турган кебимди ук,
Акмак кылба сөзүмдү ук,
Алманбет, Чубак жөлөгүм,
Алып жүргөн кырк чором,
Экөөңдү баарынан жакын көрөмүн.
Ай-асманда болуу эле,
Үчөөбүз акыреттик дос элек.
Айланайын эки шер,
Кой-кой десе тил албай,
Кишини жаман көрөсүң.
Ай талаада салышсаң,
Алманбет, Чубак эки шер
Экөөңдүн бирөөң өлөсүң.
Минтип турсаң сен экөөң,
Бээжинди кайдан көрөсүң,
Бирөөң Бээжинден чыгып барганда,
Алманбет ооткен тилим албасаң,
арага кирип алгансың.
Акыры сырымды тартып алгансың.
Чубак сен нойгуттап чыгып келгенде,
Арага кирип алгансың.
Кууганга келер жөнүң жок,
Сен менин акмактыгым билгенсиң.
Оолукмалуу эки шер,
Оолугуп кетүү кеп айттың.
Кагылайын Алманбет,
Сен жанагы сөздү не айттың,
Каарланып бек айттың,
Чубак кыргыз дедимби,
Сени кытай дедимби,
Мен Чубакка болушуп,
Теңдин мешер күнүндө

Мен Чубакка болушуп,
Ырысымды жедимби,
Айткын көк жал чыныңды,
Деп ошентип Манас кан,
Арада Манас турганда,
Жооп кылбайт эки шер.
Бирине бири кезенип,
Эрдин кесе чайнашып,
Өрттөй көзү жайнашып,
Кылычты кындан суурушуп,
Кезенишет эки шер.
Кой-кой десе болбойсуң,
Улуу жолго салганда,
Уялуу кытай тажаалдын
Уюткусун биз бузуп,
Бээжинден казатына келгенде,
Экөөң бириңе бириң таарынып,
Менден качмай болупсуң.
Айдалып турган алты кан
Айталбай сөздөн тантыган.
Кол астыңда өч алар,
Абийримди ачпай болупсуң,
Алты кандын өзүнө
Бириңе бириң таарынып,
Ичтен кеңеш кылышып,
Бирөөң нойгутка кайтмай
болупсуң,
Бириң Бээжинге кетмей
болупсуң,
Экөөңдөн мурда мен шордуу,
Меккеге кетип калайын.
Өлгөнүңдү эки шер,
Мен Мекке шаардан тосуп
алайын.
Экөөңдүн бириң өлүп бириң кал,
Өлгөнүңдөн калганың
Бээжиндин жолун чалып ал,
Айланайын Алманбет,
Жер курсагын кеңейткен,
Таш эмчегин бошоткон,
Аяш эне Айканыш,
Бээжинден шейит болгондур.
Өзүң элең учмак барып
конгондур,
Тажаалдан барып өчүн ал,
Эрегишкен эки шер,
Эрегишип отуруп,
Бирөө түпкө жеттиң деп,
Экөөңдөн мурда мен өзүм,
Мына Меккени көздөй
кеттим деп,
Сол колу менен каккылап,
Суулуктан кайра кагып
салды эле,
Оң колу менен Сарала,
Суулукту кайра кагып салды эле,
Бут агым жерге буйдалбай
Буудандарды карасаң,
Шай колдогон Манастын,
Кол сокмогун көрдүңбү,
Кендирчелеп барды эми,
Кайран бир Манас барбактап,
Каарданып дардактап,
Кайра качып калды эми.
Алтын айдак чок белбоо,
Азиз кандын жалгызы,
Кан Алманбет кыраанын,
Эр Чубакка мындай дейт,
Акбалтанын Чубагы
Айкөлдүн акыреттик ынагы
Бизди кудай уруп салды деп,
Манас көңүлүнө алды деп,

Чын таарынып калды деп,
Досуң кетти кан Чубак.
Кан Манастан ажырап,
Бээжинге кайдан барабыз,
Кайирдин кытай тажаалдан
Кантип кумар жазабыз,
Акыл калчап досуңду,
Деп ошентип Алоокең,
Чубакка айтып турганда,
Боору кара сырты көк,
Боорумду тууган кан Чубак,
Жооп бербей койду эми.
Чыдай албай Алмакең
Жер батууга салды эми.
Айры белес кезеңден,
Алтын айдак чок белбоо,
Азиз кандын жалгызы,
Алдынан чыга калды эми.
Аттан түшүп Алмакең,
Сараладай күлүктүн
Чылбырын салып мойнуна,
Айры белес кезектеп,
Айланайын Айкөлүм,
Дабан элең ашыргын,
Дайра элең кечиргин,
Акбалтанын Чубагы
Экөөбүздөн тең улуу,
Уядан жалгыз курган жан,
Ачуу менен Айкөлүмда,
Өйдө-төмөн сөз кетти.
Баатыр сен көңүлүңө албагын,
Сен бек таарынып калбагын.
Деп ошентип Алмакең,
Атын айтып баш тартып,
Кан Манастын алдында,
Мойнун тосуп турду эми.
Кан Алманбет кыраандын
Ак экенин билди эми,
Бармакты тиштеп баш чайкап,
Биягы Манас тарп этип,
Мынабу жерден күлдү эми.
Сүйүнгөн бойдон Алмакең
Айланайын Айкөлүм,
Жүргүн кан Чубакка баралы,
Боору кара сырты көк,
Бооруңду тууган Чубакка,
Барыа акыл салалы.
Кеңешип алып айкөлүм,
Анан Бээжинге баралы.
Деп ошентип айтканда,
Макул көп жап макул деп,
Баарыдан ушул сөзүң акыл деп,
Уга турган макул деп,
Кайра келди эки эрен,
Кайра эми келгенде,
Кан Алманбет сөз баштайт.
Айланайын Чубаке,
Мына барсаң Бээжин жериңиз,
Мына чапсаң кытай элиңиз,
Бээжин өзү беш анжы,
Беш анжы жөнү беш бөлөк.
Берсең Бээжинге чабайын,
Ич тардык кылсаң Чубаке,
Мен оорука калайын.
Бээжин өзү төрт капкы,
Төртөөнүн жөнү төрт бөлөк.
Сен барсаң төртөөнүн бирин
чабайын.
Ич тардык кылсаң Чубаке
Мен оорука калайын,
Ошо кезде кан Чубак,
Жооп бербей тажооруп,

Жоо көргөндөй кутсарат,
Анда Алмакең муну айтат.
Чубаке көңүлүнө алыптыр,
Мен Бээжинди жалгыз алганда,
Чубагын таарынып калыптыр.
Бээжин жолу беш анжы,
Бешөөбүз беш бөрүнү алабыз.
Беш бөлөк жолду чалабыз.
Бээжин өзү беш капка,
Беш капкасын талкалап,
Бээжинде беш кан бар деген.
Бешөөнүн кызы бек сулуу,
Бешөөнү тартып алабыз.
Чогултуп Чубакка тартуу
кылабыз.
Мооминтип таарынычын жазабыз.
Бээжин өзү төрт анжы,
Төртөөбүз төрт бөлүнүп алабыз.
Төрт бөлөк жолду чалабыз.
Бээжинде төрт кан бар деген,
Төртөөнүн кызы төрт сулуу,
Бузбай тартып алабыз.
Эсенкан кызы Буурулга,
Айкандын кызы Бирмыскал,
Дуудунун кызы Туруна,
Ормон кан кызы Айша,
Бу төртөөнү чогултуп,
Чубакка тартуу кылалы.
Таарынычын жазалы.
Баатыр бир макул-макул деп,
Сенин бул айтканың акыл деп,
Кайран Манас барпактап,
Бээжинди көздөй бет алып,
Манас кан алдыга түштү
дардактап.
Анда Алманбет муну айтат,
Айланайын айкөлүм,
Бээжин оңой жер эмес,
Кытай оңой эл эмес,
Алдыңа минген Айбанбоз,
Мунун сырты бийик сыры түз.
Бото бир буй сом тууп,
Узун кулак тайкы жел,
Жүз беш күндүк жол келет.
Үч күндүк чөп келет,
Айбанбоз атың жарабайт,
Кордойго кошун салбасын.
Башка кыйын иш түшсө,
Коржоюп баспай калбасын.
Кумга колун салбасын,
Алдыңадагы Айбанбоз
Жоонун аты бул эмес,
Кууратып баспай калбасын.
Шоруп кан кызы Акылай,
Сенин олжодон келген катының,
Жоонун тону бул эмес.
Жайдын күңкү шылтада,
Чала ашатып коюптур.
Кылдыр болуп калыптыр.
Ак олпок менен сыр найза,
Ак келте менен кула,
Бул төртөөнү алалы,
Анан Бээжинге чалалы.
Алакең ошентип айтканда.
Ачуусу келди Манастын,
Сен Чубакты тажатпа
Алдыма минген Айбанбоз,
Сен Алманбет атым кемсинтпе,
Эрдеме үч жүз кан эки келсе,
Эңкейте сайып алганда,
Кардогого колун салбаган,
Кордоюп баспай калбасын.

Көк жалкым Айбанбоз атым
кемсинтпе,
Орозойдун он уулу,
Олжогул майып кылганда,
Кулга колун салбаган,
Сен Айбанбоз атын кемсинтпе,
Жалгындуу кең кол боюнда,
Жыргал алга оюнда,
Өзгөндүү кең кол боюнда,
Өзгөн ата оюнда,
Үч тарга жетпей берерим.
Бакай кандын көк чолок,
Учкаша минип жүргөндө,
Олуязаада атага ишенип,
Коштоп келип өзүмө,
Ардактап ат кылып минип
жүрүң деп,
Арнап берген Айбанбоз.
Алманбет элиңди аяп турарсың,
Жериңди аяп турарсың,
Жеке делүү кытайга,
Жетип казат кылбайын,
Ай асманда боз элең,
Акыреттик дос элең,
Кытайга казат мен кылып,
Ант көтөрүп калбайын.
Элиңди аяп бир турсаң,
Аксак сары ат мен минип,
Ант көтөрүп калбайын.
Мен Бээжинге бир баймын.
Эртең акыретке барганда,
Сенден Аксак сары ат мен минип,
Жараткан жалгыз кудайга,
Мен бети кара болбоюн.
Алманбет сени араман тартып
эр кылдым,
Эр уулу менен тең кылдым,
Серек менен Сыргактан,
Баатыр сенин кай жериңди
кем кылдым.
Эрчитип жүрүп өзүңдү,
Жер бетин жеткиздим.
Уй түгүндөй көп каапыр,
Сени эл четине жеткиздим.
Мына барсаң Бээжин жериңиз,
Тигине кетсең кытай элиңиз.
Мен Бээжинге барбаймын деп,
Ошондо Манас кан айтып,
Сыргак менен Чубакты,
Көк жалдын Бээжинине
барбайык,
Жүр кетели деп айтып,
Алтын айдар чок белбоо,
Азиз кандын жалгызы,
Кан Алманбет көк жалың
Кырк чороң менен сен өзүң
Ойносоң да кытай деп,
Чындасаң да кытай деп,
Ушу сөздү айтасың.
Эмне үчүн мен арданып өлүп
калбаймын,
Шай колдогон Манас деп,
Өзүңө оозум бата албайм,
Шылдың кылсам атыңды,
Көңүлүңө аласын,
Манас сен чын таарынып каласың.
Не үчүн барба Бээжинге
Биз айтанын жол жүргөн,
Айкол Манас ким үчүн,
Айтпай түрктүн журту үчүн,
Эми сен кетпесең мен кеттим.
Деп ушинтип Алманбет,

Кайра тартып чалгуундап,
Көк жалың көңүлүнө калды деп,
Чын таарынып калды деп,
Көк жалым сени тамаша кылам кантет деп,
Жүрүгүнүң Алман деп,
Жолго түштү төрт берен.
Күнү бирдей жол жүрүп,
Түнү бирдей жол жүрүп,
Уктабай таңды атырып,
Санап жылдыз батырып,
Агыны катуу суу кечип,
Төрт берен кырк күнү санап жол кезип,
Как ушинтип келгенде,
Манас астына минген Айбанбоз,
Көкүрөк көчүк бир болуп,
Жал куйругу чубактап,
Кулактары шалпылдап,
Көкүрөк көчүк бир болуп,
Манас кан минген Айбанбоз,
Араң келет булактап.

## ЖАРЫШ

Кан Алманбет кыраанын,
Кан Сыргакка кеп айтат,
Ай талаанын өзүндө,
Атынан көөнү бир кылсын,
Баатыр жарышалы деп айтат.
Макул көк жалым макул деп,
Бул айтканың акыл деп,
Манаска жол салышып,
Айкөлүм от семирип жык толду,
Эр семирип бык болду.
Аттын оозун жайлайлы,
Бир жарышып алалы,
Эриккенди жазалы.
Кайран Манас борбоктоп,
Олбуй-солбуй теминип,
Оң – тетири камчы уруп,
Эки буту салбактап,
Эки этеги далдактап,
Айбанбоз менен жарышып,
Алдыга түшту Манас кан.
Коштогону Карт күрөң.
Минген аты Көк чебич.
Алдыга түштү кан Сыргак
Бирдин көтү Сарыала,
Уй куймулчак Сарпала.
Уюлгутуп Алманбет,
Бүткөн бойго тер катып,
Алманбеттен Сарыала
Ар кандай арыш узарып,
Тап этине келгени,
Кулжадай көзү кызарып,
Кучак келген куйругу
Толорсукка чалынып,
Чаткаякка чалынып,
Үстүндөгү Алманбет
Жаратканга жалынып,
Анын көтү көк ала.
Аркардай карыш узарып,
Кулжадай көзү кызарып,
Бүткөн бойго тер катып,
Экинин көтү көк ала,
Эриккенден төрт баатыр
Бир жарышып алыптыр.
Айбанбоз менен Манас кан
Көз жеткис артта калыптыр.
Ошондо Алмакен бир соз деп,

Кан Сыргакка кеп айтат.
Бээжинге келген берекем,
Медерим Сыргак көлөкөм,
Атыңдын башын бура тур,
Алдыңдагы Көк чебич
Көк жел кайып баласы,
Эти кызып алыптыр.
Туягы жерге илинбей
Закым болуп билинбей,
Алып учуп калыптыр.
Теминердин үстүндө,
Алдындакы Көк чебич,
Жез канаты бар экен.
Тери тешип тимшейип,
Тышына чачып алды эми.
Кагылайын кан Сыргак,
Өзүңдү ала качып калды эми.
Коштогону Карт күрөң
Салмагын салып тартылат.
Чылбырын үзүп албасын,
Алып учуп өңдү,
Чээнде жаткан кытайдын,
Элине кабар салбасын.
Сыр бараңды бир атып,
Добулбасту койгулап,
Алмакен арт жагында келатат.
Бугулардын терисин,
Буруп тарткан ак тизгин,
Каруугa ороп алды эми.
Улаккандын Сыргагы
Ак каңкынын кашына,
Кан Сыргак боорго кысып
калды эми.
Үч бууданга жеткизбей,
Сыргак минген Көк чебич,
Түштүк узап калды эми,
Буудандын оозун бурду эми,
Кан Сыргак бура тартып турду эми.
Артынан Алманбет барды эми.
Карт күрөң буудандын,
Жонунан кош арканын чечишип,
Алты түркүк чон чатыр,
Төшкө жөлөй жайышып,
Кулач боюу жез казык,
Жергелете көчөтшып,
Терекке керме салышып,
Алманбет менен эр Сыргак,
Ошо жерден үч буудан,
Аса байлап алышып,
Мына минтип турганда,
Көк аласын ойнотуп,
Чубак барады жерге.
Манасты күтүп отурса,
Манасынан дайын жок,
Күүгүм кирип күн бата,
Элдин алды тим жата,
Жылдыз тегиз толгондо,
Намаз куптан болгондо,
Манас кан минген Айбанбоз,
Кулагы түшүп шалпайып,
Баспай барады талтайып.
Үшкүрүгү баш жарат,
Ышкырыгы таш жарат.
Айкөлүм чарчап келди деп,
Айбанбоздой күлүктөн,
Балбандыкты билгизип,
Айкөл Манас көк жалды,
Көтөрүп аттан бир алып,
Чоң чатырга киргизип,
Алмакең кепти уруу эми,
Ошол жерден Манаска
Жеме кылып турду эми.

Ат арытып минген менен,
Ат кадырын билбейсиң,
Тон тоздуруп минген менен,
Тон кадырын билбейсин,
Жоо тоздуруп тийген менен,
Жоо кадырын билбейсиң,
Астыңа минген Айбанбоз,
Бел Акчийге келгенде,
Сенин кырк чороңдун кенжеси,
Ат  арытып минбеген,
Ат кадырын билбеген,
Астыңа минген Айбанбоз,
Сен боз балага берипсиң,
Чыратмасы жаныптыр,
Сууту сала каныптыр,
Өзүң минген Айбанбоз,
Кара тер басып жөн жарды,
Эти жашып калыптыр.
Деп ушинтип Алмакең,
Ал айтканың дагы чын,
Мен бел Ак чийге келгенде,
Кырк чоронун кенжеси,
Мен боз балага бергенмин.
Чыйратмасы жаныптыр,
Өзү шындай мал эмес,
Сууту чала каныптыр.
Айбанбоздой күлүктү,
Чыйратмага салгыла,
Тон кашкайып чыкканча,
Бекем суутуп алгыла.
Деп ошентип Манас кан,
Үшкүрүктү салды эми.
Карынан түшүп калды эми,
Таң тияктан сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Үч эрен алп уйкуну салды эми.
Камыштын башы шоодурап,
Жаңкы карача торгой чулдурап,
Тоң кашкайы кеменде,
Сыргак менен Алманбет,
Кермендеш төрт буудан,
Кермеден чечип алышып,
Отко коюп салышып,
Эки эрен карап турганда,
Манас кандын Айбанбоз,
Төрт аягы бүрүшүп,
Мойну жерге жетпестен,
Ары-бери кокжоңдоп,
Басып турат Айбанбоз.
Кан Алманбет кыраанын,
Суулуктан кармай калды эми.
Төш таянтып жетелеп,
Айбанбозду чалдырып.
Ошо жерден төрт эрен,
Күн шашкеге толгондо,
Тамактанып жайланып,
Буудандарын токунуп,
Саадакты жанга байланып,
Жолго түштү төрт эрен.
Күнү-түнү желдирип,
Аз гана күнү мол жүрүп,
Уктабай таңды атырып,
Санап жылдыз батырып,
Ашуу ашып, таш басып,
Санап он беш күн жол кезип,
Таң тояктан сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Азан маалы болгондо,
Чытырман токой калың тал,
Ичинде жалгыз аттын жолу бар.
Токою тыт болуптур,
Илбесин ичке толуптур.

Черди аралап барганда,
Аттан түшүп Алманбет,
Карга таштын алдынан,
Как кагаз сууруп алды эми.
Калмаганга калдырап,
Жана кытайынча балдырап,
Кагазга дуба салды эми,
Кагазга дуба салганда,
Сокур тоонун жалгыз жол,
Аны тосуп ал жерден,
Каманың жерди чалганы,
Жолборсу келди алганы,
Жалгыз жолду бүт бөгөп,
Ажыдаар жатат соргону.
Ушу сыйкырларды көргөндө
Кылычын кыя байланып,
Эрдемсинген Чубагы,
Сийдиги булут айланып,
Айланайын көк жалым,
Чытырман токой калың тал,
Жалгыз аттын жолу бар,
Муну тосуп алыптыр.
Каманың турат чалганы,
Жолборсуң турат алганы,
Ажыдаар жатат колдонуп,
Бул соруучудай оңдонуп,
Атыңдын башын тарта тур,
Чытырман токой калың чер,
Көк жалым жериңдин жайын айта тур.
Эмне деген ушул жер,
Деп ушинтип айтканда
Алоокең калмакча калдырап,
Кытайынча талдырап,
Алоокең кагазга дуба бир салып,
Алманбет бериш кылып койду эле,
Алманбеттин ышкырыгы чыкканда,
Жолду тоскон сыйкырлар,
Токойго карап кирди эми.
Ак балтанын Чубагы,
Алманбетиң кереметин билгизип,
Жол бошотуп берди эми.
Шыйкырдан Чубак өткөндө,
Манастын колдогону чоң деген,
Колдогонун билейин.

## АЛМАНБЕТТИН ЖОМОГУ

Сыйкырларды күчөтүп,
Алоокең жол тостуруп койду эми.
Кайран Манас барбактап,
Каарданып дардактап,
Сыйкырга кирип келгенде,
Манастын ыдыгына бата албай,
Каарына чыдабай,
Сыйкырлардын баарысы,
Качып кирди токойго.
Аны көрүп Алманбет,
Көчөр минген көчөйүн.
Айкөл Манас төрөмдүн,
Колдогону чон экен,
Касиети бар экен.
Карым казык болгончо,
Тобом токмок болгончо,
Касиетин Манастын,
Кызматын кылып өтөйүн.
Эми гана ошол жерден төрт эрен,
Эреден бутар качышып,
Чоң тизгин колдо карышып,
Төртөө тең жолго түштү жарышып,

Күнү бирдей жол жүрүп,
Түнү бирдей жол жүрүп,
Уктабай таңды атырып,
Ашуу ашып, таш басып,
Суу-Кокту, кырк күн жол басып,
Тал чоку жерге барды ошол.
Ошондо Манас муну айтат,
Ак кол Манас кеп айтат,
Чытырман токой, калың чер,
Көк жалым жалгыз атым изи бар,
Эмне деген жер ушул,
Аркайып өткөн кара жок,
Эмне деген тоо ушул,
Аттын башын тарта тур,
Жериңдин жайын айта тур,
Уктум эле укмуштан,
Анан көптү көргөн карадан,
Эми узун кулак сарыдан,
Анык чытырман токой калың чер,
Берим күрпүлдөктүн боюу деп,
Анан тол чокунун оюу деп,
Мына шака кулу урганы,
Көмүп бир гана өткөн тол чоку,
Олуялар чогулуп,
Түнөп өткөн тол чоку,
Анын касиети бар чоку,
Тегереги бек чоку.
Алкандай бусулман
Жанга бир кыстоо тийгенде,
Жан калкалаар бек чоку.
Көчө шайкы бурул думана
Бака манжы коң таажы,
Бээжинди бийлеп турганда,
Шайкы буурул думана,
Калк кыдырып чыкканда,
Колго түшүп калыптыр.
Бака манжы коң таажы
Кытайдын аттуу баштуу чоң каны,
Сынчыларга сынатып,
Тыңчыларга тыңдатып,
Сынчысы сынап олтуруп,
Буруттун чоң пуайы өзү деп,
Как ушинтип айтканда,
Касаптады думана.
Шайк бурул думана
Капырдын касабын кабылып,
Жети жылы төө баккан,
Төө бөккөндө жөө баскан.
Буруттун чын кудайы өзү деп,
Ушаа кажын алып берели.
Мындан тукум алалы.
Думананын тукумун,
Ардактап багып чоңойтуп,
Өмүр бир өтүп кеткенче,
Бээжинге кан көтөрүп алалы.
Бака манжы коң таажы,
Алып берди бир кызды,
Күлкакы деген нур кызды.
Төө кайтарган думана,
Кечинде төөдөн келгенде,
Эч бир жанга сүйлобөй,
Думана журөт нес болуп,
Күлкакы деген шайтан кыз,
Думана өзү жатканда,
Начар койнуна кирип жатканда,
Думананын керемети,
Этине этин тийгизбейт.
Орто жерин карасаң
Кереге темир кез болуп,
Думана жүрөт нес болуп,
Бака манжы коң таажы
Күлкакыны чакырып,

Күлкакыга кеп айтат,
Буруттун чын кудайы Думана,
Сага бой коштубу деп айтат.
Думанаң жүрөт нес болуп,
Койнуна кирип мен жатсам,
Этине этим түк тийбейт,
Орто жерин сыйпасам
Кереге темир кез болуп,
Эмесе кечинде Думана төөдөн
келгенде,
Чоюн кашык колго алып,
Чочконун майын кайнатып,
Таманынын тарыка,
Май тамызып турганда,
Ыштаныңды чечип ал,
Думананын маңдайына,
Тартайып өзүң басып бар,
Минтип тукум алалы.
Думана төөдөн келгенде,
Ыштанды чечип салганы,
Этегин түрүп Күлкакы,
Думананын кашына,
Тартайып басып барганы,
Таш көтөрүп Думана,
Көрө коюп Күлкакы
Капырай сенин жарыгыңдан,
Менин жарыгым чоң экен.
Деп ошентип Күлкакы,
Кайнап турган май менен,
Чурайга уруп жиберди.
Мени кудай уруп салды деп,
Күлкакыдай шайтандын,
Желден бүтүп бир бала,
Боюна бүтүп калды деп,
Таягы жыгач ат болуп,
Бээжин шаарынан,
Шайкы бурук Думана,
Качып чыкты жат болуп.
Ошол шайкы Думана
Конуп кеткен тал чоку,
Олуялар чогулуп түнөп кеткен
тал чоку.
Кыл жолго салабыз,
Тол чокуга чыгып барабыз,
Бой сергитип алабыз,
Анан бир Бээжинге чалабыз.
Бээжиндеки кытайдан,
Ушул жерден кабар алабыз.
Манас канды ээрчитип,
Тол чокунун жар кыя,
Тар кыяга салды эми.
Жол ортолоп барганда,
Манас кан минген Айбанбоз
Буту колу калтылдап,
Колтук башы титиреп,
Зоодон учмай болду эми.
Көрө коюп Алмакең
Аттан түшө калды эми.
Айкөл Манас көк жалды,
Ай далыдан бек кармап,
Колдой көр кудай деп кармап,
Жаш баладай котөрүп,
Алакең балбандыкты билгизип,
Саралага мингизип,
Көк ала менен Сары ала
Бугулардын терисин
Буруп жаккан чоң чылбыр.
Суулуктан сыйрып алды эми.
Манас кан минген Айбанбоз
Чылбыр менен орոштоп,
Кан Чубагы көк ала
Көк алага сүйрөтүп,

Тал чокуга чыгып барды эми.
Тал чокунун жонуна,
Кермени керш салды эми.
Буудандарды суутуп ала байлап
салды эми.
Ак каңкыны жазданып,
Ак чобуту салынып,
Үч эрен алп уйкуну салды эми.
Үч эрен аябай уктап калды эми.
Айкөл Манас кайран шер,
Улуу заада балбан эр,
Чыканактап тынч албай,
Серим этип уйку албай,
Кар үңкүрдүн үстүнд,
Олуя кароол кароого,
Алачыктай чоң таш бар,
Жалгыз кара сом таш бар.
Айкол Манас кайран шер,
Ташка чыгып барды эле,
Алтын айлуу чоңдурбу
Коюндан сууруп алды эми,
Болоттон соккон ташы бар,
Бай тумар чалыш кабы бар,
Меккеден келген эшен
Белекке берген чоң дүрбү
Сабына алтын толготкон
Оозуна жакут орноткон,
Алыскы жерге салсын деп,
Жер өлчөсүн алсын деп,
Беттешип келген жоо болсо,
Жоонун ченин алсын деп,
Арнап берген чоң дүрбү.
Манас кан чыкырыгын имерип,
Чын эле көзгө жиберип,
Чарайна көзгө толтуруп,
Эликтей болгон кара көз
Ирмебей карап отуруп,
Бээжинге дүрбү салды эми.
Бээжиндеги кытайды
Манас кан болжоп көрүп
алды эми.
Бээжинге карап олтурса,
Карарып жаткан бел турат,
Какайлаган эл турат.
Жол кыя салган тамы бар,
Чубалжый баскан жаны бар.
Бышырган кыштан үйү бар,
Калың жоо көрдү Бээжинден.
Андан ары көрүшкө,
Булуңгу тартып бурчтанган,
Мунарык тартып урчтанган,
Топурак учуп тоз түшкөн,
Тоо айланып тоз түшкөн.
Манас кан калың жай көрдү
Бээжинди,
Алмасы чирип көң болгон,
Жийдеси чирип жон болгон,
Шонтип көрдү Бээжинден.
Сары алтындан салдырган,
Такты көрдү Бээжинден,
Түркүгүн сом алтындан
сомдоткон.
Озунда жакут орноткон,
Алтын ооз дарбаза,
Ордо көрдү Бээжинден.
Чоң акырдан жем жеген,
Жорго көрдү Бээжинден.
Алтындан акыр ойдурган,
Сүрөтүн тартып койдурган,
Күмүш ооз дарбаза,
Ордо көрдү Бээжинден,
Күмүш менен такалуу,

Манас кан жорго көрдү Бээжинден.
Күмүштөн акыр ойдурган,
Алмакең Бээжинди бийлеп турганда,
Мунун сүрөтүн тартып койдурган.
Андан ары караса агалуу кызыл чөп,
Манас кан зоону көрдү Бээжинден,
Андан ары караса,
Карагайлуу кара шак,
Жоону көрдү Бээжинден.
Андан ары караса,
Көрүнгөндө көрүнөт,
Көрүнбөсө а жерден,
Көлөкө түшүп бөлүнөт,
Калың жай көрдү Бээжинден.
Андан ары караса,
Боз топурак калың таш,
Чебич көрдү Бээжинден.
Кумурскадай жайнаган
Элин көрдү Бээжиндин.
Оймок ооз, бото көз,
Кызын көрдү Бээжиндин.
Баары бирдей тай-тай бут,
Сулуусун көрдү Бээжиндин.
Алтын айчык чоң жунар
Манас кан ордо көрдү Бээжинден.
Чоң акырдан жем жеген
Алтын менен жакалуу
Оттоп турган боз жорго,
Жорго көрдү Бээжинден.
Бээжинди көрүп маң болуп,
Айкөл Манас кайран шер
Карап турду дал болуп.
Көк жалым деп бакырып,
Алманбетти чакырып,
Манастын ачуу үнү чыкканда,
Бизди кудай уруп салды деп,
Чочуп кетип ойгонуп,
Бээжинден кытай чыгып алганбы,
Бөксө жолго салганбы,
Изге түшүп алганбы,
Алкандай тал чоку,
Алтымыш курчап калганбы,
Деп ушинтип Алмакең,
Айкөл Манас төрөмдүн,
Айласы кетип калганбы,
Деп ошентип Алмакең
Шымдакчан болуп шым кийип,
Ай балтаны таянып,
Манас кандын жанына,
Алмакең басып барды кымтынып.
Айланайын көк жалым,
Бээжинди билсең айтып бер,
Мындан ары карасам
Түрлүү ашкан бел көрдүм,
Эң эле сонун жер көрдүм,
Карарып жаткан бел көрдүм,
Көкөйлөгөн эл көрдүм.
Жөлөккө салган ташы бар,
Бышырган кыштан үйү бар,
Эмне деген жер ошол,
Көк жалым кандай кандын жери ошол,
Андан ары карасам,
Босоңгор тартып бурчтанган,
Мунарык тартып урчтанган,
Топурак учуп таз түшкөн,
Корогон кайың калың бак,
Жаркыраган алтын так,

Эмне деген жер ошол,
Баатыр кандай кандын жери ошол,
Алмасы чирип көң болгон,
Чийдеси чирип жон болгон,
Шакты көрдүм Бээжинден.
Сары алтындан такты салдырган,
Такты көрдүм Бээжинден.
Алтын ооз дарбаза,
Ордо көрдүм Бээжинден.
Алтын менен такалуу,
Жорго көрдүм Бээжинден.
Тетиги кандай кандын ордосу,
Алтын менен такалуу,
Кандай кандын жоргосу,
Күмүш менен такалуу,
Тетиги кандай кандын жоргосу,
Агалалуу кызыл чап,
Андан ары карасам,
Зоону көрдүм Бээжинден.
Тээтиги эмне деген зоо ошол,
Карагайлуу калың шак,
Жоону көрдүм Бээжинден.
Эмне деген коо ошол,
Андан ары карасам,
Көрүнгөнгө корүнөт,
Көрүнбөсө көк жону,
Үстүнөн көлөкө түшүп бөлүнөт,
Калың жай көрдүм Бээжинден.
Эмне деген жер ошол,
Тээтиги кандай кандын жери
ошол,
Андан ары карасам,
Боз топурак калың таш,
Чебин көрдүм Бээжиндин.
Оймок ооз, бото көз,
Кызын көрдүм Бээжиндин.
Баары бирдей тай-тай бут,
Сулуусун көрдүм Бээжиндин.
Алтын ачык чоң мунар,
Ордо көрдүм Бээжинден.
Кандай кандын ордосу,
Чоң акырдан жем жеген,
Алтын менен жакалуу
Ойноп турган боз жорго,
Жорго көрдүм Бээжинден.
Тээтиги кандай кандын жоргосу,
Айланайын Айкөлүм,
Менде кантип билбеймин,
Мен көзүмдү ачып көргөн жер
Кичинемден өнгөн жер,
Менин көйнөгүм чечип
жууган жер,
Киндигим кесим бууган жер.
Бээжинди кантип билбеймин,
Бээжинди кантип туйбайын,
Он жашымда жак мени,
Жыйырма бирге чыкканча,
Кайырдык кытай кол минип,
Бээжинди бийлеп турган кан,
Алты кылым кытайдын,
Алымын жыйнап турган жан.
Бээжиндин жайын айтайын,
Карарып жаткан бел көрсөң,
Кокойлогон эл көрсөң,
Жөлөкө салган там көрсөң
Чубалжый баскан жан көрсөң,
Бышырган кыштан үйү бар,
Кокончынын бели ошол.
Кайырдим кытай эл ошол.
Карың ишбе көп тыргоот,
Капырдын кармап койгон чери
ошол.

Андан ары карасам,
Булуңгур тартып бурчтанган,
Мунарык тартып урчтанган,
Чет Бээжин деген жер ошол.
Менин атам Азиз кан,
Тажаалдан сурап турган эли
ошол.
Өзүң аркайып аткан кара тоо,
Тоодой болгон чоң баркан,
Менин атам Азиздин,
Чай алуучу кени ошол.
Жолум үйдөй боз дөбө,
Менин атам Азиз кан,
Уй түгүндөй капырды,
Кырк курчатып алуучу,
Сөзү кетип калуучу,
Кандардын журт сураган тагы
ошол.
Мен Бээжинде турганда,
Жараткан жалгыз кудайды,
Манас кан таалайга жазган
бак ошол.
Алдакы алакандай куу такыр,
Алакен алты жашар кезинде,
Алалыкдан сака колго алып,
Кырк солоңду ээрчитип,
Ойногон жерим мынабу.
Алтындан такта орнотуп,
Жибектен бакча толготуп,
Бойлогон жерим мынабу.
Дудук кыз Тудум менен Турна,
Ормон кан кызы Айша менен,
Ойногон жерим мынабу.
Чатыраш ойноп дөң салып,
Кан баласы кайран жан,
Жаткан жерим мынабу.
Көп кызыкка көйкөлүп,
Баткан жерим мына бу.
Алмасы чирип көң болгон,
Жийдеси чирип дөң болгон,
Манас кан шакты көрсөң
Бээжинден,
Мен шордуунун шагы ошол.
Алтын ооз дарбаза,
Эмне көрсөң Бээжинден,
Мен шордуунун ордосу.
Алтын менен жакалуу,
Жорго көрсөң Бээжинден,
Тигине сүрөтү турат тартылып,
Сейилдикке минүүчү,
Көчөдө ойноп жүрүүчү,
Мен шордуунун жоргосу.
Эмести кеси жең кандай,
Ак пайгамбар бир үчүн,
Ак мусулман дин үчүн,
Мелтиреген тозоктон,
Башымды азат кылам деп,
Алтын так таштап Бээжинге,
Атаңдын ормон дүнүйө,
Айлынан мен кытай,
Күмүш ооз дарбаза,
Ордо көрсөң Бээжинден,
Ага жеттиң ордосу.
Күмүш менен такалуу,
Жорго көрсөң Бээжинден,
Мен шордуунун жоргосу,
О тикеге кессе жең кандай,
Ак пайгамбар пир үчүн,
Мелтиреген тозоктон,
Башымды азат кылам деп,
Манас мен жер кезип келген
жер кандай,

Көрдүңбү өзүмдөн калаган
алтын так,
Түркүгү кооз болсун деп,
Сары алтындан сордурттум.
Тактайы кооз болсун деп,
Кызыл алтын сунаттым.
Кашеги кооз болсун деп,
Сары алтындан чойдуруп,
Жакуттан таш оштон улаттым.
Калгамдын өзүнө,
Жакут таш орноттум.
Кол кармоочу тутка деп,
Сары алтындан орноттум.
Эми этекти кесе кең кандай
Манас,
Ошо мен Бээжинден безгенде,
Алтын үңкүр толгон бул калган.
Айжаңдын кызы бир Мыскал,
Эсен кан кызы Бурулга,
Жалгызым качан келет деп,
Эми Бээжин шаарында,
Тилекти кудай берет деп,
Эки кыз буркурап ыйлап турганда,
Этекти кессе жең кандай,
Же дүнүйөгө карабай
Же жанагы ак пайгамбар пир үчүн,
Жана мелтиреген тозоктон,
Башымды азат кылам деп,
Жеримден безген мен кандай
Манас,
Агалалуу кызыл чап,
Эми зоону көрсөң Бээжинден,
Тээтиги жаңырыктын зоосу
ошол,
Карагайлуу калың шак.
Жаздын күнү болгондо,
Көп калча жылкысын камап
болгончо,
Эли аткара тил болгончо,
Бээнин бир туут кезинде,
Жылкысын камап коюучу.
Кооганын карагайлуу коосу ошол.
Эми андан ары карасаң,
Манас аңырайып көрүнгөн
жер ошол.
Анан чоң Бээжин өзү ошол,
Казын бир койгон калмактын,
Кыры кез келген ор ошол.
Чыккан мыкты ит,
Жон айласын билген мыктуу ит.
Кендир өтүк кезбе шым,
Кечилдин каны Коңурбай,
Кеңирсиген чон калтай,
Көчүрүп өткөн көк кайкы,
Көкмөк кулжа жатуучу,
Чоң Бээжиндин кайкысы,
Кокойлогон Манжунун,
Жөн бусулман болуп калбаган.
Айланайын Айкөлүм,
Айланайын ырысыңдын тайкысы,
Тээтиги кашкайы жаткан ак кыя,
Карардын канына таарынып,
Кара көңүл жалгыздын,
Качып келген жер ошол.
Көрсөң Бээжин оң ошол.
Эми айланайын Айкөлүм,
Андан ары карасаң
Көрүнгөндүн көзүнчө,
Көрүнбөсө Манас кан.
Алтымыш капкан кырк даңза,
Кыр Бээжин деген жер ошол,
Кырк уруу кытай эл ошол,

Кылымдан ашкан манжу ошол,
Аялжоонун шаары ошол.
Жардам кылса жанжагул,
Каптап кетээр сел ошол.
Кара бир жолтой Калганын
Тоодайыр болгон буркандын,
Медер кылган эли ошол,
Бекиткен кытай чеп ошол.
Андан ары карасаң,
Боз топурак калың там,
Чебин көрсөң Бээжиндин,
Кумурскадай кайнаган,
Топон суу Бээжин жери ошол.
Тозоку Коңур эли ошол.
Алдыны айтып чоң мунар,
Ордо көрсөң Бээжиндин,
Бээжиндеки кары кан,
Кары кытай Эсен кан.
Эсен кан тим ордосу,
Чоң акырдан жем жеген,
Ойноп жүргөн боз жорго,
Алтын менен жакалуу,
Жорго көрсөң Бээжинден,
Ороюм актан жаралган,
Бурулча кыздын жоргосу,
Алаңдын акыреттик жолдошу.
Мен Бээжинден безгенде,
Убада кылган жерим бар.
Бурулча менен мен шордуу,
Акыреттик кебим бар.
Мен Бээжинди кантип билбеймин,
Бээжинди кантип туйбайын,
Ак пайгамбар пир үчүн,
Буларды таштап Бээжинге,
Жеринен безген мен кандай,
Он жашымда ток минип,
Жыйырма бирге чыкканча,
Кайырдин кытай калк минип,
Аким болуп турган жан,
Уй түгүндөй капырдын,
Алымын жыйнап турган жан,
Түтүнүнө мен шордуу,
Алтындан арым салчумун.
Ошону бузбай жыйнап алчумун.
Дүйнө толук болгондо,
Кимди аяйсын Алманбет,
Нечен дилде жүктөтүп,
Атама жумшак барчумун.
Дүйнө толук болгондо,
Кимди аяйсың Алманбет,
Бээжиндин чебинин ичинен,
Узун чач кытай элинен,
Зергер уста алдырдым,
Сарайым кооз болсун деп,
Сары алтындан салдырдым.
Багым кооз болсун деп,
Артыма так калсын деп,
Сары талдан салдырдым.
Деп ошентип Алманбет,
Бээжинди айтып турганда,
Айкөл Манас кайран шер,
Эми касиеттүү балбан эр,
Алманбет канга сүйлөнүп,
Баатыр башта Бээжин билбейм дегениң,
Өз элиңе келгенде,
Өз жериңди көргөндө,
Бээжинди белем дегениң,
Ырысыңды жегениң,
Элиңди аяп жүрүпсүң,
Жериңди аяп жүргөнүң,
Мен Бээжинге барбайын,

Кайырдин кытай тажаал деп,
Калкыңа санат кылбайын.
Эртең акыретке барганда,
Ай асманда кудириң,
Акыреттик дос элең,
Айлыңа казат мен кылып,
Аксак сары ат минбеймин,
Ант көтөрүп жүрбөймүн.
Көчө Анжиянды чапканда,
Алтынын күлдөй чачканда,
Аргын менен көп ногой,
Олжону көп бөлүп жатканда,
Керемем алып куранды,
Койнуман сууруп мен алып,
Дос Бээжинди билсең айткын деп,
Кан Бээжинге ээрчитип,
Алдыңа чуркап барганда,
Бээжинди билбейм деп айтып,
Муңдап үч кармадың куранды.
Кудай бирөө куранчым,
Баатыр сен билбейсиң буларды.
Маргаланды чапканда,
Бээжинди билсең айткын деп,
Кызуу менен барайын,
Кытайды кошо чабайын,
Кегиңди алып берейин,
Деп ушинтип мен өзүм,
Ажыбай канды ээрчитип,
Алдыңа чуркап барганда,
Бээжинди билбейм деп айтып,
Кудай бирөө куранчым,
Алманбет түк билбейсиң убалды.
Орозойдун он уулун,
Олжосун майып кылганда,
Жолдон тартып алганда,
Эми билсең айткын деп,
Абакем Кошойду ээрчитип,
Кереме салып куранды,
Астыңа чуркап барганда,
Бээжинди билбейм деп айтып,
Үч кармадың куранды.
Мына ушинтип Манас кан,
Алманбет канга чын таарынып
турду эле,
Анда Алмакең муну айтат,
Айланайын Айкөлүм,
Тал чокунун жөнүнө
Кондурмак болдуң конокту,
Күнү-түнү үч күнү
Туулган жарык чачтырып,
Тумшугу жок жалгызга,
Актырмак болдук жомокту.
Анда мен Бээжинди айтпай
жүргөмүн.
Бизден шуруку өткөн зоолордон,
Үрүстөм Даткам келбеген,
Алар жолун чалбаган,
Акимиң журтка жайбаган,
Алгыр келбейт Бээжинге,
Искендер изин салбаган.
Ошол турган Бээжинде,
Илияз кадыр барбаган,
Сулайман сурак албаган.
Арышың жетпейт Бээжинге,
Он сегиз миң ааламды,
Карап туруп бур кылган,
Азыретаалы келбеген,
Пайгамбар жолун чалбаган,
Сүннөткө бала албаган,
Арага мечит салбаган,
Арышың жетпейт Бээжинге.
Топон суу тоздоп кетпеген,

Кудайдан каза жетпеген,
Кудайдын казынасы бу Бээжин.
Алыбыз жетпейт Бээжинге,
Бу Бээжиндин ичинде,
Аттуу баштуу беш кан бар,
Бирөөнүн жайын айтайын,
Бир Чыңгыздын баласы,
Кайыптан амал бул алган.
Капырлардын тазасы,
Мунун эң чоң улуусу Эсен кан
Андан кийин болуучу,
Менин атам Азиз кан,
Андан кийин Айжаңжуң,
Андан кийин Күкжонжун.
Эң кенжеси Алооке,
Бу бешөө Чымчыктын уулу экен.
Бээжинди карыган кан
Бул адамдан башка сыйкырчы,
Менин атам Азиз кан
Бир тукумдун айынан
Тогуз катын алыптыр.
Тогузунчунун өзүнөн,
Тогуз уул тааптыр.
Тогузу окуусун окуп бүткөндө,
Кечил болуп келжейип,
Шаарга тентип кетип калыптыр.
Тогузунан түңүлүп,
Менин атам Азиз кан,
Уй түгүндөй капырдан,
Кыз катынын бүт сынап,
Мен тукумсуз болуп калбайын
Мага жубай таап берүүчү,
Өзүмдүн агам Эсен кан
Катын алып берсин дейт.
Катты жазып олтуруп,
Азанга чыккан Шүдүңгүр
Жөө күлүктү жиберген.
Кат колуна тийгенде,
Катты окуп олтуруп,
Сынчыларды алдырып,
Уй түгүндөй капырдын,
Айдап келип Эсен кан,
Сынчыларга сынатып,
Чубатууга салды эле,
Тоодой болгон чоң буркан,
Менин атам Азиз кан
Ошонун бирөө жакпай калды эле,
Каз элечек катының,
Тай-тай буттуу сулуусун,
Сынчыларга сынатып,
Чубатууга салды эле,
Тоодой болгон бурканга,
Бирөө жакпай калды эле.
Арып окуу көп окуп,
Өнөрү ашкан бир кытай,
Бал китебин көтөрүп,
Эсен канга барды эле,
Жан келдиктин жонунда,
Качып жүргөн бир кыз бар,
Адамдан сулуу нур кыз бар.
Кармап келип иниңе,
Алып берсең ушуну,
Ушу тууса бөздү тууйт,
Бээжинге тутка белди тууйт.
Бээжинди бек кармоочу
белди тууйт.
Деп ушинтип айтканда,
Уй түгүндөй капырга,
Ушуну таап келгин деп,
Бээжиндеги кары кан,
Кары кытай Эсен кан,
Жарлык кылып жиберди.

Уй түгүндөй көп капыр,
Жан келдиктин жонуна,
Тоорактуунун үстүнө,
Каптап чыгып калды эми.
Бу капырды кап түгү,
Топурак учуп боз түшүп,
Асман ачык жер бүркөк,
Жерден бир тал көрүнбөй,
Жан келдиктин жонуна,
Тороктуунун үстүнө,
Каптап чыгып келишип,
Арып ачып кытайлар,
Энекемди таба албай,
Шаарга кайра тарап жөнөдү.
Өз энекем Айганыш,
Берштеден дубалап,
Дуба менен энекем,
Жылан болуп кубулуп,
Бир түп шилби аркалап,
Кара башын калжалап,
Калың чердин ичинде,
Камалып энем жатканда,
Арып окуу көп окуп,
Өнөрү ашкан бир кытай,
Бал китебин көтөрүп,
Изиге түшүп алыптыр.
Чоң шилбинин түбүнөн,
Из кубалап барыптыр.
Ары окуу, көп окуу,
Өнөрү ашкан а кытай,
Энекемдм таап алыптыр,
Темир торго салыптыр.
Эсен кан тажаал алдында,
Баякы кыз ушу деп,
Сүйүнчүлөп барыптыр.
Сүйүнчүлөп барганда,
Ошо шумбунун ташын алыптыр.
Аш жетпеген ал кытай,
Шумбу болуп калыптыр.
Төбөгө ташты сайынып,
Суракчы болуп калыптыр,
Өз энекем Айганыш,
Сынчысы сынап олтуруп,
Ушу тууса бирди тууйт,
Бээжинге тутка белди тууйт,
Бээжинди бек кармоочу
шерди тууйт.
Деп ошентип айтканда,
Эсен кан туруп кеп айтат,
Менин атам Азизге
Алып барып ушуну,
Катын кылып алгын дейт.
Эркек тууса катыны,
Баланды алып келгин дейт.
Баланды өзүм көрөмүн,
Атын коюп беремин.
Деп ошентип айтканда,
Сүйүнгөн бойдон Азиз кан,
Макул, макул деп,
Ушул сөзүң акыл деп,
Уга турган акыл деп,
Айганышты ээрчитип,
Напага түшүп олтуруп,
Көз айнек көздө жазтылдап,
Отогосу калмактын,
Оң ийнинде балкылдап,
Жакут айнек шуру таш,
Так төбөдө жалтылдап,
Напага түшүп олтуруп,
Чет Бээжинди көздөй бет алып,
Адамдан чыккан шүдүңгүт,
Напасын жөө күлүккө айдатып,

Күнү бирдей жол жүрүп,
Түнү бирдей жол жүрүп,
Качыр менен каржаңдап,
Кайран кытай дардаңдап,
Ашууну ашып таш басып,
Агыны катуу суу кечип,
Санаты бир ай жол басып,
Чет Бээжинге барыптыр.
Алты күн чочко сойдуруп,
Аябай шилеп той кылып,
Аш жетпеген кытайды,
Аныда атам тойгозуп,
Мына минтип турганда,
Өз энекем Айганыш
Кытайдын киймин кантип
кием деп,
Тилин кантип билем деп,
Динине кантип кирем деп,
Кара барга кытайдын,
Катыны болуп мен шордуу,
Астына кантип кызмат кылам деп,
Кытайдын киймин мен кийсем,
Динин турдап мен жүрсөм,
Көңүлүм берип мен шордуу,
Кара борго кытайдын,
Катыны болуп мен шордуу,
Астына кызмат кылып мен
жүрсөм,
Эртең акыретке барганда,
Таңды мамар болгондо,
Жараткан жалгыз кудайга,
Бети кара боломун,
Мен шордуу  тозокко кирип
оңом го.
Дуба менен кубултуп,
Бир шайтанын азгырып,
Алып келип кытайдын,
Койнуна катын кылып жаткырып,
Өз энекем Айганыш
Кагылайын энекем,
Жөн жайдактын башына,
Мудакка безип барыптыр.
Энекем муздакта безип жүргөндө,
Жанагы Сары аланын элеси,
Энекем Кулан-Сурду таап
алыптыр.
Жаныбарым Кулан-Сур,
Жел кайыпка бел кошуп,
Менин Ай- Сарала бууданым,
Боюна болуп калыптыр.
Энекем менен Кулан Сур,
Аклаш болуп калыптыр.
Энекем муздакта безип жүргөндө,
Жана чон кербендин ичинен,
Мажикти тартып алыптыр.
Менин атам Азиз кан,
Капырдын аттуу баштуу
каны экен,
Алоокенин Коңурбай,
Алты жашар кезимде,
Менин атам Азизге,
Мажикти тартуу кылып
барыптыр.
Сынчыларга сынатып,
Сынчысы келип кеп айтат,
Мажикти ак мусулман өзү деп,
Өзү эмес кара көзү,
Сынчысы сынап болгон соң,
Касаптады Мажикти.
Майлуу кара тон берип,
Чолок кара бээ берип,
Чочкочу кылып салыптыр.

Кагылайын Мажикем,
Жан бакмак кыйын иш экен,
Бадачы болуп калыптыр.
Мажикем бадачы болуп
жүргөндө,
Өз энекем Айганыш,
Ай эсебин алыптыр,
Айды катка салыптыр.
Ай сүлүгү толгондо,
Күн сүрүлүп болгондо,
Бели башы бек ооруп,
Курсак башы көп ооруп,
Боюна толгоо киргенде,
Кулан Сурду жетелеп,
Көк булуң токой мазар тал
Кан жайлактын белинде,
Кулан Сур бууданды
Саралактын элеси
Мазар талга келиптир.
Жетелеген Кулан Сур,
Аман багып тургун деп,
Өз энекем Айганыш,
Периштеге бериптир.
Жаны кейип чыдабай,
Эл ичине барам деп,
Кечинде куланды,
Тооккана тамына,
Жан калкалап барыптыр.
Кирген чыккан куланды,
Бирөө көрбөй калыптыр.
Күүгүм кирип күн бата,
Кагылайын кан Мажик,
Камоого чочко бериптир.
Энекемдин үстүнө каладайып,
Кан Мажик келиптир.
Мажик канды көргөндө,
Буркурап ыйлап жиберип,
Айланайын Мажике,
Ак бусулман өз элең,
Өз эмес кара көзү,
Мына курсактагы куу чунак,
Нур баласы бул эле,
Нурдун зайбы мен элем.
Бели башым бек ооруйт,
Курсак башым бек ооруйт,
Көк булуң токой Мазар тал,
Мазар талга баргының,
Кагылайын Мажик,
Мага балаң кайып бергиниң,
Деп ошентип айтканда,
Кагылайын Мажигим,
Мазар талга барыптыр,
Мазар талдын өзүнөн,
Баканды кыйып алыптыр.
Энекем Айганышка жиберип,
Баканды кармап толготуп,
Өз энекем Айганыш
Курсагын периштеге оңдотуп,
Энекем ошондо мени тууптур.
Мен курсактан түшкөндө,
Аягым менен тик түштүм.
Кулактын учу тешилүү,
Мен Алманбет жалгыздын,
Сүннөтү кесилүү,
Манас курсактан түшкөндө,
Эки колду бек уштап,
Оң колумду караса,
Жети кара таш уштап,
Сол колумду караса,
Жети кара кан уштап,
Сол колумда жети кан,
Жетимиш кандын башы экен.

Оң колумда жети таш,
Бусулмандын журтунан,
Жетимиш эрдин башы бар.
Кагылайын энекем,
Мага көчөдөн уста таап берчи деп айткан,
Шаардан уста алдырып,
Темирден сандык орнотуп,
Усталарга оңдотуп,
Өз энекем Айганыш,
Көчөдө итти үргүзбөй,
Бир кытайга билгизбей,
Уурдап багып жүрүптүр.
Нур баласы курган жан,
Кытайга келген күнүнөн,
Үч ай мурун төрөп алыптыр.
Мундуктай бир кытайга билгизбей,
Уурдап багып калыптыр.
Үч ай өзү бүткөндө,
Бир күнү Мажикке кеп айткан.
Кагылайын Мажик,
Мага ит кармап берчи деп айткан.
Көчөдөн итти карматып,
Ошол итти өлтүрүп,
Көйнөк менен дамбалды,
Ит канына бөлөп,
Мен Алманбет жалгызды
Колу буттан бек кармап,
Колдой көр кудай деп кармап,
Ит канына да бөлөп,
Кызыл ала бир кылып,
Этегине салганы,
Мына сага эркек тукум таптым деп,
Азиз кандын алдына,
Сүйүнчүлөп барыптыр.
Тоодой болгон бул буркан
Жел адамдан тууган балабы,
Же өзүмдөн тууган балабы,
Деп ошентип Азиз кан,
Эсепчини алдырып,
Ай эсебин алдырып,
Айды катка салдырып,
Айдан жаздым таба албай,
Күн эсебин алдырып,
Күндү катка салдырып,
Эсептетип Азиз кан,
Күндөн жаздым таба албай,
Өзүмдөн тууган бала экен.
Түп Бээжинге барам деп,
Өзүмдүн агам Эсен кан,
Балама ат койдуруп алам деп,
Энекемди ээрчитип,
Нопага түшүп олтуруп,
Качырларды байлатып,
Адамдан чыккан шүдүнгүт,
Жөө күлүктүн өзүнө,
Арабасын байлатып,
Ашуу ашып таш басып,
Санаты бир ай жол басып,
Түп Бээжинге барды эми.
Мен эркек бала таптым деп,
Баламдын атын коюп берсин деп,
Этегине бир салып,
Алып барды Эсен кан,
Ошо жерде Эсен кан,
Кайра танып салыптыр.
Азизимдин арам сийдик тукуму,
Ак бусулман өзү экен.
Өз эмес кара көзү экен,
Эртең мен тарып эр болсо,

Эр уулу менен тең болсо,
Эрбейип атка мингенде,
Азизимдин арам сийдик тукуму,
Шаардын бир чекесин билгенде,
Ичимден чыгып Ала-Тоо,
Журтка качып барат деп,
Буруттун каны Манжуга,
Азизимдин арам сийдик тукуму,
Жетип кабар салат деп,
Оймой болду көзүмдү,
Түп Бээжинде Кары кан,
Кара кытай Эсен кан,
Өлтүрмөй болгон өзүмдү.
Өлөрүмдү билгенде,
Өз энекем Айганыш,
Тар курсагын кеңиткен,
Таш эмчегин бошоткон.
Кагылайын энекем,
Өлөрүмдү билгенде,
Азиз канга кеп айткан,
Көрө албастан тиги агаң,
Өзүңдөн тапкан балаңды,
Өлтүрмөй болду деп айткан.
Тукум үчүн зар болгон,
Туручу Азиз кандын эрки эмес.
Дардактап чуркап барганы,
Ымыркай бала кезимде,
Чыркыратып өзүмдү
Кытайдын колунан сууруп
алганы.
Алып келип энекем,
Айганышка бергени,
Бусулман элден бирөө жок,
Душмандан кылган чоң тозок,
Жүзүмө так коюлуп,
Оң эмчегин энекем,
Оозума салып бир коюп,
Болкулдап ыйлап турганы,
Как ошентип турганда,
Эсен кан капыр кеп айтат,
Ой Азиз кан өз иним,
Алып келчи балаңды,
Эриккеним жазайын.
Боорума сүйүп баланы,
Эркелетип келейин.
Алдыңдакы балаңдын,
Атын коюп берейин.
Алдатып коюп Азиз кан,
Кайра алпарып берди эми.
Балаңдын атын коюп берем деп,
Кандын ташы кара таш,
Кара таштын өзүнө,
Көтөрүп алып барайын.
Шыйрактап кармап,
Кара ташка чабайын.
Тукумсуз жүргөн Азизден,
Тукумсуз кылып салайын.
Деп ошентип чоң Кытай,
Ташты көздөй басканда,
Өз энекем Айганыш
Өлтүрөөрүн билгенде,
Тоодой болгон кытайга
Же балаңыз ыйлап калат деп,
Же балаңыз сийип коет деп,
Тоодой болгон Манжынын
Жакасына жармашып,
Шыйрактан кармап алды да,
Көтөрүп ташка чабарда,
Түр түшүп жүрүп Айганыш,
Чаптырбай өттү ал ташка.
Кандын кыйнап өткөн кара суу,
Чоң кудугу бар экен.

Энеси менен баласын
Кудукка сүйрөп барайын,
Катар бир салайын.
Тукумсуз жүргөн Азизди
Тукумсуз кылып салайын.
Деп ушинтип ал Кытай
Өз энекем Айганыш,
Периштеден дуба алып,
Тоодой болгон буркандан,
Кудугун үйлөп жиберди.
Ошондо колун ачып алалбай,
Жаратканга жалынып,
Мойнуна бото салынып,
Ошондо периштеден дуба алып,
Кудуктун жүзүн өзү басылды.
Алманбеттей жалгызды,
Колунан жулуп алды эле,
Көзүн көрбөс көр кылып,
Кулагы укпас кер кылып,
Дуба менен көз байлап,
Жолунан жулуп алды эле.
Кытайдын аттуу баштуу кандары,
Кулак башын чукулап,
Көзү башын ушалап,
Көзүбүз көрбөй көр болдук,
Кулак укпай кер болдук.
Уй түгүндөй капырды,
Ак селдечен бир киши,
Алдыңдагы жалгыздан,
Жүзүн аччы бир көрөйүн,
Баламдын атын коюп берейин.
Баланын маңдайын көрүп олтуруп,
Алдыңдакы жалгыздын,
Ак пайгамбар пири экен,
Ак бусулман дини экен,
Ат жалын тартып мингенде,
Өз динине алып бар.
Аттанып жоого чыкканда,
Жараткан жалган бир болот.
Бет алган жоосу өлсүн деп,
Кожо кыдыр ак эшен,
Атын Алманбет көк жал коюптур.
Кулак башын чукулап,
Көзү башын ушалап,
Азиз кан Айганышка келди эми,
Көзү көрбөй калды деп,
Кулагы укпай калды деп,
Бизге эмне болуп кетти деп,
Минтип айтып турганда,
Айганыш туруп муну айтат,
Аттуу баштуу кан болуп,
Эч нерсени билбейсиң,
Өз атаңар Чынгыз кан,
Такка минген кан экен.
Уй түгүндөй биздин калк,
Аралап келип атаңар,
Мынабу турган балаңды,
Атын коюп берди деп,
Балаңдын атын биздин кан,
Алманбет көк жал болду деп,
Сүйүнгөн бойдон Азиз кан,
Напага түшүп олтуруп,
Айганыш Алманбеттин жанында,
Желмаянга айдатып,
Күнү-түнү жол басып,
Агымы катуу суу кечип,
Санаты кырк күн жол басып,
Чет Бээжинге келиптир.
Жети миң чочко сойдуруп,
Сүйүнгөн бойдон бу кытай,
Жеткилең тойду бериптир.

Кан баласы кайран жан,
Алты жашка чыккыча,
Кан баласы кайран жан
Ардактап басып жүрүптүр.
Мен алты жашка чыкканда,
Бээжиндеги кары кан,
Эсен кандан кат келет,
Чет Бээжин шаарынан,
Иним Азиз кандан айланам,
Окууга алты миң бала берсин дейт.
Алты миңдин ичинде,
Алманбет кошо келсин дейт.
Кан буйругу болгон соң,
Чет Бээжин шаарынан,
Окууга алты мин бала барганбыз.
Алты миңи бүт өлүп,
Алты эле бала калганбыз.
Кийинки жылы болгондо
Жети миң бала барганбыз.
Жети миңи бүт өлүп,
Жети эле бала калганбыз,
Жети эле бала келгенбиз.
Кийинки жылы болгондо.
Сегиз миң бала барганбыз.
Сегиз миңи бүт өлүп,
Сегиз эле бала калганбыз.
Кийинки жылы болгондо,
Тогуз миң бала барганбыз.
Тогуз миңи бүт өлүп,
Тогуз эле бала калганбыз.
Андан кийинки жылы болгондо,
Он миң бала барганбыз.
Он миңи бүл өлүп,
Он эле бала калганбыз.
Ошондо он бала сабакташ окуп жүргөнбүз.
Мени менен сабакташ,
Бирге окуп чоңойгон,
Кытайдын аттуу дөөлөрү,
Алоокенин Коңурбай,
Алоокенин өз кара,
Бирге окуп бир жүргөн,
Шыпмайдар деген жаш бала.
Бодугулдун бал сөзү,
Орто Бээжин орок кыр,
Калмактын каны Боз келте,
Тыргооттун каны эр Эшим,
Кым кандын Мурадыл,
Жылкычы башы Карагул,
Алманбет менен он болгон.
Бир күнү көчөдө ойноп келе жатсам,
Эки кытай кеп кылат.
Азизимдин арам сийдик уулу менен,
Сабакташ окуп бир жүргөн,
Түп Бээжин Эсен кан,
Чакыртып алып баарысын,
Ташты сайып койду дейт.
Бээжиндеги кытайын
Кандыгын бөлүп берди дейт.
Азизимдин арам сийдик уулуна
Кандык жетпей калды дейт.
Ошо сөздү укканда,
Капырга өскөн кайран жан,
Бери Түп Бээжинге барам деп,
Кандык сурап алам деп,
Каптаган кытай кеп кылат,
Алоокенин Коңурбай
Кечилдин каны болду дейт
Кеңирсиген калдайды,
Кечилге кан көтөрүп койду дейт.

Бодугулдун бок соруу
Кыш  көпүрө шаарына
Кан көтөрүп койду дейт.
Орто Бээжин орок кыр
Айжоңжунун алдына
Оозкер каны болду дейт.
Калмактын каны Боз келте
Калмакка кан көтөрүп
койду дейт.
Тыргоottордун эр Эшим,
Калың тыргоот үстүнө
Кан көтөрүп койду дейт.
Крым кандын Мурадыл
Жол кайтарып жүрүүчү
Аскер каны болду дейт.
Окууну бүткөн Карагул
Жылкычы каны болду дейт.
Жылкынын үстүнө
Кан көтөрүп койду дейт.
Азизимдин арам сийдик уулуна
Кандык артпай калды дейт.
Ошо сөздү укканда,
Чоң атам Эсен канга барганда,
Таш сайынып келем деп,
Байлоодогу Сары ала
Казатка минчү эмедей
Кыл эткенде жаныбар
Кан баласы кайран шер,
Өзү минген ак каңкы
Кашынан сүйрөп алганы,
Сары алага баргамын
Шыруу токум шарпылдап,
Арта салып минчү элек,
Нокоро олоң көп сызыма,
Төш олоңду бек тартып,
Чап олоңду баш тартып,
Көлөмдүрүк узартылып,
Куюшканды кыскартып,
Токуму даяр болгондо,
Кан жайлоо деген жайлоосун
Азыр тартып алам деп,
Алоокеңдин Коңурбай
Жылкыга өрүм кылам деп,
Карагулун ээрчитип,
Жылкысын айдап келгенде,
Астына туура баргамын.
Тоодой болгон калдайга
Тартынбастан мен өзүм,
Качырып камчы салгамын.
Камчы менен салышып,
Бүлдүрчө колдо калышып,
Бети башты жарышып,
Чокудан ары чабышып,
Чоюн баш менен салышып,
Казандай башты жарышып,
Ай балта менен салышып,
Сабы колдо калышып,
Кер түпөк чоң найза,
Найза менен саярда,
Алкарадай күлүктөн
Аңтара түртүп салаарда,
Коңурбайдын Алкара
Айбанда болсо бул доңуз
Кара болот ооздук
Капшыра тиштеп алганы.
Ала качып калмакты,
Куткарып кетип калганы.
Өйүздөгү ак шорго,
Коңурбайдын жылкысын,
Эки жака чыгарбай,
Шорго камап салгамын.
Кары картаң бээлерин

Көк тон болгон байталын,
Кара чычкак бир кылып,
Шорго камап олтуруп,
Бүтүн кырып салгамын.
Жылкычы башы Карагул
Таманына мык уруп,
Караңгы үйгө камадым,
Камчы менен сабадым.
Уруша жүргөн ал капыр,
Уруша жүргөн бул бакыр,
Кудайдын кылган иши экен,
Мен Бээжинде турганда,
Эсен кан, Алоокенин Коңурбай
Чоң бу калдай кандай киши экен,
Эми көп жылкыга карабай,
Эсен кан каны кайнаса,
Кандын сурап алам деп,
Кайрылбай кетип калгамын.
Күнү-түнү жол жүрүп,
Бөксө жол менен салып,
Дүрүң-дүрүң бел ашып,
Эсен кандын капкага,
Топ эле он беш күндө баргамын.
Чоң капасы жабылуу,
Тышында аскер багылуу,
Кака чыга мен барып,
Капканы ачып бергин деп,
Капканы айтсам тил албай,
Күнү-түнү алтымыш күнү,
Эсен кандын капкасын,
Тышынан бактым кире албай.
Чоң капканы кайтарган
Чоюн кулак, чоң алп бар.
Маңдай темир малкү малп,
Киндиги темир киттен алп,
Сарака деген сазан алп,
Карагер деген казан алп,
Маңдайда жалгыз көзү бар,
Беш ага- ини доңуз алп.
Беш атасы кытай доңуз.
Энеси индеец арамы.
Баарынын маңдайында
жалгыз көз.
Күчү ашкан тажаалдар,
Буларды казат үчүн үйрөткөн.
Күчү асманга алып учуп кетет деп,
Түп Бээжинде Эсен кан
Ар кайсынын мойнуна
Мык баткан чоюн сүйрөткөн.
Тил албай коюп ал дөөлөр,
Эсен кан кызы Бурулча,
Сейилдикке чыгам деп,
Кырк жоокерди ээрчитип,
Капкыга келди шаштырып,
Кан баласы кайран жан,
Өкүм кылып кечилге,
Чоң капкыны ачтырып,
Кайра тартып ачаарда,
Сексен пилдин өзүнө
Чынжыр менен сүйрөтүп,
Кайрат айтып Алоокең
Алып келип жабаарда,
Сексен белмеп кечилдер,
Чыктыр менен жартырып,
Сүйрөп келип жапчу экен.
Ичи тышы бир болуп,
Калкан дөөлөр бакчу экен.
Чоң капка оозу ачылды.
Эсен кандын даңдасы,
Жакут кубар ак алтын,
Ай тийгендей жаркырап,
Чоң капка оозу ачылды.

Кырк жоокерди ээрчитип,
Эсен кан кызы Буурулча,
Соңорлору балкылдап,
Ай тийгендей жаркылдап,
Кан баласы кайран жан,
Алтын айдар чок белбоо,
Буурулчанын боз жорго,
Суулуктан кармай калганы,
Койнуна колук салганы,
Эсен кан кызы Буурулча,
Менин ак пайгамбар пирим бар,
Коңурсуган сен кытай
Колуңду тартып ары бар,
Алтындан кылган чоң камчы
Бүктөй кармап алды эми.
Шакшака тартып жиберип,
Чылбырды жулуп алды эми.
Алтын айдар чок белоо
Мага жакын сен келсең,
Коңурсубай сен кытай
Ак пайгамбар бир тапкын,
Ак бусулман дин тапкын.
Коңурсуган сен кытай,
Анан мага сөз айткын.
Деп ошентип айтканда,
Кан баласы кайран жан,
Эсен кан кызы Буурулча
Бул эмне дегени
Минтип бокту жегени
Деп ошентип турган жан,
Кудайды билбес кайран жан,
Буурулча кыздын сөзүнө,
Минтип айран калгамын.
Капкыга кирип барганга,
Ай сарала бууданды,
Аса байлап мен өзүм,
Эсен кандын даңазага,
Кандык сурап алам деп,
Үстүнө кирип баргамын.
Тизелерим бүгүлүп,
Таазим кылып калмакча,
Тоодой болгон буркандын,
Келининдей жүгүнүп,
Ошо кезде Эсен кан
Үстөлүнүн үстүндө,
Дыяла жайып коюптур.
Уй түгүндөй капырдын,
Эсебин алып жатыптыр.
Баш көтөрүп өзүмдү,
Көрө коюп Эсен кан,
Ой, Алманбет кулунум,
Бу жерге эмнеге келдиң, –
деп айтат,
Мени менен сабакташ,
Бирге окуп чоңойгон,
Кытайдын аттуу баштуу жашына,
Кандыкты бөлүп берипсин,
Кан көтөрүп коюпсуң,
Кандыгың болсо бергин деп,
Өз алдыңа бу жерге,
Мен канды сурап келдим дейт.
Алманбет бир жылдык окуу
калган деп,
Кандыкты коюп Алманбет,
Окууңду барып окуп кел,
Эсен канды жети кара жай ташы
Үстөлдөн уштап алды эле,
Жан калтого салды эле.
Атасы Чыңгыздан калган
зулпукар,
Днзаця жулуп алды эле,
Жанына жалаң байлап алды эле,

Жыл болот менен жал ташты,
Эсен кан алдап-соолдап алалбайт.
Коркутуп туруп Алманбет
Бээжиндеги Эсен кан
Өз кандыгын алды эле.
Эсен кандын кандыгын,
Даңзадан тартып алганда,
Күнү-түнү кырк күнү
Жана жайып бир коюп,
Кытайдын кандарын алып олтуруп,
Кытайдын сан эсебин алгамын.
Миң кишиге бир киши,
Миң башы шайлап койгомун.
Жүз кишиге бир киши
Жүз башы шайлап койгомун.
Элүү жанга бир кылып,
Элүү башы шайлап койгомун.
Он кишиге бир киши
Он башы шайлап койгомун.
Кытайдын жан эсебин алгамын.
Кытайдын баарынын,
Түтүнүнө мен өзүм,
Алтындан алмар салгамын.
Ошондо бир кенедей таштабай,
Бузбай жыйып алгамын.
Алтындан ордо салам деп,
Нечен пилге жүктөтүп,
Атама жумшак папанмын
Он алты датак минип,
Он бир жылы Бээжинде,
Кайырдин кытай калк минип,
Мен Бээжинди бийлеп турганда,
Бир күнү Эсен кан келип кеп айтат,
Бир жылдык окууң калды эле,
Сен быйыл окууга баргын
деп айтат.
Так ушинтип айтканда,
Алданып коюп кытайга
Окууга кетип калганмын.
Окууга өзүм кеткенде,
Өз ордума кан кылбай,
Кан көтөрүп алыптыр.
Азизимдин арам сийдик тукумун
Алдап жүрүп өлтүр деп,
Маш көтөрүп алыптыр.
Коңурбайдын өзүнө
Мени кандидат кылып салыптыр.
Кытайдын гана оюн башталып,
Аттуу-баштуу кандары,
Өлтүрмөккө өзүмдү
Насилет кылып жатыптыр.
Окуудан кайра келгенде,
Даңзага кирип барганда,
Даңзага кирип карасам,
Өз ордума Коңурбай
Кан көтөрүп алыптыр.
Алачыктай бурканга,
Мени кандидат кылып салыптыр.
Күбөгөн жерим күл болуп,
Күйүп жүрөк чок болуп,
Кан Даңзанын ичине,
Мен кайдан турдум жоктолуп,
Кыл бótодой кылычты,
Кындан сууруп алгамын.
Жыйналыш кылып жатканда,
Бээжиндин бүт канын кырам деп,
Мен мунарга басып калгамын.
Мунарды көздөй баратсам,
Атамдын алдында кызмат
кылган жөө күлүк,
Катты колго бергени,
Катты алып карасам,

Энекем Айганыш жазган кат экен.
Эми Алманбет жалгыз келсин деп,
Мен сороору болуп жатамын,
Жалгызым мени келип көрсүн деп,
Алманбет өз колу менен
көмсүн деп,
Мен өзүм тар курсагым кеңееткем,
Анан таш эмчекти бошотком,
Энекем Айганыш катын көргөндө,
Капырдын кандыгына карабай,
Ошондо кайра чуркап калгамын.
Капкада турган сары ала
Анан жалын кармап көргөмүн,
Жалын кармап мен көрсөм,
Казатка минчү немедей,
Кыл этинде бууданым.
Шерүү токум шарпылдак,
Арта салып мен чунак,
Нокоролоп, сызмакка,
Тарта салып мен чунак,
Кан баласы кайран жан,
Ала мойнок кызыл чен,
Сыртыман кийип алгамын.
Таажы кийип талтайып,
Мен Эсен кан болуп балпайып,
Теминди бутта телпилдеп,
Сок билектей кара чач
Согончокто селкилдеп,
Асаба колдо калкылдап,
Көз айнек көздө жаркылдап,
Отогомду карасам,
Оң ийнимде балкылдап,
Аты жакут маржан таш,
Так төбөмдө жаркылдап,
Кокөрдөй болгон чоң кисе,
Көлөсөңдү көк жалдын,
Оң жамбашында шалпылдап,
Түнү бирдей жол жүрүп,
Ашыга шашкан курган жан,
Күнү бирдей жол жүрүп,
Уктабай таңды атырып,
Энемден кабар укканда,
Санап бир жылдыз батырып,
Ашууну ашып таш басып,
Агыны катуу суу кечип,
Ай сарала күлүктүн,
Санаты он күндүк жол жүрүп,
Кечки бешим маалында,
Убактысын билбеймин,
Капкага кирип барганда,
Алтомо чөгүн колго алып,
Кыбыла карап олтуруп,
Кочушуп сууга толтуруп,
Өз энекем Айганыш,
Даарат алып атыптыр.
Энемдин өзүн көргөндө,
Сүйүнгөн бойдон мен чунак,
Кытай таажым кыл жиберип,
Өлсө жүзүм көрө албай,
Аптама чөгүн көтөрүп,
Энекем үйүнө качып киргени,
Эшигин ачпай энекем,
Салыкка боюн салганы.
Өзү жаткан чоң үйүн,
Бек бекитип алганы.
Энеме кай кылганым жетти деп,
Же болбосо өзүмдүн
Кайсагыман кетти деп,
Энекем көңүлүнө алды деп,
Энем бой жашырып калды деп,
Ары ачып барып калыпмын.
Короого чыга калгамын

Чочко баккан кечилге,
Ошол жарлык салгамын,
Алты чочко сойгун деп,
Этин бүт бышырып келгин деп,
Алманбет шылтоо менен
Биз да тоюп алалы.
Деп ошентип кечилдер,
Тогуз чочко союптур,
Этин бүт бышырып алышып,
Төрт кулактуу чоң чара
Бышырган эти бүп-бүтүн.
Этин бүт бышырып чыгарып,
Төрт кулактан көтөрүп,
Төрт кечилди карасам,
Тайраңдашып көтөрүп,
Өз колума бергенде,
Сөөгү менен сугунуп,
Этти жутуп жиберип,
Сөөгүн бүркүп жиберип,
Чыгын төгүп жиберип,
Кудайды билбес курган жан,
Тогуз чочко этине,
Арам тоюм болгомун.
Садыка бою салганы,
Өзүмө жүзүн көрсөтпөй
Энекем бой бекитип калганы.
Ошо түнү тим жатты.
Эртең менен болгондо,
Таң тияктан сөгүлүп,
Жакыттан айнек салдырган
Энекем жаткан чоң үйдүн
Тушуна чуркап баргамын.
Терезеден шыкаалап,
Энеме көздү салгамын.
Ошо кезде энекем,
Уй башындай чоң теспе
Коруга салып алганы,
Кагылайын энекем,
Кыбыла карап бет алып,
Эки сүннөт, эки парз
Төрт ирет багымдат
Шашпай окуп алганы,
Намазын окуп болгон соң
Кагылайын энекем,
Үстүмө басып келгени,
Уулум кара динден кайткын деп,
Оозуна келме айткын деп,
Капыр бойдон сен өлсөң,
Тозокко кирип оңосуң,
Бака манжык коң таажы,
Мойнунда темир чынжыр бар,
Тозокто жатат какайлап,
Ошого жолдош болосуң.
Тозокко шумбо болуп оңосуң.
Мусулман болуп сен өлсөң,
Эртең таңды макмар болгондо,
Жалгызым учмактын каны
болосуң.
Сенин ак пайгамбар пириң бар,
Ак мусулман диниң бар.
Кой жалгызым тилимди ал.
Оозуңа келме келтиргин,
Көөдөнгө ыйман толтургун.
Калмагынча калдырап,
Энекем дин үйрөтүп турганда,
Жана кытайымча балдырап,
Караңгы үйгө камады.
А дегенде энекем,
Курандан сабак мага берди.
Келмеге тилим келбесе,
Карсылдатып сабады.
Келмеге тилим түк келбей

Алек кылып турганда,
Өз энекем Айганыш
Серебиге бар деди.
Бутуңду суугa сал деди.
Тырмак башын алдырып,
Чачы башым алдырып,
Анан кийик кел деди.
Кытайдын сереп деген мончосу
Мен серебине баргамын.
Чачы башым алдырып,
Тырмактарын алдырып,
Тазаланып мен өзүм
Жалгызга мен өзүм тамак жасап
берем деп,
Кытайдын жакшы көргөн тамагы
Бир гана кесме тамагын
Бысмылданы үч айтып
Тогуз чочко этине
Тойбой жүргөн курак жок,
Энемдин бир чыны кесме тамагын
Түгөтө албай койгомун.
Бысмылданы деш экен,
Ошол түнү энекем,
Жалгызга тынчтап төшөк салып
берем деп,
Боюңа даарат алгын деп,
Төшөгүңө жаткын деп,
Боюма даарат алгамын,
Ошондо төшөгүмө баргамын.
Былк этпей жатып алгамын.
Алп уйкуну салгамын.
Өз энекем Айганыш
Келемеш алып курааңды
Башыма жаздап коюптур.
Кудайды билбес куран жок,
Аябай уктап калыпмын.
Аппак сакал бир киши,
Жаныма жетип келгени,
Жакамды сүйрөп алганы,
Түшүмдө бейиш менен тозокту
Айырмасын көргөзүп,
Тозокко сүйрөп барганы,
Ой, Алманбет кулунум,
Кара динден кайткын деп,
Оозуңа келме айткын деп,
Кара динден кайтпасаң
Оозуңа келме айтпасаң,
Тозокко кирип оңосун
Тээтиги бака манжы коң таажы
Тозокто жатат какайлап,
Ошол экөөң жолдош болосун.
Тозокко ошондо барып оңосун,
Деп ошентип ал киши,
Тозок менен бейиштин
Айырмасын көргөзүп,
Бек коркутуп турганда,
Энекем Айганыш чуркап келгени
Кара динден кайткын деп,
Оозуңа келме айткын деп,
Сени мен оң жакадан аламын.
Тээтиги тозокко түртүп саламын.
Сүт акымдан мен качпай,
Жараткан жалгыз кудайга
Таңды макмар болгондо,
Сени бети кара кыламын.
Деп ошентип энекем
Түшүмдөн коркуп калгамын.
Эртең менен мен өзүм,
Шашып калып мен өзүм,
Арыкка чуркап баргамын
Боюма даарат алгамын.
Кайра чуркап мен келип,

Төшөгүмдүн башынан,
Куранды сууруп алгамын.
Отуз барак куранды
Күнү-түнү жатка окуп,
Ошондо ак мусулман болгомун.
Кытайдын колу менен жасаган
Кудайды билбес кезимде,
Колосун кудай дечүмүн.
Кытайда өсүп жүргөндө
Кытайдын колу менен жасаган
Чоюнун кудай дечүмүн.
Куранды окуп отурсам,
Кудай жалгыз куран чын
Кытайдын колу менен жасаган,
Косун кудай дечүмүн.
Кытай колу менен жасаган,
Колосу түк кудай эмес чын
Куранды окуп бүткөндө
Энеге кеп айттым,
Ак пайгамбар пир кайда,
Ак мусулман дин кайда,
Кагылайын энеке,
Жүр кетели деп айттым.
Эми айланайын жалгызым,
Чоң көчөнүн боюнда,
Чолок кара бээ менен
Майлуу кара тон менен
Ак мусулман өзү деп,
Өзү эмес кара көзү деп,
Бадачы кылып койду эле,
Мажикең карып калгандыр,
Жанбакмак кыйын иш экен,
Кан Мажик дүмүр секеп кытайдын
Өзү болуп калгандыр.
Чоң көчө байлап баргын деп,
Бадачы кытай көрүнсө
Барып салам бергин деп,
Тааныбайсың Мажикти,
Айсарала бууданды
Алакең минип алды эми.
Ала мойнок кызыл чен
Сыртынан кийип Алоокең,
Таажы кийип талтайып,
Эсен кандай балпайып,
Бадачыга барды эми.
Ошо кезде кан Мажик
Бир чочконун торотой
Талаадан чаап алыптыр.
Аны союп кан Мажик
Жан казанга салыптыр.
Май басары колунда,
Эт бышырып калыптыр.
Мажике жакын барганда,
Кан Алманбет кыраанын
Эки колу боорунда,
Салам айтып жиберди.
Алманбет салам айтканда,
Сүйүнгөндөн Мажигиң,
Май басарын жоготту.
Тамак-ашка карабай
Эликтей болгон кара көз
Камчы бою жаш кетти.
Тилекти кудай бердиби,
Керектүү жалгыз келдиби,
Деп ошентип кан Мажик
Бооруна басып кучактап,
Кое бербей көк жалды
Көзүнүн жашы буурчактап,
Кан Алманбет кыраанын
Кан Мажикти ээрчитип,
Айганышка келди эми.
Айланайын энеке,

Ак пайгамбар пир кайда,
Ак мусулман дин кайда,
Энеке жүр кетели деп айтат.
Айканыш туруп муну айтат,
Сенин атаң Азиз кан
Аруу окуу көп окуп,
Өнөрү ашкан кытайдын
Таш көрүзгө салбайбы,
Сени Бээжинден мындай
чыгарбай
Артыңдан түшүп ал канкор,
Астыңды тосуп ал канкор,
Сени кармап албайбы,
Тилиңди алса аны сен
Мусулман кылып алып кел.
Тил албаса кытайдын
Башын кесип алып кел,
Алыскы жолго барасын,
Жоорукердей тулпарың
Мажике да алып бер
Деп ошентип айтканда
Кан Алманбет көк жалың
Кайра барды Азизге.
Атаке, ак пайгамбар пир таптым,
Ак мусулман дин таптым.
Кара динден сен кайткын,
Оозуңа келме сен айткын.
Кара динден кайтпасаң,
Оозуңа келме айтпасаң,
Капыр бойдон сен өлсөң,
Тозокко кирип оңосуң.
Бака манжы коң таажы,
Тозокто жатат какайлап,
Экөөң жолдош болосуң.
Мусулман болуп сен өлсөң,
Бейишке чыгып өңөсүн.
Таңдын машкар күнүндө,
Ата сен, учмактын каны болосун.
Деп ошентип айтканда,
Калмагынча калдырап,
Кытайынча балдырап,
Балам, бурутка барган болобу,
Бурутту кудай деген оңобу,
Атасыз калып сен бала,
Минтип айтып турганда,
Тоодой болгон чоң буркан,
Ордунан тура калганы.
Колодон кылган чоң буркан
Биздин кудай ушу деп,
Сен ушуга сыйын деп,
Көтөрүп алып келгени,
Ошону Алоокеңе бергени.
Сенин колуң менен жасаган
Колоң кудай болобу,
Колоң кудай бир болсо,
Колоң экөөң соргун деп,
Колунан жулуп алганы,
Кандын ташы кара таш,
Эшигинин алдында
Кара ташка бир коюп,
Бир бурканы талкалап,
Ата болгон кытайга
Асты колун бура албай
Энеме качып баргамын.
Энеме качып барганда,
Өзүнүн тар курсагын кеңееткен,
Төш эмчегин бошоткон.
Атасыбы кытайды
Эртең акыретке барганда,
Кулунум, эки дейсиң кудайды.
Тилиңди алса кытайы
Мусулман кылып алып кел.

Ал албаса тилиңди,
Тоодой болгон бу кандын
Өлтүрүп салып кел.
Менин тилим албасаң
Мен бу Бээжинди безбеймин.
Эртең акыретке барганда,
Таңда шаршар болгондо,
Мен сүт акымдан кечпеймин.
Ошондо оң жакаңдан алармын.
Сүт акымдан мен кечпей
Сени тозокко түртүп салаармын.
Жараткан жалгыз кудайга,
Бетиңди кара кылаармын.
Деп ушинтип айтканда,
Сүттөн коркуп Алманбет
Кытайга кайра барды эми.
Кытайга кайра барганча,
Аяктай болгон сары алтын
Томтон бурап алыптыр.
Орто Бээжин шаарынан
Алманбет качмай болду деп,
Бу кытай аскер сурап калыптыр.
Алманбет кайра барды эми
Атасынын алдына.
Оо атаке, Азиз кан
Мен ак мусулман пир таптым,
Чын макшардан жай таптым.
Кудай бирөө куран чын
Ата оозуңа келме келтирип,
Көөдөнгө ыйман толтуруп,
Капыр бойдон сен өлсөң,
Тозокко кирип оңосун.
Тозоко шумду болосун
Мусулман болуп сен өлсөң
Бейишке чыгып оңосун.
Эртең акыретке барганда,
Учмактын каны болосун.
Деп ошентип айтканда,
Тоодой болгон чоң буркан
Калмагынча калдырап,
Кытайынча балдырап,
Биздин кудай мобу деп,
Сен ушуга сыйын деп,
Баштакыдан эки эсе
Сенин колуң менен жасаган
Чоюнуң кудай болобу,
Чоюнду кудай деген оңобу,
Чоюнуң кудай бир болсо,
Чоюнуң экөөң соргун деп,
Колунан жулуп алгамын.
Кара ташка бир уруп,
Ал бурканын талкалап,
Кыл болоттой кылычты,
Эсен кандын сулпукор
Атасын тик басып жибербей,
Даңзадан чыгып баратып,
Кыл болоттой кылычты
Тескери ишилтеп салгамын.
Ошонун казандай башын
алгамын.
Мен даңзадан чыга калганча
Алтымыш канын эрчитип
Өзүмдөн калган ордого
Алоокең кирип келиптир.
Өзүмдөн калган чоң ордо
Уй түгүндөй көп капыр
Алты айланып бек курчап,
Тегеректеп калыптыр.
Кыл болотум колумда,
Өзүмдөн калган ордого
Алтымыш канын эрчитип,
Алоокең кирип келиптир.

Чет Бээжиндин шаарынан
Атам Азиз кандын айлынан
Алооке менен Азиз кан
Оозума келме келтирдим,
Өзүмдөн калган чоң капка
Как ошонун ичине
Көөдөнгө ыйман толтурум.
Азиз кан менен Алоокең
Эки канын баш кылып,
Алтымыш канын өлтүрдүм.
Чоң капканын өзүнөн
Алоокең Коңурбай
Качкын кул качып чыгаарда,
Кармап боорун жарайын.
Деп ошентип Коңурбай
Көпкөдөн тосуп туруп алды.
Жалгыз капкадан чыгып келе жатса,
Баламды майып кылат деп,
Кара болот көк найза,
Камыштан кылган чоң найза,
Колдон тайма болот деп,
Жонуна коңул салдырган.
Учун байкап карасаң
Бөрү тил болот сайдырган.
Ургаачылык бир калып,
Тоодой болгон манжыны
Качырып кирип сайганда,
Кол күчү жетпей калганда,
Найзаны кайра тартып алды эми.
Коңурбайдын Алкара
Колосого саяйын.
Өпкө тамыр кыяйын.
Адамдан эстүү Алкара
Жансыратып жыгайын.
Качырып келсе Алкара
Колоңсого саярда
Кансыратып жыгаарда,
Кара болот ооздук
Копшыра тиштеп алганы
Тоодой болгон колчаны
Ала качып Алкара,
Куткарып кетип калганы.
Капка бошоп калганы.
Жоору серди жетелеп,
Алманбет Айганыш менен Мажикке
Жорукерди алып барды эми.
Мажикең минип алды эми.
Тегереги тең куйма,
Кан Алманбет көк жалым,
Саралага барганда,
Теппей чуркап минди эми.
Көк найзаны колго алып,
Эңкейиште эр сайып,
Какайлатып кытайды
Нечен миңин бир сайып,
Жалгыздыгын билгизбей
Жараткан ал да бар кудай
Кан Алманбет туш жиберди ченебей
Жайнаган кытай тажаалды
Жаман кырып баратат.
Тушагына теңебей
Топурак учуп тоз түшүп,
Ошол сапар урушта
Тоо айланып боз түшүп,
Уй түгүндөй көп капыр
Же өлгөнү билинбейт,
Азык түлүк кеп эмес,
Бу тажаал биринин этин бири жейт.

Көчөнүн ичи чаң болуп,
Азиз кандын ордосу,
Тегерегин карасаң
Ат колтуктан кан болуп,
Күнү-түнү кырк күнү
Талыбай уруш болду ошол.
Жалгызым Бээжинден безип кетет деп,
Аттай бер түрктүн журтуна,
Эми жанына жамуу болсун деп,
Эми же болбосо жалгыздын
Эми атын токуп берсин деп,
Жолдош болуп жүрсүн деп,
Бусулман кылды кырк кытай.
Чачы-башын алдырып,
Тырмак башын алдырып,
Калың уруш болгондо,
Бирин-бири көрө албай
Бусулман болгон кырк чоро
Кан жайлактын чатында,
Сары иймектин өзүндө
Кырк чоро камышка кирип алыптыр.
Бусулман болгон кырк чоро,
Жан калкалап барыптыр.
Уй түгүндөй көп кытай
Изге түшүп алыптыр.
Сары иймектин учунда,
Бусулман болгон кырк чоро
Кытайлар бүтүн кырып салыптыр.
Кытайлар тополоңу тоз болуп,
Шаарга кирип кеткенде,
Айканыш туруп кеп айтат,
Айланайын, жалгызым
Бусулман болгон кырк чороң,
Кайда өлүп калды экен.
Ошону издеп тапкын деп,
Өлүп калса шейитти,
Шаардан кетмен алгын деп,
Көп булуу токой мазар тал,
Жамыке жерде ойгун деп,
Казынганын чыгарып,
Өкүм шейит кырк чороң
Кийми менен көмгүн дейт,
Өлүп калса кырк чоро
Акыйкаттан өлгөн кырк чороң.
Жыты кетип бузулбай
Таңды машкар болгонго,
Кулунум, өңү кетип кубулбайт
Мажик менен Алманбет
Кырк чоро издеп жол жүрсө,
Сары иймектин учунда,
Бүтүн кырып салыптыр.
Салбыратып өңөрүп,
Мажик менен Алманбет
Бүтүн ташып барыптыр.
Кан Жайлактын чатына
Кара жерди оюптур.
Жаназа окуп эки шер
Шейит болгон кырк чоро
Жаназа окуп олтуруп,
Жамыке көргө коюшту.
Көк булуң токой мазар тал,
Барып кырк чыбык кыйып алганы,
Кан Алманбет кыраанын
Кайрылып Бээжин мен чалсам,
Бээжиндеги кытайдан,
Акыры келип өч алам.
Чырпыгым чынар болсун деп,
Чынарым мунар болсун деп,
Үстүнө булбул куш сайрап,
Кол менен сайган чырпыгым,
Белги да болуп турсун деп,
Как ошентип жатканда,

Түп Бээжинде Эсен кан,
Уй түгүндөй капырга
Жардык салып ийди эми.
Арам сийдик тукумун,
Эр бүлөңдүн баарысы,
Жалпы кайра баргыла.
Бир колуңа ылай ал,
Бир колуңа кирпич ал,
Сыртынан барып сепил сал,
Сепилге камап алгыла,
Сепилден кармап качкынды,
Энеси менен баласын,
Темир торго салгыла.
Тирүү байлап келгиле,
Өз колума бергиле.
Ушинтип айтканда,
Уй түгүндөй көп капыр,
Бир чиңгелде ылайда
А кирпичтен колунда,
Баары кармап келди эле,
Бир катар коюп өткөндө,
Сепилинин бийиги,
Аркан боюу келди эле,
Кароол карап Айканыш
Сепилден тышта калды эле.
Ошол жерден Алманбет
Алтын айлуу чоң канша,
Томелини салды эми.
Ачуу менен Алманбет
Карабады кызыл аттуусун,
Кырып алып Алманбет
Оруна короздой кууну койду эле.
Бармагы менен бек басып,
Коркута сорду эле,
Ачууга ачуу деги ынак,
Кое берсе түтүнү
Кол ыштагандай болду эле.
Бирөөнү жутуп жиберип,
Экөөнө кол бир берип,
Ошол жерден Алманбет
Айланайын Мажике
Камоодо жатып өлгөнчө
Кытадан кордук көргөнчө,
Тамга атылып өлөлү.
Жараткан алда кудайдын
Жазганын эми көрөлүк.
Деп ушинтип Алманбет
Жоорукердей күлуктүн
Чылбырын жулуп алды эле,
Мажик канды ал сүрөп,
Ак каңкынын кашына,
Бекем ороп алды эми.
Жан кыймакка кайран жан,
Тамга атылып калды эми.
Пайгамбар деп бакырып,
Бобедин деп кыйкырып,
Дин ыстан буран чакырып,
Жан кысталак таттуу экен,
Жарым бута барганда,
Көздү жумуп жибердик.
Жараткан кудай жар болуп,
Кай берен кырк шилтем,
Асманда периштелер бар болуп,
Абадан тартып алганы.
Алманбет минген Сары ала
Тучгы тамга илинбей
Алыс түшуп калганы,
Ошо кезде Алманбет
Асоома минген Сары ала
Бели үзүлүп кеттиби,
Же болбосо буудандын
Колу үзүлүп кеттиби,
Алтын айлу чоң канжа
Сепилден өтөп чыкканда,

Колунан ыргып кетти эми.
Үстүндөгү Алакең
Сары аланы сынаса,
Кадимкидей таптаза,
Жоорукердей буудандын
Чылбырын үзүп алдымбы,
Же болбосо буудандын
Мойнун жулуп алдымбы,
Же болбосо катыгүн
Камоодо Мажик калдыбы,
Эми ушинтип Алманбет
Кылчайып артын караса,
Эки буту салпактап,
Эки этеги далдактап,
Айкырыгы баш жарып,
Колдой көр кудай деп айтып,
Бобединди бат айтып
Чын келмени так айтып,
Кагылайын Мажиким,
Колдой көр ак пайгамбар
пирим деп,
Азыретаалы шерим деп,
Катуу майдан согушка,
Алманбет, Мажик эки эрен
Айканыш үчөө болуп,
Катуу уруш болду эми.
Уй түгүндөй көп капыр,
Кан Алманбет кайран шер,
Жаман кылып таштады.
Тушарына теңебей,
Жалгыздыгын билгизбей
Жараткан ал да бар кудай,
Көк жалга туушту берди ченебей.
Уй түгүндөй көп капыр,
Алакандей сепилди
Алтымыш курчап алыптыр.
Алманбет менен Мажиктин
Айласы кетип калыптыр.
Алар сепилден чыкканда,
Алты айлуу чоң канжа,
Оозунан ыргып кетти эле,
Катуу согуш аламан
Канжынын учун топурак жаап,
Чоң канжыга карабай,
Алды жагын айдалап,
Уй түгүндөй капырды,
Алты миңин майдалап,
Жеткен жерди найзалап,
Жети миңин майдалап,
Бээжинден чыккан мыкты ит
Жоонун айласын билген ыктуу ит
Коңурбай канга кайдалап,
Уй түгүндөй көп капыр,
Же өлгөнү билинбей,
Же өлбөгөнү билинбей,
Капырга азык-түлүк кеп эмес,
Биринин этин бири жейт.
Ушу сапар согушта,
Айганыш Мажик бөлүнүп,
Үчөө үч арам болуп бөлүнүп,
Урушта минтип турганда,
Айканыш колго түшүптүр.
Жаныбарым Кулан Сур
О куранын кылчактап,
Агып жашы бурчкактап,
Алманбетке келиптир.
Ошо жерде Алманбет,
Мажикти таап алганы
Жаныбарым Кулан Сур
Окуранып кылчактайт.
Көздүн жашы бурчактайт.
Кагылайын кан Мажик
Өз энекем Айканыш,
Өкүм шейит болгонбу,

Учмакка барып конгонбу,
Энекем тоого өлүп калдыбы,
Кагылайын кан Мажик,
Жонуна жору кондубу,
Балыгыр сары төш этке,
Жору  куш капыр тойдубу,
Кагылайын энекем,
Калдайып капырдын богу
болдубу,
Кагылайын энекем,
Ойго бир өлүп калдыбы,
Көзүн бир кузгун ойдубу,
Балыгыр сары төш этке,
Карга кузгун тойдубу,
Кагылайын энекем,
Калдайып карганын богу болдубу,
Ээрчиткени Эр Мажик,
Айганыштын сөөгүн
Өйдөн издеп таба албай.
Тоодон издеп таба албай.
Кагылайын энекемди,
Капырлар тирүү байлап алганбы,
Темир торго салганбы,
Бээжиндеги кары кан
Кары Кытай Эсен кан
Энемди кармап кытайлар,
Сүйүнчүлөп барганбы,
Кытайга сүйүнчүлүк күн тууса,
Барабан тартып алуучу,
Тутарын чалып келүүчү,
Топтошуп жүрүп калуучу,
Деп ошентип Алоокең
Ошондо кытайлар топ топ
алыптыр.
Ботогунтуп моз мойнок,
Ээр тилдин өзүнөн,
Кытайлар барабан тартып баратат.
Айланайын Мажике
Кытайлар барабан тартып
алыптыр.
Топтошуп жүрүп калыптыр.
Энемди түрүү байлап аламда,
Эсен канды көздөтө,
Кытайлар сүйүнчүлөп бир келсе,
Карааным Мажик от уккун,
Как ушуга баралы,
Өлүп калса өлүгүн,
Бу капырга кор кылбай,
Тирүү болсо тиригин,
Мажикке атыратып алалы.
Ден ошентип Алоокең
Сараланын энеси
Кулан Сурга карабай,
Эки эрен ошол жака бет алды.
Жаныбарым Кулан Сур
Сараладан айрылып,
Незкара кан кытай колуна,
Кулан Сур колго түшүп калыптыр.
Эр белдин жонунан
Кытайлар Бээжин көздөй
бет алып,
Бүтүн чубап калыптыр.
Топурак учуп боз түшүп,
Тоо айланага боз түшүп,
Топонун чаңын карасаң
Туман болуп калыптыр.
Топонун чаңы бөлүнбөйт
Алакең уй түгүндөй капырды
Аралап кан жалгыз киргенде
Энеси Айганыш кургур
көрүнбөйт.
Энесинен ажырап,
Куйүккө түшкөн Алманбет
Нечен дөөсүн кыйратып,

Алды жагын найзалап,
Кытайдын бир далайын
майдалап,
Барабан тарткан калың чон
Бодугурдун колу экен.
Бодугур бок соору,
Айганыш шейит кылыптыр.
Жан ат билет кудай деп,
Сүйүнгөн бойдон энесин,
Качырга таңып алыптыр.
Чоң качырды жетелеп,
Кытайлар Бээжинге жүрүп
калыптыр.
Алакең энесин эми көргөндө,
Сараласын бургутуп,
Аралай кана түшүп манжунун
Жоодар чачтан бек кармап,
Колдой көр кудай деп кармап,
Тезектей кылып ыргытып,
Жолун ачып Алманбет
Бодугордун бок соору
Муну сайып салды эми.
Ордунан тура калгыча,
Какайлаган манжунун
Башын чаап салды эми.
Коштогону боз качыр,
Башын чаап салды эми.
Айганыштын сөөгүн
Чырмап тарткан арканды,
Кыя чаап салды эми.
Өкүм шейит өлүктү
Өлүктү жерге түшүрбөй,
Эңип алып Алманбет,
Бооруна кысып кучактап,
Көзүнүн жашы буурчактап,
Оң эмчектен бек соруп,
Кагылайын энекем,
Бу капырдын колунан
Өкүм шейит болдуңго,
Айланайын энеке,
Учмакка барып кондуңбу,
Айланайын энеке,
Дин ислам жүзүн көрө албай,
Жалгыздан күдөр үздүңбү,
Өкүм шейит энеке,
Сен өзүң макшарды көздөй
сыздыңбы,
Кан Алманбет кыраандын
Көзүнүн жашы миң тамат.
Жалгызың Алмаң көк жалыдын
Кытайдын өлүгүнө карабай,
Тиригине карабай,
Оң эмчегин бек соруп,
Мажигим кайда деп соруп,
Как ошентип Алмакең
Буркурап ыйлап турганда,
Акылман Мажик кабылды.
Кагылайын Алманбет,
Майдары жалгыз көк жалым,
Өкүм шейит энеңе,
Көзүңдүн жашын тийгизбе,
Көздүн жашы көл дайра.
Ишенбесең жалгызым,
Таңды машкар болгондо,
Куран окуу бул пайда,
Айланайын көк жалым,
Жүрү эми бастыргын,
Энекең Айганышты мага бергин.
Эмчек сүтүн бербесе,
Элик сүтүн берди эле.
Туубаса сенин жогуңда,
Караан болуп көз салып,
Кара жанга ээ  болбой,
Кытайга бадачы болуп жүргөндө,

Ичүүгө тамак болду эле,
Кагылайын жалгызым,
Киерге кийим болду эле,
Энеңди мага бергиниң,
Боорума басып алайын.
Капырдын өлүгүнө мен кошпой
Кара тоонун түбүнө,
Ак кепиндеп коеюн,
Ошо жерде турайын.
Шаардан кетмен алалык,
Кара жерди оелук,
Сени тапкан энеңди,
Кара тоого коелук.
Айланайын Мажике,
Ушу Бээжин жерине
Каирдин кытай элине,
Кантип бир таштап кет дейсин,
Кытайыңа карабай
Кагылайын энемди,
Улуу бир жолго саламын.
Сурай-сурай олтуруп,
Энемди меккеге алып барамын.
Деп ошентип Алookeң
Энеси Айганышты кыя албай,
Көзүнүн жашын тыя албай,
Алookeң ыйлап турду эле,
Кагылайын жалгызым,
Өлүктү өңөрүп биз алып кетсек,
Өңү бир кетип бузулуп,
Ээрге энең жанчылып,
Көкала болуп калбайбы,
Шейитке убал болбойбу,
Кара тоонун түбүнө
Баягы кырк чоронун жанына,
Кара бир жерди оелу,
Казынагын чакырып,
Кара тоонун түбүнө
Энемди аманат кылып коелу.
Анан ислам журтунан,
Өзүң өңдүү эр тапсак,
Кайрылып кана Бээжин чалабыз.
Аманат койгон энемдин
Акыры сөөгүн алабыз.
Энеңди меккеге алып барабыз.
Ошентип Мажик айтканда,
Макул болду Алманбет.
Кара жерди оймокко,
Аманат кылып энесин,
Бу Бээжинге коймокко.
Шаардан кетмен алды эми,
Кара тоонун түбүнөн,
Кара жерди ойду эми.
Казынагын чыгарып,
Алманбет менен кан Мажик,
Өкүм шейит Айганыш,
Аруу жууп кепилдеп,
Аман кылып коюшту.
Алookeң кинбей салып куранды,
Койнунан сууруп алды эми.
Куранды үч мертебе түшүрүп,
Жети күн Айганыштын жанынан,
Жалгызың турбай калды эми.
Алакең менен Мажикең
Куран окуп жатканда,
Уй түгүндөй көп капыр
Алманбеттей кыраандын
Тик багып кирип бара албай,
Алтымыш курчап алыптыр.
Кан Алманбет кыраанын
Кан Мажикти ээрчитип,
Согушка кайра кирди эми.
Күнү-түнү кырк күнү
Тынбай уруш болду эми.
Кол карышып шал болуп,

Найза тийип көк жалга
Чоюн баш тийип көк жалга
Тулу бою кан болуп,
Былкылдап куурай бышканга,
Калкылдап келген учканга,
Абага мийзем чыкканга,
Качпай алты ай сайышып,
Тамашага канышып,
Алдыңдагы Сары ала
Көп жашын тартып алыптыр.
Кан Алманбет жалгыздын
Бекитип турган бели жок,
Бек кармап койгон чеби жок,
Медер кылып бел байлап,
Бээжинге казат бир кылып,
Тажаалдан теңдик алгандай,
Өзү өңдөн эри жок,
Жалгыздыктын айынан,
Мажик канды ээрчитип,
Качып чыкты Бээжинден.
Как жашын болгон Сарала,
Шайкы бурул Думана,
Конуп  өткөн тал чоку
Олуялар чогулуп,
Түнөп өткөн тал чоку,
Жети күн конуп алгамын,
Орун кылып Сарала,
Алп уйкуну салгамын.
Алп  уйкуну кандырып,
Динстан жолун чалгамын.
Ээ Манас эми айтсам,
Эми кеп эгем өзү билбесе,
Мени ээрчий жүргөн  киши жок.
Жана айтсам, жана кеп,
Жараткан өзү билбесе,
Жанымда жүргөн киши жок.
Айланайын айкөлүм,
Эми кара үңкүргө баралы,
Кан Чубак менен Сыргакты
Бээжинге чалгын алалы,
Кайран Манас барбактап,
Макул, макул деп,
Кара күчкө дардактап,
Сыргак менен Чубакты
Эми ойготуп алышып,
Узун бойду теңешип,
Акыл кошуп кеңешип,
Бээжинди кандай чалабыз,
Каирди кытай тажаалдан
Кантип кабар алабыз,
Деп ошентип төрт эрен,
Акыл кошуп кеңешип,
Мына ошентип турганда,
Боору кара сырты көк,
Ак балтанын Чубагы
Жооп бербей турганы,
Алтын айдар чок белбоо,
Черди аралап бир барып,
Капкактуу кара таш,
Кара үңкүрдүн ичинен,
Оодара тартып салды эле,
Куртунду сууруп алды эле,
Касиетке салган кулпу экен.
Ак кисени ултарып,
Алакең ачкычты сууруп алды эле,
Кулпусун ачып куртундун,
Килитти тартып алды эле,
Ала мойнок кызыл ген,
Эсен кандын узун ген,
Кендир өтүк кебез шым,
Куржундан сууруп алды эле,
Аны бутка кийип алды эле,
Таажы кийип талтайып,
Алакең Коңурбай болуп балтайып,

Жерден терип жер дүлөй,
Алаканга ушалап,
Моюнга сыйпап алды эле,
Кара кычы кытайдын,
Кан Алманбет көк жалың
Кулакка тыгып алды эле,
Кара кычы кытайдын,
Өзү болуп калды эле,
Асаба колдо калкылдап,
Көз айнек көздө жаркылдап,
Ботогосу Алакеңдин,
Оң ийнинде балкылдап,
Жакут айнек, шуру таш,
Так төбөдө жаркылдап.
Көкөрдөй болгон чоң кисе,
Көрөсүндө көк жалдын
Оң жамбашта шалпылдап,
Кебез өтүк, кендир шым,
Кеңиреген кытайдын,
Каны болуп Алманбет,
Черден чыга калды эле,
Ак балтанын Чубагы
Сийдиги бурут айланып,
Айланайын айкөлүм,
Жетесиз кытай кул десем,
Алманбет кандын уулу экен.
Көк ала тартып барайын,
Ай асманда боз болуп,
Акыреттик дос болуп,
Бир достошуп алайын.
Ушу жерден көк жалым,
Кайра динин бир бурса,
Түп Бээжинге бир барса,
Эсен кан канын бербейби,
Сен экөөбүз бир турсун
Он бир канды сойбойбу,
Алакандай мусулман
Атпай түрктүн тукуму
Ай асманда боз болуп,
Чубак менен Алманбет
Акыреттик дос болуп,
Төшкө куран коюшуп,
Кылычтын мизин жалашып,
Өз жерине келгенде,
Өзүнүн элин көргөндө,
Сараланы минсин деп,
Бээжинге эми барсын деп,
Экөөбүздөн кичүүсүн
Сыргакты жолдош алгын деп,
Анан чалгын чалгын деп,
Бээжинге күндө барасын,
Бээжинден күндө келесин,
Оорукта жаткан Манаска,
Качан кабар бересин.
Атыңдын башын тартып кет,
Бээжиндин жолун айтып кет,
Анда Алманбет деп айтат,
Бир айда ары барармын,
Эки айда мында кайтармын,
Жараткан кудай жар болсо,
Үч айда кабар берермин.
Кер алгылуу буудандар
Кабыргалаш туугандар,
Сыргак менен Алманбет,
Кыргы менен кырышып,
Сүргү менен сүрүшүп,
Буудандарын токушуп,
Төш олоңун бек тартып,
Чоп олоңун бош тартып,
Көмөлдүрүк узартып,
Куюшканды кыскартып,
Ат токунуп алышып,
Коноктой болгон Добулбас
Ак каңкынын башына,

Кошо байлап салышып,
Алакең кан Сыргак муну айтат,
Карт күрөңдөй бууданды,
Ээрин токуп алгын деп,
Жонуна куржун салгын, – деп,
Анда Манас муну айтат,
Коштоого буудан албагын,
Кокустан капыр кездешсе,
Ат коштон жүрүп көк жалым,
Кол байлоо болуп калбагын.
Деп ошентип айтканда,
Анда Алманбет муну айтат,
Айланайын айкөлүм,
Анжияндын алдынан
Амангендин үстүнөн
Асый чыкма кезимде,
Ардактап алган күрөң ат
Алтымыш тогуз ат менен
Камбар ата дан менен
Карт күрөң буудан нече алдык,
Каирдин кытай тажаалдан,
Коосун бузуп, жылкы алсак,
Айла эле кылсын деп алдык.
Анда Манас барбактап,
Каткырып күлүп дардактап,
Макул баатыр, макул-деп
Бул айтканың акыл деп,
Манас менен Чубак кан
Тал чокунун жонунда,
Алманбет менен Чубакка
Бата берип барбактар,
Карап турду дардайып.
Эки шерден бата алып,
Кыраандар Бээжинди көздөй аттанып,
Сыргак менен Алакең
Эңкейиште сыйрылма,
Эликтей колун сайылтып,
Асабадай буудандын
Арт жагында куйругу.
Башкача жайып алды эле,
Күнү бирдей жол жүрүп,
Түнү бирдей жол жүрүп,
Кирип барды эки шер
Арсланбаптын боюна.
Кагылайын Сыргагым,
Көгөрүп жеткен көп кайкы,
Какмак кулжа жетүзгү,
Бул Бээжиндин кайкысы,
Ала мойнок кызыл чен,
Эсен кандын узун чен,
Сыртынан кийип алайын,
Кендир өтүк кебез шым,
Бутка кийип алайын.
Кечилдин каны Коңурбай
Өзү болуп алайын.
Алып келгин чоң куржун,
Алкаранын кеп тонун
Мен Саралама салайын.
Алкара кылып кубултуп,
Кытайдын кароолчусу чоң кулжа
Кулжага чыгып барайын.
Калмагынча калдырап,
Кытай болуп калайын.
Кулжасын апкөй тилге салайын.
Кулжасын алдап биз алсак,
Бээжиндеги кытайдын,
Айдап малын чыгабыз.
Дин ислам колун ачабыз.
Деп ошентип Алакең
Таажы кийип талтайып,
Коңурбай болуп балпайып,
Алкаранын кеп тонун
Алып келип Алманбет

Жерден терип, жер дүлөй,
Алаканга ушалап,
Моюнга сыйпап алды эле,
Кулакка тыгып алды эле,
Кан Алманбет көк жалың
Коңурбай болуп калды эле.
Астындагы Сарала
Алкара болуп калды эле.
Теминге бутта телпилдеп,
Согончокто кара чеч,
Томоктой болуп желпилдеп,
Асаба колдо калкылдап,
Көз айнек көздө жаркылдап,
Ботогосу Алмаңдын
Оң ийнинде балпылдап,
Жакут айнек шуру таш
Так төбөдө жаркылдап,
Көкөрдөй болгон чоң кисе,
Корөңгөсү көк жалдын,
Оң жамбашта шалпылдап,
Кытайдын аның каны болуп,
Кулжага чыгып барды эми,
Ийниндеги сыр бараң
Такымга кысып алды эми.
Кош дүрмөттү салды эми.
Чоң кулжаны атмака,
Алакең даярданып калды эми.
Кулжага жакын барганда,
Алманбеттей көк жалдын
Чоң купта караанын көрүп
алганда,
Бизге кудай берип салганы,
Коңурбай келип калганбы,
Же болбосо каран күн,
Качып кеткен кайрангы,
Кандыгына тең болбой,
Бурутка барган айрангы,
Кулактын учун тештирген
Бүтүн жерин кестирген,
Азизимдин арам сийдик тукуму,
Ошол кайрылып Бээжин
чалбасын,
Кокустан качкын кул келип
калбасын.
Деп ошентип чоң кулжа,
Алманбетти карап турду эми.
Ошол кезде Алмакең,
Коңурбай болуп үн салат,
Жанат минет кудай деп,
Бутка кирип чокунун,
Алкараны токунуп,
Эчен күнү жол басып,
Эчен түркүн бел ашып,
Буруттун жолун чалдым деп,
Бурут турсун бала жок,
Качкын турсун мээнет жок,
Кара сууда кеме жок,
Какангы Бээжин шаарыма,
Каирдин кытай айлыма,
Мен Бээжинде турганда,
Кош кайтарар неме жок,
Качып кеткен кайрангы,
Кандыгына тең болбой,
Бурутка барган айрангы,
Бээжинден кеткен жалгыз ит эле.
Кайрылып Бээжин келчү эмес,
Бээжинге кайра келчү эмес.
Жол кайтарган чоң кулжа,
Айкандын кызы Бирмыскал,
Аны быйыл аламын.
Качкын кулдун ордого,
Алтын ордо саламын.
Жол кайтарган сакчылар,
Эркиндикти беремин,

Ошондо кулжа муну айтат,
Кудай берип салыптыр,
Коңурбай келип калыптыр.
Бу Бээжиндин өзүнө,
Душман келбей калыптыр.
Быйыл эркин оттоп аламын,
Аскерлерге кошулуп,
Быйыл тунуп каламын.
Ошондо көк жал Алманың,
Мергендикке тазасы,
Белен турган машаасы,
Такымдан тартып сыр белең,
Бетке кармай алды эле,
Мени кудай уруп салыптыр,
Коңурбай болуп кубулуп,
Качкын кул келип калыптыр.
Жол кайтарган чоң кулжа,
Тарп осуруп салды эле,
Күндү жайлап салды эле,
Бээжинди көздөй бет алып,
Чоң кулжа качып калды эле.
Ошол кезде Алакең,
Жети мазга аралаш,
Сыр бараң менен бир койду,
Оң жамбашын сый койду.
Жарадар болгон кулжаны,
Карап турган кан Сыргак
Алды жакы буткулдан,
Көрө кое калды эми,
Кулжаны сайып салды эми,
Башын кесип алды эми.
Ошо жерде Алмакең,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Сыргакка жетип барды эми.
Чоң кулжаны көргөндө,
Сүйүнгөн бойдон Алмакең,
Кан Сыргакка жалынып,
Кулжаны көргөн көзүңдөн,
Кагылайын калакан,
Кагылсын Алмакең өзүңдөн,
Кулжаны сайган колуңдан,
Ак жолтоюм кан Сыргак,
Айлансын Алмаң колуңдан,
Түлкү жортуп жолуңдан,
Айланайын кан Сыргак,
Эми мындан ары барабыз.
Жаңырыктын кызыл зоо,
Такыядан узун зоо,
Кызыл зоонун түбүндө,
Чоң үңкүрү бар эле,
Ал үңкүрдүн ичинде,
Жол кайтарып бир койгон,
Чоң түлкүсү бар эле.
Аны мен анкөй тилге салайын,
Коңурбай болуп мен өзүм,
Тажаалдын түлкүсүн алдаймын.
Түлкүсүн алдап биз алсак,
Коңурбайдын көп жылкы,
Көп жылкыны чачабыз,
Дин ислам жолун ачабыз.
Айланайын кан Сыргак,
Эгер алдатып койсок түлкүгө,
Эңсеп келген калың журт,
Дин ислам демин басабыз.
Кокустан түлкү кутурса,
Кагылайын кан Сыргак,
Төмөнкү суунун боюнда,
Кара зоонун оюнда,
Карт күрөңдү өткөтүп,
Чоң түлкүгө көзүң сал,
Ал аңгыча болбоду,
Алдындагы Сарала,
Алкара болуп булкунуп,

Тизгин коюп жулкунуп,
Кан Алманбет көк жалың,
Коңурбай болуп кубулуп,
Кытайынча калдырап,
Калмагынча балдырап,
Кан Алманбет баатырың,
Кара үңкүргө барды эми,
Дабыш алып Чоң Түлкү,
Үңкүрдөн чыга калды эми.
Коңурбай деп ишенбей,
Канатса качкын келип калды деп,
Быйыл келе турган кезеги,
Коңурбай болуп кубулуп,
Качкын кул аңдып калбасын,
Караан түндү салбасын.
Бээжинден безип кеткенде,
Кан Алманбет баатырың,
Ала кеткен жай ташты,
Кара үңкүрдүн оозунан,
Кылт коюп качып кетсем деп,
Камынып турат чоң түлкү.
Кокустан огу тиет деп,
Табактай болгон кара таш,
Жамынып турат чоң түлкү.
Кан Алманбет көк жалың,
Айласы кетип турганда,
Эсине түшүп жай ташы,
Ташты колго алды дейт,
Ташка дуба салды дейт.
Күндү жайлап жиберип,
Асмандан акактай мөндүр түшүрүп,
Чоң түлкүнү сабатып,
Кара үңкүрдүн ичине,
Кан Алманбет көк жалың,
Айдап кирди каматып.
Сараланы жулкунтуп,
Алакең жакын кирип барды эми.
Айласы кетип чоң түлкү,
Боконо жүрөк болк этип,
Бокту ичеги солк этип,
Үңкүрдөн чыга берди эми.
Такымдагы сыр бараң,
Алеки замат колго алды.
Жээк бойлоп чоң түлкү,
Бээжинди көздөй дыр койду,
Ошондо Алакең кер жилигин сый койду.
Ага болбой чоң түлкү,
Кызырма жерге барганда,
Чыканактап уйку албай,
Чырым этип ала албай,
Тосуп турган кан Сыргак,
Көкаладай тулпарды,
Эликтей бутун сайылтып,
Кан Сыргак илип койду түлкүнү.
Ошо кезде Алмаңдын,
Санаасы тынып калды эми.
Андан кийин эки эрен,
Буудандарын чалдырып,
Эми атка минишип,
Бээжинди көздөй бет алып,
Эми жолго киришти.

**Куу өрдөк**

Күрпүлдөктүн эн үрөн,
Ал экөөнүн куюшта,
Жол кайтарып олтурган,
Кытайдын куу өрдөгү бар эле.
Как ошого барабыз,
Коңурбай болуп кан Сыргак,
Аны биз анкөй тилге салабыз.
Өрдөгүн анкөй тилге биз салып,
Өрдөгүн кармап биз алсак,
Өрүштө жаткан жеринен,

Калмактын көп жылкысын
алабыз.
Ал аңгыча болбоду,
Өрдөк жаткан тикенге,
Алакең жетип келди эми,
Өрдөктү көрүп алды эми.
Коңурбай болуп кубулуп,
Анкөй тилге салды эми.
Алкараны токунуп,
Бутканага чокунуп,
Өзүм Бээжин чалгамын.
Бурут турсун балаа жок,
Качкын турсун мээнет жок,
Кара суууда кеме жок,
Какагы Бээжин шаарыма,
Кайран башым турганда,
Кош кайтарар неме жок,
Быйыл мен бир мыскалды аламын,
Алтын ордо саламын,
Силерге бээрмандык күн тууду,
Чоң кулжа жатат жайында,
Чоң түлкү жатат өрүүндө,
Өрдөгүм быйыл уя салгын сен,
Тукумуңа зар болбой.
Уя басып алгының,
Тукумуңду бергиниң,
Өзүң эркин болуп алгының.
Алдайып калып куу өрдөк,
Жекенге уя салыптыр,
Уясын басып калыптыр,
Болк этпей жатып калыптыр.
Кандын тоосу кара тоо,
Кан Сыргакты ээрчитип,
Алоокең кароолго чыгып
барды эми.
Ал аңгыча болбоду,
Жылкы баккан кечилдер,
Кыядан чыга калды эми.
Кагылайын кан Сыргак,
Карагул келип жүрбөсүн,
Сыргагым алдынан тосуп баралы,
Кечилдерге чоң тамаша салалы.
Деп ошентип турганда,
Кабылан Сыргак чү коюп,
Кечилдерге жеткени,
Жеткен жердин кечилин,
Алтоон сайып өлтүрүп,
Бирөөн колго түшүрүп,
Какайлатып токмоктоп,
Алманбеттин атына айдап
барды эми.
Солкулдап ыйлап чоң калмак,
Алакеңдин алдына барып бүгүлүп,
Жаш келиндей жүгүнүп,
Алакеңди Коңур деп,
Ошондо айтып турат,
Жылкычыдан бөлүнүп,
Жети кечил келгенбиз,
Алтообуз өлүү бу дөөдөн,
Ажалым жок мен кургур,
Алдыңа келип турамын.
Кабылан Алмаң кайран эр,
Калмагынча калдырап,
Жоодар чачтан бүт баарын,
Бээжиндин жайын билди эми.
Кечээ мен чоң Бээжинден
кеткенде,
Бутка кирип чокунуп,
Алкараны токунуп,
Нечен түркүн бел ашып,
Жер арытып келдим деп,
Бу Бээжинде не кеп бар,
Бу Бээжинде не сөз бар,
Мен Бээжинден кеткен

Үч ай тамам толду эми.
Бул мезгилдин ичинде,
Эмнелер деги болду эми.
Мына ошону угуп алганы,
Кечилдин башын алганы,
Коон десе баш экен,
Аркан десе чач экен.
Тоодой кечилдин баш терисин кеп коюп,
Топу кылып Алакең,
Кан Сыргакка кийгизип,
Кечилдин кийимин бүт чечип,
Кан Сыргакка бергени.
Кабылан Сыргак баланы,
Көк чебичке мингизип,
Көк чебичке мингенде,
Кечилдин киймин кийгенде,
Темингисин тепкилеп,
Сок билектей кара чач,
Согончокто селкилдеп,
Ошо кезде кан Сыргак,
Даана кечил болду эми.
Лярлык менен Алакең,
Ошол Сыргак баланы,
Кечил кылып койду эми.
Андан ары эки эрен,
Ойго түшүп алды эле,
Күрпүлдөктүн кыр кечүү,
Чытырман токой калың чер,
Жалгыз аттын изи бар,
Чер да аралап келди эле,
Кыр кечүүнүн өзүнө,
Аттарды байлап салды эле,
Ээн бекен кечүү деп,
Алоокең кечүүгө көзүн салды эле,
Суу алып турган кечилди,
Өйүзүнөн көрдү эле,
Күүгүм кирген кезинде,
Намаз дигер кезинде,
Сууга келген кечилдин,
Алмаң башын кесип алганы,
Кечилдин киймин кийгени,
Бир тулуп сууну көтөрүп,
Макел дөөнүн үстүнө,
Алмаң кирип барды эми.
Бийлеп жаткан кечилдин,
Арасына кошулуп,
Билинбей кетип калыптыр.
Ал аңгыча болбоду,
Көтөргөн суусун Алмакең,
Отко коркурата төктү эле,
Кечилдердин айласы кетти эле.
Макел дөө качты айласы кетип,
Тоого качты шашкактап,
Ойго качты шашкактап,
Алманбет менен Сыргак эки эрен,
Ойдон койбой токмоктоп,
Ал аңгыча болбоду,
Макел дөө колун созун далбактап,
Алманбет менен Сарала,
Астына басып алды эми.
Кабылан Сыргак каруу эле,
Көк чебич менен дыр коюп,
Жебеден мурун жетти эми.
Жеткен жерде Макелди,
Алманбет оодарып,
Көмө коюп кетти эми.
Нар кескендей кылыч менен,
Тоодой болгон Макелдин,
Башын кесип алды эми.

## СЕМЕТЕЙ

## СЕМЕТЕЙДИН КЕҢ КОЛДОН АЙЧҮРӨККӨ ЖӨНӨГӨНҮ

Семетей Бакайдан бата алып, он төрт күлүк бууданды айдап, Күлчоро менен Канчорону ээрчитип Айчүрөккө жөнөйт.

Айдаганым он төрт ат,
Орошон күлүк, Буурул ат,
Артынганым ок дары,
Асынганым ак келте,
Арзыганым Айчүрөк.
Ишенгеним Буурул ат.
Издегеним Айчүрөк,
Айдаган он төрт күлүктүн,
Анын жайы ар бөлөк.
Карып келген калды көк,
Кара, кызыл жалдуу көп,
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө жез канат,
Капка соору, каман таш,
Кайсы бирин айтайын.
Абыкенин Ак тепки
Кан Көбөштүн Сур тепки,
Бакай кандын Көк Чолок,
Акылайдын Ак жорго,
Байбиченин Боз жорго,
Каныкейдин Кара кашка аргымак,
Ажыбайдын Карт күрөң,
Ат баштаган турна көк,
Музбуурчактын кер кула,
Карган чалдын ой кула,
Жүгөрүнүн кара боз,
Жүк артканын сурасаң
Ак тайлактын упар боз,
Ала кийиз жайнамаз,
Мамык жууркан көлдөлөң,
Он эки жаздык он мамык,
Анын баарын арттырган,
Сары кандын тулпары.
Балакетти баштаган,
Кан Семетей шумкары.
Кары Бакай кеп айтат,
Барып кел балдар деп айтат,
Күнү-түнү жол жүрсөң
Жыйырма күндө барасын,
Ак инек деген ашуу бар,
Кең Үргөнч деген дайра бар.
Кепилдеги Акундун
Казып койгон ору бар,
Кайнатып койгон шору бар.
Шыгайдын уулу Чын кожо,
Жеринен кектүү ит эле,
Жедигердин эр Толтой
Уруша турган жолу бар.
Качып кеткен кайрангы,

Кечээ кан атаңдын барында,
Кечээ кеткен айранчы,
Кыйык айып көнгөн кул,
Кыйла жерди көргөн кул.
Аябаган мерген кул,
Сени тууганым деп санабайт,
Туугандыкка карабайт,
Чын кожого сак болгун,
Өзүңдү кыйык атып салбасын.
Астыңдагы Тайбуурул,
Атыңды кармап албасын.
Аргын менен Ногойду,
Минтип караан салбасын,
Деп ошентип Эр Бакай,
Бата берип барпайып,
Балдарды карап турду дардайып.
Огойдон он төрт ат алып,
Олуя заада Бакайдан,
Алакан жайган бата алып,
Жол мааниси мообу деп,
Алтымыш дептер кат алып,
Эр Семетей канкор шер,
Ак боз бээни алдырып,
Чак түштө түлөө чалдырып,
Кара билче кош артып,
Алманбет уулу Күлчоро,
Чубактын уулу Канчоро,
Манастын уулу Семетей,
Күйөө жолдош үч бала,
Үчөөнүн жайын айтайын,
Текечи кандын Деркенбай,
Бакайдын уулу Байтайлак,
Сары кандын Калыгы,
Ай тийгендей жарыгы,
Ободон жалгыз оңтартып,
Аттанып чыкты эрендер.
Ополду көздөй жол тартып,
Айдарына алганы,
Огойдон он төрт ат болду.
Жол мааниси мобу деп,
Бакай кан жазып берген,
Алтымыш дептер кат болду.
Жараткан ал да кудайым,
Караан кылган үч бала
Үч баладан айрып,
Жалгызым деп зарлатып,
Тарттыра көрбө убайым,
Жараткан алда кудайым,
Бир өзүңө аманат,
Кайып эрен кырк чилтен,
Айланайын арбактар,
Бир өзүңө аманат,
Кан Бакайдан бата алып,
Жетелеген жел менен,
Куш качырган элге менен,
Жез маянын чоюруп,
Жез казанын көмөрүп,
Ок дарыны арттырып,
Күл азыкты тарттырып,
Аттанып чыкты алты сел.
Ополду көздөй жол тартып,
Күнү бирдей жол жүрүп,
Түнү бирдей жол жүрүп,
Аз гана күн мол жүрүп,
Уктабай таңды атырып,
Санап бир жылдыз батырып,
Ашуу ашып, таш басып,
Агыны катуу суу кечип,
Санаты кырк күн жол басып,
Карагайлуу кугана,
Камыштай көп тузука,
Көрүнгөн тоону урчука,

Көмөрүлгөн тумшукка,
Салынган тоонун учуна,
Салаңдаган тумшукка,
Сары жайык кең арал,
Алты күнү конолу,
Ат өргүтүп алалы.
Өрдөк, чүрөк, каз атып,
Балдар тамашага каналы,
Бой сергитип алалы.
Алты күн эс алган соң,
Аттанмак болду алты сел,
Ошол күнү Ополду көздөй
жол тартып,
Эр Семетей канкор шер,
Касиеттүү балбан эр,
Күлчоро менен Канчоро,
Ал экөөнү чакырып,
Бери кел деп кыйкырып,
Айланайын берендер,
Айдаган он төрт күлүктү
Акырын айдап жай кел деп,
Кумдан кулан куба деп,
Куюктуруп салба деп,
Чөлдөн бакан куба деп,
Чөлүктүрүп салба деп,
Намаз дигер болгондо,
Асылың кетти бөлүнүп,
Чоңдугун байкап карасаң,
Чоң Ополдой корүнүп,
Кеңдиги бар Таластай,
Келбетин байкап карасаң,
Эртеги кеткен Манастай,
Чоңдугу бар жолборстой,
Курчтугу бар албарстай,
Кара боюн карасаң,
Кара кашка тынардай,
Жардай болгон Тайбуруул,
Жалгызга жасап койгон
чынардай.
Ашуудан атты чубатып,
Аркар күлүк Буурул,
Аркырайып Семетей,
Кайкыга келди түн батып,
Түн ортосу болгондо,
Төбөдөн жылдыз ооганда,
Асмандан жылдыз бириндеп,
Жел аргысы дирилдеп,
Таң тияктан сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Камыштын башы шоодурап,
Карага торгой чулдурап,
Кумурска макулук,
Жер жүзүндө жыбырап.
Азан маалы болгондо,
Кокондун кара тон менен,
Коржоңдогон эр неме,
Апа карлуу байгыка,
Узун сары кайгыка,
Ак инектин белине,
Эр Семетей канкор шер,
Балада болсо байкушуң
Касиеттүү балбан эр.
Кашка булак ченин,
Өзү чыгып барды эле,
Колун суугa салды эле,
Боюна даарат алды эле.

## ДҮРБҮ

Кулакты кармап кулкудан,
Кыбыланы бет алып,
Каңгырап үндү салды эми.
Экөө сүннөт, эки парз,
Төрт ирет багымдат.
Бала жолборс падышаң,
Шашпай окуп алды эми.
Мурутун сыйпап имерип,
Алакан жайган батасын
А дүйнө кеткен атасы,
Манасты арбагына жиберип,
Болжоду тоо башынан,
Обону үйгөн ташынан.
Ак тиктин белинен,
Бала жолборс падышаң,
Дүрбү сарар жеринен,
Болжолу жок чоң дүрбү,
Боосун албай мойнунан,
Сууруп алып койнунан.
Болоттон соккон чаңы бар,
Бой тумар чалыш кабы бар.
Болжолу жок чоң дүрбү,
Кереме кооз жаныбар.
Атасы көк жал Манаска,
Меккеден келген беш эшен,
Белекке берген чоң дүрбү,
Чарайна менен чаптаган,
Булгаары менен каптаган.
Айнектин оозун кирдетпей,
Ашыркы жолго турбайт деп,
Оозуна кезек орногон,
Атасы Манастан калган
чон дүрбү,
Айчылык жолго жорогон,
Сабына сары алтындан ороткон,
Оозуна жакут орноткон.
Чыгырыгын имерип,
Чын же көзгө жиберип,
Эликтей болгон кара көз,
Манастын уулу Семетей,
Ирмебей карап отуруп,
Каалап бир келген Чүрөктү.
Бала жолборс падыша,
Карап турду Үргөнчтү,
Үргөнчтү көрдү маң менен.
Карап турду деп болуп,
Манастын уулу Семетей,
Кепилди көрүп олтуруп,
Ак экенин билейин,
Кара экенин билейин.
Кара болсо Акундун,
Желесин кыркып, бээ тийип,
Добулбасты койгулап,
Чууну-чууга угузуп,
Сурнай кулак тунгузуп,
Куугундап келген ээсин,
Чыгара муштап мээсин,
Калкына кыргын салайын.
Кепилде жаткан Акундан,
Мындай теңдик алайын.
Деп ошентип олтурса,
Акун кандын чоң сарай
Айланасы бир далай,
Ичи коргон миң сарай,
Тышы коргон бир сарай,
Каалгасы сом сарай

Карып келген Акундун,
Салтанаты бир далай.
Ар шаймандын баары жай,
Жаткан экен ушундай,
Улук кандын чоң сепил,
Чоң сепилдин айынан,
Улукман уста алдырып,
Кош богожу салдырган.
Ичи калай тышы жез,
Бийиктиги нечен кез,
Көчөсүн байкап карасаң,
Карагайдын башына
Кадап койгон чыны бар.
Акун кандын шаарында,
Ичинде калың киши бар,
Алыскы жердин кабарын,
Аш бышымда билгизген.
Баатырдын камкордук кылган иши бар.
Башында селде казандай,
Чакырган үнү азандай,
Май курсагы ток экен,
Акун кандын элинин,
Бизге эч кылмышы жок экен.
Жолдун төмөн четине,
Сепил жакы бетине,
Ортосунда кең ордо,
Зымдан боону тактырган,
Буратып үйдү жаптырган.
Үйүм аппак болсун деп,
Төмөнкү кепилдин жолуп чалдырган.
Кепилдеги койлорду,
Кеңеш менен күз долу,
Тармалын тартып алдырган.
Таза жерге жыктырып,
Туушаңгыга кырктырып,
Кызга кызык сабатып,
Уяңын тандап берсин деп,
Кемпирлерге инсетип,
Барлыка салып Айчүрөк,
Жабык башын карасаң,
Жан окшонду болгун деп,
Кой мактап менен иштетип,
Алтымыш атан колдотуп,
Акундун кызы Айчүрөк
Кара жолтой туун күң,
Анжиян жолун чалдырган,
Андан жибек алдырган,
Жабык башын карасаң
Жан окшомдуу болсун деп,
Кыяла сайып салдырган.
Акундун кызы Айчүрөк
Жабык баштын үйүнө,
Жартыктап кундуз салдырган.
Кересесин кактаткан.
Сары алтын менен барктаткан.
Чамгарагын чаптырып,
Акундун кызы Айчүрөк
Жасап ытын жаптырып,
Он эки топчу он түймө,
Омуркоодо шаркылдап,
Алтымыш седеп кырк топчу,
Аркалыкта жаркылдап,
Алма моюн түймө баш,
Не деген сулуу жан эле,
Жаагы узун ээги жок,
Эр мүчөлү күң экен.
Эми кармап олтурсам,
Оолжуган күң долу,
Пери кызы бир экен,
Кемшек бир күн карасаң,

Оң чекеде кыйшайып,
Күлүмсүрөп сум сайып,
Он эки кундуз териси,
Опсуз барку кашында,
Оолжуган күң долу,
Он эки кызга кол артып,
Турбайбы кыздардын берки
башында.
Желим өтүк жез така,
Күңкүрүстөй жайнака,
Жеңекемдин бутунда,
Акери бутта чойкоюп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Короздой мойну койкоюп,
Тартып койсоң куу долу,
Күдөрүдөй былк этип,
Күлүмсүрөп шыңк этип,
Оозун басып зыңк этип,
Оронго сайган кашы бар,
Ошо кезде Чүрөктүн
Отузга келген жашы бар.
Боз жоргодо току бар,
Кандын кызы бейбактын,
Кызды көрүп кызыган,
Бала жолборс падышаң.
Бүткөн бою ылыган.
Артын карап айкырып,
Ат айдаган балдарды,
Бат келгин деп чакырып,
Жетелеген жел менен,
Куш качырган элге менен,
Желмарын жетелеп,
Он төрт атын кубалап,
Арт жагынан беш баатыр,
Жетип келди энтелеп,
Кош арканын чечишип,
Алтын түркүк кең чатыр,
Ташка жолой салышып,
Кулач бою жез казып,
Жаргалата кагышып,
Казан асып, эт басып,
Кара чайын кайнатып,
Самоорлорун коюшуп,
Алты сал дамдашып тоюшуп,
Тамактанып болгондо,
Бөрөчө көздүү, тик сөздүү,
Бөлөкчө тууган Күлчоро,
Кызылы түлкү жүнүндөй,
Күлгөнү кыздын үнүндөй,
Эңчегер бойлуу саз өңдүү,
Эч жеринде муңу жок,
Эр Күлчоро баланын.
Жазы маңдай жар кабак,
Жазбай чабар мыкты кул,
Он сан кара ногойдон,
Опсуз тууган ыктың кул,
Куурган буудай жүздөнгөн,
Кутурган тана көздөнгөн,
Жоо дегенде токтобой,
Өңү кетип бузулган,
Каргадай болгон куу чунак,
Кан ичмесин карматып,
Оозунан шилекейи куюлган,
Айланайын аба деп,
Кеп айтайын сага деп,
Кулагың салчы мага деп,
Болжолду тоонун башынан,
Абанын үйгөн ташынан,
Ак инектин белинен,
Асылым чыгып сен келдиң,
Дүрбү салар жериңе,
Ачуу үнүң бек чыгат,

Не көрүндү көзүңө,
Не билинди өзүңө,
Урунарга тоо барбы,
Урушаарга жоо барбы,
Мылтык атып топ бузуп,
Сууну коюп кан жутуп,
Өлүшчүү шер барбы,
Аны эшитип Семетей
Жок баатыр андай неме
көрбөдүм,
Баатыр андай неме билбедим,
Агартуунун бир жагы,
Караргандын бер жагы,
Асмандан түтүн бөлүнөт,
Агарып чатыр көрүнөт,
Агала башайы кушма шер.
Аюу көпчүк сом жедик,
Кең Ополдун оюнда,
Азамат аты беринет,
Окору жүгөн таңдайлаш,
Кой кашканын аттары.
Каршы-терши маңдайлаш,
Базарчы келип конгонбу,
Менин пайдалуу жолум
болгонбу,
Чынкожо, Толтой эки уул
Келип бир жолду тосконбу,
Кызаргандын ар жагы,
Агаргандын бер жагы,
Кырдан түшүп бөлүнөт,
Кызарып чатыр көрүнөт.
Кызыл башай кушмаш ээр,
Кыздын аты көрүнөт,
Кербенчи келип конгонбу,
Же керектүү жолум болгонбу,
Чынкожо, Толтой эки уул
Келип жолду тосконбу,
Темир кийген жообу дейм,
Телегей кийген кызбы дейм,
Же болбосо бейбакты,
Балдар ай бизге көөнү
түзбү дейм.
Отун алган жоо окшойт,
Бозуп келген төө окшойт,
Кербенчи келген сартка окшойт.
Орто жерин карасам,
Акундун кызы сартка окшойт.
Экөөңдүн кимиң барсаң аның бар,
Бириңдин бир кишидей алың бар,
Бирөөң атка көз болуп,
Бириң калып, бириң бар.
Ат багуучуң мында кал.
Деги айланайын Канчоро,
Сул телкини минсеңби,
Ушу жолду билсеңби,
Деп ошентип айтканда,
Аны угуп Канчоро
Айланайын аба деп,
Кеп айтайын сага деп,
Кулагың салчы мага деп,
Менин андайга шыгым жок эле
Чукул жерден кеп тапкан,
Чукугандай сөз тапкан,
Менин андайга шыгым жок эле,
Ушуга Күлчороң барсын
деп айткан.
Аны ээрчитип Семетей,
Күлчорого бир сөз деп,
Анда туруп муну айткан,
Жатканда жамбаш талбайбы,
Уктаса уйку канбайбы,
Ат семирип жык толду,

Эр семирип бук болду,
Талаага тиккен бак барбы,
Дардайып жатар чак барбы,
Айланайын Күлчором,
Кең колго тиккен бак барбы,
Керилип жатаар чак барбы,
Ак телкини минсеңчи,
Калуу жерге кирсеңчи,
Ушу жолду билсеңчи,
Билип келип берсеңчи,
Ал көңүлүңө толбосо,
Айдаган он төрт күлүктөн,
Сүйгөнүңдү минсеңчи,
Ушу жолду билсеңчи,
Билип келип берсеңчи,
Деп ошентип Семетей
Ушу сөздү айтканда,
Баатыр чоро турабы,
Баланын ишин кылабы.
Айланайын аба деп,
Кеп айтайын сага деп,
Эрчиткениң эки кул,
Арак ичкен мас эмес
Аябаган жаш эмес,
Ободон кудай урбаса,
Бизге он эки деген аз эмес.
Он экимде жоо сайбай
Отузумда саямбы,
Сегизимде жоо сайбай,
Сексенимде саямбы,
Кактилкини минүүгө,
Катуу жолго кирүүгө,
Туягы укур ит эле,
Ашуу бийик тоо келсе,
Учуп өлүп жүрбөйүн.
Тозокту чороң көрбөйбү,
Улук кан сиздин кайныңыз,
Кандыны кызы Айчүрөк
Ала турган зайыбыңыз.
Ашкере шылдың болбоюн,
Зилинде Чынкожо менен
Толтойго,
Жалгыздатып койбоюн,
Таласта калган биркады.
Олуя чалдын баласы,
Бакайдын көзүн ойбоюн,
Акырет кеткен жалгызды,
Тукумсуз кылып койбоюн.
Аркасы жок ит эле,
Алдыма минген как телки,
Каныкей менен Чыйырды,
Карып келген кезинде,
Эки энем көзүн ойбоюн.
Өрү келген ит менен
Чалгын чалган оңобу,
Буурулду берчи минейин,
Бу жолуңду билейин,
Билип келип берейин.
Сен Буурулду бербесең,
Бу жолуңа барбаймын.
Ар кимге болсо жан керек,
Арам өлүп калбаймын.
Агыны катуу дайрадан,
Агып өлүп калбаймын,
Алекти чороң салбаймын.
Деп ошентип Күлчоро,
Буурулду сурап турганда,
Бербеймин деп айта албай,
Берендин көөнүн кайтарбай,
Ак илектин белинде,
Бала жорборс падышаң,
Дүрбү салган жеринде,

Бир саатка олтуруп,
Жардай болуп Буурулдун,
Тескерын чөпкө толтуруп,
Түшүп берди Буурулдан.
Алтын жака ак олпок,
Чечип берди балага.
Ак олток жайын сураба,
Туш тушуна кынама,
Ак олпок тону жарашкан,
Топчулугу бир тогуз,
Толу бойго жарашкан.
Үнгүлүгү бир тогуз,
Үстүнө кийсе жарашкан,
Алтын жана Ак олпок,
Аманат жанга чак олпок.
Ок өтпөсүн билгенде,
Үрүмдүн каны талашкан.
Талашакан канга бербеген,
Алдыңдагы Ак олпок,
Ак каңкынын үстүнө,
Аюу көпчүк алдында,
Күлөсөң бойлу сары шым,
Сары шым алып бутка кий,
Жоонун кийми мына ушул.
Өз энекем Каныкей,
Тентип жүрүп энекем,
Жесир жүрүп жетилип,
Букардан кайра келгенде,
Конушуна конгондо,
Акимдик колго алганда,
Жалгызга кийим кылам деп,
Урумдан мерген алдырып,
Тоо текени чалдырып,
Маралдарын кулатып,
Уздар бычып кыз тиккен,
Муну бир тиккен кыздардын,
Эки көзү оюлган,
Кыргын чалдын Арууке,
Жайы кышы он эки ай,
Баса жатып көп тиккен.
Байкуштун маңдай тиши
жоюлган.
Жайдын күнү чилдеде,
Байтал бээнин сүтүнө,
Малмачыга малдырып,
Кыштын күнү чилдеде,
Актан ширге кыйдырган,
Шапшымага силдирген.
Ал аз келип калды деп,
Алтымыш атты колу өтүп,
Алматы жолун чалдырган.
Алматынын өзүнөн,
Алма кабын алдырган,
Боесун кызыл кандырган.
Гүлөсөн бойлу сары шым,
Балбандар тулуп алат деп,
Жон сандын үстүнө,
Каргыма кайып салдырган.

## КАЛДАЙГАН ШЫМ

Ычкырынын кашатын,
Желим менен ширейип,
Ит тамандап сайдырган.
Урумдан уста алдырган,
Ичин байкап карасаң,
Ок өтпөгөн сары шым,
Көп кабат чынжыр салдырган.
Кыштын күнү чилдеде,
Этке жылуу болсун деп,
Кой мактап менен иштеген.

Кош кабатын салам деп,
Арууке эки кабат тиштеген.
Атамдан калган мүлк ушул,
Абайлап уксаң күлкү ушул.
Алматынын ач талаа,
Каранды тартып жатканда,
Алтымыш араб, кырк орус,
Алайдын Сары түзүндө,
Карактап алган ак келте,
Коңур бир салкын кезинде,
Бу капырдын жабдыгын,
Алган киши оңобу,
Түбүндө дин мусулман болобу,
Деп ошентип зор атам,
Өлсө бир колго кармабай,
Ат куйругуна байлатып,
Короосунун четине,
Сүйрөттүрүп зор атам,
Касаптап таштап койгондо,
Ат башынан чеч дөбө
Чеч дөбөнү жердеген.
Олуя Кошой абакем,
Дин түркүгү эр деген,
Байланып жаткан мазардын,
Биягын ачкан чоң Кошой,
Касиеттүү чоң Кошой,
Бекип жаткан бейиштин,
Багын ачкан чоң Кошой.
Айкөлдөн бата алып,
Эшигин ачкан шер экен.
Абакем Кошой келиптир,
Ак келтени көрүптүр.
Ак келтени көргөндө,
Колуна кармап олтуруп,
Атама сынап бериптир.
Ошондо Кошой муну айтат,
Кагылайын зор Манас,
Мунун өзү орус орокпу,
Түбү Кытай кырымы,
Башы мусулмандын
жабдыгы,
Сайын салып келтирген.
Бет алган жоону өлтүргөн,
Түтүндөн мурда жан кеткен.
Бычактан мурда кан кеткен,
Ойноп атса огочор,
Жоого айтса замбирек,
Анысы бараң аса түз.
Алып жүрсөң жазайып,
Үстүндө жүрсө үркөр боо,
Асынып жүрсөң алма баш,
Оң ийниңдин айнеги,
Атып жүрсөң Манас кан,
Кууураган жандын эртеги,
Деп ошентип кан Кошой,
Менин атама сынап бергени,
Атамдан калган мүлк ошол,
Абайлап уксаң күлкү ошол.

## АЙ БАЛТА

Айбалта жайын айтайын,
Төкөр уста балакай,
Төгөрөгүн ысаган,
Төмөнкү Урум шаарынан,
Сексен пилдин өзүнө,
Көрүк, дүшө жүктөтүп,
Урумдун курчун алдырып,
Уңгудан ылдый салдырып,
Төрт ай жайып жасаган,
Көмүрүнө чыдабай,

Көңкү токой жоюлган,
Сугатына чыдабай,
Кашка булак соолаган.
Мизи учма болоор деп,
Төкөр уста Бөлөкбай,
Казат үчүн чыгарган.
Мизин байкап караса,
Бөрү тилден өгөгөн.
Эшик эндүү айбалта,
Караңгыда суурса
Жарыгы тийип жүрсүн деп,
Жылкынын үстүнө,
Айбаттан алтын чөгөргөн.

## СЫР НАЙЗА

Алтын эрип кетер деп,
Түпкө бөөдө жетер деп,
Чарайна менен чаптаган,
Булгаары менен каптаган.
Баштан бөлөк нерсени,
Мизи менен чаппаган.
Жаздым тийген пендени,
Жаар аным колдогон.
Жакындап адам койбогон,
Жонуна темир кырдаган,
Жомокчу көрсө ырдаган,
Сабына темир кырдаган,
Сабакчы көрсө ырдаган,
Балтаңдын сабы ыргайдан,
Каркыранын оюнда,
Кан Көкөтөй тоюнда,
Мынабу турган жалгызга,
Бата тийген ар кандай.
Атамдан калган мүлк ушул,
Эми сыр найза жайын айтайын,
Найзанын жайын сурасаң,
Ичкердин каны Момун жан,
Ай асманда боз экен,
Менин атам Манас менен,
Акыреттик дос экен,
Ошондо белекке кылган сыр найза.
Каптан жердин карагай,
Каршы сынма болот деп,
Кырга чыккан карагай,
Кыраан жерин кыйдырган,
Айдалыкка шыйдырган,
Жайдын күнкү чилдеде,
Жай аптабын алсын деп,
Жайдын суугун тартсын деп,
Жашыл кумга бөлөткөн.
Көлөкөгө кургатып,
Жер ташка көтөрүп барып
жалаткан.
Кабыгы менен катырган,
Тарткыга тарттырган.
Желим менен чаптаган,
Тутам жерин сырдаган.
Кокустан колдон тайма
болоор деп,
Кол кармоочу жерлерин,
Коло менен чырмаган.
Түпөгүн байкап карасаң,
Кош кара кыл тактырган.
Белекке жаңы келгенде,
Мелтиретип зор атаң,
Алманбет, Чубак эки шер,
Серек, Сыргак эки эрен,

Төртөө жүргөн жанында,
Камбар, Күмбүр эки эр,
Баары жүргөн жанында.
Мелтиретип зар атам,
Бээжинди көздөй бастырган.
Асмандан түшкөн беш болот,
Бешөөнүн жайы беш бөлөк,
Кан Манастын зулпукар,
Ажыбайдын ач олбарс,
Алманбеттин кыл болот,
Кан Чубактын жай болот,
Кан Сыргактын нар болот,
Капырды көздөй шилтесе,
Алтымыштан баш кеткен,
Караңгыдан суурса,
Өрттөй болуп кызарган,
Капырды көздөй шилтесе,
Арка бою узарган.
Жандуу жабдык нар кескин,
Кындан тартып койбогун,
Кындан тартып бир койсоң,
Кынга кайра батпаган,
Кынга тийбей жатпаган,
Агаңдан келген мүлк ошол,
Абайлап уксаң күлкү ошол.
Өз энекем Каныкей,
Таласка келип конгондо,
Жесир жүрүп жыйылып,
Акимдик колго алганда,
Жайдын күнү чилдеде
Окуясы толгондо,
Каны толуп болгондо,
Жалгызга бата алам деп,
Он эки өгүз сойдуруп,
Этин шилеп той кылып,
Чабын тилип таштатып,
Сыртын тилип алдырып,
Жыдытмага жыдытып,
Малмачыга малдырып,
Шапшымага шалдырап,
Күдөрү тартып ийлетип,
Мунун өгүзгө кердирип,
Каны толуп болгондо,
Жүнүн кыркып алганда,
Жалгызга бата алам деп,
Алтымыш эркеч сойдуруп,
Этин шилип той кылып,
Чабын тилип ташташып,
Тасмачыга кердирип,
Өрмөчүгө өрдүрүп,
Он экиден тердирип,
Башы көк жал бар көктү,
Кош алакан айнекти,
Чокусуна чок койгон,
Түшкүнүнүн учуна,
Бурама соктоп ок койгон.
Үзөңгү жезден курдурган,
Өткөрө чапкан кишини,
Кер салы кылып тургузган.
Бүлдүргөсүн сурасаң,
Энекем Каныкейдин көк торпок,
Башынан эки энеге тең торпок,
Асый чыкма кезинде,
Карматып союп салыптыр,
Балбандарга бурдуруп,
Күдөрү тартып ийлетип,
Бүлдүргө шыкап тундуруп,
Опол тоонун көк ыргай,
Кабыгы менен каптаган
Түбү менен саптаган.
Душмандан башка нерсени,
Ээрдин тиштеп чаптаган.

Чон камчыга сак болгун
Деп ошентип кайран шер
Ар жабдыкты маанилеп,
Жайын айтып берди ошол.
Каргадай болгон куу чунак
Жарагын жанга салынып,
Жаратканга жалынып,
Жердин жайык түзүндө
Коңур салкын күзүндө
Ак инектин белинде
Каргадай болгон куу чунак
Тоголонгон томаяк,
Тулпар колго тийгенде,
Туруучубу жан аяп,
Кылыгы белде кыңгырап,
Ай балта жанда шыңгырап,
Колтукта найза койкоюп,
Ак ирим өтүк чойкоюп,
Атадан калган мүлк ошол.
Он эки кулач сыр найза
Каргадай болгон Чунактын
Оң жагында койкоюп,
Октун күчү дарыда.
Ойрон кулдун карыда,
Озотосун талкалап,
Он экиде Күлчоро
Ак келте алып чалкалап,
Тегереги тең куйма,
Темирдей болгон үзөңгү,
Таппай чуркап минди эми.
Анда Семең муну айтат,
Айланайын Күлчором,
Атыңдын башын бура тур,
Бир азыраак тура тур,
Айткан сөзүм уга тур.
Эрдигиң бар, эсиң жок,
Эч нерсе менен ишиң жок.
Он экиде жаш элең,
Эрдигиңе мас элең,
Боло турган бала элең.
Айланайын Күлчором,
Сенин жүрөгүңдө бар эле,
Буурулдун жайын айтайын,
Буту кыска, колу узун,
Буластаган доңуздун,
Бурма кара көз чылбыр,
Кыштын күнү чилдеде,
Бура карап соорусун,
Муздай керген доңуз бул.
Чаткыягы чаткалдай,
Чатына киши баткандай,
Кең соорусун карасаң,
Алдыңдагы буудандын,
Балалуу катын жаткандай.
Балтыры бала белиндей,
Алдыңдагы буудандын,
Басканы сырттын желиндей,
Тап этине келгенде,
Желгенине жел жетпейт,
Жебелеп аткан ок жетпейт.
Алдыңдагы Буурул ат,
Тап этине келгенде,
Туягы жерге илинбейт.
Заакым болуп билинбейт,
Басканына мал жетпейт,
Башаламан аткан ок жетпейт.
Бугудай болгон бурала,
Бута бою эң келсе,
Буйдаланбастан чуркаган.
Буудандыгын билгенде,
Буттап алтын зер берип,
Төмөнкү Букардын каны сураган.

Сураганга бербеген,
Тай кезинде тапталган,
Ат болот деп сакталган.
Тайбуурул менин бир атым,
Учуп жүргөн канатым.
Атамдан калган мурасым,
Тайбуурулга сак болгун.
Кокустан Тайбуурулдан
айрылсаң,
Төмөнкү улук кандын элине,
Чынкожо, Толтой эрине,
Баатыр чыгып калаар уятым.
Асылым атам барында,
Алманбет, Чубак жанында,
Караспай тоонун өзүнөн,
Карага кандын Кыз Сайкал,
Шай колдогон зор атам,
Кыз Сайкалды үч алып,
Кийинкисин күч алып,
Алтымыш балбан өлтүрүп,
Ата турган болгондо,
Жетимиш балбан өлтүрүп,
Жеңе турган болгондо,
Тартууга келген үч тай бар,
Үчөөнүн жайын сурасаң,
Эң улуусу Сур коен,
Орточосу Көк чебич,
Эң кенжеси Тай буурул,
Ташка тууп кумга өскөн,
Кайберен менен бирге өскөн,
Буулук салса моюнга,
Жаш кулун менен ойногон.
Туздум деген эне жок,
Туздурдум деген ата жок,
Атасы тоонун тоо буурчак,
Энеси көлдүн муз буурчак,
Жаңырык түз кыядан,
Айбан да болсо союлгур,
Жаралган жалгыз уядан,
Карага кандын Кыз Сайкал,
Кара тоонун жонунан,
Жан келдиктин өзүнөн,
Кутурмалуу кулакты,
Башынан туура бурдуруп,
Жел кайыптын балдарын,
Мас кылып кармап алам деп,
Ортосуна Кыз Сайкал,
Шаардан араб ташып күйдүрүп,
Сурап турган жеринен,
Мас кылып кармап алган
Тайбуурул,
Темир туяк жез арка,
Жети ай минсе арыбас,
Жетимиш асый болгонго,
Тизгинин Сайкал карыбас,
Эми жеткилең күлүк Буурул ат,
Алтын туяк сом арка,
Алты ай минсе арыбас,
Алтымыш асый болгонго,
Азуусун жалап карыбас,
Арка мойну жоорубас,
Айланайын Күлчоро
Адал жоого тийгенде,
Абаңдын көөнү оорубас,
Алдыңдагы Буурулдун
Көкүлү бар желектей.
Каңылжаарын карасаң,
Сомдоп койгон челектей,
Казык куйрук, үкү аяк.
Калбыр өпкө, жез канат,
Чын казанат Буурул ат.
Сом туягы чарадай,

Кар жилиги казыктай,
Чоң Кең колдун башында,
Жез маңдайын карасаң,
Ак куланын жайлоосу,
Көлбүлүү жайлоо жазыктай.
Алдыңдагы буудандын,
Сом туягы чарадай,
Сокмок эти баладай,
Жүрүп кетсе жулкунуп,
Сонунга салган чанадай.
Колу колжо болот деп,
Колоттуу жерге үйрөткөн.
Оозу чайпоо болот деп,
Суксурма чылбыр сүйрөткөн.
Башы чайпоо болот деп,
Асый чыкма кезинде,
Акылман Шууту үйрөткөн.
Тайбуурул менин бир атым,
Учуп жүргөн канатым.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кыйып атып албасын.
Астыңдакы Тайбуурул,
Бууданды кармап албасын.
Балтыр этиң толо элек,
Кагылайын Күлчором,
Балбан кезиң боло элек,
Жоого тиер чагың жок,
Найза саяр коеруң жок.
Он экиде жашың бар,
Өзүм минген ак каңкы,
Ак каңкынын кашынан,
Чыгар чыкпас башың бар.
Эми Ак олпок жайын айтайын,
Таятам Кара кандын Ак олпок,
Аманат жанга чок олпок,
Асылым атам өлгөндө,
Калк чогулуп көмгөндө,
Абыке, Көбөш эки агам,
Арамдар малды бөлгөндө,
Чоң энекем Чыйырды,
Өз энекем Каныкей,
Өлөйүн дептир арынан.
Өлбөптүр мен чунактын
баарынан,
Береним атам өлгөндө,
Абыке, көбөш эки агам,
Берендер малды бөлгөндө,
Өз энекем Каныкей,
Чоң энекем Чыйырды,
Кетейин дептир арынан.
Кетпептир мен жалгыздын
барынан.
Ымыркай жетим аркалап,
Кара башын калкалап,
Кара кандын шаарына,
Качып кирип кеткенде,
Темиркандын шаарына,
Тентип кирип кеткенде,
Эки агам түпкө жеткенде,
Темиркандын шаарында
Тентип жүрүп чоңоюп,
Кара кандын шаарында,
Качып жүрүп чоңоюп,
Тогуз жашка чыкканда,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Эрбейип атка мингенде,
Ысмайыл кандан талашып,
Букарды былк эттирбей билгенде,
Сары кандан кеп угуп,
Атаң Манас деп угуп,
Жериң Талас деп угуп,

Ушу сөздү укканда,
Дагдайган кара сарт болуп.
Букарда өскөн курган жан,
Күйбөгөн жерим күл болуп,
Күйүп жүрөк чок болуп.
Он эки жашка чыкканда,
Мен Букардын шаарына,
Кайдан турдум токтолуп,
Таятам кара кандын ак олпок,
Аманат жанга чок олпок,
Ак олпок тондун айынан,
Таятабыз кара кан,
Он эки атын комдотуп,
Орундуу урчук чалдырган.
Жети атканды комдотуп,
Жет кайттын жолун чалдырган.
Он эки бут буланы,
Оң жакага салдырган,
Жети буттай буланы,
Жетек-жетек салдырган.
Бир жарым бут бууданды,
Айдалыга тундурган.
Этиңе болот барар деп,
Мен Букарда турганда,
Көңүлдү башка бурганда,
Таятабыз Кара кан,
Олпогун тартып кийгемин,
Тулпарын тартып мингемин.
Асылдан калган керез деп,
Күлчоро менен Канчоро,
Энекемден мен угуп,
Жалгыздыктын айынан,
Күлчоро менен Канчоро
Экөөңдү жаныма жалуу болот деп,
Белиме таңуу болот деп,
Тууган деп издеп жүргөмүн.
Айланайын жалгызым,
Эрдигиң бар эсиң жок,
Өдө жерде бекем жүр,
Алдыңдагы Тайбуурул
Табына келген ит эле,
Ала качып албасын,
Аңгекке таштап кетпесин,
Түпкө бөөдө жетпесин.
Деп ошентип айтканда,
Каргадай болгон куу чунак,
Он экиде чоронун,
Өңү кетип бузулуп,
Кан ичмесин карматып,
Бетине беш байпактык түк чыгып,
Оозунан көк түтүнү буркурап
Көзүнөн көк жалын күйдү
шыркырап,
Кармаган жерде ай балта,
Сабынан талаша чыгып
былгырап,
Ачуусу келип, күлү алоолонуп,
Семетей канга сүйлөнүп,
Ат минбеген немедей,
Атыңды айтып мактайсың,
Ак инектин белинде,
Ага дүрбү салган жериңде,
Катыныңа баратып,
Эч обуңду таппайсың,
Тон кийбеген немедей,
Тонуңду айтып мактайсын,
Ачуусу келип Күлчоро
Долоно саптуу чоң камчы
Толтой кармап имерип,
Томукка өлчөп жиберип,
Эр чыгары эки көз
Койго тийген бөрүдөй

Маңдайында алактап,
Эр казыгы эки бут,
Кар жиликте салактап,
Абасынан бөлүнүп,
Опол тоодой көрүнүп,
Алдыңдагы Тайбуурул
Туура тартып турганда,
Айбандын зору долкоюп,
Доңузга кимиси минсе жарашат.
Короздой болуп койкоюп,
Бут атым жерге Буурул ат,
Бутун сүйрөп жорголоп,
Бучкактап каны шорголоп,
Кесе баскан жерлери,
Кең арык болуп оюлуп,
Кошо баскан жерлери,
Кош арык болуп оюлуп,
Такымдан аккан канына,
Талаада түлкү-бөрү тоюнуп,
Колдой көр ак пайгамбар
пирим деп,
Азыретаалы шерим деп,
Жараткан ал да кудай бар,
Колдой көргүн саламат,
Кайып эриң кырк чилтең
Ушу Күлчоро сага аманат.
Жанга өлчөп минген жалгыз ат,
Жалгызым минип баратат,
Жараткан сага аманат,
Жараткан жалгыз кудайым,
Каргадай болгон жаш бала,
Алыскы жерге баратат,
Күлчоромдон айырып,
Тарттыра көрбө убайым,
Ак инектин белинен
Эңкейиште сыйырма,
Эликтей колун сайылтып,
Асабадай куйругун,
Арт жагынан тайылып,
Күнү бирдей жол жүрүп,
Түнү бирдей жол жүрүп,
Уктабай таңды атырып,
Санап жылдыз батырып,
Ашуу ашып, таш басып,
Агыны катуу суу кечип,
Он беш күнү жол кезип,
Акылды айтса пайда деп,
Арабынча окуган.
Канкордун алуучу зайбы
кайда деп,
Ат кыйналса билемби,
Ай талаада зеригип,
Бирөөнүн алуучу катынын
издеп жүрөмбү,
Астыңдагы Тайбуурул,
Ала качып аркырап,
Алакандай кашка тиш,
Маңдайында жаркырап,
Кашка тиши кабышып,
Казы болчу чарым эт,
Кый сүбөгө жабышып,
Тап этине келген эт,
Канаттуу менен жарышып,
Үстүңдөкү Күлчоро,
Тарталбай колу карышып,
Каргадай болгон куу чунак,
Чоң тизгин менен алышып,
Үйдөй-тоодой таш келсе,
Таштын баары быркырап,
Кайын эриң кырк чилтен,
Каргадай болгон чунактын,
Артынан ээрчип чуркурап,

Он экиде Күлчоро,
Минтип толгоо киргенде,
Акундун кызы Айчүрөк
Түндө түштү көрдү эми.
Эртең менен турду эми,
Аппак чоюн колго алып,
Оолжуган күз долу
Боюна даарат алды эми.
Экөө сүннөт, экөө парз
Төрт ирет багымдат
Шашпай окуп алды эми.
Байларынын кызына,
Башайындан тон берип,
Багарынан кызына
Байкасамдан тон берип,
Тондуу байпак чоң берип,
Акундун кызы Айчүрөк,
Кызды кызык толтуруп,
Түш жорутуп олтуруп,
Түндө жатып түш көрдүм,
Бек атайым иш көрдүм,
Түндөгү түштү сурасаң,
Алдындагы мингени,
Үстүндөкү мингени,
Оңкойгон мурун, чукур көз
Орустун каны мусапду
Көрбөгөн журттун султаны,
Алдындагы тулпары,
Омуртка сөөгү оркойгон
Айбандын зору дөңкөйгөн,
Тура тартып турганда,
Үргөнчтү туура бузгандай,
Он эки карыш казанды,
Үч кошкондун бөксөгө,
Көмөрүп койсо тургандай,
Ээн жерде кезиксе,
Аты-тонун баланын,
Карактап алган пенде тургандай,
Келин сындуу карыпер,
Кемпир сындуу барыңар,
Алып жүргөн төрт жоокер,
Менин түшүмдү жоруп калыңар,
Көсө куйрук көк даңгыт,
Көчөнү бүтүндөй басып жойлоду.
Жойлогону жой болду,
Издегени жоо болду,
Муну көргөн пенде жоголду.
Калаадан иттер каппады,
Кайрылып киши чаппады,
Көчөдө иттер кыңшыды,
Көргөн пенденин көөнү тынчыды,
Жанындагы жолдошу,
Капканын көзүн кан кылды,
Көчөнүн ичин чаң кылды,
Топурагы тоо болду,
Көргөн пенде жоголду.
Кара чаар кабылан,
Кайраттанып келгенде,
Кара тоо менен тең болду.
Кайра келип жатканда,
Кабакта суулар бөгөлдү,
Карап турган калайык,
Кара жандан түңүлдү.
Бул эмне болуучу,
Бу түшүмдү жоруңчу,
Илбирстей эти тартылган,
Байланды буудан мамыма,
Тартынбай жерди таптады,
Булбул куш конду торума,
Сайрабай боюм эриди,
Бу эмне болуучу,
Бу түшүмдү жоручу,

Деп ошентип Айчүрөк,
Түш жорутуп турганда,
Эмнени айтты деп,
Эмнени көрдү деп,
Кай балага салды деп,
Кыздын баары кыбырап,
Эки экиден шыбырап,
Келиндери жер карап,
Кемпирлери жер чукуп,
Жоруй албай турду эми.
Акундун кызы Калыйман,
Өңү ургачыдан бир алман,
Ойноо бала эселек,
Өрүмгө чачы жете элек,
Он экиде жашы бар,
Өрүмгө келер-келбес чачы бар,
Тура калып кеп айтат,
Эжекем көргөн сонун түш,
Кыз-келиндер чогулуп,
Жооругула – деп айтат,
Кыздын баары кыбырап,
Бу серендеген кыз бейбак,
Кай баланы айтты деп,
Келиндин баары шыбырап,
Кемпирдин баары жер чукуп,
Жооруй албай турганда,
Калыйман туруп сөз баштайт,
Кол артканың алтын ай,
Сен жоругун бир түштү,
Кошо баскан салкый ай,
Сен жоругун бул түштү,
Сандыргалуу кыздардан
Кеңештечи Кишимкан,
Сен жоругун бу түштү.
Аттуу-баштуу кыздардан,
Өмүркандын Батмакан
Өзүң жору бул түштү.
Шоруктун кызы Акылай
Шоодураган капырай,
Сен жоругун бул түштү.
Ажыбайдын Айманкан
Сен жоругун бу түштү,
Түмөнбайдын Калыйга,
Сен жоругун бул түштү.
Акылдашы Салыйкан,
Сен жоругун бул түштү.
Акылдуу эне Айша,
Сен жоругун бу түштү.
Келин башы Кермекаш,
Сен жоругун бул түштү.
Кеңештеш жеңем Кермекаш
Сен жоругун бул түштү.
Айылдаш жеңем Айымкан,
Сен жоругун бул түштү.
Катын башы Канымкан,
Сен жоругун бул түштү.
Каз элечек Кубуржан,
Сен жоругун бу түштү.
Баракчанын маңка кыз,
Баарың жору бу түштү.
Эрикчинин эрке кыз,
Спен жоругун бу түштү.
Аштыкчынын кир моюн,
Сен жоругун бу түштү.
Алда каткан бир моюн,
Сен жоручу бу түштү.
Деп ошентип Калыйман,
Түш кыдыртып турганда,
Жоруй албай турганда,
Калыйман туруп кеп айтат,
Ой эжеке Айчүрөк,
Мен жоруйун түшүңдү,

Оңдосун кудай ишиңди,
Кызыл Буурул ат минип,
Алыстан келер кишиңди,
Алдындагы мингени,
Омурка сөөгү оркойгон,
Айбандын зору болкойгон,
Аккан сууга киргенде,
Алдындагы мингени,
Үргөнчтү туура билгендей,
Он эки карыш казанды,
Үч кошкондун үстүнө,
Көмөрүп койсо тургандай,
Тайбуурулдун кайыбы мурун алуучу,
Үстүндөгү мингени,
Кан жездемдин өзү ошол,
Өзү эмес кара көзү ошол.
Көзө куйрук көк даңгыт,
Көчөнү көчөлөй басып жойлосо,
Көчөдөн адам койбосо,
Көчөдөн иттер кыңшаса,
Көргөн пенденин көөнү тынчыса,
Атасынан бабасын,
Шай колдогон жер деген,
Манастын уулу Семетей
Касиети бар деген.
Уктуңар беле укмуштан,
Келин сындуу карылар,
Кемпир сындуу баарыңар,
Манастын уулу Семетей,
Анжиян менен Таластын,
Акими сонун кан деген.
Кан жездемдин өзү ошол,
Өзү эмес кара көзү ошол,
Жанындагы жолдошу,
Капканын оозун кан кылса,
Көчөнүн ичин чаң кылса,
Топурагы тоо болсо,
Издегени жоо болсо,
Көргөн бир перде жоголсо,
Көк шалдан кылган желдиги,
Көйкаптан бери угулган,
Күлчоронун эрдиги.
Кан Күлчоро жүргөндө,
Касиеттүү жездемдин,
Душманга кетпейт теңдиги.
Өз атасын укканмын,
Чет Бээжиндин ичинде,
Алтын айдар чок белбоо,
Азиз кандын жалгызы,
Жоого тийсе сан колдой,
Аттанып чыкса акжолтой,
Карачаар кабылан кайраттанып келгенде,
Кара тоо менен тең болсо,
Кайра келе жатканда,
Кабакта суулар бүгүлсө,
Карап турган калайык,
Кара жандан түңүлсө,
Ат багары ал деген,
Жездемдин Канчоро,
Деген кулу бар,
Ал жүрөгү тайкы дегени.
Илбирстей эти тартылган,
Кызыл буудан байланса,
Ашуу ашып, таш басып,
Агыны катуу суу кечип,
Бүткөн бойго тер катып,
Буурул ат келе турганы.
Булбул куш консо тууруңа,
Сайрабай боюң эрисе,

Көчө угуп бардың көз менен.
Ала качып шумкарды,
Кайра келдиң жаз менен.
Эжеке ак шумкар турат колуңда,
Алып келген кушуңбу,
Айтып турган түшүңбү,
Түшүң бир болсун түбөлүк,
Касиеттүү кан жездем,
Бул сепилге бир келсе,
Кары казык болгончо,
Тобо токмок болгончо,
Алдына кызматын кылып
жүрөлүк.
Акундун кызы Калыйман,
Түштү жоруп болгондо,
Бүткөн бою бек эрип,
Карагы кыз-келинге кеп айтат,
Өзүмдүн синдим Калыйман,
Ак килемге салгыла,
Алмак-салмак көтөрүп,
Таманын жерге тийгизбей,
Ордого алып баргыла,
Алтындан кылган тактыга,
Букардан келген тентини,
Аюу талпак чоң күрсү,
Алып барып синдимди,
Бир шаардын үстүнө,
Кан көтөрүп алгыла.
Акундун кызы Айчүрөк,
Сакчы койгон сары кыз,
Кароолчусу кара кыз,
Салтанаттуу баары кыз,
Алты бакан салгыла,
Күлүп-ойноп калгыла,
Жол кайтарып тургула,
Жолдон адам көрүнсө,
Мен өзүмө келтирбей,
Жообун туура бергиле.
Алты бакан салышып,
Кыз-келиндин баарысы,
Селкинчек тээп калышып,
Жардай болгон Тайбуурул
Ала качып аркырап,
Алакандай кашка тиш,
Маңдайында жаркырап.
Топ этине келгени,
Туягы жерге илинбей,
Маңдайкы тоонун сеңирде,
Сууну көздөй бет алып,
Ошол кезде карасаң,
Сакчы койгон сары кыз,
Салпайып уктап калыптыр.
Кароолчусу кара кыз
Калдайып уктап калыптыр.
Тикенектей сары кыз,
Типтик сийген кара кыз,
Өйүзгү тоонун сеңирден
Баланы көрүп алыптыр.
Жүгүрүп  барат дакылдап,
Согончогун карасаң,
Шордуунун май куйрукка
такылдап,
Сүйүнчү эже, сүйүнчү,
Тон өтүктү кийинчи,
Тилекти кудай берди деп,
Касиеттүү кан жездем,
Маңдай жакка келди – деп,
Анда Айчүрөк муну айтат,
Кесек бейбак кантесиң,
Баласын көрсөң минтесиң,
Баатырын көрсөң минтесиң,
Чоңун көрсөң кантесиң,

Касиеттүү кан жездең,
Ойноп жүргөн бала эмес,
Касиетин кетирип,
Өз алдынча оолугуп,
Чаап келчү жан эмес.
Кыраанга чыгып барайын,
Ким экенин билейин.
Бурула басып түрлөнүп,
Бураган арган өңдөнүп,
Желбегей басып сүйлөнүп,
Жеңи жерге сүйрөлүп,
Күкүк үндүү кара бет,
Күүлөгөн арган өңдөнүп.
Кыраан чыгып келди эми,
Өйүздөгү баланы,
Астыртан сынап турду эми.
Каранын көрүп баланын,
Алдындагы мингени,
Чыңаган кызыл колодой,
Үстүндөгү куу чунак,
Сырдаган кызыл колодой,
Маңдайы күйгөн чок экен.
Жумуру баштуу пендеден,
Эрдиги мындай жок экен.
Аты чоро болбосо,
Атигүн чоролугу болбосо,
Жан кемитер бала эмес,
Тийип алчу эр экен.
Алыстан келген берекет,
Жүрөгүн сынап алайын,
Күндү жайлап салайык,
Агыны катуу чоң дайра
Агып жаткан Үргөнчтү
Чоң киргизип салайын.
Акундун кызы Айчүрөк,
Айчүрөк кебин алды ошол,
Ак жибек торго салды ошол,
Күндү жайлап алды ошол,
Кара ташка дуба уруп,
Бир чөйчөктөй кара суу,
Кур дедире куйду ошол.
Акундун кызы Айчүрөк,
Бокоюп тутам түшүрүп,
Жаканын баары жамгырлап,
Бөксөнүн баары мөндүрлөп,
Тура суулар жошулуп,
Агыны катуу чоң дайра,
Кирип жаткан Үргөнчко,
Түш түшүнөн кошулуп,
Муздун баары бузулуп,
Сары кардын баарысы,
Чалмаланып жуурулуп,
Ал да кирди куюлуп,
Күнү-түнү күн төгүп,
Эртең менен болгондо,
Ачып койду күн согуп,
Жаныбарым чоң Үргөнч
Аябай кирип алыптыр,
Алекти жаман салыптыр.
Тоого тийсе дүп деди,
Тоо туруштук бере албай,
Тоо жыгылып дүк деди.
Жаныбарым чоң Үргөнч,
Жерге тийди дүп деди.
Жер туруштук бере албай,
Жер жыгылды дүк деди.
Жерге тийди урунуп,
Жердин боорун карасаң,
Үйдөй болгон чоң калта,
Үрпү түштү күп деди.
Жаш балаты карагай,
Түбү менен суурулуп,

Жерге тийди урунуп.
Жер боорунда карагай
Тамыры менен суурулуп.
Аны көргөн адамзат,
Заманасы куурулуп,
Жаныбарым Үргөнчтүн,
Үстүнөн үйдөй көбүк шалдырап,
Түбүнөн чоң үйдөй таштар калдырап,
Аны көргөн адамдар,
Карап турат жалдырап.
Тегеренип оң агып,
Деңизден канча чоң агып,
Имерилип оң агып,
Иледен канча чоң агып,
Талаанын баары жылдыздап,
Катуу кирип куугандап,
Суунун чети ылайлап,
Көргөн пенде кудайлап,
Талдын башы былкылдап,
Уятынан үргөн былкылдап,
Жердин башы кылкылдап,
Тоорулушун карасаң
Томуктай болгон арал жок,
Тозок урган Үргөнчтүн
Чоңдугунда карап жок,
Тегерегин карасаң,
Теңгедей болгон арал жок.
Өйүзүн байкап карасаң
Агып келген агынды,
Эмикереги бою жыйылып,
Жаткан экен чоң Үргөнч.
Кербенчи жолу жыйылып,
Бадалдын баары жыйылып,
Жаткан экен чоң Үргөнч,
Базарчы жолу жыйылып,
Өйүздөгү көбүкө,
Аркан салса бойлобой,
Жаткан экен чоң Үргөнч.
Адырдуу түлкү жойлобой,
Бүйүздөкү көбүкө,
Чылбыр салса бойлобой,
Жаткан экен чоң Үргөнч.
Чылбырдуу түлкү жойлобой,
Аны көргөн адамзат
Кечемин деп ойлобой,
Каргадай болгон жинди кул,
Он экиде Күлчоро,
Алдындакы Тайбуурул,
Алакачып аркырап,
Төрт туягы шалкылдап,
Агыны катуу чоң дайра,
Кирип жаткан Үргөнчкө,
Ала качып союлгур,
Кирип келди жакындап.
Ээсин тарткан союлгур,
Эликмесин карматып,
Ала качып алабы,
Алып барып дайрага
Өзүмдү ушу бойдон салабы,
Арам өлүп кылабы,
Аргын менен Ногойдун,
Аягына чыгабы,
Деп ошентип Күлчоро,
Бугулардын терисин,
Буурул таккан ак тизгин,
Карыга ороп алды эми,
Боорго басып калды эми.
Ак каңкынын башына,
Бүт атым жерге сүрдүгүп,
Каргадай болгон баланын,
Алакачып барды эми.

Адамдан эстүү Тайбуурул
Сууга кирип барганда,
Туура тарттың зоңкоюп,
Тура калды койкоюп,
Агыны катуу дайраны,
Кыргоол жүндүү, кыз үндүү
Кубулжуган кыз үндү
Карап турат койкоюп,
Бутумду кантип чечем деп,
Ат жайдактап мен чунак,
Аккан суу кантип кечем деп,
Ат жайлактап суу кечсем,
Өйүздөгү канчыкка
Барганда шылдың болор
бекем деп,
Маңдайында барча кыз
Арка чагы кумайдай,
Адырга бөлгөн субайдай,
Басып жүрөт жер жайнап,
Ак көбүккө кол чайпап.
Бирин бири куушуп,
Көбүккө колду жуушуп,
Кыз эриктей шырактап,
Өйүзүндө кыз калып,
Шылдың кылып чорону
Ойноп турат сырактап.
Эрдемсиген неме экен,
Бизди көүп кызыгып,
Аккан сууга кирер деп,
Ажал аккан суудан болор деп,
Артында куугунчусу бар болсо,
Кунун бизден алат деп,
Бизди олжо катын кылат деп,
Алаканды чабышып,
Этек, жеңди кагышып,
Ойноп турган кыздарды,
Өйүздөн берен көргөндө,
Баатыр чоро турабы,
Баланын ишин кылабы,
Как сүлөөсүн, кундуз барк
Көзгө баса кийинип,
Өйүздө кызды көргөндө
Жоо көргөндөй сүйүнүп,
Өдөтөн кечүү карабай
Өлөмүн деп санабай,
Кыдырып кечүү карабай,
Кылча жанды аябай,
Ушу жерден кайра тартамбы,
Жолдон кайтып келдим деп,
Кайкыдагы канкорго,
Барып сырым айтамбы,
Туулганым өлүм ак,
Өлбөгөн шайтан эмеспи.
Өз намысым талашып,
Агып өлсөм дайрадан,
Байдылдалуу меккеде,
Барганда даяр алтын так,
Деп ошентип Күлчоро,
Долоно саптуу чоң камчы,
Толгой кармап имерип,
Тоодой болгон Бууданды,
Томукка тартып жиберип,
Жардын башын уратып,
Казандай ташты кулатып,
Каргадай болгон жинди кул,
Сууга кирди чуратып.
Түшкөн жерден союлгур,
Аягы менен тик түшүп,
Туягы тийген таштарга,
Туура-туура жик түшүп,
Көргөн жерде жоголуп,
Суруууга түшүп оңолуп,

Тоодой болгон Бууданды
Көйдөй кылып жашырып,
Үйдөй болгон чоң көбүк,
Кең сооруна ашырып,
Тура тартып оңдонуп,
Аккан суунун ичинде,
Тоногон нардай комдонуп,
Кулактары эрбеңдеп,
Жел куйругу сербеңдеп,
Үстүндөкү Күлчоро
Багалек ссуга малынып,
Ак келтени бир атып,
Добулбасты койгулап,
Чууну чууга ургузуп
Сурнай кулак туңгузуп,
Пайгамбарлап бакырып,
Он экиде Күлчоро,
Аккан суунун ичинде,
Манастап ураан чакырып,
Баланын ачуу үнү чыкканда,
Ак кула минген бир киши,
Артынан удаа киргени,
Чылбырын колго алганы,
Үзөңгү боого салганы.
Ак каңкынын башына,
Бекем ороп алганы.
Чукул сүрөп калганы,
Сарала сындуу ат минген,
Сары илепке тон кийген,
Сары жаргак шым кийген,
Сары илепке тон кийген,
Кылычын кыя байланган,
Кара болот найза алган,
Арт жагынан анысы,
Кошо кирип алды эле,
Ссуга кирген баланы,
Кошо сүрөп алды эле,
Как сүлөөсүн кундуз барп,
Көзгө баса кийинген,
Көгала сындуу ат минген,
Көк ырапыс тон кийген,
Как Добулбас койгулап,
Узун бойлуу бир киши,
Көтүнөн удаа ал кирди.
Эрдин кесе чайнаган,
Өрттөй көзү жайнаган,
Шакардай ичи кайнаган,
Суурган кылыч катпаган.
Кызыл чийкил жаш бала,
Как чолок атты жулунтуп,
Көтүнөн удаа кирди эми,
Экөө сүрөп жүрдү эми.
Ал аңгыча болбоду,
Аксай баскан Сур Коён,
Ак каңкынын башына,
Ойноктоп конуп алды эми,
Алты кулач ак жылан,
Белине бек оролуп алды эми.
Эки эркек жаш бала,
Баланын мойнун кучактап,
Эркелеп ойноп калды эми.
Каса куйруп көк даңгкыт,
Көтүнөн ээрчип алды эми.
Кара чаар кабылан,
Жандап ээрчип алды эми.
Алп кара куш зымырап,
Агып кетсе дайрадан,
Алып кетчү немедей,
Чеңгелин салып арбайып,
Ссуда жүргөн баланын,
Үстүнө түшүп келди айланып.
Ошолорду көргөндө,

Турчу кыз-келиндин эрки эмес.
Кыз-келиндер чуркурап,
Айчүрөктүн алдына,
Кайра барды чыркырап.
Айланайын эжеке,
Жолоочу келген баланын,
Жолуна туура барбайбыз,
Айланайын эжеке,
Олжо катын болбойбуз,
Деп ошентип кыз-келин,
Чуркурап ыйлап турду эми.
Анда Чүрөк муну айтат,
Жолоочу келген жаш бала,
Каарына алганда
Кан ичмесин кармаса,
Төмөнкү Акундун шаарын
сел алат,
Олжого бала кызыкса,
Силер турган мени алат.
Кесек бейбак силерди,
Олжолоп барып не кылат,
Арам бейбак жөн отур,
Акыл ойлоп кеп толтур.
Деп ошентип Айчүрөк,
Кыз-келинди кекетип,
Муну айтып турганда,
Кыз баштыгы кызыл кыз,
Айланайын эжеке,
Суугa кирсе бир киши,
Бир киши эмес, миң киши,
Суугa кирген жаш бала
Пайгамбарлап бакырса,
Манастап ураан чакырса,
Кара жал сур ат минген,
Үзөңгү боого салды эле.
Бул этине болуучу,
Муну билсең айтып бер,
Укканга жомок болбойбу,
Катын болуп калк бузбай,
Бирөөнүң шумкарын
алсаңкатып бер.
Сарала сындуу ат минген
Сары илепис тон кийген
Кылычын кыя байланган,
Бу да сурап алды эле,
Кагылайын эжеке,
Муну билсең айтып бер.
Көк ала сындуу ат минген,
Көк илепис тон кийген.
Көк Добулбас койгулап,
Көтүнөн удаа кирди эле,
Бул эмине болуучу,
Муну билсең айтып бер,
Эрдин кесе чайнаган,
Өрттөй көзү жайнаган,
Дагы бирөө сурады
Муну билсең айтып бер,
Бирөөнүн шумкарын алсаң,
Кайтып бер.
Анда Чүрөк муну айтат,
Адам билбес шумду айтат,
Кара сур ат минген
Калкайыңкы бир киши,
Арстан Манас өзүдүр.
Баатырдын кара көзүдүр,
Жалгызын сурап жүргөндүр.
Сарала сындуу ат минген,
Сары ырапыс тон кийген,
Кан Алманбет өзүдүр,
Өзү эмес кара көзүдүр.
Энекем уулду баккан урматтап,
Уулдан кана убай көрөрдө,

Энекем, кетип бир калды ырактап,
Энекем, кызды баккан кымбаттап,
Энекем, кыздын бир урматын
көрөрдө,
Энекем, кетип бир калды ырактап,
Энекем кетти бекен бейишке,
Энекем артымда балдар
калды деп,
Энекем калды бекен кейиште
Көк ала сындуу ат минген,
Көк илепис тон кийген.
Узун моюн бир киши,
Көтүнөн удаа ал кирсе,
Анжияндын алдында,
Амангелдин үстүндө,
Эрдикти бийик көрсөткөн.
Эр Чубак колдоп турганы,
Кар калпак кыргагы,
Кан Манастын Сыргагы,
Адамзаттын чыйрагы,
Инисин колдоп турганы,
Ак каңкынын үстүнө,
Сур Коён конуп алганы,
Алтымыш кулач ак жылан,
Баланы курчап алганы,
Кара сурдун сулуусу,
Каныкей колдоп жүргөнү.
Көсө даңгыт көк жору,
Көтүнөн удаа ал кирсе,
Кара чаар кыбылан,
Жандап алса баланы,
Кан Чубактын бири ошол.
Алп кара куш айланып,
Чеңгелин салып турганы,
Акырет кеткен Манастын,
Арбагы колдоп жүргөнү.
Деп ошентип Айчүрөк,
Кыз-келинди кекетти.
Баланын жүрө турган жерине,
Килем төшөп жайышып,
Түшө турган жерине,
Аюу талпак салышып,
Барга кыздын баарысы,
Жарданып тосуп турду эми.
Он экиде Күлчоро,
Аккан суунун ичинде,
Буудандын оозун бурду ошол.
Капталыга келген карагай,
Сыр найза менен урду ошол.
Карагайлар быркырап,
Ак көбүккө аралаш,
Асманга чыкты чыркырап,
Кайып эрен кырк чилтен
Сууда жүргөн баланы,
Тегеректеп чуркурап,
Он экиде Күлчоро
Куйкасы кетип курушуп,
Айбан суу менен урушуп,
Тегеренип оң агып,
Деңизден канга чоң агып,
Имерилип оң агып,
Иледен канга чоң агып,
Талаанын баары жылдыздап,
Көтүң кирип изгундап,
Тозоктой болгон чоң Үргөнч.
Канакей агызып кетчи көрөйүн,
Ажалым жетсе өлөйүн,
Жардай болгон бууданды,
Колтука ныкып койду эле,
Кулактары эрбеңдеп,
Жал куйругу сербеңдеп,
Астыңдагы Тайбуурул,

Аркы өйүзүнө дайранын,
Жетип барды жакындап.
Жардын башын уратып,
Жардай болгон тулпар менен,
Каргадай болгон жинди кул,
Суудан чыкты чуратып,
Астыңдагы Тайбуурул,
Агыны катуу дайрага,
Ашык жүрүп калыптыр,
Бээ чыйрыгып калыптыр.
Кабыргасы тыртыңдап,
Тайган иттей кыржыңдап,
Суудан чыкты бүрүштөп,
Жолго чыкты жүрүштөп.
Койгон экен зан талаак,
Алдындагы тулпардын,
Төрт аягын күмүштөп,
Жүрөгүн союп колоктоп,
Койгон экен дан талак,
Алыскы жолго барат деп,
Кантсе Толтойдун элин чабам деп,
Төрт аягын болоттоп,
Жардай болгон Тайбуурул,
Суудан чыкты кылтылдап.
Төрт аяктап чыккан ат,
Жакут таштай жылтылдап,
Булгаары тердик, сом желдик,
Бурчунан суусу чыгып
чылпылдап,
Каргадай болгон беренин,
Колондагы чоң камчы,
Бүктөй кармап алды ошол.
Каныкейдин калдагай,
Багелеке бир салып,
Айры белес акыска,
Алакандай жакыска,
Он экиде Күлчоро,
Салып чыгып барды эми.
Алды жагын караса,
Баланын жүрө турган жерине,
Килем шайы жайылган,
Аюу талпак салынган.
Кыз-келиндин баарысы,
Каргадай болгон чунакты,
Жарданып тосуп калышып,
Как ошону көргөндө,
Баатыр чоро турабы,
Баланын ишин кылабы,
Ачуусу келип күүлөнүп,
Айчүрөккө сүйлөнүп,
Куйкасы кетип курушуп,
Айчүрөк менен урушуп,
Жибек десем, жүн белем,
Жинди чалыш күң белем.
Келбей жатып алды деп,
Долоно саптуу чоң камчы,
Толтой кармап имерип,
Тоодой болгон бууданды,
Томукка тартып жиберип,
Килем жайы ойдуруп,
Өтүп кетти Күлчоро.
Кырката турган кыз-келин,
Барын көмө койдуруп,
Буурул атын айдатып,
Он экиде Күлчоро,
Шуру менен берметти,
Кара жолго жайнатып,
Күлчоро өтүп кеткенде,
Кыз шапаасы кызыл кыз,
Жыгылып кетип кырданып,
Көбө койдой сурданып,
Чыйрак минген нактардын,

Бул эмине дегени,
Минтип боктоп калдыбы,
Деп ошентип кызыл кыз,
Олондой чачып имерип,
Оң колтукка жиберип,
Эжекеме жеткизбей,
Жолдон кармап алайын,
Алтымыш байтал айдатып,
Анжияндын оозунан,
Ардактап алган жай болот.
Эт жүрөккө салайын,
Канкордун бөдө өлүм кылайын.
Астыңдагы Тайбуурул,
Атын кармап алайын.
Чынкожо, Толтой жездеме,
Тартуу кылып барайын,
Чүрөктүн таңуусун бөлөк
алайын.
Деп ошентип кызыл кыз,
Ал аңгыча болбоду,
Баатыр чоро турабы,
Баланын ишин кылабы,
Буурулду минип желери,
Акундун кызы Чүрөктүн,
Көтөртүп алган чоң ордо,
Айтышмакка Күлчоро,
Асылың чыгып келгенде,
Бу кордукту көргөндө,
Акундун кызы Айчүрөк,
Бурала басып түрлөнүп,
Бураган арган үндөнүп,
Телбегей басып түрлөнүп,
Жеңи жерге сүйрөлүп,
Күкүк үндүү кара бет,
Күүлөгөн арган үндөнүп,
Басып келип чорого,
Чүрөк туруп муну айтат,
Сен эшиги жок төрдө өскөн,
Ээн кара чөлдө өскөн,
Какыраган сайда өскөн,
Пайдасы жок кайда өскөн,
Бекер бир айтар жөн эмес,
Алдыңдагы тулпарды,
Кулдар минчү мал эмес.
Алдыңда Буурул атың кимдики,
Үстүңдөгү олпос тон кимдики,
Суудан коркуп ат берип,
Кайкыда келген сартың ким,
Эки тиштүү текедей,
Элеңдеген сен кимсиң,
Эркек кара каргадай,
Сереңдеген сен кимсиң,
Мурунтуксуз букадай,
Буйдалбаган сен кимсиң,
Мынча кызды көргөндө,
Уялбаган сен кимсиң,
Деп ошентип турганда,
Анда бала муну айтат,
Куйрук таман эски күң,
Туйруңдаган кески күң,
Жолоочу жолун тоскон күң,
Жолго казан аскан күң,
Атасынын төрүнө,
Көп отуруп зок болгон,
Жолдо олтурган жолчу күң,
Мен жолоочумун жол сурайм,
Кербенчимин нарк сурайм,
Жолдо олтурган жолчу күң,
Жолуңдун жайын айтып бер,
Шумкарды алсаң кайтып бер.
Жоготконум ак шумкар,
Жолуна түшкөн абакем,

Издегеним ак шумкар,
Изине түшкөн абакем.
Жолдо отурган жолчу күң,
Тогуз жолдун тоому экен,
Отуз жолдун оозу экен,
Чаркананын өзү экен,
Пери ойногон жери экен.
Алты айрылган кара жол,
Жети айрылган кара жер,
Кашкайып жаткан кара жок,
Араба гана көп жүрүп,
Аңгыраган кара жол.
Жолдун жайын айтып бер,
Дүмпөйгөн багың кимдики,
Калдайган айылың кимдики,
Түнөргөн шаарың кимдики,
Жериңдин жайын айтып бер,
Шумкарды алсаң кайтп бер,
Деп ошентип айтканда,
Анда Чүрөк муну айтат,
Эми кары десең кары де,
Кары дебе Чүрөктү,
Эски десең эски де,
Кески дебе Чүрөктү,
Кудай берген тилекти.
Ал айтканың дагы чын,
Мен жолдо олтурган жолчумун,
Жолуңдун жайын айтайын.
Алты айрылган кара жол,
Анжияндын жолу ошол,
Жети айрылган кара жол,
Жет кайыптын жолу ошол.
Кашкайып жаткан кашка жол,
Кашкарга барчу жол ошол.
Өдө кеткен берен жол,
Барган киши көп болгон,
Келген киши жок болгон,
Бээжиндин жолу ошол.
Ат башынын чаш дөбө,
Майлыктай болгон тоо ошол.
Сенин атаң зор Манас,
Майланып келген жер ошол.
Араба гана көп жүрүп,
Аңгыраган кара жол,
Меккеге барчу жол ошол.
Дүмпөйгөн багым сурасаң,
Түмөнбайдын айлы ошол.
Калдайган айылым сурасаң,
Кан Ажыбай айылы ошол.
Түнөргөн шаарым сурасаң,
Түндө эшикке чыкпаган,
Үкүнүн үнүн укпаган,
Пейли бузук жүрбөгөн,
Бейдаарат адам кирбеген,
Зор Акундун шаары ошол,
Акун кандын айылы ошол,
Билсең кепил дайны ошол.
Деп ошентип Айчүрөк,
Сен мени жеңе дейсиң жел дейсиң,
Кайдан келген эл дейсиң,
Аркы атаңды катпай айт,
Берки атаңды сатпай айт,
Түбү жайың туруп айт,
Түп атаңдын баарын айт,
Теги жайың терип айт,
Тек атаңдын баарын айт,
Анда Күлчоро ачуу келип
күүлөнүп,
Айчүрөккө сүйлөнүп,
Ойноп жаткан ордо кыз,
Оюн башы кара кыз,
Жыйналып жаткан жыйма кыз,

Жыйын башы кара кыз,
Жибек десем жүнсүңбү,
Сен капыр жиндиге чалыш
күңсүңбү,
Сенин алган кишинин,
Этеги сени менен толобу,
Сени алса абамдын,
Эски иши эки болобу,
Акундун кызы Айчүрөк,
Нарк сурачуу сен эмес,
Нарксыз киши мен эмес,
Жон сурачуу сен эмес,
Жонсуз киши мен эмес.
Элигим жүргөн жаш бала,
Атасыз киши дейсиңби,
Атамдан кайгы жейсиңби,
Ата таап берем дейсиңби,
Элигим жүргөн жаш бала,
Элсиз киши дейсиңби,
Элимден кайгы жейсиңби,
Жерсиз киши дейсиңби,
Жеримден кайгы жейсиңби,
Жети суу деген жериңден
Жер бөлүп берем дейсиңби,
Этекти кессе жең болбойт,
Акундун кызы Айчүрөк,
Акыркы кишинин терп тер
болбойт.
Жедигер деген элиңен,
Эл бөлүп берем дейсиңби,
Кишинин эли эл болбойт,
Этекти кессе жең болбойт.
Акундун кызы Айчүрөк,
Аркы атам сурасаң,
Бөйөн-бөйөн кан,
Бөйөн кандан Чаян кан,
Чаян кандан Кара кан,
Кара кандан тараган.
Ногой, Шыгай эки кан,
Ногой кандын өзүнөн,
Улак, Жакып эгиз кан,
Телегейи тегиз кан.
Жакып кандын өзүнөн,
Тиштегени ок болгон,
Тиктегени жоо болгон,
Аркы атабыз Манас кан,
Копшогону ок болгон,
Кулаткан жоосу жок болгон.
Керилип аккан кең сайда,
Керней тартып жез найдан,
Аркы атабыз Манаска,
Кеңеш келген ар кайдан.
Пайгамбар сыпат башынан,
Бата тийген жашынан,
Сурнай тийген жез найдан.
Аркы атабыз Манаска,
Сурап келген ар кайдан.
Кармашканы эр болгон,
Кара кулак шер болгон,
Жердеген жери кең Талас.
Аркы атамды сурасаң,
Жоо бөрүсү эр Манас
Өз атамды сурасаң,
Карадан туулуп ак болгон,
Кайберен жок болгон.
Бээжинден качкан дин үчүн,
Меккеде султан пир үчүн,
Калмактан качкан дин үчүн,
Калыйпа султан пир үчүн.
Чет Бээжиндин ичинде,
Алтын айдар чок белбоо,
Азиз кандын жалгызы,

Өз атамды сурасаң,
Алманбет деген шер ошол.
Жоого тийсе сан колдой,
Аттанып чыкса ак жолтой.
Алманбет кандын жалгызы,
Он экиде жашым бар,
Кан Күлчоро атым бар,
Ойротту бузар күчүм бар.
Акундун кызы Айчүрөк,
Оймолуу жака он килем,
Бүтүн ногойдун жайын мен билем.
Кыймалуу жака кырк килем,
Кыргыздын жайын мен билем.
Кара калпак боз чепкен,
Балдары мырза биздин эл,
Кийгени кызыл ай чаба,
Кыздары сулуу биздин эл.
Келеңкер чачпап кең соору,
Келини сулуу биздин эл.
Кар эгинден күрүч көп,
Калайынан күмүш көп,
Алтынынан зери көп,
Айдарынан ары көп,
Казына жыйган мүлкү көп,
Ит аягы миз болгон,
Сен өңдүү күңдөр кийгени,
Кызыл түлкү киш болгон.
Байлыгы мынча биздин эл,
Акундун кызы Айчүрөк,
Эч обуңду таппайсың,
Чынкожо кулду мактайсың,
Кайкыдан тосом көчүңдү,
Абакем эмес мен өзүм,
Бет алышып келишсе,
Чынкожо, Толтой көтүбү,
Чынкожо деген эшениңдин,
Кан Толтой деген эриңдин,
Кең Ополдун оюнан,
Аккан суунун боюнан,
Чат жайлоонун чатынан,
Атын тийип албасам,
Алекти жаман салбасам,
Куугунчу келген ээсин,
Чыгара муштап мээсин,
Калкына кыргын салбасам,
Деп ушинтип чоронун,
Бетинен беш байпактык түк чыгып,
Кан ичмесин карматып,
Оозунан көк түтүнү буркурап,
Көзүнөн көк жалын күйүп шыркырап,
Кармаган жерден сыр найза,
Сабынан тараша чыгып былчырап.
Как ушинтип Күлчоро,
Чын ачуусу келгенде,
Жаман айтып салдым деп,
Жарыгым баланын көөнү калды деп,
Бекер айтып салдым деп,
Береним төрөмүн көөнү калды деп,
Жалын кылып Айчүрөк,
Ачуусу менен куу чунак,
Улуу жолго салабы,
Кең Ополдун оюнан,
Аккан суунун боюнан,
Ат жайлоонун чатынан,
Жедигердин калың кол,
Колго кирип барабы,

Атын тийип алабы,
Чуулганды салабы,
Деп ушинтип Айчүрөк,
Жардай болгон бууданды,
Суулуктан кармай алды эми.
Ээ кагылайын кайникем,
Сак саламат келдиңби,
Санааңа бизди алдыңбы,
Айланайын уулуке,
Эсен аман келдиңби,
Эсиңе бизди алдыңбы,
Деп ушинтип Айчүрөк,
Каргадай болгон баланы,
Көтөрүп аттан алам деп,
Оң бетинен бир өптү.
Баатыр чоро турабы,
Баланын ишин кылабы,
Коросондой ак колу менен,
Бейбактын ийнин таянып,
Тегереги тең куйма,
Темир таман үзөңгү,
Теректей болгон буурулдан,
Каргадай болгон куу чунак,
Теппей чуркап түштү эми.
Күлчоро аттан түшкөндө,
Акундун кызы Айчүрөк,
Өзүмдүн сиңдим Калыйман,
Калыйман деп кыйкырып,
Бери келчи деп чакырып,
Тилекти кудай берди деп,
Ат байлайлы мамыга,
Чүрөктүн үнү чыкканда,
Ордодо жаткан Калыйман,
Ойноо бала түгөнгүр,
Ошондо чуркап барды эле.
Ошондо Чүрөк муну айтат,
Атасынан бабасы,
Шай колдогон жан деген,
Атасынан бабасы,
Ачкыл жандуу жан деген.
Каткаксып суусап келгендир,
Алыстан келген уулга,
Үспөй арак бер деген.
Төмөнкү кепил шаарынан,
Алтымыш көөкөр аракты,
Күчтүүсүн тандап алдырган.
Күчү кайтып калат деп,
Күчала турат салдырган.
Алтын ооз аркытка,
Жибектей боону чалдырган.
Ойноо бала Калыйман,
Күлчорону эрчитип,
Чоң ордого барды эле,
Ажыбайдын Ак мончок,
Эшикти ача берди эле,
Чоң ордого киргенде,
Баатыр чоро турабы,
Баланын ишин кылабы,
Алтындан кылган тактага,
Букардан келген тинтиге,
Аюу талпак чоң күрсү,
Он экиде Күлчоро көчүгүн,
Жаңсай коюп олтурду.
Алтын ооз аркытты,
Алып келип Калыйман,
Алтын чөйчөк колго алып,
Арактын куюп алды эле,
Кош колдоп сунуп барды эле.
Алтын чөйчөк четине,
Бей эмчектей ак колду,
Бармагын баса кармап койду эле.
Тырмагынын түбүнөн,

Шурудай кара кан чыгып,
Эт ачынып Калыйман,
Колун силкип алды эле.
Ышкылуу өскөн түгөнгүр,
Он экиде Күлчоро,
Акундун кызы Калыйман.
Шылдың кылып калды эле.
Кандын кызы Калыйман,
Эшиги жок төрдө өскөн,
Ээн кара чөлдө өскөн,
Киши кийик сен эмес.
Атуучу мерген мен эмес,
Кишиден качпай Калыйман,
Бери келчи жаныма.
Деп ошентип Күлчоро,
Шылдың кылып турду эле,
Акундун кызы Айчүрөк,
Алтындан кылган чоң түркүк,
Жардай болгон бууданды,
Аса байлап алды эми.
Барга кыз-келиндин өзүнө,
Аптама чөгүн бир бирден,
Наказ берип салды эми.
Тунук суудан алдырып,
Кыргы менен кырдырып,
Кирген суу кечкен буудандын,
Жүнү ылайлап калды эми.
Бу төрөмдүн буудапы,
Жаман болуп калды деп,
Тайбуурулду жуудуруп,
Чыбыкка жолук байлатып,
Жайдын күнкү чилдеде,
Жонуна чымын конот деп,
Ат кагынып алат деп,
Бу төрөмдүн бууданы,
Жоор болуп калат деп,
Жонуна чымчык кондурбай,
Чыпылдатып айдатып,
Салтанат аттуу куу долу,
Бууданды багып турду эми.

## СЕМЕТЕЙ ҮРГӨНЧТҮ КӨЗДӨЙ ЖӨНӨГӨНҮ

Манастын уулу Семетей,
Белестен дүрбү салды ошол,
Бейлеп көрүп алды ошол,
Жанындагы жаш балдар,
Көрдүңбү, Акундун кызы долунун,
Көрдүңбү кылып турган кызматын,
Өзүм минген бууданды,
Ардактап багып тургамын,
Кыргы менен кырдырып,
Сүргү менен сүрдүрүп,
Тайбуурулду жуудуруп,
Чыбыкка жолук байлатып,
Жонуна чымчык кондурбай,
Чыпылдатып айдатып.
Айланайын жаш балдар,
Көрдүңбү Акундун кызы долунун,
Кылып турган кызматын,
Жан пенденин өзүнөн,
Болбойтко эркекке,
Бул өңдөгөн урматы.
Артын карап айкырып,
Ат кайтарган Канчоро,
Аттарды бат айда деп чакырып,

Кара пилди жетелеп,
Он төрт атты кубалап,
Жетип келди Канчоро.
Он төрт аттын ичинен,
Тулпарга чалыш союлгур,
Тайторуну карматып,
Кыргы менен кырдырып,
Сүргү менен сүрдүрүп,
Тайторуну токунуп,
Келбей жатып алат деп,
Кечүүнү качан чалат деп,
Минтип жүрсө жалгызды,
Бир балага салат деп,
Кара пилди коштотуп,
Ак инектин белинен,
Аттын баарын айдатып,
Кең Үргөнчтү көздөтө,
Айдап кирди шатектеп.
Айдаган он төрт күлүктү,
Күнү-түнү кубалап,
Кирип келди кайран шер.
Маңдай жакы кашатка,
Кадимки Тайбуурул кирген кашатка,
Аккан сууга келгенде,
Ат айдаган Канчоро,
Айланайын аба деп,
Кеп айтайын сага деп,
Кулагың салгын мага деп,
Баргыл, баргыл деп жүрүп,
Абаке, барып өлүп жүрбөйлү,
Бир Айчүрөк кары деп,
Тукумсуз болуп жүрбөйлү.
Ушинтип аккан дайраны,
Кечкен киши оңобу,
Өйүзкү Акундун кызы долуну,
Алган киши оңобу,
Ушинтип аккан дайраны,
Кечкен киши абаке,
Ажалы аккан суудан жетпейби,
Өзүңүз минген тулпар менен,
Маңдайдакы кулуңуз,
Аттанып өтүп кеткенби,
Айланайын абаке,
Жүр кетели деп айтат.
Ошо сөздү укканда,
Эр Семетей кайран шер,
Касиеттүү балбан эр,
Ачуусу келип күүлөнүп,
Канчоро кулга сүйлөнүп,
Атага наалат эки акмак,
Чалгынды бирге чалыштык
Чампадан жылкы алыштык,
Кайсы жерде көңүл калыштык,
Куугунду бирге кууштук,
Кайсы жерде курсак согуштук,
Экөөңдүн көңүлүң өсүп жүрсүн деп,
Жалгыздыктын айынан
Жаныма жалуу болор деп,
Белиме таңуу болор деп,
Көчкөндө тулпар мингиздим.
Жоонун кийми мобу деп,
Күлөсөң бойлуу сары шым,
Жоонун кийми мобу деп,
Ок өтпөгөн сары шым
Бутуман чечип кийгиздим.
Уядан жалгыз абам деп,
Сен экөөң каерде пайдаң тийгиздиң,
Жүрөгүң майлуу болсун деп,
Аркардын тилин жегиздим.

Мен өңдөгөн жалгызга
Сен экөөң кай жерде пайдаң
тийгиздиң,
Кечээ асылым атам өлгөндө
Абыке, Көбөш эки агам,
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Жетимдик башка келгенде.
Тентип кетип Букарга
Букарда жүрүп чоңоюп,
Экөөңдү тууган деп кайра
келгенде,
Абыке менен Көбөшкө
Козучу, койчу бир болуп,
Таласта тентип жүргөндө,
Көйнөк түшпөй мойнуңа,
Жугунду тийбей колуңа,
Таласта тентип жүргөндө,
Тигини Таластан таап алганда,
Эми асылдан калган керээз деп,
Өзүңдү Анжияндын астынан,
Амангелдин үстүнөн
Он саргоро нойгуттан
Оодарып издеп таба албай
Камбар бир өлүп калыптыр.
Карантүн түшүп башыңа,
Анжияндын шаарына
Көчөгө тентип барыпсың.
Көйнөк түшпөй мойнуңа
Картошка тийбей колуңа,
Киши кийик сен болуп,
Көчөдө тентип жүргөндө,
Өзүңдү көчөдөн таап алганда,
Асылдан калган керез деп,
Жаныма жалуу болор деп,
Белиме таңуу болор деп,
Сүйүнгөн бойдон мен чунак
Кокустан муздап өлүп калат деп,
Тумакка салып байланып,
Сапардын тоосун айланып,
Арыктыгың жетишип,
Ачкалыктын айынан.
Сен карышып калганда,
Бээмин казысын мен чайнап,
Тилим менен эмизип,
Каткасып суусап калды деп,
Талаадан ак кайып кармап
жагызып,
Аркардын сүтүн оозуңан,
Булактай кылып агызып,
Минтип баккан акмактар.
Кайсы жерде мага пайда кылдың,
Ак телки менен сур телки
Экөөңдү эки эле буудан
күчү урат.
Кыярлык кылсаң сен экөөң,
Эмчек сүтүн бербесең
Элик сүтү берди эле,
Энекем Каныкей гана сүтү урат.
Суу боюнда жалбыздык,
Туубаган иттин түбү чий,
Курасын уядан бөлөк жалгыздык.
Жараткан ал да кудай иииий
Деп ушинтип Семетей
Ачуусу келип айкырып,
Алдындагы Канчоро
Чоң камчы алып качырып,
Жүрөгү тайкы Канчоро
Желмаяны жетелеп,
Агымы катуу дайрага
Агып аткан Үргөнчкө
Качып кирди энтелеп,
Артын карап кылчаңдап.

Айдаган он төрт күлүктү,
Октолорун шыпырып,
Манастын уулу Семетей,
Пайгамбарлап бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Агымы катуу Үргөнчкө
Айдап кирди кыйкырып.
Түшкөн жерде союлгур,
Айдаган он төрт күлүгү,
Аягы менен тик түшүп,
Тоодой болгон он төрт ат,
Кирип жаткан Үргөнчкө,
Томуктай кылып жарышып,
Айдаган он төрт күлүгү,
Сууда жүрөт дирилдеп.
Жүрөгү тайкы Канчоро,
Кайдан келдим деги деп,
Катының менен кара кий,
Канкор элим жедиң деп,
Ак каңкыдан кат тайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Кара пилге сүйрөлүп,
Аккан суунун ичинде,
Канчоро ыйлап жүрөт уулдап.
Тайторуну жулкунтуп,
Эри өлгөн булкунтуп,
Манастын уулу Семетей,
Текечи кандын Даркамбай,
Бакайдын уулу бай Тайлак,
Сары кандын калыгы,
Ай тийгендей жарыгы,
Тайторудай бууданды,
Суулуктан кармай алды эми.
Айланайын падышам,
Бакайдын берген каты бар,
Кыр кечүү деген аты бар.
Агып жаткан Үргөнчтүн,
Кыдырып кечүү чалалы,
Кыр кечүүнү табалы.
Желкектин сары талаа менен,
Аттын оозун жайышып,
Ай талаада жарышып,
Тогуз айра чоң арал,
Тушуна кирип келди эми.
Токою толуп тыт болгон,
Илбисин карасаң,
Анын ичине деги жык толгон.
Жаман тоогу бакырып,
Тоодон улар чакырып,
Сокур тоом жолу бар,
Жалгыз аттын изи бар.
Эшик эндүү кара таш,
Сур кечүүнү ордуна,
Суугa кирип келгенде,
Олуя Бакай эр Манас,
Кечүүгө туура коюптур.
Ташты таап алганда,
Кокондун кара тон менен,
Коржоңдогон эр неме,
Ташты алып караса,
Каш бөгөңсү салыптыр.
Бөгөнү таап алганда,
Манастын уулу Семетей,
Бакай жазган катты окуп,
Кыр кечүү деген атын окуп,
Кечүүнү таап алганда,
Манастын уулу Семетей,
Эр өлгөндөй булкунтуп,
Тайторуну жулкунтуп,
Аккан суугa кирди эми.
Багалак суугa малынып,
Бабадинге жалынып,

Манастын уулу Семетей,
Этек жеңин жыйынып,
Кайберен кырк чилтен,
Суу атасы дечү экен.
Жалгыз Илеге сыйынып,
Бакай кандын кан чолок,
Төрт туягы тең болот.
Окуранып кылчактап,
Көздүн жашы бурчактап,
Көзүнүн жашы миң талаа.
Айбанда болсо көк чолок,
Башына түшүп миң санаа,
Он төрт аттан бөлүнүп,
Алдына минген Тайтору,
Аркасы жок ит эле.
Эңкейиште калбасын,
Бакай кандын Көк чолок,
Башынан өзү кечип,
Канчоросу кыр кечип,
Жер түбүнө үңкүргө,
Жалгызды алып барып салбасын.
Деп ошентип көк чолок,
Кыя тартып келди эле.
Башынан көнгөн кыр кечүү,
Кыр кечүүгө салды эми.
Кыйгактуу найза сыр желек,
Кыраанын Алмаң тукуму.
Он экиде Күлчоро,
Шай колдогон эр эле.
Атасынан бабасы,
Касиети бар эле.
Абакем эптеп келээр деп,
Кантсе Канчоро агып кетээр деп,
Түпкө чогу жатаар деп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Бизди шылдың кылып кетээр деп,
Манастын уулу Семетей,
Ал аңгыча болбоду,
Күлүктөрүн чубатып,
Жердин башын уратып,
Айдаган он төрт күлүк менен,
Суудан чыкты чуратып,
Жолго салды чубатып.
Агын суудa көп жүрүп,
Тулпарлар жүдөп калыптыр.
Кабыргасы тыржыңдап,
Тайган иттей кыржыңдап,
Жолго түштү бүрүштөп,
Койгон экен дан талап.
Алыскы жолго барам деп,
Кантсе Толтойдун жолун
чалам деп,
Айдаган он төрт күлүктүн,
Төрт туягын болоттоп.
Төрт аяктан чыккан ат,
Чакмай таштай жылтылдап,
Манастын уулу Семетей,
Аккан суудан чыкканда,
Үч баланы ээрчитип,
Колундагы чоң камчы,
Каныкейдин калдагай,
Карс дедире бир салып,
Кызыл өңдү сур чалып,
Ант ичкендей кумсарып,
Кан ичмесин карматып,
Күлчорого барды эми.
Ачуусу келип күүлөнүп,
Манастын уулу Семетей
Ошондо Күлчорого сүйлөнүп,
Келбей жатып аласың,
Кечүүнү качан чаласың,
Минтип жүрсөң абаңды

Бир балаага саласың.
Өз атыңды минбейсиң
Кишинин атын бербейсиң,
Андан кийин сен бала,
Селкинчек тепкен кыз менен,
Селкилдеп ойноп жүрбөйсүң,
Өз тонуңду кийбейсиң,
Кишинин тонун бербейсиң,
Боесу канган кыз мен,
Андан кийин сен бала,
Болукшуп ойноп жүрбөйсүң.
Деп ошентип Семетей,
Он экиде Күлчоро
Жеме кылып турганда,
Атасынан бабасы,
Жүйрүк чечен Күлчоро,
Айланайын аба деп,
Кеп айтайын сага деп,
Кулак салчы мага деп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ала турган зайыбың,
Табышмактуу кеп айтып,
Табар бекен деп айтып,
Акундун кызы Айчүрөк,
Сөзгө кармай алганы,
Аз буйлатып салганы.
Анда менин айыбым,
Барбай жатып кечиккен,
Бир саатча олтуруп,
Суудан чыккан Тайбуурул
Зордой болгон бууданды,
Ат чалдырган айыбым.
Айланайын абаке,
Урар болсоң мен мына,
Кесер болсоң баш мына.
Деп ошентип Күлчоро,
Абасына бир сөз деп,
Минтип айтып турганда,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ушу турган иниси,
Периштелүү бала экен,
Касиети бар экен.
Ачуусу менен абасы,
Качырып чаап жиберсе,
Баланын периштеси качат деп,
Касиети кетет деп,
Урса мени урсун деп,
Көрсө мени көрсүн деп,
Айдай болгон куу долу,
Кырк жөкөөрүн ээрчитип,
Кемшоот баркытын карасаң,
Оң чекеде кыйшайып,
Күлүмсүрөп сумсайып,
Басып келди Айчүрөк.
Алтындан кылган чоң сөйкө,
Омуроодо шаркылдап,
Акундун кызы долуну,
Чыныдай болгон алтындар,
Ар мүчөдө жаркылдап,
Семетей канга бир сөз деп,
Чүрөк туруп муну айтат,
Апей бала кантесиң,
Ат багарың бул бала
Куйкуң кетип курушпа,
Кулуң менен урушпа,
Чоку териң тырышпа,
Ат токуруң бул деген,
Итиң менен урушпа.
Өзөндү куйган кең сайга
Өзүң бир конгон жер эмес.
Сенин өкүрүгүң уккандай
Бул жер өзгөн ногой жер эмес.

Амириңди туткандай,
Айкырыгың уккандай,
Аргын ногой эл эмес.
Айдап келген коюң жок,
Артып келген тоюң жок,
Куда болгон кейпиң жок,
Ала турган зайбың жок,
Балдарыңды куурабай
Оолукпай кеткин дайны жок.
Анда Семетей муну айтат,
Жок жоготуп жез бурап,
Куш качырып, куш сурап,
Жокчонун баары мендейби,
Келген бир кушту танасың
Кечээ келген баланы,
Кепке урунтуп аласын
Кесирдин баары сендейби,
Анда Чүрөк муну айтат,
жок жоготуп жез бурап,
Куш качырып, куш сурап,
Жокчу болуп сен келсең
Куш берейин кушуңдай.
Көпмө чалыш жинди кул,
Кушуң келген бекен ушунда,
Кадырлаш жээним Чынкожо,
Эрдиги сенден кем эмес,
Таежеси Чүрөктү
Сен оңдогон канкорго,
Таттырып ийчү эр эмес.
Жети сууну эрдеген
Жедигердин эр Толтой
Бели күчтүү эр деген.
Эрдиги сенден кем эмес,
Аташканы Чүрөктү
Сен оңдогон канкорго,
Алдырып ийчү эр эмес.
Анда Семең күүлөнүп
Айчүрөккө сүйлөнүп,
Эми ойноп жаткан ордо кыз
Оюн башы кара кыз.
Жыйналып жаткан жыйды кыз,
Жыйын башы кара кыз,
Туйруктаган эски күң,
Туйрук таман кески күң,
Жолго казан аскан күң,
Жолоочу жолун тоскон күң,
Атасынын төрүнө,
Көп олтуруп зар болгон,
Маңдай чачың ак болгон.
Чачың куудай болгончо,
Тишиң куудай болгончо,
Бетиңе бырыш киргенче,
Чекеңе тырыш киргенче,
Көрүп жүргөн жериң бер,
Чынкожо деген жээниң бер,
Кан Толтой деген эриң бер.
Эрегишип нетесиң,
Не бетиң менен кан колдон,
Күң доолу кушумду алып
кетесиң.
Кушумду бергин кетемин,
Сен өңдөгөн эскини,
Чынкожо менен Толтойдон
Талашып алып нетемин.
Не мураска жетемин
Анда Чүрөк муну айтат,
Алты сан кара ногойдон
Акылыңды билгемин,
О дүйнө кеткен атаңдын,
Арбагын сыйлап жүргөмүн.
Мен өңдүү ак куу кебин ким киет,
Асмандап учуп ким жүрөт,

Атаң Манас болбосо,
Сенин ким экениңди ким билет,
Кечээ кербенчиден кеп уктум,
Атасы Манас өлгөндө
Манастын уулу Семетей
Эки энесин көтөрүп,
Темиркандын шаарына,
Тентип кеткен деп уктум.
Темиркандын шаарына
Тентип кеткен сенденби,
Чачым куудай болгончо,
Тишим буудай болгончо,
Бетиме бырыш киргенче,
Чекеме бырыш киргенче,
Тентиген күйөө келгенче,
Сага кары кыз атыгып,
Карыганча жол кезип,
Карап жаткан менденби,
Каттоочудан кеп уктум,
Манастын уулу Семетей,
Атасы Манас өлгөндө,
Кара кандын шаарына
Качып кеткен деп уктум,
Кара кандын шаарына,
Качып кеткен сенденби,
Качкан күйөө келет деп,
Карыганча жол кезип,
Карап жаткан менденби,
Өз атасын өлтүргөн
Өкүмдө сендей жок деген.
Өзүнчө чыккан шок деген,
Кан атасын өлтүргөн
Кан ичме сендей жок деген,
Калкынан чыккан шок деген.
Ак болотун майлаган
Ачуусуна тийгенде,
Абыке, Көбөш эки агасын
Ат үстүнөн жайлаган.
Акылсыз сендей жок деген.
Айлынан чыккан шок деген.
Кыяндуу жерди майлаган,
Кыйыгына тийгенде
Атаңдан калган мурапы,
Ашмана белин ашканда,
Кызарттын белин ашканда
Кытайды көздөй качканда,
Кең кочкордун оюнда,
Тармал саздын боюнда,
Төмөнкү төрт күл үстүндө
Кырк чорону жайлаган.
Кыяндуу жерди майлаган,
Кылымда сендей жок деген,
Кыйрынан чыккан шок деген.
Ойнойм десе чындайсың,
Жолоочу болсоң жол мына,
Жортуулчу болсоң эл мына,
Барсаң бир опол тоо мына.
Атыша чыгып урушсаң
Чынкожо, Толтой эр мына.
Деп ошентип кан Чүрөк,
Салып койду кыттарды,
Акундун кызы Айчүрөк,
Танып койду шумкарды.
Манастын уулу Семетей,
Сөзгө жыкты Султанды.
Абакеси Семетей,
Сөзгө сынып турганда,
Күлчоросу күүлөнүп,
Кан Чүрөктүн алдына
Айбалтанын алдына,
Кирип келди сүйлөнүп.
Акундун кызы Айчүрөк

Эшигиңдин алды тар кыя,
Айтышып кимге жарыя,
Кең колдо жеңем Чачыкей
Ал да сенден кем эмес,
Кемите турган неме эмес.
Мынабу турган абакем,
Кайним Акун дедиби,
Калкыңдан жылкы жедиби,
Зайыбым Чүрөк дедиби,
Кыз башыңды куш кылып,
Кең колдон кушту алдыңбы,
Ойнойт десе чындайсың,
Абакемдин шумкары,
Текөөрү темир теш көз,
Тегереги эки кез,
Көзү кара көк шал бунт.
Көргөнүн тирүү койбогон.
Коноктой жемге тойбогон,
Тырмагы болот, үнү ачуу,
Илбирсиң ага жетпеген,
Атамдан калган ак шумкар
Тапканы тирүү кетпеген,
Чагарагы сары жез.
Шумкардын жайын сурасаң
Алтындан айгык боосу бар,
Кокустан шумкар жоготсоң
Акундун кызы Айчүрөк
Төмөнкү Акундун шаарынан
Сен оңдогон долудан,
Алты миң кыздын дөөсү бар,
Деп ошентип айтканда
Акундун кызы Айчүрөк
Анда Күлчорого муну айтат,
Кагылайын Күлчоро
Алдыңда долу жеңеңе
Казып койгон ор келди,
Кайнатылуу шор келди,
Ач билектен алам деп,
Ат сооруга салам деп,
Алдыңда долу жеңеңди,
Олжо катын кылам деп,
Чынкожо, Толтой зор келди.
Жанга кыстоо тийгенде,
Ак куу кебин кийгемин.
Атамдан калган мурапы
Үчөөңдү издеп жүргөмүн.
Төмөнкү сепил шаарынан,
Кан атам Акундун айлынан,
Ак куу кебин кийгемин,
Асмандап учуп жүргөмүн.
Ак тасма кайыш сызылып,
Алты ай учуп сепилден,
Ак боройду кыдырып,
Сепилден учтум эр издеп,
Керезим балдар деп издеп,
Сен келбедиң мени издеп,
Ополдон учтум эр издеп,
Ойронум балдар деп учтум.
Чет Бээжинге баргамын,
Кыр кечүүнү оозунан,
Кебез өтүк кендир бел,
Кытайды сынап алгамын.
Ошо кезде кытайдын,
Сакалы сапсак капырдай,
Бети бышкан өпкөдөй,
Мурундары кытайдын,
Селебенин кабындай,
Муруттары кытайдын,
Майлаган балта сабындай.
Каш-кирпиги кытайдын,
Бөксөгө чыккан чалкандай.
Кулагынын кулкусу,

Тоодой болгон манжунун,
Балдар чеңгелдеп тапкандай,
Ошондо көрдүм тажаалды.
Оң далысы кең экен,
Оңду бузар эр экен.
Бээжиндеги чоң калдай,
Сенин атаң Манасты,
Өлтүрөрү эп экен.
Сол далысы кең экен,
Солду бузар эр экен.
Тоодой болгон чоң калдай,
Аяш атам Манасты,
Өлтүрөрү эп экен.
Аксак алын карасаң,
Алоокенин Коңурбай,
Жакут ташын салынган,
Жуңжут кытай ичинде,
Шуру ташын сайынган.
Шумбу кытай ичинде
Тоодой болгон чоң калдай,
Жүз кытайын ээрчитип,
Сок билектей кара чач,
Согончокто селкилдеп.
Өйүздөгү жылкыга,
Бет алып жүрүп келди эми.
Асаба колдо калкылдап,
Темингесин тепкилеп,
Көз айнек көздө жаркылдап,
Ботогосу кытайдын,
Оң ийнинде балкылдап.
Жакут айнек шуру таш,
Так төбөдө жалтылдап.
Көөкөрдөй болгон чоң кисе,
Көксө болгон калмактын,
Оң жамбашта шалпылдап.
Жылкычы башы Карагул,
Коңурбайды көргөндө,
Таазим кылып калмакча,
Тизелери бүгүлүп,
Тоодой болгон буркандын,
Келининдей жүгүнүп,
Жылкычы башы Карагул
Териде жаткан кезинде,
Сары алтын такты колтуктайт.
Тоодой болгон калмактын
Кызматын кылды жүгүрүп,
Сары алтын тагы былк деди,
Кара жер көтөрө албай солк деди.
Ободо туруп ыйладым,
О дүйнө кеткен атамдын
Орагын мында сыйладым.
Абада туруп ыйладым,
А дүйнө кеткен атамдын
Арбагын мында сыйладым.
Кетели кытай тажаалга,
Асылдан калган керээз деп,
Сен үчөөңдү кыйбадым.
Тоодой болгон чоң калдай,
Ак пайгамбар пир болсо,
Ак бусулман дин болсо,
Келмеге тили түз келсе,
Уча тийип алсам деп,
Биздин элдин өзүнө
Зат өткөрүп койду эле.
Шыгайдын уулу Чынкожо
Жедигердин эр Толтой
Экөөнө алпарып салсам деп,
Өткөрбөй өчтү алсам деп,
Боз кептер болуп болпоюп,
Кытайды карап турдум койкоюп.
Ошо кезде чоң кытай
Алачыктай зор кытай

Коюнга колду салды эми,
Алтын айда чоң канжа,
Койнунан сууруп алды эле.
Жан куржунда тамеки
Көмөрө коюп салды эми.
Кол куржунда тамеки
Кошо кармап салды эми.
Араң жайма болду эми.
Кырмалу кызыл оттугун
Кылып алып кытай кул
Оозуна короздой кууну койду эле,
Бармагы менен бек басып,
Коркурата сорду эле,
Кое берсе түтүнү
Кол ыштыктай болду эле.
Дагы бир соруп ийгенде
Буркуратып чыгарып,
Жөө туманды түшүрүп,
Коңурбайдын көп жылкы,
Билериктүү сур жылкы,
Минилбеген кур жылкы,
Башы аюудай Сарала,
Майлагандай карала,
Чыпка куйрук тар ала,
Чымылдыктай көк ала,
Саралага санат жетпейт
сан болгон,
Көк алага эсеп жетпейт миң ала.
Бу Бээжиндин ичинде,
Коңурбай сындуу ким болгон,
Тоодой болгон кытайды
Ошондо көрүп олтуруп,
Көңүлүмө толтуруп,
Мындан учуп алгамын,
Ак куу кебин кийгемин.
Алтай учуп Бээжинден,
Саганын белин ашкамын.
Чаар арча былчекей,
Катары менен баскамын.
Кетмен менен калжаттын
Башын ашып мен өзүм,
Чүй бооруна баргамын.
Кичи Кемин, Чоң Кемин
Эр үрбүгө баргамын.
Бусурмандын алпынан
Кара жаак ак үрбү
Үрбүңдү сынап алгамын.
Бул жарабай Толтойго
Бели катуу жолтойго,
Мындан учуп алгамын.
Ысык-Көл бетин баскамын
Барскоондун башын ашканмын.
Кең Кашкардын башында
Кулан сарык Сапарбай
Ак чий менен Чоң ташта
Буудайык кандын избуурчак
Ошондо жаткан кези экен.
Бусулмандын алпынан
Муну сынап алгамын.
Бул жарабай Толтойго
Бели катуу жолтойго
Кебез тоонун ар жагы
Кең Кашкардын бер жагы
Орус канга баргамын.
Ошону сынап алгамын.
Ал жарабай Толтойго
Бели катуу жолтойго
Карагай тоону жердеген
Калың кыпчак эл деген
Чоң Алайды жайлаган
Чел куйругун байлаган.
Тогуз уулдун кенжеси

Эламан байдын эркеси
Эр сыртаны ушу деп,
Мен Төштүккө баргамын.
Ошол кезде Төштүктүн
Токсонго келген жашы бар,
Картайып Төштүк калыптыр.
Токсонго жашы барыптыр,
Кол күчү кетип калыптыр.
Бул жарабай Толтойго
Бели катуу жолтойго
Андан учуп алгамын,
Күнү-түнү мен учуп,
Тегерете мен учуп,
Тең тыяктан сөгүлүп,
Жерге жарып төгүлүп,
Камыштын башы шоодурап,
Асман маалы болгондо,
Ат башынан чеш дөбө
Чеш дөбөгө баргамын.
Кыбыла карап олтуруп,
Олуя абаң Чон Кошой
Чоң чөгүнүн толтуруп,
Когусун сууга толтуруп,
Даарат алып жатканда,
Кындырдай бели бүгүлүп,
Кыя тартып абаңдын
Келининдей жүгүнүп,
Абаң кары Кошойдон
Барып бата алгамын.
Асылдан калган үч керез
Дайыныңды сурап алгамын.
Ак куу кебин кийгемин,
Асмандап учуп жүргөмүн.
Абакең Кошой кеп айткан,
Кайнатаңдын жылкысы,
Кара Буурул ат деп айткан.
Абаң Кошой кеп айткан,
Өз атаңдын жылкысы,
Кызыл Буурул деп айткан.
Издеп барсаң сен аны,
Жылгындуу Кең кол оюнда,
Жыргал ата боюнда,
Абакемден мен учуп,
Долондун белин ашканмын.
Тогуз торо басканмын.
Карганын белин ашканмын.
Кабактын белин эңкейип,
Кызыл кыргын кылдырып,
Үч бала сенин айыңан
Кылыгыгын кылдырып,
Кыры менен сыдырып,
Ою марал күмүш так,
Үстү менен сыдырып,
Үч бала сенин айыңдан,
Үч кошойду сыйдырып,
Ага таш башын ашканда,
Кең колдун бетин басканда,
Кызыл Буурул көп жылкы,
Өзөндөн көрүп алганда,
Көзүм тоюп мен өзүм,
Андан өтүп алганда,
Кара буура чаткалда
Кайкалап ногой жатканда,
Жаз мезгили болду деп,
Жаканын чөбү толду деп,
Түтүнү түтөп көп ногой
Түрүлүп көчүп атканда,
Калкыңды көрүп кубанып,
Андан учуп алганмын.
Дарбазалуу коргонго
Эркелеп өскөн жеңекең
Эркелиги бир башка.

Шаатемир кызы Чачыкей,
Чачыкейдин ордону,
Ободон карап тургамын.
Ал аңгыча болбоду,
Кокондон кара тон менен,
Тетиги турган абакең,
Ордодон чыга калды эле.
Аттуу баштуу кандарын,
Өз алдына чакыртып,
Чөйчөктүү көздү Сары кан,
Сары ногой Жамгырчы,
Абакем Бакай баш болуп,
Мындай сөздү салышты.
Кербенчи жолу толду деп,
Келгин малы болду деп,
Айлыңар бүгүн көчсүн деп,
Бөксөгө эрте жетсин деп,
Ошентип жарлык салганда,
Жыйырма жигит ээрчитип,
Ордодон чыкты жөлөнүп,
Алманбет уулу Күлчоро,
Чубактын уулу Канчоро,
Бакайдын уулу Айжаркын,
Текечи кандын Деркембай,
Бакайдын уулу Бай Тайлак,
Сары кандын Калыгы
Ат багуучу Азы кул,
Азык алган жашы кул,
Ат байлаган Чоң акыр,
Чай кайнаткан беш баатыр
Жыйырма жигит ээрчитип,
Дарбазалуу коргондон
Төрөм ордодон чыктың жөлөнүп.
Ободо туруп мен көрүп,
Сени тиледим Алла Тааландан,
Тобурчак минсе жоорутпас,
Бала бир жолдош падышам,
Тоодайдын көөнүн оорутпас,
Аргымак минсе жоорутпас,
Алты катын алса да,
Адамдын көөнүн оорутпас.
Дарбазалуу коргонду,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Чачыкейдин ордодо,
Кырк жоокер чечип камынды
Эркелеп өскөн Чачыкей
Эшик асты супага,
Алтын түркүн кең чатыр
Ошо жерге тиктирип,
Сары алтын такты орнотуп.
Чоң чатырдын ичине,
Күн тиердин алдына
Бетиме аптап түшөт деп,
Жонуна устун түшөт деп,
Үстүмө чымын конот деп,
Кесирлүү катын Каныкей
Жибектен жайган пахтага
Букардан келген тинтиге,
Сөөгү сынган эмедей
Кырк жоокерге көтөртүп,
Башына мамык койдуруп,
Буту колун чойдуруп,
Шаатемир кызы Чачыкей
Бут тарпай жатып калды эле.
Кара белди баш кылып,
Айдап келип нарларды,
Ордону чечип бүткөндө
Нардын баарын комдотуп,
Казынаны бүктөтүп,
Жогорку жолдун үстүнө
Алдыңкы жолдун астына,
Орто сары торпуга,

Күлчоро менен Канчоро
Эки мылтык алышып,
Жылкычыга барышып,
Тамаша кылып жаш балдар,
Өрдөк чүрөк каз атып,
Ойноо бала түгөнүр,
Ат үстүнөн алышып,
Дaң-дүң салышып,
Күлчоро менен Канчоро
Жылкычыга баш болуп,
Жылкыны айдап алышып,
Чоң чыбырга салышып,
Жылкыдагы чоролор,
Эч нерсе менен иши жок,
Ойноп жүрөт алышып.
Манастын уулу Семетей
Жардай болгон буурулду
Кыргы менен кырдырып,
Жонуна токум урдуруп,
Чап олоңду бош тартып,
Төш олоңду бек тартып,
Ордого кирип барды эле,
Алтындан кылган туурда,
Тап этинде Ак Шумкар
Тегеренип кукулдап,
Тумшугун жанып чукулдап,
Керегенин көш көктөм,
Боосун чечип алды эле.
Керегенин башынан,
Мелейди жулуп алды эле.
Коросондой ак колду
Жеңи менен салды эле,
Атасы Манастан калган
ак шумкар,
Оң колуна кондуруп,
Оң колуна куш алып,
Сол колуна камчы алып,
Манастын уулу Семетей,
Үзөңгүгө бут салып,
Жыйырма жигит ээрчитип,
Бөкөнү көздөй жөнөдү.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Ордону жүктөп болгондо,
Тайторуну токутуп,
Эрке катын Чачыкей,
Тай торудай бууданды,
Жигиттерге карматып,
Кол чатырды карматып,
Экөө коштоп бууданды
Жан жанына чыгышып,
Төртөө талап жеңесин,
Жүктөп барып түшүрдү.
Кырк жоокердин баарысы,
Керегe коюп, чий коюп,
Кырк жоокери уук улап,
Ордону тигип алды эле,
Каткы үзүктү салганда,
Эрке катын Каныкей,
Кол чатыры үстүндө,
Олжуй тарта барды эле,
Кырк жоокердин бириси,
Жарданып туруп калды эле,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Кесирлүү өскөн долуну,
Көтөрүп аттан алды эле,
Таманын жерге тийгизбей,
Ордого алып барышып,
Алтындан кылган тактыга,
Букардан кылган тинтеге,
Жибектен жайган пахтага,
Аюу талпак чоң күрсү,
Жеңекем чарчап келди деп,

Кырк жоокердин баарысы,
Башына мамык коюшуп,
Буту колун чоюшуп,
Жеңекем чарчап келди деп,
Башына мамык коюшуп,
Кошамат кылып кырк жоокер,
Шаатемир кызы Чачыкей ,
Үшкүрүктү салды эле,
Сөөгү сынган эмедей,
Былк этпей жатып калды эле.
Манастын уулу Семетей,
Кокондун кара тон менен,
Коржоңдогон берениң,
Ордого түшүп калды эми.
Атасы Манастан калган
ак шумкар,
Узун боосун Семетей,
Керегенин каш кактан,
Өткөзүп алып кайран шер,
Атаңдан калган туурдун,
Бетине окуу ойдурган.
Тырмагы мокоп калат деп,
Үстүнө булач ойдурган.
Кондуруп коюп шумкарды,
Эрке катын Чачыкей,
Эркелигин салды эле.
Катын жандуу кыз алчу,
Манастын уулу Семетей,
Эркелеп өскөн катынын,
Эркелетип калды эле.
Даараткa чыгып Семетей,
Айылдакы бир бала,
Жылкыга жөнөп баратса,
Ошондо канкор кеп айтат,
Күлчоро менен Канчоро,
Эртең келсин – деп айтып,
Балырлуу көлдүн боюна,
Жаңы келген келгиндер,
Жыш ургандай толду деп,
Жаңы келген келгиндин,
Эми маалы болду деп,
Атамдан калга ак шумкар,
Кайырма, соно кез алып,
Тамашага кансын деп,
Жылкыдагы балдарга,
Кабар тийбей калды деп,
Манастын уулу Семетей,
Жардай болгон буурулду,
Эртең шумкар салам деп,
Жети когуш жем илип,
Аса байлап салды эми,
Ошо түнү тим жатып,
Эртең менен таң атып,
Таң тияктан сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Кундуз ичик жамынып,
Аппак чөгүн колго алып,
Кашка булак көзүнө,
Олжуп басып барды эми.
Боюн суугa салды эле,
Боюна даарат алды эле,
Кайра тартып калды эле,
Ошол кезде мен чүрөк,
Ак куунун кебин чечкемин,
Айчүрөк киймин кийгемин.
Эрке катын Чачыкей,
Аны колдон алгамын,
Токтогун эже деп салдым.
Айланайын эжеке,
Акырет кеткен зор атам,
Кечээ аркыранын оюнда.

Куда болуп кой союп,
Кулдук уруп бээ союп,
Бата кылып зор атам,
Сүт бото тайлак төө союп,
Каймана бата болуптур.
Акырет кеткен зор атам,
Алдыңдагы сиңдиңди,
Айланайын эжеке,
Батага тосуп коюптур.
Төрөңө мени алып бер,
Айланайын эжеке,
Күнүмдүк кылсам оңбоюн,
Эгерде эки болбоюн,
Алдыңдан кыя баспайын.
Күнүмдүк кылып эжеке,
Артыңдан ушак айтпайын.
Күнүмдүк кылып эжеке,
Алдыңдан кыя мен бассам,
Артыңдан ушак кеп айтсам,
Төбөсү туюк көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Тезегиң терип келейин
Отунчу күнүң болоюн.
Казаның асып берейин,
Казанчы күнүң болоюн.
Айланайын эжеке,
Алты күнү сага жатсын,
Бир эле күнү мага жатсын.
Күнүлүк кылсам оңбоюн,
Эгерде эки болбоюн.
Карганбагын Айчүрөк,
Касам ичип уу жалап,
Айдай болгон түгөнгүр,
Өлөр антты кылды эми.
Күнүлүк кылып бир койсом,
Азыретаалы шер урсун,
Ак келтенин огу урсун,
Ак келтенин чогу урсун,
Акырет кеткен атамдын,
Арбагы дагы келип урсу,
Деп ошентип Айчүрөк,
Өлөр антты бир кылып,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Анда туруп муну айтат,
Туйрук таман кески күң,
Туйруктаган эски күң,
Жолго казан аскан күң,
Жолоочу жолун тоскон күн.
Учуп жүрүп кор болгон,
Эр табалбай зар болгон.
Сиерине жер таппай,
Тиерине эр таппай,
Деп ошентип Чүрөктү,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Төшкө муштап жиберди.
Айдай болгон түгөнгүр,
Анда туруп муну айтат,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Төбө чачың жулбасам,
Сени төркүнгө салбар кылбасам,
Арка чачың жулбасам,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Сени айлыңа салбар кылбасам.
Эртең төрөмдүн кушун албасам,
Калкыңа бүлүк салбасам,
Мени төбөсү туюк көк урсун,
Төшү бир түктүү жер урсун,
Асманда Азыретаалы Айкожом,
Экөөнүн бири урсун.
Эми же карганбаган Айчүрөк,
Оозуна каргыш ант алып,
Араб окуу көп окуп,

Окууга жеткен куу долу.
Периштеден дуба алып,
Жеңине үйлөп алды ошол.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Зар оору тартып зар болуп,
Тил оозунан ажырап,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Жатып калды дал болуп.
Күн шашкеге толгондо,
Кокондун кара тон менен,
Коржоңдогон эр неме,
Жылаң айлак, жылаң баш,
Ордодон чыга калды ошол.
Эрке катын Чачыкей,
Кашына чуркап барды ошол.
Жаш баладай дардактап,
Эрке катын Чачыкей,
Ордого алып барганда,
Алтындан кылган тактыга,
Букардан келген тинтеге,
Жибектен жайган пахтага,
Алып барып катынын,
Башына мамык койдуруп,
Буту колун чойдуруп,
Эрке катын Чачыкей,
Эмне болуп кетти деп,
Кошунасын кыйкырып,
Койчуларын чакырып,
Сар эркечти алдырып,
Садагага чалдырып,
Эрке катын Чачыкей,
Садаганы какканда,
Оозунан тили байланып,
Айласы кетип калды эле,
Кошунасын чаптырып,
Кожо молдо жыйдырып,
Дарс окууга молдодон,
Төрт молдого окутуп,
Түн ортосу болгондо,
Төбөдөн жылдыз оогондо,
Таң гүдүгү болгондо,
Дубанын иши бек кыйын,
Улай дубаны дуба бек байлап,
Үшкүрүктү салды эле,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Чын эле эс алып алды эле.
Сүйүнгөн бойдон абакең,
Кошунасын карасаң,
Жылкыны көздөй чаптырып,
Ак боз бээни алдырып,
Чак түштө түлөө чалдырып,
Кудай берип салды деп,
Шаатемир кызы Чачыкей
Чын айыгып калды деп,
Ошо түнү тим жатып,
Эртең менен таң атып,
Таң тыяктан сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Намаз маалы болгондо,
Ордунан тура калды эле,
Манастын уулу Семетей,
Боюна даарат алды эле,
Кыбыла тарап бет алып,
Аңгырап азан салды эле,
Экөө сүннөт, экөө парз,
Төрт рекет багымдат,
Шашпай окуп алды эле.
Мурутун сыйпап имерип,
Алакан жайган батасын,
А дүйнө кеткен атасын,
Манастын арбагына жиберип,
Ордодон чыга калды эле,

Тайбуурулга барды эле,
Соорусун сылап алды эле,
Ак каңкыны алдырып,
Жонуна токум салды эле.
Төш олоңду бош тартып,
Чоболоңду бек тартып,
Көмөлдүрүк узартып,
Куюшканды кыскартып,
Ордого кайра кирди эле,
Керегени кош көктөн,
Шумкардын боосун чечип
алды эле,
Керегенин башында,
Бурама мойнок ак мээлей,
Ак шумкарга чак мээлей,
Өңүн аппак өңдөткөн,
Жылмалатып сүрдүргөн,
Кызыл менен кыйдырган,
Мээлейликке шыйдырган.
Мээлейди жулуп алды эми,
Корсондой ак колду,
Жеңи менен салды эми.
Ак шумкар колго кондуруп,
Куш жайылып барам деп,
Жаңы келген келгинге,
Куш жайылып барам деп,
Ак шумкарды салам деп,
Тамашага канам деп,
Үзөңгүгө бут салып,
Жардай болгон бууданга,
Буурулду минип алды ошол.
Ала көл көздөй бет алып,
Аттанып жүрүп барды ошол.
Шаатемир кызы Чачыкей
Күнүлүктүн айынан,
Эр Семетей канкордун
Жаталбады түгөнгүр.
Жылаң айлак, жылаң баш,
Астынан чуркап барды ошол,
Айланайын падышам,
Атыңдын башын бура тур,
Азыраак кеп айтайын уга тур,
Түндө жатып түш көрдүм,
Бек ажайып иш көрдүм,
Түндөгү түшүм опкон түш,
Жүрөгүм менен көпкөн түш,
Сала турган шумкарың
Он эки чалгын он куйрук
Онун бирдей таранат.
Обону шумкар каранат.
Кайыптын үнүн укпасын,
Калкайып учуп чыкпасын,
Алтындан боону тытпасын.
Аргын менен ногойдун
Аягына чыкпасын.
Деп ошентип Чачыкей
Жардай болгон бууданды,
Суулуктан кармап турду эми.
Төрөм бүгүн куш жайылып
барба деп,
Кууга кушту салба деп,
Куш жайылып барба деп,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Күнүлүктүн айынан,
Олоңуна оролуп,
Чылбырына чыланып,
Жардай болгон буурулду,
Коё бербей турду эми.
Тушуң тулкүнүн богу болучу,
Өзүң менин богум болчусуң,
Кое бергин чылбырды,
Деп ушинтип айтканда,

Шаатемир кызы Чачыкей,
Кое бербей койду эле,
Ачуусу келип Семетей,
Долоно саптуу чоң камчы,
Толгол кармап имерип,
Толукшуган бейбакты,
Оролто тартып жиберип,
Сууруп алып чылбырды,
Тетиги турган абакең,
Айымдын көөнүн сындырды.
Камчы батып этине,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Тээтиги турган абаңын,
Каргыш айткан бетине.
Чылбырды колго алды эле,
Тээтиги турган абакең,
Ала көл көздөй бет алып,
Абакең жүрүп калды эле.
Жылгындуу кең кол боюнда,
Тетиги турган абакең,
Шумкарды алып барды эле,
Жаңы келген келгинге,
Ак шумкарды салды эле.
Өзөндүү кең кол боюнда,
Өзгөн ата оюна,
Өзү бир абаң барды эле,
Жаңы келген келгинге,
Ак шумкарын салды эле,
Кайырма соно каз алып,
Тамашага канды эле,
Андан салып илдирип,
Мындан салып илдирип,
Кайырма соно каз өрдөк,
Канжыгага илдирип,
Канжыгадан артканын,
Куюшканга тээктеп,
Абакең минтип ойноп жүргөндө,
Акемдин уулу Ай жаркын,
Экөөң жылкыдан келдиң
жарышып,
Ат үстүнөн алышып,
Дарбазалуу коргонго,
Эркелеп өскөн жеңеңдин,
Чачыкейдин ордого,
Жарышып кирип келгенде,
Күнүлүктүн айынан,
Зар оору тартып, зар болуп,
Жаздыкта жатты дал болуп,
Кирип барып көргөндө,
Акемдин уулу Ай жаркын,
Жеңекеңди көргөндө,
Тил айтпаган абакем,
Жеңемди тилдеп койгонбу,
Жеңем көңүлүнө алганбы,
Абама чын таарынып калганбы,
Деп ушинтип Күлчоро,
Канчорого кеп айтат,
Жүрүгүнүң Канчоро,
Абама эртте баралы,
Ак шумкарды салалы,
Өрдөк чүрө каз алып,
Жеңеме тартуу кылалы,
Таарынычын жазалы.
Деп ушинтип Күлчоро,
Ордодон чыгып жөнөдү.
Буурул колго тийгенде,
Абасындай канкордун,
Алдына Буурул ат алып,
Сыртынан аппак тон алып,
Алакан жайган бата алып,
Бата берип барбайып,
Кара үңкүрдүн ичинде,

Манастын уулу Семетей,
Отуруп калды дардайып.
Айланайын Күлчором,
Сени колдосун,
Ак пайгамбар пирим деп,
Азирет алды шерим деп,
Жараткан алды кудайым,
Күлчоромдон айрылып,
Жалгызым деп зарлантып,
Тарттыра көрбө убайым,
Деп ошентип Канкорду,
Бата берип калды деп,
Тоголонгон томаяк,
Колго тулпар тийгенде,
Туруучубу жеп азап.
Чырым этип уйку албай,
Чыканактап тынч албай,
Каргадай болгон куу чунак,
Калың колду жапырып,
Камандай болуп качырып,
Эңкейиште бир сайып,
Эгем доосун бүт сайып,
Өдө тарта бергенге,
Салды сайып түшүрүп,
Санжыргалуу Күлчоро,
Буурул атын бургутуп,
Жеткен жерде көп элди,
Айдагыдан бек кармап,
Кең ополдун боорунан,
Төш таратып чыкканың,
Тезектей кылып ыргытып,
Ошо Сапар Чорого,
Жараткан алда бар кудай,
Туушту берди ченебей,
Жети сан кара көп колду,
Катуу кырып баратат,
Тутарына ченебей.
Жети сан кара көп колду,
Күлчоро эми аралап киргенде,
Корккондор аттан жыгылып,
Кемерге башы тыгылып,
Өлүп аткан андан көп,
Колун сыйрып кожолоп,
Кооп турган андан көп,
Буту сынып чөгөлөп,
Мунжу болгон мындан көп,
Басмайылы үзүлүп,
Какшап аткан андан көп,
Үй-бүлөнү көрбөстөн,
Катының муң кара кий,
Арам илмей болдук деп,
Ээр токуп кезгектеп,
Өксөп жеткен мындан көп,
Күнү-түнү кырк күнү,
Талыбай уруш кылды эми.
Шыгай кызын калың кол,
Кең Ополго жыйды эми.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Калың колду таба албай,
Алектеп издеп жүрдү эми.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кезектеп дары байланып,
Көз жоорудай айланып,
Калактап дары байланып,
Көк жоорудай айланып,
Сыр жебени асынып,
Булутка кирип жашынып,
Жамгырдай окту жаадырып,
Мөндүрдөй окту төгүлтүп,
Чынкожонун кара аты,
Манастап ураан чыкканда,
Ак келте үнүн укканда,

Асманга чыгаар адаты.
Чынкожону таба албай,
Кол карышып шал болуп,
Он экиде Күлчоро,
Бой жанчылып нан болуп
Бир эс алып алайын,
Деп ошентип Күлчоро,
Жердей болгон бууданды,
Баса жатып Күлчоро,
Чырым этип уйку алып,
Чыканактап тынч алып,
Күлчоро уктап жатканда,
Булуттан өзү бөлүнүп,
Качып келген кайрандыр,
Кандыгына тең болбой,
Кытайдан келген Алманбет,
Бул кул артык туулуп калганбы,
Атасы амалы ашкан ит эле,
Бул кул атасынан үйрөнгөн.
Амал менен жетеби,
Кыя тартып барайын,
Кулду кыйык атып салайын.
Жердей болгон тулпарын,
Эрдигимди билгизип,
Коштоп барып буурулду
Тертүү кылып салайын.
Алып берип чүрөктү,
Жедигердин  Толтойдон,
Кандыгын сурап алайын.
Деп ошентип Күлчоро,
Ары карап турганда,
Алманбет уулу Күлчоро,
Ак кистени көңтөрүп,
Сыр жебе огун алды эми.
Кыргы менен кыргалап,
Сүргү менен сүргүлөп,
Мылтыктын ичин тазалап,
Дарыны куюп алды эле,
Сыр тебеге ок салып,
Бетке кармап алды эле,
Бу кулду кыйып атып салайын,
Ушу кулду өлтүрүп,
Той кылып салайын.
Ай асманда боз эле,
Куранды ташка кынашкан,
Жедигердин Эр Толтой,
Эр Чынкожо дөө менен,
Акыреттик дос эле,
Тилекти кудай мага берди,
Тай буурулдай бууданды,
Толтой достун өзүнө,
Коштоп алып барайын.
Коконго колду салды эми,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чакчаны сууруп алды эми.
Келемпир каткан сыр наспай,
Чоң чакча менен бир наспай,
Алаканга салды эми,
Оозуна тартып алды эми.
Колуна чымчып Чынкожо,
Умачтай көзү ачылып,
Октоп алган сыр жебе,
Кароолго көзүн салды эми.
Мени Чынкожо жерисең,
Кудайым ушу кулду бергин деп,
Чорону атмай болду эми,
Уктап жаткан Күлчоро,
Баса жаткан Тайбуурул,
Ичин тартып алды эми.
Чорону чапчып ойготуп,
Тегеренип калды эми,
Окуранып кылчактап,

Ар түрлүү акыл ойлонуп,
Жаныбарым буудандын,
Көзүнүн жашы бургактап,
Көзүнүн жашы мөлтүлдөп,
Айбан да болсо буурулдун,
Анда башына түшүп ар санаа,
Как ошентип турганда,
Күлчоро турду ойлонуп,
Балада болсо Күлчоро,
Ар түрлүү акыл ойлонуп,
Жараткан кудай жар болсо,
Акырет кеткен эр атам,
Арбагы тирүү бар болсо,
Тилекти кудай бергин деп,
Астыртан атып салайын.
Мени арбак кудай колдосо,
Эрдемсинген Чынкожо,
Алдыма тегеренип киргин деп,
Оң ийиндин үстүндө,
Оң жаканын алдында,
Каныкей берген жалгыз ок,
Октун аты сыр жебе,
Муну согуп алды эми.
Атагы Манастан келген Ак келте,
Койнуна катып Күлчоро,
Кыргы менен кыргылап,
Сүргү менен сүргүлөп,
Сыр жебе окту бир салып,
Колодон кылган жез сүмбө,
Тыкылдатып ургулап,
Окту ордуна келтирип,
Атадан калган ак келте,
Кудай чындап берер деп,
Ак инген болуп буркурап,
Жер-Сууну бузуп куркурап,
Ушинтип барып тийчү эле,
Жараткан кудай бери кир.
Деп ошентип Күлчоро,
Шакдан башын чыгарып,
Ак келте кармап олтуруп,
Короонун көзгө толтуруп,
Чынкожону атканча,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кыйык атып көнгөн кул,
Кыйла жерди көргөн кул,
Камынгадан Чынкожо,
Чорону атып калды эле,
Мергендин тазасы,
Белен турган машасы,
Машаны басып келди эле.
Ошо кезде чоронун,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Башын жара атарда,
Жердей болгон Тайбуруул,
Айбанда болсо жарыктык,
Чын камынып алды эле.
Ак казкынын капталын,
Окко тосуп калды эле.
Алдыңкы кашы карк алтын,
Көткү кашы чылк күмүш,
Эки камтап эр темир,
Темири эрип кетпесе,
Же кудайдан ажал жетпесе,
Чынкожо аткан сыр жебе ок,
Ак казкынын капталга,
Темирге тийип майышып,
Тайып жерге кирди эле.
Октон аман бир калып,
Он экиде Күлчоро,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Алдына минип кара атты,
Учкул күлүк экен деп,

Оң мүрү болжоп муну айтты.
Он экиде Күлчоронун,
Тилегин берип кудурет,
Оң мүрүсүн сыя атты,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Жак ыткынып алды го,
Канаты сынган кара го,
Чынкожонун кара аты,
Канаты сынып келе албай,
Эрдемсинген Чынкожо,
Мойнуна бото салынып,
Күлчорого жалынып,
Кагылайын Күлчоро,
Келериңер билгемин.
Жалгыздыктын айынан,
Жаныма жолдош болсун деп,
Бешме тоңу болсун деп,
Жанагы канкор агаңдан,
Мен белекке сурап жүргөнмүн.
Жарадарыңды билгемин,
Асылдан калган керезим,
Айланайын Күлчоро,
Жалгыздыктын айынан,
Жаныма теңи болор.
Жанагы канкор агаңдан,
Жашыруун сурап жүргөмүн.
Өлтүрбөй мени тосуп ал,
А мен болсом жалгызым,
Улуу бир жолго сапармын.
Бээжинде шейит болгон
көк жалдын,
Бээжинге башчы болуп мен барып,
Тажаалдан өчүн алармын.
Деп ошентип Чынкожо,
Күлчорого жалынып,
Заркырап түшүп келатат,
Алманбет уулу Күлчоро,
Алдынан тосуп алды эми,
Чынкожонун кара атын,
Кандай күлүк элең деп,
Ар кескен менен Күлчоро,
Башын кесип салды эми.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Эрдемсинген немени,
Асткен баатыр элең деп,
Чалкасынан салды эми.
Ар кескен менен Күлчоро,
Сакалынан бек кармап,
Кагып келген кайрангы,
Кандыгында тең болбой,
Кан атамдын барында,
Жедигердин элине,
Кагып келген кайрангы.
Не кастыгың бар эле,
Деп ошентип Семетей,
Чарадай башын алды эми.
Сен аны тынып Күлчоро,
Кынынан сууруп алды эми,
Чыканактап тынч алып,
Чырым этип уйку алып,
Жердей болгон бууданды,
Отко коюп Күлчоро,
Алп уйкуну салды эми.
Күлчоро уктап калганда,
Чылбыр менен тизгиндеп,
Сүйрөп алып Тайбуурул,
Кара үңкүрдүн ичинде,
Жарадар болгон канкорго,
Тайбуурулду сүйүнчүлөп
барды эми,
Тайбуурулду көргөндө,
Канкорду сынап Айчүрөк,

Канкорго үндү салды эми.
Кагылайын падышам,
Кылыгың келет кының жок,
Кагылайын падышам,
Кызыл Буурул келет,
Айкөл пириң жок,
Саадагың келет саның жок,
Кагылайын падышам,
Сенин сандыргалуу иниң жок,
Сыр найза келет сының жок.
Айланайын падышам,
Сенин сырыңды билген иниң жок.
Деп ошентип Айчүрөк,
Канкорду сынап турганда,
Тайбуурул колго тийгенде,
Кагылайын жарыгым,
Тоого бир алып келдиби,
Жолуңа жору кондубу,
Балыгыр сары төш этке,
Улуу куш капыр тойдубу,
Кагылайын жарыгым,
Калдайып кузгун богу болдубу,
Кабака өлүп калдыбы,
Көзүң бир карга ойдубу,
Күлчоромду көп көрбөй,
Жараткан алда бар кудай,
Же мени жалгыз кылып койдубу,
Айланайын жарыгым,
Же кажырдын богу болдубу,
Тубай туна чөгөйүн.
Тумшугу жок мен жалгыз,
Күлчоромдон айрылып,
Таласка кайра барганда,
Мен шордуу кайсынын күнүн көрөйүн,
Бир Айчүрөк кары деп,
Жеп куйруктан ажырап,
Жылгындуу кең кол жериме,
Жыргалдуу ногой элиме,
Сопоп болуп барамбы,
Күлчоромдон айрылып,
Көрүнгөндүн эрдин барына,
Көз каранды мен болуп,
Копол болуп барамбы.
Тубай туна чачайун,
Чынкожо, Толтой ит менен,
Андан көрө мен кургур,
Кармашып жатып өлөйүн.
Деп ошентип Семетей,
Буурулду минип жол тартып,
Чорону издеп калды эми,
Тайбуурул изин кубалап,
Кең Ополдун тоосуна,
Сарынын кайкы жерине,
Салып чыгып барды эми.
Чынкожону көргөндө,
Тайбуурулду дүрбүттү.
Он экиде Күлчоронун,
Төбөсүн жарып бергенде,
Тайбуурул өзү экен деп,
Ээсин тарткан союлгур.
Отко койсом оттобой,
Этинен кууру деп,
Эмиликтен билди деп,
Эликчесин карматып,
Этке чуркап келди деп,
Алманбет уулу Күлчоро,
Бадана кийип балкайып,
Уктап жаткан Күлчоро,
Ак келтени тартынып,
Тура калды чалкайып.
Күлчоросун көргөндө,

Сүйүнгөн бойдон Семетей,
Уктап бир жаткан көзүңдөн,
Айланайын аба өзүңдөн,
Былк этпей жаткан өзүңдөн.
Кара көзүм жалгыз сен,
Кагылсын аба өзүңдөн.
Деп ошентип жалынып,
Күлчорону ээрчитип,
Чынкожого барды эми.
Тууганыңды Семетей,
Ич оору болуп калды эми,
Айланайын Күлчоро
Бекер кылып коюпсуң.
Баяда Чынкожону согупсуң.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Колго мынча тийгенде,
Тирүү байлап албадык.
Жылгындуу кең кол жерине ,
Жыргалдуу кыргыз элине,
Бели катуу шер эле.
Байлап барып Чынкожо,
Кан көтөрүп албадык
Атанын огун алууга,
Бээжинге башчы кылып барбадык,
Деп ошентип Семетей,
Сөздү баштап турганда,
Алманбет уулу Күлчоро,
Ачуусу келип күүлөнүп,
Семетей канга сүйлөнүп,
Абаке бул сөзүңдү ким уксун,
Киши укпаса ит уксун.
Жаа урган жаралуу,
Бул сөзүңдү куш уксун.
Куш укпаса ким уксун,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Өлтүрбөй тирүү  сен койсоң,
Ак никелеп ала элек,
Койнуна бир күн жата элек,
Акундун кызы Айчүрөк,
Сепилде калат каралуу,
Атанын огун алар сен болсоң,
Бээжинге берер эр болсоң,
Жылгындуу кең кол жеримде,
Жыргалдуу кыргыз элимде,
Өзөндүү кең кол жеримде,
Өскөн бир кыргыз элимде,
Карангыда жол тапкан,
Капилеттен сөз тапкан,
Менин олуя Бакай абам бар.
Жараткан олуя бар кудай,
Таалайга берген паанам бар.
Олуя Бакай абамды,
Атанын огун алууга,
Мен башчы кылып барамын.
Жылгындуу кең кол жериме,
Жыргалдуу кыргыз элиме,
Мен кан көтөрүп аламын,
Бээжинге башчы кылып барамын.
Бээжиндеги каңгайдан,
Атамдын өчүн аламын,
Аба келе бери Буурулду.
Атаңдай канкордун,
Астынан Буурул ат минип,
Ополдон түшүп аламын.
Ополдун башы чоң төрдө,
Жедигердин колу бар.
Алды жагын найзалап,
Баарын чогу майдалап,
Катын алчу жезденди,
Ошондон кармап келемин.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Кектүү болгон казыга,

Тирүү алып барып беремин.
Аткарбай огун алсын Толтойдон,
Деп ошентип Күлчоро,
Ополдун оозу чоң торго,
Бет алып жөнөдү,
Жедигердин калың кол,
Туюкта жаткан кең колду,
Алды жагын найзалап,
Аралаша түшкөндө,
Алты жүздөн майзалап,
Аңкоо Толтой кайдалап,
Жеткен жерден найзалап,
Жети жүздөн майдалап,
Жездең Толтой кайдалап,
Калың колду талкалап,
Күнү-түнү кырк күнү,
Катуу уруш болду эми.
Он экиде Күлчоро,
Өлөмүн деп санабай,
Жедигердин калың эл,
Өлгөнүнө карабай,
Найза тийип алактап,
Бүткөн бойдо кызыл кан.
Дирилдеген мындан көп,
Миңдеген атка карабай,
Капырай кайдан келди деги деп,
Эрке кыз албай энеңди ал,
Кудай бардыр Толтой сен,
Түпкө жетмей болду деп,
Төш тартып калың журт,
Кагып жүрөт бириндеп,
Айчүрөк албай абаңды ал,
Чынкожо кулга ишенип,
Кудай урган Толтой кан,
Калың журтту жедиң деп,
Бирин бири көрө албай,
Өлгөнүн алып көмө албай,
Кан Толтойдун калың журт,
Күңгүрөлүп ал жерде,
Бийлеп жүрөт үңгүлдөп,
Кан Толтойду таба албай,
Кең Ополдун оюнда,
Аккан суунун боюнда,
Ат жайлоонун чатында,
Бир жагын суу кылып,
Жыйырмадай жан менен,
Жедигердин эр Толтой,
Турган экен ал жерде.
Эр Төлөктү туу кылып,
Ошол кезде Толтойдун,
Жан казандай башы бар,
Жеткен иттей кашы бар,
Жыйырмадан ашыптыр.
Омуроолуу эр Толтой,
Отузга эрк басыптыр.
Жүргөн жерин чоң кылып,
Кылычтын мизин кең кылып,
Кыйгак найза сыр желек,
Кыраанын Алмаң тукуму,
Качырган жоодон кетпегин,
Камандай болгон кайран шер,
Кайрылып сырын айтпаган,
Эрдин бир кесе чайнаган,
Шекердей ичи кайнаган,
Өрттөй көзү жайнаган.
Ошондо колдун ичинде,
Каргадай болгон балага,
Этине найза тийбеген,
Кудай өзү калкалап,
Кайра кирди Күлчоро,
Төлөктүн колун талкалап,
Ай асманда боз экен,

Төлөк менен кан Толтой,
Экөө жан эрикпес дос экен,
Ошол кезде Төлөктүн,
Сарты Төлөк эрсинген,
Жедигердин эр Толтой,
Өзүнөн өзү эрсинген.
Кабылан Төлөк, кайран шер,
Жеткен иттей кашы бар,
Жан казандай башы бар,
Элүүгө келген жашы бар,
Ошо Төлөк баатырга,
Ичкен тордун оозунан,
Буурул менен тез келди,
Кан Төлөккө кез келди,
Кан Төлөктү өлтүрүп,
Он экиде Күлчоро,
Толтойду көздөй бет алды.
Каргадай болгон чунактан,
Кутулам деген санаа менен,
Качып калды кан Толтой.
Желкектин сары талаа менен,
Алдына минген Сур Коён,
Адыр-адыр жер калса,
Аркар чуркаш салганы,
Аркалуу күлүк Буурул мен,
Алманбет уулу Күлчоро,
Артынан жете барганы,
Астына минген Сур Коён,
Жейрен чуркаш болгону,
Жебелүү күлүк Тайбуурул,
Мында жетмей болду эле,
Анжыдан келген кара жол,
Ага түшүп качты эле,
Акралуу күлүк Тайбуурул,
Анда баспай болду эле,
Кашкарга кетчү кара жол,
Буга түшүп качтыы эле,
Семетей кандын Тайбуурул,
Мында болбой жетти эле,
Эки көзү алактап,
Тоодой болгон Толтойдун,
Коргонууга жер таппай,
Эки буту салактап,
Минтип кууп жүргөндө,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ак куу кебин бир кийип,
Асман менен келгени,
Тоодой болгон Толтойдун,
Алдынан тосуп калганы.
Айчүрөк албай апаңды ал, Толтой,
Эрке кыз албай энеңди ал, Толтой,
Кара саат сени бастыбы Толтой,
Тоодой болгон кан Толтой,
Томуктай болгон баланын,
Астына түшүп качтыбы Толтой,
Муунуңду сенин кетирип Толтой,
Кызыл бир жүзүң кубартып,
Кер тартаарга эр таппай, Толтой,
Кара кылаар шер таппай Толтой,
Керериңе жол таппай Толтой,
Эмине качтың беле Толтой,
Айлак бир Толтой, айлак бир деп,
Астынан чыкты Айчүрөк.
Жедигердин эр Толтой,
Намысыма келди эми,
Чыканактай баладан,
Чырым талы түшө элек,
Чымындап качып жүргөнгө,
Катынга шылдың болгонго,
Кайра тартып алайын.
Бала менен сайышып,
Баланы сынап көрөйүн.

Деп ошентип кан Толтой,
Кайра тартып алды эле.
Куугунда жүргөн чоро мен,
Тоодой болгон кан Толтой,
Алманбет уулу Күлчоро мен.
Бет алышмай болду эле,
Эки шер ай талаада сайышып,
Найзанын огу майышып,
Карагай найза майышып,
Чамындыны карасаң,
Асманда турат зыркырап,
Найзасынан айрылып,
Кылыч менен чабышып,
Эки шердин ошондо,
Чаңдары колдо калышып,
Айбалта менен салышып,
Алардын сабы колдо калышып,
Камчы менен салышып,
Бүлдүргү колдо калышып,
Оң жакадан алышып,
Тайбуурул менен Сур Коён,
Омурого тебишип,
Эки шер атчан туруп элдешип,
Алыша албай эки шер,
Жедигердин эр Толтой,
Сур Коёндой кулактан,
Секире түшө калды эми,
Чырым талы түшө элек,
Чыканактай баланы,
Көтөрүп аттан алайын,
Кармап бир боорун жарайын.
Кабыргасын согойун,
Канын суудай төгөйүн.
Баатыр бир чоро турабы,
Баланын ишин кылабы,
Коросундай ак кол менен,
Толтойдун ийнин тартып,
Тегереги тең куйма,
Темир таман үзөңгү,
Тайбуурулдун үстүнөн,
Теппей ыргып түштү эми.
Эр Толтой менен Күлчоро,
Бегелектен алышып,
Балбандарга чаалышып,
Эки шер катуу кармаш кылышып,
Үстүндөгү олпоктун,
Жакаларын жулушуп,
Эки шер бирин бири ыргытса,
Аягы менен тик түшүп,
Буту жерге киришип,
Буту солгуп калганда,
Кең тарылат кара жер,
Даяр болот казган көр.
Ушинтип эки шер,
Алыша албай турганда,
Манастын уулу Семетей,
Салып жетип калганы,
Атасы Манастан калган
бул канкор,
Кылдан сууруп алды эми.
Айланайын Күлчоро,
Мындай кылгын башыңды.
Тоодой болгон Толтойдун,
Башын чаап салайын.
Сенин балтыр этиң толо элек,
Балбан маалың боло элек.
Тоодой болгон бул Толтой,
Балтыр эти толуптур,
Балбан кези болуптур.
Айланайын Күлчоро,
Кокустан боюбуз суруун албасын.
Деп ошентип Семетей,

Кылычын алып барганда,
Анда Күлчоро туруп муну айтат.
Кокуй күн аба ары бас,
Өзүм жарайм Толтойго,
Чоро менен абасы,
Экөөлөп туруп Толтойду,
Араң зорго өлтүрдү.
Керектүү тууган күң экен,
Деп ошентип Күлчоро,
Безден шылдың кылбайбы,
Экөөлөп туруп Толтойду,
Өлтүргөнүм болобу,
Кокуй аба кайра тарт,
Катын атка конобуз.
Кандын кызы Чүрөккө,
Карысы казык болгонго,
Төбөсү токмок болгондо,
Көзүнө шылдың болобуз.
Деп ошентип Күлчоро,
Пайгамбарлап бакырып,
Камандай болгон кайран шер,
Манастап ураан чакырып,
Баланын катуу үнү чыкканда,
Аксай баскан Сур Коён,
Эки буттун ортодон,
Анадан өтүп калганы,
Алты кулач ак жылан,
Кармашып жаткан чоронун,
Белин алты оронуп калды эми,
Көсө куйрук көк даңкыт,
Тоодой болгон Толтойдун,
Кат жагына келди эми.
Кара чаар кабылан,
Качырып кирип келди эми.
Эки ийнинин мүрүнө,
Баланын мойнун кучактап,
Эркелеп күлүп алды эми.
Алп кара куш зымырап,
Чеңгелин салып тарбайып,
Кармашып жаткан чоронун,
Үстүнө түшүп келди айланып,
Ошо кезде Күлчоро,
Арбак колдоп баланы,
Тоодой болгон Толтойду,
Көтөрүп жерден алды эми,
Чалкасынан алды эми,
Кармап боорун жарды эми.
Толтой менен Сур Коён,
Чылбырын сүйрөп союлгур,
Жети суу көздөй бет алып,
Сур Коён качып келди эми,
Манастын уулу Семетей,
Артынан кана кууп келди эми.
Жедигердин Сур Коён,
Айбанда болсо союлгур,
Акыл ойлоп келди эми.
Мен жети суу качып бергенди,
Эрешен тартып зар болуп,
Эр уулум менен тең болуп,
Эр Багыштын ошондо,
Мени ардактап минер уул жок,
Картайып эле багыш калыптыр,
Өзү минер мууну жок,
Менин оң кулагым кеспес деп,
Ополго мени бербес деп,
Сол кулагым кеспес деп,
Согатка мени бербес деп,
Атасынан баласы,
Шай колдогон эр эле,
Касиети бар эле.
Мени ардактап минер деп,
Окуранып кылчактап,

Көзүнүн жашы буурчактап,
Ошондо туура тартып турду эми.
Манастын уулу Семетей,
Сур Коёндой күлүккө,
Жетип салып келди эми,
Чылбырын илип алды эми,
Үзөңгү боого салды эми.
Ак каңкынын башына,
Бекет ороп алды эми.
Неткен күлүк ит деп,
Манастын уулу Семетей,
Ачуусу келип сурданып,
Кылычты сууруп алды эми,
Душмандын аты мал болбойт.
Башын кесип сексен деп,
Акыл ойлоп калды эми.
Олжодон түшкөн союлгур,
Мунун оң кулагын кесейин,
Олжого муну берейин,
Сол кулагын кесейин,
Согат деп адам бир келсе,
Согатына берейин.
Деп ушинтип Семетей,
Сур Коёндой күлүктүн,
Кулагын кесип алды эми.
Ал аңгыча болбоду,
Күлчоро менен Канчоро,
Абаке олжого түшкөн күлүктү,
Соогатка бизге берсин деп,
Айкырыгы баш жарып,
Кыйкырыгы таш жарып,
Эки чоро келатат,
Чоролорду көргөндө,
Кубангандан Семетей,
Эки чоро эр чором,
Эрдигиң мага тең чором,
Жарышып экөөң кел деди,
Чыкканың Сур Коёнду ал деди.
Ак тепки менен сур тепки,
Эки чоңдо бир тепки.
Олбуй-солбуй теминип,
Оң-тетири камчы уруп,
Эки чоро келатат.
Канчоро минген сур телки,
Далай буудандын тазасы,
Аныгы кер кайыптын баласы.
Семетейге жеткенде,
Кек тепкиден сур тепки,
Моюнга чыгып барды эми.
Манастын уулу Семетей,
Ийе тартып а жерден,
Күлчоронун өзүнө,
Айланайын Күлчоро,
Эр сайган ат алат,
Сур Коёндой күлүктү,
Ие  тартып а жерден,
Күлчоронун өзүнө,
Серпип бир салды чылбырды.
Тарынгандан Канчоро,
Айтып атка тойбогон,
Ичип канга тойбогон,
Манастын уулу Семетей,
Жарышып экөөң кел дейсиң,
Чыкканың Сур Коён күлүк
ал дейсиң,
Жарышып чыгып мен келсем,
Оң түзөйсүн бир тайга,
Олжомду неге бербейсиң,
Эрди сайса тең сайдым,
Качан мен Күлчоро кулдан
кем сайдым.
Ажону сайсам тең сайдым,

Качан деги мен кургур,
Күлчородон кем сайдым.
Шаарга кирип алдымбы,
Сен урушта жүргөндө,
Жан калкалап калдымбы,
Соогатка берчү атыңды,
Жарышып келип ал дейсиң,
Жерышып чыгып мен келип,
Сур Коён күлүк бербейсиң.
Чубактын уулу Канчоро,
Көңүлүнө алды эми,
Бек таарынып калды эми,
Бир кылбадың үч кылдың,
Ушунуңду күч кылдың.
Деп ошентип Канчоро,
Семетейден бөлүнүп,
Ак телкини ачыгып,
Кайкыга жатып алды эми,
Жедигердин калың кол,
Шыгай кандын көп аскер,
Эр Төлөктүн сан колу,
Эр Кынайдын топ аскер,
Эрдемсинген малайдын,
Миң-сан колу дагы көп,
Жети – суунун куйганда,
Кан Калчанын калың кол,
Кырылгандан калганы,
Атын таштап калың эл,
Муздактын башын жөө ашып,
Жерин көздөй качканы,
Алты күнү Күлчоро,
Адырлуу тоодон жан кыйнап,
Ай-талаадан ат жыйнап,
Ат эсебин алганы,
Он эки дептер кат болуп,
Ат эсебин алганда,
Он сегиз миң ат болду.
Олжодон түшкөн ат айдап,
Айыга салып бат айдап,
Тон токойу кап жыйнап,
Акун кандын элинин,
Олжосуна берем деп,
Ошо кезде Күлчоро,
Кең талаа көздөй бет алып,
Аттарды айдап жөнөдү.
Акундун кызы Айчүрөк,
Кырк жоокер эр жигит,
Уул көңүлүнө алды деп,
Сур Коёнго таарынып,
Келбей жатып калды деп,
Кайкыда жаткан чорого,
Салып Чүрөк барды эми.
Таттуу кептен салды эми,
Айланайын уулуке,
Сур Коён күлүк ал өзү,
Бир тай тура уулуке,
Адал өлсө уулуке,
Бир отуруш эт болоор,
Арам өлсө Сур Коён,
Бир жоруга жем болот.
Мына кырк жоокер тартуу,
Мен сатуу уулуке,
Айланайын уулуке,
Ээрчиткеним кырк чоро,
Олжо кылсаң баарын ал,
Же болбосо уулуке,
Таарыныч коюп көңүл ал,
Акундун кызы Айчүрөк,
Өзү билгич күң экен,
Амалкөй тилге салганы,
Алты күнү солк этпей,
Таарынган бойдон былк этпей,

Кайкыдан жаткан кан чоро,
Акундун кызы Айчүрөк,
Амалкөй тилге салганы,
Канчорону эрчитип,
Кепилге алып барганы.
Кең кепилге бедер барганда,
Кепилде жаткан зор каның,
Калың журтун жыйды эми,
Ак боз бээни алды эми,
Так түштө түлөк чалды эми,
Жылкыдан кармап сур союп,
Минилбеген кур союп,
Он күн түлөө берди эми.
Кепилде жаткан зор каның,
Талыкшыган буудандын,
Алп уйкусун бузбастан,
Азбай уктап алсын деп,
Дарбазалуу коргонго,
Айчүрөктүн ордого,
Жан каттатпай койду эми.
Сакчыларга кайтартып,
Тамашага канган шер,
Кектешкен жоосун алган шер.
Бир ай жатты ордодо,
Акыры орун болгондо,
Бойлорун жыйып алганда,
Кепилде жаткан Акун кан,
Калың элди жыйды эми,
Коногуна кой союп,
Зор Акун кан тай союп,
Түштүгүнө бээ союп,
Түндүгүнө Акун кан,
Сүт бото Тайлак төө союп,
Билериктүү сур союп,
Минилбеген кур союп,
Акун кан берди кырк күн той,
Кожо молдо жыйдырып,
Курандан кутпа түшүрүп,
Шариятка тууралап,
Балдарга нике кыйдырып,
Актыгын бейбак билдирип,
Манастын уулу Семетей,
Ак төшүнө мингизип.
Эки чети алжайып,
Этектей шер кан жайып,
Эртең менен кан Чүрөк,
Боюна даарат алалбай,
Бала кездей байлыктан,
Басалбай турат талтактап,
Кепилде жаткан зор каным,
Көргөн жаным ушул деп,
Энчи бөлүп мал берип,
Ордо жасап үй камдап,
Керегесин көктөтүп,
Ак алтын менен бөрктөтүп,
Чамгарагын чаптырып,
Жакут алтын жаптырып,
Кепилде жаткан зор каның,
Түрткүлөдү ордону.
Жабык башын сайдырган,
Кепилде жаткан зор каным,
Жана октомду болсун деп,
Жабык баштын үстүнө,
Жер тактап кундуз салдырган,
Чоң ордонун короого,
Кепилде жаткан зор каным,
Урумдан уста алдырган.
Уздун баарын чогултуп,
Алты айда ордо бүттү эми,
Он эки лөккө үй жүктөп,
Сексен бир нарга сеп жүктөп,
Манастын уулу Семетей,

Алманбет уулу Күлчоро,
Чубактын уулу Канчоро,
Текечи кандын Деркембей,
Бакайдын уулу бай Тайлак,
Сары кандын Калыгы,
Ай тийгендей Жарыгы,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ээрчиткен кырк жигит,
Кан Акундун айлынан,
Улук кандын шаарына,
Үй тигүүчү кырк жоокер,
Сексенин алып кепилдин,
Кең колду көздөй бет алды.
Үч арал Үргөнч чоң дайра,
Агыны катуу суу кечип,
Ашуусу бийик тоо ашып,
Санаты кырк күн жол басып,
Кең колго барды кайран шер,
Айдамалуу мал менен,
Назы бир сексен жан менен,
Дарбазалуу коргондон,
Чачыкейдин ордодон,
Жүктү оолак түшүрүп,
Бакай менен Каныкей,
Ардактуу Чыйырды,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ал үчөөнү алдырып,
Кең колго кайра барганда,
Так түштө түлөө чалдырып,
Чыйырды, Бакай, Каныкей,
Үчөөнүн алдына такта орнотуп,
Үстүнө мамык салдырып,
Үчөөнү бар байлады Айчүрөк,
Аргын ногой калың журт,
Калың журтун чогултуп,
Кырк күн тойду берди эми.
Анжиян каны куш беги,
Кокондун каны Сынчыбек,
Ушуларды чакырып,
Булардын коногуна кой союп,
Түштүгүнө бээ союп,
Түндүгүнө Семетей,
Сүт бото Тайлак так союп,
Тойду баатыр узатты.
Бакай канга кеңешип,
Алманбет уулу Күлчоро,
Кызуу менен Абаке,
Кан көтөрүп алам деп,
Бээжинге башчы кылып берем деп,
Бээжиндеги Калдайкан,
Өлбөй тирүү мен болсом,
Айланайын абаке,
Атамдын өчүн алам деп,
Чырды салды Күлчоро.

## МАНАСТЫН КУНУН КУУ

Чүрөктү алып келгенде,
Калың тойду бергенде,
Кырк күн өргүү болушуп,
Кырк күн тойду беришип,
Аргын кыргыз ногойду,
Бүт чогултуп алышып,
Так түштө түлөө беришип,
Аргын кыргыз көп ногой,
Камкоруна келишип,
Сексен беште Бакайды,
Ак килемге салышып,
Таманын жерге тийгизбей,

Туруктуу Бакай көк жалды,
Ордого алып барышып,
Алтындан кылган тактага,
Букардан келген тинтиге,
Жибектен жайган пахтага,
Аюу талпак чоң күрсү,
Карып калган Бакайды,
Сары алтын такты мингизип,
Аргын, кыргыз, ногойду,
Кан Бакайга билгизип,
Бирөөгө көздү, тик сөздү,
Бөлөкчө тууган Күлчоро,
Аргын менен ногойдон,
Аттануучу кой кашка,
Алманбет уулу Күлчоро,
Он төрткө толгон кезинде,
Ак калпактуу кыргыздан,
Акыл эси бир башка,
Ошондо чоро сөз баштайт.
Кан Бакайдын алдына,
Айланайын абаке,
Биз Бээжиндин жолун чалабыз,
Бээжиндеги кытайдан,
Шейит болгон зор атам,
Атанын өчүн алабыз,
Ак боз бээни алдырып,
Так түштө түлөө чаладырып,
Арчалуу мазар чалдыбар,
Муну тайып алабыз.
Ногойдун он төрт күлүгүн,
Сур Коёнду баш кылып,
Арчалуу мазар чалдыбар,
Колдогонун билебиз.
Колдогону чын болсо,
Ак тайлак болуп боздойт дейт.
Элеси көзгө көрүнүп,
Колдоп калса чалдыбар,
Айдап алып он төрт ат,
Бээжиндин жолун чалабыз.
Айланайын атаке,
Карызым деп айтпагын,
Бээжин деген канкорго,
Сизди башчы кылып барабыз.
Алманбеттин Күлчоро,
Сөздү бүтүп Бакайга,
Эми кеп айтады абага,
Айланайын аба деп,
Мен кеп айтайын сага деп,
Кулак салчы мага деп,
Ордодогу канкорго,
Ошондо чоро муну айтат,
Адам билбес шумду айтат.
Айланайын абаке,
Бээжиндин жолун чалалык,
Бээжиндеги калдайдан,
Айланайын абаке,
Атанын өчүн алалы.
Кол жылуусун кетирбей,
Кызуу менен баралык.,Эми кытайды кошо чабалык,
Эркек козу тузганда,
Курмандыкка жараткан.
Эркек бала тууганда,
Намыс үчүн жараткан,
Эрешен тартып эр болдук,
Эр уулу менен тең болдук.
Эрбейип атка биз миндик,
Жоо каарын биз билдик.
Эгер Бээжин бербесек,
Тузбай туна чөгөлү,
Мындан көрө өлөлү.
Деп ошентип айтканда,

Манастын уулу Семетей,
Баатыр бул айтканың акыл деп,
Эң эле сонун акыл деп,
Ошондо макул кана болду
кайран шер,
Баатыр макул болгондо,
Күлүстөн уулу Күлчоро,
Ордодон чыгып кеткени,
Акундун кызы Айчүрөк,
Кара жолтой жөөт күң,
Семетейге кеп айтат,
Тирит, жылан жылы астыңда,
Төрөт, жылкы жылы үстүңдө,
Жыйырма беште мүчөлүң,
Кандуу бут болгон чагыңда,
Төрө, быйыл Бээжинге
барар жыл эмес,
Бек кармады Айчүрөк.
Бээжинге жибербей турду эми,
Бул сөзүнө чүрөктүн,
Баатыр макул болду эми,
Бээжинге ойду койду эми.
Ошондо акылман Бакай
кеп айтып,
Балдар аттангыла деп айтып,
Бээжинге жүрмөк болду
зор Бакай.
Ошондо он экиде Күлчоро,
Атасындай канкордун,
Алдына кирип келди эми.
Огойдун он төрт күлүгүн,
Кумдан кууп келдим деп,
Абакем кетип калыптыр,
Мен барайын аттанып,
Анда Акундун кызы Айчүрөк,
Анда туруп муну айтат.
Айланайын падышам,
Кырдан кыдырып бурул
сурданат,
Жазынкысын болгондо,
Жылгалаңын баштарын,
Жылтыраган муз алса,
Төрт музталак болуп бир калса,
Жылдын мойну узарса,
Төрөм малдын жайы не болот,
Үзөнгүнүн баштарын,
Үзгүлөнгөн муз алса,
Күндүн мойну узарса,
Төрөм элдин жайы не болот.
Төрөм элиңдин жайын кылып кет,
Бир жактан душман жоо келсе,
Калкыңдын жайы не болот.
Калкыңдын жайын кылып кет,
Элиңди жайлап, май жайкап,
Элиңдин жайын кылып кет,
Эки санаа сен болбой,
Бир бет болуп тынып кет.
Деп ушинтип айтканда,
Анда Күлчоро туруп муну айтат,
Жылгалардын баштарын,
Жылтыраган муз алса,
Жылдын мойну узарса,
Кур өңдүнүн баштарын,
Күгүлөнгөн муз алса,
Күндүн мойну узарса,
Сары кары көп түшүп,
Жуталаң болуп бир калса,
Койду айдап шак кыштат,
Жылкыны айдап сырт кыштат,
Уйду айдап жеңеке,
Кең өзөн копа саз кыштат,
Төөнү айдап бак кыштат.

Мунун несин айтасын,
Минтип айтып Күлчоро,
Бакай канга барды эми,
Айланайын абаке,
Сен Бээжинге барбасаң,
Атанын өчүн алууга,
Ок-даарыны арттырып,
Кара пилди коштотуп,
Гүл азыгын тарттырып,
Он төрт атты айдатып,
Айланайын абаке,
Жалгызың аттанып кетти
деп айтат.
Бээжинге барбас сен болсоң,
Карыдым деп жазгансаң,
Канкорду токтотуп калгын
деп айтат.
Ошол жерден Бакай кан,
Аттанып чыкса тил албайт,
Аттанып жолго салайын,
Бээжинге башчы болуп барайын.
Мындай бир эмес тилегим,
Менин сом кара таш өкүрүгүм,
Жалгызымдан айрылсам,
Сынбайбы менин билегим,
Кайтпайбы менин тилегим.
Бээжинге кантип барбай
калайын,
Деп ошентип кан Бакай,
Аттанып жолго чыкты ошол.
Алангыча болбоду,
Бөрөчө көздүү тик сөздүү,
Бөлөкчө трууган Күлчоро,
Айланайын абаке,
Барбас болсоң абаке,
Абакеңе баргын деп,
Бүгүн абакеме баралы,
Барып акыл салалы.
Деп ушинтип мен айтсам,
Ат семирип жык толду,
Эр семирип бук болду.
Деп ушинтип атакең,
Балдар батыраак келгин деп,
Аттанып кетти абакең.
Семетейге келгенде,
Айдаганы он төрт ат,
Артынганы ок-дары,
Асынганы ак келте.
Атамдын өчүн алсам деп,
Алооке уулу Коңурбай,
Ободон жылдыз оң тартып,
Башчы кылып Бакайды,
Үч баатыр аттанып чыкты
жол тартып,
Карбаластап бир жүрүп,
Атадан калган мураспы,
Ак шумкарды унутту,
Берендер узап жолго чыкканда,
Акундун кызы Айчүрөк,
Кереметтүү куу далы,
Ак куу кебин кийди эми,
Шумкарды кучактап алды эми.
Далыга салып тапшырып,
Акундун кызы Айчүрөк,
Күнү-түнү дагы учуп,
Эл ак чийге барганда,
Ак шумкарды алып Айчүрөк,
Эртең менен болгондо,
Кындырдай бели бүгүлүп,
Колтукка кысып шумкарды,
Бакайдын алдына барды жүгүрүп.
Шумкарды берип Айчүрөк,

Болбой койгон чорону,
Каргап келген Айчүрөк,
Барганыңдан келбе деп,
Кайрылып элди көрбө деп,
Ошол жерден Айчүрөк,
Каргышын кайра жандырып,
Кара ташка түкүрдү.
Таш жарылып былгырап,
Каргышын кайра жандырып,
Кара сууга түкүрдү,
Кара суу кайнап жоголду.
Ак шумкар барып колуна,
Семетей иши оңолду.
Андан учуп Айчүрөк,
Сепилди көздөй сызды эми.
Ал аңгыча болбоду,
Айчүрөктөн бөлүнүп,
Төртө жолго кирди эми.
Аскер каны Мурадил,
Колунда беш миң аскер бар,
Жол кайтарып жүрчү экен.
Саганын белин ашканда,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Кароолго чыгып барганы,
Айдаган он төрт күлүктүн,
Изин таап алганы.
Ошол изди кубалап,
Кароол карап олтуруп,
Саганын аркы бетинде,
Күлчоро менен Канчоро
Терекке керме салганы,
Чатырды тигип алганы,
Буудандардын баарысын,
Кермеге байлап салганы.
Кырымдын уулу Мурадыл,
Чыйрыктырып он төрт ат,
Күндү жайлап алганы,
Таң атканча Мурадыл,
Кара жамгыр жаадырып,
Түн ортосу ооганда,
Сыргакты салып сыздатып,
Сары карды түшүрүп,
Керменин аягында Канчоро,
Баш жагында Күлчоро,
Ыштан салды кылышып,
Таң сөгүлүп келгенде,
Чылбырларын чече албай,
Айдаган он төрт күлүктүн,
Аттарды отко коюп жатканда,
Олуя Бакай кеп айтат,
Көк чолок менен Тайбуурул,
Агытпагын деп айтат.
Көк чолок менен Тайбуурул,
Кермеде калды буудандар.
Айдаган он төрт күлүгү,
Бек чыйрыгып калыптыр.
Анда санда чөп үзүп,
Он төрт атты ээрчитип,
Анык күлүк Сур Коён,
Төш таянып барганы,
Он төрт ат торпуга чыгып барганда,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Сыр бараңды бир атып,
Добулбасты койгулап,
Айдаган он төрт күлүктү,
Торпудан тийип алганы.
Чыйрыгып калган чылбыры,
Тайбуурулду чече албай,
Алманбет уулу Күлчоро,
Ак келтени бир атып,
Жөө кубалап калды эми.

Кырымдын уулу Мурадыл,
Калмактын жайын салды эми,
Он төрт ат изин жаткырып,
Кырымдын уулу Мурадыл,
Аттарды тийип алды эми.
Бакай менен Семетей,
Тайбуурул менен Көк чолок,
Жайдак минип алды эми.
Он төрт аттын көбүнөн,
Куугунга чыгып барды эми.
Кырымдын уулу Мурадыл,
Кесерден карды түшүрүп,
Из кубалап табууга,
Из таптырбай кетти эми.
Семетей менен эр Бакай,
Кошко кайра барышып,
Капаланып эр Бакай,
Атаңдын көрү эки акмак,
Же учкаштырсам батпайсың,
Алыскы жолго барабыз.
Жөө айдасам баспайсың,
Олуя заада эр Бакай,
Көк чолоктой бууданга,
Чоң чатырды салышып,
Манастын уулу Семетей,
Азык-түлүк артынып,
Күлчоро менен Канчоро,
Жөө айдады экөөнү,
Күнү-түнү жол тартып,
Уктабай түндү атырып,
Санап жылдыз батырып,
Агымы күчтүү суу кечип,
Ашуусу бийик тоо ашып,
Санаты кырк күн жол басып,
Арсланбабка барды ошол,
Арсланбабка барганда,
Канчоро баспай калды ошол.
Канчоро баспай калганда,
Кара үңкүргө киргизип,
Алты күн өргүүн болушуп,
Кийик атып эр Бакай,
Бакай менен Семетей,
Кара үңкүргө толтуруп,
Биз кайрылып келгенче,
Ушу жерге бек жаткын.
Жайган этти акмактар,
Азык кылып жеп жаткын.
Гүл азыктан беришип,
Бакай менен Семетей
Чоң чатырды салынып,
Жолго түштү кайран шер.
Күнү бирдей жол жүрүп,
Түнү бирдей жол жүрүп,
Уктабай таңды атырып,
Санап жылдыз батырып,
Ашуу ашып таш басып,
Агымы катуу суу кечип,
Санаты токсон күнү жол кесип,
Ошондо тал чоку ченге барды эле.
Тал чокуга барганда,
Олуя заада эр Бакай,
Бээжинди көздөй бет алып,
Кароол карап калды эле,
Кароол карап олтурса,
Кара тоонун оюнда,
Кыл Эртиштин боюнда,
Коңурбайдын көл жылкы,
Ошондо жатат жыбырап,
Билериктүү сур жылкы,
Минилбеген кур жылкы,
Майлагандай карала,
Баары бирдей сарала,

Чыпка куйрук торала.
Чымындыктай көк ала,
Санаса санак жетпей сан болгон,
Көк алага эсеп жетпей миң болгон.
Бу Бээжиндин ичинде,
Коңурбай сындуу ким болгон,
Бээжинден чыккан мыктуу ит,
Жоонун аймасын билген ыктуу ит,
Кендир өтүк кебез шым,
Кечилдин каны Коңурбай,
Жаткан экен Бээжинде.
Бакай баарын корүп отуруп,
Жалгызым тетиги көгөрүп жаткан көк каткы,
Көкмөк кулжа жатуучу,
Аркардан кулжа алгандыр.
Арап окуу окутуп,
Кытай маш үйрөтүп салгандыр,
Маш үйрөтүп кулжаны,
Жол кайтартып алгандыр.
Айланайын жалгызым,
Өткөн ишти эстесем,
Өткөн шерлер ушундан,
Жүрөгүм күйөт ичим чок.
Кулжаны алдап берүүчү,
Алманбет кыраан кишиси жок,
Жараткан жардам бир болот,
Кулжасын атып алабыз.
Жаңырыктын кызыл зоо,
Такыядан узун зоо,
Оозунда кара үңкүрү бар эле,
Мында маш үйрөткөн түлкү бар,
Жол кайтарып жаткандыр.
Жараткан жардам бир болсо,
Кытайдын түлкүсүн атып алабыз.
Бу сакчыны биз алсак,
Өзөндөгү жылкынын өрүшүн буз бет алат,
Ак үргөн менен кыл Эртиш,
Эки суунун куйганда,
Канаттуудан сакчы бар.
Балапан өрдөк алгандыр,
Маш үйрөтүп бу кытай,
Жол кайтартып салгандыр.
Буга ак шумкарды салабыз,
Бээжиндеги калдайдан,
Шерлердин өчүн алабыз.
Ошо жерден эр Бакай,
Тал чокунун тар кыя,
Ойго түшүп барды эми.
Семетейди ээрчитип,
Карысы да эр Бакай,
Өзү көргөн жол менен,
Бээжинге жүрүп калды эми.
Тал чокудан түшкөндө,
Былкылдактын сазында,
Семетей, Бакай эки шер,
Күнү-түнү жол жүрүп,
Аз гана күнү мол жүрүп,
Уктабай таңды атырып,
Санап жылдыз батырып,
Ашуу ашып таш басып,
Агымы катуу суу кечип,
Санаты он беш күнү жол жүрүп,
Көгөрүп жаткан көк кайкы,
Көк кайкыга барды эми.
Айланайын жалгызым,
Ак келтени мага бергин,
Мен атайын кулжаны.
Айкөлүм Манас барында,
Айткан бирим тилим алчу эле,
Акылыма көнчү эле.

Ак келте ыгын биле албай,
Алыс атып салбагын.
Деп ушинтип айтканда,
Манастын уулу Семетей,
Сексен беште жашыңда,
Мен атамын кулжа деп,
Талашпагын келтени.
Сенин кең колго көзүң жетеби,
Өзүм атам кулжаны.
Деп ошентип Семетей,
Бербей койду келтени.
Ал аңгыча болбоду,
Очогор сайлуу ак келте,
Дүрмөтүн салып канкору,
Туушап жаткан кулжаны,
Ошондо өңүп барды эле,
Алды жагы бакыт өргө,
Көк чолок менен эр Бакай,
Кулжанын жолун тосуп калды эле.
Туушап жаткан кулжаны,
Манастын уулу Семетей,
Кайкыда чыга бир калып,
Кароолду бетке алды эле,
Өкүмсүнгөн куу чунак,
Дардайып жаткан кулжаны,
Алыс атып салды эле,
Тура калып чоң кулжа,
Тарк косуруп салды эле,
Төө туманды түшүрүп,
Бээжинди көздөй бет алып,
Кулжа качып калды эле.
Кулжа качып калганда,
Тил албадың жетим деп,
Ошо жерден эр Бакай,
Мурутту булкуп алганы,
Кокуй Манас аба деп,
Сакалды жулкуп салганы,
Кокуйлап коендун шыйрагын
суурул алганы,
Өзүнүн чылпагын сүрүп алганы,
Жашын арчып салганы.
Колундагы көк чыбык,
Бакай кан бетке каптай алганы.
Келе жаткан кулжаны,
Жөө туманга аралаш,
Агарып таңы көрүнөт.
Кыйчалыш өтүп алганда,
Олуя Бакай кайран шер,
Белен турган машаны,
Бат атары колунда,
Олуя деди эр Бакай
Жаратканга жалынып,
Агарган таңга бир койду,
Ошол кезде кулжанын,
Карысы да кан Бакай,
Кулжанын белин сый койду.
Очорулуп келгенде
Кармап союп кулжаны,
Кулжаны атып алганда,
Ак олпокту салынып,
Семетей келди кайран шер.
Кулжаны көргөн көзүңдөн,
Айланайын жылгыз өзүңдөн.
Деп ошентип Семетей
Кулжаны союп алышып,
Аттанды куяр кылышты.
Күнү-түнү жол тартып,
Бээжинди көздөй бет алды.
Жаңырыктын кызыл зоо
Текирден узун зоо,
Кызыл зоонун кара үңкүр.
Кара үңкүргө барганда,

Олуя Бакай кайран шер
Эч нерседен кабар жок.
Эркин жайлап бир жүргөн
Баягы кыйыр чоң түлкү
Мойнок ташты ашканда,
Кароол карап олтуруп,
Чоң түлкүнү көргөндө,
Олуя Бакай кайран шер
Ага жакын мойноктоп,
Өрдөктөй мойнун жашырып,
Короздой мойнун ашырып,
Түлкү деңгээлине келгенде,
Атып алды түлкүнү.
Бизге кудай берип салды деп,
Айланайын жалгызым
Атаң Манас барында,
Кеңешип бирге жүргөндө,
Менин тилим алчу эле,
Кыл дегеним кылчу эле.
Кымбатым менин айкөл шер,
Айланайын жалгызым,
Айткан тилди алып жүр.
Эңкейип барып чабуучу,
Бу кытай эрдин зоока эл эмес,
Барып чаап алуучу,
Бу кытай маргалаңдын сарт эмес,
Далай шерди кыйраткан,
Жандын баарын ыйлаткан,
Өч алабыз кытайдан.
Деп ошентип кан Бакай,
Семетейди ээрчитип,
Эртиш менен Күрпүлдөк,
Как ошого барабыз.
Жараткан кудай жар болсо,
Акырет кеткен айкөлүң
Арбагы тирүү бар болсо,
Тажаалдын ордосун эптеп алабыз.
Ак Шумкарды салабыз,
Анан Бээжин барабыз.
Бээжиндеги тажаалдан,
Эген шерлерди шейит бир кылган,
Калдайдан өчтү алабыз.
Деп ошентип кан Бакай,
Күнү бирдей жол жүрүп,
Түнү бирдей жол жүрүп,
Чытырман токой калыңгер,
Кандай заман күн болду,
Ай караңгы түн болду.
Таң кылактап сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Намаз маалы болгондо,
Эки суунун куйушка,
Сары имектин чатына,
Күндүн нуру чалганда,
Семетейди ээрчитип,
Ак Шумкарды колго алып,
Суктанып келген Ак Шумкар,
Колго алып кан Бакай,
Томогосун кийгизип,
Бакай алып барганда,
Манастын уулу Семетей,
Аба шумкарды мага бергин деп,
Мен салайын шумкарды.
Деп ошентип айтканда,
Билек күчүң бар эле,
Атаңдан калган шумкарды,
Алыс шилтеп кырчусуң,
Шумкар алыс кетпесин.
Түпкө чогу жетпесин.
Көлдө отурган куу өрдөк,
Кутулуп кетип калбасын,
Бээжинге кабар салбасын,

Айкөл Манас барында,
Кыл дегеним кылчу эле,
Кушун бийлеп салчу элем,
Жолун бийлеп чапчу элем.
Келдикер кылба мени сен,
Айкөл Манас шерим жок,
Шумкарды өзүм салайын,
Деп ошентип кан Бакай,
Шумкарды сурап турганда,
Манастын уулу Семетей,
Катуу айтты Бакайга.
Кузгундай көзүн кызартып,
Куудай сакал узартып,
Жол талашып болбойсуң,
Талашканың койбойсуң.
Өзүм салам шумкарды,
Манастан калган мурапбы,
Ошентип бербей койду Бакайга.
Көлдө отурган өрдөккө,
Айкырыгы баш жарып,
Өкүрүгү таш жарып,
Этек-жеңди каккылап,
Өйдө-төмөн чапкылып,
Куу өрдөк учуп калды эми.
Манастын уулу Семетей
Алтындан кылган томого
Алдыртан жулуп алды эми,
Оозуна тиштеп алды эми.
Атасы Манастан калган
Ак Шумкар,
Ошону таманга кагып салды эми.
Колу күчтүү түгөнгүр,
Шумкарды алыс шилтеп
салды эми.
Алыс кетип Ак Шумкар,
Жолум үйдөй дамбалга,
Төшү менен бир тийип,
Көлдөн учкан өрдөктөн,
Ак шумкар жакшы алалбай,
Отуруп дагы калды эми,
Ак Шумкарды жерге уруп,
Коңурбайдын куу өрдөк,
Кутулуп кетип калды эми.
Алып конгон ак шумкар,
Асманга чыккан өрдөктү,
Көздөн кайым бир болуп,
Кууп кетип калды эми.
Шумкардын дайнын таба албай,
Бакай менен Семетей,
Алты күнү ал жерде,
Шумкарды таппай калды эми.
Куу өрдөк асман менен жүрүптүр,
Узун жолду кыскартып,
Манас кандын Ак шумкар,
Жергем деп учуп жүрүптүр.
Коңурбайдын чоң капка,
Кан Манастын Ак шумкар,
Адамдан эстүү жаныбар,
Чоң капканын оозунан,
Илип алып өрдөктү,
Төш этинен чокубай,
Кайра тартып калыптыр.
Кайра тартып бир келип,
Ээ белдин жолуна,
Жалгыз кара соку таш,
Үстүнө конуп Ак шумкар,
Өрдөктүн жүнүн тытты эми.
Мекеден келген беш эшен,
Белеке берген чоң дүрбү,
Дүрбүнү алып эр Бакай,
Тозоктун төрт бурчун,
Арытып карап отуруп,

Ошондо көрдү шумкарды.
Семетейге муну айтат,
Айланайын жалгызым,
Бээжиндин берки кайкылы,
Ээр белдин жонунда,
Соку таштын үстүндө,
Жүн жулгансып олтурат.
Тилекти кудай бергенби,
Айкөлдөн калган мурапым,
Өрдөктү алып келгенби,
Курсагы ачкан Ак шумкар,
Жүнүн жулуп жатканбы,
Дүрбү менен сен көрүп,
Как ошого барып кел,
Ак Шумкар болсо алып кел.
Деп ошентип эр Бакай,
Семетейди жөнөттү.
Манастын уулу Семетей,
Олбуй-солбуй теминип,
Оң-тетири камчы уруп,
Семетей эми жөнөдү,
Ээр белдей белестен,
Салып чыгып барганда,
Манас кандын Ак шумкар,
Жүнүн тытып этин жеп,
Таранып качкан кези экен.
Манастын уулу Семетей,
Шумкарды алып колуна,
Алтындан кылган томого,
Башына катып Семетей,
Жараткан жардам болду деп,
Атаңдан калган Ак шумкар,
Тажаалдын өрдөгүн алып
келди эми.
Сүйүнгөн бойдон Семетей,
Эки этеги далдактап,
Эки буту салбактап,
Бакайга жетип калды эми.
Олуя Бакай кайран шер,
Жаңы келген келгинден,
Дагы алдырып кан Бакай,
Жаш этке жаңы тойгузуп,
Алтын боону алганы,
Бакай жан калтага салды эми,
Томого катып мойнуна.
Асылдан калган керээзим,
Айланайын Ак шумкар,
Кереке өзүң жарадың,
Кайра бирин учуп ала көр,
Улуу бир жолго сала көр.
Күндүзү учпай түндө учуп,
Кең колго кайра бара көр.
Аман-эсен барды деп,
Аргын кыргыз элиме,
Барып кабар сала көр.
Айланайын Ак шумкар,
Күндүз учпай түн учкун,
Күдөрүң бузбай күндө учкун,
Деп ошентип эр Бакай,
Коштошуп туруп шумкарды,
Учуруп кайра жөнөттү.
Бакай менен Семетей,
Андан ары жол жүрүп,
Боточуктун боз мойнок.
Ээр белдин жонуна,
Бакай менен Семетей,
Экөө чыгып барганда,
Бакай кан дүрбү салып олтуруп,
Айланайын жалгызым,
Асылым атаң барында,
Бээжинге казат барганда,
Зор атаңдын кырк чоро,

Шейит болгон жер ошол.
Кыдыр ата кырк чоро,
Бейит болгон жер ошол,
Шейит болгон кырк чоро,
Баарын кырка койгонбуз.
Эрте тартып эр болуп,
Эрбейип атка минсеңер,
Бээжиндин жолун билсеңер,
Ушу турган Бээжинге,
Атанын өчү алмакка,
Белги болуп турсун деп,
Кырк чырпык кыйып алгамын.
Кыркынын бейитинин үстүнө,
Кыдырта сайгамын.
Ошо шейитке сайган чырпыктар,
Мунар болуп өскөндүр,
Деп ошентип кытайлар,
Чынардын башын кескендир.
Как ошого барганда,
Зыярат кылып жалгызым,
Куран окуп өткүнүң.
Мелтиреп жаткан дайранын,
Жайылып жаткан жерлери,
Кыр кечүүнүн өзү ошол.
Чоң ыртышка барганда,
Ат жайдактап ала кар,
Абайлап кечүү чала кар.
Кыл Эртиштин өзүндө,
Ак чийдеки жылкыны,
Кыр кечүүнү кечирип,
Айдап чыгып келе көр.
Серек, Сыргак эгиз эр,
Алманбет, Чубак эки шер,
Найза кармап топ бузуп,
Ажалы жетип окко учуп,
Берендер шейит болгон жер ушул.
Деп ошентип айтканда,
Манастын уулу Семетей,
Макул аба, макул деп.
Баарынан ушул сөзүң акыл деп,
Уга турган акыл кеп.
Манастын уулу Семетей,
Олуя деди Бакайды.
Бата алып бөлүнүп,
Опол тоодой көрүнүп,
Жарагын жанга салынып,
Жылкыны көздөй жөнөдү.
Бакай айткан кырк шейит,
Жардай болгон Буурулду,
Кабака байлап койду эми.
Шейиттердин баарына,
Манастын уулу Семетей.
Куран окуп олтуруп,
Бакай сайган кырк чырпык,
Аябай өсүп алыптыр.
Буруттун талы ушул деп,
Өч алуучу немедей,
Касапташып кытайлар,
Башын кесип салыптыр.
Кескенден кийин ал чынар,
Бутактап өсүп алыптыр.
Манастын уулу Семетей,
Чынарга бармак болду эми,
Кароолго бармак болду эми.
Өйүздөгү жылкыга,
Түн жамынып барайын.
Деп ошентип кайран шер,
Кароол карап олтурса,
Намаздегир убакыт,
Тоодой болгон бир кытай,
Темингичи телпилдеп,
Сок билектей кара чач,

Асаба колдо калкылдап,
Көз айнек көздө жаркылдап,
Ботогосун карасаң,
Тоодой болгон кытайдын,
Оң ийнинде балкылдап,
Жакут айнек шуру таш,
Таак төбөдө жаркылдап,
Коокөрдөй болгон чоң кисе,
Кара жалдуу калмактын,
Оң жамбашта шылпылдап.
Сакалы саксак көрпөдөй,
Бети бышкан өпкөдөй.
Тоодой болгон кытайдын,
Мурундарын карасаң,
Селебети кабындай.
Муруттары кытайдын,
Майлаган балта сабындай.
Каш кирпигин карасаң,
Бөксөгө чыккан чалкандай.
Кулагынын кулкусу,
Балдар иңгелдеген талкандай.
Оң далысы кең экен,
Карылыгы болбосо,
Ушу келген чоң калдай,
Оң бөйрөгү солк этти,
Оңду бузар шер экен,
Сол далысы кең экен,
Сол бөйрөгү солк этти,
Солду бузар эр экен.
Бу кайсы кытай болду экен,
Капырдан чыккан шер экен.
Деп ошентип Семетей,
Коңурбайга сыр берди.
Чоң ордого келгенде,
Жылкычы башы Карагул,
Сары алтын такты колтуктап,
Боз дөбөгө барды эле,
Алкарадай күлүктөн,
Тоодой болгон чоң калмак,
Аттан түшө калды эле,
Калмагынча калдырап,
Кытайынча балдырап,
Ошо кезде Коңурбай,
Жылкычы башы Карагул.
Карагулга кеп айтат,
Бутка кирип чокунуп,
Алкараны токунуп,
Ууру жолго салдым деп,
Төгөрөктү чалдым деп,
Бурут турсун бала жок,
Душман турсун мээнет жок,
Кара сууда кеме жок.
Качанкы Бээжин шаарына,
Кейирдин  кытай айлыма,
Кош кайтарар неме жок,
Жолду чалып мен келдим,
Эчтеме көрбөдүм кароолдун
баары ордунда.
Карагул эмнеден коркосуң,
Булутун сайган талында,
Карарган эме олтурат,
Тарп аңдып келген баягы,
Улуу куш өзү болбосун.
Ошону байкап тургула.
Улуу куш болсо ал жерден,
Учуп кетер Карагул,
Андан башка бала жок,
Арада нечен күн болду,
Ай караңгы түн болду.
Төгөрөктү мен чалып,
Бээжинден чыгып келгени,
Таамай он беш күн болду.

Алгарадай күлүктүн,
Өркөчүңүн өзүнөн,
Бармак басып жеринен,
Кызыл чыгып калды эле,
Жылкыга Алгараны агыткынын,
Тор айгыр кармап келгин деп,
Тор айгыр токуп бергин дейт.
Коңурбай минтип айтканда,
Жылкычы башы Карагул
Жылкы аралап барды эми.
Көп жылкынын ичинен,
Токмок жалдуу Тор айгыр,
Доңузду коштоп барды эми.
Коңурбайга барганда,
Шири токум шарпылдак,
Арта салып Карагул,
Кокоролоң көк сызма,
Тарта салып Карагул,
Карагул атты токуп болгондо,
Капактан арак куйдуруп,
Карагулга сундуруп,
Уй башындай кара аяк,
Уңгул баштай жан аяк,
Капактагы арактан,
Баса куюп алды эле.
Өзү жутуп жиберип,
Алоокенин Коңурбай,
Суусунум эми канды деп,
Үзөңгүгө бут салып,
Темингеси телпилдеп,
Сок билектей кара чач,
Ай далыда селкилдеп,
Жүз кытайды ээрчитип,
Алтымыш амбал кырк калдай,
Аксакалын карасаң,
Сакалы саксак көрпөдөй.

Алооке кандын Коңурбай,
Жакут ташын салынган.
Манжу кытай ичинде,
Шумду кытай жанында,
Темингеси талпылдап,
Кол токмоктой кара чач,
Айдалыда селпилдеп,
Алоокеним Коңурбай
Бээжинди көздөй бет алды.
Булуттун талында турган
карарган,
Улуу куш болсо учуп кетер
көз салгын.
Ушу сөздү укканда,
Манастын уулу Семетей,
Башында тебетейин ыргытып,
Улуу куш экен Карагул.
Учуп кетип калды деп,
Эмнеден коркосуң,
Деп ошентип Коңурбай,
Жүрүп кетти Бээжинге,
Коңурбай кетип калганда,
Жылкычынын баарысы,
Кызыр эк байтал кармап союшту.
Казанга этти салышып,
Эт бышырып от жаккан.
Жылкычынын эң кенжеси,
Кытайдан чыккан Тасбаймат,
Башка жылкычынын баарысы,
Тулпарын чалып алышып,
Арагын ичип кытайлар,
Дуулдап ойноп калышып,
Манастын уулу Семетей,
Жашырып байлап буурулду,
Алты канат чоң үйдүн,
Тушуна басып барды эле.

Тушуна барып Семетей,
Шыкалап карап турду эле,
Эт бышырган Тасбаймат,
Темгинине жастанып,
Кызып уктап кетти эле.
Чочуп кетип Тасбаймат,
Карагулга кеп айтат,
Айланайын биздин хан,
Уктап кетип бу жерден,
Түшкөрдүм өзүм деп айтат.
Буруттан келип бир бала,
Сенин көөдөнүңө минди деп,
Сакалдан кармап алды эми.
Жаактан ары койгулап,
Оозуңдан кара канды кустуруп,
Мурутун булкуп салды эми,
Сакалын жулкуп салды эми,
Бу жерде турган кырк чором,
Баарынын башын алып салды эми.
Коңурбайың калп айтып,
Качып кетип калды деп,
Жылкычы башы Карагул,
Кудай урган Тасбаймат,
Түшүң түлкүнүн богу болчу,
Өзүң менин богум болчусуң.
Буруттун уулу Семетей,
Эсиңе Бурут келчү эмес,
Келген Бурут кайрылып,
Коңурбай каным турганда,
Элин аман көрчү эмес.
Деп ошентип Карагул,
Карагул соо жашы кенебей,
Коркуп турат Тасбаймат.
Өлүп кетчү немедей
Ал аңгыча эт бышты,
Эт чыгарып киришти.
Капырда болсо калмактар,
Тамагын жеп алсын деп,
Семетей тушта турду шыкалап,
Тамагын жеп болгондо,
Тасбаймат казан аяк жыйганда,
Алтындан кылган тактага,
Жылкынын каны Карагул,
Сары алтын тактын өзүнө,
Былк этпей жатып калды эле.
Жылкычынын баарысы,
Жай-жайында жатканда,
Алты канат чоң ордо,
Сакомактап бек кармап,
Ачуусу келген Семетей,
Тууштуу тууган кайран эл,
Аңтара салып ыргытып,
Жайында жаткан кырк чором,
Ордунан тура калгыла,
Баарынын башын алды эми,
Бүтүн кырып салды эми.
Тасбаймат сөзү сын болду,
Көргөн түшү чын болду.
Жылкычы башы Карагул,
Манастын уулу Семетей,
Карала минип алды эле,
Сакалын жулуп салды эле,
Ат дабышы тарсылдап,
Жылкычы башы Карагул,
Кимисин айтып күрсүлдөп,
Айланайын жалгыз деп,
Айкөлүң атаң барында,
Он бир кандан көп алып,
Эгер атаң келген Бээжинге,
Кырк эки миң кол менен,
Капыр менен кармашып,
Каршылашып турганда,

Урушта жүрүп мен өзүм,
Коңурбайдай кытайдын,
Колуна түшүп калгамын.
Эптүүлүк жан багып,
Жылкычы болуп алгамын.
Жалгызым жыйырма бешке
толор деп,
Атанын өчүн алмакка,
Быйыл сенин келер малың
болду деп,
Бет алар жердин өзүнө,
Жылкыны айдап салгамын.
Сыр чыгарбай кытайга,
Жолуңду багып калгамын.
Мен мусулман журтунун,
Тилегин кудай бердиби,
Бусулмандын журтунан.
Бар акылга даанышман,
Олуя Бакай бар эле,
Башчы болуп өзүңө,
Ошо Бакай кайран шер,
Башчы болуп келдиби,
Колдо турган өзүмдүн,
Бакай келсе баш болуп,
Тилегим кудай бердиби,
Маа көрсөтүп Бакайды,
Айланайын жалгызым,
Анан өлтүр мени деп,
Тоодой болгон Карагул,
Оозуна келме келтирип,
Күрсүлдөп турган Карагул,
Ошо жерден Семетей,
Абамдын көзү кашайып,
Кудай уруп салыптыр.
Бусурмандын журтунан,
Колдо калган киши бар.
Деп ошентип абакем,
Айткан жок сизди мага деп,
Көдөндөн түшүп Семетей,
Курсулдаган Карагул,
Ошондо башын көтөрүп,
Манастын уулу Семетей,
Карагулга кайрылып,
Эмне ичесиң деп айтат.
Асылың атаң барында,
Калмак менен кармашып,
Кытай менен чабышып,
Казандай башты жарышып,
Как ошентип турганда,
Калмактардын найзасы,
Санга тийип калтырап,
Жакшы айыкпай түгөнгүр,
Желдүү болуп калыптыр.
Ошонун желин тарттырып,
Териге түшүп жаткамын.
Териде жатып мен өзүм,
Тердеп жаткан мен өзүм.
Каткаксып суусап калыпмын,
Төрт булуңдуу сабадан,
Кымыз куюп келгин деп,
Суусап калган абаңа,
Уй башындай кара аяк,
Уңгул баштуу жанаяк,
Кымызды куюп алды эле.
Териде жаткан Карагул
Тынбастан бешти жутуп ийди эми.
Өх эми эс алдым жалгыз деп,
Баш көтөрүп муну айтты.
Мусулман журтум сагындым,
Муңканып абдан зарылдым.
Манастын уулу Семетей,
Төрт булуңду сабаны,

Булуңдай бүктөй алды эми.
Оозунан жутуп Семетей,
Суусуну канып болгон соң,
Ыргытып ийип сабаны,
Тайбуурулга камынды.
Жылкыны жыйнап кирди эми,
Ал аңгыча таң атып,
Күн шашкеге толду эми.
Айланайын жалгызым,
Эрте кечтей мен өзүм,
Жылкыга минип турчу элем.
Деп ошентип Карагул,
Семетейге муну айтат,
Адам билгис шумду айтат.
Кактооч минген быштыэле,
Капырдын малы болсо да,
Туюк семиз жылкыны,
Майын бузбай кетели.
Карагул муну айтканда,
Бек ишенди Семетей.
Күйкөдөй болгон быштыны,
Манастын уулу Семетей,
Карагулга барды эми,
Шири токум шарпылдак,
Арта салып Карагул,
Нокор, олоң, сырмага,
Тарта салып Карагул,
Алкараны минди эми,
Жылкыга карап жүрдү эми.
Коңурбайдын көп жылкы,
Суга камап кирди эле,
Кыл Эртиштин кыр кечүү,
Кыр кечүүгө камады,
Семетей менен Карагул,
Көп жылкыны сабады.
Сууга кирбей койгондо,
Кагылайын жалгызым,
Тайбуурулду агыткын,
Камбар ата жайы бар,
Жылкыны баштап бир кетсин,
Жылкынын жайын мен билем,
Тоо күрөң деген бизден бар.
Минер болсоң ат ушул,
Кыл Эртиш эмес жалгызым.
Ак өргөндү кечинде,
Бут көтөрбөй келчүмүн,
Ошону кармап келейин.
Калдыктуу жылкы тоо күрөң,
Ошону сага берейин.
Манастын уулу Семетей,
Ала күрөң эр немең,
Тайбуурулду агытып,
Тоо күрөңдү минди эми.
Жаныбарым Тайбуурул,
Окуранып кишинеп,
Жылкыны үч аралап алды эми.
Куйрукту салып сыртына,
Кишенүүнү салды эми.
Кыл Эртиштин кыр кечүү,
Жылкыны баштап чоң Буурул
Күлүк тайын ээрчитип,
Чуркуратып зыргытып,
Жоо тийгендей зыргытып,
Жылкыны баштап Буурул ат
Өйүзгө чыгып барды эми.
Коңурбайдын көп жылкы
Суунун ичи жылдыздап
Аккан сууга киргенде
Жан көрүнбөй калды эми.
Жылкычы башы Карагул
Жылкыны камап жиберип,
Манастын уулу Семетей

Аккан сууга киргенде,
Өйдө карай салды эми.
Алгарадай союлгур
Аттап конгон жерине,
Келип алып Карагул
Аттап өттү Эртишти.
Өйүзгө чыга барды эми,
Өйүзгө чыгып алганда,
Көп жылкынын ичинен,
Тайбуурулга бет алып,
Зыргыта кууп алды эми,
Карагулга карматпай,
Жаныбарым Тайбуурул,
Үч айланды жылкыны.
Көп жылкы менен аралаш,
Тоо күрөң менен болкоюп,
Ак олпок кийип зоңкоюп,
Аккан сууга кирди эми.
Тоодой болгон күрөң ат,
Суу ортолоп калганда,
Улактай болуп сууга акты.
Ал аңгыча болбоду,
Тоо күрөңдөн Семетей,
Сууга түштү шылп этип.
Имерилип кургака,
Агыны катуу суу түртүп,
Манастын уулу Семетей,
Өйүзгө чыга калды эми.
Канатты кармап тырмалап,
Аккан суудан канкоруң,
Айласы кетип турганда,
Карагулдан бир качып,
Жаныбарым Тайбуурул,
Окуранып калчактап,
Көзүнүн жашы буурчактап,
Асылдан калган жалгызым,
Аккан сууга кетеби,
Минтип түпкө жетеби,
Деп ошентип Буурул ат
Агымы катуу чоң дайра
Агып жаткан Эртиштин
Жарынын башын уратып,
Жардай болгон Тайбуурул
Семетейге бет алып,
Сууга кирди чууратып,
Манастын уулу Семетей
Буурул атты көрдү эми.
Көчүгүн салган Буурулга
Жакындап баатыр барды эми.
Куйруктан алып Бууданды
Билекке карап алды эми.
Семетейдей жалгызды
Суудан сүйрөп чыкты эми.
Канкор суудан чыкканда,
Нескаранын тоо күрөң
Суу жегинен чөп үзүп,
Оттогон болуп турду эле.
Ээр токум алам деп,
Тоо күрөңдүн үстүнөң
Семетей ак каңкыны алды эми,
Мына ошо кезде тоо күрөң
Этектен тиштеп канкорду,
Күрөң ат сууга сүйрөп калды эми,
Окоро түйгөн чоң чылбыр.
Манастын уулу Семетей
Колуна бурап чалды эми
Манастан калган зулпукар,
Сууруп алып кынынан,
Тоо күрөңдөй буудандын
Башын кесип салды эми.
Манастын уулу Семетей,
Тайбуурулду токунуп,

Суу кийимди сыгынып,
Манас кандын ак олпок,
Тайбуурулдун жонуна
Сарыксын суусу деп ойлоп,
Арта салып койду эми.
Төштү жайып Семетей
Буурулга минип болкоюп,
Жылкы артынан түштү эми.
Жылкычы башы Карагул,
Карагайы укурук,
Кармап колго түкүрүп,
Ичке башын сындырып,
Ыргытып ийип Карагул,
Өзүң эмес Семетей,
Атаң Манас көөдөктү,
Үч ондогон кол ушул.
Деп ошентип Карагул,
Кыя тартып имерип,
Канкорду өйдө тартып ийди эле,
Карыш жери алжжайып,
Жакасы ылдый кан тайып,
Карагулду карасаң,
Акырын чаппай бек чапты,
Өлөр бекен деп чапты.
Кайра тартып Семетей,
Сыр найзаны колго алып,
Качырып жүрүп калды эми.
Алкарадай күлүктүн,
Кызытып келип таманын,
Аттанып өтүп Эртишти,
Карагул өйүзгө чыга бергенде,
Семетей баатыр көз салса,
Карагул турат күрсүлдөп,
Атаң мени чоң көөдөк,
Менден алган ит эле,
Жылкымдын майын бузуп сен,
Малдын баркын билбейсин,
Калп эле карап кур дейсин,
Мен Коңурбайга барамын,
Алып келип Коңурду,
Кармап бооруң жарамын,
Алдыңдагы жылкымды,
Майын бузбай мен өзүм,
Сенден ажыратып аламын.
Деп ошентип Карагул,
Бээжинди көздөй бет алып,
Жүрүп кетти бу кытай.
Жол чалып берген Коңурбай,
Ичкисин ичип жатыптыр.
Жылкычы башы Карагул,
Ачуусу келип күүлөнүп,
Коңурбайга сүйлөнүп,
Өрүштөн жылкы алдырган,
Өлүк калга барсынбы,
Жайыттан жылкы алдырган,
Жаман калга барсынбы,
Бурут алды жылкымды,
Кууратып кетти мүлкүмдү.
Бурутка азыр баргының,
Майын бузбай жылкымды,
Ажыратып бергиниң,
Деп ошентип Карагул,
Коңурбайга барганда,
Анда калга туруп муну айтат.
Оолукпагын Карагул,
Бүгүн жакшы өрчүп алайын.
Атасы малдан алган ит эле,
Жылкыдан алыс кетпейтко.
Мен барганча ал көөдөк,
Жылкыдан алыс узабас.
Муну мындай таштайлы,
Арсланбапта Күлчоро

Ошондон кабар байшайлы.
Кыйын түзгөн кайран эл,
Кийиктердин терисин.
Жыдытып ийип Күлчоро,
Күдөрү кылып бүт ийлеп,
Тасма кылып алганы.
Денесин чырмап ийгени,
Шилбиден чокмор таянып,
Канчорону калтырып,
Көк чолок менен Тайбуурул,
Изине түшүп алганы.
Бакай менен Семетей,
Алда эмне болду деп,
Алдына жөө жүгүрүп калганы,
Карды ачкан жерде Күлчоро,
Күл азыктан салганы,
Манастын уулу Семетей,
Кызыл ала бир болуп,
Жылкыны айдап дүрбөтүп,
Кан Бакайга барганы,
Кагылайын жалгызым,
Мени кудай уруп салыптыр.
Карагул жайын мен айтпай,
Кара көзүм кашайып,
Мен унутуп калыпмын.
Деп ошентип Бакай кан,
Минтип айтып турганда,
Алкараны булкунтуп,
Эри өлгөндөй жулкунтуп,
Жүз кытайды ээрчитип,
Алоокенин Коңурбай,
Куугунга чыгып келди эми.
Агыны катуу чоң дайра,
Алоокенин Коңурбай,
Аттанып өтүп Эртиштен,
Семетейге келди эми.
Арт балам Семетей,
Сенин каның айкөл кан,
Ай асманда боз эле,
Мени менен дос эле.
Желемди куру таштаба,
Алты жүз байтал берип кет.
Деп ошентип Коңурбай,
Ал аңгыча болбоду,
Семетей туруп муну айтат,
Айтып антка тойбогон,
Убаданы билбеген,
Кудайды билбеген динсиз кул,
Куранды билбес пирсиз кул.
Ай асманда бозмун деп,
Атаң менен досмун деп,
Алдап мага келесин,
Жетесиз кытай сен өзүң
Бет алышып бери кел.
Баатыр болсоң Коңурбай,
Желеге чыгып бери келгин,
Аяш атам экен деп,
Алтымыш байтал бербеймин,
Семетей минтип турганда,
Алоокенин Коңурбай,
Коңурбай туруп муну айтат,
Аяш балам Семетей,
Эрдик менен келгениң,
Ээн жаткан жылкыны,
Эрксиз менен алыпсың,
Мурунку кезек сеники,
Эмки кезек меники,
Манастын уулу Семетей,
Жекече качпай туруп бер,
Деп ошентип турганда,
Манастын уулу Семетей,
Макул кытай, макул деп,

Сенин бул айтканың акыл деп,
Бээжинден келген шер кытай
Кезегиңди алгын деп,
Туруп берди Семетей.
Олуя заада шер Бакай,
Семетейдей жалгыздын,
Эки кабат зоотту,
Ичинен кабат кийгизди.
Түймөлөрүн чогултуп,
Так төбөгө түйгүздү.
Топчулугун топчулап,
Толтойгон бетин үпчүлөп,
Ок өтпөгөн ак олпок,
Сыртынан баса кийди эми.
Кезегин берип калмактын,
Жекече туруп берди эми.
Тайбуурулдай буудандын,
Үртүктү салып үстүнө,
Бакай бек бекитип берди эми.
Алоокенин Коңурбай,
Жүрөккө байлап жалгызды,
Огогор менен бир атты.
Олпокту чоюп бир берип,
Зооттон өтпөй огогор,
Огу жерге тим жатты,
Манастын уулу Семетей,
Аяш атам Коңурбай,
Кезегимди бергин деп,
Кезегин сурап турду эми.
Кытайды калмак а жерден,
Жер ботого бир түшүп,
Коктуга кирип алды эле.
Анда Бакай муну айтат,
Семетейдей жалгызга,
Бу кытай арамдык менен
туура деп,
Алкарадай күлүктү,
Айбанда болсо доңуздун,
Туяктын кундузуна өлчөп ат,
Эгер антип атпасаң,
Коендон жалгыз бир болуп,
Алкара жата калбасын,
Огу алыс кетпесин.
Кошуну келсе кытайдын,
Уй түгүндөй көп капыр,
Бизди каптап кетпесин,
Түпкө бөөдө жетпесин.
Болбосо мен атайын калмакты,
Ак келтени мага бергин.
Деп ошентип эр Бакай,
Канкорго айтып турганда,
Аба, кезекти берсем уятко,
Калмакты өзүм атайын.
Деп ошентип Семетей,
Ак келтени колго алып,
Коңурбайга бет алды.
Машага колу тийгенде,
Айбандан эстүү ал кул,
Аңга жете келгенде,
Туяка өлчөп алыптыр,
Жоон сандын балык эт,
Муну көзөп өтүптүр,
Жоңкоңун жонун өрүптүр.
Ээр белдей бир болуп,
Коңурбайдын жан жери,
Эсенеч болуп калыптыр.
Эсенгиреп Коңурбай,
Ак каңкы башын кучактап,
Мына ошентип турганда,
Коңурбайдын Алкара,
Кара болот ооздук,
Капшыра тиштеп алганы,

Башын жерге салганы,
Тоодой болгон кытайды,
Тайбуурулга жеткизбей,
Куткарып кетип калганы.
Ал аңгыча болбоду,
Бакай менен Семетей,
Жылкыны айдап жөнөдү.
Шилби чокмор таянып,
Күлчоро кургур келди эми.
Айланайын абаке,
Бу капырдын малында,
Көтөрүп минип жүргүдөй,
Бир тай барбы сындагы,
Деп ошентип айтканда,
Абаң Бакай карыя,
Көзүн сүртүп имерип,
Муну аралап алды эми.
Көп жылкынын ичинен
Кан Сыргактын Көк чебич
Ушуну таанып алды эми.
Айланайын Күлчором,
Агаң Сыргак койкашка,
Найза кармап топ бузуп,
Ажалы жетип окко учуп,
Кан Сыргак шейит болгондо,
Көк чобуч колго түшүп калды эле,
Сары жүнү түшпөптүр.
Куйүттүү болуп Көк чебич,
Асыйы алтымышка баргандыр,
Ачуусун сөйкөп салгандыр.
Өрү калып калбаса,
Башы бусулмандын тулпары.
Көк чебич жарайт өзүңө,
Деп ошентип кан Бакай,
Күлчоро басып келгенде,
Жаныбарым Көк чебич,
Окуранып баш чайкап,
Туура тартып турду эми.
Күлүстөн тууган Күлчоро,
Кендир менен октолоп,
Чоң чатырды салынып,
Желе какан Токмокту,
Камчыланып Күлчоро,
Бакай менен Семетей,
Жылкыны айдап жөнөштү.
Алоокенин Коңурбай,
Дарыланып айыгып,
Мен күйүтү бек кыйын,
Карагулун ээрчитип,
Бээжиндин аарбын көп алып,
Колду аябай мол берип,
Коңурбай кытай келди эми.
Колу жетпей артынан,
Карагул менен Коңурбай,
Мында жете келди эми.
Манастын уулу Семетей
Жекече чыгып сайышып,
Коңурбайга барам деп,
Жоо бөрүсү Күлчоро
Манас кандын сыр найза,
Муну сурап алды эми.
Чоң чатырды салынып,
Алманбет уулу Күлчоро
Жекече чыгып барып эми,
Анда Бакай муну айтат.
Айланайын Күлчором,
Алдыңдагы Көк чебич,
Өрү кылып калгандыр,
Өйдө жерде өрүйсүң,
Ылдый жерде жетесин.
Деп ошентип кан Бакай,
Найза менен сайышып,

Коңурбай менен Күлчоро,
Айбалта менен салышып,
Карагай найза быркырап,
Чамындылы чыркырап,
Алкара менен Көк чебич,
Омуроого тебишип,
Алыша албай турганда,
Жылкычы башы Карагул,
Тааный койду чорону.
Качып кеткен кайранды,
Кандыгына тез болбой,
Бурутка берген айрангы,
Айрангы кулдун тукуму,
Өзүнөн артык болуптур,
Балтыр эти толуптур,
Балбан кези болуптур.
Буруттун нечен дөөсүн сойгонбуз,
Өлбөй кеткен Бакайдын,
Тилегин кудай бергенби,
Жетимдерин чогултуп,
Кун кубалап калганбы,
Деп ошентип Карагул,
Коңурбайга айтты эми.
Найза тийип этине,
Айбалта тийип башына,
Алоокенин Коңурбай
Эсенгиреп турганда,
Алманбет уулу Күлчоро
Оодара тартып алам деп,
Тоодой болгон манжунун,
Башын кесип салсам деп,
Эркек козу тууганда,
Курмандыкка жараткан.
Эркек бала тузганда,
Намыс үчүн жараткан.
Ушу жерде кытайдын,
Башын кесип өлтүрүп,
Атам Алманбеттин
өчүн алсам деп,
Мына ошентип турганда,
Өлөр өлбөс жан элем.
Алоокенин Коңурбай,
Колдон чыгып алды эми.
Төш таянып бу кытай,
Өргө салып качты эми.
Өксүй түшүп Көк чебич,
Мында жетмей болду эле,
Кыл Эртиштин чоң дайра,
Байлап качты Коңурбай.
Карагул мага кошулса,
Өлтүрөбүз кулду деп,
Ойлоп качты Коңурбай,
Аккан суута барганда,
Коңурбайга жеткенде,
Астындагы Алкара,
Айбандан эстүү союлгур,
Закым болуп бөлүнүп,
Суудан аттап кетээрде,
Көк чебич менен Күлчоро
Алкарадай күлүктүн,
Куйругун жулуп калды эми.
Алоокенин Коңурбай,
Күлчородон кутулуп,
Бээжинди көздөй бет алды.
Кере каккан токмоктой,
Камчыланып Күлчоро,
Абасы Бакай Семетей,
Жете келди ошондо.
Үчөө бирдей жылкы айдап,
Жылкычылар келет жайылып.
Семетей, Бакай, Күлчоро,
Карды ачканда кайран шер,

Көп жылкычынын ичинен,
Кысырек кармап тайын жеп,
Жылкыны жайып айдап келетат.
Алоокенин Коңурбай,
Зергер уста алдырып,
Алгарадай күлүккө,
Алтындан куйрук салдырып,
Жете келди Коңурбай.
Алманбет уулу Күлчоро,
Бакай кандын куу найза,
Өнөрүн алып Күлчоро,
Чоң чатырды салынып,
Жайдак минген Көк чебич,
Алманбет уулу Күлчоро,
Тоодой болгон манжуну,
Кайра тартып качырып,
Алоокөнүн Коңурбай,
Бет алышып келе албай,
Ыктап качып жүрдү эми.
Алманбет уулу Күлчоро,
Көтүнөн кууп алды эми.
Аркалуу күлүк Көк чебич,
Төш таянып качты эми.
Алоокенин Коңурбай,
Жетер жетпес жер болуп,
Артында кетип баратат.
Желе каккан токмок мен,
Айдалыга бир урду,
Коңурбайдын таажысы,
Башынан ыртып кетти эле.
Энип алып таажыны,
Эми кууду кытайды,
Жан таппай кайсалап,
Агыны катуу дайрада,
Аттатып өтүп кетирди.
Алтындан салган куйругун,
Жулуп алып Күлчоро
Жылкыга кайра келди эми.
Арсланбабка келгенде
Кара үңкүрдүн үстүнөн
Кароол карап олтурган.
Чубактын уулу Канчоро
Жылкы утурлап барды эми.
Олуя Бакай кайран шер
Жылкы аралап алп тандап,
Канчоронун өзүнө
Атты кармап Күлчоро
Үндөр менен ноктолмок.
Жайдак минип алды эми.
Күлчоро менен Канчоро
Экөө кетти жарышып,
Саганын сары белинде,
Кара үңкүрдүн ичинде,
Ак каңкыны алышып,
Атка токуп жалданып,
Жоо көргөндөй камданып,
Күлчоро менен Канчоро,
Ошол экөө келгенче,
Алооке менен Коңурбай,
Үй түгүндөй көп кытай,
Он эки илек кол алып,
Алманбет уулу Күлчоро,
Жекене белге курчанып,
Алманбет уулу Күлчоро,
Жети миң кара кытайга,
Атанын өчүн алмакка,
Желбегей кирди кол салып,
Тобону белге курчанып,
Тогуз сан кара кытайга,
Алманбет уулу Күлчоро,
Токтолбой кирди кол салып,
Акери белге курчанып,

Алты сан кара кытайга,
Семетей менен Күлчоро,
Атанын кунун куумакка,
Ашкере кирди кол салып.
Канчоро, Бакай жылкы айдап,
Орто жерин Күлчоро,
Оюп кетип баратат.
Арт жагынан Семетей,
Уй түгүндөй капырды,
Какайлатып манжуну,
Жайлап кетип баратат.
Эңкейиштен эр сайып,
Күлчоро менен Семетей,
Нечен миңин бир сайып,
Жараткан Алла бар кудай,
Тушту берди ченебей.
Жайнаган кытай тажаалды,
Эки шер жаман кырып баратат.
Тушарына теңебей,
Күнү-түнү он күнү,
Балбай уруш болду эми.
Талаанын баарын чаң кылып,
Ат кечерден кан кылып,
Алоокенин Коңурбай,
Же Күлчорого беттебей,
Четтеп качып бу жүрөт.
Капырды кырып келатып,
Алманбет уулу Күлчоро,
Коңурбайга кабылды.
Он экиде Күлчоро,
Качпа кытай, качпа деп,
Акылыңан шашпа деп,
Коңурбайды качырды.
Кара жаак ак камчы,
Кайра кармап алды эми.
Жоогабысын алган ит,
Төш таянып Коңурбай,
Көк чебичке жеткизбес,
Узарып качып алып,
Кайра тартып Коңурбай,
Бээжинден чыккан мыктууң ит,
Жоонун айласын билген ыктуу ит.
Үстү жактан качырып,
Атай-каңхай аралаш,
Ураан тартып алды эми,
Найза менен сайышып,
Найзанын учу майышып,
Айбалта менен салышып,
Сабы колдо кабышып,
Кылыч менен чабышып,
Үсөнү колдо калышып,
Камчы менен салышып,
Бүлдүргө колдо калышып,
Алманбет уулу Күлчоро
Түп этектен аларды,
Түрө кармап Күлчоро
Аңтара тартып калдайды.
Көк чебичке сүйрөтүп,
Кытайды кармап боорун
жараарда,
Астындагы Алгара,
Кара болот ооздук,
Капшыра тиштеп алды эми.
Ала качып кытайды,
Бээжинди көздөй бет алып,
Камар тишке барды эми,
Кара жерди таптады.
Ала качып кытайды,
Алгара арыш уруп аттады.
Ошо кезде Күлчоро,
Алгарадай күлүктү,
Алтындан кылган куйрукту,

Аны жулуп калды эми.
Коңурбайды кум казып,
Кайра тартып Күлчоро,
Кайнаган кытай тажаалдан,
Калың колун аралап,
Алды жагын найзалап,
Кайра тосту калмакты,
Семетей менен Күлчоро,
Алды жагын найзалап,
Бир канчасын майдалап,
Карагул кытай кайдалап,
Топону көр, чаңды көр.
Ошо сапар урушта
Токтолбой аккан канды көр.
Уй түгүндөй капырдан,
Чар чыгарбай эки шер,
Бүтүн кырып таштады,
Асмандан булут тутулду,
Жадыгөй акең Карагул,
Күндү жайлап жиберип,
Жөө туманга аралаш,
Көк түтүн болуп оолугуп,
Карагул качып кутулду,
Кайра тартып эки шер,
Канчоро менен кан Бакай,
Жылкы айдаган экөөңөр,
Семетей менен Күлчоро,
Кол карышып шал болуп,
Бой жанчылып кан болуп,
Айланайын абаке,
Жылкыны өрүн кылалы.
Кысырек байтал бээ союп,
Тамактанып абаке,
Алп уйкуну салалы,
Абадан уктап алалы.
Бой сергитип абаке,
Анан жылкыны жолго салалы.
Макул балдар, макул деп,
Бул айтканың акыл деп,
Кысырек байтал бээ союп,
Төртөө тамактанып алды эми.
Күлчоро менен Семетей,
Ак канкыны жастанып,
Талыкшыган эки шер,
Кыбыланы башпанып,
Ак олпокту жабынып,
Алп уйкуну салганы,
Бой сергитип эки шер,
Он күнү уктап калганы.
Уйкусу канып бой сергип,
Кары Бакай баш болуп,
Коңурбайдын Көп жылкы,
Чабутууга салды эле,
Чубатып айдап төрт эрен,
Кокондун тоосун этектеп,
Кокондун белин ашаарда,
Урданып алып Коңурбай
Канкорун атып салсам деп,
Уурданып аңдып келгенде,
Карарганын ичине,
Жамынып калдай турганда,
Көрүп калып Күлчоро,
Ак келтени бир атып,
Башынан түтүн буратып,
Кожо ак пайгамбар пирим деп,
Демей көр Азыретаалы
шерим деп,
Пайгамбар деп бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Тоодой болгон калдайдын,
Алманбет уулу Күлчоро,
Тоодой болгон манжуну,

Көтүнөн түшүп чакырып,
Алкагара менен Көк чебич,
Закым болуп зыркырап,
Туягы тийген таштарын,
Тура-туура быркырап,
Эңкейиштин сыйрылма,
Эликтей колу сайылып,
Алгарадай күлүктүн,
Алтындан салган куйругу,
Арт жагынан жайылып,
Жаныбарым Көк чебич,
Эңкейиштин сыйрылма,
Эликтей колу сайылып,
Асабадай куйругу,
Көк чебичтей буудандын,
Асабадай куйругу,
Арт жагында жайылып,
Алгарадай күлүккө,
Жана жетип Көк чебич,
Жебеден мурда жетти эми.
Алоокенин Коңурбай,
Айдалынын күзгү деп,
Как өпкөнүн үстү деп,
Өлөр жериң ушу деп,
Тоодой болгон манжуну,
Качырып сайды Күлчоро.
Эңкейиштин сыйрылма,
Күлчоро сайды болкоюп,
Карышсам найзанын,
Акыректин астынан,
Түпөгүнчө зоңкоюп,
Чыга түштү найзасы.
Акеректин астынан,
Карыш сөм найзасы,
Чыга түштү койкоюп.
Тоодой болгон чоң манжу,
Алгарадай күлүктөн,
Жыгылып калды томпоюп.
Алдындагы Көк чебич,
Жел кайыптын баласы,
Этти кысып алыптыр.
Буттарым жерге буйдалбай,
Ала качып аркырап,
Алакандай кашка тиш,
Маңдайында жаркырып,
Ала качап чорону,
Алыс кетип калыптыр.
Кайра тартып келгенче,
Шуйбу деген бир балбан,
Балбандыктын белгисин,
Алгарадай күлүккө,
Көтөрүп алып мингенсиң.
Кара жерди таптады,
Ак үргөндүн чоң дайра,
Коңурбайдын Алгара,
Кан жөткүргөн кытайды,
Карматбастан Алгара,
Тоодой болгон манжуну,
Бээжин көздөй бет алып,
Кан жөткүргөн калмакты,
Куткарып кетти Алгара.
Коңурбайды кутказып,
Алманбет уулу Күлчоро,
Өкүнчүлү бир болуп,
Ошондо кайра калды эми.
Коңурбайдын көп жылкы,
Чубатууга салышып,
Чубатып айдап алышып,
Ал аңгыча болбоду,
Кокондун белин ашарда,
Бирөгө көздү, тик сөздү,
Бөлөкчө тууган Күлчоро,

Айланайын аба деп,
Кулагың салчы мага деп,
Үч айдан бери абаке,
Кармашып жүрүп калмак мен.
Кол карышып шал болуп,
Бий жанчылып нан болуп,
Бек талыкшып калыппыз.
Өргүү болуп бу жерге,
Он күн өргүү кылалы.
Капырдын малы дебестен,
Алып жүргөн жылкынын,
Майын бузбай баралык.
Деп ошентип Күлчоро,
Ошентип айтып турганда,
Олуя Бакай кайран шер,
Макул балдар, макул деп,
Бул айтканың акыл деп,
Конуп жаткан жерине,
Күлчоро менен Канчоро,
Кысыр эттүү тай союп,
Аш тамагын бышырып,
Тамактанып алышып,
Бой киреген эрендер,
Алп уйкуну салышып,
Он күн таман болгондо,
Ошо жерде кайран шер
Жыбыраган көп жылкы,
Айдап жолго салышып,
Какандын белин ашарда,
Жолго батпай чубап,
Манастын уулу Семетей,
Ак олпокту салынып,
Жылкынын бөлүп астынан,
Чубатып айдап алды эми.
Кокондун белин ашырып,
Коңурбайдын көп жылкы,
Чапматынын капчыгай,
Капчыгайдан жылкы айдап,
Күнү бирдей жол жүрүп,
Какылдаган кара сай,
Түнү бирдей жол жүрүп,
Кулун тайы ташыркап,
Чабыр тартып баратат.
Жылкынын баарын чубатып,
Чалматыга барды эми.
Чалматынын белинен,
Коңурбайдын көп жылкы,
Чубабай жатып алды эми.
Манастын уулу Семетей,
Жылкы ичинен канкоруң,
Айгыр менен бээ кармап,
Жетелеп алып Семетей,
Чалматынын белине,
Жылкыны чубатып чыгып
барды эле.
Жылкы ашырып Семетей,
Көк булак менен чаар арча,
Уша кирип барганда,
Зоотун чечип дагдайып,
Ак олпокту салынып,
Жылкыны айдап Семетей,
Алоокенин Коңурбай,
Көк булактын оозуна,
Огогорго ок салып,
Чаар арчанын ичинен,
Жашынып келип Коңурбай,
Күлчоро менен Семетей,
Экөөнүн бири келсин деп,
Жараткан жалгыз кудай деп,
Жарадар болуп чоң бурут,
Өз колума тийсе деп,
Аңдып турган Коңурбай,

Деңгелине келгенде,
Манастын уулу Семетей
Атасы малдан өлгөн ит эле.
Огогор менен бир атып,
Омуртка сөөгүн кыйратып,
Ушу жерде канкорду
Аты менен кармап алайын.
Кармап боорун жарайын,
Кектүү болгон Коңурбай,
Семетейди өлтүрүп,
Айдап келген көп жылкы.
Сыйнатына берейин.
Деп ошентип отуруп,
Кара арчанын түбүнөн
Огогор менен бир атып,
Оозунан түтүн буратты.
Манастын уулу Семетей
Огогор тийип бооруна,
От жагылды көзүнөн
Эсенгиреп турганда,
Жылкы токтоп калды эми.
Чалматыдан чубабай
Бул эмне болду деп,
Жылкы ичинде саат бар.
Деп ошентип Күлчоро
Олбуй-солбуй теминип,
Оң-тетири камчы уруп,
Салып чыгып келгенде,
Алды жагын караса,
Бээжинден чыккан зор канга
Жоо бөрүсү чоң канга
Жылкы айдаган төртөөнүн,
Көзүн бууп жашырып,
Алдына тосуп барыптыр.
Аңдып жатып бу кытай
Огогор менен атыптыр.
Жаралуу болгон Семетей
Үстүнөн бу жалгызды түшүрбөй
Салган төшөк бир болуп,
Жайган жастык бир болуп,
Жалгыздын жанын калкалап,
Бышык болуп тырмышып,
Жан калкалап турганда,
Алоокендин Коңурбай
Астындагы Тайбуурул
Окторун тартып алайын.
Зоот чомкут кан кылбай,
Өлө электен канкордон
Муну чечип алайын.
Ал аңгыча болбоду
Алманбет уулу Күлчоро
Айкырыгы баш жарып,
Өкүрүгү таш жарып,
Аба болбой куруп кал,
Кылар ишиң ушубу,
Алдыңды чалып жүрбөйсүң,
Бээжинде кыргыз калмактын,
Кокуй аба оңбой кал,
Мунун аңдыганын билбейсиң,
Деп ошентип Күлчоро
Пайгамбарлап бакырып,
Манастап урааан чакырып,
Колдой көр ак пайгамбар
пирим деп,
Азыретаалы шерим деп,
Алоокенин Коңурбай,
Манастын уулу Семетейди,
Оодара тартып жатканда,
Күлчоро кургур жетти эми,
Оозунан көк түтүнү буркурап.
Көзүнөн көк жалын күйүп
шыркырап,

Кармаган жерден найзанын,
Талаша чыгып быркырап.
Күлчоро кирип келгенде,
Жабдыгына карабай,
Кийимине карабай,
Алгарадай күлүктү,
Анда минди Коңурбай,
Бээжин көздөй бет алып,
Үзөңгүдөй бел ашып,
Качып кирди Коңурбай.
Алманбет уулу Күлчоро,
Айгышкан катуу жоо,
Күнү-түнү кубалап,
Ашуу ашып таш басып,
Агымы катуу суу кечип,
Санаты он беш күнү жол кезип,
Катуу кууду Күлчоро.
Ак үргөндүн чоң дайра,
Камалып кирип барганда,
Алгарадай күлүк мен,
Аттанып кетти коңурбай.
Коңурбайды кутказып,
Кытайдан теңдик тийбейт
балам деп,
Алманбет уулу Күлчоро,
Өзү келет убайда.
Алманбет уулу Күлчоро
Коңурбай кууп кеткенде,
Манастын уулу Семетей
Ал канкордун өзүнө
Кайран Бакай барды эми.
Жел чыкпасын деп ойлоп,
Огогор тийген жаратка,
Этегин согуп олпоктун,
Жел чыгарбай Бакай кан,
Октун тийген ордуна,
Чийлеп тыгып салды эми.
Буланы тыгып булайтып,
Карап турду зор Бакай.
Бая салып көч алып,
Бүткөн бойду тең уулап,
Бээжинден чыккан шер кытай
Байкап катуу шер кытай
Чоромду эми кылат деп,
Артында колу бар болсо,
Тегеректеп чоромду,
Колго кармап алабы,
Ич күйду болгон чоромдун,
Кармап боорун жарабы,
Күлчоромдон айрылып,
Күлүмдү караан кылабы,
Деп ошентип Семетей,
Күлчоронун артынан,
Жаратына карабай,
Семетей жүрду бел байлап.
Олуя Бакай кайран шер,
Отоло албай акылдан,
Жарадар болгон жалгызым,
Аттан түшүп калабы,
Аттан түшкөн жеринде,
Бээжинден келген кытайлар,
Кытайдын колу бар болсо,
Кармап бир боорун жарабы,
Ай талаада жалгыздын,
Жонуна жоору конобу,
Балыгыр сары төш этти,
Карга бир кузгун оёбу,
Каралды кылган жалгызым,
Капырдын богу болобу,
Деп ошентип эр Бакай,
Артынан ээрчип жалгыздын,
Кошо жүрдү кан Бакай.

Бакай менен Семетей,
Кузгунга кетип баратса,
Алманбет уулу Күлчоро,
Олбуй-солбуй теминип,
Көк чебичтей бууданга,
Оң-тетири камчы уруп,
Өз башын өзү койгулап,
Коңурбайды кутказып,
Абакем эмне болду деп,
Жараткан ал да кудурет,
Карансыз жалгыз калдымбы,
Деп ошентип Күлчоро
Өкүрүгү баш жарып,
Кыйкырыгы таш жарып,
Бакырып ыйлап келатат.
Күлчоросу келгенде,
Чоронун көзүн көргөндө,
Сөз айтууга дарман жок.
Жаралуу болгон абасы,
Тайбуурулдай күлүктөн,
Жыгылып кете жаздады.
Алманбет уулу Күлчоро,
Абасын эми көргөндө,
Айдалыдан бек кармап,
Абамды колдо деп кармап,
Бакай менен Күлчоро,
Жөлөп алып канкорду,
Жылкыга жете келди эми.
Ошо күнү жылкыны,
Катуу айдап кайран шер,
Тотонун белин ашырып,
Ал жакты катар бастырып,
Чалкоодо келип түн катып,
Каркырага келди эми.
Каркырага келгенде,
Чатырды тигип кайран шер,
Таласка эптеп жетүүгө,
Ой жугүрттү кайран эр.
Манастын уулу Семетей,
Аргасы кетип комнун,
Аттан түштү зоңкоюп,
Чатырга кирип жатты эми.
Семетейди жаткырып,
Алманбет уулу Күлчоро,
Дары-дармек алууга,
Айчүрөккө барууга,
Тайбуурулду токунуп,
Чүрөктү көздөй бет алды.
Уктабай таңды атырып,
Санап жылдыз батырып,
Акундун кызы Айчүрөк
Керектүү тууган күң деген.
Келетинде билбесе,
Акундун кызы Айчүрөк,
Абама жардам бербесе,
Асмандан учуп келбесе,
Кементайды кием деп,
Таманын тилип туз салат.
Кер байталды мингизип,
Акун кандын төрүнө,
Куу долу салпылдап жүрөт деп,
Как ошентип Күлчоро,
Эртең менен эл тура,
Намаз маалы болгондо,
Дарбазалуу коргонго,
Акундун кызы Айчүрөк,
Айчүрөктүн ордого,
Ордого кирип барганда,
Баатыр чоро турабы,
Баланын ишин кылабы,
Ошо кезде Күлчоро,
Айчүрөккө кеп айтат.

Огогор тийип өзүнө,
Ок жаңылды төрөгө,
Деп ошентип Күлчоро,
Күлчоро айтып турганда,
Акундун кызы Айчүрөк,
Айчүрөк туруп муну айтат,
Айланайын уулуке,
Ак куу кебин киейин,
Асмандап учуп жүрөйүн.
Көктүн кызы көк мончок,
Нурдун кызы нур пейил,
Мен аларга барайын.
Аким ачуу дечү эле,
Дары-дармек алайын.
Сен быйтыны күңгө баргын деп,
Жем баштыкка салгын деп,
Ушак болуп күбүрөп,
Айтып коюп шыбырап,
Аргын менен кыргызга
Эртең күз түшпөсүн дүбүрөп.
Акундун кызы Айчүрөк
Айдай болгон куу далы
Ак куу кебин кийди эми,
Асманды көздөй жүрдү эми,
Алманбет уулу Күлчоро,
Быйтыны кармап алды эми,
Жан баштыкка салды эми.
Чүрөк кетти асман менен,
Күлчоро жүрдү жер менен.
Күңгөйлү кере беткекке,
Таштап коюп быйтыны
Кыңыраак берип колуна,
Козголбой быйты бек жаткын.
Курсагың ачса сен быйты,
Кемирчек казып жеп жаткын.
Абакем аман айыкса,
Алып калган жылкынын
Бир бөлүгүн беремин.
Эркиндике чыгарып,
Быйты сени эркин кыламын,
Деп ошентип Күлчоро,
Колду байлап кайран шер,
Түптүн башын ашам деп,
Бабама башым жетсин деп,
Тай буурулдай күлүктү,
Олбуй-солбуй теминип,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Түптүн башына чыгып барды эми.
Калың чилди аралаш,
Каптал жолго салды эми.
Караланы аралаш,
Күлчоро минген Тай буурул,
Жер алгансып Буурул ат,
Окуранып кишинеп,
Буурулдун үнү чыкканда,
Кадоодогу он төрт ат,
Баары бирдей чуркурап,
Буурулдун үнү укканда,
Сур Коён буудан баш болуп,
Баары бирдей чуркурап,
Он төрт ат үнүн укканда,
Алманбет уулу Күлчоро,
Тай буурулду булкунтуп,
Кадоодо жаткан он төрт ат,
Касап алтоо буудандар,
Кабык болуп калыптыр.
Алманбет уулу Күлчоро,
Жардай болгон буудан мен,
Он төрт атка баары деп,
Он төрт атты көргөндө,
Айланайын буудандар,
Кабыргалаш туугандар,

Көргөн күнү кайсы деп,
Чандан асып айбалта,
Чынжырларын талкалап,
Баякы он төрт күлүктү,
Каптал жолго салды эми.
Чубатып атчан Күлчоро,
Каркырага барды эми.
Каркырага барганда,
Аттарды баштап Күлчоро,
Жарадар болгон бууданды,
Байлай коюп мамыга,
Чатырга барып кирди эми.
Чатырга барып барганда,
Кылагар коону кылайын,
Кыл муруту шыйпайып,
Канкоруң эси ооп жатыптыр.
Баш жагында Бакайга,
Сакалы ылдый жаш кетип,
Жалгызым кандай болор деп,
Семетей башын кучактап,
Ыйлап турат эр Бакай.
Ал аңгыча болгондо,
Канаттын күүсү дуулдап,
Акундун кызы Айчүрөк,
Учуп келди шуулдап.
Айчүрөк калды эми,
Кан Бакайдын үстүнө,
Ашкере басып кире албай,
Уялып Чүрөк турду эми.
Алманбет уулу Күлчоро,
Айланайын аба деп,
Келиниң келди кашкага,
Уялып турат өзүңдөн.
Чатырга жеңем кирсин деп,
Жаратың жеңем көрсүн деп,
Очогор огун түшүрүп,
Абама айла кылсын деп,
Алманбет уулу Күлчоро,
Билемин мунун актыгын,
Дүнүйөдөн тактыгын.
Очогор огун албаса,
Абама айла кылбаса,
Таманын тилип туз салып,
Бетин бир тилип көк салып,
Кер байталды минет деп,
Кементайды киет деп,
Акун асмандын төрүнө,
Как ошентип Күлчоро,
Акундун кызы Айчүрөк,
Манастын уулу Семетей,
Жаратканга жалынып,
Оң аттады Айчүрөк,
Осогор огун карасаң,
Орун алып калыптыр.
Ыргып кетпей солк деди,
Кайра тартып Айчүрөк,
Жаратканга жалынып,
Сол аттады Айчүрөк.
Мында да очогору солк деди,
Оозунан чыгып кетпеди,
Акундун кызы Айчүрөк,
Эки аттады түшпөдү.
Ошондо буркурап ыйлап
бул туруп,
Кечээ мен ак куу кебин кийгенде,
Асмандап учуп жүргөндө,
Толтой менен Чынкожо
Экөөнөн жанга кыстоо тийгенде,
Акталама кайыш сыдырып,
Алтай учуп keминден,
Чет Бээжинге барамын.
Кебез өтүк кендир бел,

Кечилдин ханы Коңурбай,
Кечүүдөн сынып алгамын.
Алтымыш албан кырк кандай,
Ак сакалы Коңурбай,
Сакалы аксак көрпөдөй,
Бети бир бышкан өпкөдөй.
Темингиси телпилдеп,
Сок билектей карачач,
Айдалыда селкилдеп,
Асаба колдо каткылдап,
Көзайнек көздө жаркылдап,
Отогосу кытайдын,
Оң ийнинде былкылдап,
Жакыт айнек шуру таш,
Так төбөдө жаркылдап,
Көөкөрдөй болгон чоң кисе,
Көксөө болгон кытайдын
Оң жамбашта шалпылдап,
Мурундары кытайдын
Селебенин кабындай.
Муруттары кытайдын
Майлаган балта сабындай.
Эки көздүн кычыгы
Казып койгон ородой.
Көздөн чыккан чылпагы
Кайнатып койгон шородон.
Каш кирпигин карасаң
Бөксөдөгү чалкандай.
Кулагынын кулкусу
Балдар чеңгелдеп жүргөн талканды
Кара кыны кытайдын
Оң далысы кең экен,
Оң бөйрөгү солк этти,
Ойротту бузар эр экен.
Капыр да болсо бу тажаал
Аябаган шер экен,
Сол далысы кең экен.
Сол бөйрөгү солк этти,
Солду бузар эр экен.
Капыр да болсо бу тажаал,
Аябаган шер экен.
Деп ушинтип мен өзүм
Ободо туруп ыйладым,
О дүйнө кеткен атамдын,
Оорагын мында сыйладым.
Ак пайгамбар бир билсе,
Ак мусулман дин билсе,
Келмеге тили түз келсе,
Ушуга тийип алсам деп,
Жедигердин Толтойго,
Бели катуу Жолтойго,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Качып жүргөн кайранчы,
Кан Толтойдун элине,
Кандыгына тең болбой,
Көчө келген айранчы,
Алоокенин Коңурбай
Ушуга тийип алсам деп,
Шыгайдын уулу Чынкожо
Жедигердин кан Толтой,
Экөөңө алып барып салсам деп,
Капыр да болсо Коңурбай,
Мен жактырып алгамын.
Ошо бир тигилип калгамын.
Төрөмүн төрүнө душман жатканын
Төшөгүн жанга бастырсам,
Төбөсү туюк көк урсун,
Асманда Азыретаалы, Айкожом
Ал экөөнүн бири урсун
Жазыгым жанкы болбосо,

Жараткан алда кудурет
Мени бети кара кылба деп,
Жаратканга жалынып,
Кайра аттады Айчүрөк.
Боконо жүрөк болк этип,
Бокту ичеги солк этип,
Акундун кызы Чүрөктү
Күлчородон бек коркуп,
Билеги кетип сабынан
Чүрөк ыйлап турганда,
Боордогу коргошун
Болк этип ыргып кетти эми.
Очогор огун Айчүрөк
Алып таштап ордунан
Боордо уюп калган кара кан
Акундун кызы Айчүрөк
Төктүн кызы Төкмончок
Курдун кызы Курпейил,
Атын Акү дечү экен
Алып келген ак дары
Жаратка сээп жиберди.
Манастын уулу Семетей
Дарыны сээп болгондо,
Кадимкидей таптаза
Чын айыгып калды эми.
Айыктырып кан Чүрөк
Ак куу кебин бир кийип,
Эч бир жанга билинбей,
Учуп кетип калды эми.
Караса көзгө илинбей,
Канчоро, Бакай жылкы айдап,
Түптүн башы сеңирге,
Кирип келип Күлчоро,
Түптүн боюн караса,
Калың токой черинде,
Кайнаган калың кол жатат,
Кайнаган калмак мол жатат.
Күүгүм менен барайын,
Суuга келген келгинди,
Акырын кармап алайын.
Башын кесип байланып,
Семетейдей абама,
Сүйүнчүлөп барайын,
Сүйүнчүсүн алайын,
Канатсе Мурадилдин колу экен,
Акырын суuга барайын,
Киймин чечип кечилдин,
Өзүн суuга түртүп салайын.
Кечилдин киймин мен кийип,
Мурадилдин үстүнө
Калмак болуп тайраңдап,
Суу көтөрүп кирейин.
Жараткан кудай жар болсо,
Мурадилди өлтүрүп,
Атамдын өчүн алайын.
Деп ошентип Күлчоро
Күүгүм кире күн бата
Бос сеңирден ат минип,
Кылычын кыя байланып,
Түптүн суусун айланып,
Кыйгактуу найза тээктеп,
Түптүн суусун жээктеп,
Кечүү менен Күлчоро
Кечип алып ал жерден
Суудан чыгып алганда,
Буудандан түштү секирип,
Суу алуучу кечилдин,
Жолун тосуп имерип,
Ал аңгыча болбоду
Бир тулубун көтөрүп,
Алачыктай бир кечип,
Суу алмакка келди эми.

Тулубуна суу куюп,
Кечип суудa турганда,
Алманбет уулу Күлчоро
Чуркап жетип барды эми.
Алачыктай кечилди,
Кармап алып Күлчоро
Кечилдин киймин чечинтип,
Бүтүн сыйрып алды эми.
Алачыктай кечилди,
Ар кескен менен Күлчоро
Жогдор чачтан бек кармап,
Колдо кудай деп кармап,
Таманга ороп алды эми.
Ордунан өйдө тургузбай
Камандай болгон кайран шер,
Тоодой болгон кечилдин
Башын кесип алды эми.
Суугa түртүп салды эми.
Кечилдин киймин кийинип,
Бир тулуп сууну көтөрүп,
Кырымдын Мурадил,
Мурадилдин үстүнө,
Күлчоро кирип барды эми.
Шам ала коюп от жагып,
Дуулап жаткан калмактар,
Калмак бийин бир бийлеп,
Черттирип коюп дуутарын,
Чуулап жаткан калмактар.
Калмагынча калдырап,
Кытайынча балдырап,
Ырдап жаткан калмактар
Бир тулуп сууну көтөрүп,
Камандай болгон куу чунак
Мурадилдин үстүнө
Жана кирип барды эми.
Калмак болуп тайраңдап,
Кырымдын уулу Мурадил
Көрө коюп чорону
Турпатына караса,
Биздин элге окшойт деп,
Оройуна караса,
Буруттарга окшойт деп,
Карап туруп Мурадил
Жабуу, жабуу деди эле,
Ал аңгыча болбоду,
Ойротту бузар Күлчоро
Кыркы келип чорого
Ошо жерден жабылды
Кармашып жатып Күлчоро
Көтөргөн суусун баягы
Отко куюп жиберди.
Үйдүн ичи тумандап,
Кайсы экени билинбей
Бирин-бири көрө албай,
Жулкушуп жүрүп Күлчоро,
Кырымдын уулу Мурадил,
Колуна шамын алганда,
Ыргыта тээп салды эми.
Бака-шака ызы-чуу,
Туман түшүп калганда,
Кечилдер бирин-бири өлтүрүп,
Алманбеттин Күлчоро
Кыркын катар өлтүрүп,
Тышка чыкты сурданып.
Жин ургандай кырданып,
Эр кескени колунда.
Уй түгүндөй капырдын,
Аскерин катуу кырып салды эми.
Бакаңдаган бир кытай,
Суу ылдый кетип баратып,
Буурул атты көрдү эми.
Жардай болгон буурулду,

Жетелеп барып ал кытай,
Мурадилге бергени,
Чынжыр менен баймактап,
Коргошунду ээритип,
Кулагына куйганы.
Коргошун түшүп калат деп,
Жардай болгон Буудандын
Кулагын бууп салганы
Алманбеттин Күлчоро
Бир илек колун талкалап,
Жаман кырды Күлчоро
Тушарына теңебей
Уй түгүндөй капырды,
Аралап басып Күлчоро
Мындай чыга бергенде,
Жаныбарым Тайбуурул
Окуранып жер чапчып,
Тегеренип жулкунуп,
Алдына келген калмакты,
Чапчып тиштеп ыргытып,
Жүздөй калмак чогулуп,
Жардай болгон буурулду
Тегеректеп калыптыр.
Муну көрүп Күлчоро
Буурулду көздөй барыптыр.
Калмактын колун талкалап,
Чынжырларды балталап,
Тайбуурул атты бошотту.
Алманбет уулу Күлчоро
Жардай болгон Буурулдун
Кулагын чечип бошотуп,
Коргошунду ыргытып,
Буурулга ыргып минди эми.
Чү деп жоого кирди эми.
Күнү-түнү он күндө
Колдон бирөөн калтырбай
Барын кырып салды ошол.
Мурадилдей калмактын
Башын кесип салды ошол.
Аскер каны Мурадил
Алманбет менен тең окуп,
Өнөрүн ашкан кытайды
Күлчоро кармап алды эми.
Атам Алмандын өчүн алдым деп,
Санасы тынып Күлчоро,
Бир илек колду талкалап,
Тон тополду кан кылып,
Ээр токуп дагы артып,
Талаада жаткан Быйтыга,
Сенин олжоң ушу деп,
Алманбет уулу Күлчоро
Талаага таштап алтын Быйтыга.
Айдап барып аттарды
Кийим кече алгансып,
Жылжыган жорго мингизип,
Акжолтой быйты болдуң деп,
Күлчоро Кең Колду көздөй
бет алды.
Сангара жылкы мал айдап,
Семетей менен кан Бакай
Канчорону ээрчитип,
Сангара жылкы мал айдап,
Бу Кең Колго барды эми.
Аргын, ногой карысын
Жыйып алып кан Бакай
Аргын, ногой калың эл
Баарын жыйып Семетей
Коңурбайдын көп жылкы
Айдап барып Семетей
Чоң Кең Колго токтотуп,
Аргын менен Ногойго
Өткөн жердин куну деп,

Олжо бөлдү токтотуп.
Ошо жылы тим жатып,
Кийинки жылы болгондо,
Эл өйдөгө чыкканда,
Ат кара тил болгондо,
Бу Бээжиндин ичинен
Алтымыш илек кол алып,
Коңурбай жүрдү Кең Колго.
Алтымыш илек калың кол
Туюк жаткан Семетей
Түн катып барып Коңурбай
Семетейдин ордосун
Алтымыш курчап алыптыр.
Манастын уулу Семетей
Алдында Буурул аты жок
Калың жоонун ал кургур
Ортосунда калыптыр.
Алоокенин Коңурбай
Очогор менен бир атып,
Канкорду камап калыптыр.
Очогор үнүн укканда,
Акылман Бакай карыя
Көк чолокту токунуп,
Жылкыдагы балдарга,
Кабар берди ошондо.
Ал аңгыча болбоду
Алманбет уулу Күлчоро
Сур Коён сындуу ат минип,
Жаратканга жалынып,
Күлчоро менен Канчоро
Жанына жарак салынып,
Жоо киймин кийинип,
Жылкыдагы берендер
Кыз көргөндөй сүйүнүп,
Күлчоро, Бакай, Канчоро
Жоого кирди качырып.
Коңурбайдын калың кол
Чабуул коюп малына,
Элге талоон салышып,
Аргын, ногой көп кыргыз
Өлбөгөн жерде калышып,
Калың уруш болду эми.
Уй түгүндөй көп капыр,
Каптап кирип келди эми.
Ак асаба туу болуп,
Аябай уруш болду эми.
Жылгындуу Кең Кол жеринен,
Үч айда сүрүп чыкты эми.
Токмоктуп байлап капырлар,
Өлгөнүнөн калганы
Жерин көздөй качыптыр.
Көк кылкылдап келгенден,
Былкылдап куурай бышканча,
Кыргыз кытай эки бет
Мыйзамдын гүлү түшкөнчө
Уй түгүндөй капырды
Алакандай мусулман
Бектип турган бели бар,
Ишене турган шери бар.
Ысык-Көлдүн бетине
Төрт айда сүрүп келди эми.
Ысык-Көлгө келгенде,
Аламан уруш катуу чуу
Эл суюлуп болду эми.
Коңурбай менен Семетей
Сайышар жерди чектешип,
Семетей менен Коңурбай
Оргогордо беттешип.
Карагул менен Коңурбай
Аяш балам Семетей
Элчиликке келелик.
Элдешип алып Семетей

Аяш атаң мен турсам
Айла кылат душманга.
Акылга көнсөң сен бала
Бээжинге алып баралы,
Өзүңдү кан көтөрүп алалы.
Кыргыз менен кытайдын
Каны кылып өзүңдү
Аяш атаң мен баштап,
Карагул баатыр шер баштап,
Аяш балам Семетей,
Сенин астыңа кызмат кылалы.
Бээжинден минсең алтын так,
Сенин атан Манаска,
Жараткан берген артык бак,
Акырет кеткен зор атаң,
Ай асманда боз эле,
Акыреттик дос эле.
Тилимди алгын Семетей,
Өзүңдү Бээжин каалага,
Кан көтөрүп алалы.
Кыргыз кытай эл болуп,
Куунап жатып калалы.
Деп Коңурбай айтканда,
Манастын уулу Семетей
Коңурбайга алданып,
Аяш ата Коңурбай
Бул айтканың акыл деп,
Уга турган макул деп.
Бакай канга кеп айтат
Токтотолу согушту
Биз Бээжин каала баралы,
Куунап жатып калалы.
Макул болуп Семетей,
Карагул менен Коңурга,
Как ушинтип турганда,
Бакай менен Күлчоро
Айланайын абаке,
Коңурбай менен Карагул,
Ай асманда боз экен,
Менин атам Манас менен,
Капыр да болсо Коңурбай,
Акыреттик дос экен.
Аяш атам Коңурбай
Өткөн өчтү таштайлык,
Кеткен кекти таштайлы,
Жакшылыкты баштайлы,
Аяш балам Семетей
Бээжинге эми баралы.
Кытай кыргыз аралаш
Бир падыша бололу.
Биз картайып кеттик го,
Бээжинге барсаң Семетей,
Кан көтөрөлү өзүңдү.
Сары алтын такты мингизип,
Кытай кыргыз калың журт
Өзүңдү кан көтөрүп алалы.
Карагул менен Коңурбай
Антты ичип уу жалап,
Убадасын берди деп,
Коңурбай тилин алалы.
Бээжинине баралы.
Коңурбайдын айтканына көнөлү.
Деп ошентип айтканда,
Алманбет уулу Күлчоро
Ачуусу келип күүлөнүп,
Ошондо Семетей канга сүйлөнүп,
Аба бул сөзүңдү ит уксун,
Ит укпаса ким уксун,
Бул сөзүңдү куш уксун,
Куш укпаса ким уксун,
Айтып антка тойбогон
Кудайды билбес пирсиз кул,

Куранды билбес динсиз кул,
Кудайды билбес биринге
Ишенесиң аба сен,
Антка турса бул кытай,
Серек, Сыргак эр кайда,
Алманбет, Чубак эр кайда,
Атпай түрктүн атасы,
Айкөл бир атам шер кайда,
Калың кыргыз эл кайда,
Антка турса бул кытай,
Кытай менен кыргызды,
Элдештирип салбайбы,
Конок кылып сыйласа,
Кан көтөрүп албайбы,
Бул кытай кадыры менен
калк бийлеп,
Кытай менен кыргызды,
Жоролош кылып салбайбы,
Сен ишенесин кытайга,
Барсаң өзүң бара бер,
Алдоо тилге кирбейбиз,
Бээжинге барып камалып,
Камоодо жатып өлбөйбүз,
Деп ушинтип Күлчоро,
Тилимди аба ал деди.
Тайбуруул буруул бер деди.
Оргочордун жолунда,
Алманбет уулу Күлчоро
Топчулугун топчулап,
Толтойгон бетин үпчүлөп,
Чий бадана торгой көз,
Ичинен кийип алды эми.
Түймөлөрүн чогултуп,
Чокуга түйүп салды эми.
Беш кабырга темирди,
Белдемчелүү себилди.
Алманбет уулу Күлчоро
Белге байлап алды эми.
Бой бекитип Күлчоро,
Ок өтпөгөн чопдуктан,
Сыртына кийип алды эми.
Буурулду минип Күлчоро
Карагул менен Коңурбай,
Оргочордун жонунан,
Качырып сала берди эми
Качырып сала берди эми.
Ушу кезде чоронун,
Оозунан көк түтүнү буркурап,
Көзүнөн көк түтүн күйүп
шыркырап,
Пайгамбарлап бакырып,
Манастап урааан чакырып,
Добулбасты койгулап,
Чууну чууга угузуп,
Ак келтени бир атып,
Сурнай кулак туңгузуп,
Уй түгүндөй капырга,
Күлчоро жалгыз киргенде,
Карагул менен Коңурбай
Экөөлөйүн деп турат.
Шуйбу менен ак келте,
Төртөөлөйлү деп турат.
Тыргооттун каны эр Эшим,
Бешөөлөйлү деп турат.
Ээрдин мурду жаланып,
Алманбет уулу Күлчоро
Койго тийген бөрүдөй,
Эки жагын каранып,
Карагул менен Коңурбай,
Өткөн өчтү бек ойлоп,
Экөөнүн канын ичсем деп ойлоп,
Күлчоро жалгыз киргенде,

Алтай, Тангай аралаш
Ураан тартып алышып,
Мөндү, мөндү деди эле,
Мөндүлөгөн көп калмак
Бөксө жактап келди эле.
Жабуу, жабуу деди эле,
Жабуулаган көп кытай
Оргочордун алдынан
Ысык-Көлдүн жээгинен,
Жака жактан келди эле,
Бүткүл-бүткүл жер көрдү.
Жүрөгү өлгөн калмактар
Күлчоронун жанынан,
Жайнаган калмак калың эл,
Серек, Сыргак эр көрдү,
Алманбет, Чубак шер көрдү.
Уялуу кытай калың журт,
Уюлгуган чаң көрдү,
Айкөл Манас кан көрдү.
Ошолорду көргөндө,
Калмак, кытай бириндеп,
Качып жүрөт дирилдеп,
Бирин-бири тебелеп,
Алманбет уулу Күлчоро,
Тиктегени Карагул,
Издегени Коңурбай,
Ачуу келген Күлчоро,
Энкейиштен эр сайып,
Нечен миңин бир сайып,
Энкейиштин сыйрылма,
Алдындагы буурулдун,
Эликтей колу сайылып,
Асабадай куйругу,
Арт жагынан жайылып,
Кабыландай кайран шер
Кайнаган кытай калмакты
Кытайдын колун сапырып,
Камандай болуп качырып,
Кыргыз, кытай эки бет.
Жараткан алда бар кудай,
Тууштy берген ченебей,
Кайнаган кытай тажаалды,
Катуу кырып Күлчоро,
Тушарына теңебей.
Буурулду минип бургутуп,
Аралай тушүп тажаалды
Жадар чачтан бек кармап,
Тезектей кылып ыргытып,
Топону көр чаңды көр
Жетмогуздун талаада,
Токтобой аккан канды көр,
Калмактын каны Боз келте,
Алманбет уулу Күлчоро,
Найзанын учун майлады,
Боз келтени жайлады.
Тыргооттун каны Эр Эшим,
Караколдун суусунан,
Жебеден мурда жетти эми.
Тырготтун каны Эр Эшим,
Көмө коюп өттү эми.
Алманбет уулу Күлчоро,
Кармап башын кести эми.
Эр Эшимди сойгондо,
Боз келтени сойгондо,
Какайлаган манжулар,
Кара жалдан кечти эми.
Ал аңгыча болбоду,
Урушар жери чектелди.
Алманбет уулу Күлчоро,
Карагулга кез келди,
Карагул качты соксоктоп,
Сок билектей кара чач,

Ай далыда токмоктоп.
Карагул качып баратса,
Бээжинден чыккан шыктуу ит,
Жоонун айласын билген
шыктуу ит,
Алоокенин Коңурбай,
Жылкычы башы Карагул
Кессеңир көздөй бет алып,
Карагул качып калганда,
Алоокенин Коңурбай,
Күлчоро көздөй бет алды.
Коңурбай менен Күлчоро,
Найза менен сайышып,
Найзанын учу майышып,
Айбалта менен салышып,
Сабы колдо калышып,
Кылыч менен чабышып,
Чаны колдо калышып,
Камчы менен салышып,
Бүлдүргү колдо калышып,
Тайбуурул менен Алгара
Омуроого тебишип,
Коңурбай менен Күлчоро
Ат үстүнөн эңишип.
Өрүп алган Коңурбай
Алманбет уулу Күлчоро
Жогдор чачтан аларда,
Үзөңгү боого саларда,
Коңурбайдын Алгара
Тоодой болгон манжунун,
Колдоп кетти Алкара
Жыгылуучу жагына,
Жайылуу жастык бир болуп,
Эки эрен ушинтип турганда,
Жабуу, жабуу деди эми.
Же өлгөнү билинбей
Уй түгүндөй көп кытай
Жабылып кирип келди эми.
Мөндү, мөндү деди эле,
Мөндүлөгөн көп калмак
Мөндүлөп кирип келди эми.
Алманбет уулу Күлчоро
Оодара тартып кытайды,
Кылычты кындан копшотуп,
Айбалта чандан копшотуп,
Кытайдын башын жарарда,
Шайбу деген бир балбан
Жана жетип келди эми.
Аттан түшкөн Коңурду,
Көтөрүп жерден алды эми,
Балбандыкты билгизип,
Алгарадай күлүктүн.
Эр тактага мингизип,
Уй түгүндөй көп капыр,
Тегеректеп алды эми.
Алоокенин Коңурбай
Кечилдин каны манжуну,
Кутказып кетип калды эми.
Ошо кезде Күлчоро
Жабуулаган калмакты,
Жаман кырып жиберди.
Мөндүлөгөн кытайды
Ботөн кырып жиберди.
Найза тийген жеринен,
Аккан каны дирилдеп,
Уй түгүндөй капырлар,
Күңгөй тоосун таянып,
Качып жүрөт бириндеп,
Капырды кууп талкалап,
Алакандай мусулман
Күлчоро менен Канчоро
Семетей менен кан Бакай

Кесеңерге толтуруп,
Капырды кырып салды эми.
Кессеңирдин жонунда,
Өргүп жатып алалы.
Деп ошентип эрендер,
Бүт чогулуп алды эле,
Бусулмандын карысы,
Тамактанып олтуруп,
Даарат алып олтуруп,
Каза намаз окушуп,
Көңүлгө ыйман токушуп,
Атпай түрктүн балдары,
Жалпы атка минди эми.
Капырды көздөй бет алып,
Казатына кирди эми.
Алакандай мусулман,
Үстүртөн кудай калкалап,
Уй түгүндөй капырды,
Катуу кырып талкалап,
Алоокенин Коңурбай,
Жаралуу болгон бу кытай,
Карагулун ээрчитип,
Көл жээгине батырып,
Жарага дары салдырып,
Күнү-түнү он төрт күн,
Алоокенин Коңурбай,
Дарыланып калыптыр,
Дары менен айыгып,
Темингиси телпилдеп,
Сок билектей кара чач,
Айдалыда селкилдеп,
Жанат мүнөт кудай деп,
Тоодой болгон чоң Буркан,
Урушка карай келиптир.
Бу тасманын жонунан,
Бет алышып келгенде,
Алоокенин Коңурбай,
Семетейден найза жеп,
Өлөр өлбөс жан менен,
Карагул баштап качып кутулду.
Мына ошентип мусулман,
Кытайдын качканынан калганын,
Турган Ак суу боюнан,
Калың токой ичинен,
Кыдырып таап чилге уулап,
Бүтүн кырып салды эми.
Коңурбай менен Карагул,
Ак сууну ордоп алыптыр.
Карыланып Коңурбай,
Найза тийген жерлери,
Кадимкидей таптаза.
Чын айыгып алыптыр
Карагулун ээрчитип,
Өлгөндүн өчүн алам деп,
Алоокенин Коңурбай
Күүлөнүп капыр калыптыр.
Ошондо Карагул туруп
муну айтат,
Айланайын чоң каным,
Бээжинге кайра баралы,
Калың кошун алалык.
Качкындын уулу Күлчоро,
Атасынан артык шер экен,
Эң айлакер эр экен.
Күлчоросу болбосо,
Манастын уулу Семетей
Сомдоп койчу неме экен.
Акыры мойсоп койчу неме экен.
Манастын уулу Семетей
Көөдөктүгү бар экен.
Өзү копоп жан экен.
Бирок касиети бар экен.

Күлчорону билбесе,
Алдоого көнчү жан экен.
Бээжинге кайра биз барып,
Күмүш, алтын зар алып,
Таласка кайра келелик.
Тартуу тартып Семеңе
Таарынчы жазмык бололук.
Атанын кунун куудурбай,
Амалкөй тилге биз салып,
Алдап алып Семетей
Бу жерден кан көтөрүп алабыз.
Кытай, кыргыз сен билгин деп,
Эсенкандын деңгээлден
Сары алтын такты сен мин деп,
Кытай менен кыргызды
Аяш балам Семетей
Чогуу бойдон сен бил деп,
Атасы малдан өлгөн ит эле.
Малга алданып калбайбы,
Манастын уулу Семетей
Анан биздин тил ди албайбы,
Куусаң балбай Семетей
Бээжинге өзү барбайбы,
Алманбет уулу Күлчоро,
Манастын уулу Семетей,
Атасынан артык тузган шер экен.
Ажалы бизден жетпейби,
Калган бурут коң төрөм
Айдаган жакка баспайбы,
Бул экөөнү өлтүрсөк,
Айланайын коң тарат,
Буруттар жалаңкыч болуп
жатпайбы,
Баш көтөргөн буруттар,
Башын кесип буй кылып,
Айдап жүрүп кул кылып,
Өлгөндүн өчүн алабыз,
Деп ошентип Күлчоро
Минтип айтып турганда,
Коңур анда кеп айтат.
Ээ, кудай урган Карагул,
Эсенкан сурайт бизден,
Ээ, кудай урган Коңурбай,
Бурут алган көп жылкы,
Колго тийбей калдыбы.
Ар кеңден кеткен көп колду,
Арылгыс шорго салдыңбы,
Ошонун баарын жоготуп,
Ээ, кудай урган Коңурбай,
Ошо кезде өлбөй сен өзүң
Кантип келдиң каңгайга,
Алтымыш илек кол менен,
Бурутту чаап алам деп,
Алып кеткен эл кайда,
Көптүгүнөн түгөнбөй
Түтүп турган кан кайда.
Канды кудай урбайбы,
Экөөбүз кайра барсак Бээжинге,
Бээжиндеги кары кан,
Бизге жеме кылып турбайбы.
Деп ошентип Коңурбай,
Качып кеткен кайранчы,
Кандыгына тең болбой
Бурутка кеткен айрангы
Айрангы кулдун уулунан,
Ажалым жетти өлөйүн.
Атасынан бу кулду
Артык тууп коюптур.
Ушу кулдан өлөйүн.
Өлгөндүн өчүн албасам,
Же өлүп деги калбасам,
Же Манастын уулу Семетей

Же Алманбет уулу Күлчоро
Экөөнүн бирөөнүн башын
албасам,
Же Бээжиндеги Эсенкан
Ээ, кудай урган Карагул,
Эсенкандын алдына
Бээжинге кантип бар дейсиң,
Топурак учуп тоз түшүп,
Тоо айланып боз түшүп,
Кудай урган Карагул
Асман ачык жер бүркөк,
Же жерден бир топ көрүнбөй
Келбеди беле калың эл,
Калмактын каны Боз келте
Боз келтедей эр кайда,
Тыргооттун каны эр Эшим
Кудай урган Карагул
Эр Эшимдей шер кайда,
Алманбет уулу Күлчоро
Кара колдун суусунан,
Ошо кул жетип алды деп,
Эр Эшим менен Карагул,
Алманбет уулу Күлчоро
Башын кесип салды деп,
Эр Эшим менен Боз келте
Экөө өңдүү шер кайда,
Асман ачык, жер бүркөк
Жерден бир топ көрүнбөй,
Ээрчий келген эр кайда,
Өлгөндүн өчүн албасам,
Кеткендин кечин албасам,
Аман болсом Бурутту
Атасы Манас кылбасам,
Кантип Бээжин бар дейсиң
Кармашып жатып мен өзүм,
Же буруттан өлүп калбасам,
Же астына минген Алгара,
Баспай өлүп калбасын,
Кантип Бээжинге барамын.
Качкындын уулу Күлчорого
Амалыңды салсаңчы,
Анкөй тилге көндүрүп,
Алманбет, Чубак, Манасты
Алдай жүргөн шер элең.
Бу Бээжиндин ичинде,
Сен жалгыз мага бел элең.
Карагул сүйлөш сөңгү кул менен,
Амал кылып алыстан,
Башын кесип алсаңчы.
Коңторо муну айтканда,
Атасынан бу кулду,
Артык тууган кыяр кул
Айткан тилге көнбөйтко,
Алдаганга болбойтко.
Коркуп турат Карагул
Күлчоронун өзүнөн,
Найзанын учун малат деп,
Алдаганга көнбөстөн,
Атасы Алмандын өчүн алат деп,
Астындагы тирүү айгыр
Бурутка олжо кылат деп,
Коңурбай экөөбүздү тең алса,
Бу кул Бээжинди талкан
кылат деп,
Коркуп койду Карагул.
Ушу журттан ажырап,
Алоокенин Коңурбай
Бээжинге карай барбайм деп,
Каарланды Коңурбай.
Чоң Ак суунун ичинен
Карагул тилин албастан,
Ич күйдү болгон Коңурбай,

Жоо жарагын салынып,
Ок дарысы түгөнгөн.
Очогорун асынып,
Качанга жатат Коңурбай
Калың черге катылып,
Алоокенин Коңурбай
Жардын башын уратып,
Алкара менен чуратып,
Бир жерди жаза баспаган,
Кордойго колду салбаган.
Колу жооруп калбаган,
Коңурбайдын Алкара
Жорголой басып жыпылдап,
Жолго түштү зыпылдап.
Коңурбай кытай шер байлап,
Семетей, Бакай, Күлчоро
Үчөө менен Коңурбай
Урушмакка бел байлап,
Убадалуу күн байлап,
Алты күнү сайышам.
Алоокенин Коңурбай
Урущ менен бел байлап,
Кудай урган Карагул,
Караан болуп бергин деп.
Же кудай урган Карагул
Сен жекече чыгып жоо сайбай,
Жалтанбай чууга кирбедиң.
Күлчоро кулду өлтүрүп,
Кыпкызыл болгон кан жалап,
Буруттан жылкы тийбедиң,
Деп ушинтип Коңурбай
Ак суунун кара талаада,
Коңурбай өзү келгенде,
Калың кыргыз калайык,
Огрочордун оюнда,
Ысык-Көлдүн боюнда,
Тынч алып жаткан мусулман
Каза намаз окушуп,
Көңүлгө ыйман токушуп,
Ушинтип жаткан мусулман,
Оргочордун жонунда,
Олуя заада шер Бакай
Чоң Ак суунун боюнда,
Дүрбү салып олтурса,
Кара жаак ак камчы,
Алгарадай күлүктү,
Кайра кармап алды эми,
Катыра санга салды эми.
Каарланып Коңурбай
Колго тийген бөрүдөй
Эки жагын каранып,
Же буруттан өлөм деп,
Же бурутту алам деп,
Кабагына кар түшүп,
Каарданды Коңурбай.
Өзүнөн өзү ант ичип,
Буруттун колу кайда деп,
Ээрди жүрдүм жаланып,
Кара бөлтөк жонуна
Карагулун ээрчитип,
Чыгып барып Коңурбай
Буруттун эли кайда деп,
Карап турду бу кытай.
Козу колдун баткыда,
Көрүнгөндү жуткудан
Бээжинден чыккан шер кытай.
Өлгөн журтун ойлонуп,
Кабагына кар түшүп,
Мурутуна муз тоңуп,
Өлгөн журттун айынан
Ошол кезде Коңурбай
Талаага көзүн салды эми.

Оргочордун оюнан,
Ысык-Көлдүн боюнан,
Кара бөлтөк жонунан,
Элдин баарын өлтүрүп,
Көп кызыкка буруттар,
Баткан экен ошондо.
Карагул мени ойлобой,
Жаткан экен буруттар.
Манастын уулу Семетей
Алманбет уулу Күлчоро
Күнү-түнү кырк күнү
Талыбай уруш кылгандыр,
Коркпой найза салгандыр.
Айбалта менен чапкандыр.
Кол карышып шак болуп,
Дене бою дал болуп,
Былк этпей жатып калганго.
Оргочордун жонунда,
Каргадай болуп бир адам
Кароол карап олтурат.
Оңбогон Бакай болбосун
Биз бурутка кирип барганча
Кыргын салып бурутка
Өлгөндүн өчүн алганча,
Күлчоро кулун ойготуп,
Семетейин ойготуп,
Канчоросун ойготуп,
Баягы Бакай шер болсо,
Кабыландай балдарын
Жалпы атка мингизип,
Жол тостуруп койбосун.
Жүргүнүң Карагул
Камындырбай бурутту
Капыстан басып калалык.
Калкына кыргын салалык.
Кеткендин кегин алалык.
Деп ошентип Күлчоро,
Кара жаак, ак камчы,
Кытайдан көп алакан чоң камчы,
Кайра кармап алды эми.
Жанат мүнөт колдо деп,
Алтай, Каңгай аралаш
Ураанын тартың Коңурбай
Чуунун чууга угузуп,
Сурнай кулак туңгузуп,
Темингиси телпилдеп,
Сок билектей кара чач
Асаба колдо калкылдап.
Көз айнек көзгө жаркылдап,
Отогосу кытайдын
Оң ийнинде балкылдап,
Жакут айнек шуру таш
Так төбөдө жаркылдап,
Көөкөрдөй болгон чоң киссе
Коросоңдуу кытайдын
Оң жамбашка шылпылдап,
Ошо кезде Коңурбай
Кыргызды көздөй жөнөдү.
Коңурбай келе жатканда,
Бакайдан кабар алганда,
Алакандай мусулман
Алды алдынан ат токуп,
Ат токуса бат токуп,
Чууну чууга угузуп,
Сурнай кулак туңгузуп,
Эштектердин жамгырчы
Калың колу ээрчитип,
Төш таянып алды эми.
Манастын уулу Семетей
Олпокту кийип долкоюп,
Тайбуурул минип болкоюп,
Алманбет уулу Күлчоро

Ажыдаардай чатынды
Буурулду минип булкуюп,
Сыр найза колдо зыңкыйып.
Кылычы белде кыңгырап,
Айбалта жанга салынып,
Жаратканга жалынып,
Ойдогусун талкалап,
Алманбет уулу Күлчоро
Ак келте алып чалкалап,
Манастын уулу Семетей
Желкайыптын баласы,
Далай буудан тазасы,
Сур Коён менен Семетей
Күлчородой балага
Каңырыгы бек түтөп,
Кайран канкор жалынып,
Семетей канкор кеп айтат.
Сур телки менен Күлчоро
Найза колго киргенде,
Жан аябас кайран шер
Жети өгүздүн суусунан
Капырдан чыккан кайран шер
Алоокенин Коңурбай
Суу боюнда бет келди.
Бакай менен Семетей
Алманбет уулу Күлчоро
Алар келди чамынып,
Үч дөбөнүн үстүнөн
Коңурбай менен Күлчоро
Экөөнүн сайышар жери чектелди
Ар ким жетпейт санаага,
Эки шер сайышмак болду а жерде
Кой сарынын талаага,
Эки дөө алты күнү сайышып,
Күнү-түнү он эки
Тамашага канышып,
Алты күн тамам өткөндө
Алоокенини Коңурбай
Найза тийип этине
Денеден кара кан кетип,
Алоокенин Коңурбай
Коңурбайдан ал кетип,
Кача турган болду ошол.
Коңурбайдын Алкара
Кара болот ооздук
Капшыра тиштеп алганы
Башын жерге салганы,
Бээжинди көздөй бет алып,
Алкара ала качып калганы.
Коңурбай минген Алкара
Аркар чуркаш салганы,
Аркалуу күлүк Тайбуурул,
Алкараны кутказбай
Артынан жете барганы.
Качпа кытай, качпа, – деп
Сен кытай акылыңдан шашпа, деп,
Коңурбайдын Алкара
Жейрен чуркаш салганы.
Жебелүү күлүк Тайбуурул,
Артынан жете барганы,
Жыргалаңдын аккан суу
Аккан суудан аттарда,
Алманбет уулу Күлчоро
Өлөр жери ушу деп,
Ак каңкынын кашы деп,
Табарсыктын башы деп,
Чоро сайды кытайды.
Ак каңкы кашы талкалап,
Май куйрукту аралап,
Тоодой болгон кытайдын,
Далай жерин жаралап,
Эсеңгирер бу кытай

Өйүзгө чыгып алганда,
Алкара жалын кучактап,
Кансыраган чоң кытай
Дененин баарын найза жеп,
Алсыраган чоң кытай
Өлөр-өлбөс жан менен
Алкарага сөйөнүп,
Тоодой кытай турганда,
Алманбет уулу Күлчоро
Артынан жете барды эми.
Тоодой болгон кытайды,
Күлүстөн бала Күлчоро
Ката сайып салды эми.
Коңурбай минген Алкара
Бээжинди көздөй бет алып,
Тасманын сары жон менен
Алкара качып калды эми.
Тайбуурулдун Күлчоро
Артынан кууп олтуруп,
Түптүн башы шыкоодон,
Өкүм күлүк Тайбуурул
Өрүүдө баса калды эми.
Найза менен чылбырды
Илип алып Күлчоро
Алгарадай Күлүктү
Абакем соогат алсын деп,
Кайра коштоп калды эми.
Коңурбайга келди эми.
Коңурбайга келгенде,
Түшө калып Күлчоро
Шыйрагынан бир байлап,
Тайбуурулдай күлүккө,
Сүйрөтүп алып кытайды,
Тепкенин кулагына барды эми.
Аттан түшо калды эми.
Тоодой болгон манжунун
Башын кесип салды эми.
Тоодой болгон манжуну
Жерге түртүп салды эми.
Алманбет уулу Күлчоро
Үстүнө жар көчүрүп салды эми.
Алкараны жетелеп,
Алманбет уулу Күлчоро
Бакай менен Семетей
Ал экөөнө барды эми.
Алкара коштоп барганда,
Алманбет уулу Күлчоро
Кан Бакайга кайрылып,
Алманбет уулу Күлчоро
Айланайын абаке
Капырдын аты ат болбойт,
Башын кесип салайын.
Же болбосо абаке,
Оң кулагын кесейин.
Аргын менен Ногойдун
Олжосуна берейин.
Сол кулагын кесейин
Аргын ногой кыргыздын
Соогатына берейин.
Деп ошентип Күлчоро
Анда Бакай муну айтат.
Алоокенин Коңурбай
Бул айлакер эр эле.
Капырдан чыккан шер эле,
Кулагын кесип ардантпа,
Коңурбайдын Алкара ат
Мындай күлүк элде жок
Айланайын Күлчоро
Жоого аттанып минсеңер,
Силерге болот казанат,
Кулагын кесип кек алба.
Ченемсиз күлүк Алкара

Кулагын кесип өч алба,
Түп Бээжиндин чебинен
Куйругун жулуп алганда,
Зергер уста алдырган
Жанга өлчөп минген Алкара,
Жүгүрө албай калат деп,
Алтындан куйрук салдырган.
Абдан күлүк Алкара
Көңүлүң буудан калтырбай
Ардактап минип жүргүлө
Деп ошентип кан Бакай
Күлчорого айтканда,
Айланайын абаке,
Касиетиң бар эле.
Ак калпактуу кыргызга
Туу көтөргөн кан элең.
Асылым атам барында,
Бээжинди көздөй бет алса,
Кол баштаган жан элең.
Омбуну барып чапканда,
Он эки капка ачканда,
Тармал тондуу Кедей кан
Копонун башын ашканда,
Жол баштаган жан элең.
Айкөл атам барында,
Кол баштаган жан элең.
Алкарадай күлүктү
Соогатыңа өзүң ал.
Деп ошентип айтканда,
Олуя Бакай шер айтат.
Айланайын Күлчором,
Капырдын малы ушул деп,
Карып кылба бууданды.
Жылкычыга мингизип,
Айланайын Күлчором
Кемитпегин күлүктү.
Касаптан минип сен өзүң
Жооп кылба Алкара
Жаман тердик токунуп,
Жонунан майын кетирбей,
Ардактап минсең Алкара
Кара байыр казанат.
Жоого минчү мал ушул.
Көңүлүң салба Алкара.
Өзүң минтип Күлчоро
Эр сайган киши ат минет.
Как ошентип кан Бакай
Уруксаат кылып турганда,
Эштектердин Жамгырчы
Анда туруп кеп айтат.
Бу ичкенин учуна,
Чогулуп калк баралы.
Шерлердин өчүн биз алалык.
Калың түлөө кылалык.
Токойдун баарын аралап,
Карагул таап алалык.
Колго тийсе Карагул,
Айбалта менен кыймалап,
Кыйнап жатып өлтүрүп,
Эрте кеткен кыраандар,
Шерлердин өчүн алалык.
Деп ошентип айтканда
Манастын уулу Семетей
Макул аба,  макул деп,
Баарынан ушул сөзүң акыл деп,
Айланайын абаке,
Бөксөнүн жолун чалайын
Алты бир тынбай
Карагул издеп табайын.
Деп ошентип Күлчоро
Калың кыргыз калайык
Бул ичкенин учунда,

Түлөө кылып жатканда,
Алманбет уулу Күлчоро
Тайбуурул минип болкоюп,
Төгөрөктү чалды эми.
Алты күн тамам болгондо,
Уйку уктабай тынч албай,
Ушинтип издеп бир жүрүп,
Карагулду таба албай
Кайра кошко барды эми.
Ак калпак калың кыргыз журт
Ээр токум ат жыйнап,
Он бешке күнү жүрдү эми.
Тон тонону көп алып,
Калың кыргыз эс алды.
Канаты бүтүн кыргыздар
Кайта Кең Колду көздөй бет алды.
Кең Колго кайра барганда
Беттеше турган жоо калбай
Алманбет уулу Күлчоро
Манастын уулу Семетей
Чубактын уулу Канчоро
Үчөө ат жалын тартып мингенде,
Атанын кунун кууганда,
Айыгышкан чоң жаңжал,
Кыргыз кытай экөөндө
Кагылышы болгондо,
Анда Бээжин соо калбай
Олуя Бакай жол чалды.
Уруштун башталышын айталы
Былк этпей жаткан кытайдан
Башкы бөлүк мына ушул.
Манастын уулу Семетей
Жылкычыны кыйратып,
Ооруктан барып жылкы алды.
Кытайды чаап олжо алды
Атасы Манас көк жалдан
Бээжини кайдан соо келди.
Атанын өчүн алган соң
Касташар душман калган жок.
Деп ошентип калың эл
Ак боз бээни алдырып,
Бизге касташа турган душман жок,
Деп ошентип калың эл,
Так түштө түлөө чалдырып,
Ак боз бээни сойдуруп,
Билериктүү сур союп,
Минилбеген кур союп,
Кектешкен жоосун алганда
Мында болду кырк күн той,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Алтындан кылган тактыдан,
Букардан келген тинтеден.
Жибектен жайган тактадан,
Аюу талпак чоң күрсү,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Ордунан тура калды эми,
Жоолукту кармап колуна,
Күлчоро менен Канчоро,
Көтүнөн чуркап калды эле.
Акемдин уулу Ай жаркын,
Айланайын асылдар,
Санаабыз бирге карагым
Кештелүү калпак кең чалбар,
Кеңешим бирге жаш балдар,
Төрөңдү бүгүн аман эсен алып кел.
Ак куугa кушун алдырбай,
Ак була жатса алдырбай,
Ак балык жатса бардырбай,
Абаңды бүгүн аман эсен алып кел.
Абамдын уулу Ай жаркын.
Абаңды аман алып сен келсең,
Күздүн күнү болгондо,

Эл кыштоого конгондо
Аштык түлүк алганда
Бай аягын жайганда
Сепсең карат айдатып,
Башына аяктай пахта байлатып,
Сепсең кылбай жүз кылып,
Баарын тегиз түз кылып,
Абаңды аман алып сен келсең,
Жамгырчы хандын ак бала,
Куда башы мен болуп,
Алып келип бербесем,
Төбөсү туюк көп урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Асманда Азыретаалы Айкожо,
Ал экөөнүн бири урсун.
Алдырып ийсең шумкарды,
Анты шертиң өзүнө,
Чокусу менен сени урсун.
Көрүнбөгүн көзүмө.
Макул жеңе макул деп,
Ушул сөзүң акыл деп,
Уга турган макул деп,
Күлчоро менен Канчоро,
Ал экөө кетти жарышып,
Ат үстүнөн алышып,
Далдаң дулдаң салышып.
Манастын уулу Семетей
Андан салып илдирип,
Мындан салып илдирип,
Кайырма соң каз өрдөк,
Камтыгага илдирип,
Жикемдүү көлдү тиктеп,
Камтыгандан артканын,
Камкорун куюшканга тээктеп,
Манастын уулу Семетей,
Кайра тартып калганда,
Күлчоро менен Канчоро,
Кайра жеңип барды эле,
Манастын уулу Семетей,
Жеме кылып турду эле,
Бай эртең эрте келбейсиң,
Жаңы келген келгинге,
Атамдан калган Ак Шумкар,
Ак Шумкарды салбайсың,
Кайырма соно каз алып,
Экөөң тамашага канбайсың,
Деп ушинтип Семетей,
Жооп издеп келгендир,
Шумкардын шаңын көргөндө,
Обого чыгып жымырап,
Жерге көлөкө түшүп чыбырап,
Күн батыш көздөй сабалып,
Бүтүн кетип калды дейт.
Жүрүгүлө жаш балдар,
Кайнардын кара көзүндө,
Эгиз Кара-көл деген,
Канаттуулар төлдөгөн,
Так ушуга баргыла,
Мында келгин бар болсо,
Ак Шумкарды салгыла,
Тамашага кангыла.
Деп ушинтип кайран Шер,
Кир кечүү көздөй жөнөдү,
Акундун кызы Айчүрөк,
Була болуп алыптыр,
Үйдөй болгон Дөмбөлгө,
Алты оролуп алыптыр.
Манастын уулу Семетей,
Кыя тартып келди эле,
Үйдөй болгон дөмбөлдөн,
Кара койдун булаңы,
Айланайын Күлчоро,

Бул баланы алгыла,
Букардан келген бул энең,
Пулу кымбат болот дейт.
Кол куржунга салгыла,
Жонго байлап баргыла,
Атамдан калган олпокту,
Абыке, Көбөш эки агаң,
Атамдан калган олпокту,
Булгап кийип салыптыр,
Буласы түшүп калыптыр,
Урумдан уста алдырам,
Оңдотуп кайра салдырам.
Деп ушинтип айтканда,
Аны эшитип Күлчоро
Бул сөзүңдү ит уксун,
Ит укпаса ким уксун,
Бул сөзүңдү куш уксун.
Куш укпаса ким уксун,
Талаадан даакы тергенден,
Кулдун уулу мен эмес,
Аркан эшип жүргүдөй,
Аба күндүн уулу сен эмес,
Деп ушинтип Күлчоро,
Үйдөй болгон дөмбөлгө,
Салып алып барды эми,
Аттан түшө калды эми,
Тээп туруп дөмбөлдөн,
Гүлчоро жулуп алды эми,
Тегеректеп бек кармап,
Колдой көр кудай деп кармап,
Кары ийинге салды эми,
Ийинге тээп кетип калды эми,
Кары ийинге бата албай,
Камалып Чүрөк жата албай,
Ийинден чыгып алды эми.
Ак куу кебин кийди ошол,
Жер кашаттын алды менен,
Жергемден учуп алды эми.
Кыр кечүүнүн оозуна,
Келип түшүп Айчүрөк,
Ак балык болуп алды эле,
Сайрандап жатып калды эле.
Манастын уулу Семетей,
Эки чоро ээрчитип,
Кыр кечүүгө келди эле,
Кыя тартып Семетей,
Ак балык көрүп калды эле,
Ошондо Күлчорого кеп айтат,
Момунда ак балык жатат алгыла,
Жан куржунга салгыла,
Тирүү байлап баргыла,
Мис чарага суу куюп,
Тил айтпаган жеңеңди,
Катуу тилдеп койгонмун,
Камчы чаппас жеңеңди,
Катуу уруп койгонмун.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Көңүлүнө алгандыр,
Чын таарынып калгандыр.
Мынабу жаткан балыкты,
Тартуу кылып баргыла,
Жеңеңдин таарынычын жазгыла,
Деп ошентип чорого,
Бала жолборс падышаң,
Семетей кандын өзүнө,
Күлчоро туруп кеп айтат.
Айланайын аба деп,
Кеп айтайын сага деп,
Кулагың салчы мага деп,
Суудан балык алгандай,
Суу бүркүтүң мен белем,
Же балык жечү сен белең,

Деп ушинтип Күлчоро,
Көрмөксөн болуп балыкты,
Сууну ылайлап жиберип,
Кечип кетти Күлчоро,
Кайнардын кара көзүндө,
Кан чынардын өзүндө,
Мындан келгин таба албай.
Анда Семетей туруп муну айтат,
Тээ балырлуу көлдүн башына,
Баткактуу көлдүн чатында,
Эки сууну куйганда,
Мында келгин бар бекен,
Мында келгин бар болсо,
Ак Шумкарды салгыла,
Тамашага кангыла.
Деп ушинтип Семетей,
Балырлуу көлдүн башына,
Баткактуу көлдүн чатына,
Эки суунун куйганга,
Эми чыгып барды эле,
Жаңы келген келгинди,
Жыш ургандай толтуруп,
Мойну кулач ак куу,
Ортосунда олтуруп,
Шумкардын шаңын көргөндө,
Жаңы келген келгиндер,
Обого чыгып зымырап,
Жерге көлөкө түшүп чыбырап,
Күн батыш көздөй сабалап,
Бүтүн кетип калды эле,
Мойну кулач чоң ак куу,
Көлдө отуруп калды эле,
Баткакка башын салды эле,
Балырды тартып калды эле,
Манастын уулу Семетей,
Күлчорого кеп айтат,
Деңгелине келгенде,
Кууга кушту салгыла,
Ушу кууну алгыла,
Тамашага кангыла.
Ушу куунун төш этин,
Ак Шумкардын тоютуна бергиле,
Деп ошентип айтканда,
Күлчоро туруп кеп айтат,
Кууга кушту салбайлык,
Ушу кууну албайлык.
Кууга кушту салсак,
Канаттуудан кары окшойт,
Меккеден келген куу окшойт,
Боор жүнү сары окшойт.
Боор жүнү түшүптүр,
Жекенге уя салганбы,
Уя басып калганбы,
Беш баласы бар окшойт.
Ушу кууну албайлык,
Беш баласын өлтүрүп,
Убалына калбайлык.
Деп ушинтип айтканда,
Манастын уулу Семетей,
Ачуусу келип күүлөнүп,
Күлчорого сүйлөнүп,
Ажалым ак куудан болсо өлөрмүн,
Асабым болсо көрөрмүн,
Келе бергин шумкарды,
Көлдө турган куу эмес,
Мен ополдун тоосун түптөдүм,
Олуя чалды бүктөдүм,
Кана менин өлгөнүм,
Каргышка менин калганым.
Ак болотту майладым,
Абыке, Көбөш агамды,
Ат үстүнөн жайладым,

Кана менин өлгөнүм.
Каргышка менин калганым,
Кыяңдуу жерди майладым,
Кыйыгыма тийгенде,
Атамдан калган муратпы,
Кең кочкордун оюнда,
Тармал састын боюнда,
Атамдан калган муратпы,
Кырк чорону жайладым.
Канакей менин өлгөнүм,
Каргышка менин калганым,
Деп ошентип Семетей,
Мээлей кийбей колуна,
Ажалым Ак куудан болсо
өлөм деп,
Келе бери Шумкарды,
Асабым болсо көрөм деп,
Ошентип Семетей,
Мээлей кийбей колуна,
Күлчоронун колунан,
Шумкарды жулуп алды эле,
Жер акмалап салды эле.
Өрдөктөй оюн жашырып,
Короздой мойнун ашырып,
Караңгы чыгып алганда,
Айкырыгы таш жарып,
Өкүрүгү баш жарып,
Этек жеңиң каккылап,
Өйдө төмөн чапкылап,
Капырдын үнү катуу чыгып.
Көлдө отурган чоң ак куу,
Жеккендин башы желпилдеп,
Камыштын башы шарпылдап,
Көлдө отурган чоң ак куу,
Учуп калды каркылдап,
Атасы Манастан калган
Ак Шумкар,
Алтындан кылган томого,
Башынан жулуп алды эле.
Бала жолборс падышаң,
Оозуна тиштеп алды эле,
Ошондо колун көтөрүп,
Көлдөн учкан ак кууну,
Бир көрсөтүп алды эле,
Алып көнгөн түгөнгүр,
Колуна жата калды эле,
Манастын уулу Семетей,
Таманга кагып калды эле.
Тегеренип калкактап,
Тескери учуп чалкактап,
Обого чыгып алды эле,
Манастан калган Ак шумкар,
Көздөн кайым болду эле.
Ошондо чоң ак кууну качырып,
Айчүрөк кутулбасын билгенде,
Үйдөй болгон дүмбүлгө,
Имерилип калды эле.
Атамдан калган Ак Шумкар,
Жара тээп салат деп,
Жанымды майып кылат деп,
Үйдөй болгон дүмбөлгө,
Канатымдын чалгынын,
Мында төшөй бергенмин,
Төшүм менен жерге уруп,
Мында кете бергенмин.
Ак жибектен торум бар,
Ак көгүчкөн терим бар,
Көк жибектен торум бар,
Көк көгүчкөн терим бар.
Көк кайкы чыга күйгөмүн,
Тартма кылып терини,
Шумкарды кармап алганмын,

Канаттарын капшырып,
Далыга салып тапшырып,
Жөндөп учуп алганмын,
Мен жөө туманды салгамын,
Шыпылдай учуп алгамын,
Шыбыргак жаан салганмын,
Күн сөгүлүп келгенде,
Жалгыз кыя сомташка,
Салып чыгып барганда,
Шумкардын жашын таба албай,
Тетиги турган абакең,
Капа болуп турганда,
Экөөң бардын жарышып,
Ат үстүнөн алышып,
Атыңдын башын бургансың,
Тетиги турган абаңа,
Уул сен жеме кылып тургансың.
Арпанын башы жайыктан,
Ак жумуртка туюктан,
Асырап чайкап куш кылган,
Эриккенде салсын деп,
Жараткан ал да кудай бар,
Зор атама туш кылган.
Ак Шумкардын энеси,
Ташка конуп кулкулдап,
Тегеренип чуккулдап,
Тумшугу менен жем берген,
Жараткан алда кудай бар,
Шаймерден чочулап,
Канатына дем берген.
Айткан тилди албайсың,
Атаңдан калган шумкардан,
Айрылып калдык кандайсың.
Көк зоонун башы жайыктан,
Көк жумурка туюктан,
Көрүнө чайкап куш кылган,
Ээликкенде салсын деп,
Зор атама туш кылган,
Айткан бир тилди албайсың,
Атамдан калган мурабы,
Шумкардан айрылып калдың
кандайсың,
Деп ошентип сен өзүң,
Абаңа жеме кылып турганда,
Анда абаң кеп айткан,
Экөөң Шаатемир кызы Чачыкей,
Барып келгин деп айткан,
Эртең менен Чачыкей,
Кууга кушту салба деп,
Куш жайылып барба деп.
Ушу сөздү көп айткан,
Билип турса ишимди,
Айтып берсин кушумду,
Артына күнү албайын,
Артылта камчы чаппайын,
Үстүнө күнү албайын,
Үйрүлтө камчы чаппайын,
Үстүнө күнү мен алсам,
Үйрүлтө камчы бек чапсам,
Артына күнү мен алсам,
Артылта камчы бек чапсам,
Мени төбөсү туюк көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Барып кушумду сурап кел,
Макул аба макул деп,
Барыдан ушул сөзүң акыл кеп.
Жекендин сары талаа мен,
Аттын оозун жайышып,
Ай талаада жарышып,
Тизгин колдо карышып,
Ага куйрук карасаң,
Ак каңкыга жабышып.

Дарбазалуу коргонго,
Чачыкейдин ордого,
Жетип барды жарышып.
Күлчоро туруп сөз баштайт,
Көчө будандын ичин ачырат,
Кууга салып Шумкарды,
Дайнын билбей качырдык,
Билип турса ишимди,
Айтып берсин кушумду,
Айтып берсе кушумду,
Артынан күнү албаймын,
Артылта камчы чаппаймын.
Үстүнө камчы албаймын,
Үйрүлтө камчы чаппаймын,
Үстүнө күнү мен алсам,
Үйрүлтө камчы бек чапсам,
Артыңа күнү мен алсам,
Артылта камчы бек чапсам.
Төбөсү туюк көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Асманда Азыретаалы Айкожом,
Ал экөөнүн бири урсун,
Деп ушинтип абакем,
Антты ичип уу жалап,
Катуу каргыш бир кылды.
Айтпай койсоң Шумкарды,
Кер байталды минесиң,
Кементайды кийесиң,
Шаатемиркандын төрүнө,
Шалпылдап кайра жүрөсүң,
Он эки чалгын он куйрук,
Онун бирдей Ак Шумкар,
Таранганын айткамын.
Абаны карап Ак Шумкар,
Жулунганын айткамын.
Катын ишин билбейби,
Эркек кушун билбейби,
Айланайын улууке,
Асман менен жүргөндөй,
Куштун жөнүн билгендей,
Куу баласы мен эмес,
Улай куш сурачу сен эмес.
Деп ушинтип Чачыкей,
Танып койду Чачыкей,
Ошо жерде Күлчоро,
Ачуусу келип күүлөнүп,
Чачыкейге сүйлөнүп,
Таманың илип көк салып,
Бетин тилип түс салып,
Төбө чачтан алды эле,
Орой кармап калды эми,
Алтындан кылган тактыдан,
Жибектен жайган пактадан,
Букардан келген тинтиден,
Аюу талпак чоң күрсү,
Сүйрөп алып Күлчоро,
Карсылдатып токмоктоп,
Айтпай койсоң Шумкарды,
Кер байталды мингизип,
Кементайды кийгизип,
Шаатемир кандын төрүнө,
Айдап ийип өзүңдү,
Ногойдон он төрт ат алып,
Олуя Саадат абамдан,
Алакан жайган бата алып,
Ополду көздөй бет алып.
Шумкарды издеп табам деп,
Он экиде Күлчоро,
Деп ушинтип турганда,
Канчоро туруп кеп айтат,
Айланайын Күлчоро,
Ачууңду койчу деп айтат.

Сары канга баралы,
Жездеси эле Сары кан,
Сары канды сөз салып,
Алдап сурап алалы.
Деп ошентип айтканда,
Макул баатыр, макул деп,
Бул айтканың акыл деп,
Дарбазалуу коргондон,
Чачыкейдин ордодон,
Аттанып алып жөнөдү,
Жикектин сары талаа менен,
Аттын оозун жайышып,
Ай талаада жарышып,
Тизгин колдо карышып.
Эми канга жетти эле,
Нечен калдар желдетти,
Аралай басып өттү эле,
Сары кандын үстүнө,
Кирип барды Күлчоро,
Бетинен беш байпактык
түк чыгып,
Кан ичмесин карматып,
Салам айтып кирди эле,
Айланайын Күлчоро,
Жол десе жол берет,
Алайга салам нан берген.
Эркелик кылсак кечиргин,
Манасынан кем көрбөй,
Баарыларды тең көргөн,
Чоң энеси Чыйырды,
Байбичеси аман жатабы.
Кара сурдун сулуусу,
Бусурмандын нурдуусу,
Чекири жол кой көздүү,
Сепкили жок ак жүздүү,
Жеңекем Каныкей аман жатабы.
Олуя чалдын баласы,
Бусурмандын тазасы,
Абалсыз Бакай кан аман жатабы.
Таз башымды соо кылган,
Жазды жаным бай кылган,
Жаман жаным кан кылган,
Ак ордого киргизген,
Сары алтын такты киргизген.
Аргын, ногой калың журт,
Калың журтту билгизсек,
Жалгызым аман жүрөбү.
Деп ушинтип айтканда,
Күлчоро туруп сөз баштайт,
Жол десе жол берген,
Шекер десе бал берген,
Чоң энем аман жатат деп.
Кара сурдун сулуусу,
Бусурмандын нурдуусу,
Абакем тар курсагы келишкен,
Таш эмчегин бошоткон.
Энекем аман жатат деп,
Сенин жарды жаным бай кылган,
Жаман жаным кан кылган,
Ак ордого киргизген,
Алтын такты мингизген
Абакем аман жатат деп,
Олуя чалдын баласы,
Бусурмандын тазасы,
Ата болуп асырап,
Ардактап багып чоңойткон,
Абакем Бакай кан аман жатат деп,
Ала көлдүн боюнан,
Балырлуу көлдүн боюнан,
Баткактуу көлдүн чатынан.
Эки суунун куйгандан,
Кууга салып шумкарды,

Дайынын билбей чакырдык,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Шумкардын дайнын билиптир.
Балдызы беле Чачыкей,
Чачыкейге барып бер,
Шумкардан кабар алып бер.
Шумкардын жайын айтпаса,
Балдызың кер байталды
минет деп,
Кементайды киет деп,
Шаатемир кандын көрүнө,
Өз балдызың Чачыкей,
Шалпылдап кайра жүрөт деп.
Деп ушинтип айтканда,
Айланайын жаш балдар,
Чачыкейге баратып,
Балалык кылып жаткандыр,
Алдап сурап көрөйүн,
Деп ушинтип сарыган
Күлчоро менен Канчоро,
Желкендин сары талаабы,
Күлчоро менен Канчоро,
Ал экөөнү эрчитип,
Туучунагын оргутуп,
Дарбазалуу коргонго,
Чачыкейдин ордого
Сары кан салып келип кирди эми,
Сары кан келип кеп айтат,
Оо балдарым Чачыкей,
Башыңды көтөр деп айтат,
Балдызым алты катын алса да,
Ар кимдин багы ар бөлөк,
Кара куш багып келбейби.
Айтып бергин Шумкарды,
Балалык кылып балдызым,
Айтпай койсоң Шумкарды,
Кер байталды минесиң,
Кементайды киесиң.
Шаатемир кандын төрүнө,
Шалпылдап кайра жүрөсүң.
Салттуудан келген туз жаман,
Атасынын төрүнө,
Салбырап кайра барган кыз жаман.
Балдарым ашын бергин
шумкардын,
Деп ушинтип Сары кан,
Шумкарды сурап турганда,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Күкүлүктүн айынан,
Буркурап ыйлап жиберип.
Айланайын жездеке,
Туйрук таман, эски күң,
Куйруңдаган кески күң,
Жолго казан аскан күң,
Жолоочу жолук тоскон күң,
Атасынын төрүнө,
Көп отуруп зар болгон,
Саамай чачың ак болгон,
Учуп жүрүп кар болгон,
Эр табалбай зар болгон,
Ак куу кебин кийген күң,
Асман менен жүргөн күң.
Айланайын жездеке,
Алып келди Шумкарды,
Эми кандай бир арга кыласың,
Деп ушинтип айтканда,
Жанында турган Канчоро,
Абакеме барам деп,
Сүйүнчүнү алам деп,
Жалгыз кыя зом ташка,
Салып чыгып бир барып.
Шумкардын дайнын таба албай,

Дол болуп турган Канчоро,
Сүйүнү аба, сүйүнчү,
Жеңем айтты бир сөздү,
Акун кан сенин кайның дейм.
Кандын кызы Айчүрөк,
Ала турган зайбым дейм,
Берсе кудай тилегим,
Барып алып келели.
Абаке перинин кызы Чүрөктү,
Кабыл кылса тилекти,
Барып алып келели,
Кандын кызы Чүрөктү,
Деп ошентип Канчоро,
Семетейге ошентип айтып
турганда,
Жоо бөрүсү Күлчоро,
Ак куланын жайлоосу,
Көлмөлүү жайлоо чалкакка,
Салып чыгып барды эле,
Ногойдун он төрт күлүгүн,
Кунан жыйып кубалап,
Ордого айдап барды эле,
Ак боз бээни алдырып,
Он экиде Күлчоро,
Так түштө түлөө чалдырып,
Арчалуу мазар чалдыбар,
Колдогонун билейин.
Ак боз ат союп тилейин,
Кара пилге кош артып,
Ополду көздөй жөнөйүн.
Деп ушинтип Күлчоро,
Бакай кандан бата алып,
Ногойдон он төрт ай алып,
Ошондо Ополду көздөй аттанып,
Айдарыны алганы,
Ногойдон он төрт ай болду.
Жол мааниси мобул деп,
Бакай кандын жазганы,
Алтымыш дептер кош болду,
Ободон жалгыз ыр тартып,
Акемдин уулу Ай жаркын,
Аттанып жүрдүң сен өзүң,
Ополду көздөй жол тартып.
Ополго жолго чыкканда,
Заар менен көз байлап,
Бөксөгө  туман түшүрүп,
Бүт керип таштап ишинңди,
Тыңгылыктуу мен болуп,
Атамдан калаган мураспы,
Алып келип кушуңду,
Айчүрок менен Күлчоро,
Сөзгө конуп жайдары,
Балдарды аттан түшүрүп,
Патнуска бал коюп,
Дасторкого нан коюп,
Казы, кертип жол коюп,
Самооруна чай коюп,
Белен тамактарын бүткөндө,
Акундун кызы Айчүрөк,
Кырк жоокерди чакырып,
Кыз - келинди кекетип,
Үйүңө барып кыбырап,
Энеңе айтып барба шыбырап,
Көчөдөн иттер үрбөсүн,
Эч бир адам билбесин,
Үйүңө барып кыбырап,
Энеңе айтып барсаң шыбырап,
Көчөдөн итти үргүссөң,
Бир адамга билгизсең,
Үйүңдөн кармап аламын,
Кырман боорун жарамын,
Деп ушинтип Айчүрөк,

Алты күнү консун деп,
Аттары өрүүн болсун деп,
Алп уйкусун салсын деп,
Алты күн таман бүткөнчө,
Бойлору сергип алсын деп,
Чатырларды бүктөшүп,
Чоң ордону чечтирип,
Эки лөктү баш кылып,
Айдаган он төрт күлүккө,
Эки лөктү жүктөтүп.
Босогосун оңдотуп,
Керече менен уукту,
Кара пилди баш кылып,
Эки лөктүү колдорун,
Күндү жайлап Айчүрөк,
Ат тизеден кар кылып,
Айдаган он төрт күлүктү,
Муздатып башын ашырып,
Кумга изин жашырып,
Айдаганы он төрт күлүктүн,
Изин сайга салып жашырып.
Дарбазалуу коргонго,
Төмөнкү кепил шаарына,
Алып кирди Айчүрөк,
Акун кандын шаарына,
Ылдыйкы четки шаарга,
Алты салды бекитип,
Ай асманда боз калкып,
Капкачада кара сарт,
Буттап алтын пул берип,
Курттай башы зер берип,
Ай асманды боз кылып,
Күлчоро менен Капкачы,
Акыреттик дос кылып.
Дарбазалуу коргонго,
Акун кандын ырдоого,
Акундун кызы Айчүрөк,
Алтындап кылган баягы,
Букардан келген тинтиге,
Жибектеп жайган пактага,
Аюу талпак, чоң күрсү,
Тубардан кылган көшөгө,
Туура бетке тартылган,
Этим кирдеп калат деп,
Ак сүбөткө жамынып,
Оолжуп уктап жатканда,
Кароодо жаткан Ажыбай,
Жедирдиң эр талды,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Арага киши үч келди,
Кийинкиси күч келди.
Айчүрөктү берсин деп,
Алдыма тартуу кылып келсин деп.
Айчүрөктү бербесе,
Алдыма тартуу кылып келбесе,
Түптөп тиккен талдарын,
Түбү менен жуламын.
Кепилде жаткан Акундун,
Заманасын куурамын,
Кандын кызы Чүрөктү
Ач билектен аламын,
Ат сооруна саламын.
Олжо катын кыламын,
Минтип Чүрөк аламын.
Желесин кыркып, бээ ийрип,
Доолбасты койчулап,
Чууну, чууга ургузуп,
Сургай кулак туңгузуп,
Куугунчу келген ээсин,
Чыгара муштап мээсин,
Калкыңа кыргын саламын.
Минтип Чүрөк аламын,

Айчүрөктү бербесең,
Тартуу кылып келбесең,
Бурткуңду буздурбайм,
Бул ополго тургузбайм,
Жайынкысын болгондо,
Жалдуу байтал мингизбейм,
Күзүңкүсү болгондо,
Куйруктуу токту жедирбейм,
Жердин жүзүн ачтырбайм,
Жетип буздай чачтырбайм,
Айчүрөктү бербесең,
Кепилде жаткан каныңды,
Кактуу менен сүйрөтүп,
Койдун тарпы кыламын.
Жылга менен сүйрөтүп,
Жылкынын тарпы кыламын.
Жакын келген тууганың,
Жалап камчы учундай,
Бешиктен балаңды кырамын.
Бештен бейит кыламын,
Көгала болгон сакалың,
Ээгиңе бир тал койбой жуламын.
Минтип Чүрөктү аламын,
Ат сооруна саламын.
Акыры олжо карын кыламын.
Деп ошентип Чынкожо менен
Эр Жолтой,
Арага киши салдырды.
Кароолдо жаткан Ажыбай,
Айласы кетип турганда,
Эр Түмөнбай барды эми,
Ошо жерде Ажыбай,
Түмөнбайдын өзүнө,
Акыл айтып турду эми,
Арага киши үч келди,
Айланайын Түмөнүм
Айчүрөктү берсин дейт,
Алдыма тартуу кылып
келсин дейт,
Кандын кызы Чүрөктү,
Тартуу кылып келбесе,
Тамашамды көрсүн дейт.
Айланайын Түмөнүм
Түптөп тиккен багыңды,
Түбү менен суурам дейт,
Заманамды куурам дейт,
Желеңди кыркып бээ тийип,
Доолбосту койгулап,
Чууну чууга ургузуп,
Сурнай кулак тунгузуп,
Куугунчу келген ээсин,
Чыгара муштап мээсин.
Айланайын Түмөнүм,
Шаарга кирип барам дейт,
Ач билекти алам дейт.
Калкыңа кыргын мен салып,
Кандын кызы Чүрөктү,
Олжо карын кылам дейт,
Минтип Чүрөктү алам дейт,
Же айланайын Түмөнүм,
Айчүрөктүн айынан,
Не болбодук жайынан,
Алтай качпай урушун,
Айда кырган бузушун,
Бере албадык туруштук,
Бекилип турган белим жок,
Айланайын Түмөнүм,
Бек кармап койгон чебим жок.
Медер кылып бел байлап,
Кечээ бээжинге калар кылгандай,
Бек Манас шордуу эрим жок,
Кайрат бизден калган кез,

Кандай айла кылабыз,
Айчүрөктү бербесек,
Алдына тартуу кылып барбасак,
Буурсунуп бурбайт дейт,
Мурункудай биздин эл,
Ополдун жерин ээлеп
турбайт дейт.
Жердин жүзүн ачпайт дейт,
Жерин буудай чачпайт дейт,
Жайынкысын болгондо,
Жалдуу байтал минбейт дейт,
Күзүңкүсү болгондо,
Куйруктуу токту жебейт дейт.
Кепилде жаткан каныңды,
Кокту менен сүйрөтүп,
Койдун тарпы кылам дейт.
Жылга менен сүйрөтүп,
Жылкынын тарпы кылам дейт.
Жакын келген тууганың,
Камчы учундай кырам дейт.
Бешиктеги балаңды,
Бештен бейит кылам дейт.
Көгала болгон сакалың,
Ээгиңе бир талын койбой
жулам дейт.
Сөөгүн калдыратып бир немеге
жыям дейт,
Минтип Чүрөк алам дейт,
Ээ айланайын Түмөнүм,
Беребизби Чүрөктү,
Бербейбизби Чүрөктү,
Кандай арга кылабыз.
Бизден бекирип турган бел кеткен,
Бек Манас өңдүү шер кеткен.
Жети ай качпай урунун,
Жетип кырган бузушун,
Картайып келген кезекте,
Кагылайын Түмөнүм
Бере албадык туруштук.
Бизден бекитип турган бек кеткен.
Бек Манас өңдүү шер кеткен.
Беребизби Чүрөктү,
Бербейбизби Чүрөктү,
Деп ошентип Ажыбай,
Түмөнбайдын өзүнө,
Акыл салып турду эми.
Анда Эр Түмөнбай кеп айтат,
Эми канга баралы,
Жетип акыл салалы,
Берем десе берели,
Бербейм десе Акундун,
Айтканына көнөлү,
Атышкан жоого баш тартпай,
Атышып жатып өлөлү,
Деп ошентип айтканда,
Макул Түмөн, макул деп,
Бул айтканың акыл деп,
Эки желдет жарышып,
Акун канга келди эми,
Айланайын зор каным,
Арага киши үч келди,
Кийинкиси күч келди.
Айчүрөктү бергин дейт,
Алдыма тартуу кылып
келгин дейт.
Түптөп тиккен талыңды,
Түбү менен суурам дейт.
Сенин заманыңды куурам дейт,
Желеңди кыркып бээ тийип,
Доолбасты койгула,
Чоорун кыйла угузуп,
Сурпай кулак тунгузуп,

Куугунчу келген ээсин,
Чыгара муштап мээсин.
Калкыңа кыргын салам дейт,
Өзүңдүн балаң Чүрөктү,
Көчөдөн кармап алам дейт,
Ат сооруна салам дейт,
Олжо карын кылам дейт.
Буурсунуп урбайт дейт,
Айчүрөктү бербесек,
Мурункусундай бул Акун,
Ополуу эркин жайлап
турбайт дейт,
Жердин жүзүн ачпайт дейт.
Бул Акун жерин буудай
чачпайт дейт,
Жайынкысын болгондо,
Жалдуу байтал мингизбейм,
Күзүнкүсүн болгондо,
Куйруктуу токту жегизбейм,
Айланайын зор каным,
Өзүңдү токту менен сүйрөтүп,
Койдун тарпы кылам дейт.
Жылга менен сүйрөтүп,
Жылкынын тарпы кыламын.
Айланайын зор каным,
Сөөгүңдү калдыратып,
Бир дөбөгө жыям дейт.
Бешиктеги балаңды
Бештеп бейит кылам дейт.
Жанып келген тууганың,
Камчы учундай кырамын.
Көгала болгон сакалың,
Ээгиңе бир талын калтырбай
жулам дейт.
Айланайын зор каным,
Берелиби Чүрөктү,
Бербейлиби Чүрөктү,
Каным Айчүрөктүн айынан,
Не болбодук жайынан,
Алтай качпа урушуп,
Айда коргон бузушуп,
Жети ай качпай урушуп,
Жерин коргоп бузушуп,
Бере албадым туруштук,
Бекитип турган белим жок,
Бек кармап койгон чебим жок.
Медер кылып бел байлап,
Бээжинге качат кылтыңдай,
Бек Манас шордуу эрим жок.
Каным кандай арга кылабыз,
Буурсунуп бурбадык,
Мурункусундай биздин эл,
Ополду жайлап турбадык,
Же жердин жүзүн ачпадык,
Же жерге буудай чачпадык,
Же болбосо биз шордуу,
Шаарды таштап качпадык.
Берелиби Чүрөктү,
Бербейлиби Чүрөктү,
Деп ушинтип Ажыбай
Минтип айтып турганда
Зор Акун каны зар ыйлап,
Чогулгандын баары ыйлап.
Жерге кирген жер ыйлайт,
Көргө кирген көр ыйлайт.
Кудай сени урганы,
Антышкан жоодон баш тартып,
Иттей жан калкалап калам дейт.
Минтип айтып турганын,
Айкөлүм Манас барында,
Ташып турган чагында,
Ай асманда боз эле,

Акыреттик дос эле.
Айкөлүм Манас барктуу,
Мен Акун кан болгону,
Акун кан атка конгону.
Алты жашта так миндим,
Тогуз жашка чыкканда,
Капканды сурап калк билдим.
Мен он эки жашка чыкканда,
Айкөлүм Манас баатырды,
Маа каным деп туруп.
Жөөттүн журту жүн болду,
Айкөлүм Манас барында,
Мага кепилдин журту кеңешип,
Кайсы жерде душман теңешти.
Он экиде чоң болдум,
Калааны сурап чоң болдум,
Мага такат кылгандан,
Ополдун тоосун түптөдү,
Айкөл Манас кайран шер,
Бизге такат кылат деп,
Олуя болуп бүктөдү,
Бизге такат кылгандан,
Төмөнкү оогандын канын
шүк деди.
Айкөлүм Манас барында,
Бизге бараңдын каны батпады,
Бет алышкан душмандар,
Айкөлүм Манас барында,
Бизге кылчайып каяша айтпады.
Кэчээги Манас барында,
Каркыранын оюнда,
Кап Көкөтөй тоюнда,
Айкөл Манас кайрандар,
Кирген жерден бата алып,
Тууй электе бир бала,
Как Семетей атаңды,
Кошой бата бергенде,
Капыр менен Мусулман,
Кошо бата берди эле.
Айкөл Манас кайран шер,
Көкөтөй ашын таратып,
Кең колго кайра келгенде,
Мен балалуу болом деп,
Бүткөн боюм кезерип,
Айланайын Ажыбай,
Карт карандай бууданды,
Башына айдай пахта байлатып,
Баш ат кылып арнап,
Өз Алдыңа Ажыбай,
Артына сексен кара тайды тартып,
Сексен кылбай сегиз жүз кылып,
Баарына тегиз түз кылып,
Коногуна кой союп,
Түштүгүңө бээ союп,
Түндүгүңө Манас кан,
Жалаң сүт бото бээ союп,
Каймана бата болду эле,
Олуя заада Манас кан,
Кулдук уруп койду эле,
Чүрөктү кантип беремин,
Чүрөктү берип койгондо,
Акырет анты бар эле,
Акырет кеткен Манастын,
Акесине каламын,
Эртең акыретке барганда,
Айкөл Манас канжалдын,
Айланайын Ажыбай,
Мен кара эшен боломун.
Эртең акыретке барганда,
Таңды макмар болгондо,
Тозоко кирип оңомун.
Жараткан жалгыз кудайга,

Мен бети кара боломун.
Айланайын Ажыбай,
Бата бузган болобу,
Батаны бузган киши оңобу,
Деп ошентип Акун кан,
Солпулдап ойлоп турду эми,
Акун кандын зарына
Жерден өңгөн чөп ыйлайт,
Жумурай журтуң көп ыйлайт.
Булуткулуу Ажыбай,
Булуткуну туюп Түмөнбай,
Кандын кызы эскини,
Кара ташка кескини,
Кармап барып беребиз.
Жолубузду кескини,
Журтту бузган немени,
Байлап барып беребиз.
Эр Толтойго бермекпи,
Эл тың чыгып салмака,
Кан Толтойго бермекке,
Калк тың чыгып салмака,
Коргондон чыгып өкүрүп,
Сарайга кирди кыйкырып,
Сакчыларын ыйлатып,
Акундун кызы Айчүрөк
Алтындан кылган тактада,
Букардан келген тинтеде,
Жибектен жайган пахтада,
Тубардан кылган көшөгө,
Туура бетке тартынып,
Этим кирдеп калат деп,
Ак сүбөткө жамынып,
Оолжуп уктап жатканда,
Колдон алды Ажыбай.
Коштоп алды Түмөнбай,
Эр Толтойго бермеке,
Эл тың чыгып салмака,
Кан Толтойго бермеке,
Калк тың чыгып салмака.
Акундун кызы Айчүрөк,
Чукуранып ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Акун кандын желдеттер,
Чениме келбе желдеттер,
Чениме эмне келесиң,
Жеңимден сүйрөп аласың,
Кандын кызы бейбакта,
Жетелеп кайда барасың,
Жаныма келбе желдеттер,
Жакамдан сүйрөп аласың,
Кандын кызы бейбакта,
Малынтып кайда барасың,
Кечээ мен ачуу кебин кийгенде,
Асман менен жүргөндө,
Ак тасма кайыш сындырып,
Алты учун кепилдеп,
Алайкуу менен атборой,
Кыдырып учуп жүргөндө
Жети суу өздүү суу таппай,
Кан Толтоюңду мен таппай,
Кайра келдим алактап.
Арага кимди салат деп,
Менин тилегим кудайым береби,
Экөөңдү азгырып айдап келбейби,
Күйөө Толтой баргыла,
Сүйүнчүнү алгыла,
Күүгүм кире, күн бата,
Кер жоргону мингизип,
Кетеге тонду кийгизип,
Кандын кызы бейбакты,
Коштотуп берип салгыла,
Калк тынчытып салгыла.

Деп ушинтип айтканда
Ишенбеди Ажыбай.
Ушу айткан сөзүңө,
Ишенбей турам Айчүрөк.
Кагаз жазып кат бергин,
Оозуңдан өлүп кетер ант бергин.
Алтайдын башы муздак төр,
Кардуудан ийин көрсөтпөй,
Ашып кетсең кантемин,
Душман бир кыстап турганда,
Карадан чачың көрсөтпөй,
Жалындуу кең кол жеринде,
Жыргалдуу ногой элиңе,
Өзөндүү кең-кол жеринде,
Өзгөн ногой элине,
Качып кетсең кантемин.
Душман кыстап келгенде,
Не деп жооп айтамын,
Кагаз жазып кат бергин,
Оозуңдан өлүп кетер ант бергин.
Кагаз жазып кат берип,
Карганбагын Айчүрөк.
Душманы болсоң Айчүрөк,
Балдардын бет алган жоосу өлсүн деп,
Кагаз жазып кат берип,
Карганбагын Айчүрөк.
Оозунан өлүп кетер ант алып,
Ажыбай менен Түмөнбай
Катты колго алышып,
Кароолдо жаткан Чынкожо,
Сүйүнчүлөп барышып,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Ат баштап тогуз мал берип,
Куржун башы зер берип,
Буттап алтын пул берип,
Тенечинин боз чепкен,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кай сооруга салды эле,
Кара аттын оозун жарды эле,
Кан Толтойдун алдына,
Сүйүнчүлөп барды эле.
Тилекти кудай берди деп,
Касташканы Ажыбай менен Түмөнбай
Ат баштап тогуз мал берип,
Буттап алтын пул берип,
Куржун башы зер берип,
Мен кулдук уруп келдим деп,
Жедигердин Эр Толтой,
Күйөөчүлүк сүргүндөп
Минтип айтып барганда,
Анда Толтой муну айтат,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Сен сүйүнчү бер дейсиң,
Мынча неге дегдейсиң.
Акундун кызы Чүрөктүн
Буктурмалуу жери бар,
Буктуруп койгон эри бар,
Кепилде жаткан Акундун
Тилегин кудай бергендир.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Жоосун камдап бир кыттай,
Анан арага өзү келгендир.
Бул кепилдин ичинде,
Такалуу аттын изи бар,
Э, баатыр Таластан келген киши бар,
Он экиде мыкты бар,
Ногойдон чыккан ыктуу бар.
Өлбөй тирүү сен болсоң
Шыгайдын уулу Чынжого,

Эртең Күлчоро кулду көрүп ал.
Көк шамалдан кылган желдиги
Көйкаптан бери учурган,
Күлчоро кулдун эрдиги,
Быйыл он экиде жаш деген,
Эрдигине мас деген.
Боло турган жан деген,
Жүрөгүндө бар деген.
Кордуктуу киши оң болбойт,
Бирөөнүн катынын алып
чоң болбойт.
Кой Чынкожо кетебиз,
Чүрөктү алып кетебиз,
Чүрөктү алып барганда,
Биз эмне мурзага жетебиз.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Мен Манасты көргөмүн.
Көргөн жерим айтайын,
Кошойдун сөзү кошубак,
Жети жашар кезимде,
Саамай чачын эрбейтип,
Каркыранын оюнда,
Кан Көкөтөй тоюнда,
Кара жал, ак сур ат минген
Калкайыңкы бир киши
Келген жерде бата алган.
Тууй электе бир бала,
Кан Семетей атанган.
Мунун катынын кантип алабыз,
Катынын алам деп айтсак,
Катынды каран салабыз,
Калың журтту кырабыз.
Ошондо капырлар кыстап
келгенде,
Алты күнү конокту,
Калмак, кытай барыңар,
Өз жаныңдан жеп жаткын.
Козголбостон бек жаткын
Кемегемдин башына
Эт бышырган жериме
Эки кечил келбесин.
Эртең эт талашып,
Соксоңдошуп жүрбөсүн,
Ошону менин көзүм көрбөсүн.
Эртең кемегемдин башына,
Эт бышырган жериме,
Эртең эт талашып, соксуңдашып
бир жүрсө,
Ошону менин көзүм чын көрсө,
Коңурбай сен Жолтой,
Тууну тууга салып чык,
Сен урушар жериң кылып чык.
Мусулмандын бош экен
Айкөл Манас шер экен,
Мусулмандын өзүнө,
Кармаган алтын чеп экен,
Кара күрмө тон менен,
Калдайдын журту бир бөлөк,
Кызыл күрмө тон менен
Кырайдын журту бир бөлөк,
Кара күрмө тон менен
Соорондугу бир бөлөк.
Калмактын журтун карасаң,
Эки экиден желишип,
Соксоңдошуп келишип,
Калмактын журту бир бөлөк.
Темингеси телпилдеп,
Сок билектей кара чач,
Согончокто селкилдеп,
Мына калмактар келди жер
жайнап.
Капырын ары четин карагын

Улабастын оюнда,
Берки четин карасаң,
Сары жаздын боюнда,
Капырлар келди тоңкулдап.
Папирусун карасаң,
Жаккан оттой жылтылдап.
Капырлар жатат жайын жеп,
Чочконун азоо кармап,
тайын жеп.
Аш жетпеген кытайлар
Бака менен жыланды
Тирүү кармап барын жеп.
Ошондо Манас жардык кылганда,
Үч жүз качыр берсин деп,
Калмактан сексен кечил
келсин деп.
Мен чыкка татытам
Туз кайнатып берсин деп.
Кара теке көөчүдөн,
Отун ташып берсин деп,
Манас жардык кылганда,
Коңурбай менен Жолоюң,
Тизелери бүгүлүп,
Манастын келининдей жүгүнүп,
Макул таксыр, макул деп,
Айткан сөзү Манастын,
Кабыл алды капырлар,
Мунун келинин кантип алабыз,
Аялын алам деп айтсак,
Шай колдогон Манастын,
Кесирине калабыз,
Керектен бөөдө чыгабыз.
Деп ушинтип кан Толтой
Чынкожого бир сөз деп
Минтип айтып турганда
Багыштын уулу сен Толтой
Коркотурум не келдиң,
Колой туруп не келдиң
Кызыталак Айчүрөк албай
апаңды ал,
Эрке кыз албай энеңди ал,
Жедигер колун алып кет,
Корко турган сен болсоң,
Өзүмө Шыгай кан колун
берип кет.
Ат куйругун талашпа,
Албай койбойм Чүрөктү,
Кулдук уруп мен келдим,
Ажыбай менен Түмөнбай
Антка кыстап барамын
Минтип Чүрөк аламын.
Жети сууга барганда,
Досум соогатыма бергин деп,
Ошондо Чүрөктү менден талашпа.
Жедигердик эр Жолтой
Алсак сары ат минип кет
Акыреттик антың бар.
Антыңды алып сен Толтой
Жети суу эмес мынабу
Кара жерге кирип кет.
Деп ушинтип Чынкожо,
Ачуусу келип күүлөнүп,
Кан Толтойго сүйлөнүп,
Аны менден эр дейсиң
Менин эрдигимди андан
кем дейсиң.
Кечээ атасы көөдөк башында,
Алты жашар чагымда,
Андижандын өзүнөн
Алымын жыйнап келгин деп
Аким кылып жиберди.
Атасы Манас көөдөккө

Алым турсун таш бербей,
Мен андан аргынды билдим
баш бербей,
Кечээ мен жети жашар кезимде,
Желкенден алым жыйнап
келгин деп,
Жети жашар кезимде
Аким кылып жиберди.
Жети сан жамбы миң кундуз,
Муну жыйнап келгенде,
Атасы Манас көөдөкө,
Доорун турсун таш бербей,
Мен Ногойду билдим баш бербей.
Аттыккан кулу болбосо
Манасың кайсы киши эле,
Чоролору көбүнөн
Теңдигим тийбей Манастан
Кочкорду биттеп ирик кылып,
Койдун баарын түрк кылып,
Буканы биттеп уй кылып,
Айгырды биттеп ат кылып,
Бөлүнүп көчтүм Манастан,
Деп ошентип Чынкожо,
Минтип айтып турганда,
Анда Толтой муну айтат.
Чынкожонун өзүнө,
Баатыр күл азыкты чачалы,
Кой Чынкожо качалы,
Алайдын башын ашалы.
Анжыдан түшүп качалы.
Анжыданда ооган бар
Кызыл тору кыз кармап,
Баякы чүрөк ушу деп,
Мактанып элге баралы.
Күл азыкты чачалы,
Тооңдун башын ашалы,
Кашкарда кытай бар деген,
Кызыл тору кыз кармап,
Атын Чүрөк коелу.
Бардыгы ушу Чүрөк деп,
Мактанып элге баралы.
Деп ушинтип айтканда,
Айчүрөк албай апаңды ал,
Эрке кыз албай энеңди ал,
Эне талак кан Толтой,
Сур Коёнду минсекчи,
Жолго түшүп жүрсөңчү,
Чалгын салып келсеңчи,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Ишенбесең өзүңө,
Экөөнөн кабар алсаңчы,
Жалганы жок сөзүмдүн
Кулдук урган өзүммүн,
Күйөөчүлүк сүрсөңчү
Айдай болгон Чүрөктүн,
Рахатын көрсөңчү,
Деп ушинтип Чынкожо,
Толтойдун тилин албады,
Анда Толтой муну айтат,
Макул мен эртең чалгынга чыгып
барайын,
Из кубалап барайын.
Тулпардын изи жок болсо,
Акундун эли тынч болсо,
Шаарга кирип барайын
Четинен кабар алайын.
Эр ушинтип эр Толтой,
Минтип айтып турганда,
Акундун кызы Айчүрөк,
Эртең менен эрте болгондо,
Тан тияктап сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,

Азан маалы болгондо,
Кадам кадам жер басып,
Акундун кызы Чүрөктүн,
Кара боюн тер басып,
Бүткүл, бүткүл жер басып,
Акундун кызы Чүрөктүн,
Бүткөн боюн тер басып,
Сарайга чуркап барды эми.
Бадана кийип балкайып,
Бала жолборс Күлчоро,
Чыканактап чырым албай,
Чырым этип уйку албай,
Ай балтаны тагынып,
Турган акең чалкайып,
Октун күчү дарыда,
Ойрон кулуун каруудa,
Ооз өтөгүн талкалап,
Он экиде Күлчоро,
Жазайыл алып чалкайып,
Турган экен Күлчоро.
Чоң капканы кайтарып,
Турган экен Күлчоро,
Анда чоро муну айтат,
Акундун кызы Чүрөккө,
Ынталайсын ыйлайсың,
Кадам, кадам жер басып,
Кара боюн тер басып,
Бүткүл, бүткүл жер басып,
Бүткөн боюн тер басып,
Жоо көрдүңбү Айчүрөк.
Урунууга тоо барбы,
Бул кепилдин ичинде,
Урунууга эл барбы,
Мылтык атып топ бузуп,
Сууну коюп кан жутуп,
Өлүшө турган шер барбы
Же өзүмдөн теңдик алам деп,
Кармашуучу эр барбы.
Деп ушинтип айтканда,
Анда Чүрөк муну айтат,
Самоор кымбат, чай арзан.
Самаркан өңдүү калаа жок,
Айттырбай сырды билүүчү,
Акемдин уулу айжаркын
Асылым сендей бала жок.
Ажыбай колдоп алган деп,
Азапты башка деп,
Түмөнбай колдоп алган деп,
Түйшүктү башка салган деп,
Аттарды байла кермеге,
Ажыбай көрсүн эр неме,
Күлүктү байла кермеге,
Түмөнбай көрсүн эр неме.
Огара тиккен ак нокто,
Он төрт атка чак нокто,
Ээрин токуп алгын деп,
Жонуна үртүк салгын деп,
Он төрт атты кубултуп,
Кериме байлап алгын деп.
Жоо бөрүсү Күлчоро,
Айдаган он төрт күлүккө,
Бирөөнө карышкыр үртүк салганы,
Бирөөнө каман үртүк салганы,
Бирөөнө аюу үртүк салганы,
Бирөөнө жолборс үртүк салганы,
Бирөөнө илбирс үртүк салганы,
Бирөөнө сүлөөсүн үртүк салганы,
Мына он төрт атты кубултуп,
Каргадай болгон куу чунак
Он экиде Күлчоро,
Ээрин токуп алганы,

Ээрин байкап карасаң,
Алдыңкы башы карк алтын,
Арткы башы чылк күмүш,
Атышкан душман көп болсо,
Аттары майып болот деп,
Эки капталы эр темир
Эптеп кылган чоң каңкы ээр.
Ар түбүнө чалганы,
Карып келген калды көк,
Кара кызыл жалды көп,
Ар экөөнү бир байлап,
Он экиде Күлчоро койгон жеп
шаймандап,
Кара байыр казан ат,
Калбыр өпкө жез канат,
Ал экөөнү бир байлап,
Абыкенин ак телки,
Кан Көбөштүн сур телки,
Ал экөөнү бир байлап.
Чачыкейдин тайтору,
Байбиченин боз жорго,
Бул экөөнү бир байлап,
Койгон экен шаймандап,
Каныкейдин кара кашка аргымак,
Ажыбайдын Карт күрөң,
Ал экөөнү бир байлап.
Музбурчактын кар кула,
Жүгөрүнүн кара боз,
Ал экөөнү бир байлап.
Ак тайлакты улар боз,
Сары кандын туу чунак,
Ал экөөнү бир байлап.
Семетей кандын Буурул ат,
Алтындан кылган чоң күрсүн,
Аны жалгыз бир байлап.
Аттары байлап болгондо,
Акундун кызы Айчүрөк,
Кашындагы кара сарт,
Капкачыга кеп айтат.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Эки агам чакырып келчи
деп айтат.
Чүрөктөн жарлык келгенде,
Туруучу капкачкынын эрки эмес,
Жүгүрүп барат закылдап.
Согончогун карасаң,
Шордуунун май куйругуна
шакылдап,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Чакырып эми келди эле,
Чоң капкага келгенде,
Он экиде Күлчоро,
Чыканактап тынч албай,
Чырым этим уйку албай,
Кылыч белде кыңгырып,
Айбалта жакта шыңгырап,
Кырдуу өтүк чойкоюп,
Он эки кулач сыр найза,
Каргадай болгон сороюп.
Он ийнинде койкоюп,
Ооз отусун талкалап,
Он экиде Күлчоро
Ак келте алып чалкалап,
Бадана тон  кийип чалкалап,
Бала жолборс Күлчоро
Чоң капканы кайтарып,
Турган экен чалкайып.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Капкага кирип келди эми,
Он төрт атты көргөнү,
Аттарды көрүп дал болуп,
Карап туруу мал болуп,

Төрт атты тааныбай,
Кара кашка кески күң,
Каман байлап койгонбу,
Жоболоңдуу кески күң,
Жолборс байлап койгонбу,
Ажыке менен Түмөнбай,
Деп ушинтип ойлонду.
Айдаган он төрт күлүктү,
Жал куйругу чубаңдап,
Жаныга келген кишини,
Жутуп ийчү немедей,
Тээп тиштеп чунаңдап,
Турсаң экен буудандар,
Жүйрүк чечен Ажыбай,
Корккону нан кайран шер,
Ыштанга сийип жиберди,
Жанындагы Түмөнбай,
Ыштанга чычып жиберип.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Эки канды көргөндө,
Он экиде Күлчоро,
Айбалтаны тагынып,
Басып барып кайран шер,
Сен кайдан келген сакчысын,
Же кайдан келген тилчисин,
Же ич ара тыңчысын.
Ушу жерде кармап алам деп,
Экөөңдү кармап бооруң
жарам деп,
Кабырганды сөгөм деп,
Каныңды суудай төгөм деп
Он экиде Күлчоро
Кан ичмесин карматып,
Бетинен беш байпактык
түк чыгып,
Оозунан көк түтүнү буркурап,
Көзүнөн көк жалын күйүп
шыркырап,
Кармаган жерден айбалта,
Сабынан чыгып былчырап.
Күлчоро минтип барганда,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Боконо жүрөк болк этип,
Бокту ичеги солк этип.
Жүрөгү кетип кабынан,
Билеги кетип сабынан,
Сөз айталбай калтаарып,
Босогого сөөнүп,
Эки кан турду жалдырап,
Жүйрүк чечен Ажыбай,
Кайрадан акыл үйрөнүп,
Күлчорого кеп айтат,
Эртеги кеткен бары,
Чет бээжиндин ичинде,
Алтын айдоо чок белбоо,
Жоого тийсе сан колдой,
Аттанып чыкса ак жолтой,
Мүчөңдү байкап карасам,
Алманбет канга окшойсун,
Айланайын кулунум,
Жашырынбай чыныңды айт,
Алыстан келген сен болсоң,
Так түштө түлөө берейин,
Калың журтту жыяйын,
Аркаңдан караан болуп жүрөйүн,
Кепилде жаткан каныма,
Туу көтөрүп алайын.
Чынкожо менен Толтойго,
Караан болуп барайын,
Сен жашырбай чыныңды айт,
Кагылайын кулунум,
Кайдан келген баласың.

Атаңдын тегин айтып бер,
Как ошентип айтканда,
Эми Күлчоро туруп сөз баштайт,
Аркы атамды сурасаң,
Бөйөн, бөйөн, Бөйөн кан,
Бөйөн кандан Чаян кан,
Чаян кандан Кара кан,
Кара кандан тараган.
Ногой, Шыгай эки кан,
Ногой кандын өзүнөн,
Улак кан, Жакып эгиз кан,
Телегейи тегиз кан.
Аркы атамдан сурасаң,
Тиштегени ок болгон,
Тиктеген жоосу жок болгон,
Копшогону ок болгон,
Колот каны жок болгон.
Керилип аккан Кең Сайдан,
Аркы атабыз Манаска,
Кенең келген аргайдан,
Пайгамбар сугат башынан,
Аркы атабыз Манаска,
Бата тийген башынан.
Сурнай тартып жез найдан
Ажы атабыз Манаска,
Сурап келген аркайдан,
Пайгамбар сугат башыдан.
Ажы атабыз Манаска,
Бата тийген башынан.
Кармашканы эр болгон,
Кара кулак шер болгон,
Аркы атамды сурасаң,
Жоо бөрүсү жаш Манас,
Өз атамдан сурасаң,
Карадан туулуп ак болгон,
Кайберендүү жак болгон.
Бээжинден чыккан дин үчүн,
Меккеде султан бири үчүн,
Калмактан качкан дин үчүн,
Калыйпа султан бири үчүн.
Чет бээжиндин ичинде,
Алтын айдар чок белбоо,
Азиз кандын жалгызы,
Жоого тийсе сан колдой,
Аттанып чыкса ак жолтой,
Өз атамдан сурасаң,
Алманбет деген шер ошол,
Өзүмдүн жайым сурасаң,
Он экиде жашым бар,
Кан Күлчоро атым бар.
Мына кыйратып бузар мен өзүм,
Деп ушинтип айтканда,
Кан Ажыбай кайран шер,
Жанынан таштап жарагын,
Белин чечип жиберип,
Каргадай болгон чунакты,
Бооруна басып кучактап,
Көзүнүн жалын буурчактап,
Эликтей болгон кара көз,
Кан Ажыбай көк жалдан,
Камчы бою жаш кетип,
Соолуктап ыйлап турду эми.
Бул жерге сайган желегин,
Айланайын жалгызым,
Аман-эсен келдиңби,
Менин көк жалдан калган белегим,
Кылдап бир кылган кыягым,
Кагылайын жалгызым,
Аман- эсен келдиби,
Баягы Айкөлүмдөн калган туягым,

Эми же айланайым кулунум,
Ак болоттун тукуму,
Аман-эсен келдиби,
Баягы кан Чубактын тукуму,
Айланайын кулунум,
Жал бер десек жал берген,
Шекер десек, бал берген.
Эркелик кылсак кечирген,
Сылап сыйпап өстүргөн,
Эркелик кылсак кечирген,
Манасынан кем көрбөй,
Баарыбызды тең көргөн,
Чоң энең Чыйырды аман
барбы – дейт,
Кара сурдун сулуусу,
Бусурмандын нурдуусу,
Чекири жок кой көздү,
Сепкили жок ак жүздүү,
Өзүңөр тар курсагын кеңирткен,
Таш эмгегин бошоткон,
Өзү кеңир баягы,
Каныкей аман жатабы.
Моюнча өсүп калды эле,
Өзү олуя чалдын баласы,
Мусулмандын тазасы,
Караңгыда жол тапкан,
Купуяда сөз тапкан,
Бар акылга даанышман,
Абакең Бакай аман жатабы.
Деп ушинтип Ажыбай,
Жайды сурап турду эми,
Анда Күлчоро туруп муну айтат,
Жерге сайган желегиң,
Көк жалдан болгон белегиң,
Аман эсен келди деп,
Кылдан кылган кыягын,
Атам айкөлдөн калган туягың,
Абакем аман келди деп,
Ак болттун тукуму,
Атам кан Чубактын тукуму,
Канчоро аман келди деп,
Жол десем жол берет,
Шекер десем, бал берет.
Майга салып нан берген,
Эркелик кылсам кечирген,
Чоң эне Чыйырды аман Кең колдо.
Кара арзуу сулуу ай,
Мусулмандын нурдуусу,
Чекири жок кой көздүү,
Сепкили жок ак жүздүү,
Өз энем Каныкей аман Кең колдо,
Олуя чалдын баласы,
Мусулмандын тазасы,
Караңгыда жол тапкан,
Бар акылга даанышман,
Абакем өзгөндүү Кең кол
жеринде,
Өзгөн бир Ногой элинде,
Ушу сураганың баары аман,
Деп ушинтип айтканда,
Ажыбай чечен сөз баштайт.
Айланайын Түмөнүм,
Тилекти кудай бериптир,
Асылдан калган мурабы,
Үч бала аман келиптир.
Эми канга баралы,
Сүйүнчүнү алалы,
Канды ээрчитип биз келип,
Так түштө түлөө берели.
Үч балага баш болуп,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Жедигердин Толтойдун,

Жердигин алып көрөлү,
Айланайын Түмөнүм,
Ажал жетип күн бүтсө,
Үчөөнө курмандык болуп өлөлү,
Тилекти кудай бир берсе,
Ополдон айдап сүрөлү,
Деп ушинтип айтканда,
Макул аба, макул деп,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Сарайдан чыгып жүгүрүп,
Акун канга барышып,
Айланайын зор каным
Кагылайын зор каным,
Тилекти кудай бериптир.
Асылдан калган үч бала,
Бу кепилге келиптир.
Сүйүнчү каным, сүйүнчү,
Тоң өтүктү кийиңчи,
Үч балага баралык,
Ак боз атты алдырып,
Так түштө түлөө чалалык,
Калың журтту жыялык.
Каным алтын тууну көтөрүп,
Айланайын зор каным,
Биз караан болуп берелик,
Атасынын батасын,
Шай колдогон жери бар,
Касиети дагы бар.
Чынкожо менен Толтой,
Экөөнүн күчүн көрөлүк,
Ажал жетип күн бүтсө,
Камалып жатып калың журт,
Чынкожо менен Толтой,
Экөөнөн кордук көргөнчө,
Үч баланын алдына,
Айланайын зор каным,
Курмандык болуп өлөлүк,
Каргадай болуп сабалып,
Кепилдеги биздин журт,
Он үч шаардан чыкпай камалып,
Жайынкысы болгондо,
Жалдуу байтал минбедик
Күзүнкүсү болгондо,
Куйруктуу кокту жебедик.
Жердин жүзүн ачпадык,
Жетип буудай чачпадык.
Же айланайын зор каным,
Шаарды таштап качпадык.
Кан Ажыбай көк жалың,
Минтип айтып турганда,
Ошо жерде зор каным,
Алтындан аса таягың,
Колуна кармай алды эми,
Айланайын Ажыбай,
Бул айтканың чынбы деп,
Ордунан тура калды эми.
Ушу сөзүң чын болсо,
Алдыма тагым ал деди.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Кан Акунду ээрчитип,
Сарайга жетип келди эми.
Ал аңгыча болбоду,
Капкага кирип келди эми.
Капкага кирип келгенде,
Бадага кийип балкайып,
Айбалтаны таянып,
Турган экен чампайып,
Кан Акунду көргөндө,
Касиети бар экен,
Шай колдогон жан экен.
Ак сакалы чүчтөдөй,
Устукан сөөгү нистедей,

Башында селде казандай,
Чакырган үнү азандай,
Касиеттүү жан экен.
Муну менен касташкан тууган
оң болбойт,
Кармашкан душман соо болбойт.
Деп ушинтип Күлчоро,
Акунду сынап турду эле,
Ошо кезде Акун кан,
Капкага кирип барганда,
Акун канды көргөндө,
Каргадай болгон чоронун,
Салам айтып бергени.
Бооруна басып болпулдап,
Зор Акун кан солкулдап,
Токсонго чыккан кезимде,
Тилегим кудай бердиби,
Асылдан калган керээздер,
Аман-эсен келдиби.
Ошондо Акун кеп айтат,
Кылдан кылган кыягым,
Манастан калган тууганым,
Жалгызым кайда деп айтат.
Көзүнүн жашы миң талаа,
Ошо кезде зор кандын,
Башына түшүп ар санаа,
Сөз айтууга жарабай,
Солкулдап ыйлап турду эми.
Акун кан солкулдап ыйлап
турганда,
Арыптуу тууганым чүрөгүм,
Басып келип кеп айтат.
Алдыңдагы балаңа,
Ата көзүңдүн жашын тийгизбе,
Көзүңдүн жашын тийгизсең,
Көзүңдүн жашы курч эле,
Кайраты кетип калбайбы.
Бет алышкан душманга,
Балам жашык болбойбу,
Айланайын зор ата,
Солкулдап ыйлап отуруп,
Көйкөлүп эрип кетпедиң,
Деп ушинтип Айчүрөк,
Аптамага суу алып,
Атасы Акунга момунтип,
Жүз жуудуртуп турду эле,
Ошондо Акун кеп айтат,
Айчүрөктүн өзүнө,
Жүзүн жууп болгондо,
Ошондо Акун кеп айтат,
Э, айланайын Айчүрөк,
Менин жалгызым кайда деп айтат.
Айланайын Айчүрөк,
Жалгызымды көрсөткүн,
Жалгызымдын жүзүн көрөйүн,
Токсонго чыксам мейличи,
Кайратыма мен келдим,
Кубаттаарым келиптир,
Кубатты кудай берген соң,
Туу көтөрүп мен өзүм,
Толтой менен Чынкожо,
Ак тууну алып колума,
Колду баштап берейин,
Айланайын кулунум,
Үч баланын алдына,
Курмандык болуп өлөйүн,
Анда Чүрөк кеп айтат,
Чалгынчысы жаш балдар,
Акемдин уулу айжаркын,
Чалгынга өзү келиптир.
Жалгызың Семетей балаң
келе элек,

Деп ушинтип айтканда,
Толтой менен Чынкожо,
Экөөнөн камоо көргөн Акун кан,
Калп айтасың мага деп,
Ошо жерде зор каным,
Мурутун булкуп алды эми,
Сакалын жулуп алды эми,
Алтындан аса таягын,
Бооруна сайып Акун кан,
Болкулдап ыйлап отурат,
Айланайын Ажыбай,
Кылдан кылган кыягым,
Айкөлдөн калган туягым,
Жерге сайган желегим,
Көк жалым Алмандан калган белегим.
Ак болоттун тукуму,
Кан Чубактын тукуму,
Канчоро жалгыз кепили,
Үч бала аман бир келсе,
Так түштө түлөө беремин,
Алтыны айчык туу алып,
Кол астына кол баштап,
Караан болуп жүрөмүн,
Ажал жетип күн бүтсө,
Курмандык болуп өлөмүн,
Токсонго чыккан Акун кан,
Тилекти кудай берген соң,
Үч баладан жан аяп,
Чынкожо менен Толтойдун,
Кордугу өттү экөөнүн,
Ак асаба туу менен,
Айгайлаган чуу менен,
Кең Ополдун оюнда,
Аккан суунун боюнда,
Ат жайлоонун чатында,
Каран болуп калың журт,
Кандуу майдан чоң согуш,
Экөөнүн касаатына кирели.
Деп ушинтип Акун кан,
Жаратканга жалынып,
Ак боз бээни алдырып,
Как ошондо зор каным,
Ай туягын чалдырып,
Түлөө кылып калың журт,
Убадасы бүткөндө,
Акун кандын кызы Айчүрөк,
Өзү камкор куу долуу,
Күлчорого кеп айтат,
Акемдин уулу Күлчоро,
Айланайын улууке,
Сен бүгүн чалгынга баргын деп айтат,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Убададан танды деп,
Жедигердин калың кол,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Күргүштөп айдап албасын,
Элети сан калың кара кол,
Көчөгө кирип албасын,
Катын бала көчөдөн,
Кагылайын улууке,
Зыян болуп калбасын,
Деп ошентип айтканда,
Макул жеңе, макул деп,
Баарыдан ушу сөзүң акыл деп.
Он экиде Күлчоро,
Абасына барды эми,
Буурулду сурап алды эми,
Абасындай камкордон.
Алдынан Буурул ат алып,
Алакан жайган бата алып,

Чалгынды көздөй аттаныp,
Күлчоро жолго чыкканда,
Ошо жерде зор каның,
Ыйлап турат буркурап,
Жараткан жалгыз кудайым,
Күлчородон айрып,
Картайып келген кезимде,
Жалгызым деп зарлантып,
Тарттыра көрбө убайым,
Ушу турган Күлчором,
Жараткан жалгыз кудайым.
Бир өзүңө аманат,
Кайберен кырк чилтен,
Арбактарга кошулуп,
Колдой көргүн саламат,
Деп ушинтип Акун кан,
Кордук көргөн кайран кан,
Ыйлап турат буркурап.
Калың журттун баарысы,
Колдосун ак пайгамбарым деп,
Азыретаалы шерим деп.
Тоголонгон томаяк,
Тулпар колго тийгенде,
Турду беле жан аяп,
Кылыч белде шыңгырап,
Айбалта белде шыгырап,
Акырын оттук чай коюп.
Он эки кулач сыр найза,
Каргадай болгон чунактын,
Оң ийнинде колпоюп,
Октун күчү дарыда,
Ойрон  кулдун каарыда,
Ооз отусун талкалап,
Он экиде Күлчоро,
Ошол күнү бешимде,
Чалгынды көздөй жөнөдү.
Ак келте алып чапкылап,
Кара үңкүрдүн башына,
Кезкем кыя сом ташка,
Жаңырыктуу кыяга,
Күүгүм кире күн бата,
Жылдыз тегиз толгондо,
Намаз куптан болгондо,
Кеземге чыгып барды ошол,
Колун суугa салды ошол.
Боюна даарат алды эми,
Кулакты кармап кулпулдап,
Кыбылага карап бет алып,
Аңгырап азан салды эми,
Куптан окуп алды эми.
Ак олпоң жанын жанданып,
Кыбыланы баштанып,
Баса жатып буурулду,
Алып уйкуну салды эми,
Аябай уктап калды ошол.
Күлчоро уктап атканда,
Жардай болгон Тай буурул,
Чапчыл коюп ойготуп,
Ичин тартып алды ошол.
Уктап аткан Күлчоро,
Чочуп кетип ал жерден,
Эсин тартып союлгур,
Эликмесин карматып,
Тегеренип Тай буурул,
Жерди чапчып турду ошол.
Эмнени көрдүң деп,
Даааратына камданып,
Колун суугa салды эми,
Кулакты кармап кулпулдап,
Кыбыла кармап бет алып,
Аңгырап азан салды ошол.
Экөө сүннөт, экөө парз,

Төрт рекет багымдат,
Шашпай окуп алды ошол.
Мурутун сыйпап имерип,
Алакан жайып батасын,
Шай колдогон Манастын,
Арбагына жиберип,
Эки рекет апил намазын
дагы окуп,
Чопа-чупа ат токуп,
Ат токуса бат токуп,
Тегереги тең куйма,
Теппей чуркап мингемин.
Айры белез кезимге,
Кезген кыя сом ташка,
Болоттон соккон чаңы бар,
Бай тумар чалыш каны бар,
Болжолу жок чоң дүрбү,
Сабына алтын толготкон.
Оозуна жакут орноткон,
Атасы Манастан калган чоң дүрбү,
Боосун албай мойнунан,
Суруп алып койнунан,
Чыгырын имерип,
Чын эле көзкө жиберип,
Чарайна көзкө толтуруп,
Эликтей болгон кара көз,
Ирмебей карап отуруп,
Чалгынга келген Күлчоро,
Кароол кармап отуруп,
КеңОполдун оюнда,
Көк өзөндүн боюнда,
Сур Коёндой аты бар,
Сур олпоктой тону бар,
Топтон жалгыз бөлүнүп,
Тоо жылгандай көрүнүп,
Тоодой Толтой келатат,
Жан казандай башы бар,
Жаткан иттей кашы бар,
Олжуган Толтойдун,
Араң отуз бештей жашы бар.
Олжуп Толтой келатат,
Толтой десем тоо белем,
Мени тосуп келген тоо белем,
Кылычың кыя байланып,
Он экиде Күлчоро,
Кан Толтойду көргөндө,
Сийдиги булут айланып.
Бадал десем сел белем,
Мени басып калгы эр белең,
Деп ушинтип Күлчоро,
Толтойдон кайра тартамбы.
Толтойдон коркуп келдим деп,
Ордодо жаткан Канкорго,
Барып сырым айтамбы,
Тууганым өлүм ак,
Өлбөгөн шайтан эмеспи,
Өлбөй пенде ким болот,
Өлүп калсам Толтойдон,
Өз жесирим жалгыздап,
Байдылданын меккеде,
Барганда даяр алтын так,
Кең Ополдун оюнан,
Аккан суунун боюнда,
Көк өзөндүн боюнан,
Жайыктын сары талаадан,
Тоодой болгон кан Толтой,
Топтон жалгыз бөлүнүп,
Тоо жылгандай көрүнүп,
Сур Коёндой аты бар,
Сур олпоктой тону бар,
Жан казандай башы бар,
Жаткан иттей кашы бар.

Оолжуган Толтойдун,
Отуз беште жашы бар.
Толтойду көрүп отуруп,
Каргадай болгон куу чунак,
Көңүлүнө толтуруп,
Кар үңкүрдүн башынан,
Кескен кыя сом ташка чык.
Чың бир чың ташка чыгып,
Чыңырык үнү бек чыгып,
Пайгамбарлап бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Тоодой болгон Толтойдун,
Он экиде Күлчоро,
Каргадай болгон куу чунак,
Астынан чыкты качырып,
Кокту өңөрдө колоктоп,
Кологойлуу чоң найза,
Чоң коктунун оозунан,
Чыга түштү сороктоп,
Чырымталы түшө элек,
Чыканактай бала экен,
Ыктай сайып салайын,
Кармап боорун жарайын.
Астындагы Кызыл Буурул атын,
Кармап алайын,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Ай асманда боз эле,
Акыреттик дос эле,
Жоону сайып ат алып,
Астыңа досум келдим деп,
Тартуу кылып барайын,
Айдай болгон Чүрөктү,
Чатагы жок алайын,
Деп ошентип кан Толтой,
Баланы тосуп турганда,
Олбуй солбуй тебинип,
Оң тетири камчы уруп,
Тоодой болгон Толтой мен,
Сайышсам деп дем уруп,
Чууну чууга угузуп,
Сурнай кулак туңгузуп,
Ак келтени бир атып,
Доолбасты койгулап,
Пайгамбарлап бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Колдой көр пайгамбар пирим деп,
Демегим Азыретаалы шерим деп,
Колдойм, колдойм дечү элең,
Колдосун атам арбагы,
Жөлөйм, жөлөйм дечү элең,
Жөлөөчү атам арбагы,
Деп ушинтип чоронун,
Ачуу үнү чыкканда,
Кара жал аксур ат минген,
Калкайыңкы бир киши,
Ак олпок сындуу тон кийген,
Мунусу кошо келатат.
Сарала сындуу ат минген,
Сары илбирс тон кийген,
Сары жаргак шым кийген,
Кылычын кыя байлаган,
Кара болот найза алган,
Саймалуу саадак чалынган,
Жоо көргөндөй камынган,
Мунусу кошо келатат,
Көк ала сындуу ат минген,
Көк соот сындуу темир
тон кийген,
Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Узун моюн бир киши,
Көк доobулбас койгулап,
Кылычын кыя байлаган,

Түпөгү жок найза алган,
Боору кара сырты көк,
Болумдуу тууган бир киши,
Карма кулду, карма деп,
Катын алчу жездени,
Кармай алып жайла деп,
Кабыландай чамынып,
Мунусу кошо келатат.
Эрдин кезе чайнаган,
Өрттөй көзү жайнаган,
Шарактай ичи кайнаган,
Көк чолок атты жулкунтуп,
Ой иним карма кулду, карма деп,
Катын алчу жезденди,
Кармап алып жайла деп,
Башын бизге байла деп,
Мунусу кошо келатат,
Бу төртөөнү көргөндө,
Туручу Толтой көтүбү,
Сур Коёндой күлүктү,
Кайра тартып алды эми,
Кара жаак ак камчы,
Тоодой болгон кан Толтой,
Кайра кармап алды эми.
Сур Коёндой күлүктү,
Катыра санга салды эми,
Тоодой болгон кан Толтой,
Эки буту салмактап,
Эки этеги салбактап.
Тоодой болгон кан Толтой,
Томуктай болгон жаш бала,
Чородон качты дартактап,
Алдыңдагы Сур Коён,
Адыр жерге түшкөндө,
Аркар чуркаш салды эми,
Аркалуу күлүк Тайбуурул,
Артынан жете барды ошол
Жедигердин эр Толтой
Жер батуга салды эми
Астындагы Суркоён,
Туягы жерге илинбей,
Жейрен чуркаш салды эми,
Жебелүү күлүк Тайбуурул,
Артынан жете барды эми,
Кологойлу чоң найза,
Атасы Манастан калган сыр найза,
Колго кармай алды эми,
Ай далынын күзгү деп,
Как өпкөнүн үстү деп,
Өлөр жериң ушу деп,
Өлчөмү жердин тушу деп,
Атасы Манастан калган сыр найза,
Тоодой болгон Толтойду,
Каргадай болгон куу чунак,
Күлчоро сайды балкайып.
Акыреттик алдынан,
Карыш саам сыр найза,
Чыга түштү сонкоюп,
Мени кудай уруп салды деп,
Атамдан калган сыр найза,
Оорлук кылып колума,
Калкылдатып найзаны,
Өөдөрөк шилтеп салдым эми,
Көңдөйлөп тийип калды деп,
Эти ачыган Толтойуң,
Кылчайып найзаны кармап
алам деп,
Казандай болгон кара бөрк,
Башынан ыргып кетти эле.
Калдаңдаган кан Толтой,
Тебетейге карабай,
Жөнсүз качып алды эле,

Он экиде Күлчоро,
Найзаны ышкап суурупэле,
Мурун жоого тийбеген,
Тискин ченеп түйбөгөн,
Эрдиги бар эси жок,
Эчтеңке менен иши жок,
Камандай болгон кайран шер.
Он экиде Күлчоро,
Ак каңкыны кашы деп,
Табарсыктын башы деп,
Тоодой болгон Толтойум,
Өлөр жериң ушу деп,
Өлчөлүү жериң тушу деп,
Бугулардын терисин,
Бугуп таккан ак тизгин,
Тоодой болгон Толтойду,
Кош колдоп сайып салам деп,
Астындагы Суркоён,
Атын кармап алам деп,
Кепилде жаткан Акун кан,
Шай колдогон жан экен,
Касиети бар экен,
Суркоёндой күлүктү,
Акунга тартуу кылып барсам деп,
Уяда жалгыз кур жаман,
Карыдан бата алсам деп.
Каргадай болгон Күлчоро,
Тоодой болгон Толтойду,
Кош колдоп келип сайганда,
Тизгин менен чылбырды,
Колунан таштап жиберип,
Найзанын учун карасаң,
Ак каңкы кашын талкалап,
Май куйрукту аралап,
Далай жерин жаралап,
Бугулардын терисин,
Буруп таккан чоң тизгин,
Жардай болгон буудандын,
Башынан алыс кеткени,
Астындагы Тайбуурул,
Колун салып алганы,
Найзанын учун карасаң,
Так кыр аркарга барганы,
Чоң тизгинге бет алып,
Мындан өксүп калганы,
Камчысы түшүп колунан,
Кылчайбастан кан Толтой,
Камандай болгон чородон,
Кутулуп кетип калганы,
Ошо кезде Күлчоро,
Болкулдап ыйлап турганы.
Коркпой сайган менденби,
Же козголбой Толтой эрденби,
Же колум сынып калганда,
Же кологой танган элденби,
Же качырып сайган менденби,
Же кайкайбай Толтой эрденби,
Же далым сынып калганда,
Же далайга танган элденби,
Же алдыма Буурул аттанбы,
Же качкан жоону каткырган,
Он экиде жаштанбы,
Же үстүмдө олпок тоңдонбу,
Качкан жоону каткарган,
Же кара жолтой жолдонбу.
Же ак олпок тондо тешик жок,
Же жарагымда кетик жок.
Же качкан жоону кайтарган,
Же мен шордуугa кешик жок.
Же эптүү жонбой найзасын,
Эптүү жонсо найзасын,
Эми кирген Толтойдун,

Кетирбейт белем айласын,
Же оң жонбой найзасын,
Оптуу жонсо найзасын,
Олжуган Толтойдун,
Кетирбейт белем айласын.
Деп ушинтип Күлчоро,
Арман кылып кайран шер,
Таажысын алып Толтойдун,
Камчысын алып Толтойдун,
Же бели катуу жолтойдун,
Ушу жолго салды эми,
Кепилге кайра барды эми.
Кокуй күн аба оңбой кал,
Качырып сайган менденби,
Же кайкайбай Толтой эрденби,
Же далым сынып калганбы,
Абаке далагай танаган сенденби,
Же корпой сайган менденби,
Кокуй күн аба оңбой кал,
Колум сынып калганда,
Кологой танган сенденби,
Же алдымда Буурул аттанбы,
Же качкан жоону куткарган,
Же кагылайын абаке,
Же он экиде жаштанбы,
Же үстүмдө олпок тоодонбу,
Же качкан жоону куткарган,
Же кагылайын абаке,
Же кара жолтон жолдонбу,
Же ак олпок тондо тешик жок,
Качкан жоону куткарган,
Же мен шордууда кешик жок,
Же жарагымда кетик жок,
Же эптүү жонбой найзаңды,
Эптүү жонсоң найзаңды,
Эми келген Толтойдун,
Же кетирбейт белем айласын,
Же кепселең тууган абаке,
Мен шордуу бир көрсөмчү
байыңды,
Же оптуу жонбой найзаңды,
Эптүү жонсоң найзаңды.
Оолжуган Толтойдун,
Кетирбейт белем айласын,
Опсолоң тууган абаке,
Бир көрсөмчү байыңды,
Деп ушинтип Күлчоро
Буркурап ыйлап барганда,
Өкүнбөгүн Күлчором,
Тилекти кудай бербейби,
Тоодой болгон Толтойдун,
Бөрүн алып келгениң,
Башын кесип келгениң,
Эртең кезек келбейби,
Тоодой болгон Толтойдун,
Камчысын алып келгениң,
Колун кесип келгениң,
Тилекти кудай бербейби,
Өкүнбөгүн Күлчоро,
Эртең кезек келбейби.
Акундун эли чогулуп,
Акыл кошуп жамдашып,
Эртең каран болуп бергин деп.
Акун кандын шаарынан,
Жоо бөрүсүн камдашып,
Айзакерден ыктууну,
Союлдуудан мыктууну,
Көзгө атар мерген чогултуп,
Калың колун курашып,
Ак тууну колго алайын.
Алыстан келген үч бала,
Башчы болуп мен өзүм,

Толтой менен Чынкожо,
Экөөнөн камоо көргөнчө,
Шаарда жатып өлгөнчө,
Асылдан калган керээзге,
Кармашып алым келбесе,
Курмандык болуп өлөйүн.
Тилекти берсе кудайым,
Үч баладан айырып,
Жалгызым деп зарлантып,
Акун деп мени жаратса,
Зарлантпас мени кудайым,
Жараткан кудай жар болсоң,
Акырет кеткен шерлердин,
Кайберен кырк чилтен,
Арбагы тирүү бар болсоң,
Акундун эли камынып,
Шаардаминтип жатканда,
Жедигердин эр Толтой,
Күлчородон найза жеп,
Чалгынга келген кайран эр,
Качып барды калдактап,
Башында кийген бөркү жок,
Толтойдун баштакыдай
көркү жок.
Жедигердин элине,
Менин Чынкожо досум кайда деп,
Шыгайдын уулу Чынкожо
Айтпадым беле бая деп,
Чың, чың бир чың үн чыгат,
Чыңырык үнү бек чыгат.
Манас деп кыйын кеп чыгат,
Кепилде жаткан Акундун,
Тилегин кудай бергенби.
Манастын уулу Семетей,
Төмөнкү кепил шаарына,
Жесирин издеп келгенби,
Оңо турган неме эмес,
Бул оңдуруучу жоо эмес,
Кызыл Буурул аты бар,
Кызыл чийки жаш бала,
Пайгамбарлап бакырса,
Манастап ураан чакырса,
Оозунан көк түтүнү буркурайт,
Көзүнөн көк жалын күйүп
шыркырайт.
Кармаган жерде найзанын,
Сабынан тараша чыгып
быркырайт.
Оңо турган жоо эмес,
Оңдурчу шер эмес,
Манастын уулу Семетей,
Атасынан бабасы,
Шай колдогон жери бер,
Касиети дагы бар,
Балтыр эти толгонго,
Балбан кези болгонго,
Пайгамбарлап бакырат,
Манастап ураан чакырат.
Шай колдогон эр неме
Кабылан шердей качырат.
Жедигердин эр Толтой,
Семетейдин өзү экен.
Өзү эмес кара көзү экен.
Чамбыл ала чаң болуп
Кызыл ала кан болуп,
Кирип барды кан Толтой,
Чынкожонун алдына.
Манастын уулу Семетей,
Мени акырын сайбай бек сайды,
Мына акырегим жеп салды.
Эми Шыгайдын уулу
Чынкожо досум,

Ал эле жара десиңби,
Чоң далымдын айнеги кокуй,
Досум ал эле жара дейсинби,
Баягымды жеп салды.
Деп ушинтип кан Толтой,
Айкырыгы баш жарып,
Өкүрүгү таш жарып,
Кан жөткүрүп эр Толтой,
Чынкожого барганда,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Багыштын уулу сен Толтой,
Ай асманда бос элек,
Акыреттик дос элек.
Кана досум жаратыңды көрөйүн,
Жаратың жаман бир болсо,
Аксак сары ат мингенче,
Ант көтөрүп жүргөнчө,
Эртең акыретке барганда,
Таңды макшар болгондо,
Сенин кыр эшигиң болгончо,
Тозокко кирип оңгончо,
Сен үчүн досум өлөйүн.
Өчүңдү алып берейин,
Деп ушинтип Чынкожо,
Суркоёндой күлүктөн,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Оодара тартып көтөрүп,
Чатырга алып кирди эле,
Жедигердин калың кол,
Кудай уруп салганбы,
Чалгынга кеткен Толтойго,
Найза тийип калганбы,
Деп ушинтип калың кол,
Эр Төлөгү баш болуп,
Толтойдон кабар алалы,
Деп ушинтип калың кол,
Чынкожонун чатырга,
Салып кирип барды эле,
Чынкожонун чатырын,
Алтымыш курчап калды эле.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Сыр алдырбай көп колчо,
Ойномуш болуп калды эле,
Толтой аман келдиби,
Жедигердин калың кол,
Чуркап сурап калды эле.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чалгынга барбай Толтоюң,
Баатырлыгын билгизип,
Коркутуп мени келди деп,
Бир кишиге билгизбей,
Кармашкан болуп Чынкожо,
Ойномуш болуп Толтойду,
Будалап басып калды эле,
Баатыр Төлөк баш болуп,
Кызыталак Толтойдун,
Э кызыталак Чынкожо,
Элге бүлүк бир салып,
Эки иттин ойноп жүргөн оюну деп,
Калың кол кош кошунга кетти эми.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кан Толтойду чечинтип,
Жараны көрүп олтуруп,
Айчүрөк албай апаң ал,
Эрке кыз албай энеңди ал,
Семетей сайды дегениң,
Кызыталак ырысыңды жегени,
Манастын уулу Семетей,
Балада болсо чунактын,
Касиети бар деген,

Быйыл он бешке толгон кезинде,
Анджиян менен Таласка,
Аким болгон кан деген.
Балтыр эти толгондур,
Балбан кези болгондур,
Семетей сени сайганда,
Оңдуруучу жоо эмес,
Оңо турган шер эмес,
Сени тирүү койчу эр эмес,
Мына жаратың мен көрдүм,
Э багыштын уулу эр Толтой,
Коркуп жүрүп баладан,
Чүрөктү кантип аласың,
Балтыр эти толо элек,
Балбан эти толо элек,
Он экиде жашы бар,
Ээрден чыгар чыкпас башы бар,
Мурун жоого тийбеген,
Тизгин ченеп түйбөгөн,
Жоо кабуусун билбеген
Семетей сайган жара эмес,
Мына Күлчоро сайган жара экен.
Бугулардын терисин,
Буруп таккан ак тизгин,
Колунан түшүп кеткендир,
Астына минген Тайбуурул,
Колун салып алгандыр,
Кол туш алып калгандыр,
Он экиде Күлчоро сени,
Өксүй сайып алгандыр,
Өкүнгөн бойдон Күлчоро,
Семетейге баргандыр.
Деп ушинтип Чынкожо,
Кайнатма кара дарыны,
Кайнатып куюп алды эле,
Кырма кызыл дарыны,
Кырып сыйпап алды эле.
Үч күнү жатып чатырда,
Багыштын уулу кан Толтой,
Таза айыгып алды эле,
Шыгайдын уул Чынкожо.
Жедигердин Толтойу,
Жомок кылып кеп айтат,
Мен Манасты көргөмүн,
Көргөн жерим айтайын.
Кошойдун сөзү кош убак,
Козголбой уккун Чынкожо,
Кечээ Каркыранын оюнда,
Кан Көкөтөй тоюнда,
Суркоён кунан кезинде,
Жети жашар чагымда,
Айырмачка мен минип,
Саамай чачым эрбейтип,
Атам эр Багыш эрчип барганда,
Капыр менен мусулман,
Кара жал ак сур ат минген,
Калкайыңкы бир киши,
Кандын баарын чогултуп,
Калк башкарып турганда,
Капыр менен мусулман,
Калктын баары турганда,
Кандагай берип бутунан,
Кирген жерде бата алган,
Кошой бата бергенде,
Капыр менен мусулман,
Кошо бата берди эле,
Ошончо көптүн ичинен,
Тууй электе бир бала,
Кан Семетей аталган.
Ошонун катынын кантип алабыз,
Катынын алам деп айтсак,
Катынды каран салабыз,

Калың журтту кырабыз,
Элдин аягына чыгабыз,
Зордукчу киши оң болбойт,
Бирөөнүн катынын алып
чоң болбойт.
Кой Чынкожо кетебиз,
Чүрөктү алып барганда,
Не муратка жетебиз,
Ошо Көкөтөйдүн ашында,
Каптай турган сел келген,
Бу капырдын элинен,
Алтымыш илек эл калган.
Кара күрмө тон менен,
Калдайдын журту бир бөлөк,
Кызыл күрмө тон менен,
Кытайдын журту бир бөлөк.
Крым каны баш болуп,
Кийгени шол соору өтүк,
Соор эндик эли бир бөлөк,
Кара күрмө чоң өтүк
Калмактын журту бир бөлөк
Эки экиден желишип,
Соксоңдошуп келишип,
Калмактар келди жер жайнап,
Темингиси телпилдеп.
Сок билектей кара чач
Согончокто селкилдеп,
Коңурдун журту бир бөлөк.
Кара жоолук соксоңдоп
Сок билектей кара чач
Ай далыга токмоктоп
Жолойдун эли бир бөлөк
Баскан жерин чаңдатып,
Маңгулдун журту бир бөлөк.
Капырдын ары четин карасаң,
Улабастын оюнда
Берки четин карасаң
Сары жаздын боюнда,
Капырлар жатат кылкылдап.
Болборосун карасаң
Жаккан оттой жылтылдап
Капырлар жатат жанын жеп.
Талаадан жаткан чочконун
Азоо кармап иайын жеп.
Бака менен жыландын
Аш жетпеген кытайлар
Тирүү кармап баарын жеп.
Аз келгенсип анысы
Чөп менен чарын жеп.
Ошончо көптүн баарысы,
Көкөтөй ашы деп келген,
Аш жетпеген кытайлар,
Жер жүзүнө чөп койбой,
Бүтүн терип жеп келген.
Кыргызды талап алууга,
Жайнаган кытай көп келген.
Кытайдын түрүн көргөндө
Айкөл Манас кайран шер,
Касиетүү балбан эр,
Капырдын канын чакырып,
Коңурбай, Жолой баш кылып,
Тилмеч кылып Ажыбай,
Жер ортосу экен деп,
Каркырага биз келдик.
Бээжинден келген чоң Жолой,
Ач бууданың чапкын деп,
Чыкса байгең алгын деп,
Чыкпаса ашка кызмат
кылсын деп,
Мына Бокмурундун жардыгы,
Алоокендин Коңурбай,
Алкарасын чапсын деп,

Чыкса байге алсын деп,
Чыкпаса ашка кызмат кылсын деп,
Бокмурун жарлык кылыптыр.
Кандар жүргүн Бокмурунга
баралы,
Эмне деген кеби бар,
Кеп кеңешин угалы,
Капырдын канын чогултуп,
Бокмурунга барарда,
Жаш Айдарды жиберди.
Сунган бутун тартпасын,
Жумган көзүн ачпасын.
Сеси кетип капырдын,
Деп ошентип жаш Айдар,
Барып кабар бергенде,
Кандын баарын ээрчитип,
Барып кирди кан Манас.
Бокмурундун ордого,
Алтындан кылган тактада,
Жибектен жайган пахтада,
Букардан келген тинтеде,
Аюу талпак чоң күрсү,
Көкөтөйдүн Бокмурун
Жумган көзү ачпады,
Сунган бутун тартпады.
Эки колу төбөдө,
Бокмурун оозу былк этип,
Ажыбай чечен сөз баштайт.
Кандын баары келди дейт,
Ат байгеси эмне дейт,
Аш байгеси эмне дейт,
Кеп кеңешиң эмне дейт.
Анда Көкөтөйдүн Бокмурун,
Ат байгесин сураса,
Билектүү сур сайдым,
Минилбеген кур сайдым,
Айры өркөчтүү нар сайды,
Алтын, күмүш зар сайды,
Лөккө жүктөп пул сайдым,
Ат байгесин сурасаң,
Адамдан сексен миңдей
кул сайдым.
Ат байгеси ушу дейт,
Аш байгесин сурасаң,
Эсебиң жетпейт аларга,
Алты күнү мен өзүм,
Кемегени каздырам,
Кемеге казып болсо,
Коңурбай менен кан Жолой,
Экөө сексен кечил берсин дейм.
Үч жүз качыр коштотуп,
Үч жүз качыр келгенде,
Мага кылган жардамы,
Кара теке көчүдөн,
Мен кемеге казып бүткөнчө,
Отун ташып берсин дейт.
Өзүм чыккан татытам,
Каркыранын өзүнөн,
Туз кайнатып берсин дейт,
Коңурбай менен Жолойдун,
Дагы мага кылган жардамы,
Алты жүз качыр коштотуп,
Үч жүз кечил берсин дейм.
Эт бышыртам мен өзүм,
Кара теке көчүдөн
Отун ташып берсин дейм.
Этти тоодой үйөмүн,
Чыкты көлдөй кыламын.
Андан кийин тартамын,
Он беш күнү конокту.
Өз жанынан жеп жатсын,
Козголбостон бек жатсын.

Менин эт бышырган жериме,
Кемегенин башына,
Эки кечил келбесин.
Соксоңдоп эт талашып жүрбөсүн,
Ошону менин көзүм көрбөсүн,
Ошону менин көзүм бир көрсө,
Тууну тууга салсын де,
Коңурбай менен кан Жолойго айт,
Өлбөй тирүү мен болсом,
Көкөтөйдүн кызыл туу
Бээжининен көрсүн дейт.
Он беш күндө ат айдап,
Маныкер мен Чал куйрук
Экөө бирдей чабылат.
Ат калтырбай чапсын дейт,
Чыкса байге алсын дейт,
Чыкпаса ашка кызмат
кылсын дейт.
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Бул жардыкты салсын дейт.
Бул жарлыкты салганда,
Коңурбай менен кан Жолой,
Чал куйрук менен Маныкер,
Буруттар чаппагыла деп айтат.
Маныкер менен Чал куйрук,
Ал экөөнү чапсаңар,
Аталашкан немедей,
Биз ат чаппайбыз деп айтат.
Макул ал экөөнү чаппайлы,
Ат калтырбай чапкын деп,
Мусулман туруп муну айтат.
Бокмурундун алдында,
Коңурбай менен кан Жолой,
Эки каны баш болуп,
Шуру ташын салынган.
Шумбу кытай дагы бар,
Жакут ташын салынган.
Жаңжуңдары дагы бар
Капырдын кандарынын баарысы,
Макул, макул деп,
Тизелери бүгүлүп.
Коңурбай Жолой баш болуп,
Таазим кылып калмакча,
Бокмурун менен Манастын,
Келининдей жүгүнүп,
Макулдашып чыкты ошол.
Үч жүз качыр айдашып,
Сексен кечил келди эми.
Кара теке көчүдөн,
Отунун ташып кирди эми.
Алты жүз качыр айдатып,
Үч жүз кечил келди эми.
Аргамы жибин байлашып,
Кара теке көчүдөн,
Отун ташып кирди эми.
Алакандай мусулман,
Кеңеш кылып олтуруп,
Сесин алды капырдын.
Манастан коркуп биз жүрсөк,
Манастан Бокмурун кыйын
турбайбы,
Шердигине чыдабай,
Биздин жерге Буруттар
Баса келген турбайбы,
Биз жерди булгайт деп келсек,
Беките турган бели бар,
Медер кылган шери бар.
Катылып койсок кокустан,
Бу бурут Бээжинге чейин
кармашып,
Уруша турган чени бар.
Тегин көттү кысалы,

Буруттун кыл дегенин кылалы.
Деп ошентип капырлар
Тыйылышып калды эми.
Мынабу Көкөтөй аштын жомогу
Айтылып турган ушул сөз,
Жети жашар кезинде,
Атасы Багышты ээрчип келиптир.
Ошону өз көзү менен көрүптүр.
Мына Толтойдун айткан жомогу.
Он беш күн тамам бүткөндө,
Чубатууга ат салды.
Аттын баары катталды,
Чал куйрукта чара жок
Маныкерде пайда жок.
Аты чыгып капырлар,
Коңурбайдын Алгара,
Чыгып келип бул ашта,
Капырлар олжо алабыз деп турат.
Капырлардын кандары
Бүт чогулуп алды эле,
Коңурбайга барды эми.
Алгараны чапкын деп,
Болбой койду Коңурбай.
Буруттун каны Манас кан,
Бир балээге салат деп,
Алагара чапсам мен өзүм,
Карматып Манас алат деп,
Чаппай койду Коңурбай.
Бээжиндин каны чоң Жолой,
Ач буудан кошту кайран эр.
Бусулмандын атынан
Кадимки күлүк Аккула
Ушул ашта чабылды.
Ат эсебин сурасаң
Алты миңдей ат болду.
Бакай кан оку отурса,
Алтымыш дептер кат болду.
Ат айдачуу эшикти,
Жайма көкүл жаш Айдар,
Минер аты Маникер.
Капталы кагыл сымпыйган,
Каткан карагайдан зыңкыйган.
Туягынды тура жок,
Жүрөгүндө дүлөй жок.
Ушул күлүк Маныкер,
Алты эле күнү ар айда,
Үч эле күнү бери айда,
Ашмана белин ашыр деп,
Олуя ата меркини,
Катары менен бастыр деп,
Жайма көкүл жаш Айдар,
Аттарды айдап кеткенде,
Ат келгенче бу жерге,
Балбан күрөш болот дейт.
Капырдын элин аралап,
Он төрт уруу тил билген,
Ажыбай барды арага.
Коңурбай менен кан Жолой,
Пилге жүктөп алтын сайган.
Байгеси бар балбандын,
Айры өркөчтүү нар сайган.
Олжосу бар балбандын,
Балбаның болсо чыгар деп,
Ажыбай айтып барганда,
Калмак маңгул калдырап,
Кытайлары балдырап,
Эки экиден желишип,
Соксоңдошуп келишип,
Темингиси телпилдеп,
Сок билектей кара чач,
Согончоктоп селкилдеп,
Капырдын баары чогулуп,

Алтымыш дөөнү өлтүрүп,
Кан жыттанган Жолой деп,
Жетимиш дөөнү өлтүрүп,
Жин жыттанган Жолой деп,
Жолой барсын бурутка.
Капырдан Жолой чыкты эле,
Капырдан Жолой чыкканда,
Бусулмандын алпынан,
Жолойго бир жан чыкпай
калды эле.
Абаке Жолойго кимди салабыз,
Деп ошентип Манас кан,
Кан Кошойго барды эле.
Кошойу туруп ал жерден,
Кан Төштүктү чакырып,
Бусулмандын кандары,
Сен кандайсың Төштүк деп,
Төштүктү кармай алды эле.
Анда Төштүк муну айтат,
Бусулманды чакыртып,
Түш десеңер түшөйүн.
Жер астына түшкөнүм,
Жети жылдар болду эле,
Жер үстүнө чыкканым,
Араң жети ай толду эле,
Көк дөө менен кармашып,
Каным калды бир кашык,
Этим калды көк жашык,
Түш десеңер түшөйүн.
Кокус жыгылып калсам,
Намысыңар кетпесин.
Алптын баары ыкташып,
Жолойго бирөө чыкпай койду эле,
Кошойдон башка бир киши,
Сөз айталбай Манаска,
Ошо жерден кан Кошой,
Канга кан чыкпайбы Манас деп,
Сен түшкүнүң Жолойго,
Деп ошентип кан Кошой,
Манасты кармай калды эле,
Анда Манас муну айтат,
Айланайын абаке,
Ак куланын үстүнөн
Ала-Тоо келсе аңтарам,
Кара тоо келсе каңтарам,
Жоого катындан карып жан элем.
Сайышыңа барайын,
Намыс алып берейин.
Күрөшсө мени салбагын,
Абийирим менен калайын.
Деп ушинтип мусулман
Балбан чыкпай Жолойго,
Айласы кетип турганда,
Кайран Манас дардактап,
Абаке алтымыш менен жетимиш,
Башыңа өттү эки иш,
Үстүңдө турат сексен беш.
Бекип жаткан бейиштин,
Эшигин ачкан жан элең,
Байланып жаткан базардын,
Багын ачкан сен элең.
Айланайын абаке,
Касиетиң бар эле.
Капыр менен мусулман
Каршылашып турганда,
Картайып келген кезиңде,
Бир түшүп бергин балбанга.
Жыгылып калсаң абаке,
Намысы кетпейт журтуңдун,
Жыгылса кой териси болучу,
Карган абышка түшкөн балбанга,
Өлсө ит териси болучу.

Эми сиз түшпөсөңүз ким түшөт,
Бу капырдын алпына,
Абаке сиз өзүңүз түшүңүз.
Деп ушинтип айтканда,
Түш десеңер түшөйүн,
Шымым жаман дагы эле,
Жыгылып калсам капырдан,
Уят болуп жүрбөйүн.
Тартышканга жарабай,
Айрылып калса жаман шым.
Бусулмандын кандары,
Ачылып калса абийири,
Мусулмандар чогулуп,
Жалпы абийириңер кетпесин.
Кошой минтип айтканда,
Сүйүнгөн бойдон Манас кан,
Жайма көөкүл жаш Айдар,
Жаш Айдарды чакырып,
Ак каңкынын үстүндө,
Аюу көлчүк алдында,
Кандагайды алып кел.
Абакем киет балбанга.
Деп ошентип айтты эле,
Жайма көкүл жаш Айдар,
Айбан бостун үстүнөн
Кандагай сууруп келди эле,
Кан Кошойго берди эле.
Кошой кийсе кандагай,
Манастын ычкыр кашатка
Кошойдун бир саны
батпай калды эле.
Барбаңдаган чоң Манас,
Балача киймиң ушубу,
Кишинин бир саны батпаган,
Сенин кандагайың ушубу,
Деп ошентип кан Кошой,
Силкип таштап койгондо,
Ачуусу келди Манастын.
Каракан кызы Каныкей
Каныкейди чакыргын,
Жасаган кийими абама
батпагандан кийин,
Таманын тилип туз салып,
Бетин тилип кок салып,
Кер байталды мингизип,
Кементайды кийгизип,
Ушул аштын үстүндө,
Каракандын төрүнө
Азыр айдап жиберем.
Жайма көкүл жаш Айдар
Чакырып азыр келди эми,
Кан Манаска көрүнбөй,
Ачуусу келген Манастын,
Каарына калам деп,
Кан Кошойдун алдына,
Кындырдай бели бүгүлүп,
Кыя тартып жүгүнүп,
Бетин басып Каныкей
Жаш Айдарга кеп айтат.
Ичинде кош тартмасы бар эле
Шымды бери алгын деп айтат.
Шымды алып бергенде,
Тартмаларын чыгарып,
Абам кийсин эми деп,
Кайра жаш Айдарга берди эле,
Жаш Айдар абасына бергенде,
Кошой кийди кандагай.
Абасы кандагайды кийгенде,
Манас чуркап келди эле,
Кошой кандагайды кийгенде,
Тартып койсо кандагай,
Була болуп чоюлат,

Кие берсе кандагай
Шири болуп жыйылат.
Кандагайга кубанып,
Анда Кошой кеп айтат,
Манас сенин балбаныңа
түшпөймүн,
Айланайын абаке,
Шымыңды жаман деп атып,
Кандагайды кийгенде,
Эмне үчүн түшпөйсүз,
Алтымыш дөөнү өлтүрүп,
Кан жыттанган Жолойго,
Жетимиш дөөнү өлтүрүп,
Жин жыттанган Жолойго,
Капырдын алпы тажаалга,
Карыганда бар дейсиң.
Жыгылып кайта мен келсем,
Көпчүлүктүн ичинде,
Чечип алып шымыңды,
Шерменде кылсаң эки уят.
Шымыңды бир жолу берсең
барайын.
Деп ушинтип айтканда,
Ыйлап ийди Манас кан.
Айланайын абаке,
Эр элүүгө келипсиз,
Келиниң кыркка чыгыптыр.
Ак дамбал кийдик аласыз,
Арманда кетип барабыз,
Эркек мерсент баласыз,
Ыштанды кийдик аласыз.
Сыздап кетип барабыз,
Эркек мерсент баласыз.
Келиниңизге берип батаңызды,
Кийип эле алыңыз.
Ата тентегим баштатан,
Айтпай не болдуң,
Батанын баары түгөнүп,
Алты батам бар эле,
Бешөө беш жерге кетип калды эле,
Жүрөгүмдүн башында,
Жүлүнүмдүн үстүндө,
Каткан куу какырыктай,
Жалгыз бата калды эле,
Бүткөн оюм эрип кетсе,
Тийип калаар тентегим.
Келинимди чакырчы,
Батамды берейин.
Чакырып Каныкейди келди эми,
Кындырдай бели бүгүлүп,
Кыя тартып Кошойго,
Каныкей келди жүгүнүп,
Балам ары карап баскының,
Аркаңдан сынап көрөйүн.
Деп ушинтип айтканда,
Каныкей басты алдына,
Кошой сынап турду эле,
Ата кара сурдун сулуусу,
Бусулмандын нурдуусу,
Караган кызы Каныкей.
Шордуунун желке чачы жүн экен.
Өмүрү өтүп кеткенче,
Байкушту эмгекке тууган күң экен,
Аягы кууш жан экен,
Өзү туубас киши болчу экен,
Эр мүчөлү киши экен.
Деп ушинтип кан Кошой,
Бүткөн бойдон тер кетип,
Каныкей балам бирди тууйт,
Бирди тууса, шерди тууйт.
Атпай түркүн журтуна,
Калканчы болоор эрди тууйт.

Солкулдап ыйлап олтуруп,
Бүткөн бойдон тер кетип,
Кошой бата бергенде,
Үч араан болгон бусурман,
Алакан ачып кол жайып,
Кыбыла карап чуркурап,
Бусулман бата бергенде,
Буруттун кылганы бул эмне деп,
Биз да ушинтели деп,
Алакан ачып кол жайып,
Кошой бата бергенде,
Капырлар кошо бата берди эле.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Досум бул ишиңде чала бар,
Батадан бүткөн бала бар,
Айкөл Манас кайран шер,
Капыр менен бусулман,
Каршылашып турганда,
Кара жал Аксур ат менен,
Калкая тартып кайран шер,
Кирген жерден бата алган.
Тууй электе бир бала,
Кан Семетей атанган.
Он бешке быйыл толгондур,
Анжиян менен Таластын,
Орон каны болгондур.
Зордукчу киши оң болбойт,
Бирөөнүн катынын алып
чоң болбойт.
Мунун катынын кантип алабыз,
Катынын алам деп айтсак,
Калың журтту кырабыз,
Элдин аягына чыгабыз.
Жесирин кантип алабыз.
Жесирин алам деп айтсак,
Баланы жетим кылабыз,
Бекерге журтту кырабыз.
Чүрөктү алып нетебиз,
Не мураска жетебиз,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Ай асманда боз элең,
Акыреттик дос элең,
Тилимди ал дос кетели,
Мен Манасты көргөмүн.
Кошойдун сөзү кошубак,
Козголбой уккун Чынкожо,
Жети жашар кезимде,
Суркоён кунан кезинде,
Айырмачка мен минип,
Саамай чачым эрбейтип,
Атам Эрбагыш ээрчип барганда,
Каркыранын оюнда,
Кан Көкөтөйдүн тоюнда,
Бусулман алпы чогулуп,
Сүйлөшкөнүн укканмын.
Атасынан бабасын,
Шай колдогон жан деген.
Улууга уят айтпаган,
Манастын касиети бар деген,
Манас менен касташкан,
Тууган оң болбойт,
Кармашып душман соо болбойт.
Бусулман алпы чогулуп,
Кеп кылганын укканмын.
Как ошентип Манастын,
Келинин кантип алабыз,
Келинин алам деп айтсак,
Кесирге бөйдө калабыз,
Шыгайдын уулу Чынкожо досум,
Катылбас жоого катылып,
Калкты кырып албайлык.
Элге бүлүк салбайлык,

Кой Чынкожо кетебиз,
Чүрөктү алып нетебиз.
Чүрөктү алып барганда,
Не мураска жетебиз,
Күл азыкты чачалы,
Анджиян түшүп качалы.
Анджиянда ооган бар,
Кызыл тору кыз кармап,
Атын Чүрөк коелу.
Баягы Чүрөк өзү деп,
Мактанып элге баралы,
Күл азыкты чачалы,
Тоюндун башын ачалы.
Кашкарга түшүп качалы,
Кашкарда кытай бар деген,
Кызыл тору кыз кармап,
Атын Чүрөк коелу.
Баягы Чүрөк ушу деп,
Баатыр мактанып элге баралы.
Деп ушинтип айтканда,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Ачуусу келип күүлөнүп,
Баягы кан Толтойго сүйлөнүп,
Багыштын уулу сен Толтой,
Коркпой туруп не келдиң,
Айчүрөк албай апаңды ал,
Эрке кыз албай энеңди ал,
Манастын уулу Семетей,
Аны менден эр дейсиң,
Менин эрдигим андан кем дейсиң.
Кечээ мен алты жашар чагымда,
Атасы көөдөк барында,
Анджияндын өзүнөн,
Алым жыйнап келгин деп,
Алты жашар кезимде,
Алты сан жамбы миң кундуз,
Аны жыйнап келгин деп,
Мени аким кылып жиберди.
Аны жыйып алганда,
Атасы Манас көөдөккө,
Алым турсун таш бербей,
Мен аргынды билдим баш бербей.
Кече мен жети жашар кезимде,
Жеркенден алым жыйгын деп,
Жети сан жамбы миң кундуз,
Муну жыйып келгин деп,
Жети жашар кезимде,
Мени аким кылып жиберди.
Бурчактай жыйып алганда,
Атасы Манас көөдөккө,
Дооран турсун таш бербей,
Атасы Манас көдөккө,
Мен огойду билдим баш бербей.
Мен жалгыздыгым болбосо,
Менин эрдигим андан кем эмес.
Кетсең Толтой кете бер,
Жедигер колун алып кет,
Өзүмө Шыгайдын колун
берип кет.
Ат куйругун тарашпа,
Айдай болгон Чүрөктү
Жети суу алып мен барсам,
Досум согатыма бергин деп,
Ошондо бейбакты менден
талашпа,
Мына Анджиян кетчү ара жол,
Кашкарга кетчү кара жол,
Ошо жолдор сеники,
Акыры албай тынбайм Чүрөктү,
Айдай Чүрөк меники.
Жедигер колун сен алып,
Кашкарга кетчү кара жол,

Так ошого карап кет.
Анттын шери өзүңө,
Аксак сары ат мине кет.
Көрүнбөгүн көзүмө,
Багыштын уулу сен Толтой,
Анты шертиң өзүңө.
Айдай болгон Чүрөктү,
Атышып жатып аламын.
Деп ушинтип айтканда,
Жедигердин эр Толтой,
Отуруп калды саруулап.
Же талабына жете албай,
Же колду бөлүп кете албай,
Ошондо Толтой кеп айтат,
Кандагай кийип кан Кошой,
Көкөтөйдүн ашында,
Сексен беште жашында,
Тоодой болгон Жолойго,
Сексен беште абышка,
Кошой барып күрөштү,
Эки шер омуроодон тирешти.
Шашкеде барган кан Кошой,
Кечки бешимге чейин күрөштү.
Чоң камчы сүйрөп кан Манас,
Же айланайын аба деп,
Же адамдын күрөшү ушундай,
Аба ушундай болобу,
Торулушуп кармашкан,
Же бука күрөш болобу,
Деп ушинтип айтканда,
Анда Кошой муну айтат.
Алтымыш менен Жетимиш,
Же башымдан өттү эки иш,
Төбөмдөн басты сексен беш.
Мунум бир каткан кайран кез,
Манас мунум катып алыптыр.
Жибий албай жататко,
Каркыранын үстүнөн,
Эки балык этин ортодон,
Бир булак суудай бир болуп,
Көк кашка тер акканда,
Ошондо абаңдын туушун билип ал.
Деп ушинтип кан Кошой,
Багалектен алышып,
Балбандарча чалышып,
Эки дөө бирин бири ыргытса,
Аягы менен тик түшүп,
Буттарын байкап карасаң,
Жерге кирип кетишет,
Тизеге чейин орношуп,
Бутту солпуп алганда,
Каңтарылат кара жер.
Даяр болот казган көр,
Мына минтип турганда,
Олуя Кошой абаңдан,
Бурчактай терлер шорголоп,
Балык эттин өзүнөн,
Бир кулак суудай шаркырап,
Көк кашка тер акканда,
Олуя Кошой абакең,
Тоодой болгон Жолойду,
Көтөрүп жерден алды ошол.
Жерге чаап кан Кошой,
Жолойду басып калды ошол.
Кайран Манас барбактап,
Каарданып дардактап,
Абам жыкты Жолойду.
Балбан көтөр деп айтып,
Кошойду Манас көтөрүп
алып жөнөдү.
Ошондо Жолой кеп айтат,
Мен жыгыла элекмин деп айтат,

Кошойду багелектеп бек кармап,
Кайра күрөшөмүн деп айтат.
Кайран Манас буркулдап,
Бетинен беш байпак түк чыгып,
Манас кан ичмесин карманып,
Жыгылган күрөшкө тойбойт болбогун,
Кое бергин Жолой деп,
Деп ушинтип айтканда,
Жыгыла элекмин кое бербейм Кошойду,
Деп ушинтип айтканда,
Ачуу келген Манасың,
Кошойдун багелегин жулуп алды эми,
Белиндеги чоң камчы
Белинен сууруп алганы,
Астында жатып абамдын,
Жыгыла элекмин деп айтат.
Кытайлар саңытыңар ушубу,
Деп ушинтип Манаска,
Жолойдун жаагын жара чаап салды эми.
Үйдөй болгон кебести,
Жабыштырып чоң Жолой,
Кызыл ала кан болуп,
Кытайына барды эми.
Аттуу баштуу кандары келип кытайдын,
Жолой бетиң эмне деп,
Жолойдон сурап калды эми.
Сураса Жолой мындай дейт,
Жана чыйылдаган ит Манас,
Чыйчый этип эле жүрөт эле,
Манастын бир демеси чийип,
Кеткен окшойт дейт,
Ал күнү тынч жатышат.
Эртеси күнү шашке болгондо,
Ажыбай барды арага,
Коңурбай Жолой экөөңө,
Балбаң экөө болучу,
Балбаныңды чыгар деп,
Капырдан нескара чыкты балбанча,
Нескара балбанга чыгып барганда,
Манастын кырк чоросун кыдырды.
Бирөө чыкпай койгондо,
Ошондо Манас кеп айтат.
Кул Эшен байдын баласы,
Багелегине буту батпай жүрчү эле,
Агыш кайда жүрөт деп айтат.
Жайма көкүл жаш айдар,
Агышың ушул топко келген жок,
Ордодо ойноп жатат деп айтат.
Анда Манас кеп айтат,
Алып келгин агышты,
Балбанга түшсүн деп айтат.
Жайма көкүл жаш айдар,
Агышка барып кеп айтат,
Агаң Манас чакырып,
Балбанга түшсүн деп айтат.
Ат башындай алтын куш,
Бооруу чубар бала куш,
Күлэшен байдын өзүнөн,
Кутура турган эр Агыш,
Тегереги тең куйма
Темир таман үзөңгү,
Кыл жейрендей күлүккө,
Теппей чуркап минди эми,
Он экиде эр Агыш.
Капырдын алпы кан Жолой

Кан Жолойу кайда экен,
Нескара кытай бар экен.
Колун жулуп алайын,
Капырдын каны тажалдын,
Бутун сууруп алайын,
Букардын көк ташына чабайын.
Деп ушинтип эр агыш,
Көйнөк менен дамбалчан,
Жылаң айлак, жылаң баш,
Кыл жейрендей күлүк мен.
Нескара кытай алдыда,
Салып жетип барды эле.
Чыканактай эр агыш,
Аттан түшө калды эле.
Тоодой болгон нескара,
Колун сунуп агыштын,
Алдына басып барды эле,
Кармаша түшүп эр Агыш,
Жоктор чачтан алды эле,
Тегерете ыргытып,
Нескарадай кытай,
Жерге чаап салды эле,
Нескара кытай козголуп,
Ордунан кытай тҮргөнча,
Кыл жейрендей күлүккө,
Эр Агыш минип алды эле,
Бусулман журту чогулуп,
Ала бергин байгеңди,
Деп ошентип эр Агыш,
Ордосун көздөй бет алып,
Эр Агыш ойноп кетип калды эле.
Ошону Кошой көрдү эле,
Э койкуй жылаң айлак,
жылаң баш,
Көйнөк менен дамбалчан,
Агыш бу жерге эмне келди деп,
Кошой сурап калды эле,
Агышты Манас чакырып,
Нескарадай кытайга,
Балбан чыкпай койгондо,
Эр Агышты чакыртып,
Нескаранын өзүнө,
Балбанга түшүп эр Агыш,
Кармалашып келгенде,
Жоктор чачтан алды эми,
Тегеретип кытайды,
Жерге чаап салды эми.
Бусурман журту байгеңди ал,
Деп ушинтип эр Агыш,
Ордосуна баратат.
Деп ушинтип айтканда,
Ушу жерде Кошойдун,
Ачуусу келди Манаска,
Кан Манасты чакырып,
Киши эмессин Манас деп,
Адамдан ач көз экенсиң,
Бир жанга акыл салбастан,
Чакырып алып агышты,
Балбанга эмне саласың,
Өзүмдүн башым өткөндө,
Бусулмандын журтунан,
Бир жан калбасын деп ойлоп,
Балбанга салдың Агышты.
Душман жолун чапчу бала эле,
Капырдын алпы чогулуп,
Касканаттап турганда,
Жылаңач келген балага,
Көзү тийип калдыго,
Капырдын көзү бир өпкөсүнөн
тийип,
Бир өпкөсүнөн чыгып кетип
калдыго,

Ташкенге жетпей эр Агыш,
Жолдо өлдү,
Ач көз Манас оңбой кал,
Бусулмандын журтунан,
Бир бала калбай калды деп,
Буркурап ыйлайт кан Кошой.
Эми эр сайышы калды деп,
Сайышка бириң чыккын деп,
Бу капырдын журтуна,
Ажыбай барды арага,
Капырлар баары чогулуп,
Коңурбайга барды эми.
Бээжинден чыккан мыктууң,
Жоонун айласын билген мыктууң,
Алоокенин Коңурбай чыкты
сайышка.
Алкараны булкунтуп,
Алтымыш амбал кырк калдай,
Анын баарын ээрчитип,
Кум текейдин талаасы,
Чоң сээрүнүн жонуна,
Жүз кытайды ээрчитип,
Коңурбай чыгып барды эми.
Асаба колдо калкылдап,
Көз айнек көздө жаркылдап.
Отогосу кытайдын,
Оң ийнинде балкылдап,
Чыныдай болгон алтындар,
Ар мүчөдө жаркылдап,
Мурундарын карасаң,
Селебенин кабындай.
Муруттарын карасаң,
Майлаган балта сабындай.
Каш кирпигин карсаң,
Так бөсөгө чыккан чалкандай.
Кулагынын кулкусу,
Балдар ченгелдеп турган
талкандай.
Кара желек булгалап,
Чоң серүүнүн жонуна.
Коңурбай чыкты сайышка,
Ким чыгат деп чуркурап.
Калың журт минтип турганда,
Ошондо Кошой кеп айтат,
Канга кан чыкпайбы,
Манас чыгат деп айтат.
Манасты сайышка кармап
турганда,
Сайышка түшө турган бир болсом,
Мен Ак куланы чаппай койбойт
белем деп айтат,
Анда Кошой муну айтат,
Жол куйругу жок экен,
Жапдасын жылкы дебесең,
Жамгырчы кандын Көк казык,
Сайышка минчү мал экен.
Деп ушинтип айтканда,
Көк казык кайдан жарасын,
Деп ушинтип айтканда,
Анда Кошой дагы айтат,
Көчө талгарттын суусу ташканда,
Тал башынан ашканда,
Жамгырчы канды карасаң,
Бут көтөрбөй үч кечкен.
Сенин Аккулаң мындан чоң беле,
Кече жеркенге кире ат чаптык,
Жети миң аттан бир чыкты,
Жамгылчылап суу чыкты.
Сенин Аккулаң мындан күлүкпү,
Кече күздүн күнү болгондо,
Арык болуп калды эле.
Жемден чаап жибердик.

Алты куржун дан менен,
Анджиян кире ат чаптык,
Чаткаяктап буу чыгып,
Жамгырчылап суу чыгып,
Алты миң аттан бир чыкты.
Сенин Аккулаң мындан күлүкпү,
Көк казыкты мингин деп,
Манаска Көк казыкты токуду.
Олпогун кийип Манас кан
Көк казыкты мингенде,
Сыр найза колго алып,
Манас менен Алманбет,
Көк казыкты сынашып,
Качырышып калды эле,
Жамгырчы кандын Көк казык,
Ыктап камчы алды эле,
Качкы ит экен деп айтып,
Манас кырк чоросун ээрчитип,
Алманбет Чубакты ээрчитип,
Алманбети Сарала,
Коштого алып түшөм деп,
Жонуна тердик тарттырып,
Коштого алып Сарала,
Манас чыкты сайышка.
Манас аяк өйдө чыкканда,
Баш ылдый жүз кытайды ээрчитип,
Качырып калды Коңурбай.
Кара желек булгалап,
Жакындап Коңур келгенде,
Тик качырса Манас кан,
Түк болбоду Көк казык,
Тартса болбой Көк казык,
Тууралаңып моминтип,
Ыктап качып алды эми,
Ыргып түшүп Манас кан,
Найзанын түбү менен Көк казык,
Омуроого бир койду.
Шай колдогон Манасың,
Кол сокмогун көргөмүн.
Жардай болгон Көк казык,
Аласалып кетти эле,
Чууну чууга угузуп,
Сурнай кулак туңгузуп,
Жылкы тийген немедей,
Добулбасты койгулап,
Манасты атка мингизбей,
Жөөлөтүп сайып кетем деп,
Коңуруң Манас канды качырды.
Коштоп алган Сарала,
Ыргып минип Манас кан,
Аяк өйдө качырып,
Алманбеттин Сарала,
Коендой кулак жапырып,
Тик качырды Коңурду.
Алачыктай доңузду,
Аягы өйдө келаткан,
Манасты үстүрттөн сайып
салам деп,
Сайыштын байгесин Коңур
алам деп,
Сайышып калды экөө.
Чоң Коңурдун бетинен,
Кетпес болду Манас кан.
Коңурбайдын эсинен
Үч кайрылып сайышып,
Найзанын учу майышып,
Алы кетип Коңурбай,
Алдыра турган болгондо,
Кан Манастын оозунан
Көк түтүн чыгат буркурап,
Көзүнөн көк жалын күйөт
шыркырап.

Кармаган жерден сыр найза,
Сабынан чыгат суурулуп,
Манастын бетинен,
Беш байпактуу түк чыгып,
Кан ичмесин карматып.
Оозунан көбүк суркулдап,
Кышкы кирген буурадай,
Оозунан ак көбүгү буркулдап,
Коңурбай ыктайлап чыгып
калганда,
Темингиси телпилдеп,
Сок билектей карачач,
Согончокто сепкилдеп,
Коңурбай качып берди эми.
Алманбеттин Сарала,
Коендой кулак жапырап,
Жетер жетпес бир болуп,
Манас кууп баратат.
Манастын түрүн көргөндө,
Коңурбай качып бергенде,
Калмактар качты соксондоп,
Сок билектей кара чач,
Ай далыдан токмоктоп,
Ачуу келген Манасың
Коңурбай бери келсин дейт.
Сайышпаса Коңурбай,
Алгараны берсин дейт.
Манас оолукмасын карматты,
Эрди сайган киши аталат.
Мени сайып түшүрсө,
Сараланы алсын дейт,
Сайышка Коңурбай,
Чыгып келсин дейт.
Сайыштан качса Коңурбай
Алгараны берсин дейт.
Деп ушинтип Манас кан
Алгара албай тынбайм дейт.
Оолугуп Манас турганда,
Капыр менен бусулман
Эки бет болуп калышты.
Менин атам эр Багыш
Ажыбай канды эрчитип
Манаска жетип барды эми.
Сараладай бууданды,
Экөө эки суулуктан кармап
калды эми.
Манасты эр өлгөндөй ушул
кунту кул,
Ал аңгыча болбоду,
Олуя Кошой барды эми.
Алакандай бусулман,
Жер капырдын жери болсо да
Алакандай бусулман
Азыраак келип калыппыз,
Уй түгүндөй көп капыр
Бүтүн келип алыптыр.
Алакандай бусулман,
Бирден талап жеп кетет.
Оолуга бергин тентегим,
Сеси кетсин капырдын.
Анда Кошой кеп айтат,
Жолой менен Коңурбай
Ал экөөнү баш кылып,
Капырдын аттуу баштуу
Кандарын Ажыбай чакырып
келгин деп айтат.
Кеңешебиз бул жерден,
Деп ошентип айтканда,
Макул аба макул деп,
Баарыдан ушул сөзүң акыл деп,
Уга турган макул кеп,
Ажыбай барып чакырды,

Коңурбай, Жолой баш кылып,
Капырдын аттуу, баштуу
кандарын,
Чакырып келди Ажыбай
Бусулмандын кандары,
Бузулбай чогуу бүтүн барды эми.
Ошо жерде Манасты,
Кошой жемелеген бир болуп,
Аш биздики болсо,
Конок биздики болсо,
Манас минтип оолукканың
болбойт деп,
Коңурбай менен Жолойго,
Ажыбай чечен сөз айтат.
Аш биздики болсо да,
Нарк силердики деп айтат.
Илгертен бери наркта бар,
Эрди сайган киши аталат.
Сайдырган киши ат берет,
Манас алам десе да,
Биз алдырбайлы Коңурбай.
Алкараңды минип кет.
Коңурбай Жолой өзүңө
Бокмурун туруп кеп айтты.
Бурсү күнү ат келет,
Атыңар чыкса байге алсын дейт.
Ат чыкпай калса атыңды ал,
Чатагы жок кайтсын дейт.
Чатак кылар бир болсо,
Коңурбай менен кан Жолой,
Ачык жообун айтсын дейт,
Элге чатак чыгарса,
Жолой менен Коңурбай,
Туу таккандап алсын дейт,
Тууну туура салсын дейт.
Күн текейдин талаасын,
Эки бет болуп бөлүнүп,
Бул ашта чатак чыгарса,
Көкөтөйдүн кызыл туу,
Так үстүнөн көрсүн дейт.
Катары келсе кан өлөт,
Бизди карап отурган,
Калың журттун баары өлөт.
Коңурбай, Жолой кеп уккун,
Биздин талашыбыз эмне,
Бокмурун туруп кеп айтат,
Тынч тарасын деп айтат.
Тынч тарайбыз деп айтса,
Коңурбай, Жолой эки кан
Убадасын берсин дейт.
Бүрсү күнү ат келет,
Ат келгенче калың журт,
Тынч жатышсын деп айтат.
Алтын айдар чок белбоо,
Азизкандын жалгызы,
Сараланы токунуп,
Манас капырдан тыңчы болобу,
Мен барайын атка дейт,
Кокустан Алгара менен
уурданып,
Коңурбай кытай барбасын,
Кан Жолойдун ач буудан.
Ач буудан сүрөп албасын,
Мен барайын атка деп,
Алманбет кыраан жөнөдү.
Аккула болсо астында,
Ашмана белин ашырып,
Сыртка салып келемин.
Деп ушинтип алоокең,
Атты көздөй бет алды.
Алманбет ат утурлап кеткенде,
Капырдын каны чогулуп,

Коңурбайга кеп айтат.
Алгара менен Коңурбай
Ач бууданга баргын дейт.
Качкын кетти аттарга,
Чыгып келсе ач буудан
Качкын кармап албасын,
Атты майып кылбасын.
Барсаң боло Коңурбай,
Деп ошентип айтканда,
Коңурбай туруп аны айтат,
Атты коштоп мен барсам,
Ат коштогон наркта жок.
Кое бергин кытай деп
Чылбырына тийбе деп,
Качкын кул май куйрукка
бир сайды,
Ач буудан барсам мен өзүм,
Буруттун бирин жиберип,
Манас сайдырып мени салбайбы,
Алгараны Манас кан,
Карматып эми албайбы,
Алгарадан айрылып,
Жолойуң Коңуруң экөө калбайбы,
Деп ошентип Коңурбай,
Болбой койду Жолойго,
Алманбет көл жагы менен
барайын,
Капырдын аты ач буудан,
Алды жакта келатса,
Жыга чаап салайын.
Аккула буудан көрүнсө,
Маныкер менен Сарала,
Экөө менен Аккула,
Катар сүйрөп алайын.
Деп ошентип Алманбет
Аттарды тосуп барды эле.
Боомдун оозуна чыга калганда,
Кан Жолойдун ач буудан,
Аркардай арыш узарып,
Кулжадай көзү кызарып,
Бүткөн бойго тер катып,
Чалмаланып алыптыр,
Ыраак чыгып калыптыр.
Ач бууданды көргөндө,
Кан Алманбет көк жалын
Өңү кетип бузулуп,
Ачуусу келип Алманбет,
Айбалта чандан алды эле,
Айбалтанын сырты менен,
Кан Кошойдун Ач буудан,
Айрынын шери өзү деп,
Кан Жолойдун Ач буудан,
Жыга чаап салды эле.
Бирдин көтү Аккула,
Аркардай арыш узарып,
Жаныбарым Аккула.
Кулжадай көзү кызарып,
Бүткөн бойго тер катып,
Кара кан кызы Каныкей,
Байлаган экен Аккула.
Кулагынан тер чыкпайт,
Кабыктай кылып катырып,
Келаткан экен жаныбар.
Ач бууданды такымдап.
Суналып кулак жапырып,
Жыга чаап Ач буудан,
Баласы бышык неме экен,
Ач бууданды минди эми,
Алтай кангай аралаш,
Жанат үмөт колдо деп,
Карсылдата камчы уруп.
Калмакча ураан тартып жөнөдү,

Аккуланы такымдап,
Күңгөйкү кара баткакта.
Ач буудан барат жакындап,
Сынчы экен кан Жолой
Тер калтырбай бууданга,
Карагайдай катырып,
Катуу байлап коюптур,
Айбанда болсо Ач буудан,
Төрт аякты тең таштап,
Суналып кулак жапырып,
Ач бууданды көргөндө,
Кое берип Аккула,
Алакең Ач буудан тосуп
калды эле,
Калмагынча калдырап,
Кытайынча балдырап,
Баланы жандап алды эле,
Айбалтанын сырты менен,
Шилиге чаап Алманбет,
Ач бууддандай күлүктүн,
Эсин ооп күлүктүн,
Ач буудан туруп калды эле.
Манастап ураан чакырып,
Аккуланын артынан,
Алманбет кетип калды эле.
Манас, Манас, Манас деп
Көкөтөйдүн ашында,
Аккула чыгып барды эле.
Аккула менен Сур кула,
Экөө чанда бир кула,
Жолой менин Ач бууданым
чыкмак деп,
Уурданып качкын барыптыр,
Атка саат кылыптыр.
Деп ушинтип кан Жолой,
Баш байгеге чыр кылып,
Капыр менен бусулман,
Баш байгени талашып,
Чуркурашып жатканда,
Ач буудан барды ал жерге.
Чоң өтүгү талпылдап,
Кан Жолой балага чуркап
барды эми,
Калмагынча калдырап,
Кытайынча балдырап,
Бала менен сүйлөшүп,
Ошо жерде чоң Жолой,
Ач буудандын үстүнөн,
Баланы алып бу Жолой,
Ач бууданды минди эми,
Жолой барат соксоңдоп,
Сок билектей кара чач,
Жолойду ай далыга токмоктоп.
Чоң Жолой добулбасын
байланып,
Качып кеткен кайранчы,
Кандыгына тең болбой,
Бурутка келген айранчы,
Кулактын учун тештирген,
Бүтүн жерин кестирген.
Уурданып качкын барыптыр,
Эки жерден бу качкын,
Шилиге чаап атымды,
Атка тоскоол кылыптыр,
Биринчи байге меники,
Деп ушинтип чоң Жолой,
Доолбасты койгулап,
Аккуланын байгесин,
Капырлар тийип алды эле,
Чаап чыгып барган Аккула,
Жайдак минип Манасың.
Ак келтени бир айтып,

Сыр найзаны өңөрүп,
Капыр менен бусулман
Эки араң болуп калды эми.
Атаңдын көрү ит Жолой,
Кече үкүрчүктүн оюнда
Кытайым уч капкактын боюнда,
Оор үйүңдү үч чаптым.
Анда өлүп калдыңбы,
Менин байгемди тартып алгандай,
Кытайым эми киши болдуңбу,
Куугунга барган Манас кан,
Тоодой болгон Жолойдун,
Жаагын жара жиберип,
Аккуланын байгесин,
Кайра тийип жөнөдү.
Атаңдын көрү кытайлар,
Чыр чыгарар бир болсоң,
Тууну тууга салгын деп,
Кум текейдин талаасы,
Кенен мобу жер,
Урушаар жериң камдап чык.
Аскериңди камдап чык,
Деп ушинтип Манас кан,
Манасты кудай уруп салды деп,
Тынч таратпай элди деп,
Чатак чыкмай болду деп,
Манасты тыйып алалы,
Малдан өлдүк беле деп,
Капырга намыс болобу,
Капырай Манасты барып
токтотуп,
Калыстыкка келели.
Аккуланын байгесин,
Теңин Жолойго бөлүп берели.
Деп ушинтип баягы,
Бусулмандын кандары,
Кеңеш кылып жатканда,
Акбалтанын чубагы,
Кылычын кыя байланган.
Түпөгү жок найза алган.
Боору кара сырты көк,
Болумдуу тууган кан Чубак
Алтын айдар чок белбоо,
Азиз кандын жалгызы.
Аттанып чыкса ак жолтой,
Жоого кирсе сан колдой,
Кан Алманбет кыраанын,
Акбалтанын Чубагы,
Экөө бирдей бакырып,
Атаңдын көрү кырк чочко,
Манастан аша кечтикпи,
Капырлар каптап кетпейби,
Коңурбай Жолой экөөлөп,
Манастын башын кеспейби,
Кудай урган кырк чоро,
Ажалың жетсе өлөсүң,
Атпай түркүн тукуму,
Кан Манастан айрылып,
Кайсынысынын күнүн көрөсүң,
Кан Манас мында жок болсо,
Капырдын айтканына көнөсүң.
Бусулман журту аттанып,
Камына чыккан капырга,
Деп ушинтип кан Чубак
Көк чыбыктай мылтыкты,
Көктү көздөй бир атып,
Оозугнан түтүн буркуратып,
Көк добулбас койгулап,
Акбалтанын Чубагы.
Айкырыгы таш жарган,
Өкүрүгү баш жарган,
Аты чыкпай байге алган,

Акмак кытай кайда деп,
Ак айкырык куу сурөөн,
Чубактын үнү чыкканда,
Уй түгүндөй капырдын,
Жүрөгү кетип кабынан,
Боконо жүрөк болк этип,
Болктуу ичеги солк этип,
Белеги кетип сабынан.
Капырлардын баарысы,
Токтоло албай опкоолжуп,
Соксоңдошуп желишип,
Качып калды калмактар,
Бусулмандын кандары,
Аш тарасын жылма деп,
Манас сен жорукту кылба деп,
Аккула менен сур кула,
Экөө чаңда бир кула,
Деп ошентип бусулман,
Ач буудан менен Аккула,
Биринчи аттын байгеси,
Эки атка жара чаап бөлөлү,
Капыр жаман көп экен,
Тынчыраак тарап кетели.
Деп ошентип бусулман,
Жалпы кеңеш кылышты.
Жолой менен Коңурбай
Капырдын аттуу баштуу кандары,
Чыкыртып алып бусулман,
Көкөтөйдүн ашына.
Айры өркөчтүү нар сайды.
Биринчи аттын байгеге
Нарга жүктөп бир келип,
Алтын, күмүш зар сайды.
Айдаммалу мал сайды,
Уруш кылбай, чыр кылбай,
Жолой менен Манас сен
Байгеги тынчтап бөлүп алгыла.
Деп ошентип айтканда,
Коңурбай, Жолой, Манасың
Макулдукка келишти.
Аккуланын байгесин,
Тынчтыкта бөлүп алышты.
Кайнаган капыр тажаалдын,
Таратып ийип бусулман,
Ашка тиккен үйлөрдү,
Анын баарын көчүрүп,
Бусулман журтун таратып,
Кырк чоросун ээрчитип,
Чоң серүүнүн жонунда,
Манас калды кароолго.
Элди узатпай капырлар
Калкты талап кылабы,
Деп ушинтип Манасың,
Камкорлук кылып кайран шер,
Жети күнү жер жезеп,
Жолун тосту капырдын.
Ошо кезде Манас кан,
Кырк чородон кеп сурайт.
Маңкан менен Кордойдун
Баскан чором барсыңбы,
Үч кыштайдын бөксөсүн
Арткан чором барсыңбы,
Жылдыз менен кундузду
Көргөн чором барсыңбы,
Бу капырдан олжо алып,
Бөлгөн чоро барсынбы,
Деп ушинтип Манас кан,
Чоролордон сыр сурап,
Мына ушинтип турганда,
Кырк чоро туруп муну айтат.
Манкан менен Кордойду,
Баскан чоро болгон жок.

Үч кыштайдын бөксө жол,
Арткан чоро мында жок.
Жылдыз менен кундузду,
Көргөн чоро мында жок,
Бу капырдан жылкы алып,
Болгон чоро мында жок,
Чоролор туруп кеп айтат,
Бусулман узап кетишти,
Манас жүр кетели деп айтат,
Анда Манас муну айтат.
Аккуланын байгесин,
Төлөбөй өзүм кетпеймин,
Алты сулуум калмакты,
Аяка өйдө чабамын.
Кырк чоросун ээрчитип,
Көңүстөгү калмакты,
Көңтөрө чапты Манас кан,
Текестеги калмакты,
Теги чапты Манас кан.
Алты суулум калмакты,
Аягы өйдө баарын чаап,
Алты миң жылкы дагы айдап,
Элге барды Манас кан.
Акылдаган Ала-Тоо,
Жерге барды Манас кан.
Көкөтөй ашы дуу болду,
Алты суулун калмакты,
Бүтүн чапты Манас кан.
Калмакка калың чуу болду,
Шыгайдын уулу Чынкожо
Манастан соогат олжо алып,
Менин атам эр багыш,
Беш жүздөй жылкы айдатып,
Жети сууга барганбыз.
Жети сууга барганда,
Олжо кылып жылкыны,
Топко байлап бөлүшкөн.
Касиеттүү Манасты,
Ошондо мен Манасты көргөмүн.
Баатыр кур кайратты айтпайлы,
Ажыдаардын куйругун бек
басып албайлы.
Калың журтту кырдырып,
Убалына калбайлы.
Деп ошентип кан Толтой
Жандыркатып турганда,
Анда Чынкожо туруп муну айтат.
Багыштын уулу сен Толтой,
Көкөтөйдүн тоюнда сен Манасты
Көрүп сен корксоң,
Ошо Манас шер өлгөн,
Алманбет Чубак эр өлгөн.
Кырк чоросу дагы өлгөн.
Баш көтөрөр киши жок
Алардын баары кырылып,
Чоң казаттан өлгөнү.
Туура он жети жыл болду.
Сөөгү чирип күл болду.
Багыштын уулу сен Толтой
Эминеден коркосуң,
Багыштын уулу сен Толтой,
Баракелде шердикке,
Машыр болдум эрдикке,
Манасты көрдүм деп айтып,
Чубакты көрдүм деп айтып,
Алманбет көрдүм деп айтып,
Толтой сен ырысыңы жеп айтып,
Мени Манас сайып кетти деп,
Менин Чынкожо досум кайда деп,
Кантип Чүрөктү аласың,
Бет ачышып сайышпай,
Качып келди эр Толтой.

Күлчородон найза жеп,
Калкка булүк бир салып,
Мына жаратың таза айыкты.
Барабызбы кепилге,
Барбайбызбы кепилге,
Бара болсоң кепилге,
Убадаңды бек кылгын.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Убададан бул кайтса,
Урушар жерди чек кылгын,
Менин тилим сен алсаң,
Багыштын уулу сен Толтой,
Колдуң айдап алабыз,
Шаарга кирип барабыз.
Кепилде жаткан Акунду,
Ордодон кармап алабыз.
Кокту менен сүйрөтүп,
Койдун тарпы кылабыз.
Жылга менен сүйрөтүп,
Жылкынын тарпы кылабыз.
Сөөгүн калдыратып,
Бир дөбөгө жыябыз.
Жакын келген тууганың,
Жалаң камчы учундай кырабыз.
Бешиктеги баласын,
Бештен бейит кылабыз.
Кепилдеги Акунду,
Көк ала болгон сакалын,
Ээгине бир талын койбой
жулабыз.
Ажыбай менен Түмөнбай
Картайып калган экөөнү,
Көчөдөн кармап алабыз,
Кармап боорун жарабыз.
Кабыргасын сөгөбүз,
Канын суудай төгөбүз.
Зор Акуну баш болуп,
Үчөөнү катар сойгондо,
Бу кепилдин журтунун,
Бекитип турган бели жок,
Бек кармап койгон чеби жок.
Медер кылып бел байлап,
Биз менен уруша турган шери жок.
Калкы караан калганда,
Кандын кызы Чүрөктү,
Баш калкалаар жери жок.
Ошондо көчөдөн кармап алабыз,
Ач билектен алабыз.
Ат сооруга салабыз.
Айдай болгон Чүрөктү,
Олжо катын кылабыз,
Манастын уулу Семетей,
Алманбет уулу Күлчоро,
Чубактын уулу Канчоро,
Үчөө бештешип келсин эр болсо.
Кармашууга касташып,
Манастын уулу Семетей,
Аттана чыксын ал үчөө
Бели катуу эр болсо.
Деп ушинтип Чынкожо,
Багыштын уулу эр Толтой,
Ай асманда боз элек,
Экөөбүз акыреттик дос элек.
Деп ушинтип Чынкожо,
Ант оозанып шерт кылып,
Ал экөө убаданы бек кылып,
Бүгүн мындай жаталы,
Эртең менен болгондо,
Таң тыяктан сөгүлүп,
Жерге жарык төгүлүп,
Камыштын башы шоодурап,
Караса торгой чулдурап,

Асан малы болгондо,
Багыштын уулу сен Толтой,
Колду ireттеп алалы.
Мылтыктууну бир бөлүп,
Мылтык тийсе былк эткис,
Мыктууларын бир бөлүп,
Калың колдун ичинен,
Чынкожо менен эр Толтой,
Жалаң найзалуусун бир бөлүп,
Найза тийсе солк эткис,
Айлакерин бир бөлүп,
Чынкожо менен эр Толтой
Союлдууну бир бөлүп,
Союл тийсе солк эткис,
Жонумдууну бир бөлүп,
Камчы тийсе карсылдап,
Кашкулактай күчөгөн,
Кабелтеңин бир бөлүп,
Колду ireттеп алганда,
Багыштын уулу сен Толтой,
Кол алдына жүргүн деп,
Кепилге баштап киргин деп,
Мен кол артына жүрөйүн.
Колду бирден качырбай,
Шаарга чогуу айдап кинейин
Деп ушинтип эки шер,
Макулдашып алды эми.
Ошо жерде эки дөө,
Чууну чууга угузуп,
Сурнай кулак туңгузуп,
Добулбасты койгулап,
Багыштын уулу эр Толтой,
Кең Ополдун оюнан,
Аккан суунун боюнан,
Ат жайлоонун чатынан.
Оң колуна туу алып,
Дүңгүрөтүп калың кол,
Бу кепилге бармакка,
Айдай болгон Чүрөктү,
Олжо катын алмакка,
Дүңгүрөгөн калың кол
Көп колду айдап жөнөдү.
Найзанын учу кылкыл деп,
Кылычтын мизи жылтылдап,
Жети сан кара калың кол,
Найзанын учу кагышып,
Кылычтын мизи чабышып,
Эрдемсиген немелер,
Минген аты кер кашка.
Баары тегиз кой кашка,
Темирден найза аштаган,
Бет алышкан душмандын,
Тебетей сайган немеден,
Тегеретип таштаган,
Ошончо колду баштаган.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Жети сан кара кең колдун,
Артына түшүп алды ошол.
Жик тартып кең жүр деп,
Жерге тартып тең жүр деп,
Атаңдын көрү чочколор,
Эми калчыңдабай жөн жүр деп,
Атаңдын көрү жедигер
Эки экиден сүйлөшүп,
Эми качалабы дедиңер,
Качканың бокту жедигер,
Темирден найза аштаган
Кылчайып карап койгонун,
Тебетей сайган немедей,
Сесин алып көп колдун,
Ыргыта сайып таштаган.
Кең Ополдун оюнда,

Аккан суунун боюнда,
Ат жайлоонун чатында,
Чыбырап аккан кең сайдан,
Толтой менен Чынкожо
Чыңылдак тартып жез найдан,
Калың колду айдап жөнөдү.
Чоко чабар чорногу,
Эл ичинде коркогу,
Коркунуч түштү буларга,
Өңү сары жез болуп,
Мойну кулач кез болуп,
Ийе тартып ат башын,
Калктан четтеп алышып,
Качканы жүрөт көтүндө,
Колдун күрөөп кепилге,
Калктын баары жөнөдү.
Кан Акундун калың журт,
Ак боз бээсин сойдуруп,
Ай туягын чалдырып,
Ажыбай менен Түмөнбай
Ал экөөнү чакырып,
Калың журт караан болуп бергиле,
Мен өзүм ак тулпарды минейин.
Ак тууну колго алайын,
Же айланайын Ажыбай
Журтка мен башчы болуп барайын.
Деп ушинтип Акун кан
Манастын туусун актайлы,
Айкөл Манас барында,
Ополдун тоосун түптөдү.
Бизге дыккат кылат деп,
Олуя чалды бүктөдү.
Ал эмес бизге дыкат кылгандан,
Оогандын канын шүк деди.
Айкөл Манас барында,
Ал эмес бизге бараңдын каны батпады.
Каяша айтып теңдешкен,
Ээрендин канын эңкейткен.
Тирүү бойдон Манас кан,
Байлатып алып ошону,
Эки көзүн чекчейткен.
Ээрендин каны бир үчүн,
Төрт түлүк малын айдатып,
Ажыбай алдыңа алып келгенде,
Ай асманда боз болуп,
Сени менен акыреттик дос болуп,
Ошондо арага өзүң түшкөнсүң.
Копону ашып жол салып,
Бизге Омбунун каны кол салып,
Ошону тыйган Манас кан,
Падыша Манас айкөлдүн,
Өзүнөн калган үч керез,
Жети сан кара көп колго,
Үчөөнү кантип коебуз,
Айдыңы тийген Манастын
Айланайын калың журт,
Ошол асылдан калган керезге,
Оо караан болуп бүт ээрчи.
Жети сан кара калың кол,
Шаарга кирип барбасын.
Жаман катып жаш бала,
Көчөдөн зыян болбосун.
Кары- картаң кемпир-чал,
Тепсендиге калбасын,
Батыраак аттангыла калың журт.
Деп ушинтип Акун кан
Тулпарын туура бир тартып,
Ак тууну кармап Акун кан,
Калк ортодо турду эле.
Ошондо Күлчоро туруп кеп айтат,
Айланайын зор ата,

Ак тууну Ажыбай атам
алсын дейт,
Бизге башчы болуп барсын дейт,
Зор атам ордо өзү калсын дейт,
Батасын бизге берсин дейт.
Деп ошентип айтканда,
Зор Акун кан кары ыйлап,
Чогулган журттун баары ыйлап,
Жерден өңгөн чөп ыйлап,
Кемпир-кезек көп ыйлап,
Калың журт турду чуркурап,
Ошо жерде зор каның,
Токсон беште кары элең.
Толтой менен Чынкожо,
Кордук көрүп экөөнөн,
Жайынкысы болгондо,
Жалдуу байтал мине албай,
Күзүңкүсү болгондо,
Куйруктуу токту жей албай,
Кор болуп турдук калың журт.
Бурусунду бурбадык,
Мурункудай биздин эл,
Өзүңөр эркин жүргөн ополду,
Эркин шайлап турбадык,
Жердин жүзүн ачбадык,
Толтой менен Чынкожо
Экөөнөн камоо көргөндө,
Биз шордуу шаарды таштап
качпадык.
Калың журт караан болуп жүрөлү,
Деп ушинтип ал жерден,
Акундун эли камынып,
Эми аттанып чыкканча,
Чууну чууга угузуп,
Сурнай уулак туңгузуп,
Добулбас үнү баш жарып,
Жедигердин калың кол
Шааргa кирип эми,
Манастын уулу Семетей
Алманбет уулу Күлчоро,
Чубактын уулу Канчоро,
Үчөө үчкө бөлүнүп,
Колду тосуп алды эми.
Баатырсынган төлөктүн,
Колуна жангыз кирди Канчоро,
Кабыландай качырып,
Катуу кирди Канчоро,
Калың колду жапырып,
Алды жагын найзалап,
Бир аралап кеткенде,
Канчоро алты жүздү майдалап,
Жеткен жерди найзалап,
Жети жүздү майдалап.
Эрдемсиген Төлөгүң,
Качарына жол таппай,
Киреринe көр таппай,
Айласы кетти Төлөктүн.
Ополду көздөй бет алып,
Төлөктүн колун сурасаң,
Качып калды бирендеп,
Найза тийген калайык,
Баш көтөрбөй баарысы,
Жошолу суудай шыркырап,
Аккан канды карачы,
Ортодогу көчөгө,
Күлчоро кирди кайран шер,
Кабыландай качырып,
Жедигердин колу экен.
Жети сан кара калың журт,
Күлчоро астынан чыкты
жапырып,
Алды жагын найзалап,
Алты жүздөн майдалап,
Катын алчу кан жездем,

Амбал Толтой кайдалап,
Жети сан кара коп колду,
Жеткен жерде найзалап,
Күнү түнү он бир күн,
Талыбай уруш болду эми,
Жараткан аалда бар кудай,
Ошо күнү чорого,
Тушту берди ченебей,
Жедигердин калың кол,
Жаман кырды Күлчоро.
Тушарына теңебей,
Жети миңди майдалап,
Эрдигине чыдабай,
Менин жездем Толтой кайдалап,
Жүрөгү кайткан кан Толтой,
Күлчорого беттебей,
Качып жүрөт дирилдеп.
Жедигердин калың кол,
Өлгөнүнөн калганы,
Төш таянып моминтип,
Качып жүрөт бириндеп,
Шаардын чети чаң кылып,
Күлчоро менен Канчоро,
Манастын уулу Семетей,
Үчөө талыбай уруш кылып
киргенде,
Топурак учуп тос түшүп,
Акун кандын шаарына,
Мына тоо айланып боз түшүп,
Топону көр, чаңды көр,
Ошо сапаркы урушта,
Токтолбой аккан канды көр.
Шаардын башы чаң болуп,
Агып атат кызыл кан,
Ат колтуктан кан болуп,
Шаардан колду чыгарып,
Карышкырдай качырып,
Колдун айдап алты сал,
Он бир күндүн өзүндө,
Төш таянып адырга,
Айдап чыгып барышты.
Кезген кыя сом ташка,
Найза сайып бир жүрүп,
Алманбет уулу Күлчоро,
Кол карышып шал болуп,
Эт жанчылып нан болуп,
Өзү минтип жүргөндө,
Шыгай кандын колуна,
Абакең жангыз кирип кетти эле.
Абакем эмне болду экен,
Абакемден кабар алайын.
Деп ушинтип Күлчоро,
Кар үңкүрдүн башына,
Как телкини койгулап,
Күлчоро салып чыгып барды эле,
Күлчоро салып чыгып барганда.
Манастын уулу Семетей,
Ак олпокко октолуп,
Көтөрө албай Семетей,
Үстүндөгү олпоктун,
Оң жеңин чечип алды эле.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кадактап дары байланып,
Каз жорудай айланып,
Көнөктөп дары байланып,
Көк жорудай айланып,
Шыгайдын уулу Чынкожо
Чынкожонун кара аты,
Жанга кыстоо келгенде,
Асманга учаар адаты.
Шыгайдын уулу Чынкожо
Асманга чыгып алыптыр.
Жамгырдай окту жаадырып,
Мөндүрдөй окту төгүптүр.

Манастын уулу Семетей,
Оң булчуңду жаратып,
Жаңгызды жарадар кылып
алыптыр.
Манастын уулу Семетей
Канкордун айласы кетип
калыптыр.
Шардай болгон Буурулдун
Үртүгүнө октолуп,
Басарына дарман жок.
Багалчагы майышып,
Согончогу чоюшуп
Ооздукту кемирип,
Турган экен Тайбуурул,
Кар үңкүрдүн башында,
Күлчоро салып жетип барганда,
Семетей туруп кеп айтат,
Эми кетели балдар деп айтат.
Караңгыда жол тапкан,
Капилетте сөз тапкан.
Менин кары Бакай абам жок,
Эми мен качып кетээр чамам жок,
Алыскы жолго мен келдим,
Күлчоро менен Канчоро,
Экөөңдөн башка карам жок.
Жараткан аалда бар Кудай бар,
Кудайдан башка банам жок.
Шаарды көздөй кайтсакпы,
Атамдан калган мурапы,
Алдымдагы Тайбуурул,
Алтын, күмүш артсакпы,
Ак олпокту жапсакпы.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чынкожого тартсакпы,
Шыгай кандын колунуна,
Баш калкалап кайтсакпы,
Кер жоргону мингизип,
Кете тонду кийгизип,
Кандын кызы Чүрөктү,
Кан Толтойго тартсакпы,
Жедигердин колуна,
Баш калкалап кайтсакпы,
Деп ушинтип айтканда,
Күлчоросу күүлөнүп,
Аба болбой куруп кал.
Тубай туна чөгөйүн,
Тумшугу жок мен чунак,
Атышкан жоого ат тартып,
Баш калкалап кеткенче,
Туулганы өлүм ак,
Өлбөгөн шайтан эмеспи,
Өлүп калсам экөөнөн,
Байдылдалуу меккеде,
Барганга даяр алтын так,
Эркек козу тууганда,
Курмандыкка жараткан,
Эркек бала тууганда,
Намыс үчүн жараткан.
Акылды айтсам болбойсуң,
Алдыман чыгып торгойсуң,
Алладан тагдыр мага жетсе,
Чынкожо менен кан Толтой,
Мени сандыкка салсаң
койбойт бул.
Бурулду берчи мен үчүн,
Өлүшөм жоо мен сен үчүн
Айланайын абаке,
Айбалта жыйдың мен үчүн,
Атышам жоо мен сен үчүн,
Аккелте колго алайын,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Жедигердин эр Толтой,
Абаке атышма барайын,
Как телкинин үстүнөн,

Күлчоро түшө калды эми,
Манастын уулу Семетей,
Котөрүп аттан алды эми.
Үстүндөгү олпокту,
Үстүнөн чечип алды эми.
Туп этектен бек кармап,
Катуу силкип салды эми.
Ак олпокко толгон ок,
Жерге түшүп күбүлүп,
Тушаарга чыгып калды эми,
Жардай болгон буудандын,
Үстүндөгү үртүгүн,
Сыйрып алып Күлчоро,
Ачуу келген кайран шер,
Катуу күбүп салды эле.
Үртүктүн огу күбүлүп,
Тизеге чыгып барды эле,
Үртүктү жаап бууданга,
Кар үңкүрдүн башынан,
Он экиде Күлчоро,
Олпокту кийип алды эле,
Топчулугун топчулап,
Толтойгон бети үпчүлөп,
Абасындай канкордун,
Урушту көздөй аттанып,
Он экиде Күлчоро
Убадалуу күн байлап,
Урушмакка бел байлап.
Он экиде Күлчоро,
Айланайын абаке,
Алты күнү күйүп кал,
Алты күндө келбесем,
Аркар атып жеп кеткин,
Аргын менен Ногойго
Асылым Күлчоро өлдү деп кеткин.
Жети күнү күйүп кал,
Жети күндө келбесем,
Жеткилен Ногой журтума,
Менин Күлчором өлдү деп кеткин.
Манастын уулу Семетей,
Бата берип барбайын,
Айланайын Күлчором,
Сени колдосун ак пайгамбарым пирим деп,
Демесин Азыретаалы шерим деп,
Жараткан жалгыз кудайым,
Күлчоромдон айрылып,
Жалгызым деп зарланып,
Тарттыра көрбө убайым,
Жака өлчөп минген жалгыз ат,
Алыскы жолго мен келдим,
Жараткан сага аманат,
Жаш бала минип баратат.
Кайберен кырк чилтен,
Акырет кеткен зор атам,
Арбактар колдой көргүн саламат.
Манастын уулу Семетей,
Жарадар болгон кайран шер,
Капчыгай ылдый калдырап,
Кар үңкүрдүн ичинде,
Олтуруп калды жалдырап.
Осунун ичи кан катып,
Ал аңгыча болбоду,
Эрдин кесе чайнаган,
Өрттөй көзү жайнаган.
Камандай болгон Күлчоро,
Калың колду жапырып,
Карышкырдай качырып,
Алдыңкыны найзалап,
Алты миңден майдалап,
Качырды баарын талкалап.

## ТЕКСТТЕГИ АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН КАТЧЫЛАР ТАРАБЫНАН ЖАЗЫЛЫШЫ

**А**

Алла – ала, алда.
Алуусун – алуун.
Алуучу – алычу, алучы, алчу.
Алы-күчүң – алы-күчиң.
Анжиян – анжан.
Анжиянда – андыжанда.
Алмалуу – алмалы.
Алтайлык – алтыайлык.
Алтоо – алто.
Алтоон – алтон. Араң – арең.
Арбактардын – арбактарн.
Аркы – аргы.
Арча – Арача.
Аттуу – ату, атты, атды.
Атлас – атлс.
Аяк-колун – аяк колн.

**Б**

Бадалдуу – бадалду.
Байгамбар – пйгымбир.
Байгамбарың – пйгымбырң.
Бакыр (Факир) – бакир.
Бегибиз – бегимиз.
Бедөө –бедө.
Белгилүү – белглү.
Белдүүңөр – белдуңөр.
Бенде – менде.
Бендени – биндени.
Балакетке – балакет.
Бериштенин – периштениң.
Билермандын – билермендин.
Болгондун – болгандн.
Болгону – болгну.
Болсом – болсм.
Болсоң – болсң.
Бөкөңдү – бөкөңди.
Буйругу – буйргу.
Бүркүт –бүркит.
Бычагын – пычагын.
Бычакты – пычакты.
Бычамын – пычамын.

**Д**

Дамбылда – Дамлда, Дабылда.
Дарбазалуу – дарбассалуу.
Дөбөгө – дөбгө.
Дөөлөт – дөлат.
Дөөсү – дөси.
Дөөсүн – дөсин.
Дүнүйөм – дунием.
Дүнүйөнүн – дунйөниң.
Дүйнөсүн – дуйнөсин.

**Ж**

Жаа – жа.
Жаанга – жаканга.
Жаап – жаб.
Жаздык – жастык.
Жаныбар – жанвар.
Жаң-жуңуна – жаң-жуңына.
Жолборс – жолборз.
Жолуңдан – жолундан.
Жолунду – жолунд.

Жоругу – жоргу.
Жоругун – жоргун.
Жоруду – жорду.
Жөлөп – жолоб.
Жөнөгүн – жөнөгн.
Жөнөдү – жөндү.
Журтуна – журтна.
Журтунан – журтнан.

**З**

Заар – саар.
Замзам – змзам.
Зордук – зорлук.
Зубун – зубын, зуун.
Зумурут – змуруд.

**И**

Ийик – ийк.

**К**

Камын – камн.
Карагайлуу – карагайлы.
Каракан – караган.
Караман журт – карарман журт.
Кичүү – кичи.
Кичүүсү – кичүси.
Келме – келме, келиме.
Кобурап– кобыраб.
Кобурашып – кобуршп.
Колдойт – колдйт.
Колдон – колдан.
Койчусу – койчысы.
Кокон – Кокан.
Кошуп – кошыб.
Кошулуп –кошылыб.
Кошун – кошын.
Кошунда – кошында.
Кошуп – кошп.
Кудурет – кудурөт.
Күзүнө – күзине.
Күйгөн – күйген.
Күйгөнү – күйгени.
Күлдүр – күлдир.
Күлдүрдү – күлдирди.
Күлдүрдүн – күлдирдн.
Күркүрөп – күркреб.
Күркүрөтө – күркүртө.
Күркүрөтүп – күркиретп.

**Л**

Лөгү – Лөги.

**М**

Мага – ма.
Макулуктун – мглукдын.
Манжуулук – манжулык.
Маңгулга – мангулга.
Мээнеттүү – менетти.
Минтип – мүнтиб.
Моюн – мойын.
Моюнга – мойынга.
Мурас – мерес.
Мурдуңуз – мурдыңыз.
Мусулман – бусулман.
Мүлкүндү – мүлкинди.
Мүлүк – мүлик.
Мүчөсү – мүчаси.
Мүшкүл – мүшкил.
Мына – мене.

**Н**

Намысты – намызды.
Нарын – Нарн.
Ниети – Нээти.

Ногой – Ногай.
Ногойдон – Ногайдан.

**О**

Ополду – опалу.
Ополдун – опалдн.
Орою – ороу.
Отун – отн.
Отурду – отырды.
Очогор – очагр, очогур.
Очогун – очогн.
Очокту – очокт.
Оюна – ойна.
Оюнда – ойунда
Одурайып – одурайп.
Ойлоп – ойлп.
Ойлорду – ойлорд.
Ойлосо – ойлосо.
Олтурган – олтрган.
Олтурганда – олтрганда.
Оңбоду – оңбды.
Оңбойбуз – оңбйбыз.
Оңдосун – оңдсун.
Оңдотуп – оңдотп.
Оңдошуп – оңдошп.
Оңолор – оңолр.
Оңолуп – оңолп.
Оңорбу – оңорбу.
Оңунан – оңнан.
Оюңар – ойңар.
Оюңарда – ойңарда.
Оюп – ойп.

**Ө**

Өбөктөп – өбөктп.
Өгүз – өгз.
Өзөнүн – өзнүн.
Өзү – өз, өзи, озу.
Өзүм – өзм.
Өкүмүн – өкүмн.
Өкүмүнө – өкүмнө.
Өлөңдү – өлңдү.
Өлөр – олор.
Өлөрсүң – олорсуң.
Өлүм – өлм, олум.
Өлүмгө – өлмгө.
Өлүмдү – өлмдү.
Өлүмтүк – өлмдүк.
Өлүп – өлб, олуп.

**П**

Периште – бериште, перште.
Пир – бир, при

**С**

Сары кан – Сарыган.
Сойду – сойд.
Сойдук – сойдк.
Сойдум – сойдм.
Соңун – соңн.
Соңуна – соңна.
Соңунан – соңнан.
Соогат – соогт.
Соолуп – соолб.
Сөзүмө – созумо.
Сөзү – созу.
Сөзүбүз – созбуз.

**Т**

Талаа – тала.
Талаага – талга.
Талаасы – таласы.
Теги – деги.

Текөөр – текоор.
Текөөрү – текоору.
Тозок – дозок.
Тозокко–тозакка.
Тозокту – тозкту.
Тозоктун – тозоктн.
Тозоку – тозагы.
Тозоң – тозаң.
Тозоңду –тозаңды.
Толгонуп – толганп.
Толгоо – толго.
Тууду – туду.
Түмөн – тумон.
Түшү – тушу.

**У**

Угулган – угулгн.
Угулду – угулд.
Укуругу – укургу.
Укуруктун – укрктун.
Урум –урм.
Урумга – урмга.
Ушунун – ушның.
Ушунча – ушнча.

**Ү**

Үйүрү – үйрү.
Үлкөн – үлкн.
Үн – ун.
Үсөндү – Үсөнд.
Үстү – усту, үсту.
Үстүндө – устиндо.

**Ч**

Чачыкей – Чачкей.
Чочуган – чочган.
Чочуду – чочду.
Чоюлуп – чойлыб.
Чөлү – чөли.
Чөлүнө – чөлне.
Чөлнү – чөлүни.
Чууну – чуну.
Чуунун – чунун.
Чүчтө – чучто.

**Ш**

Шайык – шайк.
Шарият – шарят.
Шаттанып – шадданыб.
Шордуугa – шордга.
Шордууда – шорда.
Шумдук – шумдк.

**Ы**

Ыйбаа – ибаа.
Ыйман – ыман.
Ырыскы – ырызкы.

**Э**

Элүү – элуу, элу.
Эмир – амыр, эмр.
Эми – эни.
Эмине – немене, эмене.
Эмне – немне.
Эндөөлөп – эндеулеб.
Ээн – ен, эн.

# МАЗМУНУ

**ЧОКАН ВАЛИХАНОВ**

КИРИШ СӨЗ ........................................ 5
Ч.ВАЛИХАНОВ ЖАЗЫП АЛГАН ВАРИАНТ
КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ ........................................ 30
ТЫНЫБЕК МАНАСЧЫДАН ЖАЗЫП АЛГАН
«СЕМЕТЕЙ» ЭПОСУНАН ҮЗҮНДҮ ........................................ 79
Ч. ВАЛИХАНОВ ЖАЗЫП АЛГАН ВАРИАНТТЫН АТАЛЫШТАРЫ
АДАМ АТТАРЫ ........................................ 128
ЖЕР-СУУ АТАЛЫШТАРЫ ........................................ 129
ЭТНОНИМДЕР ........................................ 129
ТЫНЫБЕКТЕН ЖАЗЫП АЛГАН «СЕМЕТЕЙ» БӨЛҮМҮНДӨГҮ
АТАЛЫШТАР
АДАМ АТТАРЫ ........................................ 130
ЖЕР-СУУ АТТАРЫ ........................................ 130

**ИСА ЖУМАБЕКОВ**

КИРИШ СӨЗ ........................................ 133
КАНЫКЕЙДИН БУКАРГА БАРЫШЫ ........................................ 135
СЕМЕТЕЙДИН БАЛАЛЫК ЧАГЫ ........................................ 137
ТАЙТОРУНУ БАЙГЕГЕ КОШУУ ........................................ 137
СЕМЕТЕЙДИН ТЕК-ЖАЙЫН БИЛИШИ ........................................ 148
СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА ЖӨНӨШҮ ........................................ 158
СЕМЕТЕЙДИН КҮМБӨЗГӨ КЕЛИШИ ........................................ 162
СЕМЕТЕЙДИН АТАСЫНАН КАЛГАН МҮЛКТҮ
ЖАКЫПТАН СУРАП ТУРУШУ ........................................ 167
СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА КӨЧҮП КЕЛИШИ, АБЫКЕ, КӨБӨШ,
ЖАКЫПТАРДЫН ӨЛҮМҮ ........................................ 172
КЫРК ЧОРОНУН КАЧЫШЫ ........................................ 176
СЕМЕТЕЙДИН КОҢУРБАЙДЫ КҮТҮШҮ ........................................ 180
ТОЛТОЙ МЕНЕН ЧЫНКОЖОНУН ЧАТАГЫ ........................................ 196
ТОЛТОЙДУН СӨЗҮ ........................................ 197
КОҢУРБАЙ МЕНЕН ЖОЛУГУШУУ ........................................ 204
АЙЧҮРӨКТҮН МУЗБУРЧАККА ЖОЛУГУШУУСУ ........................................ 206
ТӨШТҮККӨ ЖОЛУГУШУ ........................................ 206
ЧАЧЫКЕЙ МЕНЕН АЙЧҮРӨКТҮН ЖОЛУГУШУ ........................................ 212
КҮЛЧОРОНУН ТАЙБУУРУЛДУ МИНИП ЖӨНӨШҮ ........................................ 246

КҮЛЧОРОНУН ЖӨНӨӨР АЛДЫНДА,
СЕМЕТЕЙДИН ТАПШЫРМАСЫ ........ 252
КҮЛЧОРОНУН ЖӨНӨШҮ ........ 253
АЙЧҮРӨК ........ 259
АЙЧҮРӨККӨ СЕМЕТЕЙДИН ЖОЛУГУШУ ........ 266
КҮЛЧОРОНУН СӨЗҮ ........ 268
ИСА ЖУМАБЕК УУЛУНАН ЖАЗЫП АЛГАН
«СЕМЕТЕЙ» ЭПОСУНДАГЫ АТАЛЫШТАР
АДАМ АТТАРЫ ........ 297
ЖЕР-СУУ АТАЛЫШТАРЫ ........ 297
ЭТНОНИМДЕР ........ 298

**ДУНКАНА КОЧУКЕЕВ**

КИРИШ СӨЗ ........ 301
МАНАС ........ 303
МАНАСТЫН АЛООКЕНИ ЧАПКАНЫ ........ 305
КОЛДУН ЧОҢ-КАЗАТКА ЖҮРҮШҮ ........ 309
АЛМАНБЕТ-ЧУБАКТЫН ОКУЯСЫ ........ 310
ЧУБАКТЫН СЫНЫ ........ 316
ЖАРЫШ ........ 328
АЛМАНБЕТТИН ЖОМОГУ ........ 331
СЕМЕТЕЙ
СЕМЕТЕЙДИН КЕҢ КОЛДОН АЙЧҮРӨККӨ ЖӨНӨГӨНҮ ........ 374
ДҮРБҮ ........ 377
КАЛДАЙГАН ШЫМ ........ 382
АЙ БАЛТА ........ 383
СЫР НАЙЗА ........ 384
СЕМЕТЕЙ ҮРГӨНЧТҮ КӨЗДӨЙ ЖӨНӨГӨНҮ ........ 407
МАНАСТЫН КУНУН КУУ ........ 439
ТЕКСТТЕГИ АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН КАТЧЫЛАР
ТАРАБЫНАН ЖАЗЫЛЫШЫ ........ 554

*Илимий-популярдуу басылма*

**«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясы**

# ЧОКАН ВАЛИХАНОВ
# ИСА ЖУМАБЕКОВ
# ДУНКАНА КОЧУКЕЕВ


Түзгөндөр
*Амангелди САБЫР УУЛУ*
*Зарина КУЛБАРАКОВА*
Тех. редактору *Тилекматова Н.*
Корректорлору *З. Кулбаракова, А. Бекболотов*
Компьютерде тергендер *А. Сабыр уулу, З.Кулбаракова*
Компьютердик калыпка салган *Б. Өмүров*

Терүүгө 10.09.2018-ж. берилди.
Басууга 30.10.2018-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 70x100. $^{1}/_{16}$
Көлөмү 35,0 б.т. Нускасы 500. Заказ № _____

Басма-полиграфиялык комплекс
«Принт Экспресс» ЖЧК басмаканасында басылды.
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Профсоюз көч., 49